КЫРГЫЗ УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту

Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

Кыргыз филология факультети

**Жаманкулова Гүлжамал Төлөгөновна**

# КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАНА КЫРГЫЗ ЖАЗУУСУНУН ТАРЫХЫ

(*Байыркы замандан б.з. X к. чейин*)

# II

***Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылына арналат***

«УЛУУ ТООЛОР»
БИШКЕК – 2014

УДК 94(47)
ББК 63.3 (2Ки)
Ж 26

КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан басмага сунуш кылынган

*Адис редактор:* филол.илим.доктору, проф. **К.Токтоналиев**
*Редактор:* **Айгүл Узакова**
*Пикир айткандар:*
филол.илим. доктору, проф. **А.Абдувалиев,**
филол.илим.доктору **Т.Токоев,**
филол.илим. канд., доцент **Б.Жайлообаев**
Илимий кызматкер **К. Акынбаев**

**Жаманкулова Г.Т.**
Ж 26 **Кыргыздардын жана кыргыз жазуусунун тарыхы** *(байыркы замандан б.з. X чейин).* – Б.: Бийиктик, 2014, 370 б.

ISBN 978-9967-12-381-6

Бул эмгекте кыргыздардын жана кыргыз жазуусунун байыркы замандан баштап б.з. X кылымына чейинки тарыхы камтылган. Кыргыздардын тарыхы алтай доору, хунн доору жана түрк доору менен байланышта каралып, түрк тилдүү элдердин ичинде алган орду, алар менен карым-катышы, кыргыз мамлекеттүүлүгү, өз алдынчалыгы, көчмөн турмушу, каада-салты ж.б. кеңири баяндалат. Түрк тилдүү элдердин ичинен кыргыздардын эң байыркы эл экендигине басым жасалып, динлиндер, усундар менен байланышы, Енисей кыргыздары менен Тянь-Шань кыргыздарынын карым-катышы талданат. Байыркы түрк рун жазуусу, бул жазуунун V кылымда енисейлик кыргыздарга тиешелүү болгондугу, Енисей жазуулары менен Таластан, Венгриядан табылган жазуулардын тектештиги тууралуу сөз болот. Байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү тилинин азыркы сары уйгурлардын жана фуюй кыргыздарынын сүйлөшүү тилинде сакталгандыгы баяндалат.

Китеп окумуштууларга, окутуучуларга, аспиранттарга жана кыргыз тарыхына, кыргыз жазуусунун тарыхына, дегеле түрк элдеринин тарыхына кызыккандарга арналат.

**Ж 0503020911-14**

**УДК 94(47)**
**ББК 63.3(2Ки)**

ISBN 978-9967-12-381-6

© Жаманкулова Г.Т., 2014
© КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2014

# ЧЫГЫШ МОНГОЛИЯ. УЙГУРЛАРДЫН БИЙЛИГИ. КЫРГЫЗДАР МЕНЕН УЙГУРЛАРДЫН СОГУШУ. КЫРГЫЗДАРДЫН ЖЕҢИШИ

## Уйгурлардын бийлигинин орношу

Экинчи Чыгыш Түрк каганаты 745-жылга чейин жашаган. 745-жылы чыгыш түрктөрдү уйгурлар каратып алган.

К.Менгес[1] Күлтегиндин эстелиги тургузулгандан көп өтпөй эле (745-жылы) уйгурлар Көк түрк империясын караткандыгын маалымдайт. VII кылымдын башында уйгурлар түрктөрдүн үстөмдүгүнөн кутулуп, Байкалдын түштүгүндө, Орхондун түндүгүндөгү, түндүк-чыгышындагы Селенга аймагын ээлешкен.

Орхон жазууларында уйгурлар түркчө сүйлөгөн элдер эсебинде каралат. Биринчи уйгур кагандыгынын негизги уруулары тогуз-огуздар болгон. Экинчи уйгур каганы Ма-Чуа 758-жылы Енисей башындагы кыргыз жерин – Миң-Суунун айланасын басып алган. Бул аймак өзүнүн жогору өнүккөн темирчилик өнөрү менен даңкы чыккан **(69)**.

В.В.Бартольддун маалыматы боюнча VIII кылымдын ортосунан баштап Чыгыш Монголиядагы үстөмдүк түрк-огуздардан уйгурларга өткөн, ушундан баштап кыргыздардын абалы начарлай баштаган.

734-жылы Билге-кагандын атынан түзүлгөн жазууда түрктөрдүн падышалык үйү өзүлөрүнүн кубаттуулугун узакка камсыз кылдык деген ишенимде болушкандыгы айтылган. Уйгурларга ушунчалык аз көңүл бөлүнгөндүктөн, алар жазууда бир эле жолу жолугат. Ошондой болсо да Билге-каган өлгөндөн кийин он бир жыл өткөндөн кийин 745-жылы Чыгыш Мон-

---

[1] *К.Менгес.* Түрк элдери жана алардын тилдери. – Б., 2000, 69-б.

голиядагы түрк-огуздардын үстөмдүгү кыйрап, бийлик уйгурларга өткөн[1].

Б.Урстанбеков жана Т.Чороевдин «Кыргыз тарыхы» сөздүгүндө уйгурлар тууралуу төмөнкүдөй маалымат берилген: **«УЙГУР КАГАНДЫГЫ (Уйгурский каганат)** – 744–840-ж. Борбордук Азиядагы уйгурлардын феодалдык мамлекети. Борбору Орхон суусунун боюндагы Ордо-Балык калаасы болгон. У.к. Чыгыш Түрк кагандыгы кулагандан кийин пайда болгон. Уйгурлардын алгачкы каганы Байан-чор (Моюн-чур)[2] 750-ж. чиктерди, 750-жылы кытандарды (кидан), 758-жылы Эне-Сай кыргыздарын караткан. Карлуктардын бир бөлүгү гана баш ийип, калгандары батышка (Жети-Сууга) журт которуп кетишкен» (*кыскартылып берилди*) (181).

Л.Н.Гумилевдун эмгегинде[3] граждандык согуш ийгиликтүү аяктап, уйгур ханы Мойанчур-хан кандай урууларды өз державасына кошуп, кайсыларын чегинен тышкары калтыруу керек деген милдетке туш келгендиги айтылат. Чөл талаа шартында жана көчмөн турмушта бул милдет өтө татаал болгон, анткени табигый чектерге, маселен, тоо кыркаларына ээ болуу керек эле, бул үчүн Саяндан түштүк жакта жана Алтайдан батыш жакта жашаган урууларды өзүнө баш ийдириш керек болчу, анткени уйгурлардын көчүп жүргөн жайы өткөн согуш көрсөткөндөй коңшуларынын кол салышы үчүн ачык эле. Мойанчур бул ишке дилгирлүү киришип, 750-жылы жазында Кем дайрасынын жанында, башкача айтканда, Енисейдин баш жагында чиктерди талкалаган жана аларды баш ийдирген. Ошол эле жылдын күзүндө Манчжуриянын түштүк-батышында татарларды багындырган (209).

Уйгурлардын согуштук жортуулдары кыргыздарга да коркунуч туудурган. Ушундай жагдайда ар кошкон уруулар (алардын ичинде кыргыздар да бар) уйгурларга каршы күрөшүү үчүн союздаштарды издей баштаган.

---

[1] *В.В.Бартольд.* Кыргыздар. Тарыхый очерк. Китепте: Кыргыздар.– Б., 1993, II, 140-б.

[2] Сөздүктө Байан-чор (Моюн-чур) деп, ал эми Л.Н.Гумилевдо – Мойанчур-хан деп берилген.

[3] *Л.Н.Гумилев.* Байыркы түрктөр. Китепте: Кыргыздар. II, 1993, 208–218-бб. (Которгон Д.Сулайманкулов).

## Кыргыздар менен уйгурлардын согушу

Кийинки жылы түндүк-батыштагы кандайдыр бир уруулар уйгурларга каршы күрөшүү үчүн кыргыздар жана чиктер менен бириккен. Карлуктар да кыргыздар менен чиктерди колдоп чыккан. Бирок алар уйгурларга каршы биригип чыгууга жетишпей калышкан. Уйгурлар бул көтөрүлүштү тез арада баскан (209). Бул окуялар, жогоруда көрсөтүлгөндөй, кийинки жылы, демек, 751-жылы болгон.

Мындай маалыматтар кыргыздардын башка уруулар менен, анын ичинде чиктер, карлуктар менен абдан жакшы мамиледе болушкандыгын айтып турат. Жогоруда белгилегендей, бул биримдиктин алдыга койгон максаты ишке ашпай калган.

Уйгурлардын аз сандуу аскерлери кыргыздардын алдыңкы отрядынын мизин кайтарган, ал эми хандын өзү башкы күчтөрү менен салга отуруп, Кара-Иртыш аркылуу өтүп, карлуктарга сокку урган жана аларды Болчу (Урунгу) дайрасынын боюнда талкалаган. Уйгурлар 755-жылга караган мезгилде Саурага жана Тарбагатайга чейин карлуктардын чыгыш аймактарын багындырышкан. Бул согуш уйгурлардын жеңиши менен аяктаган.

Ал эми кидандар уйгурларга ыктыярдуу түрдө баш ийип беришкен, бул Уйгур каганатынын чыгыш чек арасын бекемдеген. Эми түндүк жагы ачык бойдон калган эле. Анткени кыргыздар оңой менен багынып берген эмес, алар уйгурларга 758-жылга чейин каршылык көрсөтүшкөн (210).

«Тан-шудагы» маалымат боюнча кыргыздарды 758-жылы уйгурлар каратып алган.

Л.Н.Гумилев кыргыздар талкаланууга дуушар болуп, уйгурларга баш ийип бергенден кийин да өзүн-өзү жоготкон эмес дейт. Алардын башчысы уйгур ханынан «Кехань» деген наамды кошпостон «Билге-тонг-эркин» (акылман, улуу, жээн) деген наамды алган. Л.Н.Гумилевдун пикири боюнча, кыязы, мында көз карандылыктын кандайдыр бир формасы болгон болуу керек, бирок общиналардын (огуздардын) эркин мүчөлө-

рүнөн жана согуш туткундарынан турган коомдо феодалдык мамилелерди издөөгө шылтоо бербөө үчүн түздөн-түз баш ийген көз карандылык деп атоого болбойт (210). Ошентип, Л.Н.Гумилев кыргыздар 758-жылы уйгурларга баш ийип бергенде да өз автономиясын сактап калышкандыгын белгилейт.

Ал эми Кутлуг кыргыздарды басып, алардын өлкөсүн талкалоого дуушар кылып, натыйжада алардын мамлекеттик иштери токтоду, алардын жергесинде тирүү адам калган жок деген маалыматтын кийинкиси, кыязы апыртылган болуу керек дейт Л.Н.Гумилев (213).

Чындыгында, Кыргыз мамлекетинин иши токтоп, алардын жергесинде тирүү адам калбаган болсо, кийин кыргыздар уйгурлар менен өз эркиндиги үчүн жыйырма жыл согушуп, акырында аларды жеңип алмак эмес. Анын үстүнө кыргыздардын башчысы уйгур ханынан «Билге-тонг-эркин» (акылман, улуу, жээн) деген наамды алган фактысы да бар.

Ошентип, кыргыздар саясий жактан уйгурларга багынганы менен өз автономдуулугун сактап калышкан.

В.В.Бартольд мына ушул маалымат тууралуу өз пикирин төмөндөгүдөй билдирет.

В.В.Бартольд эгерде кытайлар кыргыздарды уйгурлар биротоло багындырып алган деп эсептешсе, бул 758-жылдан кийин Кытайга кыргыз элчилигинин келбей калгандыгы менен гана түшүндүрүлүшү мүмкүн дейт. Бирок андан кийин деле кыргыздардын уйгурларга каршылык көрсөтүүсү уланган. Бул жөнүндө 808-жылдан 821-жылга чейин башкарган уйгур каганына тиешелүү кытай жазууларында айтылган. Аталган кагандын тушунда уйгурлар менен Гяньгунь падышачылыгынын, б.а., **өтө кубаттуу кыргыздардын ортосунда** (*белгилеген – Г.Ж.*) кайрадан согуш болгон. Уйгурларда жаа менен куралданган 400 000ге чейин кошун (ал эми «Тан-шунун» жазганына караганда кыргыздарда бар болгону 80 000 кошун) болгон имиш. «Тан-шуда» бул жолу кыргыз мамлекети жеңилип, жашоосун токтоткон деп айтылат, бирок ошол эле «Тан-шуда» кыргыздардан жаңы каган чыгып, анын уйгурларды 840-жылы толугу менен жеңип чыккандыгы, өзү жеңишке жеткенге чейин бул каган «жыйырма жыл бою уйгур-

ларга каршы согушту уланткандыгы» жөнүндө да маалымдалат. В.В.Бартольд: «Мындай болсо, кыргыздардын уйгур каганына баш ийишине убакыт калбайт», – дейт (Аталган китепте, 141).

Мында В.В.Бартольддун «кыргыздардын уйгурларга баш ийишине убакыт калбайт» деген пикири кыргыздардын уйгурларга толугу менен көз каранды болбогондугун дагы бир ирет көрсөтүп турат. Кыргыздардын уйгурларга каршылык көрсөтүшү 758-жылы кыргыздар жеңилди деп тарыхта катталган датадан кийин дагы улантылган. Кыргыздар уйгурларга каршы күрөшүн токтотушкан эмес. Жазма булактарда кыргыздар уйгурларды 840-жылы багындырганга чейин да жыйырма жыл өз ара согушуп келишкендиги жазылып калган. Демек, кыргыздар көз карандысыздыгы жана өз алдынчалыгы үчүн уйгурларга каршы күрөшүп келишкен жана бул согуштун акыры кыргыздардын жеңиши менен аяктаган. Ушундай маалыматтардан кийин В.В.Бартольддун «кыргыздардын уйгурларга баш ийишине убакыт калбайт» деп айтканы абдан жөндүү жана орундуу.

В.В.Бартольд «Тан-шудагы» маалыматка таянып, кыргыздарда жаңы каган пайда болгондугун жана бул кагандын башчылыгы менен кыргыздар уйгурларды биротоло талкалап, аларды жеңгендигин маалымдаган (Аталган эмгекте,191).

Иакинфтин котормосу боюнча «Тан-шуда» кыргыз башчысына уйгур каганы Пиньце Тунге Гинь[1] деген титул (каган дегени жок) бергендиги айтылат. Жогоруда Л.Н.Гумилевдун кыргыздардын башчысы уйгур ханынан «Кехань» (*каган – Г.Ж.*) деген наамды кошпостон «Билге-тонг-эркин» (акылман, улуу, жээн) деген наамды алгандыгы тууралуу маалыматын берген элек. Мындай маалыматтар кыргыздардын уйгурларга толугу менен көз каранды болбогондугун айтып турат. Бул тууралуу В.В.Бартольд: кыргыздар уйгурлардан жеңилиши менен кагандыкты жана көз каранды эместикти гана жого-

---

[1] *Н.Я.Бичурин.* Собрание сведений... I, 449-б.; В.В.Бартольд титулдун биринчи сөзүндө опечатка бар деп эсептейт, азыркы транскрипция боюнча Пице-дунь цзе-цзинь деп окуу керек. Караңыз: *В.В.Бартольд.* Аталган эмгекте, 191-б.

тушкан, бирок мамлекеттик автономияны жоготушкан эмес дейт. Жеңилгенден кийин, көп убакыт өтпөй, ыңгайлуу учур келгенде кыргыз ажосу (кытайлыктар ушинтип аташкан) батыш союздаштарына таянып, кагандык титулду алуу үчүн уйгурлар менен күрөштү кайрадан баштай алмак. Ал өзүн хан (каган) деп жарыялап, өзүнүн апасын (теги түргөштөрдөн чыккан) – жесир ханша, аялын (ябгу титулун алып жүргөн карлук падышасынын кызы) – ханша (хатун) деп жарыялаган (Аталган эмгекте, 141). Кыргыздар карлуктар[1] менен кошуна жана союздаш болушкан.

Л.Н.Гумилевдун эмгегинде да кыргыздардын жол башчысы Ажо өзүн хан деп, түргөш уруусунан (Чүй өрөөнүнөн) чыккан энесин жесир ханша деп, карлук башчысы ябгунун кызы болгон аялын каныша деп жарыялагандыгы айтылат. Кыргыз Ажосу өз жеңиштерине эрдемсип, уйгурдун ханына мындай деген: «Сенин тагдырың бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду тартып алып, мамыңа өз атымды байлайм, ордонун алдына өз касабымды тигем. Эгер мени менен таймашкың келсе, анда тезирээк кел, колуңан келбесе, тезирээк жогол»[2].

А.Н.Бернштам да жогорудагы уйгурлар менен кыргыздардын согушу тууралуу маалыматтарга, т.а., кыргыздар талкаланып, алардын жеринде тирүү адам калган эмес деген кытай жазууларындагы маалыматка карата өзүнүн төмөнкүдөй пикирин айтат. Ал Кытай жазууларында: «...укрепившиеся в Монголии уйгуры стали политическими хозяевами над киргизским народом» деп айтылгандыгын белгилеп, «Однако и эти сообщения вызывают весьма серьезные сомнения»,[3] – дейт.

А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча 758-жылдан баштап кыргыз элчилиги Кытайга каттабай калат. Муну кытай

---

[1] Карлуктар VIII кылымда батышка кетип, ал жерде 766-жылы борбору Чүй (Чу) суусунун боюнда жайгашкан мамлекетти түзүшкөн (В.В.Бартольд, 141).

[2] *Л.Н.Гумилев.* Байыркы түрктөр. Китепте: Кыргыздар, II, 1993, 215-б.; *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 207-б. А.Н.Бернштам бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянат: Таншу, гл. 140б; И. Бичурин. Собр.св., 1950, ч.1, стр. 449.

[3] *А.Н.Бернштам.* Историческое прошлое киргизского народа. – Ф., 1942, 10-б.

жазма булактары төмөнкү окуя менен байланыштырышат: «уйгуры завоевали это государство и после этого кыргызские посольства уже не могли проникнуть в Срединное государство (Китай)»[1].

Уйгурлардын кыргыздарды жеңгендиги уйгур каганына арналган моло таштагы кытай жазууларында мындайча берилген: «Вначале Гянь-Гунское государство, считавшее 400 с лишком натягивающих луки, т.е. носящих оружие. Оно (восстало и проч.), но каган был умный, мужественный, чудесно воинственный, (ему стоило только) раз выстрелить, как и попало. Гянь-гунский каган пал, в соответствии тетивы (т.е.под ударом его стрелы); коровы, лошади, хлеб и оружие были навалены горами, государственные дела (владения гянь-гунь) прекратились, на их земле (не стало) живых людей» (Избр.тр., 1998, I, 207).

Бул эстелик 808–821-жылдарга таандык болгон.

А.Н.Бернштам, жогоруда белгиленгендей: «...однако дело обстояло не совсем так», – дейт (207). Биринчиден, «Тан-шу» боюнча кыргыздарды уйгурлар багындыргандан кийин VIII кылымдын экинчи жарымында кыргыз каганы уйгур каганынан Пицьсе Туньге Гинь[2] деген титул алган, демек, кыргыздар жок болмок тургай, уйгур каганынын колунан өзүнөзү башкаруунун кандайдыр бир формасына ээ болушкан («значит, кыргызы не только не были уничтожены, но получили из рук уйгурского кагана какую-то форму самоуправления» – А.Н.Бернштам) (Избр.тр., II, 1993, 207).

Экинчиден, уйгурлардын алсызданышынан пайдаланып, кыргыз жол башчысы өзүн каган деп, түргөш уруусунан чыккан апасын жесир ханша деп, – аялын (карлук башчысынын кызы) ханша деп жарыялаган[3].

С.В.Киселев да уйгурлардын кыргыздарды жеңиши туралуу: «...преувеличена и победа уйгур над кыргызами, при-

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., 1998, II, 206-б. Автор төмөнкү эмгекке таянат: Таншу, гл. 140б; Собр.св., ч.1, стр. 384–393.

[2] *А.Н.Бернштам* бул эмгектерге таянат (207); Таншу, гл.140б; И.Бичурин. Собр.св., 1950, ч.1, 449.

[3] Жогоруда аталган эмгектерде.

ведшая будто бы к перкращению самого сущенствования кыргызского государства», – дейт (Енисейские кыргызы, Китепте: Кыргызы. X т., 2011, 313). Ал кыргыз башчысы Йаглакар (С.В.Киселевдо – Яглакар) 820-жылдан баштап жыйырма жыл бою уйгурлар менен согушуп, 840-жылы уйгур ханы Чжансинди толугу менен жеңгендигин маалымдайт.

Мына ушул маалыматтар жогорудагы кыргыздар талкаланган, мамлекет катары жок болгон деген маалыматтарды жокко чыгарат. Тескерисинче, уйгурлар кыргыздар менен эсептешип, алардын башчысына «Билге-тонг-эркин» деген титул тапшырып, кандайдыр бир деңгээлде кыргыздардын өз алдынчалыгын таанышкан. Муну кыргыз жол башчысынын өзүн каган деп, ал эми апасын жана аялын ханша деп жарыялагандыгы да  далилдеп турат.

Кыргыз каганынын мына ушул кадамы (өзүн каган деп, апасын жана аялын ханша деп жарыялашы ж.б.) уйгурларга коркунуч туудурган жана алар кыргыздарга каршы аскерлерин жиберген, бирок алар кыргыздарды талкалай алышкан эмес. Ошондон башталган алардын ортосундагы согуш жыйырма жылга созулуп, акырында бул согуш 840-жылы кыргыздардын жеңиши менен аяктаган (А.Н.Бернштам, 207).

Уйгурлардын Орхондогу борбору (азыр Хары-Бамаздын урандылары) алынган, 832-жылдан баштап акимдик кылып келген уйгур ханы өлтүрүлгөн.

Демек, кытай булактарында биринчи баяндалган окуя (уйгурлардын кыргыздарды талкалап жок кылгандыгы) күмөндүү. Кыргыздардын уйгурларга каршы күрөшүнүн улантылышы жана  уйгурларды биротоло жеңгенге чейин созулушу – В.В.Бартольддун кыргыздардын уйгурларга баш ийишине убакыт калбайт деп айтканына туура келет жана узакка созулган согуштун жыйынтыгы, б.а., кыргыздардын уйгурларды жеңгендиги дагы бир жолу кыргыздардын, байыркы кыргыз мамлекетинин талкаланып жок болуп кетпегендигин далилдеп турат. Тескерисинче, кыргыздар жыйырма жыл өз элинин көз карандысыздыгы, өз алдынчалыгы  үчүн согушушкан, акырында жеңип чыгышкан. Бул кыргыз элинин эркиндикти сүйгөн жана эркиндик үчүн күрөшүүдөн тайбаган баатыр, жоокер эл экендигин далилдеп турат.

Ошентип, жогорудагы фактылардан улам кыргыздардын уйгурларга баш ийүүсүн – түздөн-түз баш ийген көз карандылык деп атоого болбойт, балким, көз карандылыктын кандайдыр бир формасы болгондур, бирок кыргыздар өз автономиясын сактап калган; ошондой эле кыргыздар өз алдынчалыгын жоготкон эмес, өз алдынчалыктын кандайдыр бир формасына ээ болушкан деп жыйынтыктайбыз.

Мурун орто азиялык державалардын кол салууларынан коргонуу позициясында болуп келген кыргыздар эми күч топтоп, чабуулга (контрнаступление) өтүшкөн. Алар уйгурларды талкалаган жана ушундан баштап кыргыз тарыхынын жаркын мезгили, б.а., кыргыздарда пассионардык көтөрүлүү башталган.

## Уйгурлардын жеӊилиши

Төмөндө уйгурлар кандайча жеӊилгендиги тууралуу кеп кылабыз.

**Уйгурлардын үстөмдүгү.** Ошентип, адегенде уйгурлар кыргыздарды басып алган. Бул тууралуу «Ханзу жазмаларында» мындай маалымат бар: «Элден мурун уйгурлар жакшылыкты унутушуп, эндегей жаткан элди чаап алды, кутургандан Лиӊжов аймагына чейин кирип келди» (Ханзу, 363).

Уйгурлар батышта жана түндүктө табигый чек араларга жеткенден кийин басып алуулар токтогон. Уйгурлардын уруулар конфедерациясы тогуз-огуздардын үстөмдүк кылуучу, тууарасын айтканда, жетекчилик кылуучу урууларынан турган, буга теӊ укуктуу деп эсептелген басмалдар (*басмылдар болуу керек – Г.Ж.*) жана чыгыш карлуктары, төлөстүн алты уруусу (бугу, хань, байырку, тонгра, сыге жана киби) баш ийдирилген уруулардан тогуз-огуз уруусу чыккан. Яглакардын хан тукумунун пайдасына салык алынып турган. Бул уруу союздаш урууларга гана эмес, ал түгүл «салгылашууларда дайыма алдыда болгон» басмалдар менен карлуктарга карата артыкчылык алган абалда турган (Л.Н.Гумилев, Байыркы түрктөр, Китепте: Кыргыздар, II, 210).

Уйгурлардын түндүк чек арасында Кыргыз хандыгы турган жана алар салыкты суусар менен төлөшкөн.

Л.Н.Гумилев кыргыздар, кыязы, түрктөрдөн жеңилгенден кийин 711-жылы бир канча урууга бөлүнүп кетип, мунун өзү уйгурларга алар менен мамиле түзүүнү жеңилдеткен деген пикирин айтат. Бирок Түштүк Сибирде кыргыздардан тышкары бир канча ири уруу (йедренин жети уруусу, кыязы, саяналтай уруулары, шорлордун бабалары жана кучугур уруусу – кугижилер – алтайлыктар) жашап, алар уйгурлар менен дайыма согушуу абалында болгон (Л.Н.Гумилев, 210).

Моюнчурдун (Л.Н.Гумилевдо – Мойанчур) согуштук жортуулдарынын аркасында Уйгурстан үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөн: чыгышта кидандар, түндүктө кыргыздар уйгур ханына баш ийишкен. Батышта 766-жылдан тартып карлуктар күч алган, бирок негизги көңүлүн түштүк-чыгышка буруп, табигый чек арасы – Тарбагатайдан өткөн эмес. Түштүктө талкаланган Кытай жаткан, бирок Кучада, Карашаарда, Хотанда, Кашкарда жана Бэйтинде Кытай гарнизондору турган. Бул чектер, Л.Н.Гумилевдун белгилөөсү боюнча, уйгурлар менен тибеттиктердин[1] ортосундагы бөгөт болгон. Кытайлар менен тибеттиктер өчөгүшкөн душмандар болушкан, ошондуктан уйгурлар экөөнүн бирин тандаш керек эле. Уйгурлар Кытайдан көбүрөөк пайда көрүүгө умтулуп, Тибет менен дегеле ымалага барышкан эмес.

Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча Уйгур мамлекетин түзгөн алгачкы хандар – Пэйло (744–745), Мойанчур (745–559) жана Идиган (759–780) өз уруусуна таянышып, көк түрктөрдүн кандарына окшошкулары келишкен. Жарандык согуштун убагында Кытайды талап-тоноп, алар өздөрүн кожоюндар катары сезишкен (211).

778-жылы Кытайда Дэнцзун такка отурат. Ал уйгур ханына баш ийгиси келген эмес. Муну уйгур ханы (Илиган хан) билип алып, жаңы императорду баш ийдирмек болуп, Түндүк Кытайга 778-жылы кол салган (211).

---

[1] Тибеттиктер 755–760-жылдарда Кытайдын түндүк-батыш бурчун басып алган жана эми батыш аймактарды жеңип алууга умтулган. Караңыз: *Л.Н.Гумилев*. Байыркы түрктөр. Китепте: Кыргыздар. II, 1993, 210-б.

**Кат Кутлуг Билге-хан (Билге-каган). Уйгур-кытай келишими.** Бул согушта алгач уйгурлар жеңгени менен, Шэньсинин акими аларды талкалап, чегинүүгө мажбур кылган. Эми Кытай чыңала баштаганын түшүнүп, хан чоң казатка даярдана баштаган.

Дэнцзун 780-жылы тогуз-огуздарды борбордон чыгарып жиберген. Алар «меймандар»[1] катары казынанын эсебинен борбордо жашап, аябай байышкан эле. Чек арада алардын кытай кыздарын куржунга катып алып бараткандары байкалган. Кытай аскерлери аларды таап алгандан кийин, «меймандардын» баарын кырып ташташкан (Л.Н.Гумилев, 211).

Бул мезгилде уйгурларда маанилүү өзгөрүүлөр болгон. 779-жылы Кытай менен мамиле курчуп кеткен, тогуз-огуздар согушууну каалашкан, анткени аларды согуштан түшкөн пайда кызыктырган, ал эми союздаштар согуштан пайданы эмес, өлүм коркунучун көрүшкөн. Хан көпчүлүктүн пикирине кошулбагандыктан, Дунмага-Тархан деген төбөл ханга каршы көтөрүлүш чыгарган, ханды кеңешчилери менен жана 209 огуз төбөлдөрүн кырып, өзү Кат Кутлуг Билге-каган деген ат менен такка отурган.

Жаңы хан тынчтыкка умтулган. Ал «меймандардын» өлүмү үчүн 781-жылы кун алган. Эми уйгурлар менен Кытайдын ортосунда төмөнкүдөй келишим түзүлгөн: 1. Уйгурлардын ханы Кытайдын вассалы деп аталган; 2. Уйгур элчилиги 200 адамдан ашпоого тийиш болгон; 3. Соода кылуу үчүн 1000ден ашпаган жылкы алып келүүгө уруксат кылынган; 4. Кытайларды чет мамлекетке алып кетүүгө тыюу салынган. Бул келишим 788-жылы нике жана Тибетке каршы союз менен бекемделген (212).

Л.Г.Гумилев белгилегендей, чындыгында Уйгурстан согушта жеңилгенине караганда өзүнүн баш ийген абалынан көбүрөөк утуш алышкан. Иш жүзүндө эми уйгурлар кытайларга көз каранды болбостон, кытайлар аларга көбүрөөк көз каранды болуп калган. Анткени батыш аймактагы ээликтердин Кы-

[1] Уйгурлар өздөрү кошуп алган урууларын «меймандар» деп аташып, түрктөрдү багындырууну өз державасынын экинчи жолу жогорулашы катары карашкан жана «тактыдагы хан элди балдары катары башкарып жатат» деп эсептешкен. Караңыз: *Л.Н.Гумилев.* Байыркы түрктөр. Китепте: Кыргыздар. II, 1998, 210-б.

тайдын борбору менен кат жазышуусу Тибет аскерлерин айланып өтүп, уйгур жергеси аркылуу жүргүзүлгөн. Батышта согуш жүргүзүү үчүн кытайлардын жетиштүү аскерлери болгон эмес, бул абалды уйгурлар гана сактап калышы мүмкүн эле, алар буга даяр болушкан, бирок алар мунун баары үчүн акы талап кылышкан. Кытай аскерлердин акысын төлөп, акыры уйгурлар тибеттиктерге каршы күрөшкө кирген (Л.Н.Гумилев, Түрктөр. Китепте: Кыргыздар, II, 1993, 212). Бирок тибеттиктерде дипломатия күчтүү болгон. Бул тууралуу төмөндө сөз болот.

## Тибеттиктер жана алардын союздаштары. Кыргыздардын көтөрүлүшү

**Тибеттиктер жана алардын жеңиши.** Бирок тибеттиктерде дипломатия күчтүү болгон. Алар өздөрүнө союздаштарды табышкан. Уйгурлардын эски атаандаштары болуп келген карлуктар, ошондой эле Жунгарияда көчүп жүргөн жана оор салыктан жапа чеккен шато уруусу тибеттиктер тарабында болгон. Ошондой эле Л.Н.Гумилев белгилегендей: «Мойанчур-хан баш ийдирген, бирок эрки майтарылбаган кыргыздардын арасында Тибетти жактаган пикир өсүп жатты. Уйгур эзүүсүн кулатууга умтулуп, кыргыздар да карлуктар жана арабдар менен достукка умтулган, бирок арабдар алыс, карлуктар алсыз эле. Тибетке таянуу гана уйгур эзүүсүн кулатууга үмүт берген» (213).

Тибет эмиссарлары карлуктардын жергеси аркылуу Енисейге жетишкен. 789-жылдын аягында тибет аскерлери Бишбалыкты (Бэйтинди) көздөй бет алып, уйгурларды талкалаган, 791-жылы тибеттик экинчи бир армия Хотанды баш ийдирип алган. Ошол убактар Жунгариянын ачкычы деп эсептелген Бэйтин чеби үчүн айыгышкан согуш болгон. 790-жылы талкаланган кытай генералы менен Бэйтиндин акими Ян Си-гу өзүнүн аскерлери менен Чичжоуга[1] качкан. Тибеттиктер толук жеңиш-

[1] Бул, балким, Чигу – Ысык-Көлдүн жээгиндеги Тянь-Шань тоолорундагы «Кызыл өрөөн» болушу мүмкүн. Караңыз: *Л.Н.Гумилев.* Байыркы түрктөр. Китепте: Кыргыздар. II, 1993, 213-б.

ке ээ болуп, уйгур-кытай аскерлеринин үчтөн экиси салгылашуу майданында калган (213).

Ошого карабастан Тибет армиясы уйгур кытай коалициясын кыйрата алган эмес, анткени менен тибет дипломатиясы өз ишин жасаган. Тибеттиктер өзүлөрүн чыгыштан камсыз кылып, уйгурлардын жардамы менен Кытайды жарашууга кол койдуртуп, 816-жылы түндүктө уйгурлардын борбору Каракорумга чабуул койгон. Ошол эле убакта уйгурлардын ооругунда (тыл) кыргыздардын жаңы көтөрүлүшү чыгып, бул оңдуу болгон (214).

**Кыргыздардын көтөрүлүшү.** Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай дейт: «Тибеттиктер активдүү дипломатиялык иш жүргүзүшүнүн натыйжасында **758-жылы баш ийип бергенде автономиясын сактап калган кыргыздар уйгурлардын ооругунда көтөрүлүш чыгарган»** (213).

Ошентип, Уйгурстанда (Л.Н.Гумилев) кыргыздардын көтөрүлүшү болгон. Л.Н.Гумилев муну 815-жылы болгон деп болжолдойт жана бул союздаштардын аракеттери макулдашылган болуу керек дейт (14).

Бирок бул жүрүш күтүлбөгөн кырдаалдын кесепетинен гана толук ийгиликке жетишпей калган. 816-жылы Тибеттин «Атсыз Гамбосу» дүйнөдөн кайткан. Тибет башчысы Шан Шацзянь өзүнө жаккан ханзааданы такка отургузууга катышуу үчүн Тибетке кайтууга аргасыз болгон. Бирок уйгурлар мындан пайдалана алышкан эмес, анткени алар кыргыздарга каршы согуш жүргүзүп жатышкан эле, бул согуш – 20 жылга созулган (211).

Эми Тибет-Кытай согушун улантуу эч мааниге ээ болбой калган. Тибеттиктер Кытайга тынчтыкты сунуш кылган. Бул келишим боюнча тибеттиктер жеңип алган аймактарын сактап калган.

Кытайда атчан аскерлердин жоктугунан аларга каршы чабуул коюунун эч кандай зарылчылыгы деле болгон эмес. Натыйжада, шарттар кабыл алынып, бул согушта Тибет жеңишке ээ болгон. Кербен жолдору колдо бекем кармалып, мурунку Цинь княздыгынын чек арадагы жоочул кытайлары кырып жок кылынган, эми Кытайга терендеп кирүүнүн эч кандай деле мааниси жок болуп калган (211).

### Кыргыздардын арабдар, тибеттиктер жана карлуктар менен достук мамилелери. Кыргыздардын түргөштөр жана тибеттиктер менен туугандык мамилелери. Кыргыз Ажосунун өзүн хан деп жарыялашы

Ал эми Уйгурстан менен кыргыздардын согушу улантылып жаткан эле. Уйгурлар үчүн баарынан коркунучтуусу – кыргыздардын көтөрүлүшү болгон. Уйгурлардын ханы Бао-ихандын көтөрүлүштү басуу аракети ийгилик алып келген эмес. Кыргыз ханы көз каранды эместикти көксөп, жогоруда айтылгандай, арабдар, тибеттиктер жана карлуктар менен достук мамилелерди түзгөн. Кыргыздардын башка уруулар менен туушкандык байланышы да болгон. Мисалы, кыргыз Ажосунун энеси – түргөш князынын кызы, ал эми аялы – тибет кол башчысынын кызы болгон.

Кыргыздардын жол башчысы Ажо өзүнүн жеңиштерине сыймыктанып, 818-жыл ченде өзүн хан деп жарыялап, уйгур ханына анын тагдырынын бүткөндүгүн, эгерде таймашкысы келсе тезирээк келишин, колунан келбесе тезирээк жоголушун талап кылган. Бул Л.Н.Гумилевдо мындай берилген: «Сенин тагдырың бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду тартып алып, мамыңа өз атымды байлайм, ордонун алдына өз касабамды[1] тигем. Эгер мени менен таймашкың келсе, анда тезирээк кел, колуңан келбесе, тезирээк жогол» (215). Ажо душмандын кыңк этпестен багынып беришин каалаган.

## КЫРГЫЗ ДЕРЖАВАСЫНЫН ОРНОШУ

**Кыргыздардын уйгурларды жеңиши. Кыргыз державасынын орношу.** 832-жылы Кара-Корумдагы[2] (*китепте ушундай берилгени сакталды – Г.Ж.*) алтын такка Кут тегин отурган. 839-жылы Кулуг-бек деген төбөл өзүнө жардамга келген шатого таянып, Кара-Корумга кол салган. Хан (Кут тегин) өзүн-

[1] Туу деген мааниде.

[2] **КАРАКОРУМ** (монголчо Хара Хорин) – Моңгол мамлекетинин 12–14-к-га таандык байтакты шаары. Азыркы Моңголиянын түндүгүндөгү Орхон дарыясынын жогорку агымында жайгашкан. 1220-ж. Чыңгыз хан негизде-

өзү өлтүргөн. Көтөрүлүшкө жан тарткан төбөлдөр жаш Кэси-тегинди хан көтөрүшкөн. Ошол жылы кыш катуу болуп, жуттан мал кырылган. Ачарчылык жана жугуштуу оору тараган, 840-жылдын жазына карата уйгур эли ачарчылыктан, жугуштуу оорудан жана көңтөрүштөрдөн абдан начарлаган. «Кулугбектин душманы – **уруу аксакалы Кулуг-бек кыргыздарды жардамга чакырып** (*белгилеген – Г.Ж.*) Кара-Корумда калган» (Л.Н.Гумилев, 216).

Уйгурлардын кыргыздар менен согушу узакка созулган. Бул бардык маалымат булактарында белгиленет. Мына ушул согуш да уйгурларды күчтөн тайдырган. А.Н.Бернштам мындай дейт: «Бул согуш жыйырма жылга созулган жана уйгурларга ийгилик алып келген эмес. Тескерисинче, белгилүү бир деңгээлде ушул согуштан азып-тозгон **уйгурлар 840-жылы биротоло кыргыздар тарабынан талкаланган»** (207).

А.Н.Бернштам кыргыз башчысы (предводитель) бекеринен мындай деп айткан эмес дейт: «Твоя судьба кончилась. Я скоро возьму золотую твою орду, поставлю перед ней моего коня, водружу свое знамя. Если можешь состязаться со мною, то немедленно приходи; если не можешь, то скорее уходи» (*белгилеген – Г.Ж.*) (Избр. тр., 1998, II, 207). Кыргыз каганынын айтканы келген. Кыргыздар уйгурларды биротоло жеңип, чындыгында эле алардын ордосун басып алып, уйгур ханынын мамысына өз атын байлап, кыргыз туусун желбиретип илишкен.

Мына ушул окуялар дагы бир ирет **мурун** (*758-жылы – Г.Ж.*) уйгурлардын кыргыздарды талкалап, жок кылбагандыгын далилдеп турат. Бул тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «Указанные события говорят о том, что надпись на стеле уйгурского кагана, относящаяся ко времени 808–821 гг., не отвечает действительности. Полного разгрома кыргыз уйгуры не достигли. Наоборот, кыргызы, благодаря своей изолиро-

---

ген, бул аймакта Үгөдөй (Угэдэй) хандык ак сарайы, кол өнөрчүлөр маалалары, зыяратканалар сакталып калган. Караңыз: *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. – Ф., 1990, 73-б.

Бул шаар 12–14-к-дан мурун эле болгондугу (мисалы 840-жылы) жогорку мисалдардан белгилүү болуп турат.

ванности, сумели даже накопить силы и успешно выступить против уйгур, разгромив их окончательно в 840 г. на их основной территории – в Монголии, где кыргызы берут их ставку на Орхоне (развалины Хары-Бамаз)» (208).

Ошентип, кыргыздардын уйгурлар менен согушу кыргыздардын жеңиши менен аяктаган. Уйгурлардын ичиндеги ыйкытыйкылыктар да алардын жеңилишине түрткү болгон. Мисалы, уйгур төбөлдөрүнүн бири Гюйло-фу түрк урууларынын шато уруусу менен биримдикте 839-жылы уйгур каганы Чжан-Синге (Л.Н.Гумилевдо – Кут тегин деп берилген эле) каршы көтөрүлүп чыккан (208). Кыргыздардын уйгурларды жеңишине уйгур полководеци Гюйлу-Баганын (Гюйля Мохэ) да жардамы тийгендигин белгилеп коюу зарыл. Ал кыргыз аскерлерин уйгур каганынын штабына (ставка) баштап барган (А.Н.Бернштам, 207).

Ю.С.Худяковдун маалыматы боюнча Гюйлу Мохэ (Ю.С. Худяковдо ушундай берилген) хагастарга кошулуп, 100000 атчандары менен хойхустардын шаарына кол салган жана ханын өлтүрүп, Гюйло-фуну жазалаган жана анын конушун өрттөгөн (Китепте: Кыргыздар, Х том, 2011, 261).

**Кыргыздардын Ордо-Балыкты алышы.** Уйгурлардын ордосу Ордо-Балыкта болгон. Ордо-Балыктагы согуш чечүүчү болгон. Мына ушул согушта кыргыздар жеңишке жетишкен. Кыргыздар Ордо-Балыкты алып, аны талкалашкан жана өрттөп жиберишкен. Бул: «Хан был убит в сражении и его дэлэ рассеялись» деген текст менен берилет. Уйгурлар стихиялык түрдө туш тарапка тарап кетишкен. Уйгур ханынын конушун жана кытай падыша кызынын жашаган турак-жайын өрттөөгө ажо өзү жетекчилик кылган (Ю.С.Худяков, 261).

Ошентип, уйгур каганы өлтүрүлгөн. Анын мураскерлери-тегиндери туш-тушка качып кетишкен, кагандын штабы өрттөлгөн. Кыргыз каганы көп олжолуу болгон. Уйгур каганынын Тай-хо аттуу аялы (мурунку кытай падыша кызы) кармалган. Ал Кытайга жөнөтүлгөн, бирок кыргыз элчиси жолдо Угэ-хан тарабынан өлтүрүлүп, ал эми падыша кызы Кытайга арандан зорго 843-жылы жеткен (А.Н.Бернштам, 207).

Уйгурларды жеңгенден кийин кыргыздар жортуулдарын андан ары уланткан. Алардын ээлеген жерлери кеңейген.

Бул мезгил «Кыргыз улуу державасы» деген ат менен белгилүү болгон.

**Уйгурлардын жеңилиш себептери эмнеде? Кыргыздардын пассионардык көтөрүлүүсү.** Ошентип, Азиянын талааларында биринчи жолу түндүк перифериядa – Миң-Суу ойдуңунда жашаган анча көп эмес сандагы көчмөн эл – кыргыздар үстөмдүк кылуучу абалды ээледи. Буга алар уйгурларды жеңгенден кийин ээ болушкан.

Уйгурлардын жеңилишинин себептери эмнеде?

Уйгур каганатында бул мезгилде ички ыйкы-тыйкылыктар күчөп, өлкө тибеттиктер менен болгон ийгиликсиз согуштан алсырап турган эле.

Сарай ичиндеги группировкалардын бири-бири менен күрөшүнөн, сарай төңкөрүштөрүнөн жана тымызын аракеттеринен (заговор) улам борбордук бийликтин күчү кайткан. Ю.С. Худяковдун маалыматы[1] боюнча VIII кылымдын аягында так үчүн Яглакар уруусу жана эдиз уруусу күрөшүп жаткан эле. Кыргыздар менен болгон 30 жылдык (*Ю.С.Худяковдо 30 деп берилген – Г.Ж.*) күрөштүн алдында тактa алты каган, ал эми согуш мезгилинде жети каган алмашкан.

Кыргыздар уйгурлар менен согушка киргенде тибеттиктер да уйгурларга каршы чабуулдарын (натиск) күчөтүшкөн. Ю.С.Худяков, балким, алардын аракеттери макулдашылган болуу керек деп божомолдойт, анткени кыргыздар тибеттиктер менен байланышта болушкан.

Кыргыздардын уйгурлар менен болгон согушу узак мезгилге созулган. Согуштагы жеңилүүлөр Уйгур каганатындагы бийликтин туруксуздугуна алып келген. Бао-И каза болгондон кийин такка Чун-дэ отурган жана төрт жылдан кийин 825-жылы каза болгон. Анын ордуна бир тууганы Гэ-са Торэ шайланган, ал 832-жылы сарай ичиндеги тымызын аракеттердин (заговор) курмандыгы болгон. Андан кийин анын бир тууганынын баласы Ху-торэ такка отурган, ага каршы министр Гюйло-фу көтөрүлүп чыккан, шатонун күчтүү армиясын жардамга чакырып, Карабалгасунга (*китепте ушундай*

[1] *Ю.С.Худяков.* Эпоха «Кыргызского великодержавия». Китепте: Кыргыздар. 2011, 10-том, 260-б.

*берилгени сакталды – Г.Ж.*) жөнөгөндө Ху-торэ (839-жылы) өзүн-өзү мерт кылган. Анын ордуна такка Гюйло-фу бойго жете элек Кэ-си-торэни отургузган жана анын атынан мамлекетти өзү башкара баштаган (261).

Албетте, бийликтеги мындай абал уйгурлардын ичинен да наараазылыктарды жараткан.

Уйгурлардын ич ара ажырымы башталган. Гюйло-фуга полководец Гюйлу Мохэ каршы көтөрүлгөн (ал кыргыздар менен согушуп жаткан уйгур аскерлерине командалык кылып жаткан эле) жана кыргыздардын тарабына өтүп кеткен. Ал кыргыздарга уйгурлардын борбор шаары Ордо-Балыкка бара турган жолду көрсөтүп берген жана ажону уйгурлардын ордосуна алып келген. Андан тышкары, ал «соединившись с хагасами, со 100000 конницей напал на хойхуский город, убил хана. Казнил Гюйло-фу и сжег его стойбища» (261).

Гюйлу Мохэ кыргыздарга жакшы жардам берген, бирок анын бул жардамы уйгурларга чоң зыян алып келген.

Согуш уйгурларды экономикалык жактан да аксаткан. Анын үстүнө ачарчылык, жугуштуу оору жана аябай терең түшкөн кар да абалды оорлоткон. Ю.С.Худяковдо: «В тот год был голод, а вслед за ним открылась моровая[1] язва и выпали глубокие снега, от чего много пало овец и лошадей» (261), – деп айтылат.

Жогорудагы ички жана тышкы жагымсыз шарттар уйгурлардын пассионардык төмөндөөсүнө алып келген.

Ал эми бул кезде кыргыздар күчтөнүп турган. Кыргыздар арабдар, тибеттиктер жана карлуктар менен достук мамилелерди түзгөн, ошондой эле карлуктар менен туугандык мамиледе да болгон. Кыргыз каганы күчтөнүп, күчүнө шыктанып, уйгурларга алардын тагдыры чечилгенин айтып, аларды «таймашкың келсе кел, колуңан келбесе жогол» деп, ачык эле коркутууга өткөн. 818-жылы кыргыз башчысы өзүн хан деп жарыялаган. Кыргыздардын пассионардык көтөрүлүүсү башталган.

[1] **Моровой: моровое поветрие, моровая язва** *уст.* өлөт (эң коркунучтуу эпидемия). Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 314-б.

**Кыргыздар жана уйгурлар. Уйгурлардын андан аркы тагдыры жазма булактарда.** Уйгурлардын туш-тушка качып кетишкендиги айтылды. Алар кайда качышкан жана алардын андан аркы тагдыры кандай болгон?

Уйгурлардын туш-тушка качышкандыгы тууралуу Ю.Худяков мындай дейт: «Уйгуры в панике бежали: «Хойху поколения рассеялись» (261). Уйгурлардын жана башка телес урууларынын каганаттын территориясынан качуусу стихиялык түрдө жана туш тараптуу болгон.

Уйгурлардын жарымы карлуктарга, жарымы Тибет менен Кытайга кире качышкан. Калган он үч уруу уйгулар Угэ-тегинди 841-жылдын март айында каган көтөрүп, ал өлгөнчө – 846-жылдын августуна чейин кыргыздар менен күрөшкөн[1].

Уйгурлардын Кэчжили тегин башында турган кайсы бир бөлүгү Забайкальеге, башка группасы Түштүк Маньчжурияга кидандардын жерине, дагы эки группасы түштүк-чыгышка Тан империясынын чектерине кирип барышкан (Ю.Худяков, 262).

Уйгур каганатынын курамындагы он үч уруу, Яглакар уруусу кошо, тегин У-цзени каган коюшуп, Цоцзытань тоосунун түштүгүнө бекинишкен. Ормузд, Наир Чур, Чисин жана Буку башында турган уйгурлардын группасы өзүнчө көчүшкөн. Яглакар уруусунун княздары башында турган уйгур группасы Алашандын алдындагы жерлерге жайгашкан. Х кылымдын башында Ганьчжоу Уйгур княздыгы (княжество) түзүлгөн. Яглакар уруусунун княздары башында турган дагы бир уйгур группасы Эдзингол дарыясынын өрөөнүнө жайгашкан. Мындан тышкары уйгур министри Сачжи («с Пантегином, племянником (тайского императора) с пятью его братьями Наньлу, Эфэном и другими») Түркестанга көчүп барып жайгашкан, ал жерде Уйгур (Турфан) княздыгы пайда болгон. Уйгурлардын жана башка телес урууларынын бир бөлүгү батышка (в Прииртышье) – кимактардын жерине кетишкен. Кыргыз тарабына өткөн уйгур жана теле урууларынын кайсы бир

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 208. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянат: Таншу, гл.140б; *Н.Я.Бичурин.* Собр.св., 1950, ч.1, стр. 419–423.

бөлүгү Монголияда калган. Уйгурлардын анча көп эмес группасы кыргыздар тарабынан Миң-Суу ойдуңуна көчүрүлгөн, мына ушул мезгилде ал жерде аттын териси бар уйгур көрүстөндөрү пайда болгон[1].

Бул маалыматтар уйгурлардын түш тарапка тарап кетишкендигинен кабар берет.

Уйгурлардын жеңилиши Л.Н.Гумилевдо мындайча баяндалат: «Хан жана Кулуг-бек өлтүрүлүп, алардын тарапкерлеринин боз үйлөрү өрттөлгөн. Уйгурлар дүрбөлөңгө түшүп, түштарапка качышкан. Алардын бир бөлүгү түштүккө ооп, тибеттиктерге баш ийген. Пан Торэ деген ак сөөк 15 аймакты Жунгарияга алып кетип, карлуктарга баш ийип берген. Ал эми хан аймагынын 13 урууcу (кыязы толукталган тогуз-огуздардын тукуму болуу керек) 841-жылы мартта Угэ-тегинди хан көтөрүшүп, кыргыздарга каршы күрөштү улантмак болушкан. Бирок бүткүл Халка, Кара-Корум (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*), ошондой эле уйгурлардын бүткүл казынасы душмандардын колунда болгон» (215).

Кара-Корумда колго түшкөн олжолордун ичинде үч уйгур[2] канынын аялы – кытай падыша кызы болгон. Кыргыздар Кытай менен мамилени бузгусу келбей, аны жоокерлер жана жан-жөкөрлөрү менен үйүнө узатышкан. Бирок аларга жолдон Угэ-тегин кол салып, коштоочуларын кырып, ал эми ханышага үйлөнүп алган. Эми Угэ Халкада калуудан үмүтүн үзүп, Гоби тарапка өтүп, ачка жана ыркы кеткен ордонун башында Хуанхэнин жээгине келген. Ал өзүнүн букараларын тамактандырууга каражаты болбогондуктан, Шаньсиге (841-жылы) кол салууга уруксат берет. Мына ушул кол салуу уйгурлардын тагдырын чечти дейт Л.Н.Гумилев. Кытай өкмөтү аларга жардам берүүдөн баш тартып, тескерисинче аларга кол салуу үчүн армия топтогон. 842-жылы уйгурлар талкаланган жана Ордостун түндүкчыгыш булуңунан Манчжурияга сүрүлгөн (216).

---

[1] Ю.С.Худяков. Эпоха «Кыргызского великодержавия». Китепте: Кыргыздар. Х том, 2011, 262-б.

[2] *А.Н.Бернштамда* Уйгур каганынын Тай-хо деген аялынын туткунга алынгандыгы (207), ал эми *Л.Н.Гумилевдо* үч уйгур канынын аялы – кытай падыша кызы болгондугу жана анын туткунга алынгандыгы (216, котор-гон: Д. Сулайманкулов) айтылат.

Эми уйгурларга буга чейин баш ийип келген кидандар да көтөрүлүш чыгарышкан.

843-жылдын башында уйгурлар кайрадан талкаланып, Угэ өзүнүн тарапкелери тарабынан «кара араба» уруусуна качып кеткен, бирок алар уйгурларды кармап берген. Уге өлтүрүлүп, калгандары таркап кеткен[1].

Кыргыз ханы уйгурлардын татарларда жашырынып жүргөнүн билип, он миң аскер менен Манчжурияга келип, качкындарды кармап алган. Аман калгандары тоолорго жана токойлорго жашырынып, талап-тоноо менен күн өткөрүшкөн, Батышка Пан торэге эптеп жетишкен (Л.Н.Гумилев, 217).

Л.Н.Гумилев уйгурлар талкалангандан кийин Кытай менен кыргыздардын мамилеси бузулгандыгын, кытайлар кыргыз хандыгынын күчтөнүшүнө жардам бербегендигин маалымдайт (217).

К.Менгестин эмгегинде бул окуя мындайча баяндалат: Энесайдын башынан келген кыргыздар Яглакар хандын жетеги менен Орхон аймагына батыштан кол салып, Уйгур мамлекетин, анын азыркы Монголиядагы ээликтерин оңой эле талкалай алган. Орхон аймагындагы уйгурлардын көпчүлүгү Чыгыш Түркстанга, кай бирлери карлуктарга (Или, Талас аймагына), кай бирлери түштүккө, андан кийин Кытайдын кийинки Чан префектурасына жана ага коңшулаш мамлекеттерге качып жан сакташкан. К.Менгестин пикири боюнча Кан-Судагы (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) азыркы сары-йогурлар ошол 840-жылдагы качкындардын тукумдары болушу мүмкүн (71).

Б.Урстанбеков жана Т.Чороевдин «Кыргыз тарыхы» сөздүгүндө 8-к-дын акыркы чейрегинде Уйгур каганаты Чыгыш Түркстанды басып алуу үчүн тибеттиктерге жана карлуктарга каршы согушкандыгы айтылат. Согуштан жана ички чырчатактардан начарлаган. Уйгур каганатын 840-ж. Эне-Сай кыргыздары басып алган. Уйгур каганаты ойрон болуп, уйгурлар түндүк-чыгышка (Эдзин-Гол аймагы), түштүккө (Ганъчжоу аймагы), түштүк-батышка (Чыгыш Түркстан) аргасыздан журт которушкан, калып калган бир аз бөлүгү кыргыздарга арала-

[1] *Л.Н.Гумилев.* Байыркы түрктөр. Китепте: Кыргыздар, II, 217-б.

шып кеткен. Айрым кыргыз топтору уйгурлардын артынан түшүп, 9-к-дын ортосунда Чыгыш Теңир-Тоого, Жети-Суугa чейин келип, туруп калышкан (181).

Аталган сөздүктө дагы 840-жылдын алдында болгон жут, ачарчылыктан ж-а уйгур кембагалдары м-н айрым феодалдардын наразылыгынан алсыраган Уйгур кагандыгынын Орхон дарыясынын боюндагы байтактысы Ордо-Балык шаарын кыргыздар жүз миң колу м-н келип басып алышкандыгы маалымдалат (102).

«Ханзу жазмаларында» бул тууралуу маалымат орун алган. Анда адегенде уйгурлардын кыргыздарды басып алгандыгы айтылып, андан ары: «... Алардын мындай жоруктарын теңир кечирбейт. Ошого хыдуң сыяктуу жерлерде турган кошунга буйрук түшкөн. Жылдын башкы айларында, алар уйгурларды талкалап, Хусанды өлтүргөн. Каганы он чакты атчан жоокерин коштоп, тоону аша качкан. Кыргыздар уйгурларды кыйраткандык үчүн, алар мамлекет куруп алган» (*китептеги маалымат өзгөртүүсүз берилди – Г.Ж.*) (363).

Ошентип, жогорку маалыматтар бири-бирин толуктап турат. Бул даректүү маалыматтар кыргыздардын уйгурларды талкалап, көз карандысыз Кыргыз мамлекетин куруп алышкандыгын маалымдайт. Ал эми уйгурлар туш-тушка тарап кетишкен. Кыргыздардын уйгурларды жеңип алуусу менен алардын көтөрүлүүсү башталат.

## КЫРГЫЗ УЛУУ ДЕРЖАВАСЫ
## («КЫРГЫЗСКОЕ ВЕЛИКОДЕРЖАВИЕ» – В.В.БАРТОЛЬД)

**Кыргыз каганаты. 840–945-жылдар.** Кыргыздардын уйгурларды 840-жылы жеңиши менен кыргыздардын жылдызы жанган сааты келген. IX–X кылымдарда жүз жыл чамасында «Кыргыздын улуу державасы» (В.В.Бартольд), «Кыргыздын жылдызы туткан сааты» (Н.Ю.Худяков) өкүм сүргөн. Кыргыз каганаты 840-жылдан 945-жылга чейинки аралыкта жашаган.

Ю.С.Худяков Кыргыз державасы жөнүндө: «Это был звездный час кыргызской истории, период, справедливо назван-

ный В.В.Бартольдом «Киргизским великодержавием, время, когда кыргызы смогли подчинить обширные просторы степной Азии, оставить себе память у многих народов... Интерес к истории кыргызов, благодаря их пребыванию в Центральной Азии, выходит далеко за пределы вопросов этногенеза какого-либо из современных тюркоязычных народов Южной Сибири», – дейт (С.Ю.Худяков. 1982, 62–63-бб.).

## Кыргыздар ээлеген жерлер

**Кыргыз державасынын ордосу. Кыргыз державасынын ээлеген аймагы.** Ошентип, кыргыздар уйгурларды жеңип алган. Кыргыздар б.з. IX–X кк. Борбордук Азияда үстөмдүк кылып турушкан.

840-жылы кыргыздар уйгурларды жеңип, Саянды ашып өтүп, Борбордук Азиянын мейкиндигине чыгышкан. Д.Г.Савинов: «Впервые народ северного происхождения, создавший высокую культуру в бассейне Среднего Енисея, стал играть решающую роль в делах своих южных соседей»[1], – дейт. Уйгурларды жеңгенден кийин анын артынан кыргыздар Борбордук Азиянын бир катар райондорун – Монголияны, Жунгарияны, Чыгыш Түркстанды басып алышкан.

В.В.Бартольд кыргыздардын Монголияны басып алышы Орто Азиянын тарыхындагы батыштан чыгышка карай жасалган басып алуу кыймылынын сейрек мисалы дейт, адатта бардык кыймылдар тескерисинче, т.а., чыгыштан батышка карай болчу. Өзүнүн жеңиштеринен соң кыргыз каганы «перешел на южную сторону гор Лаошань», же мурунку уйгурлардын борборунан ат менен 15 күнчөлүк жерде турган Думанга (Танлу-Ола тоолору деп болжолдонот) көчкөн[2].

Д.Г.Савиновдун маалыматында да кыргыз ажосунун ордосу Монголиянын Түндүк-Батышына көчүрүлгөндүгү, Думань (Таңлу-Ола) тоосунан түштүгүрөөктө (288), мурунку хойху (уй-

---

[1] *Д.Г.Савинов.* «Кыргызское великодержавие». Китепте: Кыргыздар. 10-т., 2011.– Б., 288-б.

[2] *В.В.Бартольд.* Киргизы. Китепте: Кыргыздар. X том, 2011, 86-б.

гур) конушунан ат менен 15 күнчөлүк жерде («в 15 днях конной езды от прежнего хойхусского (уйгурского – Д.С.) стойбища» (Бичурин, 1950, 288) жайгашкандыгы айтылат.

X к. башында енисейлик Кыргыз мамлекетинин борбору Борбордук Тувадагы Кемиджкет шаарына которулгандыгы «Худуд ал-аламдын» белгисиз автору тарабынан маалымдалат[1].

Ошентип, Кыргыз каганы уйгурлардын борборун – Ордо-Балыкты талкалагандан кийин өзүнүн ордосун Монголияга көчүргөн да, Тан империясы менен мамилени оңдоого аракеттене баштаган.

841–842-жылдары кыргыздар Чыгыш Түркстандын ири шаарларын – Бешбалык жана Кучаны, 843-жылы Аньси менен Бейтинди ээлешкен.

847–848-жылдары енисей кыргыздарынын экспансиясы «была направлена в сторону Забайкалья, на восток, против племени шивэй, у которых укрылись остатки разгромленных уйгуров» (Д.Г.Савинов, 288).

Натыйжада IX кылымдын экинчи жарымында кыргыздардын ээлеген жерлери «охватили от верховьев Амура на востоке до восточных склонов Тянь-Шаня на западе» (Д.Г.Савинов, 288).

Л.Н.Гумилев Туманскийдин кол жазмасына таянып, кыргыздардын Улуу державасы тушундагы ээлеген аймактары бир топ алыска – түштүк-батышка (гораздо дальше к юго-западу) созулгандыгын маалымдайт; кыргыздар азыркы Уч-Турфандын ордунда жайгашкан Пенчул шаарларын ээлешкен; «Кашгар помещался в пограничной полосе между владениями киргизов, тибетцев, китайцев и народа ягма. Западными соседями киргизов были кимаки, с центром на верхнем Иртыше»[2].

---

[1] Материалы по истории киргизов и Киргизии. 1973, 41-б.; *Д.Г.Савинов.* Кыргызское великодержавие. *Китепте:* Кыргыздар. 10, 2011, 289-б.

[2] *Л.Н.Гумилев* кимактар тууралуу: «Кимаки не упоминаются ни в китайских источниках, ни в орхонских надписях; известий о том, когда и откуда они пришли на запад, нет. Западной ветвью кимаков были кипчаки, соседи печенегов, впоследствии отделившиеся и образовавшиеся особый народ», – дейт. Караңыз: Древние тюрки, 2, 1999, 273-б.

С.Абрамзон тарыхтын байыркы этаптарында, «Кыргыз улуу державасы» айрыкча бир күчөгөн мезгилинде «кыргыз» деген наам этностук гана эмес, саясий мааниге да ээ болсо керек дейт. Ал: «Ал кезде кыргыз наамындагы уруулар Миң-суу (Минусинск) өрөөнүндө, Саян-Алтайда, андан Түштүктө, Түштүк-Батышта, Жунгария территориясында жана Чыгыш Туркестанда да жашап турушкан»[1] (*китептегидей берилди – Г.Ж.*) – дейт.

Енисей кыргыздарынын ата мекени – Миң-Суу ойдуңу кең Кыргыз мамлекетинин бара-бара түндүк чети болуп калган.

Д.Г.Савинов кыргыздардын ээлеген жери Тан-шудагы төмөнкү маалыматка туура келет дейт: «Хягас было сильное государство; по пространству равнялось тукюеским владениям (очевидно, имеются в виду границы Второго Тюркского каганата – Д.С.). На восток простиралось до Гулигани (страна курыкан в Прибайкалье. – Д.С.), на юг до Тибета (в данном случае Восточный Туркестан. – Д.С.), на юго запад – до Гэлолу (страна карлуков, в VIII в. переселившихся в Семиречье. – Д.С.) (Бичурин. 1950, 354-б.)»[2].

А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча VIII–X кк. кыргыздар Енисейде өзгөчө бийик көтөрүлүүгө жеткен учурунда алардын ээлеген жерлеринин чектери тарыхый маалыматтарда төмөнкүдөй берилген.

**Байкал алдындагы жерлер (Прибайкалье) – Хягас ээликтери.** А.Н.Бернштам Таншудагы маалыматка таянып, Хягас өлкөсү уйгур каганынын ордосунан төө менен 40 күнчөлүк жол дейт. Эгер төөнүн бир күндүк жолу 30–50 км болсо, анда бул аралык 2000 *км* ге барабар болот. Ошондо кыргыз каганынын ордосу, болжол менен Енисей районунда болгон «в месте впадения в него реки Абакань» (180). Уйгур ордосунан Хягас өлкөсүнө чейин кытайлар сүрөттөгөн жол Селенга суусунан өтүп, Косогол көлүнүн чыгыш жагын жандай өтөт. Бул жердеги өлкө Мума деп аталган (180).

---

[1] *С.Абрамзон.* Кыргыздардын этногенетикалык жана тарыхый маданий байланышы. Китепте: Кыргыздар. 2, 1993, 296-б.

[2] *Караңыз: Д.Г.Савинов.* Кыргызское великодержавие. Китепте: Кыргыздар, 10-том, 2011. – Б., 288–289-бб.; Д.С. – Д.Савинов дегенди түшүндүрөт.

Таншуда Ордостон чыккан элчилерге «пришлось пересекать реки, которые, «минуя Хягас текут на север» («после своего соединения») (180) деп айтылат. А.Н.Бернштамдын пикиринде бул жерде сөз Селенга суусу жөнүндө болуп жатат. Орхон жана Тола Селенга менен кошулуп, чындыгында эле түндүктү көздөй агат. Ушундан улам, мүмкүн кыргыздардын чыгыш чектери Селенга суусуна, демек, Байкалга кире берген жер болуу керек. А.Н.Бернштам: «Видимо, все же восточные пределы кыргыз весьма близко подходили к Селенге, а следовательно, и к Байкалу», – дейт (180).

Б.Урстанбеков менен Т.Чороевдин «Кыргыз тарыхы» сөздүгүндөгү Селенга дарыясы тууралуу маалымат жогорудагы А.Н.Бернштамдын пикирин тастыктап турат: «**СЕЛЕНГА** – Түндүк Моңголиядагы дарыя. Бул жерди 6–8-к-да Түрк кагандыгы жана Экинчи Түрк кагандыгы, 744–840-ж. Уйгур кагандыгы, 9-к-дын 40-жылдарынан 10-к-дын алгачкы он жылдыктарына чейин Эне-Сай кыргыздары ээлеп турган. 11-к-дан баштап бул дарыя моңгол тилинде сүйлөөчү элдердин колуна өткөн» (158).

Байкалдын алдындагы (Прибайкалье) жерлердин кайсы бир бөлүгү кыргыздардын ээлигине киргендиги тууралуу башка фактылар да бар дейт А.Н.Бернштам. Мисалы, Ли Лин тууралуу сөз болгондо: «Ли Лин получил в надел страну Хягас» деп айтылат. Лин Линге анын досу Соу-ву келгенде, «он жил на берегу «Северного моря» – Байкала» (180). Мына ушундан эле Байкал алдындагы областтардын (Прибайкальские области) Хягас өлкөсүнүн курамына киргендиги ачык эле көрүнүп турат.

Муну дагы бир факты далилдеп турат. «Таншуда»: «владения хягас простирается до гулигань» деген маалымат бар. Гулигань, же курыкандар – «были прибайкальскими племенами, жившими в районе современного Иркутска». «Таншуда» «гулигань кочевало по северную сторону Байкала» деп айтылат. Ошентип, Саян тоо кыркаларынын түндүк тоо тармактары «в какой-то мере входили во владения Хягас на востоке» (180). Ушундан улам хягастарга баруучу чыгыш жол (восточная дорога) Косоголдон чыгышыраакта өткөндүгү түшүнүктүү болот.

Демек, «Таншудагы» «суулар Хягасты басып өтүп (минуя), түндүктү көздөй агат» деген маалымат туура берилген.

**Кыргыздардын түштүк чеги. Кыргыздардын түштүк-чыгыш чеги – Саян тоо кыркалары (Тянь-Шань тоолору).** «Таншудагы» маалымат боюнча кыргыздардын түштүк чеги – Чыгыш Түркстан, же Туфань Жети-Суу менен коңшу болгон. Ушундан улам Алтай «оказывается включенным в систему расселения кыргызских племен» (181). Муну жазма булактардагы карлуктар кыргыздардын түштүк-батыш коңшусу болгон деген маалымат ырастап турат[1]. Карлуктар VIII кылымдын экинчи жарымына чейин батыш Алтайдын – Иртыштын, Тарбагатайдын, Нарын жана Калбин тоо кыркаларынын жашоочулары болушкан.

«Таншуда» кыргыздар түштүктө Тянь-Шань тоолоруна чейин жеткендиги айтылат[2]. Тянь-Шань тоолорун адатта Саян деп аташкан.

Бул А.Н.Бернштамдын пикири боюнча кыргыздардын түштүк-чыгыш чеги болуу керек[3]. Окумуштуу «это указание на южную границу не противоречит той, которую мы выше указали – Восточный Туркестан» (180), – дейт.

Кыргыздардын ээлеген жерлери ушуну менен эле чектелип калбайт. Кыргыздардын айрым уруулары батышка да кирип барышкан.

**Айрым кыргыз урууларынын батышка кирип барышы. Кыргыздар – Таласта.** Кыргыздардын таралуу чектери ушуну менен эле чектелип калган эмес. Кыргыз урууларынын батышка тереңдеп кирип баргандыгы тууралуу маалыматтар бар. Буга – Таластын жогорку жагынан (в верховьях Таласа) табылган кыргыз тибиндеги жазуулар жана Чыгыш Казакстанда-

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Избр. тр., II, 1998, 181-б. А.Н.Бернштам төмөнкү эмгектерге таянат: Таншу, гл. 140б; И.Бичурин. Собрание сведений… 1-бөлүк, 448-б.

[2] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 181-б. Таншу, гл. 140б; И.Бичурин. Собрание сведений… 1-бөлүк, 443-б. *А.Н.Бернштамда И.Бичурин деп берилгени сакталды. – Г.Ж.*).

[3] Бул маалыматты берүүдө А.Н.Бернштам төмөнкү эмгектерге таянат (181): F. Hirth. Nachworte zur Inschrift des Tonjuquq. ATIM, St.-Pbg. Zweite. Folge.; *В.В.Бартольд.* Киргизы, 9-б.

гы Бахты селосунан капысынан табылган кытай күзгүсүндөгү кыргыз эпиграфикасы[1] күбө.

Бул маалыматтар Кыргыз Улуу державасы тушунда кыргыздар аябагандай чоң территорияга үстөмдүк жүргүзүп турушкандыгын көрсөтүп турат.

А.Н.Бернштам: «Указанные границы являются границами распространения кыргызских племен, но они не были границами кыргызского государства», – дейт (1998, II, 181). Кыргыз мамлекетинин түзүлүү борбору – Миң-Суу ойдуңу (котловина) жана азыркы Тыва республикасынын территориясы болгон. А.Н. Бернштам: «Поэтому мы только относим эту территорию к основным владениям кыргыз, поскольку только в ней (даже исключая Алтай), находятся надгробия представилей кыргызской аристократии, составлявших правящую верхушку, – эль», – дейт (Избр.тр., II, 182).

**Кыргыздардын издери – азыркы Тывада.** Көп жылдык археологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы IX–X кылымдарда енисей кыргыздарынын абдан кеңири аймакта жайгашкандыгын жана бул бир кылка болбогондугун, негизинен мындай жайгашуу (расселение) беш жерде топтолгондугун көрсөткөн. Алар: тувалык, алтайлык, чыгыш казакстандык, миңсуулук жана краснодар-кандык (краснояско-канский) варианттар (Д.Г.Савинов, 288).

Бул мезгилдеги кыргыздардын эң эле көп көрүстөндөрү азыркы Тыванын территориясында кездешет. Өлүктү өрттөө жөрөлгөсү менен көмүлгөн кыргыз көрүстөндөрүнүн эң көбү Тывада изилденген (289). Г.В.Длужневскаянын маалыматы боюнча Тывада «насчитывается около 290 погребальных и поминальных сооружений, ритуальных выкладок и «меморативных» курганов, относящихся к этому (IX–X вв.) времени»[2]. Албетте, бул кыргыз мамлекетинин борбору ушул жер-

---

[1] **ЭПИГРАФИКА** (греч. epigraphe 'надпись') – научная дисциплина, исследующая древние надписи на камнях, металле, глине и др. Караңыз: *В.Д.Стариченок.* Большой лингвистический словарь. – Ростов-на-Дону, 2008, 713-б.

[2] Г.В.Длужневская, 1982а, с.126; Караңыз: Д.Г.Савинов, 289-б.

де болгондугу менен түшүндүрүлөт, негизинен X кылымдан баштап кыргыздардын негизги массасы ушул жерде болгон.

Д.Г.Савинов бул жердеги көрүстөндөрдүн төмөнкүдөй типологиялык варианттары бар экендигин маалымдайт: 1) дөбөнүн астындагы анча терең эмес чуңкурлардагы же жашыруун жайы бар (тайник) көрүстөндөр; 2) горизонталдуу плиталардан тургузулган боз үй формасындагы көрүстөндөр «с остатками захоронений в неглубоких ямках». 3) ичи бош көрүстөндөр (возможно, кенотафы, не содержащие остатков захоронений)[1].

Айрым учурда кыргыз аскерлеринин коллективдүү (3 кишиге чейин) көрүстөндөрү кездешет. Буларда плиталар тикесинен коюлган, дегеле дөбөлөр (курганы) негизинен миң-суу чаатастарынын конструктивдик өзгөчөлүгүн сактаган (290).

Ошондой болсо да Тывадагы көрүстөндөр миң-суулук чаатастарды толугу менен кайталабайт. Мунун себебин окумуштуулар ар кандай түшүндүрүшөт. Мисалы, алар – Орто Азиядагы саясий ситуациянын алмашуусу менен этностук традициялардын бузулушу; тывалык көрүстөндөрдүн спецификалык мүнөзү, б.а., ал жерде негизинен жалаң аскерлердин күмбөздөрүнүн орун алышы; учурунда тиешелүү курулуш материалдарынын болбогондугу; ошондой эле кыргыздардын жаңыдан жайгашкан жерлериндеги башка этностук чөйрө жана андагы этномаданий процесстер (290).

Тывада енисей кыргыздарынын Шанчиг (Кызласов, 1969, 1978), Тора-Тал-Арты (Нечаева, 1966), Хемчик-Бом (Длужневская, Овчинникова, 1980, с. 88–91), Каа-Хем (Маннай-Оол, 1968, с. 324–328), Саглы-Бажи I жана Кюзленги II (Грач, 1980) ж.б. байыркы көрүстөндөрү тууралуу материалдар жарык көргөн (Д.Г.Савинов, 290).

Бул көрүстөндөрдөн алынган табылгалар Тыва территориясында жашаган кыргыздардын материалдык маданияты тууралуу жетишээрлик маалымат бере алат.

---

Мындай маалыматтар Кызласов (1969, 97-98, 1981, с. 55); Нечаева (1966, 137–142), Длужневская, Овчинникова (1980, с.88–89), Д.Г.Савиновдун (Китепте: Кыргыздар, 10, 2011, 289–290) эмгектеринде бар.

Мисалы, курдун (пояс) керектүү деталдары, ат жабдыктарына, курал-жарактарга тиешелүү буюмдар, вертлюгда[1] тилчеси бар таралга («пряжка с язычком на вертлюге»), бири бирине илинген металл шакекчелери бар пластина («панцирные[2] пластины»), балта-керкилер[3], эки тоголуу ooздук, ошондой эле «эсовидные псалии», жебенин үч учтуу (трехперые) жана жалпак ромба формасындагы учтары» (Д.Г.Савинов, 290) енисей кыргыздарынын IX–X кылымдардагы маданиятынан кабар берет.

Кыргыздардын Тыва территориясындагы мезгили жалаң гана көрүстөндөрдөгү табылгалар менен чектелбейт. Мындан тышкары эпиграфикалык табылгалар да бар. Мисалы, аскалардын боорундагы жана моло таштардагы рун жазуулары, тамгалар, ошондой эле сугат системасы (алардын жанынан енисей кыргыздарынын дөбөлөрү (курганы) казылган) (Д.Г.Савинов, 292, Длужневская, 1982а, 124–126).

Тыва территориясындагы кыргыздардын мезгили илимпоздор тарабынан терең изилденүүгө тийиш.

**Алтайдагы издер.** Тоолуу Алтайда енисей кыргыздарынын IX–X кк. тиешеси бар эстеликтери азыраак. Мисалы, IX–X кк. мүнөздүү деп эсептелген эки дөбө (курганы), бири – Яконурда, инвентары: кылычтар («палаши»[4]), «удила с «8» – образными кольцами и эсовидными псалиями с «сапожком», жебенин учтары ж.б.» (Грязнов, 940, с. 18). Дагы биринен (кург. мог. I, Е-Ф) бир нече адамдын күйгөн калдыгы табылган (Д.Г.Савинов, 292).

---

[1] **Вертлюг** *м* **2.** *тех.* вертлюг (тегеренип туруучу механизмдин бири-бирине бириккен эки башынын айланып туруучу бөлүгү). Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. 2012, 195-б.

[2] **Панцир/ный, ая, ое 1.** соот, калкан, чопкут; **2.** калкандуу, сооттуу; **3.** бири-бирине илинген металл шакекчелерден (же зымдардан) жасалган. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 12-б.

[3] **Тесло** *ср* керки, чот. *Караңыз:* Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 353-б.

[4] **Палаш** *м* кылыч (учу эки миздүү оор узун кылыч). Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 7-б.

1972-жылы Сайлюгем талаасында Д.Г.Савинов тарабынан Узунтал көрүстөнү казылган. Бул мезгили боюнча X кылымга тиешелүү деп эсептелет. Андан өрттөлгөн сөөктүн калдыктары (күл, кальцинацияланган[1] сөөктөр) табылган жана алардын арасында жалпак илмекчелүү кармагычы бар эки үзөңгү («стремя с приплюснутой петельчатой дужкой»), сүйрү тышкы илмеги бир тоголуу ооздук («удила с продолговатыми внешними петлями»), темир шакектер, кыймылдуу тили бар тегерек таралга, бычак, көсөө (проколка[2]) жана колодон жасалган зер буюмдар (учтарында ажыдаардын башы бар эшилген зымдан жасалган зер буюм), өлүктү өрттөө жөрөлгөсүнөн кийин кескин өзгөрүп кеткен, бүртүкчөлөр менен кооздолгон жана инкрустациялап коздолгон көк таштан (лазурит?) (*китептегидей берилди – Г.Ж.*) жасалган эки конус пирамидачалар[3].

Мына ушундай эле көрүстөндөр Миң-Суу ойдуңунда, Кызыл-Көлдөгү Андрианов чаатасынан табылган эле.

«Енисей кыргыздарынын Тоолуу Алтайдагы дээрлик бардык көрүстөндөрү – чаа-тас (*автордо ушундай берилген – Г.Ж.*) тибиндеги бейиттерди эске сала турган конструктивдик элементтери жок дөбө алдындагы («подкурганные») көрүстөндөр», – дейт Д.Г.Савинов (293). Тывадагыдан айырмаланып, алар кандайдыр бир маданий бүтүндүктү түзбөйт, бул енисейлик кыргыздардын Тоолуу Алтайда аз санда жайгашкандыгы менен түшүндүрүлөт.

Бул жерге жайгашкан енисейлик кыргыздардын алтайтелес түрктөрү менен жакын байланышта болушкандыгын Мендур-Соккон (*китептегидей берилди – Г.Ж.*) рун жазууларынан билүүгө болот. Алардын биринде: «Ал түрк...», экинчисинде: «Менин улуу агам... баатыр жана атактуу кыргыз» (Н.А.Баскаков, 1966, с. 80–81) деген жазуулар болгон (293).

Ошондой эле Батыш Алтайдагы дагы ушундай эле өлүктү өрттөө жөрөлгөсү сакталган көрүстөндөрдүн бири – Карболи-

---

[1] **Кальцинировать** *сов. , несов. что* кальцинациялоо, кальцинация кылуу. Орусча-кыргызча сөздүк. К–О. 2012, 15-б.

[2] **Проколка** *ж* **2.** көсөө, шиш, көзөгүч. Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 443-б.

[3] Эмгекте көрүстөндөрдөн табылган айрым буюмдардын орусча аталышы да берилди. Караңыз: *Д.Г.Савинов.* Аталган эмгекте, 293.

ха (VIII к.) көрүстөнү. Мында IX–X кк. енисейлик кыргыздардын экспансиясы учурунда бул жерге келген байыркы хакас (кыргыз – Д.Г.Савинов) жоокери көмүлгөн. Айрым авторлордун ою боюнча «пришлые кыргызы-завоеватели, очевидно, вскоре стали смешиваться с местными кимаками»[1].

**Чыгыш казакстандык издер.** Бул жерде да IX–X кк. енисейлик кыргыздардын издери калган. Кыргыздардын көргө коюу жөрөлгөлөрүнө өтө жакын («подкурганные трупосожжения на уровне древней поверхности»), ошондой эле андан табылган буюмдардын инвентарына (мисалы, бут салгычы бар үзөңгү, кылычтар, ортосу оюлган лира сымал илмек илгичтер (подвески), курдун комплектисинин деталдары, жебенин учтары, үчтүк (тройники)[2], айланма «8» сымал ооздук ж.б.») окшош көрүстөндөр Чыгыш Казакстандагы Иртыштагы Зевакин бейитинин (Зевакинский могильник) курамында ачылган (Ф.Х.Арсланова, 1972). Ф.Х.Арслановганын маалыматы боюнча бул дөбөлөр Тывадагы байыркы хакастардын (кыргыздардын) көрүстөндөрүнө өтө жакын.

Ошондой болсо да Зевакин көрүстөндөрүнүн өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. Мисалы, алардан аттардын сөөктөрү табылган; керамикасы да кыргыздардыкынан айырмаланат; курлардын комплектисинин орнаменти да башкача (аларда «бермет» бүртүктөр (жемчужина[3]) мотивдери колдонулган, бул – Түштүк Сибирге эмес, Орто Азиядагы мурунку мезгилдерге мүнөздүү болгон)» (294).

Чыгыш казакстандык көрүстөндөр кимак көрүстөндөрү менен бир жерде орун алган. Бул тууралуу Ф.Х.Арсланова мындай дейт: «Погребения с трупосожжениями Зевакинского могильника находятся на одном курганном поле с многочисленными кимакскими захоронениями» (1972, с.75; Д.Г.Савинов, 294). Бул жерге келген енисейлик кыргыздар Жогорку Ир-

---

[1] *Д.Г.Савинов* бул маалыматты берүүдө төмөнкү авторлорго таянат (Аталган эмгекте, 294): *Медникова, Могильников, Суразаков,* 1976, с. 262.

[2] **Тройник** *м спец.* **1.** үчтүк, бирдей үч бөлүктөн турган нерсе. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 413-б.

[3] *Жемчужина ж* **1.** берметтин бир бүртүгү. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 526-б.

тыштын алдындагы жергиликтүү калк менен түздөн-түз, жакын карым-катышта болушкан» (Арсланова, 1972, с. 75), «причем процессы аккультурации, отраженные в зевакинских материалах, безусловно, были более или менее длительными» (Д.Г.Савинов, 295).

Түштүк жана түштүк-батыш райондордо кыргыздардын экспансиясын чагылдырган маалыматтар абдан эле аз. Бирок кыргыз көрүстөндөрүнө жана андан табылган инвентарга окшош көрүстөндөр катары Жунгар Ала-Тоосундагы (*китепте – Алатау*) Текели шаарындагы бузулууга дуушар болгон бейиттерди көрсөтүүгө болот (Агеева, Жусупов, 1963, Караңыз: Д.Г.Савинов, 295).

Енисейлик кыргыздардын Монголияда болгондугу кыргыз соту Бойлага арналган Суджин (*китептегидей берилди – Г.Ж.*) жазуусунда (Суджинский надпись. Малов, 1951, с.77) катталган. Бул жерде ошол мезгилдеги өлүктү өрттөө жөрөлгөлөрү сакталган айрым бир көрүстөндөрдүн бар экендиги белгилүү (Боровка, 1927, с. 67).

Чыгыш Түркстанда енисейлик кыргыздардын эстеликтери азырынча (2011-жылкы маалымат) белгисиз, Д.Г.Савиновдун пикири боюнча бул, чынында, аталган территориянын археологиялык жактан изилдене электигине байланыштуу болуу керек (295).

**Кыргыздар – Миң-Сууда (IX–X вв.).** IX–X кк. Тывадагы, Тоолуу Алтайдагы жана Чыгыш Казакстандагы кыргыз дөбөлөрүнүн (курганы) таяныч датасы 840-жыл, «датируюся второй половиной IX–X вв». Бул Ортоңку Енисейдин территориясындагы синхрондуу көрүстөндөрдүн мезгили үчүн негиз боло алат. Д.Г.Савинов белгилегендей, бул мезгилге төмөнкүлөр кирет: Ортоңку Енисейдеги Уйбат чаа-тасынын (миң-суу чаатастарынын курулуш традицияларын аяктоочу) чоң дөбөлөрү (курганы) (Евтюхова, 1938, с. 118–120), ошондой эле өлүктү өрттөп көмүү жөрөлгөсү сакталган Капчалы II көрүстөнү (Левашова, 1952, с. 129), Миң-Суу шаарынын жанындагы дөбөлөр (курганы) (Николаев, 1972), «Над поляной» мүрзөсү (Гаврилова, 1968; 1974) жана Тюхтят казынасындагы буюмдардын бир бөлүгү (Евтюхова, 1948, с. 67–72; Киселев, 1951) (Д.Г.Савинов, 295).

Тюхтят көрүстөн казынасынын мезгили боюнча окумуштуулар арасында ар кандай пикирлер бар. Мисалы, аны С.В.Киселев жана Евтюхова аны IX–X кылымга таандык деп эсептешсе, ал эми А.А.Гаврилова ар башка мезгилди (IX–XII) ичине камтыйт деп эсептейт. Д.Г.Савиновдун пикири боюнча чындыгында алар IX–X кылымга таандык[1], ошону менен катар эле айрым буюмдар, мисалы, «геометриялык орнаменти бар топсолуу (шарнирдүү) илме тогоолор» (Евтюхова, 1948) аталган мезгилден бир топ кийинки деп эсептелет. Ошондуктан енисей кыргыздарынын IX–X кылымдардагы эстеликтерин толугу менен Тюхтят маданиятына киргизүүгө болбойт.

Капчалы II көрүстөнүнөн, Миң-Суунун жанындагы көрүстөндөн IX–X кылымдарга таандык буюмдар табылган[2]. Ошондой эле талап-тонолгон «Над поляной» аттуу кыргыз көрүстөндөн жарым айлана түрүндөгү орнаменти бар жана ар түрдүү айбанаттардын сүрөтү оюп түшүрүлгөн коло чөйчөк (чаша) табылган. Анда мындай жазуу болгон: «Бул жаркыраган чөйчөктү кармап туруп, мен (Талыг) бактылуу болдум»[3] (296). Муну А.А.Гаврилова IX к. аягы – X к. башына таандык деп эсептейт.

---

[1] Анткени ушул мезгилге мүнөздүү төмөнкүдөй буюмдар бар: «баскыч оюлуп жасалган үзөңгү (стремя с прорезной подножкой), «т» – түрүндөгү үчтүк (тройники), ат жабдыктарынын деталдары, ар түрдүү зер буюмдар, вертлюгда тилчеси бар таралга («пряжка с язычком на вертлюге») ж.б. (296).

[2] Мисалы, Капчалы II деги 5 көрүстөндөн тувалык Шанчиг тибине окшош соотту (броня) теше турган жана ири үч катмарлуу орок сымал оюгу бар жебенин учтары («бронебойные и крупные трехпластные наконечники стрел с серповидными прорезями, анологичные тувинским типа Шанчиг») (Левашова, 1952); Миң-Суунун жанынан казылган дөбөлөрдөн кайчылаш коюлган кылычтар, «8» сымал шакектүү айланма ооздук, баскыч оюлуп жасалган илмек үзөңгү («петельчатое стремя с прорезной подножкой»), жебенин учтары; типологиялык жактан «уйбат тибиндеги» темир канжарга жакын турган, жогорку бөлүгү пирамида түрүндө жасалган жана калагында (в лопастях) тегерек тешиктери бар ийилген сөөк бычактар ж.б. табылган (*табылгалардын орусча аталышы кошо берилди – Г.Ж.*). Караңыз: Д.Г.Савинов. Кыргызское великодержавие, Китепте: Кыргыздар. 10, 1011, 296-б.

[3] Орусчасы мындай: «Держа сверкающую чашу, я сполна (или: я, Толыг) обрел счастье». Караңыз: *Д.Г.Савинов.* Аталган эмгекте, 2011, 296-б.

Уйбат чаатасынын чоң дөбөлөрүнүн мезгили (курганы) башка миң-суу чаатастарынын катарында турат. Л.А.Евтюхова аларды көрүстөндөрдүн 2-тибине киргизет (Евтюхова, 1948, с. 18–30), Кызласов чаатас маданиятынын копен этабына киргизет, бул – VIII–IX кылымдын биринчи жарымы (Кызласов, 1981, 49–50).

Д.Г.Савинов уйбат чаатасынын буюмдарын IX–X кк. таандык деп эсептейт. Аларга негизинен төмөнкүлөр кирет: бут баскычы оюлуп жасалган үзөңгү («стремена с прорезной подножкой), жебенин жалпак учтары, оймо-чиймелүү капшырма тоголор (скоба[1]) жана тоо текелердин баштары бар «псалии», («псалии с фигурными скобами и головками горных баранов»), айланма ооздук (витые[2] удила), ашкере кооздолгон атактуу уйбат үзөңгүсү (297).

Д.Г.Савинов Миң- Суу ойдуңундагы жогорудагы келтирилген материалдар енисей кыргыздарынын «Кыргыз улуу державасына» синхрондуу мезгилин, кыргыз маданиятынын соңку этабын (поздний этап) көрсөтөт жана аны «уйбат этабы» деп атаса болот дейт, ал IX–X кк. енисей кыргыздарынын маданиятынын миң-суу вариантына окшош экендигин белгилейт (297).

IX–X кк. эстеликтер Миң-Суу ойдуңунда копен этабына караганда анча көп эмес, окумуштуунун пикири боюнча бул енисей кыргыздарынын массалык түрдө Саян Алтайдын түштүк райондоруна жана Борбордук Азияга көчүүсү менен байланыштуу ( 298).

**Краснодар-кандагы издер.** Енисей кыргыздарынын айрым көрүстөндөрү Миң-Суу ойдуңунан түндүгүрөөктө да орун алган. Красноярскинин жанындагы Ладей комплекси кыргыздарга мүнөздүү буюмдары менен белгилүү: айланма ооздук, бут баскычы оюлуп жасалган үзөңгү (стремя с прорезной подножкой, манжа кыскыч (зажим для кистей), кыргыздарга мү-

[1] **Скоба** *ж* **1.** скобка, тутка, кулак; **2.** *тех.* скоба, капшырма того. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 105-б.

[2] **Вит/ой, -ая, -ое. 1.** эшилген, бурама, буралган; **2.** айланма, ийрилме. Орусча-кыргызча сөздүк, А–И, 2012, 220-б.

нөздүү ат жабдыктары (Карцев, 1929, с. 51). Карцев буларды Ладей маданиятына (VI–VIII кк.) таандык деп эсептейт.

Красноярскинин Большемуртин районунда кыргыз инвентары[1] бар өлүктү өрттөп көмүү жөрөлгөсү сакталган көрүстөн ачылган. Николаевдин ою боюнча көрүстөн Түндүктүн тайга урууларын күтүүсүздөн басып алууга катышкан кыргыз жоокерине арналган (1982, 134).

Бул маалыматтар енисей кыргыздарынын аябагандай кеңири территорияга ээ болгондугун далилдеп турат. Кыргыздардын ээлеген жерлеринен, албетте, эстеликтер калган. Бирок, дагы ачыла элек эстеликтер канча болду экен? Бул суроо ачык бойдон калууда. Анткени, жогоруда белгилегендей, енисей кыргыздарынын Чыгыш Түркстандагы мезгили дээрлик изилдене элек. Дегеле, енисей кыргыздарынын Саян-Алтай жана Борбордук Азиядагы улуу доору дагы эле толук изилдене элек бойдон калып жаткандыгы чындык. Енисей кыргыздарынын «Улуу держава» катары сүргөн доору дагы илимий иликтөөлөргө алынат деген үмүттөбүз.

## Кыргыз каганына Кытай императору ыйгарган титул

**Кыргыз-Кытай мамилелери. Кыргыз каганына Кытай императору ыйгарган титул.** Жогоруда белгиленгендей, кыргыздар уйгурларды жеңгенден кийин Кытай менен жакшы мамилени сактоого умтулушкан. Мисалы, кыргыз каганы жеңиштен кийин дароо эле уйгур каганынын кытайлык аялын – кытайлык падыша кызы Тан династиясынан император Сянь-Цзундун кызы Тай-хону 841-жылы Дулюй Шихэнин башчылыгы менен аскердик эскорттун коштоосунда Кытайга жөнөткөн. Ю.С.Худяковдун пикири боюнча «очевидно, кыргызы пытались тем самым уведомить тайского императора,

[1] Айланма ооздук, айрым ат жабдыктарына тиешелүү зер буюмдар, жасалма кайчы коюлган кылычтар («палаш с напускным перекрестием»), арасында жалпак илмекчелүү кармагычы бар үзөңгү (стремя с петельчатой приплюснутой дужкой). Николаев, 1982, с 134; Караңыз: *Д.Г. Савинов,* 298.

что власть в степи теперь принадлежит им. Принцесса Тай-хо стала в этот момент важным объектом дипломатической и военной борьбы» (Эпоха «Кыргызского великодержавия», 263). Албетте, бул да бар.

Ошондой эле кыргыздардын кытайлык падыша кызын өз өлкөсүнө жөнөткөндүгүнүн өзү Кытай менен жакшы мамилени сактоого кызыкдар экендигин көрсөтүп турат. Л.Н.Гумилев: «Не желая портить отношения с Китаем, кыргызы отправили ее домой с приличным эскортом и свитой», – дейт (Древние тюрки, 2, 212).

Албетте, бул кытай бийлиги тарабынан көз жаздымда калган эмес.

Кытай жазма булактарында, мисалы «Ханзуда» кыргыздардын уйгурларды жеңгендиги жана уйгур ордосунда жашаган каныш кызды колдоруна алгандыгы мындайча баяндалат: «Жылдын башкы айларында алар (кыргыздар) уйгурларды талкалап, Хусанды өлтүргөн. Алардын ордосунда туруп жаткан каныш кыз Тайхыны өз колубузга алып келген» («Ханзу», 363-бет.).

Кыргыздардан 2-айда (*экинчи айда – Г.Ж.*) жети киши элчиликке келип тартуу (дань) тапшырган. «Ханзу жазмаларындагы» маалымат боюнча кыргыздар Тан династиясынын императорунан атак берүүнү суранышкан. 844-жылы Кытайдан мекеме башчысы Жавфан кыргыздарга атайын чен тон менен келген, кийинки жылы кыргыздардын баш кишисине атак жарыяланган. Атак берүү маарекеси 847-жылы өткөн.

Мына ушулар «Ханзуда» мындайча баяндалат: «Каганы (*уйгурлардын каганы – Г.Ж.*) он чакты жоокерин коштоп, тоону аша качкан. Кыргыздар уйгурларды кыйраткандык үчүн, алар мамлекет куруп алган. 2-айда жоокуу сол сыяктуу жети киши элчиликке келип, тартуу тапшырган. Ал эми алар улуу Таңдан суранган атак берүү иши үчүн Хуйчаңдын 4-жылы (844-жылы) ордобеги, кошумча бүтүкчүлөр мекемесинин башчысы Жавфан падышалык буйрук боюнча атайын чен тон менен аларга (кыргызга) барган. Хуйчаңдын 5-жылы (845-жылы) анан алардын баш кишисине **«Теги баатыр, жоокерликте ыраакы, ак жүрөк каган»** (*белгилеген – Г.Ж.*) деген атакты жа-

рыялаган. Бирок Вузуң падыша кайтыш болгон соң, Дажуңдун башкы жылы (847-жылы) атак берүү маарекеси өткөрүлгөн. Хуйчаң жыл санагы кезинде катчы, баш бакылоочу Лүшу «Кыргыздардын ордого тартууларынын сүрөтүн» сызган, кадыресе, ага жайсаң Ли дыйү башкы сөзүн жазган. Китепте бул иштер айкын баяндалган» («Ханзу», 363-бет. Тайпиң жылдарында эстеликтер 199-ором).

«Ханзу жазмаларындагы» бул маалымат кытай бийлигинин кыргыздарга берилген титулу тууралуу маалымдайт жана бул окуянын кытайлыктар тарабынан кагазга түшкөндүгүн кабарлайт.

А.Н.Бернштам бул жарыяланган атак-даңктын берилиши тууралуу мындай дейт: «За оказанную помощь кыргызский каган получает грамоту и почетный китайский титул Цзун-ин-Сюн-у Чен-Мин Каган. Однако после смерти У-Цзуна в 846-г. все те почести, которые он собирался оказать кыргызам, при новом китайском императоре Сюань-Цзуне были отклонены на совещании министров Китая, невысоко ценивших силы кыргыз и не желавших помощью со стороны Китая их усилить. В 847 г. кыргызский каган Яглакар скончался, а новому кыргызскому кагану опять дан лишь почетный титул ин-Сюн-у Чен-Мин»[1].

Ошентип, У-Цзундан кийинки Кытай императору кыргыздарды мурунку императордой баалай алган эмес жана алардын андан аркы күчтөнүшүнө жардам бергиси келген эмес.

Муну Л.Н.Гумилев да белгилейт. Ал кыргыздар уйгурларды жеңгенден кийин кыргыздар менен кытай мамилеси бузулгандыгын, анткени кытайлыктар кыргыз хандыгынын күчтөшүнө көмөк көрсөтүүдөн баш тартышкандыгын маалымдайт (Байыркы түрктөр. Китепте: Кыргыздар. II, 1993, 217).

Ошентип, кыргыздардын күчтөнүп кетишинен чочулап, Кыргыз державасына Кытай императору колдоо көрсөткөн эмес. Мына ушундан улам алардын ортосундагы мамилелер

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 210. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянат: *Таншу,* гл.140б; *И.Бичурин.* Собр.св., 1950, ч.1, стр. 462.

салкындаган, Л.Н.Гумилев белгилегендей, кыргыздар уйгурларды жеңгенден кийин кыргыздар менен кытай мамилеси бузулган.

В.В.Бартольд мунун себебин мындайча түшүндүрөт: «Мы видели, что кыргызский каган, как потомок китайца Ли Лина, считал себя родственником династии Тан, происходивший из той же семьи Ли. Китайские императоры сначала были склонны признать новых родственников; но потом императора Сюань-цзуна (847–859) убедили, что «Хягас есть небольшой род, который не в состоянии равняться с домом Тан» (Аталган эмгекте. Китепте: Кыргыздар. X том, 2011, 103).

Бул маселе жогорку чиновниктердин коллегиясына коюлган жана төмөнкүдөй чечим кабыл алынган: «уйгурам давались грамоты во время их могущества: к счастью, они теперь упали, и для устранения будущих беспокойств не для чего усиливать киргиз» (103).

Ошентип, кытай бийлиги кыргыздарга андан ары жардам көрсөтүүдөн баш тарткан. Алар кыргыздардын күчтөнүп кетишин каалашкан эмес. Бирок, ошого карабастан алардын ортосундагы мамилелер уланган. Мисалы, император И-цзундун тушунда (860–873) Кытайга үч кыргыз элчилиги каттаган (103).

Уйгурларды жеңген Кыргыз каганы 847-жылы каза болгон, ушул жылы алардын башкы душманы, уйгурлардын башчысы Уге да каза болгон; Тан-шуда (*китепте ушундай берилгени сакталды – Г.Ж.*) анын мураскеринин аты жана титулу берилет, бирок ал тууралуу маалыматтар, кийинки кыргыз кагандары жөнүндө эч кандай кабарлар айтылбайт.

В.В.Бартольд кытай жазма булактары Кыргыз улуу державасынын тушундагы Орто Азия тууралуу маалыматтарга жарды дейт. Тан-шудагы кыргыздар тууралуу маалыматтар В.Шоттун макаласында «Ueber die achten Kirgisen» (1865) чогултулган, анда кыргыздардын өлкөсү жана эли тууралуу маалыматтар сыпатталат, «но не сообщается никаких сведений по истории киргизов после 847 г.» (103).

Кытай булактарында 860-жылдан 873-жылга чейин кыргыздардан Кытайга үч элчилик жиберилгендиги айтылат[1].

Башка авторлордо деле кыргыздардын 847-жылдан кийинки тарыхы тууралуу даректүү маалыматтар азыраак.

## Кыргыздарга У-цзе (Угэ) каганынын каршылыгы

С.Ю.Худяковдун маалыматы боюнча кыргыздар уйгурларды жеңгенден кийин уйгурлар тарабынан У-цзе[2] каганы башында турган группа каршылык көрсөткөн. У-цзенин группасы кытайлык падыша кызын коштоп бараткан кыргыз элчилигин жолдон тосуп, Тай-хону колго түшүрүп, калгандарын кырып таштаган. Тай-хону өзүнүн аялы деп жарыялап, У-цзе Тан императорунун сарайынан колдоо жана жардам күткөн. Тан империясы уйгурлардын оор ахыбалын жакшы билгендиктен, аларды өз бийлигине баш ийдирүүгө аракет кылган.

842-жылы ноябрда Тяньдэцзюнь сепилине кыргыз каганынын атынан кытай падыша кызы Тай-хону издеп аскер отряды жиберилген. «Кыргызы отправили генерала Табу-хацзу и других в крепость воеводства Тяньдэ, ... кроме того сообщили, что будут переселяться на реку Хэло, чтобы жить на старой территории уйгурского государства; к тому же им подчинились пять племен – Аньси (Куча), Бэйтин (Бешбалык), дада (татары) и другие»[3].

С.Ю.Худяков бул жердеги маалыматтарга караганда кыргыздарга 842-жылы Чыгыш Түркстандын айрым райондору баш ийген, «а также татары, обитавшие в Восточной Монголии и к югу от пустыни Гоби, в Приалашанье, и они имели намерение переселиться в долину р. Эдзингол, где обитали хэлочуаньские уйгуры и находилась их крепость Хэдунь (263)», – дейт. Дагы бир маалымат булактарында кыргыз элчилери келген мезгилде

---

[1] *Караңыз:* А.Н.Бернштам. Избр.тр., II, 1998, 211-б.; Таншу, гл.140б; И.Бичурин. Собрание сведений... 1 бөлүк, 452-б.

[2] Башка маалымат булактарында Угэ-тегин, Угэ деп да берилген.

[3] Маалымат С.Ю.Худяковдун эмгегинен алынды. 263-б.

кыргыздар Эдзингол дарыясынын өрөөнүн эчак ээлешкен. Ю.С.Худяков Табу-Хацзунун мындай дегенин мисалга келтирет: «...кыргызы переселились на реку Хэло, живут на старой территории уйгурского государства, к тому же заполучили пять племен – Аньси (Куча), Бэйтин (Бешбалык), татар и других» (263).

Ошентип, кыргыздар уйгурлардын артынан түшүп, аларды издеп жүрүп, Монголияга гана эмес, Алашандын алдына (Приалашанье) жана Чыгыш Түркстанга да кирип келишкен (263).

Тан династиясы бул окуядан пайдаланып, У-цзеге Кытай мамлекетине баш ийүүгө кеңеш беришкен. Анда У-цзенин коопсуздугу корголмок.

Бирок, У-цзенин максаты – тарап кеткен уйгурларды чогултуп, Тан империясынын жардамы аркасында кыргыздар менен согушуу болгон. Ал императордон азык-түлүк жагынан жардам берүүнү жана Тай-хо падыша кызы экөөнө Тяньдэ сепилин убактылуу резиденция катары берүүнү суранган. Бирок У-цзе Тан империясына баш ийүүнү каалабагандыгынан улам император тарабынан ага азык-түлүк берилген эмес, анын эли ачкачылыкты башынан өткөрүүгө аргасыз болушкан.

Уйгурлардын калган башчылары У-цзенин бийлигин таанышкан келген эмес. Натыйжада, У-цзенин бардык уйгурлардын башын кошуу максаты ишке ашкан эмес. Бир уйгур группасынын башчысы Ормузд Тан империясынын жараны (подданный) болууну каалагандыгын билдирген.

842-жылы уйгурлар Тан империясынын чек арасына кол салган. Буга Ормузддун (аны У-цзе өзүнүн кол астындагы адам деп эсептеген) кытай жарандыгын алышы жана элинин оор абалы түрткү болгон (263).

Адегенде уйгурлар Батоуфэндин түштүгүндөгү Дату-нчуань районуна кол салышкан жана ал жердеги элдин жылкыларын жана бодо малын айдап кетишкен. Андан соң багытын өзгөртүп, Юньчжоу дарбазасына келишкен. Тугухундар жана дансяндар үй-бүлөлөрү менен тоого жашырынышкан. Уйгурлардын кол салуусуна көчмөндөр – императордун вассалдары туш болушкан.

Император Сарайы уйгурларга каршылык көрсөтүү үчүн федерациялык аскерлерди уюштурган. Алардын арасында императорго көз каранды болгон уйгурлар да болгон. Кытай аскер командири Чжан-Чжун-у Юньчжоу районунда Чисин элинин калганын, ошондой эле У-цзе каганга баш ийген урууларды, бардыгы 30 миң кишини өзүнө кошуп алган (265).

Уйгурларга каршы согушта кытайлыктарга Ормузд жакшы жардам берген, ал бир нече жолу уйгур жайыттарына да кирип барган «чтобы склонить к сдаче подданных кагана», У-цзеге каршы согуш операцияларын да жетектеген (265). Аявир аттуу уйгур башчысы да кытайлыктар тарабында болгон жана уйгурларга каршы активдүү күрөшкөн. У-цзе менен болгон согушка шато, тугухундар, циби жана тоба уруулары да катышкан (265).

Ошентип, Ши Сюндун жетекчилиги менен императордун бириккен күчтөрү Шах-ушань тоосунун алдында уйгурларга чечүүчү сокку урган. 10 миң адам кырылып, 5 миң адам колго түшкөн. Бардык мал жана мүлк тартып алынган. Мына ушундан кийин У-цзе калган аскерлери менен Чоң Хинган (Большой Хинган) тоо кыркаларынын түштүк-батыш районундагы шивэй урууларынын бири болгон Хэйдецзы элине качкан (265).

## Кыргыздар, Тан императору жана уйгурлар

**Кыргыздар, Тан императору жана уйгурлар. Элчилик аркылуу Кыргыз-Кытай байланышы.** Кыргыз улуу державасынын тушундагы кыргыздар, Тан династиясы жана уйгурлар тууралуу Ю.С.Худяков төмөндөгүлөрдү маалымдайт (265–270-бб.).

Кытай императору полководецтерине, анын ичинде Ормуздга да сыйлык берген. Бирок Ормузддун аскерлери ар кайсы жерлерге таркатылган. Бул тууралуу Ю.С.Худяков: «Его войска были разделены и переданы в различные пограничные генерал-губернаторства (цзэду). Рабы боялись быть зависимыми в получении пропитания от различных губернаторов, (поэтому) восстали, захватили долину реки Хутохэ. Лю Мян казнил три тыс.

человек, закопав их живьем» (265), – деген маалымат берет. Уйгур башчыларынын (Панцзюйчже, Алтун Нин, Мицзэ, Кэдунь, Цао Мони ж.б.) уруулары ар кайсы провинцияларга таратылган (265). Кытай бийлиги уйгурлардын биригип кетүүсүнүн алдын алып, аларды ар башка жерлерге таркаткан.

Уйгурлар тарабынан Кытайга коркунуч дээрлик жоюлган. Бирок кытай бийлиги уйгурлардын кыргыздар менен биригип кетүүсү мүмкүн деп чочулаган. 843-жылы мартта Кытайга кыргыз элчиси Чжуу Хэсу (Чугу Алп Сол) кыргыз каганынан кат алып келген. 841-жылы такка отурган император Вуцун буга аябай сүйүнүп, «и посланника, приехавшего с данью из столь далекой страны, поставил выше посланника королевства Бо-хай» (266).

Биздин оюбузча, уйгурларга каршы согушка император кыргыздарды тартмакчы болгон. Мындан императордун кыргыздарды согушчан, баатыр жоокерлер катары баалагандыгы көрүнүп турат. Мына ушундан баштап император кыргыз каганына үстү-үстүнө кат жөнөтүп турган. Алардын мазмуну – уйгурларды биротоло талкалоого үндөгөн чакырык мүнөзүндө эле.

Мисалы, император кыргыз каганына жазган жооп катында аларга уйгурларды жеңгендиги үчүн ыраазычылык билдирген жана качып кеткен уйгурлар өч алуу үчүн кайрадан биздин чек арага кол салуусу мүмкүн деген. Ошондуктан жакшылап даярданып «искусно составить хитроумный план и совместными усилиями напасть (на уйгуров) и уничтожить их с корнем, чтобы не вызывать последующих бедствий», – деген (Ю.С.Худяков, 266).

843-жылы апрелде кыргыз каганына кытай элчиси Чжа Фань кат менен жөнөтүлгөн. Анда кыргыз каганынын талантты жана күчтүүлүгү айтылып, андан кийин: «Уйгуры... бесчинствуют, жестоко, зверски обращаются со всеми (нашими) вассальными племенами. (Я) узнал, что Вы из поколения в поколение (с ними) враждуете. Если можно отомстить, уничтожьте их государство и города и станьте государем, прогоните их старейшин в самую далекую пустыню», – деп айтылат. Андан ары уйгурларды биротоло талкалоо зарылдыгы баса белги-

ленет: «Если оставить пепел, то непременно возникнут последующие бедствия» (266).

843-жылы июнда кыргыз элчиси Вань Ухэ (Ургу Алп) келгенде ал аркылуу кыргыз каганына дагы жаңы кат жиберилген. Анда уйгурлардын каерде жашап жаткандыгы көрсөтүлгөн жана аларды жок кылуунун зарылдыгы айтылган: «Сейчас уйгурские племена еще не полностью истреблены, живут между турфанями и китайцами. Даже хэйчецзы издавна боятся их силы. ...Необходимо вырвать (их) с корнем, только тогда установится мир. К тому же небо (послало им) гибель, легко на них напасть и захватить. Вы, хан, должны воспользоваться удобным случаем и «скорее уничтожить варваров. До тех пор, пока уйгуры не будут уничтожены, Вы, хан, не можете наслаждаться едой и питьем, а на охоте получать удовольствие»[1].

Ошентип, кытай бийлиги кыргыздар менен уйгурлардын көп жылдар бою согушуп келишкенин эске салып, кыргыздарды уйгурларды биротоло талкалоого чакырган. Аларды талкаламайынча («Разве можно оставлять тлеющий пепел?»), тынчтык күн болбойт деген.

Мындай үстү үстүнөн болгон чакырык кыргыздарга таасир этпей койгон эмес, кыргыз каганы уйгурларга каршы чыгууга макул болгон. Муну 843-жылы августта жиберилген «сяцзастарга кат» далилдеп турат. Анда мындай деп айтылган: «Известно, что уйгуры геройствовали на севере и стали властелинами. Ныне, Вы, хан уничтожили их жилища, отомстили за обиду и позор. (Ваши) заслуги превышают прежние, геройская слава потрясла северные страны», – дейт (268).

Бул катта андан аркы планды түзүү керектиги айтылат, анткени хэйчецзылар кастык мамилесинен кайтышкан жок. Катта: «Түтөгөн күлдү калтырууга болбойт. Бул сизди тоотпогондук, буга чыдоого болобу», – деп айтылат. Андан ары: «Я полагаю, что Вы, хан, (заранее) воспользуетесь их трудными обстоятельствами, пришлете отборную конницу и накажете

---

[1] Бул маалымат *Ю.С.Худяковдун* эмгегинен келтирилди: Эпоха «Кыргызского великодержавия». Китепте: Кыргыздар, Аталган эмгек, 10-том, 2011, 267-б.

уйгуров за бегство, накажете хэйчецзы за то, что (они) не сразу подчинились. ....(Тогда) военные действия больше не возникнут» (268), – деп айтылат.

Жогоруда айтылгандай, кытай бийлиги кыргыздардын күчтүү, баатыр эл экендигин жана уйгурлар менен көп жылдар бою согушуп келгендигин эске алып, аларды уйгурларды биротоло талкалоого үгүттөгөн. Ю.С.Худяков: «Как видно из письма, танский двор стремился использовать военную мощь кыргызов против не только уйгуров, но и против хэйчецзы», – дейт (269).

843-жылы кыргыздар согуштук аракеттерин кайрадан баштаган, Чыгыш Түркстанга күч менен кирип барышкан жана Куча менен Бешбалыкты кайрадан басып алышкан. С.Ю.Худяков: «Однако это осложнило отношения и едва не привело к военному столкновению с империей Тан», – дейт (269). 844-жылы апрелде Дидэ Исынаньчжу (Туту Иынанчы) башында турган элчилик келген жана аларга Маньчжуриядагы уйгурларга каршы биргелешип күрөшүү сунушу түшкөн. Кыргыздар мындай сунуштардын ичинен өзүлөрүнө ылайык келе турганын тандашкан, б.а., алар хэлочуан уйгурларына экинчи жолу сокку урушкан. Натыйжада, уйгурлар Эдзингол районун убактылуу калтырышкан.

846-жылы (847) У-цзе каза болгон. Бир версия боюнча аны уйгур башчысы Ли-Хун-шун (Аявир)[1] тарабынан сатылып алынган хэйчецзы уруусундагы адамдар өлтүргөн. Дагы бир версия боюнча У-цзе «покорился в округе Ючжоу. Оставшиеся бродили в степи, голодали и замерзали. По принуждению уйгурского министра Мэйцюаньчже Инанч уйгуры убили У-цзе в горах Цзинь-шань» (269). У-цзе каза болгондон кийин анын ордуна иниси Энянь шайланган жана си уруусунун жерине жайгашкан.

847-жылы кыргыз каганы каза болгон. Ал Тан императору тарабынан Цзун-ин Хюн-Ву Чен-мин-хан (С.Худяковдо; А.Н.Бернштамда – Цзун-ин-Сюн-у Чен-Мин Каган) деген титул алган. Ал эми жаңы каганга Ин-ву Чен-мин-хан деген титул берилген.

---

[1] Кытайдын жараны, т.а., кытай жарандыгын алган адам.

847-жылы си уруусуна тан полководеци Чжан Чжун-у жортуул жасаган жана талкалаган. Уйгурлар шивэй жерине качкан. 849-жылы Чжан Чжун-у шивэйлерден уйгурларды кайтарып берүүсүн талап кылган. Бирок Энянь үй-бүлөсү менен, бардыгы он атчандар, батышка качышкан. Калган уйгурлар шивэйлердин жети уруусуна бөлүштүрүлгөн (270).

Ю.С.Худяковдун маалыматы боюнча кыргыз министри А-бо ар кандай уруулардан турган 70000 аскери менен «пришел со стороны юго-запада от северных границ воеводства Тяньдэ, чтобы взять Эняня и уйгуров. Он нанес сильное поражение народу шивэй, затем собрал всех уйгуров, находившихся у шивэй, и вернул их на север от Гоби» (270). Ю.С.Худяковдун пикири боюнча, кыргыздарды, б.а., министр А-бону аскерлери менен тай өкмөтүнө жардам катары кыргыз каганы жиберген болуу керек. Булар, балким, буга чейин Эдзингол дарыясына согуштук жортуул (поход) жасаган аскерлер болуусу да мүмкүн (270).

Ю.С.Худяковдун пикири боюнча кыргыздар алыска согуштук жортуулга чыгып жатып, уйгурларды багындырууну жана Тан империясы менен «тынчтык жана туугандык» мамилелерди түзүүнү тилек кылышкан.

Биздин оюбузча, уйгурларды таптакыр талкалап таштоо кыргыздардын планына кирген эмес болуу керек. Андай болгондо кыргыз министри А-бо шивэй уйгурларын чогултуп Гобинин түндүгүнө кайрадан алып келбестен («собрал», «вернул»), шивэй жеринде эле же жолдон эле кыргынга учуратууга мүмкүнчүлүгү бар эле. Бирок кыргыздар андай кылышкан эмес. Мындан кыргыздардын, негизинен, айкөл эл экендигин белгилөө керек.

Жогорку мисалдардан көрүнүп тургандай, кытайлыктар кыргыздар менен уйгурлардын ортосундагы каршылаш мамилени кубатташкан, ошону менен катар эле алардын күчтөнүп кетишинен чочулашкан. Ошондуктан алар уйгурлар жеңилди, эми «для устранения будущих беспокойств не для чего усиливать Хягасов» дешкен.

Ю.С.Худяковдун маалыматы боюнча Император Сарайы кыргыздарга титулдарды берүү менен, кыргыздар өзүлөрүн

вассал деп эсептешет деп ойлошкон, бирок андай болбогондон кийин, мамилелерди кыскарта башташкан.

Кыргыз каганаты өзүнүн кол алдындагы бардык жерлерди өз бийлигинин алдында кармап турууга көп деле аракет кылышкан эмес. Мисалы, 848-жылы Пан-лэ башында турган уйгур группасы Аньсини ээлеген жана өзүн каган деп жарыялаган. 859–877-жылдары уйгурлар Бэйтинди ээлешкен жана ошол жактан алардын башчысы Пу Гу тибеттиктерге согуштук жортуул жасаган. 875-жылы хэлочуань уйгурлары Алашандын алдындагы жерлерди (Приалашанье) ээлешкен (270).

Кыргыздар Тан империясы менен байланышып турушкан, 860–873-жылдары кыргыз элчилиги император Сарайына үч жолу келген.

## Кыргыздар IX кылымдын аягында

IX кылымдын аягында кыргыздар кайрадан Чыгыш Түркстанга чабуулду (натиск[1]) күчөтүшкөн. Алар Пенчул, Аксу шаарларын басып алышкан жана Кашгарга чейин жетишкен. Кыргыздардын бул кол салуусу Кум-Тур фрескасында[2] сүрөттөлгөн деп болжолдойт Ю.С.Худяков. Бул согушта кыргыздардын союздашы тибеттиктер болгон (271).

## Кыргыздар X кылымда

Ю.С.Худяков 904-жылы кыргыздардын тибеттиктер жана түрктөр менен кошулуп Тан империясынын ички чыр-чатактарына киришкендигин маалымдайт: «тибетцы и кыргызы, совместно с тюрками Ли Кэ-юна, вмешались в междоусобицу в самой империи Тан». Уйгур (Турфан) княздыгы бул күрөштө туруштук берген (271).

X кылымдын башында Уйгур (Ганьчжоу) княжествосу түзүлгөн. 908- жана 918-жылдары алар кидан императорунун

---

[1] **Натиск** *м* **1.** чабуул, кысым. Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 404-б.

[2] **Фреска** *ж.* фреска (**1.** кургай элек шыбактын үстүнө сууга эритилген боёк менен түшүргөн живопись). Орусча-кыргызча сөздүк, С–Я, 2012, 541-б.

сарайына элчилерди жиберишкен (271). Бул маалымат уйгурлардын кидандар менен жакшы мамиледе болушкандыгын көрсөтүп турат. Бул мезгилде кидандардын көтөрүлүүсү башталган эле.

916- жана 924-жылдары кидан императору Елюй Амбагянь Монголияга эки жолу келген, ал аерден кыргыздарды кездештирген эмес, ал «вступил в область уйгуров» (271).

Ю.С.Худяковдун маалыматында кидандар «разделили кыргызский этнический массив надвое». Кыргыздардын бир бөлүгү «сохранила за собой Саяно-Алтай и Северо-Западную Монголию». Ю.С.Худяков кыргыздар кидандарга көз каранды болушу мүмкүн дейт. Ляо императоруна хягастар дайыма элчилерди жана салык жөнөтүп турушкан (271).

Кыргыздардын бир бөлүгү Чыгыш Түркстанда калышкан. Мусулман булактары боюнча кыргыздардын жери тогузгуздар (уйгурлар), карлуктар, чигилдер менен коңшу жайгашкан.

X кылымдын аягында бул кыргыздар «попали в зависимость от турфанских уйгуров». Гочан мамлекетинин башкаруусу алдында көп сандаган уруулар: түштүк жана түндүк тыцзюэ, чоң жана кичине чигилдер, ягма, карлуктар, кыргыздар, барман, геттер, урунгдар болгон дейт Ю.С.Худяков (272).

Бул маалыматтар кыргыздардын Борбордук Азиядагы бийлигинин басандашын көрсөтөт. Кыргыздарда пассионардык төмөндөө (надлом) фазасы башталган.

## Кыргыздардын Борбордук Азиядагы мезгили

Енисей кыргыздарынын Борбордук Азияда канча мезгил болгондугу тууралуу пикирлер бирдей эмес. Д.Г.Савинов бул тууралуу бир нече пикир бар экендигин айтат[1]. Мисалы, В.В.Бартольд (1968, с. 103), П.П.Потапов (1953, с.99), И.А.Батманов жана А.Д.Грач (1968, с. 122) кыргыздар X кылымдын башында монгол тилдүү кидандар тарабынан Саяндын ары жагына сүрүп чыгарылган деп эсептешет.

[1] *Д.Г.Савинов.* Кыргызское великодержавие. Китепте: Кыргыздар. 10-том, 2011, 302-б.

Бир топ окумуштуулар енисей кыргыздарынын түндүккө чегинишинин саясий себеби – жаңы жана күчтүүрөөк мамлекеттик түзүлүштөр: кидандар, наймандар, монголдор менен болгон согуштук кагылышуулар деп эсептешет (302).

Д.Г.Савинов кыргыздарды Енисейге сүрүп чыгарган хронологиялык жактан реалдуу күч – 916-жылы чыгыш Ляо мамлекетин түзүшкөн кидандар болушу мүмкүн дейт (302).

Ю.С.Худяков «Кыргыз Улуу державасынын» кыска мөөнөттүүлүгүнүн себебин төмөнкүдөн көрөт: «Главной причиной кратковременности «кыргызского великодержавия» ...была истощение людских ресурсов относительно немногочисленного кыргызского населения в длительной войне и их распыление на обширных территориях» (1980, с. 162).

Енисей кыргыздарынын палеоэтнографиясы жазма булактарга, ошондой эле археологиялык материалдарга карай кыргыздарды негизинен дыйкан чарбасы менен кесиптенген эл катары карайт жана алардын Борбордук Азиядан кетүүсүнүн себебин ушуну менен түшүндүрүшөт.

Д.Г.Савинов кыргыздар белгилүү бир деңгээлде дыйкандар болушкан «хозяйственно-культурный тип которых сложился в Минусинской котловине, древнем земледельческом центре Сибири, – кыргызы  не имели экономической базы в степях и плоскогорьях Центральной Азии», – дейт (Аталган эмгекте, 306).

Д.Г.Савиновдун пикири боюнча кыргыздар өздөрүнүн отурукташкан кыштактарынан, талааларынан жана жайыттарынан ажырагысы келбегендиктен, уйгурларды жеңгенден кийин борборун Орхонго көчүрүшкөн эмес болуу керек, ал эми кыргыздарга чейинки жана алардан кийинкилер, мисалы, кийинчерээк монголдор борборун Орхонго көчүрүшкөн.

Бул пикирге Л.Н.Гумилевдун пикири үндөш. Л.Н.Гумилев II миң жылдыктын (II тыс.) башында Борбордук Азиядагы элдердин жалпы жайгашуусу тууралуу айтып жатып: «Равным образом не претендовали на степь и кыргызы. Они давно покинули ее и ушли в благодатную Минусинскую котловину, где могли жить оседло, заниматься земледелием, а не кочевать» (1970, с. 66), – дейт.

Ошентип, кыргыздар Борбордук Азияда үстөмдүк кылып турган, бирок жогоруда белгилүү болгондой, ал жерди калтырып кетишкендигинин себебин окумуштуулар ар кандай чечмелешет.

А.Н.Бернштам кыргыздардын түштүктөгү чегин батышка карай өзгөртүүгө аргасыз болушун уйгурлардын убактылуу көтөрүлө баштоосу, кидан урууларынын көбөйүшү жана алардын күчтөнө башташы менен байланыштырат.

А.Н.Бернштам Кытайга кыргыз элчилиги 860-жылдан 873-жылга чейин үч жолу келгендигин айтып: «Видимо с 873 года кыргызы начинают утрачивать свое влияние на территории Центральной Азии в силу возобновляющегося могущества уйгур, живших в районе Лян-чжоу и Дунь-Хуана. Их главный старшина Цзунь из уйгурского племени бугу, живший в Бешбалыке, завладел городами Карашар и Бугюр в Восточном Туркестане и получил от китайского императора титул хана в 874 г.»[1], – дейт.

А.Н.Бернштам анын үстүнө чыгыштан келген кидан урууларынын көбөйүшү кыргыздардын согуштук аракеттерин Чыгыш Түркстанга буруууга аргасыз кылгандыгын белгилейт[2]. «Однако часть их под давление киданей, занявших Монголию с 924 г, ушла на север, вторая еще в последней трети X века (вероятно в 70–80-х годах) владела городом Пенчулом (Уч-Турфан)»[3].

Ошентип, жогорудагы маалыматтар боюнча, негизинен уйгурлардын убактылуу көтөрүлө баштоосу, кидан урууларынын көбөйүшү жана алардын күчтөнө башташы кыргыздардын согуштук аракеттерин Чыгыш Түркстанга буруууга аргасыз кылган. Кыргыздар Борбордук Азиядагы таасирдүү бийлигин жогото баштаган.

---

[1] *А.Н.Бернштам* бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянат: *Таншу,* гл. 140б; *И.Бичурин.* Собрание сведений… 1 бөлүк, 426-б.

[2] *А.Н.Бернштамдын* пикири боюнча кидандардын кыймылы кыргыздардын бир бөлүгүнүн Тянь-Шанга көчүп барышына түрткү болгон.

[3] *Караңыз. А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 211-б.; W.Radloff. ATIM, стр. 318, 332.

Бирок Л.Кызласов жана башка окумуштуулар енисей кыргыздарынын Борбордук Азиядагы мезгилин узартышат, атап айтканда, анын түндүк району – Тувада монгол мезгилине чейин болушкан (*китептегидей берилди – Г.Ж.*) (Л.Кызласов, 1969, с. 121–129).

Айрым окумуштуулар II миң жылдыктын башында Тувада енисей кыргыздарынын кайсы бир бөлүгү жашаган, бирок X кылымда енисей кыргыздарынын негизги бөлүгү Миң-Суу ойдуңуна көчүшкөн деп эсептешет (Нечаева, 1966, с.142); Сердобов, 1971, с. 98–111).

Археологиялык материалдар енисей кыргыздарынын чек араларынын кыскарышын тастыктайт. Г.В.Длужневскаянын маалыматы боюнча «X кылымдын аягында Тува территориясында енисей кыргыздарынын эстеликтеринин саны кескин кыскарган». Б.з. II миң жылдыгындагы көрүстөндөр (Л.Р.Кызласов боюнча, аскиз маданияты) «концентрируются у р. Енисей, р. Хемчик (нижнее течение), севернее Уюкского хребта» (Караңыз: Д.Г.Савинов, 305). Г.В.Длужневскаянын пикири боюнча бул кандайдыр бир деңгээлде кыргыздардын (аскиз маданиятын алып жүрүүчүлөрдүн) түндүккө – артка чегинишин көрсөтүп турат, ошону менен катар эле «подтверждая частичное возвращение кыргызов за Саяны в течение X в.» (1979, с. 49; 1982, с.129–130; Караңыз: Д.Г.Савинов, 305).

Ошентип, кыргыздардын Борбордук Азиядагы үстөмдүгү акырындык менен аягына чыккан.

## VIII–X кк. енисей кыргыздарынын Тянь-Шанга көчүүсү. Кыргыздар Тянь-Шанда

Ошентип, жогоруда айтылгандай, уйгурлардын убактылуу көтөрүлө баштоосу жана кидандардын күчтөнүшү кыргыздардын түштүктөгү чегин батышка карай өзгөртүүгө аргасыз кылган жана Тянь-Шанга жакындаткан. Бекеринен алар карлуктардын (Жети-Суу) гана эмес, чигилдердин (Ысык-Көл)

жана тухсилердин (Чүй өрөөнү) да коңшусу болуп калышкан эмес[1].

А.Н.Бернштам мына ушул фактылар кыргыздардын Тянь-Шанда пайда болуу маселесин кайра карап чыгууга негиз болот деп эсептейт.

Биздин оюбузча, мындай даректүү маалыматтар кыргыздардын Тянь-Шанга келүү, жайгашуу маселелеринде, Енисей жана Тянь-Шань кыргыздарынын байланышы тууралуу сөз болгондо эске алынуусу зарыл.

А.Н.Бернштам кыргыздардын батыш чеги Енисейден өтө эле алыс болгондугун белгилейт. Бул Енисейден Орто Азияга чейин кыргыздардын (хягастардын) жапырт жайгашуусун билдирбесе дагы, алардын Орто Азия менен тыгыз байланышын көрсөтүп турат[2].

Худуд ал-Аламдагы маалымат боюнча Кашгар районунда «проходила граница между народами ягма, Тибетом, Китаем и кыргызами»,[3] – деп айтылат.

А.Н.Бернштам жазма булактарда берилген «хягасы граничили на юге до Тибета, на юго-западе до Гэлолу»[4] деген маалыматта анын датасы көрсөтүлбөгөндүгүн айтат жана мындай абал дегеле Тан дооруна мүнөздүү экендигин белгилейт. Кытай жазма булактарында хягастардын (кыргыздардын) дайыма Даши, Туфань жана Гэлолу менен достук мамиледе болгондугу тууралуу маалымат берилген[5].

Гэлолулуктар эскерилгенде алардын Жети-Сууда жашашкандыгы жана хягастар (кыргыздар) менен достук мамиледе болгондугу айтылат. А.Н.Бернштам бул түшүндүрмө 758-жылдан кийин берилгендигин айтат жана ал «сочетается со ссыл-

---

[1] Жогорку эмгектерди караңыз.

[2] *А.Н.Бернштам.* Очерк истории Семиречья. 93-б.

[3] *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгек, 211-б.; Автор бул маалыматты төмөнкү эмгек менен бышыктайт: *Караңыз:* V.Minorsky. Hudud al-Alam.

[4] *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 212-б.; *Таншу,* гл.140б; *И.Бичурин.* Собрание сведений… 1-бөлүк, 449-б.

[5] *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 212-б.; *Таншу,* гл.140б; *И.Бичурин.* Собрание сведений... 1-бөлүк, 449-б.; Даши – арабдар, же дегеле Орто Азиянын тургундары (даши-тажик), туфан – Турфандын жана Тибеттин тургундары, гэлолу – карлуктар.

кой на дружественные отношения с арабами», которые появились в Семиречье лишь с июня 751 г.»,[1] – дейт. Андан ары окумуштуу: «В таком случае владения хягасов- кыргыз подходили непосредственно к Тянь-Шаню» (212), – дейт.

Демек, Кыргыз державасынын тушунда кыргыздар Тянь-Шанга чейин жетишкен.

Кыргыздардын арабдар менен болгон байланышы соодага байланыштуу болгон. Анткени арабдардын соода жолу VIII кылымда (X кылымга чейин) Испиджабдан Таразга, Суябга өткөн, «откуда поварачивал на юг в Восточный Туркестан из Верхнего Барсхана (Ысык-Көл)»[2]. Демек, Жети-Суунун чыгыш бөлүгүндө карлуктардын, арабдардын соода жолун жана Чыгыш Түркстандын ортосун туташтырган жер (стык) болгон. Бул жерге кыргыздар кирип келишкен. Бекеринен Пицьсе Туньге Гинь деген титулду алган, жети-суулук түргөш уруусунан чыккан хягас (*кыргыз – Г.Ж.*) каганы уйгурлардын күчү кайтып турган кезде өзүнүн бийлигин бул жерде бекемдөө максаты менен өзүн каган деп атап, ал эми карлук аялын катунь деп атабаган чыгар[3].

Кыргыз каганынын VIII–X кк. Жети-Суу уруулары менен туугандык байланышы – енисей кыргыздарынын Тянь-Шань алдындагы (Притяньшань) кыргыздар менен тыгыз байланышын көрсөтүп турат.

Кыргыздардын Тянь-Шанда болгондугу Истахрининин (951) да көрсөтмөсүндө бар: «в Семиречье, конкретнее, на Тянь-Шане (в соседстве с рудниками Ферганы, Илака и Шельджи), находились и кыргызы»[4]. Буга В.В.Бартольд комментарий берип жатып, «Возможно, что **теперь (X век –** *А.Б.***)** (*белгилеген –*

---

[1] *В.В.Бартольд* бул күрөшкө чоң маани берген, анткени анын сөзү боюнча, Орто Азияда кайсы маданият – араб маданияты үстөмдүк кылабы же кытай маданиятыбы, ушул күрөштүн жыйынтыгына карай чечилмек.

[2] *А.Н.Бернштам.* Археологический очерк Северной Киргизии. – Фрунзе, 1941, 66-б. ж.б.

[3] Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 212-б.; Таншу, гл. 140б; И.Бичурин, Собрание сведений… 1-бөлүк, 449-б.

[4] Истахри Волиндин котормосунда. Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгек, 212-б.

*Г.Ж.*) кыргызы выступили в качестве союзников карлуков против тогуз-огузов и заняли часть Семиречья, своей теперешней родины», – дейт (Очерк истории Семиречья, 20-б.; А.Н.Бернштам, 212).

Ошентип, IX–X кк. Тянь-Шанга кыргыздардын бир бөлүгү келген. Муну жогорудагы фактылар айтып турат.

Мындан башка пикирлер да бар. Мисалы, Тянь-Шань кыргыздарынын автономдуу түзүлүүсү жөнүндөгү көз караш. Көпчүлүк кийинки авторлордо Тянь-Шанга «кыргыз» деген этнонимди мурун IX–X кк. енисей кыргыздарынын мамлекетинин курамына кирген уруулар алып келген деген пикир бар.

С.М.Абрамзон мындай дейт: «На территорию современного Киргизстана пришли преимущественно не кыргызы, жившие на Енисее, а некоторые, главным образом тюркоязычные племена, проживавшие ранее в пределах Восточного Притяньшаня, отчасти Прииртышья и Алтая» (С.М.Абрамзон, 1971, С. 22).

К.И.Петров бул процессте Енисей-Иртыш сууларынын ортосундагы областтар (простирающейся от Киргиз-Нура до Красноярска и от верховий Енисея до верховий Иртыша) маанилүү роль ойногон деп эсептейт. Анын пикиринде XII к. аягына чейин кыргыз, кимак жана Байкал алдындагы этностук компоненттер аралашып, андан түзүлгөн субстрат XIII к. Тянь-Шанга барып жайгашкан (Петров, 1960, с. 59–58, 1961, с. 81, 105).

Д.С.Савинов IX–X кк. Тянь-Шанга енисей кыргыздарынын аскердик отряддары өткөн деген пикирин айтат (Аталган эмгекте, 300).

Ө.Караев Тянь-Шандагы түрк тилдүү элдин калыптануу процессинде енисейлик кыргыздар чоң роль ойногон деген пикирди карманат (1966).

Д.С.Савинов туура белгилегендей, Енисейлик кыргыздардын Тянь-Шанга көчүүсү жөнүндөгү идея А.Н.Бернштамдын эмгегинде толук берилген.

Мусулман жазма булактарында Тянь-Шандагы кыргыздар тууралуу маалыматтардын жоктугу бул жерде кыргыздардын көп массаны түзбөгөндүгүн айтып турат, кыргыз деген ат енисей кыргыздарына гана колдонулган, «в то время

как тянь-шаньские кыргызы выступают здесь под другими именами» (А.Н.Бернштам. Избр.тр., 212).

Ошентип, Кыргыз улуу державасы аталып турганда енисейлик кыргыздардын Тянь-Шанга көчүү кыймылы болгон. VII–X кылымдарда кыргыздар бир кыйла санда Тянь-Шанда болушкан. Кыргыздар Енисей жана Борбордук Азиянын гана эмес, Түндүк Кыргызстандагы да тарыхый процесстердин субъектиси болушкан. Тянь-Шандык кыргыздар жергиликтүү урууларга сиңип кетишкен жана ошондуктан чоң саясий бир күчтү түзүшкөн эмес.

Мусулман авторлору тянь-шандык кыргыздар тууралуу маалымат берүүнүн зарылдыгын көрүшкөн эмес, анткени аларга енисей кыргыздары жакшы белгилүү болгон.

## Кыргыз Улуу державасынын Монголиядагы үстөмдүгү

Ошентип, Кыргыз мамлекети Орто Азиянын чыгышындагы биринчиликте болгон эң күчтүү көчмөн державага айланган (А.Н.Бернштам, 192).

В.В.Бартольддун белгилөөсү боюнча кыргыздардын Монголияны жеңиши «представляет редкий случай в истории Средней Азии пример завоевательного движения с запада на восток; почти все движения происходили в обратном направлении»[1].

Бирок уйгурлар борбор шаарын жоготуп, жеңилүүгө учураган менен, В.В.Бартольддун маалыматы боюнча 841-жылы Уге жаңы уйгур каганы деп жарыяланып, кыргыздар менен 847-жылга чейин согушат, согушта Уге курман болот. Ушундан баштап уйгурлардын бир бөлүгү Монголияны басып алуучулар болгон кыргыздарга баш ийип, бир бөлүгү түштүккө кетип, ал жакта эки княздык (княжество)[2] (бири – Турфанда, экинчиси – Ганчжоуда) түзүшкөн. Монголиянын үстүнөн болгон үстөмдүк кыргыздарга өткөн.

---

[1] Аталган эмгекте, 204-б.

[2] **Княжество** *ср* княздык. Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 61-б.

А.Н.Бернштамдын белгилөөсү боюнча кыргыздар Монголияда бийлик жүргүзгөн акыркы түрк элдеринен болгон (193).

В.В.Бартольд Монголияда кыргыздардын үстөмдүгү кыска убакытка созулганына карабастан, кыргыздар жөнүндөгү эскерүүлөр монголдордо ушул күнгө чейин сакталып калгандыгын айтып, балким, Монголияны монголдор ээлеп алганга чейин бул өлкөдө жашаган жана үстөмдүк кылган акыркы эл кыргыздар болгондугунан ушундай болушу ыктымал дейт.

Кыргыздар Борбордук Азиянын тарыхында Түштүк Сибирден келген көчмөндөрдүн ичинен Улуу держава катары кыска мөөнөттө үстөмдүк кылып турган жалгыз этнос болгон (Ю.С.Худяков, 48).

В.В.Бартольд: «После их поражения Монголия приобрела тот этнографический характер, который она сохранила до сих пор», – дейт (Аталган эмгекте, 204).

Монголдордо кыргыздар жөнүндөгү эстеликтер азыркыга чейин сакталып калган. Батыш Монголиядан Орхонго чейинки мейкиндикте «кыргыздыкы» деп аталган байыркы бейиттер жатат, алардын арасында кыргыздарга таандык болбогон (уйгурларга ж.б. таандык) бейиттер да кездешет. Ушундай эле «кыргыз бейиттери» Селенга менен Орхондун ортосунда бар экендигин Рамстедт эскерет. Ал бейиттер VIII кылымдагы уйгур каганынын падышачылыгы жөнүндө жазуусу бар эстеликке жакын жайгашкан (205).

XII кылымдын аягында (1199-ж.) наймандык Буюрук-хан Темучиндин (Чингиз-хан) аскерлеринен Кем-кемджиутка качкан. Кем-кемджиут кыргыздардын ээликтерине кирген. «Киргиз и Кем-кемджиут – две смежные друг с другом области; обе они составляют одно владение», – дейт Рашид-ад-дин (1952, с. 150).

Н.А.Сердобов: «скорее всего, объединенное название «Киргиз и Кем-кемджиут» следует считать отголоском предшествующего господства кыргызов в Туве», – деген пикирди айтат (Сердобов, 1971, 113 ).

Бул учурларда IX–X кк. енисейлик кыргыздардын мамлекетинин курамына кирген жана монголдук мезгилге чейинки акыркы эң ири этносоциалдык биримдиктин атын, т.а.,

«кыргыз» деген атты сактап калган жергиликтүү элдер жөнүндө сөз болуп жатат (Д.Г.Савинов. Аталган эмгекте, 304).

Мындан кыргыздар Монголиядан кеткенден кийин да ал жерде археологиялык казуулардын материалдары гана эмес, Улуу Кыргыз державасын эске салган аталыштар, т.а., жердин аттары да калгандыгы көрүнүп турат.

Батыш Монголиядан дээрлик Орхонго чейинки бүт мейкиндикте кезиккен байыркы мүрзөлөр «кыргыздардыкы» деп эсептелет (Бартольд, 1997, 36).

Монголиядагы «Кыргыз хуру» айрыкча тоолордо, ашууларда, тоо этектеринде тегерете таш менен курчалган.

## Окумуштуулар кыргыздар тууралуу

В.В.Бартольд кытай жазма булактары «Кыргыз улуу державасы» тууралуу маалыматтарга жарды экендигин белгилейт. Окумуштуу кыргыздар тууралуу маалыматтар Шоттун эмгегинде (1865) кездешерин айтат, бирок анда кыргыздардын өлкөсү жана эли баяндалып, ал эми 847-жылдан кийинки тарыхы айтылбайт.

В.В.Бартольд кыргыздар тууралуу маалыматтар Клапроттун эмгегинде орун алгандыгын, бирок Шотт бул эмгек тууралуу абдан терс пикирин билдиргендигин, анткени Шоттун ою боюнча эмгектин көп жерлеринде чаташуулар бар экендигин маалымдайт. Клапроттун китебинин таасири Риттердин эмгеги аркылуу В.Радловдун тарых боюнча главаларында орун алган. Кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар мусулман авторлорунда да кездешет (В.В.Бартольд, 194).

Кыргыздардын арабдар, тибеттиктер, карлуктар менен болгон достук мамилесинен улам кыргыздар өздөрүнүн Улуу державалык доорунда Орто Азиянын батыш тарабында болуп жаткан согушка кийлигишкен эмес деген жыйынтык чыгарууга болот дейт В.В.Бартольд.

Чындыгында, кыргыз окумуштуулары тарабынан кыргыздардын (Кыргызстандын территориясында гана эмес) байыркы замандан берки тарыхын ырааттуу баяндаган илимий эм-

гектер дээрлик жок. Кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарда так эместиктер, чаташуулар да кездешет. Ал эми кыргыздардын байыртадан берки тарыхын тили менен кошо иликтеген илимий монографиялар да бүгүнкү күнгө чейин жазыла элек.

**«Енисей эстелиги».** Л.Н.Гумилев кыргыздар өздөрүнүн уйгурларды жеңип чыгышын мүрзөдөгү эки сап жазуу менен белгилешкендигин, ал «Енисей эстелиги» деген жазуу менен белгилүү экендигин маалымдайт. Анда төмөнкүдөй жазуу болгон: «Менин элим, менин айымым, уулдарым, менин журтум, силердин баарыңар менен 60 жашымда кош айтыштым. Менин ысмым – Эл-Туган-Тутуг. Мен кудай колдогон элдин элчиси элем. Алты урууга бек элем» (Жогоруда аталган эмгек, 217).

Мындагы «Алты бек эл» же «Алты уруу эл» – бул 780-жылдан кийинки уйгурлар. Алардын беги жана элчиси[1] Эл-Туган-Тутуг болгон. Мында анын бир эле мезгилде башчы да, элчи да болгондугу айтылып жатат. Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча ал ханга эмес, ханышага кайрылып жатат. Демек, эгерде ажо 747-жылы өлгөн болсо, Эл-Туган-Тутуг андан көп жашап, хандын мурасчысына кайрылып жатат. Мындагы жазуудан Халхада калган уйгурлардын кандай абалга туш келгендиги белгилүү болот. Алар жеңилген эл катары Кыргыз элинин (мамлекетинин) ичине кирген, анткени мына ушундайларды башкаруу үчүн гана Тутуг[2] деген наамы бар төрөлөр дайындалган (Л.Н. Гумилев, Аталган эмгек, 217).

Ошентип, бул «Енисей эстелиги» жазуулары кыргыздардын уйгурларды жеңип чыгышын, Халхада калган уйгурлардын абалын жана алардын башында турган кыргыз башчысынан кабар берет.

---

[1] **Л.Н.Гумилев:** «алчи» деген сөз «элчи» дегенди түшүндүрөт дейт. Ал бул сөз, кыязы, «уполномоченный» деген мааниде колдонулуп жатса керек дейт. *Караңыз:* Аталган китепте, 217-б.

[2] **ТУТУК** – алгачкы феодалдык коомдо Борбордук Азиядагы түрк элдеринин мансап наамы. Ал жергиликтүү чакан аймакты бийлөөчү ж-а аскер башчы катары каганга баш ийген. Т. ханзу (кытай) тилиндеги «дуду» (аймактын башкаруучусу) деген сөздөн келип чыккан. *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. 1990, 176-б.

## Кыргыз ордосунун Селенгага көчүрүлүшү рун тексттеринде

Кыргыздар уйгурларды толук жеңгенден кийин (Уге менен согуш аяктап, Уге 846-жылы каза болгондон кийин) кыргыз каганы ордосун Думань областына (Танну-ола), Селенгага жакын жайгаштырат жана Кытай менен мамилесин кайрадан жандандырат. Кытай императору У-Цзун кыргыз элчилигин өзгөчө урмат менен кабыл алат, ал түгүл кыргыз элчисин Бохай падышачылыгынын өкүлүнөн жогору отургузат. Андан кийин Кытай императору кыргыз элчилигине өзүнүн элчисин белек-бечкектер менен жөнөтөт жана ага төмөнкүдөй тапшырма берет: «составить подробное описание их страны». Ал түгүл император: «написать портрет кыргызского государя, а имя кыргызского кагана, как происходящего от уже упоминавшегося выше Ли Лина, внести в царскую родословную», – деп сунуш кылат (А.Н.Бернштам, 208).

С.В.Киселев кыргыз ханы Яглакар (С.В.Киселевдо – Яглакар) уйгурларды жеңгенден кийин ордосун Енисейден Думандын түштүк эңкейишине (склоны) (Иакинфтин пикири боюнча Танну-Оладан түштүккө) которгондугун маалымдайт[1]. Мына ушундан баштап кыргыздардын Борбордук Азиядагы үстөмдүгү башталган.

Уйгурларды талкалагандан кийин кыргыз каганынын өзүнүн ордосун Селенгага жайгаштырганы кытай жазмаларында гана эмес, кыргыз рун тесттеринде да кездешет. Анда уйгурларды талкалаган кыргыз каганынын аты да жазылган. Кыргыз каганынын аты Йаглакар болгон. Мындай маалымат дээрлик бардык маалымат булактарда берилет.

## Йаглакар-каган

Кыргыздардын уйгурларды жеңип, өздөрүнүн ордосун түштүккө жана Енисейден түштүк-чыгышка, атап айтканда, Селенга дайрасынын аймагына көчүрүшү «засвидетельствован

---

[1] *С.В.Киселев.* Енисейские кыргызы. Китепте: Кыргыздар. 10-том, 2011, 313-б.

не только сообщениями китайской летописи, **но и руническим кыргызским текстом** (*белгилеген – Г.Ж.*), кстати, сообщающим имя кыргызского кагана, завоевателя уйгурского каганства» (А.Н. Бернштам, Избр.тр., II, 1998, 208).

Бул рун жазууларында так жазылган. Жазуу Суджи[1] жергесинде табылган.

Эстеликте мындай маалыматтар бар:

В земле уйгуров отец (мой) Яглакар-хан пришел.

Я сын кыргызский. Я Бойля, счастливый и спокойный.

Я знаменитый Бага-Таркан, высокий Буюрук,

Моя слава и репутация касались захода и восхода солнца.

Богатым был я, У меня было десять загонов (для скота) и табунов в них без числа.

У меня было младших братьев семь, сыновей три, дочери три было, я усыновил моего огула.

Я дал свою дочь для калыма. Моему учителю дал я сто людей и место (для) стоянки.

Детей моих, дочерей и сыновей, я видел. Теперь я умираю.

Потомство мое по (заветам) учителя будьте, хану служите отважно.

Мой великий сын (старший) ушел (к войску).

Не видел я (мужественного) сына[2].

Бул текст кыргыз тарыхы үчүн баалуу маалымат.

Тексттин биринчи сабында уйгурлардын жерин ээлеп алган кыргыз каганынын аты аталат, ал – Йаглакар[3]. А.Н.Берн-

---

[1] Авторлордо ар кандай берилген: А.Н.Бернштамда – Суджи, А.Абдыразаковдо – Суджин-Даван, Б.Урстанбеков менен Т.Чороевде – Сужин-Даван. Биз авторлордо берилгенин сактадык.

[2] *Караңыз:* А.Н.Бернштам. Избр.тр., II, 1993, 208-б. (*автордо Яглакар деп берилгени сакталды – Г.Ж.*), автор бул үзүндүнү берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: G.Ramstedt. Zwei Uigurische Runeninschriftenin der Nord Mongolie. Journal SFOug, XXX, 1913, стр 6; Бул мисал төмөнкү эмгектерде да кездешет: *А.Абдыразаков.* Аталган эмгекте, 83-б., Автор бул үзүндүнү берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: *С.Г. Кляшторный.* Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. – М., 1964, с.191; Б.Урстанбеков, Т.Чороев. Кыргыз тарыхы. 64-б.; *Ж.Сыдыков.* Байыркы кыргыз эли – кыргыз тили. – Б., 2002, 28–29-бб.

[3] *А.Н.Бернштам,* Аталган эмгекте, 208-б.; *С.Малов.* Новые памятники с турецкими рунами. Сб. «Язык и мышление», т. IV–VII, 1936, 276-б.

штам: «Текст в первой строчке содержит совершенно ясное указание на имя кыргызкого **кагана** (*белгилеген – Г.Ж.*), который завоевал земли уйгуров», – дейт (209).

Бул текст биринчи уйгур каганына коюлган эстеликтен алыс эмес жерде, Суджи деген жерден табылган.

Бул тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «Мүмкүн, уйгурлардын талкалангандыгы тууралуу окуяны түбөлүккө калтыруу үчүн ушул эстелик тургузулса керек» (209).

«Кыргыз тарыхы» сөздүгүндө Йаглакар жөнүндө төмөнкүдөй маалымат орун алган: «**ЙАГЛАКАР КАН-АТА** – Моңголиянын түндүгүндөгү Сужин-Даван деген жерде табылган Орхон-Эне-Сай руна жазма эстелигине жазылган кыргыз феодал төбөлүнүн аты. Эстеликте: «Мен, Йаглакар кан-ата, уйгур жеринде келгинмин (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*). Мен – кыргыз («кыркыз» делген). Мен – Бойла, улук сотмун...» деп жазылган» (64).

Бул үзүндүлөрдө Йаглакар кандын кыргыз экендиги, анын уйгур жерине **келгин** (*белгилеген – Г.Ж.*) экендиги айтылат. Биздин оюбузча, Орхон-Енисей тексттерине (1982) ылайык Б.Урстанбеков жана Т.Чороевдин эмгегинде Яглакар-хандын **келгин** экендиги туура берилген деген ойдобуз.

Йаглакар-хандын уулу – Бойла сот жана жогорку Буюрук болгон. Бул эстеликте анын абдан кадыр-барктуу жана бай адам экендиги, үй-бүлөсү, жашоо-турмушу жөнүндө да айтылып, балдарына калтырган керээзи да жазылып калган. Эстеликтеги жазуулар ошол мезгилдеги кыргыздардын жашоо-турмушунан кабар берет. Анда Бойланын негизги байлыгы – мал экендиги, бала-бакыралуу үй-бүлө болгондугу, уулунун жоокер экендиги, ошондой эле мугалимине берген тартуусу жана ага болгон сый мамилеси да баяндалган.

А.Н.Бернштам бул жазууда кыргыз каганынын баласы Бойля (Бойла) тууралуу: «Сын кыргызкого кагана имел, видимо, большое политическое влияние и владел большими богатствами» (209), – дейт. Бул, анын пикиринде, ага берилген Бага Таркан жана Буюрук деген титулдардан көрүнүп турат. Анткени мындай титулдарда «содержится указание на его высокое положение и принадлежность к военному сословию»

(209). Андан тышкары жазууда күн чыккандан батканга чейинки анын дүңгүрөгөн атак-даңкы да көрсөтүлгөн.

А.Н.Бернштам бул жазуудагы окуяларды кытай тексттериндеги окуялар менен байланыштырат. 847-жылы уйгур каганы Энянь-Тегиндин башкаруу мезгилинде уйгурлар бир топ эле алсырап калышкан. Тан-шудагы маалымат боюнча: Шивэй уруусунан колдоо издеген «500гө жакын атактуу князьдар жана жогорку чиновниктер калган». Кытай Шивэйден уйгур каганын тапшырып берүүсүн талап кылган, бирок уйгур каганы тууган-туушкандары, аялы Галу, уулу тегин Дуса менен жана тогуз коштоочу адамдары менен батышка качкан. Калган уйгурларды жети шивэй уруусу (жайгаштыруу үчүн) өз ара бөлүп алышкан. Ошондо кыргыз каганы өзүнүн Або (Бойля?) министри (түрк тексттеринде буюрук деп берилет) менен жана 70000 аскерлери менен шивэйлерге кол салып, калган уйгурларды өзүнө алып, кумдуу талаанын (Гоби) түндүк жагына келген («...возвратился на северную сторону Песчанной степи (Гоби)»[1].

Мына ушул жортуулдан да Бойла чоң олжого, байлыкка ээ болгон. Ал туткунга түшкөн уйгурлардын бир бөлүгүн – 100 адамды мугалимине (учитель) бергендиги жогорку жазууда айтылган.

Селенгага коюлган бул эстеликтин качан коюлгандыгы тууралуу маалымат жок, ошондуктан А.Н.Бернштам аталган эстелик 841-жылга чейин коюлган эмес дейт, анткени кыргыздар аталган жерлерге 841-жылдан кийин гана ээ болушкан, экинчи жактан бул эстелик X кылымдан кийин дагы коюлган эмес, анткени бул мезгилде кыргыздар аталган жерлерди таштап кетүүгө аргасыз болушкан (209).

Йаглакар-хан тууралуу дагы төмөнкүдөй маалыматтар бар. Мисалы, Йаглакар-хан 843-жылы Маньчжуриядагы урууларлардын арасына барып жайланышкан Уге-ханды куугунтукка

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 209. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянат: *Таншу,* гл.140б; *И.Бичурин.* Собр.св., 1950, ч.1, стр.424.

алып, артынан түшкөн. Кытай сарайынын уйгурларга каршы күрөшүнө жардам берген. Бул үчүн кыргыз каганы **«получает грамоту и почетный титул Цзун-ин-Сюн-у Чен-Мин Каган»**[1] (*белгилеген– Г.Ж.*).

Йаглакарга Цзун-ин-Сюн-у Чен-Мин Каган деген титулдун ыйгарылышы – кыргыздарды жана анын башчысы Йаглакарды кытай бийлигинин баалагандыгы жана алардын өлкөсүн күчтүү, көз карандысыз мамлекет катары тааныгандыгы.

Ошентип, Йаглакар каган деген өтө жогорку даражага татыктуу болгон. Чындыгында, кыргыздын баатыры Йаглакарга жогоркудай Цзун-ин-Сюн-у Чен-Мин Каган деген титулдун ыйгарылыш фактысы өтө маанилүү жана баалуу. Муну менен кыргыз элинин Йаглакар-кагандын тушунда дүңгүрөп, чет мамлекеттерге чейин атагы чыккандыгы кытай бийлиги тарабынан бул официалдуу Цзун-ин-Сюн-у Чен-Мин Каган деген титулдун берилиши менен далилденип жатат.

Бирок, 846-жылы У-Цзун каза болгондон кийин бул титулду алууга байланыштуу кыргыздарга көрсөтө турган урмат-сый жаңы Кытай императорунун министрлер жыйыны тарабынан четке кагылган. Жаңы бийлик кыргыздардын күчүн жогору баалаган эмес жана алардын күчтөнүшүнө жардам бергиси келген эмес. 847-жылы кыргыз каганы Йаглакар каза болгон. Ал эми жаңы Кыргыз каганына ин-Сюн-у Чен-Мин деген гана ардактуу титул берилген (А.Н.Бернштам, 210, Таншу, гл. 140б; Собр.св., ч.1, 462).

У-Цзун каза болгон соң кийинки келген кытай бийлиги кыргыздардын күчтөнүшүнө жардам бергиси келген эместигин Л.Н.Гумилев да белгилеген (ал уйгурлар талкалангандан кийин кыргыздардын Кытай менен мамилеси бузулгандыгын, анткени кытайлыктар кыргыз хандыгынын күчтөшүнө көмөк көрсөтүүдөн баш тартышкандыгын маалымдаган (Байыркы түрктөр. Китепте: Кыргыздар. II, 1993, 217).

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 210. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянат: *Таншу,* гл. 140б; *И.Бичурин.* Собр.св., 1950, ч.1, стр. 451.

Ошентип, кыргыз-уйгур согушунда кыргыздар баатырлыкты көрсөтүшкөн. Узакка созулган согушта алар биримдикти, чыдамкайлыкты, туруктуулукту көрсөтүп, өздөрүнүн толук көз карандысыздыгына, өз алдынчалыгына ээ болушкан.

Эми кыргыздардын жаңы доору башталган (бул тууралуу сөз болот).

Жогорудагы окуяларды А.Н.Бернштам «Манас» эпосундагы окуялар менен байланыштырат.

## Кыргыздардын жортуулу жана анын «Манас» эпосу менен байланышы тууралуу

А.Н.Бернштам жогорудагы кыргыздардын жортуулу «Манас» эпосунда чагылдырылган деген пикирди айтат. Ал эпостогу окуяларды белгилүү тарыхый окуялар менен салыштырып келип: «основа эпического сказа восходит в своих главных чертах к реальным историческим событиям. Описание похода в Бейджин и его сравнительно одинокое положение заставляют понимать под этим названием не китайский Бейпин, а именно город Бей-тин, т.е. древнетюркский город Бешбалык» (210), – дейт.

«Манас» эпосундагы «Чоң казатта» кыргыздардын кытайлыктарга жана Манас баатырдын Бейжин шаарына жортуулу баяндалат. Эпосто Орхон дарыясы (река) да эскерилет, ага жакын байыркы Бешбалык шаары жайгашкан. А.Н.Бернштам эпостогу каармандарды: Манасты – Йаглакар-хан менен, Алмамбетти – Гюйлу-Бага менен, эпостогу Бурулчуну – кытай падыша кызы Тай-хо менен окшоштурат (210).

Ушундай салыштыруулардан кийин А.Н.Бернштам «Манас» баатырдык эпосу кыргыз элинин саясий жана экономикалык жактан көтөрүлүү мезгилинде гана пайда болушу мүмкүн деп эсептейт: «Логически из сказанного вытекает, что исторический Яглакар должен быть отождествлен с легендарным Манасом. Это отождествление подсказывают не только вышеразобранные сюжеты. Героический эпос «Манас» мог возникнуть только в эпоху наибольшего политического и экономического подъема народности» (210).

А.Н.Бернштам ошондой эле Манастай баатырдын образы Яглакардай (*китептегидей берилди – Г.Ж.*) кагандын баатырдык иштери менен гана байланыштуу болушу мүмкүн дейт: «Но только хан Яглакар, имя которого случайно сохранилось в одной из кыргызской надписи, происходящей из Монголии, мог явиться первообразом эпического героя, ибо только с ним связаны особенно блистательные страницы из героического прошлого кыргызского народа» (Избр.тр., II, 1998, 211).

Убакыттын өтүшү менен кийинки манасчылардын эң алгачкы реалдуу образдар менен байланышы үзүлүп, алар андагы каармандардын аттарын, турмушун, жагдайын (обстановка), географиялык чөйрөсүн өзгөртүшкөн. Йаглакар – кыргыз баатырдык эпосунун биринчи образы (первообраз) деп эсептейт А.Н.Бернштам. Ал эпос убакыт өткөн сайын көлөмү жагынан чоңоюп жана өнүгүүгө ээ болуп, жаңы сюжеттер менен толукталып турган, «но память о времени Яглакар-хана оставалась стержнем эпического сказания»[1], – дейт А.Н.Бернштам (210).

Албетте, мындай көз караш «Манас» эпосун изилдөөчүлөр тарабынан эске алынышы зарыл.

«Манас» эпосунун орхон-енисей эстеликтери менен салыштырылып изилдениши керектигин П.Фалев жана М.Ауэзов да айтышкандыгын А.Эркебаев[2] белгилейт. Р.З.Кыдырбаева «Генезис» эпоса «Манас» деген эмгегин жазган[3].

Орхон-енисей тексттериндеги айрым сценалардын «Манас» эпосундагы сүрөттөөлөр менен жакындыгы кыргыз окумуштуулары тарабынан белгиленип келет.

А. Эркебаев Күлтегинге арналган Чоң жазуулардагы төмөнкү цикл («даанышман жана эр жүрөк кагандарды» көмүү үрп-

---

[1] *А.Н.Бернштам* өзүнүн бул пикири К Рахматуллин тарабынан колдоого ээ болгонун белгилейт: *К.Рахматуллин.* «Улуу патриот укмуштуу Манас». – Ф., 1942.

[2] *А. Эркебаев.* Малоизученные страницы истории киргизской литературы. – Б., 1999, 56-б.; *П.Фалев.* Как строится кара-киргизская былина. Наука и просвещение. – Ташкент, 1922, № 1; *М.Ауэзов.* Киргизский героический эпос «Манас»// Собр. соч., т. 5. – М.: Худож. лит., 1975.

[3] *Р.З.Кыдырбаева.* Генезис эпоса «Манас». – Фрунзе, Илим, 1980.

адаты) «Манас» эпосундагы сценаны (Көкөтөйдүн ашы) эске салат дейт:

Для участия в обряде погребения (и) оплакивания
спереди, со (стороны) солнечного восхода,
Племенный союз бёклийской степи, а (также)
табгачи, тибетцы
авары, Рим, киргизы, уч-курыканы,
отуз-татары, кидани, татабыйцы –
столько народов пришло, (чтобы)
Оплакивать (и) участвовать в погребении.
Такие знаменитые каганы они были! (Аталган эмгекте, 59).

А.Абдыразаков да «Манас» эпосундагы айрым көрүнүштөрдүн Күл-Тегиндин ж.б. эстелик жазууларынан учурагандыгын белгилейт.

Кыргыз элинин биримдиги, көз карандысыздыгы үчүн, эркиндиги, өз алдынчалыгы үчүн ички жана тышкы душмандарга каршы күрөшү – «Манас» эпосунун мазмунун түзөт. Алардын башында кыргыз элинин баатыры – Манас турат. Албетте, булардын баары – кыргыз элинин башынан өткөргөн тарыхы. Чындыгында бул эпостун жаралышына кыргыз элинин башынан өткөн конкреттүү бир тарыхый окуя түрткү болгондур. Бирок ал кылымдан кылымга, муундан муунга өтүп отуруп, конкреттүүлүктөн ажырап, кыргыз элинин жалпы эле үмүт-тилегин, көз карашын, умтулууларын, бийик идеалдарын, философиясын, жашоо-турмушун, салт-санаасын ж.б. чагылдырган энциклопедиялык эмгекке айланган. Баатыр Манастын образы – кыргыз элинин идеалдаштырылган, типтештирилген баатырынын образы. Манас – кыргыз элинин тиреги, сактоочусу, кыргыз элинин биримдиги, эркиндиги үчүн жанын сайган баатыры.

Албетте, андагы окуяларды реалдуу тарыхый окуяларга, конкреттүү баатырларга салыштырып, эпостун пайда болуу шартын, жагдайын изилдөө зарыл. Бул – «Манас» эпосун изилдөөчүлөрдүн милдети.

## Эстеликтердеги тексттердин тили. Орхон, Енисей тексттери – кыргыз элинин байыркы адабий эстеликтери

Ия Стеблева[1] Орхон, Енисей эстеликтериндеги тексттер экиге бөлүнөрүн белгилейт. Алар шарттуу түрдө Орхон тексттери (түндүк Монголиядан, Орхон, Селенга, Толу өзөндөрүнүн өндүрүнөн табылгандары) жана Энесай (*Ия Стеблевада ушундай берилген – Г.Ж.*) тексттери деп бөлүнөт. Орхон тексттерине Күл-Тегинге арналган Чоӊ жана Кичи жазуулар, Билге-каганга, Тон-укукка арналган жазуулар, ошондой эле Онгин жазуулары кирет. Ал эми Энесай эстеликтерине көрүстөнгө ар ким тарабынан коюлган таштардагы бир далай майда жазуулардын тексттери кирет (623).

Окумуштуу белгилегендей, **айрым бир диалектилик айырмачылыктарына карабастан, негизинен тексттердин эки тобунун теӊ тили бир** (*белгилеген – Г.Ж.*). Ия Стеблева мааниmазмуну жагынан Орхон тексттери VI кылымдын орто ченинде келип чыккандыгын, борбордук азиялык эӊ ири мамлекет – Түрк каганатынын доорунда (VIII) кылымда жазылгандыгын, ал эми Энесай тексттери болсо Энесай кыргыздарынын мамлекети (Хягас мамлекети) өмүр сүргөн доорго таандык экендигин маалымдайт (623).

Ия Стеблева жазма эстеликтердин тексттери башкаруучуларга (бектерге) жана элге кайрылып, түрк кагандарын көкөлөтүп урматтоого түрткөн чакырык менен ураандарды камтып тургандыгын, ошондой эле орхон жазууларынын айрым бөлүктөрүнө элдик кошоктордун күчтүү таасири да тийгени айкын байкаларын, бул Күл-тегинге арналган Чоӊ жазуунун корутунду бөлүгүндө бар экендигин кабарлайт (624).

А.Эркебаев Күл-Тегинге арналган Кичи жазууларга салыштырганда Күл-Тегинге арналган Чоӊ жазуулар «достаточно сложна, многозначна и многопланова, она сплавлена как бы из кусков мифологии и истории, лирики и героического эпоса, драмы и трагедии», – дейт (Аталган эмгекте, 58).

---

[1] *Ия Стеблева.* Түрк тилиндеги байыркы адабият. Китепте: Кыргыздар, 4-т. – Б., 2011.

Енисей эстеликтери Орхон эстеликтеринен айырмаланат. Ия Стеблева мезгили боюнча Энесай (*автор ушундай берген – Г.Ж.*) рун жазуулары өлгөн адам тарабынан жазылган, түрк тилиндеги көрүстөн лирикасынын тунгуч үлгүлөрүн айгинелейт дейт. Мисалы, Бегредеги, Алтынкөлдөгү, Элегшетегидей алда канча чубалжыган жазуулар маркумдун өмүрүндөгү айрым орчундуу окуяларды баяндаган өмүр-баяндык мүнөздө түзүлгөн. Бул анын орхон жазууларынын белгилүү бир бөлүктөрү менен окшоштугун айкын көрсөтүп турат, бирок Энесай көрүстөн жазууларында маркумдун өмүр-таржымалы экинчи даражадагы роль ойнойт жана эң башкы максатка – өлгөн адамдын ким менен «лаззатка батпаганы» жана ал кимден «ажыраганы» (б.а., өлгөнү) жөнүндөгү кайгы-муңун туюнтуучу максатка багындырылган (Ия Стеблева, 627).

А. Эркебаев А.Н.Бернштамдын жана М.И.Богданованын төмөнкүдөй пикирлерин мисалга келтирет. А.Н.Бернштам енисей жазуулары (кыргыз урууларының жөнүндөгү баяндоолорду камтыйт) өлгөн адамдын көр турмушу, жорук-жосундары жөнүндө поэтикалык формага салынган, салыштырууларга, метафораларга, эпитеттерге бай баяндамалар (повествование) дейт. М.И.Богданова бул пикирди улантып, бул жазуулардын оозеки элдик чыгарма жанрларына жакын экендигин белгилеп келип: «эпические и лирические традиции, лежащие в их основе, известная стабилизованность языка и стиля дают основание считать их **древнейшими литературными памятниками киргизского народа**»[1] (*белгилеген – Г.Ж.*), – дейт.

Ошентип, жогоруда авторлор белгилегендей, жазма эстеликтерде негизинен эли, жери үчүн күрөшкөн баатырларды даңазалоо, мактоо, баатырларды идеализациялоо – тексттердин мазмунун түзөт. Ошону менен катар эле алардын өлүмүнө кайгыруу, аларды жоктоо (кошок), арман, керээз ж.б. маанайындагы мотивдер да бар.

Барсбек-каганга (Ынанчы Алп билге-каган) арнап, кыргыз эли да ташка жазылган эстелик орнотушкан. А.Абдыра-

[1] *Караңыз:* А.Эркебаев. Малоизученные страницы истории кыргызской литературы. – Б., 1999, 55–56-бб. Автор төмөнкүдөй эмгектерге таянат: *А.Н.Бернштам.* Истоки кыргызской литературы. – Труды Института языка, литературы и истории Кирг. Филиала АН ССР. Т.I, 1946; *М.Богданова.* Киргизская литература. – М., Сов. писатель, 1947, С. 7–14.

заков бул эстеликтеги[1] жазуулар Күл-Тегин, Тонукуктун эстеликтериндегидей сюжеттүү поэма эмес, жоктоо мотивиндеги кошокко окшоп кетерин белгилейт: «…эстелик жазуунун ички уюштурулушунда арман, керээз, кошок жанрларынын синтези жатат» (81–82).

А.Абдыразаков өзүнүн эмгегинде орхон-енисей эстеликтеринин түрк элдеринин ичинен өзгөчө кыргыз маданиятына тыгыз байланышы бар экендигин белгилейт. Ал кыргыз тарыхы менен катар элдик оозеки чыгармачылыгынын үлгүлөрү б.а., кыргыз эпосторундагы бир катар белгилер Орхон-Енисейдеги ташка жазылган поэмалардын үлгүлөрүнө окшош жактары арбын кездешерине токтолот. Мисалы, кыргыз эпосторунда, «Манас», «Курманбек», «Жаныш-Байыш» дастандарында кездешкен эпикалык идеализация, гиперболизация, баатырлардын иш-аракеттеринин көтөрүңкү маанайда апыр-та сүрөттөлүшү сыяктуу белгилер Күл-Тегин, Тонукук, Билге-кагандардын эстеликтериндеги баатырдык поэмаларда кеңири учурайт. Ошондой эле кыргыз элдик поэзиясындагы арман, кошок, арноо, мактоо, керээздер, учкул сөздөр, макал-лакаптар орхон-енисей текстеринде да орун алгандыгын көрүүгө болот (86–87).

Дегеле орхон-енисей жазуулары, анын ичинде Барсбек-каганга, Эрен-Улукка, Йаглакар-каганга арналган эстеликтердеги жазуулар, ошондой эле Күл-Тегинге, Тонукукка, Билге-каганга ж.б. арналган эстеликтердеги жазуулар – түрк элдеринин, анын ичинде кыргыз элинин тарыхын жана географиясын, адабиятын жана тилин үйрөнүүдө, философиясын жана маданиятын, этнографиясын[2], дүйнөгө болгон көз карашын, жашоо-тиричилигин, үмүт-тилегин таанууда чети оюла элек кенч.

---

[1] Бул эстеликтин 1889-жылы Миң-Сууда (Минусинск) Н.А.Естафьев тарабынан жазылган көчүрмөсүн таап, тарыхчы, түрколог окумуштуу С.К. Кляшторный кайрадан изилдеп, 1977-жылы Минусинск музейине барып түп нускасын окуган. Ал жерден С.К.Кляшторный Алтын-Көлдөгү эки эстеликти окуп, алардын Бири – Барсбек-каганга, экинчиси Барсбек-кагандын кеңешчиси, кыргыз элчиси – Эрен-Улукка арналгандыгын аныктаган.

[2] **Этнография** *ж* этнография (**1.** элдердин материалдык жана руханий маданиятын, салтын, үрп-адатын, турмуш өзгөчөлүктөрүн, алардын маданий-тарыхый жактан бири-бири менен мамилесин изилдөөчү илим). Орусча-кыргызча сөздүк, С–Я. – Б., 2012, 678-б.

## КЫРГЫЗДАРДЫН АНДАН АРКЫ ТАГДЫРЫ ЖАЗМА БУЛАКТАРДА

### Кыргыздардын бир бөлүгүнүн Тянь-Шанга көчүшү

Кытай маалымат булактары кыргыздардын 847-жылдан кийинки тагдыры жөнүндө эч нерсе айтпайт. Аларда бир гана 860-жылдан 873-жылга чейин дагы үч элчилик болгондугун маалымдайт. Мына ушундан баштап кыргыздар тууралуу маалыматтар кездешпейт.

А.Н.Бернштам муну Лян-Чжоу жана Дунь-Хуан райондорунда жашаган уйгурлардын күч-кубатынын кайрадан жандана баштаганынан улам – 873-жылдан баштап, балким, кыргыздардын Борбордук Азиядагы таасири басаңдай баштаса керек деп болжолдойт. Бешбалыкта жашаган бугу деген уйгур уруусунан чыккан алардын башкы старшинасы Цзунь Чыгыш Түркстандагы Карашар жана Бугюр шаарларын басып алган жана 874-жылы кытай императорунан хан деген титул алган (211; Таншу, гл. 140 б; И. Бичурин. Собр. св., ч.1, 426).

Чыгыштан келген кидан урууларынын көбөйүшү кыргыздарды аракеттеринин багытын Чыгыш Түркстанга жакыныраак которууга аргасыз кылган. А.Н.Бернштам кидандардын кыймылы кыргыздардын бир бөлүгүнүн Тянь-Шанга көчүүсүнө түрткү болгон деп болжолдойт. Кыргыздардын бир бөлүгү 924-жылы Монголияны ээлеп алган кидандардын кысымы астында түндүккө кеткен, «вторая еще в последней трети X века (вероятно в 70–80-х годах) владела городом Пенчулом (Уч-Турфан)»[1].

Ошентип, бир эле убакта уйгурлардын көтөрүлүүсү жана кидандардын күчтөнүшү кыргыздардын түштүктөгү чек арасын батышты карай буруууга, Тянь-Шанга жакындатууга аргасыз кылган. А.Н.Бернштам ушундан улам кыргыздар карлуктардын гана эмес (Жети-Суу), чигилдердин да (Ысык-Көл) жана тухсилердин да (Чүй өрөөнү) коңшулары болуп калышкан дейт[2].

---

[1] *А.Н.Бернштам* бул маалыматтарды берүүдө төмөнкү эмгектерге таянган (Избр.тр., II, 1998, 211): V.Minorsku. Hudud al-Alam. «The regions of the World» a persion geography. London. 1937.

[2] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., 211-б.; *V. Minorsku.* Hudud al-Alam.

Худуд ал-Аламдагы кол жазмалар боюнча «В районе Кашгара проходила граница между народами ягма, Тибетом, Кытаем и кыргызами»[1].

Кыргыздардын Тибет менен байланышы жазма эстеликтерде сакталып калган. Мисалы, кыргыз жазуусунда (Чакул) мындай деп айтылат: «Ради доблести я ходил к тибетскому хану, в качестве посла я ходил и проводил (?)». Дагы бир текстте (Алтын-Көл) тибет ханы дагы эскерилет, болгондо да, «покойный вообще о себе заявляет, как о торговце: «в четырех углах света я был»[2].

Бул мисалдан кыргыздардын «эрдик үчүн тибет ханына барганы», «элчи катары барганы жана узатканы» айтылат.

Жазма булактардын негизинде А.Н.Бернштам мындай жыйынтыкка келет: «В период VIII–X вв. происходило передвижение кыргыз на Тянь-Шань» (211).

IX кылымдын ортосунда Теңир-Тоого уйгур каганатын кулаткан кыргыздардын бир катар тобу келип туруп калгандыгын А.Н.Бернштам, Ө.К.Караев, Ю.С.Худяков, Д.С.Савинов. Т.К.Чороев, М.Ч.Кожобеков сыяктуу изилдөөчүлөр белгилешкендигин Т.Чороев маалымдайт[3].

Мындай маалымат Худуд ал-Аламда да бар. В.В.Бартольд Худуд ал-Аламдагы маалыматтардын негизинде биринчи жолу IX кылымда енисей кыргыздарынын бөлүктөрү Тянь-Шанга кирип келишкендиги тууралуу жазган[4].

Ошентип, жогорудагы маалыматтардын негизинде VIII–X кылымдардын ортосунда кыргыздарда Тянь-Шанга көчүү кыймылы болгон деп жыйынтыктай алабыз.

Бирок алар Тянь-Шанда көп сандаган саясий түзүлүштөргө аралашып кетишкен. Жергиликтүү элдерге караганда аз сандуулугунан улам, алар Тянь-Шанда өз алдынча саясий наамга ээ боло алышкан эмес.

---

[1] *А.Н. Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 211-б.; *V. Minorsku.* Hudud al-Aalam. *В.В.Бартольд.* Очерк истории Семиречья, стр.92-93.;

[2] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., 211-б.; *W.Radloff.* ATIM. 318, 332-б.

[3] *Т.Чороев.* Кытайлык кыргыз тарыхчысынын чыгармачылыгы. Китепте: Кыргыздар. I т., 1993, 302-б.

[4] Восточные авторы о кыргызах. – Бишкек. 1994, 40–41-бб.

Кыргыздар өздөрүнүн улуу жеңиштеринен кийин Енисейге кайтып келишкен, бирок алар «были отрезаны от остального мира мощными центральноазиатскими образованиями киданей, чжурженей и монгол» (217). Ушул эле мезгилде алар батышта ягма, карлук, түндүк-батышта кымактар менен коңшу болушкан, бул алардын түштүк-батыш байланыштарын сактап тургандыгын көрсөтөт.

Радловдун китебинде кыргыз ханы өзүнүн мурунку Енисейдеги ордосуна 970-жылы кайтып келгендиги айтылат. Бул тууралуу В.В.Бартольд мындай дейт: «Это известие, через посредство Риттера, заимствовано у Клапрота (где явная опечатка или описка; 670); Шотт в своих источниках этой даты, повидимому, не нашел, и неизвестно, откуда взял ее Клапрот. Рассказ о походе китаев на Орхон в 924 г. заставляет сомневаться в том, чтобы киргизы могли держаться в Монголии или хотя бы в части ее до 970 г.», – дейт. Албетте, бул дагы тактала турган маселе.

Чындыгында, Монголиядан кыргыздардын кайсы жылдары кетишкендиги тууралуу так маалыматтар жок.

Кыргыздар өзүнүн автономдуулугун көпкө чейин сактап турушкан. Мисалы, батыш кидандары XII кылымдын биринчи жарымында (1120–1124-жж.) кыргыздардын территориясына жарып кирүүгө аракет кылышкан, бирок кире албай батышка (в бассейн р. Эмиль) кетишкен[1].

Кыргыздардын Борбордук Азиянын тарыхый процессине активдүү катышуудан чыгып калышы тууралуу А.Н.Бернштам: «Исключение кыргыз с первой трети X века из активного участия в историческом процессе Центральной Азии не могла не сказаться на развитии их социально-экономического строя. Родовой строй, который не был разрушен бурными событиями VI–IX вв., в условиях изолированного положения кыргыз вновь обретает силу» (218).

Орто Азиянын шаарларында кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн өнүгүшү жана Борбордук Азиянын жана Жети-Суунун феодалдык шаарларында, Чыгыш Түркстанда жана Кытайда кол

[1] *В. Бартольд,* Отчет... 102–103-бб.

өнөрчүлүк өндүрүшүнүн продуктыларынын аябагандай көп санда пайда болушу «исключило возможность спроса на ремесленное производства кыргыз» (218). X кылымда кыргыздардын өлкөсү кол өнөрчүлүк продуктылары кирип, бирок чийки заттар (сырье) гана чыгып турган жерге айлангандыгы Худуд ал-Аламда, Ибн Хаукалда ж.б. айтылат.

Негизинен, кыргыздар Монголияда үстөмдүк жүргүзгөн эң акыркы түрк элдеринен болгон, «после их поражения Монголия приобрела тот этнографический характер, который она сохранила до сих пор» (В.В.Бартольд. Киргизы. Китепте: Кыргыздар. 10-том, 115).

## Кыргыз державасынын коомдогу ролу

Кыргыз державасы IX–X кылымдарда гүлдөп турган. В.В.Бартольд бул мезгилди «Кыргыз улуу державасы («Кыргызское великодержавие») деп атаган.

Кыргыздар Азиянын аябагандай кеңири талааларын багындырышкан. Ю.Худяков: «IX–X кк. кыргыздар активдүү катышкан окуялар Борбордук Азия регионундагы этномаданий өнүгүүнүн багытын өзгөрттү. Биринчи жолу Азия талааларында башкаруучу орунду түндүктөгү Миң-Суу ойдуңунда жашаган анча көп эмес сандагы көчмөн эл – кыргыздар ээледи»[1], – дейт.

Бул мезгилдеги окуялардын тарыхый мааниси зор. Кыргыздардын уйгурларды жеңиши менен уйгурлар туш тарапка тараган. Кыргыздардын Тянь-Шанга жолу ачылган. Ю.С. Худяков бул окуялар «рассеяли уйгуров по азиатским степным просторам от Восточного Туркестана до Забайкалья, способствовали консолидации кимакского объединения, открыли путь кыргызам на Тянь-Шань, стали прелюдией для выхода на широкую арену мировой истории монголоязычных кочевников» (Аталган эмгекте, 259), – дейт.

[1] *Ю.С.Худяков.* Эпоха «Кыргызского великодержавия». Китепте: Кыргыздар, 10-том, 2011, 258–259-бб.

Ошентип, IX–X кылымдардагы кыргыздар активдүү катышкан окуялар Борбордук Азия регионундагы этномаданий өнүгүүнүн багытын өзгөрткөн. Азиянын талааларында биринчи жолу үстөмдүк кылуучу абалды алыскы түндүк перифериядагы – Миң-Суу ойдуңундагы көп эмес сандагы көчмөн эл – кыргыздар ээлеген.

Чыгыш Түрк каганаты жана анын тарыхы, бул доордогу кыргыздар жөнүндө мурунку бөлүмдөрдө сөз кылдык. Ал эми бул мезилде Батыш Түрк каганатынын абалы кандай эле?

## БАТЫШ ТҮРК КАГАНАТЫ

### Батыш Түрк каганаты. Түндүк Кыргызстан

Батыш Түрк каганаты менен түргөштөрдүн тарыхы Түндүк Кыргызстан менен тыгыз байланыштуу. Анткени алардын ордолору Чүй өрөөнүндө жайгашкан. VI–VIII кылымдарда саясий жактан эң активдүү уруулардын (племен и родов) мекени – Суябдан Таласка чейинки тоо этектериндеги тилкелер болгон.

VI–VIII кылымдардагы Батыш Түрк каганатынын жана түргөштөрдүн тарыхы – ошол эле убакта бүт Орто Азиянын тарыхынын да бир бөлүгү, ошондой эле Чыгыш Түркстандын, Түндүк Афганистандын ж.б. коңшу жашаган бир катар мамлекеттердин да тарыхы болуп эсептелет (276).

Бул доордогу Кыргызстандын урууларынын тарыхы «есть проявление рабовладельческой формации, которую переживали народы Средней Азии» (276), – дейт А.Н.Бернштам.

Ошентип, Батыш Түрк каганатынын тарыхы Орто Азиянын да тарыхынын бир бөлүгүн түзгөн жана кул ээлөөчүлүк формацияны башынан өткөрүп жаткан.

Ал эми бул мезгилдеги Түштүк Кыргызстан тууралуу бир нерсе айтуу кыйын. Илимде Фергана жөнүндө маалыматтар бар. Бирок, биз Түрк каганаты, анын ичинде Батыш Түрк каганаты жана алар жайгашкан жерлер тууралуу сөз кылып жаткандыктан, Фергана жана анын жашоочулары ж.б. тууралуу кеп кылуу биздин максатыбызга кирбейт.

**Батыш түркүттөрү жана алардын Түндүк Кыргызстандагы үстөмдүгү.** Батыш түркүттөрү Түндүк Кыргызстанда азчылыкты түзгөн. Истеми-хан канча дружинниктерди өзү менен кошо алып кеткенине карабастан, түркүттөр аларга баш ийген областтардын ичинде деңиздеги бир эле тамчыдай болуп калган. Ошондуктан алар жергиликтүү элге аралашып жок болуп кетүү коркунучунда эле, же негизги масса Суй империясынын таман астында болгондуктан, анын курмандыгы болушу мүмкүн эле.

Бирок андай болгон жок. Иш жүзүндө иш таптакыр башкача болуп чыкты. Л.Н.Гумилев белгилегендей, «кочевники Семиречья, Чуйской долины, низовий Волги и Кубани, верховий Иртыша и Ишима выказали полную лояльность династии Ашина. Точно так же повели себя оседлые обитатели оазисов бассейнов Тарима и Амударьи и даже горцы склонов Гиндукуша и Кавказа» (Древние тюрки, 1, 374). Ошентип, бул жерде түркүттөр үстөмдүк кылуучу абалды сактаган.

Анын үстүнө Истеми менен Кара-Чурин Түрк таланттуу полководецтер гана болбостон, чыгаан администраторлор да болушкан. Алар багынткан өлкөлөргө «создали modus vivendi» (Древние тюрки, 375). Буга чейин майда согуштардан ташыркаган, бири-бири менен байланышы жок бытыранды уруулар түркүттөрдүн тушунда тынчтык турмуштун даамын татып, өздөрүнүн көчмөн мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк алышкан жана бул өз кезегинде «привело **к возникновению сознания единства, которое с тех пор стало называться тюркским»** (375) (*белгилгеген – Г.Ж.*).

**Батыш түркүттөрү.** Биздин замандын VI кылымында Кыргызстандын территориясы Батыш Түрк каганат деген эң чоң көчмөндөрдүн мамлекетине кирген. Батыш Түрк каганатындагы уруулар «раскинулась от Алтая до Сыр-Дарьи, а временами влияние тюркского каганата проникало до Аму-Дарьи и даже западней ее. Тюркские войска доходили до Кавказа и Византии» (А.Н.Бернштам, Избр.тр., II, 1998, 515).

Кыргызстандын территориясында, негизинен Чүй өрөөнүндө бул мезгилде Заравшандык (Заравшан өзөнү) иран элдери –

согдулар тарабынан негизделген отурукташкан дыйканчылык кыштактары пайда болгон (515).

А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча айыл чарбасында жана кол өнөрчүлүктө кулдардын эмгеги кеңири пайдаланылган. Ал эми жогоруда аталган жерлердин (край) саясий кожоюндары – согду аристократиясы менен көчмөн ак сөөктөрүнүн (знать) союзунан турган Батыш Түрк каганаты эле, албетте, көчмөн ак сөөктөрү саясий жактан артыкчылыкка ээ болгон.

**Батыш Түрк каганаты жана бийлик башындагылар.** Негизинен, Ашина династиясы, күчү кайтканына карабастан, кол алдындагылардын бардыгын кабыл алууга жарамдуу болгон. Бирок чыныгы күчтөр бийлик башында туруу үчүн бирибири менен күрөшүүнү улантып жатышкан.

Л.Н.Гумилев белгилегендей, жетекчилик кызматка эки уруу – Жети-Суудагы, ошондой эле батыш Жунгариядагы дулу уруусу жана батыш Тянь-Шанда Ысык-Көлдүн айланасында жашаган нушиби уруусу талапкер болушкан. Алардын ар бири беш уруудан турушкан, ошондуктан Батыш Түрк каганатын «он уруу (десять племен)» деп да аташкан (376).

Булардан тышкары да «түрк жабгулар» болгон. Батыш каганатта жашаган бул түркүттөр Иль-хан Бумындын тушунда Истоминин ябгу болгондугун эске салат[1]. Бул аталыштар бири-бирин алмаштыра алат, бирок алардын катар колдонулушу – VII кылымда түркүттөр жана он уруу түрктөрүнүн ортосундагы айырмачылыктар жоголбогондугун, али да сакталгандыгын билдирип турат (Древние тюрки, 1, 376).

Ошентип, Батыш Түрк каганатынын бийлик башында турууга жогорудагы уруулардын өкүлдөрү талапкер болушкан.

[1] Ил-хан Бумындын тушунда Истоми – ябгу болгон (Л.Н.Гумилевдо - Истоми деп берилгени сакталды). Л.Н.Гумилев: «Джабгу то же, что ябгу; разница за счет диалектов: йокающего и джокающего», – дейт. Караңыз: Древние тюрки, 1, 376, 339-бб.

## Батыш Түрк каганаты менен енисейлик кыргыздардын байланышы

Батыш Түрк каганаты енисей кыргыздары менен тыгыз карым-катышта болгон. Енисей кыргыздарынын ак сөөктөрү Жети-Суунун карлук жана түргөш урууларынын жолбашчылары менен туугандык байланышта болгон. Бул, негизинен нике байланышы болгондугун белгилөө керек.

Ошондой эле Тянь-Шанга кыргыз усталары жана алардын буюмдары келген. Мисалы, кыргыз усталары жасаган буюмдар Кочкордон, Жети-Суунун территориясынан табылган. Ошондой эле Кыргызстанда кыргыз рун жазуулары кеңири тараган (Талас)» (515). Кыргыз жазуулары тууралуу өзүнчө сөз болот.

Археологиялык фактылар бул мезгилде Алтай жана Енисейге Орто Азиянын маданияты киргендигин маалымдайт. Жети-Суу ушул аталган областтар (Енисей, Алтай) менен тыгыз карым-катнашта болгон. **Ал түгүл азыркы кыргыз урууларынын курамында Батыш Түрк каганатындагы уруулардын бар экендигин А.Н.Бернштам төмөнкүчө баяндайт: «...в составе современных названий родов и племен киргиз отложились древние названия тех племен, которые составляли Западнотюркский каганат»** (*белгилеген – Г. Ж.*) (515).

Археологиялык фактылар аркылуу Кыргызстанда Батыш Түрк каганаты бийлик кылып турган учурда Енисейден кыргыз элинин Тянь-Шанга келишинин күчөгөндүгү белгилүү болгон. А.Н.Бернштам бул тууралуу мындай дейт: «...в пору VI–VIII вв., т.е. во время господства в Киргизстане Западнотюркского каганата, еще больше усилился приток киргизского населения с Енисея» (515).

Мындай кабар жазма булактарда да бар. Мисалы, айрым X кылымдын мусулман булактарында VIII–IX кылымдардагы окуялардын баяндалышында Тянь-Шанда кыргыздардын болгондугу тууралуу маалыматтар бар (515).

А.Н.Бернштам бул мезгилде кыргыздардын санынын көбөйүшү дагы бир жагдай менен түшүндүрүлөт дейт: IX кылымдын аягында X кылымдын башында кыргыздар Чыгыш Түрк-

стандын түндүгүнө кирип келишкен «и большая группа киргиз стала вообще непосредственным соседом Киргизии в период власти здесь племен карлуков (766–940)» (515).

Демек, енисейлик кыргыздардын түрк доорунда түндүк Кыргызстанга келген агымы археологиялык материалдар менен да, жазма булактар менен да тастыкталган. Бирок, ошого карабастан түндүк Кыргызстанда кыргыздардын саны жагынан башка урууларга караганда азыраак болгон жана Тянь-Шанда көпчүлүктү түзгөн эмес. А.Н.Бернштам: «они не получили на Тянь-Шане преобладания, почему их имя редко фигурирует в списках племен Киргизстана у древних авторов» (515), – дейт.

Ошентип, жогорудагы маалыматтар Түрк каганатынын тушунда енисейлик кыргыздардын Тянь-Шанга көбүрөөк келишкендигин жана Тянь-Шандагы кыргыздар мурункуга караганда сан жагынан көбөйгөндүгүн айтып турат. Бирок алар саны жагынан көпчүлүктү түзбөгөндүктөн, өзүнчө күч катары саясий турмушка таасирин тийгизе алышкан эмес. Тарыхый булактарда да алар тууралуу маалыматтар енисейлик кыргыздарга караганда азыраак орун алган.

## БАТЫШ ТҮРК КАГАНАТЫ ЖАНА ЧЫГЫШ ТҮРК КАГАНАТЫ. АЛАРДЫН СОЮЗДАШТАРЫ

### Батыш Түрк каганаты жана анын союздаштары

**Саясий абал.** Каганаттын батыш чек арасындагы абал абдан оор эле. Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча Тун-жабгу-каган чыгыш түркүттөрүнүн душманы болгон. Анын ээлеген жерлери бүт Жунгарияны камтыган, «и, следовательно, только хребет Монгольского Алтая разделял ставки восточного и западного ханов» (Др.тюрки, 1, 409).

Батыш Түрк хандарынын алдында чечилбеген эки тышкы саясий маселе турган, ал: аварларды багындырып, Иран аркылуу жибек ташыган кербендерге («караваны с шелком») жол ачуу эле. Буга алардын өз күчү жетмек эмес, эки учурда

тең алардын табигый союздашы Византия болгон. Ал эми Византияга бул учурда перстер кыргын салып жаткан эле (409).

610-жылы Константинополдо өкмөт алмашып, бийликке полководец Ираклий келген. Византия империясынын абалы оор бойдон калган. Анткени анын европалык провинцияларында Иран менен союз түзүшкөн аварлар толуп кеткен, ал эми 616-жылы Эгипеттен айрылуу борборду нансыз калтырган (409).

Перстер менен аварлар Византияны эки тараптан кысып кирген (409). Бирок өзүнүн аракети менен Ираклий аварлардын Константинополдон кетишине жетишкен: «Его эмиссары сумели возбудить среди кутургуров недовольство аварским господством, а коль скоро авары об этом узнали, они согласились за деньги снять осаду с Константинополя и в 620 г. отступили за Дунай» (Др.тюрки, 1, 409).

Ираклий аман калган борбор шаарды калтырып, армиясын перстерге каршы багыттаган. Алардын 632-жылы жасаган биринчи жортуулу ийгиликсиз аяктаган. Ираклий союздаштарды издеген.

625-жылы Ираклий хазарларга Андрей деген өз өкүлүн жиберген. Түндүк падышанын өкүлү (наместник) Джебгу-каган[1] Ираклийге жардам берүүгө даяр экендигин билгизген. Ал: «Я выйду на мщение против врагов его [Ираклия]; приду сам с храбрыми войсками моими на помощь ему, совершу угодное ему делами воинскими, мечом моим и луком, как он этого желает»[2].

Ошентип, Батыш Түрк каганаты Византия менен Иран күрөшүнө тартылган, ошол эле учурда Кытай менен достук мамилени уланткан, ал эми Чыгыш Түрк каганаты менен дагы эле душмандык мамиледе болгон (Собр. св., 1950, т. I, 284).

---

[1] *М.И.Артамонов* История хазар... с.155; Мына ушундан баштап византия тарыхчылары түркүттөр менен хазарларды окшоштурушат, мунун себеби, Л.Н.Гумилевдун пикиринде, «потому, что хазары стали главной опорой каганата в Прикаспийских степях» (*Л.Н.Гумилев.* Др.тюрки, 1, 410).

[2] *Л.Н.Гумилев.* Др.тюрки, 1, 410-б.; Автор төмөнкү эмгекке таянат: М.И. Артамонов. История хазар... 54-б.

Натыйжада, эки зор коалиция түзүлгөн: бир жагынан Кытай, Батыш Түрк каганаты жана Византия империясы, экинчи жагынан – Чыгыш Түрк каганаты, Иран жана аварлардын державасы (411).

Мына ушул карама-каршы эки коалициянын биринин курамында Батыш Түрк каганаты болгон, ал эми Батыш Түрк каганатына азыркы Түндүк Кыргызстандын территориясы кирген. Кыргызстандын түндүгүндө жашаган кыргыздар да башка уруулар менен бирге Батыш Түрк каганатынын карамагында болушкан жана башка уруулар менен кошо эле мына ушул эки чоң коалициянын күрөшүнө тартылган.

Батыш Түрк каганатынын тышкы саясий максаты – улуу жибек жолу үчүн күрөш болгон. Бул – бир жагынан, каганаттын түштүк областтарындагы соода борборлорунун тиричилик керектөөлөрү болгон, экинчи жагынан, каганаттын түндүктөгү кол алдындагыларын (подданные) баюуга үмүттөндүргөн (Древние тюрки, 1, 375). Ошентип, династиянын жана өлкөнүн кызыкчылыктары бири-бирине дал келген.

**Батыш Түрк каганатынын Византия, Кытай менен союздук келишими.** Жогоруда аталган коалициялардын ортосунда дипломатиялык сүйлөшүүлөр болгонбу же алардын мындай согуштук жүрүштөрү мезгили боюнча гана бири-бирине дал келип калганбы деген суроо келип чыгат.

Тарыхый маалыматтарга караганда, бул коалициялардын бардык мүчөлөрүнүн ортосунда белгилүү бир байланыш болгон. Л.Н.Гумилев аварлар менен перстердин ортосунда аскердик союз болгондугун белгилейт.

Ал эми Византия Батыш Түрк каганатынын өкүлү менен союздук келишимге кол койгон (411).

Кытай хроникасында батыш түрк хандары Шегуй жана Тун-джабгу Кытай менен: адегенде Суй, андан кийин Тан бийликтери менен союз түзүшкөндүгү катталган[1].

Мындан бул коалициянын мүчөлөрүнүн ортосунда кандайдыр бир келишимдер болгондугу, союздар түзүлгөндүгү көрүнүп турат.

---

[1] *Н.Я.Бичурин.* Собр.св., 1950, т.I, с.283; История Китая. VIII. Тетр. 39.

Биринчи коалициянын мүчөлөрү – Византия, Кытай жана Батыш Түрк каганаты соода кербенинин өнүгүшүнө кызыкдар болушкан.

Батыш Түрк каганатынын да өз кызыкчылыгы болгон. Батыш түрктөрдө эки партиянын, т.а., эки уруулук союздун: түндүк-чыгыш көчмөндөр – дулу жана түштүк-батыш көчмөндөр – нушибинин ортосунда күрөш жүрүп жаткан эле. Дулу көчмөндөрү экономикалык жактан түндүк түркүттөр жана Турфан менен байланыштуу болгон. Ал эми Нушиби уруусундагылар согдулук соода шаарлары менен байланышууга умтулушкан.

Хандар – Шегуй (611–618) жана Тун-Джабгу (618–630) нушиби уруусунан коюлган хандар (ставленники) болушкан: ушундан улам алар чыгыш түркүттөргө каршы Кытай менен, ал эми Иранга каршы Византия менен тыгыз байланышта болушкан.

Ар бир мамлекеттин өз кызыкчылыгынан башка да бул коалициянын, т.а., Византия, Кытай жана Батыш Түрк каганатынын, Л.Н.Гумилевдун пикири боюнча (412), Европа менен Кытайдын ортосунда эркин жана коопсуз соода орнотуу максаты болгон.

## Чыгыш Түрк каганаты жана анын союздаштары

**Чыгыш Түрк каганаты, Иран жана аварлардын державасы.** Ал эми экинчи коалициянын (Чыгыш Түрк каганаты, Иран жана аварлардын державасы) максаттары ар түрдүү болгон. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай дейт: «Аваров интересовало больше всего грабеж; у Ирана с Византией были давние счеты»[1]. Кытайда күчтүү бийликтин орношу Чыгыш түркүт-

[1] *Л.Н.Гумилевдо* бул тууралуу: «...О заградительных мероприятиях иранского правительства говорилась выше. Что они продолжались до 628 г., видно из слов персидских вельмож при низвержении Хосроя Парвиза: «Доколе проходы дорог будут заперты и будут препятствовать выгодам разных стран нашего отечества» (История агван... С. 113). Понятно, что политика запретов и стеснений торговли не могла не вызвать ненависти купцов всего мира против Сасанидов». Караңыз: Древние тюрки, 1, 419-б.

төргө саясий жана экономикалык жактан өз алдынчалыгынын жок болуу коркунучун туудурган, ошондуктан түркүт хандары Кытайда болгон бардык көтөрүлүштөрдү жана башаламандыктарды колдошкон жана миңдеген саясий эмигранттарга баш маанек (прибежище) беришкен[1]. Кытай көтөрүлүшчүлөрүнөн башка Кат-иль-хандын (Хйели-хан) дагы эки союздашы болгон (412).

Чыгышта кидан менен татаб уруулары уйгурлардын жолуна түшкөн эмес, алар каганатка берилген бойдон калышкан жана VII кылымдын 20-жылдарында каганаттын төлөс бөлүгүн түзүп, Шибир-хандын уулу, тактын мураскери Шибобинин (кытай жазма булактарында Тули-хан[2] деп берилет) башкаруусу алдында болушкан. Кидандар Тан империясына кас (душмандык) мамиледе болушкан. Татабдар деле ушундай мамиледе болгон, бирок алар андан да ашып «вступили в союз с одним из претендентов Гао-Кай-дао и совместно с ним вторгались в пределы Китая» (Н.Я.Бичурин, 1950, т. I, 362, 371-бб.; Л.Н.Гумилев. Аталган эмгекте, 412).

Чыгыш түркүттөрүнүн экинчи союздашы – тогондор болгон. 615-жылы Суй династиясы кулагандан кийин аларга болгон көз карандылыктан бошонгон тогон падышасы Тан династиясынын талапкерине жардам берген. Бирок падыша туткундарды бошотуп бергенден кийин тогон падышасы Тан династиясынын душмандарынын тарабына өтүп кеткен[3].

Анын мындай кадамына, Л.Н.Гумилевдун пикири боюнча, кылдат саясий эсеп гана эмес, кытайлыктардан жана алардын союздашы болгон батыш түркүттөрдөн жапа чеккен тогон элинин маанайы да таасир эткен. Тогондор өч алууну көздөшкөн. Тогондордун күчү көп болбосо дагы, душмандарынын күчүнүн аларга каршы – батышка бөлүнүшү табгачтардын күчүн

---

[1] *Л.Н.Гумилев.* Древние тюрки, 1, 412; Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү авторго таянат: Liu Mau-Tsai. Die chinesischen Nachrichen... S. 134, 182-183.

[2] Тули-хан – төлөстөрдүн ханы. *Караңыз: Л.Н.Гумилев.* Аталган эмгекте, 419-б.

[3] *Н.Я.Бичурин.* История Тибета… 89-б.

чачыранды кылып, түндүк чек араны алсыздантмак. Ошондуктан түркүт ханы үчүн Тогондун союзу өтө маанилүү болгон.

Кат-ил-хан (Хйели хан) алдыдагы согушта жалаң гана кытай көтөрүлүшчүлөрүнө таянуу жеңишти алып келбесине көзү жеткен. Бирок ал «опирался на стяжание собранное его отцом и старшим братом, и имел многочисленную и отличную конницу» (Др.тюрки, 1, 413).

Ошентип, аталган эки чоң коалициянын ар биринин өз максаттары жана кызыкчылыктары болгон.

## ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАН БАТЫШ ТҮРК КАГАНАТЫНЫН ТУШУНДА

### VI кылым. Батыш Түрк каганаты

**Далобянь.** Түрк каганаты түзүлгөндөн баштап VI кылымдын ортосунда батыш түрктөр түрк мамлекетинин курамдык бөлүгү болсо да өз алдынча саясий биримдик катары бөлүнүп турушкан. Бул, А.Н.Бернштамдын пикири боюнча, алардын ээлеген территориясына, экономикалык өнүгүшүнө жана батыш урууларынын чыгыш урууларынан этностук өзгөчөлүгүнө байланышкан.

VI кылымдан баштап Кыргызстандын территориясы Батыш Түрк каганатынын курамына кирет. Усунь этноним катары жок болот. Бул тууралуу А.Н.Бернштам: «Усунь, как этноним изчезает. Усуньские племена входят в новое этническое образование, связанное с господством тюрок», – дейт (Избр. тр., II, 1998, 25).

Батыш Түрк каганатынын өз алдынча саясий түзүлүш катары калыптана башташы Далобяндын аты менен байланыштуу (Далобянь жана анын мураскерлери тууралуу сөз болот).

**Батыш каганатынын ордосу кайда жайгашкан?** Батыш каганынын ордосу мурунку усундардын жеринде, т.а., Тянь-Шань территориясында болгон. Тянь-Шань, Ысык-Көл, Чүй (эмгекте Чу деп берилген) жана Талас суу бойлорундагы өрөөн-

дөр – батыш түрктөрдүн ээликтеринин борборун түзгөн. Бул территорияда мурун эле, биринчи согду колонизациясынын мезгилинде курулган көп сандагы отурукташкан кыштактар (поселение) болгон. Согдулардын бул жерге көчүүсү Далобяндын тушунда, алар Талас суусунун жээгинде Хамукат шаарын негиздегенде эле болгон (А.Н.Бернштам, Избр.тр., 1998, II, 257).

**Батыш кагандарынын ордолору –**
**Суяб жана Талас**

Чүй жана Таласта батыш кагандарынын ордолору жайгашкан. Борбору – Суяб[1] жана Талас болгон. Бул борбор шаарларда түрктөрдүн жана согдулардын башкаруучу чөйрөлөрү жашашкан. А.Н.Бернштам аталган шаарларда «укреплялась господствующая верхушка каганата и согдийских дихкан, объединенно управлявших государством», – дейт (264).

Бирок көчмөн калктын ичинде түрк уруулары бийлөөчү ролдо болгон, алар бардык жергиликтүү урууларды өз бийлигинин алдында кармап турган жана ассимиляция кылышкан.

**Суяб шаары.** Көрүнүп тургандай, батыш түрктөрдүн ээлеген жерлери азыркы түндүк Кыргызстандын жерлери болгон. Ошол мезгилде бул жерде Суяб шаары орун алган. Сюань Цзяндын тушунда, 630-жылы батыш түрктөрдүн бул шаары мындайча сүрөттөлгөн: «Проехав, примерно, 500 ли (250 *км*) на северо-запад от озера Иссык-Куль он (Сюань Цзан) достиг города на реке Су-е (Чу). Этот город (Суяб) имеет в окружении от 6 до 7 ли, он является местом встречи купцов, приезжающих из отдельных государств» (А.Н.Бернштам. Избр.тр., II, 1998, 257).

Ошентип, Ысык-Көлдүн түндүк-батышынан 250 *км* Чүй суусунун боюнда жайгашкан Суяб шаары (азыркы Чоӊ-Кемин районунда) ар кайсы өлкөлөрдөн келген соодагерлердин жолугушкан жери болгон экен.

---

[1] *А.Н.Бернштамда* «Новороссийское городище на р. Чоӊ-Кемин» деп берилет (264).

Аталган жердин климаты суук болгон, муздак шамал күч алып тургандыктан, адамдар жүндөн токулган кийимдерди кийишкен. Жер кызыл таруу, буудай жана жүзүм өстүрүүгө ылайыктуу болуп, ал эми токой өсүмдүктөрү сейрек болгон. Бул жерде элдин жарымы жерди иштетишкен, калгандары соода кылышкан (257).

Суябдан батышка карай бири-биринен обочо жайгашкан онго жакын шаар орун алган, алар түркүттөргө багынган жана башкаруучулардын көзөмөлүндө болгон.

**Талас шаары.** А.Н.Бернштам Сюань Цзандын маалыматы боюнча Талас шаарынын жайгашкан жерин жана анын соода борбору болгондугун мындайча маалымдайт: «Сделав от ста сорока до ста пятидесяти ли на запад от Мынг Булака, Сюань Цзан приехал в город Талас, имеющий в окружении от 8 до 9 ли. Здесь останавливаютя и торгуют всевозможными товарами купцы, приезжающие из разных стран» (А.Н.Бернштам, Избр.тр., II, 1998, 258).

Бул маалыматтар дагы Талас шаары Суяб шаарындай эле ар кайсы өлкөлөрдөн келген соодагерлердин соода борбору болгондугун баяндайт.

Ошентип, Батыш Түрк династиясынын тушунда Суяб жана Талас – түрк кагандарынын борбору болуу менен бирге эле ар башка мамлекеттерден келген соодагерлердин соода борбору да болуп эсептелген.

Бул өлкөнүн климаты жана табигый байлыгы жагынан Су-е өлкөсүнө окшошкондугу белгиленет.

Мындан 10 дой *ли* түштүккө карай бир шаар жайгашкан. Анда Кытайда туулган 300 бүлө жашаган. Аларды ал жерге байыркы заманда (в старину) Кытайдан түрктөр күч менен алып келген экен»[1].

**Су-ли. Жашоочуларынын тили, кийимдери.** Су-е суусунда (на реке Су-е) жайгашкан шаар менен Ки-шан-ни (Касан-

---

[1] *А.Н.Бернштам* бул маалыматтарды берүүдө чет тилде жарык көргөн эмгектерге таянган (Да Тан Сиюйцзи, цз. 1, 8-б. ж.б.; St.Julien. 1853; S.Beal. 1911; О культуре и социальном устройстве западных тюрок. см. W.Barthold. Vorlesungen... стр. 42 и сл.; *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 257-258-бб.).

на) королдугунун ортосундагы өлкө Су-ли деп аталган; «обитатели ее, а также их писменность и язык, носят то же наименование. Основные письменные знаки немногочисленны: они сводятся к 32 буквам, комбинация которых постепенно привела к образованию большого числа слов» (А.Н.Бернштам, Избр.тр., II, 1998, 257).

Бул өлкөнүн адабияты бир нече тарыхый мемуарларда камтылган. Бул китептердеги текст жогорудан төмөнгө карай окулат жана бири-бирине берилип отуруп, тынымсыз муундан муунга өтүп келет.

Адамдары пахтадан, жүндөн токулган кездемелерден, же териден тигилген тар жана кыналып турган кийимдерди кийишкен. Чачтарын башынын төбөсүнө бир тутам кылып түйүп, кээде такыр эле кырып коюшкан. Баштарын жибек кездеме менен ороп алышкан. Бойлору узун болгон. Жашоочулардын жарымы жерди иштетишкен, калгандары соода кылышкан (257).

### Дубалдар менен курчалган кыштактар Чүйдө жана Таласта

**Түрктөр жана согдулар.** Жогорудагы баяндоолор VII кылымдын 20-жылдарына таандык. Ушул мезгилде Чүй жана Талас өрөөнүнүн территориясында дубалдар (чэндер) менен курчалган бир катар кыштактар (поселения) болгон. Түрк элдери менен катар эле бир кыйла көп согдулар да жашашкан. Алар дыйканчылык, соодачылык, шаарда кол өнөрчүлүк кылышкан. Короо-жайлуу турак жайлар (дома-усадьбы) – өздөрүнүн чарбасында кулдарды жумшаган патриархалдык үй-бүлөнүн өзүнчө бир чеби (крепость) болгон. Ушундай кыштактардын урандылары Фрунзе шаарынан чыгышка карай 34 *км*де жайгашкан Красная Речкадан табылган (258).

**Кыштактар (поселения).** Бул мезгилдеги кыштактар (поселения) мындайча сүрөттөлөт: «Поселение этого времени представляли собой совокупность укрепленных домов, сложенных из пахсы». Үйлөр бири-бирине катар (параллель) жайгашкан

узун бөлмөлөрдөн турган жана «были перекрыты коробовым сводом из сырцового кирпича» (258). Үй тегерете дубал менен курчалган. Короонун ичинде көрүстөн жайгашкан. Чүй өрөөнүндөгү согду элдери «исповедовало зороастризм и поэтому умерших не хоронили в земле, а кости после разложения трупа складывали в специально изготовленные глиняные гробики, называемые археологами оссуариями. Иранское название этих гробиков – астодан»[1].

Мындан согду элдеринин каада-салттары түрктөрдөн айырмаланып тургандыгы көрүнүп турат.

**Түрк жана согду карым-катышы.** Жогоруда белгиленгендей, Чүй өрөөнүндө түрк жана согду элдери жашашкан. Алардын бул жерде IX кылымдын аягында дагы эле чогуу жашашкандыгын Махмуд Кашкари да белгилеген, ал түрктөрдүн согдуларды ассимиляциялашкандыгы тууралуу айткан. Мындай синтездин иллюстрациясы болуп «являются находки хумов с надписями (Красная Речька) сделанными согдийской вязью, но тюркским языком» (А.Н.Бернштам, 286).

Ошентип, түрктөр менен согдулардын бир жерде жашашы – алардын тыгыз карым-катнашуусуна шарт түзгөн. Өз кезегинде согдулардын жашоосуна, идеологиясына түрк көчмөндөрүнүн таасири тийген. Чүй өрөөнүндө турушкан иран элдери менен тыгыз жанаша жашаган түрк көчмөндөрү согдулардын идеологиясына белгилүү бир деңгээлде из калтырган. Мисалы, көчмөндүн турак-жайы боз үй болгондуктан, согдулар өздөрүнүн оссуарийлерин боз үйдүн формасында жасашкан.

А.Н.Бернштам оссуарийдин төбөсүндө «вырезаны линии, в одном случае напоминающие плетеную основу кибитки (кереге и уки[2]), в другом аппликации и орнамент кочевнических кошм» (258), – дейт.

Жогоруда сыпатталган оссуарий, А.Н.Бернштам туура белгилегендей, көчмөн түрктөрдүн жана согду дыйкандары-

---

[1] *Караңыз:* А.Н.Бернштам. Избр.тр., II, 1998, 258-б.; *Н.Марр.* Сирийское происхождение найского damdaran (оссуарий), «могила», «склеп». ЗВО, т.XX.

[2] Керегелер жана ууктар.

нын идеологиясынын айкалышынын көрсөтмөлүү эстелиги болуп эсептелет.

Мындай көрүнүштөргө алтындан жасалган зер буюмдар (украшение) да мисал боло алат. Мисалы, майда «буурчак» түрүндөгү оймо-чиймелүү тегерек зер буюмдун ич жагында адамдын, кудум эле түрктүн бети (лицо) сүрөттөлгөн (А.Н.Бернштам, 259)

Ошентип, бир жерде жашаган эки элдин маданиятында, кол өнөрчүлүгүндө жогорудагыдай бири-биринен таасирленген көрүнүштөр орун алган. Бул – биринчиден, согдулар менен түрктөрдүн жанаша жашашкандыгын далилдеп турса, экинчиден, түрктөрдүн согдуларга күчтүү таасир тийгизгендигин, өз учурунда согдулар да түрктөргө, өзгөчө кол өнөрчүлүгүнө белгилүү өлчөмдө таасир тийгизгендигин көрсөтүп турат.

## V–VII кк. согду-түрк маданияты. Сокулуктагы табылгалар

Биздин замандын V–VII кк. согду-түрк маданияты тууралуу эң маанилүү маалыматтар Чоң Чүй каналынын курулушунда алынган. Согду колонизациясына тиешелүү коллекциялар Сокулук суусунун сол жээгинен чогултулган: «Здесь трасса канала прорезала торгово-промышленные предместья древнего безымянного города. В предместье оказались отложения разных эпох от V в.н.э. – до XII вв.н.э.» (А.Н.Бернштам, Избр. тр., II, 1998, 259).

Сокулуктагы кыштактар (поселения) эзелтеден бери эле өнүккөн кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн борбору болгон (259). Сокулуктун төмөнкү катмарындагы маданий калдыктардын мүнөзү б.з. V кылымында эле эки маданий кубулушту айырмалоого мүмкүндүк берген. Биринчиси – жергиликтүү уруулардын маданий традициялары менен генетикалык жактан байланышкан жергиликтүү маданий кубулуштар, экинчиси – аябай ачык-даана көрүнүп турган согду таасири (А.Н.Бернштам, Избр. тр., 259).

Демек, Сокулук V кылымда эле кол өнөрчүлүктүн борбору болгон, ошондо эле кол өнөрчүлүгүндө жергиликтүү уруулар-

дын тээ байыртан бери сакталып келе жаткан маданиятына ачыктан-ачык эле согдулардын таасири тийген. Бул Сокулук суусунун сол жээгинен табылган коллекциялардан улам белгилүү болгон.

**Сокулуктагы жергиликтүү маданий традиция.** Ал эми ошол мезгилдеги Сокулуктагы жергиликтүү маданий традиция усун дөбөлөрүн казуу иштеринде табылган төөнөгүчтөрдө (булавки) чагылдырылган. Мисалы, колодон жасалган шпилькалар[1] «украшенные навершием, изображающим головку, а иногда и все тулово птицы» (259).

Жогорудай айтылгандай, мындай төөнөгүчтөр усун дөбөлөрүн казуу иштеринде табылган эле. Ошондой эле конус сыяктуу бир буттуу скиф тибиндеги (бийиктиги 5 *см*ге чейин) казандардын кичирейтилген копиялары, ал эми бир жолкусунда ушундай казандардын экөө табылган «которые, будучи составлены вместе, образуют своеобразного типа подобие бубенца» (259).

Сокулук шаарчасынан табылган мындай материалдар стратиграфиялык[2] жактан V к. деп белгиленген. Бул табылгалар байыркы маданий традициянын муундан-муунга өтүп келе жаткандыгын көрсөткөн.

**Археологиялык табылгалар. Согду жазуусу.** Жогоруда белгиленгендей, Чүй өрөөнүндө согду жазуусу болгондугу тууралуу маалыматтар бар. Бул тууралуу Сюань Цзандын айткандарын археологиялык табылгалар ырастап турат. Мисалы, Красная Речкадан идиштин сабында согду жазуусу (согдийская вязь[3]) табылган, анда: «да будет полным»[4] деген жазуу болгон.

---

[1] **Шпильк/а** *ж* **1.** (для волос) шпилька сайгыч. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 641-б.

[2] **Стратиграфия** *ж* стратиграфия (тарыхый геологиянын тектеринин түзүлүшүн изилдөөчү бөлүмү). Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 275-б.

[3] **Вязь** *ж.* 1. (вид письма) вязь (ариптери бири-бирине чырмалышып жазылган жазманын бир түрү). Орусча-кыргызча сөздүк, А-И, 1012, 340-б.

[4] *А.Фрейман.* Древнейшая согдийская надпись. ВДИ, 3, 1939, стр. 193; *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 259-б. А.Н.Бернштамда орусча берилгени сакталды.

А.Н.Бернштам согду тили бул жерде түрктөр тарабынан биринчи жолу колдонулгандыгын, муну нумизматикалык[1] табылгалар далилдегендигин маалымдайт[2].

## Сокулук, Чүй, Таластагы тарыхый эстеликтер

**Сокулук, Чүй, Таластагы иран маданиятына тиешеси бар тарыхый эстеликтер.** Түндүк Кыргызстанга келген элдерди ирандыктар да түзгөндүгү белгилүү. Мисалы, түрк доорунда Сокулукка жер которуп келген элдердин (поселенцы) этностук жактан ирандыктар экендигин – керамикадан жасалган буюмдар көрсөтүп турат. Бул жерден өзүнө мүнөздүү аябагандай көп бөтөнчөлүккө ээ предметтер табылган. Мисалы, мындай нерселер иттин, жырткыч айбандын, бодо малдын массивдүү, оор, олдоксон тулкусунун контуру түшүрүлгөн фигуралардан көрүнөт. Алар абдан одоно жасалган. Мисалы, бул буюмдардын схемасы өтө эле жөнөкөй: «два упора – ножки, соответствуют ногам животного, затем тулово животного, на спине которого имеется обычно ручка, и приподнятая одна часть скульптуры, иногда только имитирующая шею и голову животного» (259).

А.Н.Бернштам бул предметтер отко сыйынуу менен байланыштуу дейт, анткени жогорудагы буюмду жасоодо от колдонулгандыгы көрүнүп турат, анткени статуетканын маңдай жагы аябай күйүп калган, дегеле бардык сүрөттөлгөн статуеткалардын от менен байланыштуулугу байкалып турат (260). Бул, А.Н.Бернштамдын пикири боюнча, Чүй өрөөнүндөгү жергиликтүү элдер тарабынан колдонулган зороастралык жөрөлгөлөрдүн (ритуалдын) бир бөлүгү.

Окумуштуулар бул предметтердеги оймо-чиймелердин (орнаменттер) ар кыл экендигин жана реалдуу берилгенди-

---

[5] **Нумизматика** *ж* нумизматика (**2.** эски тыйындарды жана металлдарды жыйноо). Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 1012, 487-б.

[1] *А.Бернштам.* Тюргешские монеты. ТОВЭ, т. 2, 1940; *А.Н.Бернштам.* Избр. тр., II, 1998, 259-б.

гин баса белгилешет. Аткаруу техникасы – оймо (резьба)[1], ичке сызыктар (линии) жана анча чоң эмес сызыкчалар (черточка). Мисалы, жаныбырдын денеси анын терисиндеги жүндү билдирген кыска сызыкчалар менен капталган. Дегиңкиси, айбандын терисинин мындай берилиши Чыгыш Түркстанда кеңири колдонулган. Өзгөчө буга окшогон буюмдар хотан терракотасында[2] Свен Гединдин[3] жыйнактарында орун алган.

Буюмдарда өсүмдүктөрдүн сүрөтү түшүрүлгөн жана геометриялык оймо-чиймелерден башка дагы жаныбарлардын (мисалы, кыргоолдун жана тоо текелердин) сүрөтү түшүрүлгөн. Сүрөттүн сюжети жана трактовкаланышы Иранда жана Чыгыш Түркстандагы (Астана) VI–VII кк. табылгалар боюнча белгилүү болгон сасанид кездемелериндеги сүрөттөрдү толугу менен көз алдыга келтирет (260).

Мындай предметтерге сандалдан[4] жасалган капкактар жана ушул капкактын, мүмкүн, кармагычы деп эсептелген статуэткалар дагы кирет. Мисалы, капкакта оюлуп жасалган оймолор бар. Мына ушундай шар сымалындагы капкак төрт арка сыяктуу бөлүктөргө бөлүнүп, ар биринде тоо теке менен кыргоолдун күрөшү барельеф[5] техникасы менен сүрөттөлгөн.

Айбандардын күрөшүн сүрөттөө абдан эле архаикалык деп эсептелет жана анын башаты өнүккөн скиф айбанаттар стилиндеги традицияга барып такалат. Ал эми жогоруда сөз кы-

---

[1] **Резьба** *ж.* **1.** оймолоо, оймолоп түр салуу, оймо салуу; 2. оймо, оймо көчөт, оюу (оймо, оймо көчөт, оюу (жыгач, сөөк, таш жана башкалардагы коолдолуп жасалган оюу). Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 604-б.

[2] **Терракот/а** *ж* **1.** терракота (бышырылган кызыл-күрөң чопо); 2. ушул чоподон жасалган буюм; **статуэтка из терракоты** терракотадан жасалган буюмдар. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 350-б.

[3] Бул маалыматты берүүдө *А.Н.Бернштам* төмөнкү китепке таянат: C.Montel. Sven Hedin's arheological collections from Khaton 1. BMFFA, VII, Stockholm.

[4] **Сандал** *м* сандал (**1.** жыттуу, эфир майына бай, дайыма көгөрүп турууучу тропикалык дарак). Орусча-кыргызча. С–Я, 2012, 20-б.

[5] **Барельеф** *м* барельеф (тегиздикке саал дөмпөк кылып түшүрүлгөн скульптуралык элес, сүрөт). Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 83-б.

лып жаткан буюмдарда байыркы сюжеттердин кийинки репликалары[1] гана чагылдырылган.

Ошондой эле бир табактын түбүндө арстан менен илбирстин күрөшү сүрөттөлгөн. Бул сүрөттө илбирс алдыңкы буттары менен арстанды кыр аркасынан басып, аны тиштөөгө аракеттенип жатат. Бул, А.Н.Бернштамдын айтуусу боюнча, скиф сценаларына карама-каршы келет. Ал: «Сцена борьбы двух хищников – льва и барса, что несколько противоречит скифским сценам, где всегда в парных сценах фигурируют хищник или фантастическое животное, нападающее на травоядное» (260), – дейт.

Бул сүрөттөрдү анализдөө менен А.Н.Бернштам төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет. Биринчиден, тоо теке – жергиликтүү элдин тотеми, ал эми кыргоол – атам замандан берки ирандыктардын ыйык кушу. Ошондой эле илбирс – байыркы түрк тексттери боюнча – байыркы түрк элдеринин тотеми. Бул эки учурда тең жергиликтүү элдердин тотемдери – тоо теке менен илбирстин басымдуулук кылышы – V–VII кк. саясий реалдуулуктан келип чыккан болуу керек. Бул мезгиде иран эли жана анын идеологиясы факты жагынан алып караганда түрк урууларына саясий жактан көз карандылыкта болгон (261).

Жогорудагы сүрөттөрдөн көрүнүп тургандай, түндүк Кыргызстандагы саясий абал, т.а., ирандыктардын түрк урууларына көз карандылыгы ошол мезгилде тартылып калган сүрөттөрдө реалдуу чагылдырылып калган.

Чагылдырылган антропоморфтук статуэткалардын тиби негизинен ирандык болуп эсептелет. Буга сакалчан абышканын статуэткасы кирет. Айрым учурларда адамдардын сүрөттөрү карикатура мүнөзүндө болгону менен реалисттик негизде аткарылган, сүрөттөрдүн (изображения) бир бөлүгү Чыгыштын (Иран) мифтик образдарын көз алдыга келтирет. Ал эми айрым учур-

---

[1] **Реплика** *ж* **5.** *иск.* реплика (автордун өз чыгармасынан жасаган көчүрмөсү). Орусча-кыргызча. П–Р, 2012, 611-б.

[2] *К.Тревер.* Гопатшах – пастух царь. ТОВЭ, т. 2, 1940, 71-б.; *А.Н.Бернштам.* Аталган китепте, 261-б.

ларда – адамдын башы жана айбандардын денеси сүрөттөлгөн, бул Гопатшахтын стилизациясы болуу керек[2].

Ошондой эле жаратылышы ортоазиялык иран маданиятына тиешелүү болгон дагы бир катар буюмдарды белгилөөгө болот. Мисалы, аларга Чүй жана Талас өрөөнүндөгү кыштактардан табылган керамика, Анахит статуэткасы, Талас шаарчасындагы согду катмарынан – түшүмдү көп берүүчү кудай (богиня плодородия)[1] кирет.

### Чоң Чүй каналы трассасы. Ивановка айылындагы табылгалар

Чоң Чүй каналы трассасында, Ивановка айылында[2] жергиликтүү эмес да табылгалар болгон. Мисалы, сасани падышасынын келбетин чагылдырган штамп табылган. Ал: «штамп для оттиска человеческого лица, в пышном головном уборе, явно воспроизводящий портрет сасанидского царя» (261), – деп сүрөттөлөт.

Бул типтеги идиштер (сосуды) VI–VII кк. Самарканддын алдындагы Кафыр-Каледеги сасани катмарларын казууда чыккан. Ушундай эле формадагы күмүш идиш Фрунзенин (азыркы Бишкек) тегерегиндеги Покровка селосунан да табылган (262).

Ошентип, Чоң Чүй каналы трассасында жергиликтүү эмес табылгалар абдан көп экендиги белгилүү болгон. Биздин оюбузча бул изилдөөлөр дагы улантылса, Кыргызстандын тарыхы, анын ичинде Түндүк Кыргызстандын тарыхы дагы баалуу маалыматтар менен толукталмак.

**Чоң Чүй каналы трассасы. Түрк көрүстөндөрүндөгү табылгалар (VI–VIII кк.).** Чоң Чүй каналы трассасы түрк көрүстөндөрүнүн мезгили боюнча VI–VIII кк. тиешелүү экендигин ачыктаган. «Наряду с захоронениями в оссуариях, могут быть отмечены трупоположения с конем, могилы, связанные с каменными изваяниями – балбалами» (263).

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Памятники старины Таласской долины. – Алма-Ата, 1941, стр. 21.

[2] Эмгекте село деп берилген (68).

Булар түрк көрүстөндөрүнөн табылган.

Каналдын трассасында ачылган көрүстөндөрдө кытайлык деп эсептелген VIII к. тиешелүү да табылгалар бар. Мындай археологиялык табылгалардан улам А.Н.Бернштам түрк жана согду элдери менен катар эле кытайлыктар жана сириялыктар жашашкан дейт. Акыркылары, балким, бул жерде кул абалында болушкан, анткени Сюань Цзандын маалыматы боюнча бул жерге кытайлык аскер туткундары күч менен алынып келинген. Ошондой эле Чүй суусун бойлой башка наамдагы бир нече он миңдеген түрк аскерлери болгон. «Землепашцы вообще ходят в латах; захватывают друг друга в неволю; они принадлежали на западе городу Талас» (А.Н. Бернштам, 264).

Бул маалыматтар Түрк каганатынын тушунда Чүй боорунда түрк жана согду элдеринен башка да ирандыктар, кытайлыктар, сириялыктар жашашкандыгын айтып турат.

## Түндүк Кыргызстанга Византиянын, Кытайдын таасири. Түндүк Чыгыш түркүттөрүнүн, енисейлик кыргыздардын таасири

**Түндүк Кыргызстанга Византиянын таасири.** Бул жерде V–VIII кк. жана андан кийин маданияттын калыптануу жана өнүгүү процессинде башка компоненттер да чоң мааниге ээ болгон. Мисалы, Византия, андан кийин Кытайдын таасири.

VI кылымда Жети-Суу территориясы, анын ичинде Түндүк Кыргызстан византиялык таасирге кабылган. Муну археологиялык казууларда табылган айрым бир табылгалар далилдеген эле. Кийин Сокулукта «на трассе канала… были найдены два электровых брактеата, являющиеся оттисками с варварского подражания византийским монетам» (262).

Бул табылгалар абдан баалуу, анткени алар Батыш Түрк каганатынын гүлдөгөн учурунда анын Византия менен болгон байланышын документалдуу түрдө ырастайт жана жазма булактардагы маалыматтарды толуктайт.

**Түндүк Кыргызстанга Кытайдын таасири.** Эгерде согду колонизациясы мезгилинде Кыргызстандын түндүгүнө Согду[1], Иран жана Византиянын таасири мүнөздүү болсо, ал эми түрктөрдүн бийлиги орноп, күчтөнө баштагандан тартып Кытайдын таасири көбүрөөк боло баштайт.

Бул таасир өзгөчө VII кылымдын ортосунан башталган. 630-жылы Сюань Цзандын ийгиликтүү миссиясы кытай маданий таасиринин бир гана звеносу болгон. Кытайлыктардын ийгиликтүү жортуулдары (Судинфан, 654 ж.) Кытайдын Жети-Сууга болгон саясий жана маданий таасирин бекемдеген. Чоң Чүй каналы трассасында казылган түрк көрүстөндөрүнүн инвентарынын арасында кытай монетасы табылган «имевшие хождение в «варварских» (для Китая) областях. Монеты эти чекана первой трети VIII в. т.н. «Кай Юань» (А.Н.Бернштам, 263).

Кытайдын саясий таасирине караганда маданий таасири күчтүү болгон. Мисалы, түргөштөр өздөрүнүн тыйынын (монета) согуп жасоодо согду шрифтин колдонушкан, ал эми формасын кытай үлгүсүндө – ортосунда төрт бурчтуу тешик кылып жасашкан[2].

Ушул мезгилде Кытайдан абдан көп буюмдар келген. Мисалы, кытай металл күзгүлөрү абдан кеңири тараган. Мындай күзгүлөрдү жергиликтүү кол өнөрчүлөр кытай үлгүсүнө салып жасашкан, бирок алардын күзгүлөрү одонороок жана арткы бетинде татаал орнаменти болгон эмес. Ошондой эле жергиликтүү кол өнөрчүлөр жергиликтүү түрк башчыларынын аты чегилген коло монеталарды кытай үлгүсүнө салып жасашкан (263).

Мына ошол кытай металл күзгүлөрү азыр да кытай-кыргыз соода-сатыгындагы популярдуу товар экендигин белгилөөгө болот.

**Түндүк Кыргызстанга чыгыш түркүттөрүнүн таасири. Түндүк Кыргызстанга енисейлик кыргыздардын таасири.** Чыгыш

---

[1] **СОГДУ,** Согд, Согдиана - Орто Азиядагы Заравшан м-н Кашка-Дарыянын алабындагы тарыхый аймак; б.з.ч. 1-миң жылдыктын ортосундагы мамлекет. Бул аймак б.з. 6-к-нан Улуу Түрк кагандыгына караган. *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. 1990, 160-б.

[2] *А.Бернштам.* Тюргешские монеты. ТОВЭ, т. 2, 1940.

түрктөрдүн түндүк Кыргызстанга тийгизген таасири тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «Немалое влияние для Северного Притяньшаня в начале создания каганата в конце VI века имели восточные тюрки» (276). Албетте, бул түшүнүктүү. Анткени алар бөлүнгөнгө чейин бир каганаттын курамында болушкан.

Чыгыш түрктөрдүн саясий кийлигишүүсү VIII кылымдын башына таандык. Мисалы, 711-жылы Мочжо түргөштөр менен согушкан. Ошондой эле, мүмкүн, 712-жылы согду ихшиди Гурекке (арабдарга каршы күрөшүүсүндө) жардам берүү үчүн Самаркандга бара жатканда мына ушул территория менен өткөн (276).

Чыгыш түрктөрүнүн батыш каганатка тийгизген таасири чоң. Мисалы, Енисейдеги эстеликтердеги жазууларга окшош жазуулар Түндүк Кыргызстандан да табылган. Окумуштуулардын пикири боюнча **мындай жазуулар бул жакка көчүп келишкен енисейлик көчмөндөр, т.а., енисейлик кыргыздар аркылуу келген** (*белгилеген – Г.Ж.*). Кыргыз жазуусу жогорку Таластан табылган. Андагы табылган жазуулар енисей жазууларындай эле болгон, бул жазуулар Енисейден көчүп келген кыргыздар аркылуу келген.

Ошондой эле түрктөрдүн темир устачылыгы да Енисейден келген деп болжолдонот. Енисейлик көчмөндөрдүн (*кыргыздардын – Г.Ж.*) мыкты уста болгондугу маалым. Бул жердеги буюмдарды, тактап айтканда, зер буюмдарды (украшения) жасоо техникасы жана сюжети Енисейдеги ушундай эле буюмдарга окшош. Ошондуктан, бул **жасалгалар VIII–IX кылымдарда Енисейден бул жакка келишкен кыргыз зергерлери тарабынан жасалган** (*белгилеген – Г.Ж.*) болуу керек деген А.Н.Бернштамдын пикири колдоого гана татыйт.

Демек, бул мезгилде енисейлик кыргыздардын Түндүк Кыргызстанга көчүү агымы орун алгандыгын белгилөө менен енисейлик кыргыздар аркылуу кыргыз жазуусу жана темир устачылык өнөрү да Түндүк Кыргызстанга кошо келген деп жыйынтык чыгарууга болот.

## Батыш Түрк каганатынын Түндүк Кыргызстан үчүн мааниси

Батыш Түрк каганатынын Түндүк Кыргызстан үчүн мааниси абдан чоң болгон. Түрк каганатынын иштеринин ийгиликтүү башталышы, өзгөчө VI к. аягында жана VII к. ортосунда жакшы өнүгүшү «обеспечило политические, а затем и культурные связи Северной Киргизии с обширной территорией от Енисея и Китая до Византии и Ирана. Следствием этих связей и явилось усиление, в частности, согдийских и византийских влияний» (Избр. тр., II, 1998, 262). Ошентип, Түндүк Кыргызстан Батыш Түрк каганатынын тушунда эбегейсиз зор территория менен саясий жана маданий байланышта болгон.

Түндүк Кыргызстанга согду жана византия маданияты, албетте, күчтүү таасирин тийгизген. Ошондой болсо да түрктөр көп мезгилге чейин көчмөндүүлүгүн жана жергиликтүү калктын маданиятынан өзгөчөлөнгөн өзүлөрүнө гана мүнөздүү маданиятын сакташкан.

**Түрктөрдүн маданиятынын сакталышы. Енисей жана Алтай менен байланышы.** Башкалар менен жогорудагыдай саясий жана маданий байланыштар болгонуна карабастан, Батыш Түрк каганатындагы түрктөр узак мезгилге чейин көчмөндүүлүгүн, ошондой эле жергиликтүү элдердин маданиятынан айырмаланган өзүлөрүнө тиешелүү маданиятын сакташкан. Каналдын трассасынан түрк мезгилиндеги көрүстөндөрдөн табылган материалдар буга күбө болуп турат, мисалы, көрүстөндөрдө табылган буюмдардын ичинде ат жабдыктары болгон[1].

---

[1] Көрүстөндөрдө табылган буюмдар А.Н.Бернштамдын эмгегинде берилген. Мисалы: «удила с эсовидными псалиями, стремена с узким подножьем и прямоугольной рамкой для ремня, большой набор всевозможных пряжек. ...костяные крупные пряжки для подпруги с подвижным язычком, мелкие бронзовые пряжки с овальной рамкой, подвижным язычком и фигурным основанием, украшенным геометрическим и растительным орнаментом. Особо должна быть выделена большая группа нарременных бляшек круглой, овальной, сердцевидной, полулунной и других форм, значительная часть которых также покрыта орнаментом». Караңыз: А.Н. Бернштам, Избр.тр., II, 1998, 262-б.

Бул буюмдардын формасы, ошондой эле орнаменттери Алтайдагы жана Енисейдеги предметтерге окшошот. А.Н.Бернштам мунун өзү Түндүк Кыргызстандык көчмөндөрдүн жогоруда аталган райондор менен этникалык жактан туугандыгын (этническое родство) көрсөтүп турат дейт (262–263). Бул буюмдардын арасында курал-жарактар да болгон.

**Түндүк Кыргызстандагы социалдык абал.** Кыргызстандагы көчмөндөр, алардын социалдык экономикалык түзүлүшү жана маданияты археологиялык материалдардан, жазма булактардан жана Сюань Цзандын маалыматтарынан белгилүү болгон.

Түндүк Кыргызстанда VI кылымдан баштап көчмөн ак сөөктөрү менен жергиликтүү согдулук дыйкандардын саясий бийлиги өкүм сүргөн. Жазма булактар жана археологиялык табылгалар алардын кулдарды жумшагандыгын күбөлөндүрүп турат. Алар көчмөн карапайым элдерди жана шаардык плебейлерди кул кылууга аракет кылышкан (А.Н.Бернштам, 276).

Согдулардын түркүттөргө тийгизген таасири чоң. Өзгөчө мындай таасирлер маданий жактан басымдуулук кылган. Албетте, өлкөнүн саясий турмушуна Кытай да таасир эткен. Ошондой болсо да Батыш Түрк каганаты, ошондой эле түргөштөр негизинен автономдуулугун сакташкан жана А.Н.Бернштам туура белгилегендей, «в основном сумели ... и оградить страну от фактического порабощения ее китайцами» (276). Чындыгында, кытайлыктар тарабынан түзүлгөн префектуралар кагаз жүзүндө калган.

Батыш түрктөр чыгыш түрктөрдөн экономикалык жактан отурукташкан дыйканчылык менен өтө эле тыгыз байланышта болушкандыгы менен айырмаланышкан, бул согду маданиятынын таасиринде өнүгүп жаткан түрктөрдүн маданиятына, албетте, өзүнүн изин калтырган.

## Усундар. Нушиби жана дулу союздары. Батыш Түрк каганаты – өз алдынча мамлекеттик түзүлүш. Батыш Түрк каганаты жана азыркы кыргыздар

**Усундар. Нушиби жана дулу союздары.** Батыш Түрк каганатынын курамына усундар да кирген. Бирок көп авторлордун пикирлери боюнча алар каганаттын курамында өздөрүнүн этностук атын жоготушуп, нушиби деген ат менен чыгышкан[1]. Нушиби – Талас-Чу сууларынын ортосун ээлеген беш уруулук союздун аты болуп эсептелет. А.Н.Бернштам: «Видимо в состав союза нушиби входили и древние племена юебань, выступающие теперь под наименованием чубань и в составе других чуйских племен (Чу-е, Чу-ми ж.б.), образовавшие союз нушиби, усуньский по своему происхождению», – дейт (264).

Ал эми башка дулу союзун түзгөн беш уруу Чу-Или сууларынын аралыгында жашашкан. Алар менен чыгышта – карлуктар, түндүктө – түргөштөр коңшу жашашкан (264).

Батыш Түрк каганатынын курамына нушибилер да кирген. Б.Урстанбеков жана Т.Чороевдин «Кыргыз тарыхы» сөздүгүндө: «**Нушиби** – 6–8-к. Теңир-Тоонун түндүк аймактарын мекендеген уруулардын бирикмеси. Батыш Түрк кагандыгынын «он ок бодун», б.а., «он ок элинин» бир бөлүгү. Н-лер беш уруудан туруп, Чүй дарыясынын батыш жагында көчүп конуп жашаган. Алардын чыгышын «он ок бодундун» беш уруудан турган дулу бирикмеси ээлеген. 8-к-дын башында Батыш Түрк кагандыгы кулагандан кийин Н. Түргөш кагандыгына карап калган» (Аталган сөздүктө, 130) деген маалымат бар.

Нушиби жана дулу уруулары «он ок бодун», «он ок эли», «он уруу» деп аталып келген.

**Батыш Түрк Каганаты – өз алдынча мамлекеттик түзүлүш. Батыш Түрк каганаты жана азыркы кыргыздар.** Ошентип, Батыш Түрк каганаты туш тарабынан ар кандай саясий жана

---

[1] *Н.Аристов.* Аталган эмгек, 264-б.

маданий күчтүү таасирлердин болгондугуна карабастан, көз карандысыздыгын жана өз алдынчалыгын сактап, Түндүк Кыргызстанда үстөмдүк кылып турган. Албетте, Батыш Түрк каганатынын карамагында Түндүк Кыргызстанда жашаган кыргыздар да болгон. Бирок алар башка урууларга караганда азчылыкты түзүшкөндүктөн, Түндүк Кыргызстандын саясий турмушуна таасир этүүчү күч катары өздөрүн көрсөтө алышкан эмес болуу керек. Дегеле, тарыхый булактар бул мезгилдеги кыргыздар жөнүндө маалыматтарга жардыраак.

А.Н.Бернштам Батыш Түрк каганатын изилдөөлөр төмөнкүдөй жыйынтыктарды бергендигин маалымдайт: «Изучение населения Западнотюркского каганата показало, что оно принадлежало к той группе тюркских племен, с которыми теснейшим образом связано происхождение современных казахов и киргизов»[1], – дейт. Албетте, бул – изилдөөнү талап кылган олуттуу маселе.

Батыш Каганатындагы түрктөр өздөрүнүн чыгыш коңшуларынан – Монголия түрктөрүнөн этностук жактан айырмаланган. А.Н.Бернштам VI кылымдын аягында саясий борбору Чүй өрөөнүндө жайгашкан, өз алдынча мамлекеттик түзүлүшкө ээ болгон батыш түрктөрү чыгыш түрктөрүнөн этностук жактан айырмаланган кубулуш болгон дейт (264).

## Түндүк Кыргызстандагы Батыш түрк каганы жана Батыш түрк көчмөндөрү

Эми Түндүк Кыргызстандын территориясындагы батыш түркүттөрдүн каганы ким болгон жана алардын жашоосу кандай болгон деген суроого төмөндө кайрылабыз.

**Батыш түрк каганы.** Батыш түрктөрдүн башында «жабгу каган» деген титулду алган хан турган[1]. А.Н.Бернштам: «Титулом Джабгу – ябгу – выражалось его происхождение и но-

[1] *А.Бернштам.* О древнейших следах жекания в тюркских языках Средней Азии. Сб.: «Памяти акад. Н.Я.Марра». – Л., 1938.

минальное, а иногда и фактическое подчинение восточным тюркам», – дейт (265).

Батыш түрктөрдүн каганы башка көчмөндөрдөн айырмаланып, жибек чатырда жашаган, жибектен кийим кийген жана чекесин жибек тасма менен бир нече ирет ороп, артына байлап койгон, тасманын учтары далысына түшүп турган. Кагандын башка көчмөндөрдөн дагы бир айырмасы – ал тактыда отурган.

Көчмөндөр териден, жүндөн жана жибектен жасалган кийимдерди кийишкен. Түркүттөр териден кулакчын (башлык) түрүндөгү баш кийим, денесин кынаган кафтан[2] кийишип, белин кур менен курчап, кенен шымдарынын багалегин жумшак, такасы жок өтүккө шымданган. Бут кийими маасы сыяктуу болуу керек.

Белдеринде кур, курдун сол жагында кылыч, оң жагында чөйчөк үчүн куту (футляр), баштык (сумочка), анын ичинде оттук таш, шибеге ж.б. майда-барат нерселер, ошол эле оң жагында жаа жана жебелер салынган капчык илинген. Андан тышкары, адатта, алар колдоруна найза жана туу кармашкан (А.Н.Бернштам, 266).

Түркүттөрдүн кийимдеринен эле алардын дайыма согушууга даяр экендиктери көрүнүп турат. Алардын белдерин курчаган курда күнүмдүк турмушта зарыл керектелүүчү бардык буюмдар болгон.

**Кагандын жардамчылары.** Каган өзүнө жардамчыларды, салык жыйноочуларды, ошондой эле өзүнө багынган урууларга өзүнчө башчыларды дайындаган. Мисалы, кагандын жардамчылары «буюруки» (анын тапшырмасын аткаруучулар) жана тархандар[3] (кытайча – дагань) болгон. Салыкты жыйноочулар «тутуки» (кытайча – тутунь) деп аталган. Түркүттөргө багынган

---

[1] *М.Артамонов.* Очерк древнейшей истории хазар. – Л., 1937.

[2] **Кафтан** *м.* кафтан (узун этектүү байыркы эркек кийиминин бир түрү). Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 36-б.

[3] **Тархан,** таркан – Түрк кагандыгында беделдүү феодалдардын мансап наамы. Алар басып алынган уруулардан ж-а өз букараларынан алык-са-

уруулар эльтеберлерге (кытайча сылиф) жана хуандуга баш ийишкен.

Андан тышкары түрк каганы уруулардын ак сөөктөрүнө – бектерге таянган, алар каган менен согуштан түшкөн кирешелерди бөлүшкөн. Каганаттын курамына кирген уруулар бектердин ичинен өздөрүнө башчыларды, т.а., «сыгиндерди» жана «тахуандарды» коюп алышкан. Алар Сюань Цзандын ою боюнча «...возможно, и были тюркскими буюруками» (А.Н.-Бернштам, 265).

**Кагандын жана уруулардын байлыгы. Кыргыздар.** Батыш түрк каганы согушта жана соодада жыйналган өзүнүн жеке байлыктарына: кымбат, баа жеткис буюмдарына жана жибектерине таянган. Андан тышкары кагандын кулдары жана үйүр-үйүр малы болгон. Кулдар ордодо жана шаардагы каганга таандык кол өнөрчүлөрдүн кол алдында иштешкен. Кол өнөрчүлөр каганга керектүү ар түрдүү буюмдарды жасашкан. Кулдар ар кайсы өлкөдөн алынып келинген.

А.Н.Бернштам: **«Характерно, что тюркский каган подарил византийскому послу Земарху (568 г.) рабыню из племени кыргыз»**[1] (*белгилеген – Г.Ж.*), – дейт. Ушундан улам А.Н. Бернштам тянь-шандык уруулардын арасында кыргыз кол өнөрчүлөрү да болгон деген пикирге келет.

Уруулардын байлыгы – үйүр-үйүр жылкылар, төөлөр жана койлор болгон. Булар археологиялык табылгалардан жана Сюань-Цзандын маалыматтарынан улам белгилүү болгон. Каган жалаң гана шаарларды ээлеген эмес, ага дагы аңчылык жана мал жайыттары тиешелүү болгон: «...ему принадлежали охотничьи и пастбищные угодья» (265). Мисалы, байыркы авторлор Миң-Булак деген жердин түрк каганына таандык болгондугун белгилешкен[2].

---

лыктарды чогултуу милдетин аткарышкан. Күл-Тегинге арналган эстеликте бул наам «таркат» деп берилген. *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. 1990. – Б., 169-б.

[1] *А.Н.Бернштам* бул маалыматты берүүдө мындай дейт: Сообщено Менандром Протектором. См. «Византийские историки» пер. С.Дестуниса. СПб, 1861; А.Н.Бернштам. Избр. труды... 1998, II, 265-б.

[2] Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү авторлорго таянат: Да Тан Сиюйцзи, цз.1.St. Julien. Voyage de Hiaen-Thsang. Paris, 1853.

**Көчмөндөрдүн жашаган турак-жайы.** Көчмөндөрдүн жашаган турак-жайы боз үйлөр болгон. Бирок кышында Суяб ордосунда чийки кирпичтен курулган анча чоң эмес курулуштарда (постройки) жашашкан. Ал эми боз үйлөр кийизден жасалган жана көбүнчө ар түркүн аппликациялар менен кооздолгон. Турак-жай үчүн колдонулган жибек кездемеге салынган сайма негизинен кытайча иштелген гүлдөр болгон (А.Н. Бернштам, 266).

**Батыштагы Түрк каганатындагы түрктөр – темир усталар. Енисейлик кыргыздардын таасири.** Көчмөндөрдүн мыкты темир уста болгондугу айтылат. Алар курал-жарактардан башка керек-жарак буюмдарын, ошондой эле алтындан, күмүштөн жана колодон зер буюмдарды жасашкан. Керек-жарак буюмдары «делалась чеканкой из листового серебра в виде больших чаш со сферическим дном и цилиндрических кубков со слабо выпуклым дном» (А.Н.Бернштам, 266).

Алтындан жасалган жасалгалар өзгөчө кызыгууну жараткан. Мисалы, Кочкордон мына ушундай фантастикалык жаныбарлардын тордомолуу (ажурный) сүрөтү түшүрүлгөн алтын пластина табылган, анда «...фантастические животные вплетены в растительную вязь» (266). Жасалгалардын техникасы жана сюжети Енисейдеги ушундай эле буюмдарга окшош болгон. Ошондуктан, **бул жасалгалар VIII–IX кылымдарда Енисейден бул жакка келишкен кыргыз усталары тарабынан жасалган болуу керек** (*белгилеген – Г.Ж.*) дейт А.Н.Бернштам.

**Түркүттөрдүн дини.** Көчмөндөрдүн дини – шаманизм болгон. Түркүттөр Алтайга ата-бабаларынын арбактарына сыйынып келүү үчүн барып турушкан[1]. Түрктөр отко сыйынышкан. Муну Сюань Цзан да белгилейт. Мисалы, А.Н.Бернштамда адам каза болгондо аларды өрттөшкөндүгү, бул жөрөлгө ак сөөк адамдарга тиешелүү болгондугу айтылат. Түркүттөрдө оттун ыйык болгондугун византиялык авторлор да белгилешкен. Мисалы, Земарх каганга киреерден мурун «прошел очистительную процедуру между двумя рядами костров»[2].

---

[1] *А.Н.Бернштам* бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгектерге таянат (165): Суйшу, гл.89; И.Бичурин. Собрание сведений... ч. 1, 270-б.

[2] *Караңыз: А.Н.Бернштам* бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянган (267): *Да Тан Сиюйцзы,* цз. 1. St. Julien. Voyage de Hiaen-Thang, Paris. 1853.

Сюань Цзан кийин түркүттөрдүн буддизмди кабыл алышкандыгын маалымдайт. Бирок ал мезгилде түркүттөр буддизмдин аябай берилген жактоочулары болушкан эмес. Бул тууралуу В.В.Бартольддун эмгегинде да бар («О христианстве в Туркестане в домонгольский период. ЗВОРАО, т. VIII, 1893–1894. СПб., 1894, стр. 1–32). Буддизм негизинен Чүй өрөөнүнүн отурукташкан элдеринин арасында тараган.

Таластагы жазуулардын бириндеги маалымат боюнча көчмөндөр 12 жылдык жаныбарлар циклин колдонушкан, ар бир жыл бир жаныбардын атын алып жүргөн (267).

## Кыргыз жазуусу Таласта. Енисей жазуусу менен байланышы

Кыргыз жазуусу жогорку Таластан табылган. Андагы табылган жазуулар енисей жазууларындай эле болгон. Анда аял «хатын» жана уулдары «огланлары» деген жазуулар бар. Дагы бир жазууда баласы мураскер деп аталган. Эпитафиялардын биринде «жалтыраган күмүш» жана «тартуу» (дары) деген жазуу кездешет. Мындай жазуулар орто княздардын бейиттеринде жазылган. Алар өздөрүнүн ээлеген жерлерин жана дружинник[1]-огландарына (*китепте «дружинники-огланы» деп берилген – Г.Ж.*) болгон бийлигин балдарына өткөрүп беришкен. Мындагы жазуулардан бул бейиттердин ээлеринин аскердик турмушу жана алардын турмушунда байлык маанилүү жана чоң ролдо тургандыгы көрүнүп турат.

А.Н.Бернштам бул жазуулардын стили жана структурасы енисей эпитафияларына дээрлик окшош экендигин белгилейт. Ошондой эле бул жерде кездешкен «адырылды» («отделился») деген этиш, «Барс» деген ат, «ини» деген термин енисейлик кыргыздардын арасында кеңири тараган. Мындан бул жердеги жазуулар енисейлик жазуулар менен тыгыз байланышта экендигин белгилөөгө болот.

---

[1] **Дружинник** *м* дружинник, дружиначы; дружина мүчөсү. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 499-б.

Көчмөндөрдүн аскердик ишмердүүлүгү жөнүндө Талас өрөөнүндөгү Чийим-Таш деген жердеги аскага чегилген жазуу айтып турат[1].

Көчмөндөрдүн соодачылык иштерин Талас өрөөнүндөгү Нельды жеринен (урочище) табылган жыгач таякчадагы жазуудан улам билүүгө болот (С. Малов).

Ошентип, рун жазуулары бул жерде согду, сирия жазуулары менен катар колдонулган жана дээрлик VIII кылымдын аягынан эрте эмес, IX кылымдын башында пайда болгон араб жазуусуна чейин жашаган[2].

## VI–VIII кылымдардагы батыш көчмөндөрдүн маданияты

Жогоруда белгиленгендей, VI–VIII кылымдардагы батыш көчмөндөрүнүн маданиятында көптөгөн чет өлкөлүк таасирлер көрүнүп турган. Мисалы, алар – согду (курулуш иштеринде, карапа өнөрчүлүгү, жазуу), енисей (кымбат металлдардан жасалган зер буюмдар, жазуулар), кытай (тыйынды чегүү, балбал таштарды жасоо, буддизм, жибек ж.б.) таасирлери. Ошондой эле византия таасири – жазма булактар, ошондой эле Фрунзенин (азыркы Бишкек) жанындагы Покровка селосунда табылган күмүш идиштер. Бул идиш ушул жерде жасалган, бирок византиялык кол өнөрчүлөрдүн белгилери түшүрүлгөн[3].

---

[1] *С.Малов.* Таласские эпиграфические памятники. Материалы Узкомстариса, вып. 6–7, 1936, 17–38-бб.

[2] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 267-б.; Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: С.Малов. Древнетурецкие надгробие с надписями бассейна р. Талас. ИАН ООН. № 10, 1929.

[3] *В.Городецкий.* Серебрянные сосуды из курганов села Покровского Пишпекского уезда. Известия Средазкомстариса, в. 1, 926; К.Тревер. Памятники греко-бактрийского искусства. – М.–Л.,1940; *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 267-б.

## Батыш түрк кагандары

**Далобянь Үйү жана анын экиге бөлүнүшү.** Кытай жазма булактары боюнча батыш түрктөрдүн Далобянь Үйү экиге бөлүнгөн. Анткени батыш Далобян Үйүндө Муган-хандын уулу Шаболио менен чатакташып кеткен, ошондуктан алар эки үйгө бөлүнүшкөн (Собр.св., 1998, II, 284).

Далобянь бир топ күчтөнүп алган. Анын ээлеген жерлери Чыгышта Дульгинге чейин, батышта Алтын тоого (Золотые горы) чейин созулган.Телестер, Куча, Иву жана батыш жактын (край) бардык элдери ага багынышкан (284).

Чулохеу Далобянды туткунга алган.

**Нили-хан. Чуло-хан.** Далобянь туткунга түшкөндө анын ордуна Нили-хан деген ат менен анын уулу Янсодэлэв отурган. Ал каза болгондо анын ордуна Нигю Чуло-хан деген ат менен анын анын уулу Дамань такка отурган. Анын апасы Сян-шы теги боюнча Ортоңку мамлекеттен («родом был из Срединного государства») болгон. Дамань төрөлгөндөн кийин көп өтпөй Нили каза болгон. Ошондуктан анын апасы кайниси Поши-дэлэге («за младшего деверя») турмушка чыккан жана Кхай-хуандын башкаруусунун аягында, 600-жылы, ал Поши менен Сарайга келген. Датудагы чаң-тополондон улам алар борбордо кармалышкан жана Хун-лу-сыда жашап калышкан[1].

**Чуло-хан.** Чуло-хан туруктуу бир жерде жашаган эмес, бирок көбүнчө мурунку Усунь жеринде жашаган. Ал дагы эки кичи ханды шайлаган, анын бири түндүктө Шигодо жашаган жана бардык түрк княздыктарын башкарган. Экинчиси – Кучиден түндүктө жашаган, бул мамлекет Инсо деп аталган. Чиновниктерден Сыфаян жана Хунда мамлекеттик иштерди башкарышкан, калгандары чыгыш жериндегидей (Дулгас) эле болгон. Жыл сайын Чуло-хан «посылал важного сановника, приносить жертву предкам в той пещере, где они из рода в род обитали» (В средоточии Алтайского узла) (285).

---

[1] *Н.Я.Бичуринде:* «Хун-лу-сы» есть присутственное место, заведывающее распоряжениями при больших выходах при Дворе», – деп берилген. Караңыз: Собр.св., 1998, II. – Алматы, 285-б.

Бирок Да-йенин башкаруу учурунда, 605-жылы, Чуло-хан башкарууда мыйзамды бузууга жол бере баштаган. Ал телестер (тйелеэстер – Собр.св.) менен согушуп, алардан талкаланган. Дун-хуандан келген падыша сарайынын кызматкери (сановник) Пхэй Гюй Батыш аймакка (край) келип, Чуло-хандын өлкөсүндөгү тынчы жок абал жөнүндө уккан. Андан тышкары ага Чуло-хандын апасын сагынып, куса болгондугун жеткиришкен. Падыша сарайынын кызматкери бул жөнүндө Сарайга билдирет. Ян-ди көңүл жубатуучу кат (грамота[1]) менен Сарай кызматчысы (сановник) Цуй Гюнь-Суну Чуло-ханга жиберет (285).

Сарайдын кызматкери катты тапшырууга келгенде, Чуло-хан ордунан турбай коёт. Сановник аны Кытайга вассал болууга чакырат. Ал мындай дейт: «Тукюе үйү бир мамлекет эле, азыр бири-бирине каршылаш эки мамлекетке бөлүндү. Катары менен он жыл бою согушуп, бирок бири-бириңерди жеңе албай келатасыңар, ушундан эле Кижиндин Чуло-хандын мамлекетине тең келе алгандыгы көрүнүп турат. Азыр Кижиндин өз жеринде миллион аскери бар, ал Кытайга вассал болуу менен ага жан-дили менен берилгендигин көрсөтүп жатат (Собр.св., 1998, Алма-Ата. II, 285). Бир гана сени жеңе албагандыгына гана капа болуп жатат жана эми ал Кытайдан кошумча аскерлерди алып, алар менен биригип, ханды (*Чуло- ханды – Г.Ж.*) жок кылуу аракетин көрүп жатат. Бардык кызматкерлер (чиндер) бул планды бекитүүнү мамлекет башчысынан сурап жатышат. Асман уулу («Сын Неба») ага каршы эмес, жакын арада аскерлер жортуулга чыгат. Хан, сенин апаң Сяншы – нукура кытай кызы (*китепте «китаянка» деп берилген – Г.Ж.*). Бул указды угуп, ал эртели-кеч сарай дарбазасынын алдында көз жашын төгүп, сизге элчи жиберүүнү, сизди чакырууну жана Кижин сыяктуу эле Кытайдын жарандыгын алууңузду суранды. Ошондуктан сизге элчини жиберди. Хан! Если назовешься вассалом и примешь указ с поклонением, то царство твое вечно будет спокойно, и мать будет насладиться долголетием; в противном случае, надобно пологать, что Сян-

[1] **Грамота** *ж уст.* кат. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 386-б.

шы обманула Сына Неба, и непременно будет казнена, а голова ее пришлется в твою орду. Войска Великого Дома Суй, усиленные северными заграничными войсками, обнимут тебя с двух сторон, а погибель твоя недалека. К чему же, хан, жалееш двух церемониальных поклонов, и сердобольную мать подвергаешь смерти, одного слова – назваться *вассалом* – и губишь царство хуннов?» (286), – дейт.

Чуло-хан ордунан тура калат жана катты алат. Ал Сарай кызматчысы (сановник) Гюнь-Суну тартуу (дар) менен жөнөтөт. 610-жылы император Чуло-ханга Вэй Цзе деген кызматкерин жиберет, ал аркылуу император Чуло-ханды Да-дэуба жеринде жолугууга чакырат: «но жители сего владения не согласились на это». Чуло-хан извинился пред (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) посланником, и под другим предлогом отказался от свидания» (287). Император каарданып, эмне кыларын билбейт. Мына ушул мезгилде башкаруучу (старейшина) Шегуй императорго кытай падыша кызына үйлөнүү үчүн элчи жиберет.

Император эми Шегуйду улуу хан кылып отургузмак болот. Император элчини чакырып: «Теперь надобно выставить войско для истребления Чуло-хана, а потом приступим к делу о браке», – дейт (287). Ал учу ак бамбуктан жасалган жаанын жебесин Шегуйга белек кылып берип жиберет.

Шегуй бул кабарга аябай кубанат. Ал Чуло-ханга кол салат жана аны талкалайт. Чуло-хан аялын балдары менен таштап, бир нече миң атчан аскерлери менен чыгышка качат, жолдон таланып-тонолот. Гао-чандан чыгышка бурулуп Шеломань тоосунун алдына жайгашат (287).

Бирок ал император тарабынан сарайга алдырылат. 611-жылы ал император Линь-шо-гундун алдына келет. 614-жылы Чуло-ханга Синь-и падыша кызын аялдыкка алып берет. Император аны мурунку жерлерине жиберүүнү чечет, бирок Ляодундагы согуш тоскоол болот. Хан ар бир жортуулда императорду коштоп жүрөт. Ал 618-жылы Хуа Цзини коштоп жүрүп, Хэ-бэйге келет. Ал Хуа Цзи жеңилердин астында кайрадан борборго качат жана түндүк чек арачы тукюелерден каза болот (288).

Ал эми В.В.Бартольддун маалыматында VII кылымда батыш-түрк каганы Чуло жеңилип, Кытайга кетүүгө аргасыз болот.

**Шегуй-хан.** Юймынь жеринен батышка карай орун алган жерлердин көп бөлүгү Шегуйдун ээлигине кирген. Ал чыгыш Тукюе үйүнө каршы чыккан. Шегуй өлгөндө анын ордуна анын бир туугандары Тун Шеху-хан деген ат менен Тун Шеху отурган.

**Тун-Шеху-хан**[1]. Тун-Шеху-хан абдан эр жүрөк болгон. Анын ар бир жортуулу жеңиш менен аяктаган, ошол себептен ал өзүнө Тйелэни кошуп алган, Персияны жана Гибинди багындырган. Анын бир нече жүз миң аскери болгон. Ордону Шигодон түндүккө Цянь-цюань жерине которгон. Ушундан кийин анын бийлиги бүткүл батыш аймакка жайылган. Ал «Владетелям дал титул Сылифа, и отправил Тутуней[2] иметь надзор за ними и собирать подати» (289).

619-жылы Гэсанды (Гэсан Шехуну өтө эле жек көрчү) өлтүрүүнү сурап Шеху Сарайга элчи жиберет. Император макул болбойт. Император Сарайдын аялдар бөлүгүндө сый тамак уюштурат, «и когда упились, то, дошед до государственного кабинета, допустили посланника убить Гэсану, и скрыли это» (289).

Император чыгыш тукюелерге каршы союз түзүп, бириккен күч менен чыгыш түрктөргө каршы согушууну чечет. Тун Шеху кол салуу күнүн белгилөөнү сурайт. Бирок Хйели-хан мындай союздан коркуп, согуштан качып, тынчтык келишимин түзүүгө аргасыз болот.

625-жылы Шеху императордон нике келишимине уруксат сурайт. Император чиндери менен кеңешип, акыры макул болот, «и указал князю Дао-ли отправиться к западному тукюескому Двору». Тун Шеху сүйүнүп, «...и в обратный путь с Дао-ли отправил Чженьчжутун Сыгиня, а для заключения договора послал императору венец, осыпанный дорогими камнями, золотой пояс и 5000 лошадей». Бирок, тилекке каршы,

[1] *Тун* деген ат (имя), *Шеху* – төрөлөрдүн (вельможалардын) жалпы титулу. *Ганму.* 616-ж. *Караңыз: Собр. св.,* II, 1998, 289-б.

[2] «Тутунь – есть титул вельмож по должности. *Ганму.* 619. Караңыз: Собр. св., 1998, 289-б.

бул нике ишке ашпай калат, анткени бул мезгилде чыгыш Тукюе Үйү жыл сайын чек арага кол салып турган жана батышка кеткен жол бир топ кыйынчылыктарга дуушар болгон. Анын үстүнө Хйели Тхан Үйүнүн падыша кызы анын территориясынан өтүшү керектигин жана ал аны токтотпостон кармай тургандыгын алдын ала эскерткен (289). Тун Шеху-хан буга аябай кайгырган.

Тун Шеху өзүнүн күчүнө ишенип, кол алдындагыларга кайрымдуу болгон эмес. Эл наразы болгон, көпчүлүгү бөлүнүп кетишкен. Ал өзүнүн тууганы Мохэду тарабынан өлтүрүлгөн (290). Эми такка Кюйли Сыби-хан деген ат менен Мохэду отурган.

**Сыби-хан Мохэду (Моходу) жана Нишу**. Сыби-хан Сарайга тартуу менен элчини жөнөткөн. Ал мамлекеттен кичи хандыкты бөлүп, өзүн улуу хан (верховный хан) деп атаган, буга төрөлөр (вельможи) наразы болгон. Нушиби тукумундагылар (поколения) Нишу Мохэ Шени хан коюп алышкан. Нишу тактан баш тарткан. Тун Шехунун баласы Шили Дэлэ Мохэду-хан тарабынан чыгарылган ызы-чуудан алыс болуу үчүн Кан-гюйга качкан. Нишу аны кабыл алып, Иби Бололюй Шеху-хан деген ат менен такка отургузган. Эми хандыкты бөлүү боюнча талаш болуп, бул согушка айланган.

630-жылы Сыби-хан императордон никеге уруксат сураган. Император баш тарткан, «после сего владения западного края[1] отложились, и тукюеский Дом пришел в великое бессилие» (290).

Бардык элдер Сы Шеху-ханга өтүп кетишкен жана Сыбиханга кол салышкан, Сыби Алтай тоолоруна качып кеткен. Ал жактан аны Нишу өлтүргөн жана Сы Шехуну хан деп жарыялаган (290).

**Сы Шеху-хан.** Сы Шеху-хан такка отурары менен тйелелик Сйеянтону басып таштоо максатында аларга каршы чыккан, бирок алардан талкаланган. Ал аябай шекчил, өжөр жана кайрымсыз болгон. Кичи хан Или мамлекетке чоң кызмат кылган киши болгон. Сы Шеху-хан курулай жалаа менен анын

---

[1] Авганистан, Персия, Кипчак (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*). Караңыз: Собр.св., 1998, II, 290-б.

бүт тукумун өлүм жазасына тарткан. Элдер аябай таң калышкан. Мындан тышкары ал Нишуну жек көрүп жашыруун өлтүрүүнү пландаган. Нишу Карашарга качкан. Бирок Нушиби тукумундагы Муби Дагань рыцарлары менен Сы Шехуну тактан түшүрүүгө ниеттенишкен. Шеху Кангюйга качкан жана ал жактан каза болгон. Төрөлөр анын ордуна Нишуну Дулу- хан деген ат менен такка отургузган (Собр. св., 1998, II, 290–291).

**Батыш Түрк каганаты. Дулу-хан Нишу.** Батыш Түрк каганаты тууралуу Л.Н.Гумилев мындай дейт: «Благодаря огромным расстояниям, отделявшим его от Китая, просуществовал еще четверть века, но 630 год и для западных тюрок оказался роковым». Эмне үчүн?

Жогоруда айтылгандай, ушул жылы Тун-Шеху-каган өзүн агасы (дядя) Моходу тарабынан өлтүрүлгөн. Моходу өзүн Кюйли Сыби-хан деп жарыялаган (Древ. Тюрки, 1, 29). Легитимдүүлөр (легитимисты)[1] тез арада эле көтөрүлүш чыгарышкан. Алардын башында Нишу турган (ал Тун-Шехунун кичүү инисинин баласы болгон). Нишу ага сунуш кылынган тактан баш тартып, Тун-Шехунун баласы Шилини мыйзамдуу мураскер катары сунуштаган. Моходу өлтүрүлгөн, Шили болсо Иби Бололюй-Шеху деген ат менен такка отурган.

Бирок ал абдан каардуу жана шекчил болгон. Нишуну өлүм жазасына тартууга өкүм кылган, бирок ал Харашага качып кутулган. Бирок кайрадан көтөрүлүш болуп, хандын өзү качууга аргасыз болгон. Нишу такка отурууга өзүн легитимсиз деп эсептеген, бирок ага кытай императору формалдуу уруксат бергенден кийин такка отурган.

Ушул эле маалыматтар И.Н.Бичуринде мындай берилет: Дулу-хандын (*эмгекте ушундай аталат – Г.Ж.*) атасы Мохэ Ше болгон, ал Шеху-хандын карамагында болгон. Ву-дэнин бийлиги тушунда Сарайга келген. Тхай-цзун аны менен бир тууган болуу үчүн шерттешкен. Ал каза болгондон кийин Нишу анын ордуна отурган. Башка маалыматтарда Гяна Ше такка отурар менен хан деген титулду алып жүрө албай тургандыгы

---

[1] **Легитимн/ый,** -ая, -ое (легитимен, -на, -но) мыйзамдуу: **-ая власть** мыйзамдуу бийлик. Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 1012, 182-б.

жөнүндөгү маалымат менен Сарайга элчисин жөнөткөн. Кийинки күнү император «отправил сановника Лю Шань-инь с бунчуком и грамотою, который дал ему титул Туньалэу Балиби Дулу- хана. Он пожаловал ему литавру, знамя и великое множество шелковых тканей» (1998, I, 291).

Нишу өзүнүн императорго ыраазычылыгын билдирип, элчисин жөнөткөн. Кийинки күнү Улуу император («Верховный император»)[1] [Гао-цзу], элчини коноктоп жатып: «Ныне и иноземцы[2] повинуются. Было ли это в древности?», – дейт.

Дулу-хан Нишу[3] каза болгондо анын ордун Шаболо Хилиши-хан деген ат менен кичүү иниси Тунво Ше ээлеген (Собр.св., 1998, I, 291)[4].

Л.Н.Гумилевдо Нишунун 634-жылы каза болгондугу жана анын ордуна иниси Тунво – Шаболо-телиши-хан деген ат менен отургандыгы маалымдалат (Др. тюрки, 30).

**Шаболо-Хилиши-хан.** 634-жылы Шаболо-Хилиши-хан такка отурат. Бул мезгилде Батыш Түрк каганаты ылдыйлоонун үстүндө эле. Бул 630-жылдан 634-жылга чейин 4 хандын алмашканынан эле көрүнүп турат.

Шаболо-Хилиши-хандын алдында ордонун ичинде өз ара мамилелерди иретке келтирүү маселеси турган. Ошондуктан ал көчмөн ордону он бөлүккө бөлүп, ар бир бөлүгүнүн башына башчыларды: дулу уруусуна «чжо», нушиби уруусуна – «сыгиндерди» коёт. Чу (*Чүй – Г.Ж.*) суусу уруулардын ортосунда-

---

[1] Кытайча: Тхай Шан. Мындай титул ордун өзүнүн баласына берген улгайып калган императорго берилген. Караңыз: Собр.св., 1998, I, 291-б.

[2] Кытайча: Мань-и, бул түштүк жана чыгыш көчмөндөрү дегенди түшүндүрөт. *Караңыз:* Аталган эмгектин 291-бети.

[3] *Н.Я.Бичуринде* – Дулу-хан-Нишу деп (Собр. св., 1998, II, 291-б.); *А.Н. Бернштамда* – Дулу Нишу каган деп жана 634-жылы каза болгон деп (Избр. тр., 1998, II, 270-б.); *Л.Н.Гумилевдо* – Нишу деп (Древние тюрки, 1,1999, 30-б.), *Б.Урстанбеков, Т.Чороевде* – Дулу деп (Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк, 40-б.) деп берилген. Нишу – өзүнүн аты, такка Дулу-хан деген ат менен отурган (Собр.св., 1998, II, 291-б.). Биз Дулу-хан Нишу деп алдык.

[4] *В.В.Бартольддун* эмгегинде Дулу-хан 603-жылы каза болгон деп (В.В.Бартольд, 185), ал эми *Н.Я.Бичуриндин* маалыматында Дулу-хан 634-жылы каза болгон деп берилген (Собр. св., 1998, I, 291).

гы чек болгон: «Дулу жили на восток от Чу, нушиби – на запад» (А.Н.Бернштам, Избр.тр., II, 1998, 270-б.). Бул уруулар түрк жазма булактарында «Он ок будуӊ» (десятистрельные) деген ат менен белгилүү, кытайлыктар да аларды ушундай аташкан (270).

Ошентип, Шаболо-Хилиши-хан Батыш Түрк каганатын чыӊдоо үчүн көп аракет жасаган. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев: «Шаболо-телиши довершил организацию державы» (30), – дейт. Ал дагы Түрк каганаты державасын он аймакка бөлгөндүгүн (беш чыгыш аймак – *дулу* жана беш батыш аймак – *нушиби*) белгилейт.

Бирок бул децентрализация мамлекетти жаңы силкинүүлөрдөн сактап кала алган эмес. Бул силкинүүлөрдүн себепкери – чыгыш түрктөрү болгон дейт Л.Н.Гумилев (30).

**Шаболо Хилиши жана Иби Дулу.** Территорияны мындай бөлүштүрүү жана уруулардын административдик жактан мындай түзүлүшү ордодо болгон башаламандыкты жойгон эмес, тескерисинче бул уруулардын белгилүү бир автономизациясына[1] алып келген. Натыйжада, ошол учурда башкарып жаткан каган менен катар эле башкалары да кагандыкка көрсөтүлгөн. Мисалы, Шаболо Хилишинин башкаруусунун 4-жылы Иби Дулу Юйгу Ше кагандыкка көрсөтүлгөн. Ал дароо эле Шаболо Хилишиге каршы согушка чыккан. Или суусунун боюнда алар келишим түзүп, чыгыш тарап – Шаболио Хилишиге, батышы – Иби Дулуга тийген[2].

**Иби Дулу жана Иби Шаболо. Кыргыздар.** Чүй жана Түндүк Кыргызстан Иби Дулуга баш ийишкен.

Бирок мындай чек салып бөлүшүү көпкө созулган эмес. Акырында Хилиши Ферганага качкан, ал ошол жактан 639-жылы каза болгон. Анын ордуна Иби Шаболо отурган. Ошентип, Батыш Түрк каганатынын эки башчысы Иби Дулу менен Иби Шаболонун ортосунда бийлик үчүн күрөш жүргөн.

---

[1] **Автономия** *ж* автономия (өзүн-өзү башкарууга, мыйзам чыгарууга укуктуулук, өз алдынчалык). А–И, 2012, 28-б.

[2] *А.Н.Бернштам,* Избр.тр., II, 1998, 270; Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянган: *Таншу,* гл. 140б.; *Н.Я.Бичурин.* Собр.св., 1950, 1-б., 351-б.

Алар башка жерлерди өз карамагына багынтып алгандан кийин күчтөнө башташкан. Иби Дулу **чыгышта кыргыздарды** жана бомаларды **багындырган** (*белгилеген – Г.Ж.*), ал эми Иби Шабологo Чыгыш Түркстан (Куча, Лоу-Лань, Цзюймо, Карашар), тохарлар (тохаристандык карлуктар болуу керек) жана Согду (Шы, Ши, Хэ, Шу жана Кан) жерлери кошулган (А.Н.Бернштам, 271).

Мында Иби Дулунун кыргыздарды карамагына алуу менен күчтөнө баштагандыгы маалымдалат. Ушундай маалыматтан Кыргыз мамлекетинин күчтүү болгондугун, кыргыздардын Иби Дулунун армиясын күчтөндүрүп, анын Иби Шаболо менен кармашында жеңиштерге жетишине чоң салым кошушкандыгын билүүгө болот.

**Иби Дулу жана кыргыздар. Хэлу.** Кытай жазма булактарындагы маалыматта да кыргыздар батыш түрк каганы Дулуга баш ийишкендиги маалымдалат. Шавандын маалыматы боюнча Дулу – Истеминин бешинчи муунундагы тукуму. **Дулунун эң күчтөнүп, атагы чыгып турган маалы – ага бома жана гегу (Шаваннда Kie-kou), б.а., кыргыздардын баш ийип турган мезгили болгон** (*белгилеген – Г.Ж.*). Бул учурда түрктөрдүн бийлиги кыргыздарга эле эмес, алардын түндүк коңшуларына да тараган. Бирок кыргыздардын түндүк чек арасы каерден өткөндүгү жана түрк тилдеринин таралуу аймагы так көрсөтүлгөн эмес. В.В.Бартольд Таң-шуда: «Все реки (бассейна Енисея) текут на северо-восток. Минуя Хягас (Тан династиясынын тушундагы *кыргыз* деген сөздүн транскрипциясы), они соединяются, и текут на север»[1],– деп жазылганын эскерет.

Бул маалыматта дагы Иби Дулунун күчтөнүп, атагы чыгып турган маалы – ага кыргыздардын жана бомалардын баш ийип турган маалы деп баса көрсөтүлгөн. Демек, жогоруда белгиленгендей эле, кыргыздар Иби Дулунун карамагында болуу менен анын күчүнө күч, демине дем кошкон экен. Баатыр кыргыз жоокерлери Иби Дулунун армиясын күчтөндүрүп, биринин артынан улам бир жеңиштердин келишине зор салымдарын кошушкандыгы шексиз. Албетте, анда кыргыз-

[1] *Бичурин.* Собрание сведений, изд. 2, 354-б.

дар деп жазылбаганы менен Иби Дулуга кыргыздар баш ийгенден кийин күчтөнө баштады деген маалымат эле ушуну айтып турат. Ал эми Иби Дулунун жортуулдары жана жеңиштери тууралуу төмөндө сөз болот.

А.Н.Бернштам Иби Дулунун ээлеген жерлери (*албетте, анын ичинде кыргыздардын да жери болгон – Г. Ж.*) тууралуу мындай маалымат берет: «Владения Иби Дулу, расположенные по Тянь-Шаню и р. Чу, оказались в окружении орд Иби Шаболо, который даже свою ставку расположил 641 г. по северную сторону р. Чу, к востоку от Или, где-то в районе Заилийского Алатау» (Избр. тр., II, 1998, 271).

Мындай кыйын абалга карабастан, Иби Дулу бул курчоону талкалаган. Иби Дулунун бир тутугу (тутук[1]) Иби Шаболону өлтүргөн жана ага тиешелүү жерлерди номиналдуу түрдө ээлеген. Ага таластык нушиби уруусу багынган эмес. Иби Дулу өзү аскерлердин башында туруп, батышта Тохаристанды ээлеген, Хашиге (Ичжоу) кол салган (271).

Иби Дулунун мына ушул жортуулдары учурунда Чыгыш Түркстандагы кытай өкүлү Госяокэ Тянь-Шанды убактылуу ээлеп алган. Иби Дулу Чүй урууларынан (Чу-е жана Чу-жи) уюшулган жортуул менен Тянь-Шанды кайрып алууга аракеттенген. Бирок Госяокэ Гесо тоосунун алдындагы Чу-е уруусунун башчысына караштуу (*китепте «город сыгиня племен Чу-е у горы Гэсо(?)» деп берилген – Г.Ж.*) шаарды алган жана Чу-ми уруусун багындырган (271).

Госяокэнин мындай ийгиликтери Иби Дулуну жортуулдарын батышка багыттоого аргасыз кылган, ал жакка жасаган жортуулдары Согдудагы Дао ми урууларын талкалоо менен ийгиликтүү аяктаган.

Иби Дулу территориясын жоготкондугун колго түшкөн туткундар менен компенсация кылгысы келген. Таншудагы маалымат боюнча согуштан түшкөн абдан көп олжолордун

---

[1] **ТУТУК** – алгачкы феодалдык коомдо Борбордук Азиядагы түрк элдеринин мансап наамы. Ал жергиликтүү чакан аймакты бийлөөчү ж-а аскер башчы катары каганга баш ийген. Т. ханзу (кытай) тилиндеги «дуду» (аймактын башкаруучусу) деген сөздөн келип чыккан. *Б.Урстанбеков* жана *Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. – Ф., 1990, 176-б.

ичинен ал колго түшкөн туткундарды карамагындагы адамдарга бөлүп бербестен, бардыгын өзүнө алган. Буга полководец Нишу Чжо абдан каарданган жана өзүнүн бөлүгүн тартып алган[1].

Иби Дулу бул көтөрүлүшчүнү өлүм жазасына тарткан. Бирок анын мындай иш-аракети ага аброй алып келген эмес. Ушундан кийин ал өзүнүн жерине келе алган эмес, анын үстүнө бул учурда анын жерине кытай аскерлери тарабынан коркунуч да туулуп турган эле.

Ал Е (Зеравшан) суусу аркылуу өтүп, Ши (Согду ээликтеринин бири – Кеш (Кашка-Дарыя өрөөнүндө) жерине жеткен (Аталган эмгекте). Ал Байшунху шаарына жайгашкан.

Калган уруулар 642-жылы Кытай империясынын макулдугу менен Иби Шегулду такка отургузушкан. Жаңы кагандын көрсөтмөсү боюнча Нушиби уруусу Иби Дулу жашынган Байхуншу шаарын тегерете курчап алышкан. Иби Дулу Тохаристанга кетүүгө аргасыз болгон.

Иби Шегулдун аскерлери Иби Дулунун артынан түшүшкөн. Ал эми тылда Чу-е, Чуши, Гуси, Гэлолу жана Нушиби уруулары көтөрүлүшкө чыгышкан. Аларды Таластын башчысы (владетель) Хэлу башкарган. Ал Кытайдын колдоосуна ээ болгон. Натыйжада, Хэлу мурун Иби Дулуга (Иби Дулу 653-жылы каза болот) тиешелүү жерлердин бардыгына ээ болгон.

## Судинфандын жортуулдары

**Судинфандын жортуулдары.** Ордодогу ыйкы-тыйкы абалды Кытай өз кызыкчылыгына пайдаланган. 653-жылы Кытайдан Ченьчжицзенин жол башчылыгы менен кытай армиясы жортуулга чыккан. Алдыңкы катардагы армиянын башкаруучусу Судинфан болгон (272). 654-жылы Чундагы карлук уруусу талкаланган. Анын артынан Чумугунь уруусунун ордосу багынган. Ушул эле жылы Алтайга жөнөгөн, ал жердеги уруулар согуш-

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгек, 271; Бул маалыматты берүүдө автор төмөнкү эмгекке таянат: *Таншу,* гл. 140б.; *Н.Я.Бичурин.* Собр. св., ч.1, 353-б.

суз эле багынып беришкен. Судинфан батыш тарабынан Илиге келген, көп өтпөй чумугунь уруусун талкалаган.

Судинфанга каршы Хэлу тез арада Талас, Чүй (Чу) жана Или көчмөн урууларынан 100 000 адам жыйнаган жана Судинфандын аскерлерин курчап алышкан. Бирок алар абдан көп жоготууга учурашкан: 30 000 адам каза болгон жана колго түшкөн, старшиналардан 200 адам колго түшкөн (272). Нушибинин беш уруусу Судинфанга баш ийген, ал эми Дулу уруулары артка чегинишкен.

Судинфандын аскерлери Таласка жеткен. Жогоруда айтылгандай, Дулу уруусундагы көчмөндөр каганы менен кошо Или суусуна чегинишкен, бирок туруштук бере алышкан эмес. Судинфан алардын артынан Или суусунан Чүйгө чейин куугунтуктаган. Хэлу Согдианага (Ши жериндеги Суду шаары) качкан, бирок кутулган эмес, ал кармалган жана Ине Дагань шаарынын ээлери болуп эсептелген кытай бийликтерине тапшырылган (272).

## Батыш Түрк каганатынын жеңилиши

**Батыш Түрк каганатынын жеңилиши.** Ошентип, Батышта Ашина хандары көчмөн ак сөөктөрүнө жана согду аристократиясына таянууга аракет кылышкан, бирок күчтүү туруштук берүүчү колдун жоктугунан көчмөндөр арасында ички талаш-тартыш согушу башталып, бул каганатты анархия абалына алып келген. Мындай абалды Кытай бийлиги пайдаланган жана 657–659-жылдары батыш түркүттөр багындырылган (Др.тюрки, 1, 77).

Мурун Хэлуга тиешелүү болгон жерлер эми беш префектурага[1] бөлүнгөн. Жети-Суу боюнча эки префектура болгон: «Гуньяинская и Хаочинская». Беш Дулу уруусуна – Ашина Мише, беш Нушиби уруусуна – Ашина Бучжень башкаруучу болуп дайындалган. Бул өкүлдөрдүн кол астындагы уруулар-

---

[1] **Префектура** *ж.* префектура **2.** айрым мамлекеттерде: административдик-территориялык бирдик жана ушундай башкаруу органы. Орусча-кыргызча сөздүк, П–Р, 2012, 360-б.

га түргөш уруулары да кирген, ал эми карлуктар, А.Н.Бернштам болжолдогондой, эркин бойдон калышкан.

Көчмөндөрдүн арасынан өкүлдөрдүн коюлушу кытай бийликтерин баары бир канааттандырган эмес, ошондуктан 660-жылы Хотань жерин талкалаган кагандардын эркине каршы Судинфан Кашгар менен союз түзүп, кайрадан көчмөндөргө каршы чыккан. Арадан көп өтпөй Кытай өзүнүн тапшырмасы менен иштеп жаткандарды (ставленников) өлүм жазасына тарткан жана Жети-Суудагы уруулардын үстүнөн толук кандуу бийлик жүргүзө баштаган (А.Н.Бернштам, 272).

## Кытай империясы, түрктөр жана кыргыздар

Бул учурда Кытайдын күчү чегинен ашып турган мезгил эле. Номиналдуу түрдө ага мурда түрк империясына (чыгыш бутагы – 630-жылдан баштап, батыш бутагы – 658-жылдан кийин) кирген жерлердин бардыгы баш ийип турган. **Кыргыздардын мамлекети да формалдуу түрдө Кытай империясынын бир областы болуп калган, болгондо да анын мурунку – Гяньгунь деген аты калыбына келтирилген** (*Бул жерде Енисейде жашаган кыргыздардын мамлекети жөнүндө сөз болуп жатат – Г. Ж.*).

Бардык жерлерде мурунку эле хандар, башчылар ордунда калтырылган, бирок алар кытайлык губернаторлор деп эсептелип, кытайлык чиндерди алышкан жана Юньжань шаарында (Шаньси провинциясы) турган кытайлык өкүлгө баш ийишкен. Кыргыз өлкөсүнө Шибокюй Ачжан деген башчы (старейшина) (сылиф) болуп коюлган.

## Экинчи Чыгыш Түрк каганатынын түзүлүүсү

**Дучжи. Түрктөрдүн көз карандысыздыкка ээ болуусунда анын ролу.** Ошентип, эми Жети-Суу урууларына башчыны Кытай дайындаган. Алар башчыны түрктөрдөн койгон. Бул Түрк каганаты үчүн, дегеле Орто Азия үчүн чоң мааниге ээ болгон. Бул жолу Кытай тарабынан түрктөрдөн чыккан Дуч-

жи өкүл болуп коюлган. Ал батыш түрктөрүнүн он ок урууларынын үстүнөн өзүн башкаруучу деп жарыялаган жана 676-678 жылдары башкарган. Дучжинин кыска мөөнөттүү башкаруусу (ал 679-жылы колго түшкөн) Орто Азиянын тарыхы үчүн жана Түрк каганаты үчүн чоң мааниге ээ болгон[1].

Эмне үчүн Дучжинин башкаруусу мындай маанилүү болгон? Төмөндө сөз ушул тууралуу.

Дучжи башкаруусунун биринчи эле жылы Тибет менен келишим түзүп, Аньси провинциясында Кытайга каршы чыккан. Анын бул Кытайга каршы чыгуусу арабдардын Орто Азияга кирип келиши (651-жылы алар Мерваны алышкан) менен тушташ болгон, ал эми Борбордук Азиянын түндүгүндө түрк урууларынын биригүүсү жана алардын Кытайга каршы чыгуулары ийгиликтүү болгон эле.

Ошентип, **Дучжинин Кытайга каршы чыгышы менен башталган түрктөрдүн көтөрүлүшү 682-жылы алардын жеңиши менен жана Экинчи Чыгыш Түрк каганатынын түзүлүшү менен аяктаган** (*белгилеген – Г. Ж.*).

Дучжинин Кытайга каршы чыгуусу Кытайдын күчтөрүн Борбордук Азиядан алаксыткан, ошондой эле кытайлыктардын Орто Азияга активдүү жортуул жасоосуна тоскоолдук кылган (А.Н.Бернштам, 272). Анын үстүнө, жогоруда айтылгандай, Орто Азия арабдар тарабынан багындырыла баштаган эле. Орто Азия болуп жаткан согуштардан алсырап бүткөндүктөн, аларга катуу каршылык көрсөтө алган эмес (272).

Ошентип, Дучжинин Кытайга каршы чыгуусунун тарыхый мааниси абдан чоң болгон.

Мына ушул чоң ролду аткаруу менен бирге эле согуштардын айынан жети-суулук түрктөрдүн, анын ичинде Кыргызстандын территориясында жашаган уруулардын күчү кайткан. Бул тууралуу Н.Я.Бичуринде (1 б., 1950, 363) да, Таншуда да (гл.140 б.) айтылат: «с этого времени (679 г.) десять племен (дулу и нушиби) больше всего ослабели».

[1] *А.Н.Бернштам.* Тюркские племена в конце VII и в первой половине VIII в. История СССР... ч. IV, 480-б.

Кийинки беш жылда каганатта алты каган алмашкан. Бул кагандардын негизги ишмердүүлүгү – түрктөрдүн Тибет менен болгон коалициясын чыңдоо болгон, анткени бул коалициянын Дучжинин убагындагыдай эле эл аралык-саясий мааниси чоң болгон.

## ТҮРГӨШТӨРДҮН БИЙЛИККЕ КЕЛИШИ. КЫРГЫЗДАР

### Түрктөргө каршы үч тараптуу коалициянын түзүлүшү. Кыргыздар жана түргөштөр

**Кыргыздар менен түргөштөрдүн союзу.** Ө.Осмонов 679-жылы Ашина династиясынын өкүлү башында турган чыгыш түрктөрү көтөрүлүш чыгарып, Тан империясынын диктатурасынан кутулушкандыгын, кайрадан калыбына келген Чыгыш Түрк каганаты Капаган кагандын (691–716-жж.) башкаруусу убагында абдан күчүнө келип тургандыгын маалымдайт. Алар мурунку кагандар Бумын жана Истеминин тушундагы жерлерди кайрып алууну көздөшкөн (100).

Мына ушул учурда **710-жылы кыргыз каганы Барсбектин дипломатиялык ишмердүүлүгү менен курамына Тан империясы, Енисейдеги Кыргыз каганаты жана Теңир-Тоодогу Түргөш каганаты кирген үч тараптуу коалиция түзүлгөн эле** (*белгилеген – Г.Ж.*). Бул коалициянын чыгыш түрктөргө каршы согушу 711-жылга пландаштырылган. Бирок Капаган-каган алдын алып, Тан империясы менен келишим түзүп, анын коалициядан чыгып кетишине жетишкен, т.а., анын нейтралитетин камсыз кылган (100).

Ушундан кийин чыгыш түрктөрү кыштын суугуна карабай, Саян аркылуу өтүп, енисейлик кыргыздарга капысынан кол салып, аларды талкалашкан. Андан соң Капаган-каган жашыруун жолдор менен Алтай аркылуу аскерлерин Иртыштын башка жээгине өткөргөн.

Болучу жериндеги (урочище) жакын кечүүлөрдүн биринен түрктөр көп сандаган түргөш армиясын кыйратышкан. 712-

жылы Капагандын армиясы 120 миң кытай армиясын талкалаган. Бул түрк армиясынын жеңиштеринин туу чокусу болгон (Ө.Осмонов. История Кыргызстана, 2012, 100).

А.Абдыразаковдун эмгегинде да Барсбек каган түрк мамлекетине каршы Кытай, түргөштөр ж.б. менен биргелешкен согуштук келишим түзүү аракетин баштагандыгы жана бул иш-аракеттер Капаган каган менен Тонукуктун тыңчылары аркылуу Тонукукка дайын болуп калгандыгы маалымданат. Ал: «Барсбектин түпкү максаты түрк мамлекетин кулатып, Борбордук Азияга Кыргыздардын улуу мамлекетин орнотуу эле» (*китептегидей берилди – Г.Ж.*) – дейт. Бирок бул максат ишке ашкыча, кыш чилдесине карабай бир-бирден талкалоонун планы түзүлүп, тез арада иш жүзүнө ашырылган (А.Абдыразаков, 81).

Ошентип, кыргыздардын ичинен Барсбек-каган түрктөргө каршы коалиция түзүүгө активдүү киришкен. Бул Барсбек-кагандын кыргыз элинин эркиндиги, жеринин бүтүндүгү үчүн абдан активдүү күрөшкөн баатыр экендигин айтып турат. Коалицияны түзүүгө демилге көтөрүп, башка мамлекеттер менен да дипломатиялык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, түрктөргө каршы аталган коалицияны түзө алгандыгы анын дипломат экендигинен, демилгечил, кыраакы, акылдуу жана эл аралык абройго ээ саясий ишмер экендигинен кабар берет.

Бул коалицияга түргөштөр да кирген. Аталган коалиция, албетте, түрктөр үчүн абдан коркунуч туудурган. Ошондуктан алар алдын алып, Тан империясы менен келишим түзүүгө жетишишкен, андан соң кыштын сууктугуна, жолдун татаалдыгына карабай, жыйырма күн кыйынчылык менен жол жүрүп, бейкапар жаткан кыргыздарга капысынан кол салышкан.

**Түргөштөр. Түргөштөрдүн бийликке келиши.** Саясий аренага эми түргөш уруулары чыга баштаган. 704-жылы түргөштөрдүн башчысы Бага Тархан батыш түрктөрдүн акыркы каганы – Ашина Синди Кулан шаарында (азыркы Луговая ст. урандылар) өлтүргөн. Ошондон баштап, т.а., **704-жылдан баштап, Жети-Суудагы жана Кыргызстандын территориясындагы бийлик түргөштөргө өткөн** (*белгилеген – Г.Ж.*) (А.Н.Бернштам, 273; Тан-шу, гл.140б; Собр.св., ч.1, стр. 366).

Түргөштөр Чүйдөн түндүк-батышта, болжолу Байкалдын алдында жашагандыгы айтылат. «Тюргеши жили от Чу на северо-запад, вероятно в Прибалхашье», – дейт А.Н.Бернштам (273). Түргөш уруусу көп сандуу болгон, т.а., алар ар бири 7000 кишиден турган жыйырма бөлүктөн турган. Түргөштөр саясий сценага VII кылымдын 50-жылдарында эле чыга башташкан, ал эми 699-жылы түштүк багытта активдүү аракеттене башташкан. VII кылымдын 90-жылдарында түргөштөр Суябды басып алышкан жана Чоң Ордонун штабын (ставка) Суябга көчүрүшкөн, ал эми Или (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) дарыясынын аймагында түргөштөрдүн Кичи ордосу калган (273).

Түргөштөр негизинен малчылык менен кесиптенишкен. Тухсилердин дыйканчылыгы тууралуу эскерүүлөр – түргөштөр да дыйканчылык менен же Ысык-Көлдө же Чүй өрөөнүндө алектенишкен деген жоромол пикирге түртөт дейт А.Н.Бернштам (283). Демек, түргөштөрдө дыйканчылык анчалык өнүккөн эмес.

**Сары түргөштөр.** Согэ каганынын тушунда сары түргөштөр (каган ушул сары түргөштөрдөн болгон) аябай күчкө ээ болушкан, бирок бул көпкө созулган эмес. Алар алгач тектүү княздардын бири менен согушуп, кийин чыгыш түрктөрү жана алардын башчысы Мочжо менен согушуп, алардан жеңилген (693–716-жж.).

Ө.Осмонов түргөштөрдүн бийлөөчү династиясын негиздеген сары түргөштөрдүн башчысы Уч-элиг-каган (704–706-жж.) болгондугун, түргөштөрдүн бийлиги астына Сыр-Дарыянын ортоңку агымынан Иртыштын жогорку агымына чейинки жерлер киргендигин маалымдайт. Уч-элиг каза болгондон кийин анын ордуна уулу Сакал-каган отурган (706–711-жж). Ушул мезгилде мамлекеттин абалы өтө оор болгон. Түштүктө – Тан империясы, чыгышта – өздөрүнүн каганатын калыбына келтирген түрктөр, түштүк-батышта – араб баскынчылары коркунуч туудурган[1].

[1] *Ө.Осмонов.* История Кыргызстана (с древнейших времен до наших дней). – Б., 2012, 98-б.

Ө.Осмоновдун маалыматы боюнча 709-жылы түргөштөр Сакал кагандын башчылыгы менен Чыгыш Түркстандагы Аньсиге (Кытай протектораты[1]) кол салышкан, кытай аскерлерине катуу сокку урушкан жана алардын өкүлүн өлтүрүшкөн. Андан соң түргөштөр күчүн Орто Азияга багытташкан жана согдулар менен бирдикте Бухаранын алдында араб эмири Кутейбу ибн Муслимдин аскерлерин курчоого алышкан. Бирок Кутейбу союздаштардын ортосундагы келишпестиктен пайдаланып, бул кырдаалдан оңой чыгып кеткен. Түргөштөр үчүн негизги коркунуч мурункудай эле Чыгыш Түрк каганаты тарабынан болгон (99).

**Түргөштөрдүн жеңилиши түрк жазма эстелигинде.** Түргөштөр тууралуу маалыматтар кытай жазма булактарында жана байыркы түрк тексттеринде кездешет, бирок бул маалыматтар VIII кылымдын экинчи жарымында үзүлөт (Күл-Тегин жана Тонукук тексттери, ЗВОРАО, т. XII; А.Н.Бернштам, 273).

Түрк жазма эстеликтеринде түргөштөрдүн жеңилиши баяндалган. 711-жылы түрктөр түргөштөргө каршы жортуулга чыгышкан: «Ал жылы түргөшкө карай Алтын жышты ашып, Иртыш суусун кечип жортуулдадык. Түргөш элин уйкуда (жатканда) бастык. Түргөш кандын колу Болчуда оттой жанып, бороондой келди, сүңгүштүк. Күл-Тегин Бозгу деген атты минип тийди. Башгу боз... экөөнү өзү алдырды. Анда жана кайра кирип, түргөш кандын буйрук берүүчүсүн, аздардын тутугун колу менен тутту. Каганын анда өлтүрдүк, элин алдык (чаптык) кара түргөш элинин баары багынды. Ал элди Табарга кондурдук, кайра жортуулдап, Согду элин оңоюн деп, Иинчи-Өзөндү кече Темир-Капкага чейин жортуулдадык. Андан кийин кайра түргөш элинин көбү жоо болгон, кеңереске (карай) барды. Биздин колдун аты торук, азыгы жок эле, жаман (бузуку) кишилер ... алп эрлери бизге тийишти (кол салышты). Андай убакта өкүнүп, Күл-Тегинди, бир аз эрлери (жоокери) менен жибердик. (Ал) улуг (катуу) салгылашкан

[1] **Протекторат** *м полит.* протекторат (**1.** алсызыраак өлкөнүн формалдуу түрдө өзүнүн мамлекеттик түзүлүшүн сактоо менен күчтүү империалисттик державага көз каранды болуусу). Орусча-кыргызча сөздүк, П–Р, 2012, 470-б.

(экен), алп Шалчынын ак (боз) атын минип тийген кара түргөш элин анда өлүм таптырган (чапкан)...»[1]

Бул текстте түрктөрдүн түргөштөргө кол салышы жана аларды жеңип алышкандыгы баяндалган.

Байыркы түрк тексттериндеги бул маалыматтарды кытай жазмалары да тастыктайт. Анда: «...Соге[2] разделился с Чжену, злобствуя, что ему мало дано народа, откочевал и предался Мочжо. Он просил Мочжо употребить его вожаком при нападении на страшего брата» деп айтылат. Мочжо Чженди[3] кармап турган, өзү болсо 20000 аскери менен Согэге сокку уруп, аны туткунга алган. Мочжо кайра келгенде Чженге: «Силер бир тууган болуп туруп, ынтымакта жашай албасаңар, мага берилгендик менен кызмат кыла аласыңарбы?» – деген. Ал экөөнү тең өлтүргөн (А.Н.Бернштам, 273; Тан шу, гл.140б.; Собр.св., ч.1, стр. 368).

Ошентип, бири-бири менен каршылашкан эки бир тууган Мочжо тарабынан жок кылынган. Түргөштөр түрктөрдөн жеңилген.

**Кара түргөштөр.** Түргөштөр 711-жылы талкалангандан кийин конуш которгон кара түргөштөр Түндүк Тянь-Шандын алдында толук бийликке ээ кожоюн болуп калышкан. Кара түргөштөр уруусунун башында Сулу (түрк сөзү «сулук»– сулуу дегенди билдирет) турган. Ал өзүн каган деп жарыялаган. Анын тушунда кара түргөш уруусу кеңейип, 200000 адамга жеткен (адегенде 140000 адам болгон). 717-жылы Сулу Кытай менен достук мамиле түзгөн. Бирок бул мамилени өзү бузган, ал кайрадан Тибет менен көчмөндөр союзун жаңырткан. Ушул союздун натыйжасында жана Кытайга каршы жортуулдарда (анын ичине Аньсичен шаарын ийгиликтүү курчоого алуу да бар) Сулу нан, мал жана адамдар түрүндө аябай көп олжого ээ болгон (274).

---

[1] Караңыз: *А.Абдыразаков,* Аталган эмгекте, 70–71-бб.; *Кляшторный С.Г.* Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. – М., 1964, С.37–41-бб.; *П.Мелиоранский.* Памятник в честь Кюль-Тегина. Таншу, гл.140 б.

[2] Согэ сары түргөштөрдөн чыкан каган болгон.

[3] Чжен Согэнин улуу агасы болгон.

Сулунун тагдыры өзүнөн мурунку жана замандаш кагандардын тагдырын кайталаган. Башкача айтканда, Сулу адегенде адамдарга абдан камкор жана сарамжал каган катары белгилүү болгон. Ар бир согуштан кийин түшкөн олжону бүт карамагындагы адамдарга таратып берген. Ошондуктан анын карамагындагы уруулар ага ыраазы болуп, жан-дили менен кызмат кылышкан. Ал чыгыш түрктөрү жана тибеттиктер менен жакшы мамиледе болгон «и оба выдали за него своих дочерей, поэтому он дочерей: трех царствующих домов сделал ханшами, сыновей произвел в ябгу» (274) деп айтылат А.Н. Бернштамда.

Бара-бара кагандын жумшаган чыгымдары күн санап өсүп, казына болсо бошой берген. Кийинки жылдары финансы жагынан тартыштык сезиле баштаган, ошондуктан каган согуштан түшкөн олжону башкаларга бөлүштүрбөй, өзүнө калтыра баштаган. Мунун натыйжасында, кол алдындагылар нааразы болуп, андан алыстай башташкан. А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча, ушундай күндөрдүн бир түнүндө Сулу өлтүрүлгөн (А.Н.Бернштам, 274; Тан-шу, гл. 140 б.; Собр. св., ч. 1, стр. 370).

Ошентип, кара түргөштөрдүн башчысы Сулунун тагдыры трагедиялуу аяктаган.

**Түргөштөр жана арабдар.** Түрктөрдүн бийлиги алмашып, бийликке Билге-каган (716–734-жж.) келген. Анын бийлиги 20 жылдын ичинде басып алуучулук жортуулдар менен өзгөчөлөнүп турган. Бул жылдардын ичинде түргөштөр кайрадан көз карандысыздыктан бошонуп, өз алдынчалыкка жетишишкен. Алардын каганы Чабышчор Сулук[1] (716–738-жж.) кара түргөштөрдөн болгон. Ал мыкты дипломат эле. 717-жылы Кытайга барган, ал жакта аны абдан жакшы тосуп алышкан. Ал падыша үйлөрү менен нике байланышын түзгөн. Ошондой эле өзүнүн кыздарынын бирин Билге-каганга берген (Ө.Осмонов, 100).

Арабдар түргөштөрдүн түрктөрдөн талкалангандыгынан пайдаланып, Согду, Хорезм жана Тохарстандын бир бөлүгүн

---

[1] *А.Н.Бернштамда* Сулу деп, *Ө.Осмоновдо* Чабышчор Сулук деп берилгени сакталды.

басып алышкан.Чабышчор Сулук 720-жылдан баштап арабдарга каршы жортуулдарын баштаган. Күрөш мезгилинде эле арабдарга каршы коалиция түзүлгөн, ага Фергана, Чач (Ташкент оазиси) жана Түргөш каганаты кирген. Бул союзду Согду элинин арабдарга каршы көтөрүлүшү коштогон. 728-жылы Согдуну арабдар таштап кетүүгө аргасыз болушкан. 729-жылы арабдар Бухарага басып киришкен. Аларга согду падышасы Гурек армиясы менен кошулуп кеткен. Алгачкы салгылашуулар эч кимге жеңиш алып келген эмес. Согуш учурунда согдулардын отряды күтүлбөгөн жерден каган тарапка өтүп кетишкен. Натыйжада, союздаштардын жана Орто Азиянын элдеринин жардамы менен арабдар шаардан чыгарылган (101).

Окуянын мындай өнүгүшүнө капа болгон Багдаддын халифи Орто Азияга жаңы өкүлдөрү жана аскерлерин («военное подкрепление» – Ө.О.) жиберген. Алгач алардын армиясы ийгиликтерге жетишкени менен, 721-жылы жеңилип калган. Ошондон баштап 734–735-жылдарга чейин арабдар Согдуну басып алууга аракет кылышкан эмес (101).

Жогорку окуялар арабдардын Орто Азияга орун алышына түргөштөр каршы турушкандыгын билдирип турат, аларга согду эли да кошулган, натыйжада мусулман таасирлери бул жерлерде азыраак болгондугун белгилөөгө болот.

Андан аркы окуялар Ө.Осмоновдо мындайча баяндалат. 734-жылы Омеяддар династиясынын халифтеринин башкаруусуна нааразы болгон араб аскер башчысы Харис ибн Сурейдж ортоазиялык мамлекеттердин коалициясы тарабына өтүп кеткен. Ал гана эмес ал Чабышчор Сулуктан баш маанек сураган. Каган өзүнүн вассалы катары Хариске Фарьяб шаарынан салык чогултуу укугун берген. Башкаруучу Хутталанын (Түштүк Тажикстан) күчтөрү жана Тохарстандын карлуктары менен биригип, Харис ибн Сурейдж арабдарга кол салган, бирок жеңилип калган. Хариске жардам бергени үчүн арабдар Хуттала элине чабуул жасашкан. Хуттала эли Чабышчор Сулуктан жардам сурашкан. Чабышчор Сулуктун жетек-

чилиги менен түргөштөр Чүй өрөөнүнөн 17 күндө Хутталага жетишкен. Тайманбас күрөштө алар арабдарды талкалашкан жана алардын жүктүү арабаларын (обоз[1]) тартып алышкан. Арабдар Хорасанга чегинишкен. Талкаланган, азып-тозгон арабдар эми коркунуч туудурбайт деген ой менен каган анча көп эмес аскерлери менен кышында, 737-жылы алардын артынан кууп жөнөгөн. Бирок арабдар бат эле топко биригишип, түргөштөргө катуу сокку урушкан. Каган арандан-зорго колго түшпөй, калган аскерлери менен Чүй өрөөнүнө кайтып келген. Жеңилүүнү түргөштөр кагандан көрүшкөн. Каган катуу кайгырып, 738-жылы каза болгон (101–102).

Жогоруда А.Н.Бернштамдын маалыматында Сулу каган «бир түнү өлтүрүлгөн» деп берилген, ал эми Ө. Осмоновдо ал арабдардан жеңилгендигине катуу кайгырып, каза болгон, б.а., «өлтүрүлгөн» деген маалымат жок[2].

Каган каза болгондон кийин «кара» түргөштөр менен «сары» түргөштөрдүн ортосунда бийлик үчүн күрөш жүргөн. Мындай ички ыйкы-тыйкылыктар мамлекетти алсыздандырган. Натыйжада мындай абалдан алардын каршылаштары пайдаланган: VIII кылымдын ортосунда каганаттагы бийликти карлуктар басып алган (102).

**Каган уруусу жана көчмөндөрдүн ортосундагы карама-каршылык.** Жогорудагы маалыматтар каган уруусу менен жалпы эле көчмөндөрдүн ортосундагы карама-каршылыктардын күчөшүн көрсөтүп турат. Бара-бара каган жана анын тегерегиндегилер эбегейсиз байлыкка жана бийликке ээ болуп, кол алдындагыларды эксплуатациялоого өткөн, натыйжада, кул ээлөөчүлөр пайда болгон. Бул тууралуу А.Н.Бернштам: «Согуштан түшкөн байлык жана согуш туткундары алардын колунда топтолуп, натыйжада каган жана анын жакындары

---

[1] **Обоз** *м* **1.** обоз, жүктүү арабалар. Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 521-б.

[2] Тарыхый маалыматтарда даталардын берилишинде же баяндалган маалыматтарда дал келишпестиктер кездешет. Авторлор койгон темасына жараша жана камтыган материалдарга карата бардык окуяларды бере беришпейт, ошондуктан айрым материалдар түшүрүлүп, айрым материалдар жалпы жонунан же кылдат баяндалат.

эң эле бай кул ээлөөчүлөр болушат», – дейт (274). Албетте, алардын кызыкчылыктары катардагы көчмөн уруулардын кызыкчылыгынан айырмаланган. Ушундан улам ортодо коомдук конфликт келип чыгат. Ушундай конфликттин соңунан каган өлтүрүлөт же анын уруусу жок кылынат да, жаңы уруу көтөрүлүп чыгып, анын башчысы дайындалат.

Мына ушунда абал түргөштөрдүн каганы менен алардын кол алдындагылардын ортосунда да болгон.

**Мохэ Дагань (Бага Тархан).** Ошентип, каган уруусу менен катардагы көчмөндөрдүн ортосунда карама-каршылык күчөгөн. Ансыз да өлкөнүн ичинде түзүлгөн татаал кырдаалды Кытайдын кийлигишүүсү ого бетер татаалданткан. Алар тигил же бул оппозицияны колдоп, ага жардам беришип, өздөрүнүн кишилерин (ставленники) коюшкан жана кандайдыр бир деңгээлде ийгиликке да жетишип турушкан, б.а., белгилүү бир жерлерди бийлеп да турушкан.

Мисалы, Сулуну өлтүргөн мезгилде Мохэ Дагань (Бага Тархан) ушундай колдоого ээ болгон. Ага каршы VIII кылымдын ортосунда Суябда жашаган түргөш каганы Тухосянь Гучжо, Талас шаарынын каганы Живэй каган күрөшкөн. Мохэ Дагань аларга каршы коалицияны түзгөн, ага батыш аймактын (Чыгыш Түркстандын) шаарлары, түргөш уруулары, Фергана жана Согдунун айрым ээликтери кирген. Мындай бириккен армия Суябды талкалап, Тухосянды туткунга алган. Ошол эле учурда Фумын Линч жана Фергананын башчысы Арсландын жетекчилиги менен кашкарлыктардын союздук армиясы Таласка каршы чыккан жана аны талкалап, Живэй каганды өлтүрүшкөн[1]. Андан соң бул мамлекеттердин баары Кытайга баш ийишкен.

Эми Кытай бийлиги Бага Тарханды 740-жылы түргөш урууларын башкарууга койгон[2]. Түргөштөр бийлик үчүн күрөшүн токтотушкан эмес, ошондуктан Кытай бийлиги түргөш-

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Памятники старины Таласской долины. Алма-Ата, 1941, 30-б. ж.б.

[2] *А.Н.Бернштам.* Тюргешские монеты. ТОВЭ, т. 2, 1940.

төрдүн күчтөнүшүнөн сактанып, 748-жылы түндүк Тянь-Шанга кайрадан жортуул уюштурушкан, натыйжада полководец Ван Чжень-сянь Суябды «түбүнө чейин талкалаган» (274).

**Түргөштөрдүн жеңилиши.** Албетте, түргөш урууларынын өз ара келишпестиктерин бул жерде VIII кылымдын 40- жана 50-жылдарында бийлик жүргүзүп турган кытай бийлиги пайдаланган. 741-жылы түргөштөрдүн Кытай императоруна багынып бергендиктери, Кытайдын бир гана душманы – арабдар калгандыгы Кытай сарайына маалымдалган. Араб маалымат булактары түргөштөрдүн кулашын 737-жыл деп, муну Сулунун өлүмү менен байланыштырышкан (А.Н.Бернштам, 275).

Табаринин маалыматы боюнча боюнча акыркы түрк каганы Невакетте (КРнын Орловка айылы, Чүй району) жашаган. Бул каган арабдарга каршы күрөшкөн жана аларга абдан чоң зыяндарды келтирген, ошондуктан арабдар аны «Абу музахим» «жөөлөшкүч» (толкающийся), «сүзөнөөк» (бодающийся) деп аташкан. Арабдар түрк каганы Курсул аттуу адам тарабынан өлтүрүлгөн деген маалымат беришет, ал эми Курсулду арабдар 739-жылы өлтүрүшкөн[1].

А.Н.Бернштам жогорудагы маалыматтар негизинен кытай маалымат булактарындагы Сулу жана аны Мохэ Дагандын өлтүрүшү тууралуу окуяларга (как будто) дал келип жаткансыганын айтып, эгерде Мохэ Даганды – Курсул деп, Сулуну – Абу Музахим десек, даталарында гана бир аз айырмачылык болот экен дейт. Чындыгында, азыркыга чейин Дагань түргөштөрдө 742-жылга чейин, же 766-жылга чейин башкардыбы, так маалымат жок (Избр. тр., II, 1998, 275).

**Түндүк Тянь-Шандагы анархия.** Ошентип, түргөштөрдүн согуштагы күтүүсүздөн келип чыккан кыйынчылыктарынан улам VIII кылымдын 50-жылдарында түндүк Тянь-Шанда толугу менен анархия өкүм сүргөн. Буга бир жагынан кытай бий-

---

[1] *А.Н.Бернштам,* 275; *В.В.Бартольд.* Очерк истории Семиречья. Верный, 1898, 87-б. («Очерк истории Семиречья» Фрунзеде (азыркы Бишкек) Кыргыз илимдер академиясынын Тарых, тил жана адабият институту тарабынан 1943-ж. кайрадан басып чыгарылган).

лиги, экинчи жагынан бул территорияга арабдардын басып кириши да көмөкчү болгон.

Арабдар Таласка чейин жетишкен. Ал жерден алар Гаосяньчжи жетектеген кытай аскерлерине туш келишкен. Арабдардын аскерлерин Зияд ибн-Салих башкарган. Таластагы Тараз (Жамбул шаары) жана Атлах (Солдатское айылы) шаарларынын ортосундагы кармашта арабдар жеңип, кытайлыктар чегинген. Кытайлыктардын жана түргөштөрдүн алсызданышынан карлуктар пайдаланган. Карлуктар саясий аренага чыккан[1].

**Түрк каганатынын акыркы жылдары**

Ошентип, жалпысынан алганда, түрк каганаты эбегейсиз чоң территорияны ээлеп, ал жердеги урууларды баш ийдирип турган. Алар батыш жана чыгыш жагындагы урууларды, ошондой эле түндүк жагындагы кыргыздарды да багындырган. Түрктөрдүн башчылары мурунку хунн шанүйүнө тете болгон каган деген атка ээ болушкан. Түрктөрдүн гүлдөгөн доору өкүм сүргөн.

Ошентип, VI жана VII кылымдарда түрктөр эң чоң жана күчтүү мамлекет түзүшкөн. Ал Монголиядан Кара деңизге чейинки аймакты ээлеп, Түрк каганаты деген ат менен белгилүү болгон. Түрк каганатына бардык коңшулары, анын ичинде кытайлар да бар, салык төлөп турушкан.

200 жылдын аралыгында карамагындагы уруулардын үшүн алып, аларга коркунуч туудуруп келген түрктөр ошол эле уруулар тарабынан талкаланып, кыргынга учураганга чейин 60 жыл кармалып турушкан. Орхон жазууларында түрктөрдүн баарына каршы акыркы, аргасыз, үмүтү үзүлгөн күрөшү чагылдырылган. Ал эми алардын үрөйдү учурган акыркы күндөрү Таншуда кургак гана баяндалган.

Түрктөрдүн акыркы күндөрү тууралуу Л.Н.Гумилев: «Тюркская орда жила и погибла, как волк, голову которого она нес-

---

[1] *В.В.Бартольд.* Очерк истории Семиречья. 87 б.; *А.Н.Бернштам.* Археологический очерк Северной Киргизии. – Фрунзе, 1941, 79-б. ж.б.; *А.Н. Бернштам.* Избр.тр.II, 1998, 275-б.

ла на своих знаменах, не давая и не прося пощады» (Др.тюрки, 1, 201)[1], – дейт. Л.Н.Гумилев түрктөрдүн акыркы жылдарын абдан таамай сыпаттаган.

## Тянь-Шань кыргыздары

**Тянь-Шань кыргыздары (А.Н.Бернштамдын версиясы).** Н.А.Аристов усундарды, андан кийин нушиби урууларын кыргыз салаалары деп эсептеген[2]. А.Н.Бернштам Н.А.Аристовдун Тянь-Шандагы кыргыздар «представлены были их (*енисейских кыргызов – Г.Ж.*) ветвью – усунями, позднее нушиби»[3] деген гипотезасын мисалга келтирип, усундарды кыргыздардын бутагы деп айта албайбыз дейт. Анткени «уже было показано выше, что западная ветвь кыргызов выступала как самостоятельная и враждебная по отношению к усуням группа племен. Тот факт, что усуни, некогда могущественные, должны были существовать и, якобы, существовали под именем нушиби, никак не следует из письменных источников, приведенных Н.А.Аристовым», – дейт (Избр.тр., II, 1998, 212; Ошол эле, Китепте: Кыргыздар, II, 1993, 273).

Н.А.Аристовдун нушиби урууларын түзгөн уруулар менен кыргыз урууларын байланыштырган аракети көңүл бурарлык дейт. Бул жерде ал ассык жана кущу же кущук урууларын кытай маалыматтарындагы «ассиги» жана «гэшу» уруулары менен байланыштырат. Чындыгында эле, Таншу нушибинин беш уруусун санап келип, Асиге жана Гэшуну да атайт.

Ошентип, «нушиби уруусу менен кыргыз уруусунун ортосунда кандайдыр бир этногенетикалык байланыш түзүлөт» (Избр. тр., 213), – дейт А.Н.Бернштам. Нушиби уруусу түндүк

---

[1] *Л.Н.Гумилев* бул ой кытай жазмалары тарабынан ырасталарын белгилейт, ага Н.В.Кюннер өзү которгон кытай жазмаларын берген. Караңыз: Аталган эмгек, 209-б.

[2] *А.Н.Бернштам.* Кыргыз мамлекетинин өз эркиндиги үчүн күрөшү. Китепте: Кыргыздар. II, 1993, 773-б. Которгон Мурат Кожобеков.

[3] *Н.А.Аристов.* Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности. Живая старина, год VI, СПб, 1896, вып. III–IV, 24-б.

Тянь-Шанда, тактап айтканда, Чүй-Талас сууларынын ортосуна токтолушкан.

А.Н.Бернштам: «Эгерде биздин заманга чейинки биринчи кылымда эле батыш цзянькундардын (кыргыздардын) тобу усундардын тобуна кошулса, анда алар VII кылымда усундар нушиби кошуунуна киргенге чейин өкүм сүрүшүп, бул маалда байыркы кыргыз уруулары аталып кеткен ассиги жана гэшу болуп таркалган. Эгерде усун мезгилинде цзянькундар[1] өз алдынчалыгын сактап түндүк гунндар менен чогуу усун жана каньгюй ортосунда тосмо ролун аткарып, ал эми VI кылымда алар нушиби урууларынын бир бөлүгүн түзгөн болсо, азыркы кыргыз элинин катарында араң эле урук-сөөк, асык (*китепте ысык деп берилип калган – Г.Ж.*) жана кушчу түрүндө келип жетти», – дейт (А.Н.Бернштам. Китепте: Кыргыздар, II, 1993, 273).

А.Н.Бернштам нушиби тууралуу кеп кылып жатып: «Но племена нушиби имеют связь не только с позднейшими кыргызами, но и с предшествующими усунями» (Избр.тр., 213),– дейт.

Бул тууралуу Н.А.Аристовдун божомолунан башка да жазма булактар маалымдайт. Мисалы, Тонукук жазуусунда «в юртах усуньского союза мы остановились» деген маалымат бар. В.Радлов бул союздун түшүндүрмөсүн Кытайдын территориясынан издеген, «о котором в предшествующей строчке памятника шла речь»[2].

А.Н.Бернштам бул туура эмес дейт. Жазууда түрк каганы (*сөз Эльтерис жөнүндө болуп жатат – Г.Ж.*) Шандун деңизине чейин жеткен, аяктан 33 шаарды талкалап, усун союзунун боз үйлөрүнө жетип, ал жерде калган, ага кошумча «кытай каганы түрк каганына душман болуп жана «он ок (десятистрельные) түрктөрүнүн (батыш) каганы түрк каганынын душ-

---

[1] *П.Пеллиоттун* билдирүүсү боюнча «цзянь-кунь – это монгольская форма передачи названия имени кыргыз в единственном числе, известном китайцам через гуннов». *А.Н.Бернштам.* Караңыз: Избр.тр., II, 1998, 159-б. А.Н.Бернштам бул пикирди берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: F.Hirth. Die Nachworte zur Inschrift des Tonjuquq. ATIM. Zweite Folge, СПб, 1899.

[2] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 213-б.; W.Radloff. 49-б.

маны аталат»[1]. Сөзсүз, усун союзунун боз үйлөрүн ээлөө – батыш каганынын душманы кылган, 33 кытай шаарларын кыйратуу – кытай императорунун кыжырын келтирген (273). Бул жортуулдардын мезгили VII кылымдын аягына, балким, VIII кылымдын башына – кытай кол башчысы Судифандын жортуулунан кийин автономдуулугун сактап калган нушиби урууулары Батыш Түрк каганатынын территориясында үстөмдүк кылып турган учурга туура келет. Ошол нушиби урууларынын союзу түрк жазма булагында усун союзунун боз үйү деп аталган[2].

А.Н.Бернштам нушиби уруулары V кылымда эле өзүнүн автономдуулугун сакташкан жана Ферганага элчи жиберип, кытай элчилерине котормочуларды жана жол көрсөтүүчүлөрдү беришкен дейт.

А.Н.Бернштам Жети-Сууга VII кылымда кээ бир уруулардын келиши мүмкүн эле дейт. Ал батыш-түрк каганы Иби Дулунун өмүр баяны тууралуу «Таңшуда» орун алган маалыматты мисалга келтирет. Бул маалыматтын кыргыздарга да тиешеси бар. Ал мындайча. Иби Дулу Хилиши[3] каганы менен узакка согушкан, акыры 638-жылы Или дарыясында алар бийлик чегин өз ара бөлүп алышкан. Иби Дулу батышында Чүй-Таласты алып, чыгышка Хилиши ээлиги орногон. Бирок, Иби Дулу бир аз мөөнөт өткөндөн кийин **Сясми (белгисиз эл) жана Гэгу** (кыргыз – М.К.[4]) **урууларын баш ийдирген. А.Н.Бернштам: «Кыязы бул жерде сөз Тянь-Шань кыргыздары жөнүндө жүрөт окшойт»,** – деп божомолдойт (*белгилеген – Г.Ж.*). Себеби, Дулу жана енисей кыргыздарынын ээлигинин

[1] *А.Н.Бернштамда:* «...а посему китайский каган стал врагом тюрок и каган «десятистрельных» (западных) тюрок стал врагом тюркского кагана», – деп берилген. 213-б.

[2] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 213-б.; Аталган автор. Китепте: «Кыргыздар», II, 1993, 273-б. А.Н.Бернштам нушиби уруулары V кылымда өз алдынчалыгын сактап калышкандыгын белгилейт.

[3] Хилиши тууралуу В.В.Бартольддо мындайча маалымат берилген эле: «Дулу-хан каза болгондо анын ордун Шаболо Хилиши-хан деген ат менен кичүү иниси Тунво Ше ээлейт» (Собр.св., Алматы, 1998, I, 291), ал эми бул жерде Дулу Хилиши каганы менен согушкандыгы айтылат.

[4] Мурат Кожобеков аталган эмгекти кыргызчага которгон.

ортосунда Хилиши ээлиги болгон. Тянь-Шандык кыргыздар баш ийгенден кийин гана Дулу кагандын сылифасы (кол башчысы) Хилишиге кол салган, ал Ферганага качууга аргасыз болгон жана ошол жактан каза тапкан. Ал эми Дулу кагандын бийлиги күчөп, Чыгыш Түркстандын бир канча жерлерин ээлеген, ал түгүл Согдудан (Согдия) да көптөгөн туткундарды кармап, аларды эч кимге бербей, өзүнө кошуп алганы көчмөн калктын төбөлдөрүнүн наараазылыгын туудурган. Ошондо Тянь-Шанда жашаган кыргыздарын бир тобу болуп эсептелген ассиге уруусунун жетекчиси ага каршы көтөрүлгөн (А.Н.Бернштам, Китепте: «Кыргыздар», 2, 274).

Бул маалыматтар VII кылымда Тянь-Шанда кыргыз уруулары болгондугун дагы бир ирет далилдейт жана алар Тянь-Шандагы элдердин бир бөлүгү катары ал жердеги саясий окуяларга жигердүү катышып, өз салымдарын кошушкандыгын айтып турат. Бул – кыргыз урууларынын эркиндикти сүйгөн жана саясий турмушка активдүү катышкан эл болгондугунан кабар берет.

## Тянь-Шандык кыргыздардын Енисей кыргыздары менен байланышы

Ибн Дулунун жана анын ордуна келген Түндүк Кыргызстандын территориясын башкарган кагандардын бийлиги Дулу каган каза болгондон бир жылдан кийин 654-жылы кытай полководеци Судинфандын жортуулдары менен токтогон (Таншу, гл.140б; Собр.св., 1, 358).

Судинфан Или жана Чүйдөгү түрктөрдү талкалаган, көчмөндөрдүн мурунку областтары префектураларга бөлүнгөн (История СССР, III–IV, 800).

Чыгыш Түрк каганаты 47 жыл (657-жылдан 704-жылга чейин) Кытай бийлигинин үстөмдүгүнүн алдында болгон. Бирок, А.Н.Бернштам белгилегендей, кытай бийлиги белгилүү бир деңгээлде номиналдуу болгон, ошондуктан уруулар өздөрүнүн маданиятын жана ал түгүл башкаруусун сактай алган.

[1] Эмгектерде ар кандай берилгени сакталды: Таншу, Таңшу, Тан-Шу.

Бул жылдардын аралыгындагы Тянь-Шандагы кыргыз урууларынын жашоосу жана коомдогу ролу маалымат булактарында ырааттуу орун албаса да, жогорудагы алар тууралуу маалыматтар кыргыз урууларынын Тянь-Шань калкынын бир бөлүгү болгондугун жана Тянь-Шандын саясий тагдырына ортоктош болушкандыгын айгинелеп турат.

Ошентип, кыргыздар Тянь-Шанда жашашкан.

Енисей кыргыздарынын Тянь-Шань кыргыздарына тийгизген таасири күчтүү болгон. Бул маданий эстеликтерден таасын көрүнөт.

Мисалы, жогорку Таласта Каллаур тарабынан байыркы түрк рун жазуусу бар төрт таш табылган. А.Н.Бернштам: «Бул көрүстөн жазмасынын палеографиясы жана мааниси кудум кыргыздыкы, алар бизге енисей көрүстөн жазмасы катары белгилүү жана орхон руникасынан даана айырмаланат. Ушундай эле палеографиялык өзгөчөлүккө Талас өрөөнүндөгү бир капчыгайдан табылган жыгач-таякчадагы жазуу эгедер. Буга кошумча катары Бакты кыштагынан кытай күзгүсүндөгү кыргыз палеографиясына мүнөздүү жазуу (*белгилген – Г.Ж.*) табылган» (275).

Демек, Таластагы жазуулар Енисейден табылган эстеликтердеги жазууларга окшошот. Енисейдеги жазуулар кыргыздардыкы деп таанылган, демек, Таластагы жазуулар Енисейден келген кыргыздар аркылуу пайда болгон.

А.Н.Бернштам да: «Бул далилдер Түндүк Тянь-Шанга кыргыз урууларынын жана алардын маданиятынын толугу менен Енисейден келгендигин аныктайт», – деген жыйынтыкка келет (275).

Бул – енисейлик кыргыздар менен тянь-шандык кыргыздардын карым-катышын, байланышын далилдеп турат.

Мындай фактылар кыргыздардын VIII–X кылымдарда Тянь-Шанда өз тобу болгондугун, демек, кыргыздар тарыхый кырдаалдын субъекти катары Енисей жана Борбордук Азияда эле эмес, Түндүк Кыргызстанда дагы роль ойногондугун маалымдайт (275). А.Н.Бернштамдын пикири боюнча Тянь-Шань кыргыздары жергиликтүү урууларга сиңип-жуурулушуп, негизги олуттуу саясий күчтү түзө алышкан эмес. А.Н.Берн-

штам ошол себептен мусулман авторлору Тянь-Шандык кыргыз уруулары жөнүндө маалымат берүүнү каалашпагандыгын белгилейт. Себеби аларга Енисейдеги кыргыздардын тобу гана маалым болгон. Кытай жазууларында да Енисей кыргыздары тууралуу гана баяндалган.

## КАРЛУКТАР. ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДАГЫ УРУУЛАР КАРЛУКТАРДЫН ТУШУНДА (КАРЛУК ДООРУ)

### Карлук доору: карлуктар, түргөштөр (Кеминде, Ысык-Көлдө, Чүйдө), чигилдер (Ысык-Көлдө, Таласта, Кашкарда), кыргыздар, ягмалар. Барскандын аталышы тууралуу

Ошентип, VIII кылымдын башында түрктөргө батыш мейкиндиктеринен, Согду жана анын айланасы тараптан арабдар кол салган.

**Карлук доору.** Араб аскерлеринин кытай аскерлерин 751-жылы жеңиши менен Жети-Суу урууларынын саясий ориентациясынын жаңы доору, жаратылышы боюнча батыштык жаңы маданий таасирлердин толкуну башталган (281). Бул доор тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «В силу того, что политическое господство в Семиречье принадлежало карлукам, мы называем период со второй половины VIII в. (766) до появления караханидов в конце X в. (992 г.) карлукским периодом, в основной своей части соответствующим саманидскому периоду в Средней Азии» (Избр. тр., II, 1998, 286).

Бул доордо көчмөн карлуктардын отурукташкан элдер менен байланышы күчөгөн. Ушул мезгилде бекемделген кыштактар (укрепленные поселения[1]) пайда болгон. Чоң Чүй каналынын курулушунан улам кесе тилинүүгө дуушар болгон ма-

[1] **Поселени/е** *ср* **1.** *по знач гл.* поселить, поселиться; **2.** кыштак, поселок. Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 282-б. Мындан ары поселение кыргызча кыштак деп берилет.

даний катмарлар булардын пайда болушу VIII кылымдан эрте эмес экендигин көрсөткөн. Мисалы, Александровское шаарчасы (Александровское жана Садовое поселокторунун ортосунда).

Карлук доорунда маданият өнүккөн. Бул тууралуу А.Н. Бернштам мындай дейт: **«В полном объеме продолжает бытовать местный северокыргызский вариант согдийской культуры, начало которой нами было отмечено еще для V–VII вв. нашей эры»** (Избр.тр., II, 1998, 286).

Кол өнөрчүлүк өндүрүшү мыкты өнүккөн. Идиштерди кол менен жабыштырып жасоо (лепка) менен катар эле «в быт оседлого населения прочно входит станковая посуда, сделанная на гончарном круге». Идиштердин ар түрдүү формалары, мисалы, кесе, пияла, чоңураак чуңкур табак, жайпак табак ж.б. ошол мезгилде пайда болгон. Дасторкондор кеңири колдонула баштаган. Ошондой эле тамак бышыруучу горшоктор[1], сүт куюучу идиштер (крынка[2]) ж.б. иштелип чыккан (286). Керамика өндүрүүнүн технологиясы күчтүү өнүккөн.

Идиштерди кооздоо үчүн оймо көчөт (резьба) колдонулган, ошондой эле штамп[3] жана жарым айлана түрүндөгү орнамент (циркульный орнамент[4]) үстөмдүк кыла баштаган (А.Н. Бернштам. Избр. тр., II, 286).

Чүй өрөөнүндө түрк жана согду калкы жашаган.

**Түндүк Кыргызстандагы уруулар карлуктардын тушунда. Карлуктар.** Карлуктар (кытайча гэлолу) Бешбалыктын түндүк-батышында, Алтайдан батышта жашашкан. Алар А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча үч уруудан (мэули, чжиси же пофу жана ташили) турган. 650-жылы карлуктар башка түрк урууларындай эле Кытайдын кол алдында болгон. VIII кылымга чейин алар автономдуулугун сакташкан «иногда при-

---

[1] **Горшок** *м* **1.** карапа кумура. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 380-б.

[2] **Крынка** *ж то* же, что **кринка.** Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 152-б.; **Криника** *ж* кринка (сүт куюучу карапа идиш). Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 140-б.

[3] **Штамп** *м.* **2.** штамп, калып, үлгү. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 642-б.

[4] **Циркульн/ый, -ая, -ое 2.** жарым айлана түрүндөгү. Орусча-кыргызча сөздүк, С–Я, 2012, 585-б.

нимая сторону то одного, то другого рода» (Избр.тр., 275). 745-жылы алар уйгурлар жана басими (түрк булактарында – басмалы) уруулары менен биригип, түрктөрдүн акыркы каганы Усумушиге (же түркчө – Оздыш) каршы согушка катышышкан. Алар Жети-Сууга кирип келгенге чейин уйгурлардын бийлиги астында болушкан. 766-жылдан баштап бийлик карлуктарга өткөн (275).

А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча карлуктар 766-жылы Түндүк Тянь-Шандын алдында (в Северном Притяньшанье) түзүлгөн кырдаалдан пайдаланып, түргөштөргө каршы чыгышкан жана Талас, Суяб шаарларын ээлеп, өлкөнүн толук кандуу кожоюндары болуп калышкан. Алардын бул кожоюндугу X кылымдын аягына чейин созулган (275).

К.Менгес арабдарга каршы согушта кытайлыктардын жана түргөштөрдүн алсызданышынан карлуктар пайдалангандыгын, «акырында (866-жылы[1]) батыш түрктөрүн (Он ок урууларын) чыгыш Монголиядан чыккан карлуктар[2] басып алгандыгын» маалымдайт (69).

766-жылы карлуктар Чүй өрөөнүн ээлеген учурда өлкөдө мурункудай эле көп сандаган түрк элдери жана иран тилдүү согду колониялары[3], ошондой эле кытайлыктар, андан тышкары сириялык христиандар болушкан[4].

Карлук кагандыгы тууралуу Б.Урстанбеков жана Т.Чороевдин «Кыргыз тарыхы» сөздүгүндө 8-кылымдын ортосунда Түргөш кагандыгынын кыйрашынан улам пайда болгон мамлекет экендиги, карлуктар адегенде Тарбагатай тоо этектеринде Кара Иртыш дарыясынан Балкаш көлүнө чейинки аймакты

---

[1] *К.Менгесте* 866-жыл (69-бет) деп туура эмес берилип калган.Чындыгында 766-жылы басып алган.

[2] Карлуктар Монголияда уйгурлардын чыгыш жагында жашаган, түркчө сүйлөгөн уруулардан болгон. VIII кылымдын акырында карлуктар Жогбу хандын (Йабгу, Жагбу) башчылыгы менен ислам динине кирген (*К.Г.Менгес,* Аталган эмгекте, 69).

[3] *В.В.Бартольд.* К вопросу об языках согдийском и тохарском. Сб. ИРАН, т.1, Л., 1927, Согдийская колонизация Семиречья; *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., 281-б.

[4] *В.В.Бартольд.* О христианстве в Туркестане в домонгольский период. ЗВОРАО, т. VIII, 1894, стр. 6; *А.Н.Бернштам.* Избр. тр., 281-б.

мекендеп, түрк тилинде сүйлөгөн «үч карлук» уруу бирикмесин түзүшкөндүгү баяндалат. Араб тарыхчысы Табари айрым карлук урууларынын 7-кылымда эле Тохарстанга (азыркы Түндүк Афганстан) чейинки аймакта жашагандыгын айткан экен. Карлуктар 80-к-дын 40-жылдарында Жети-Суу, Теңир-Тоо аймактарын, Талас өрөөнүн жана Фергананын айрым бөлүгүн басып алышкан. Карлуктардын борбору 766-жылдан Суйаб шаары (Токмокко жакын жердеги Ак-Бешим шаар чалдыбары) болгон. Карлук кагандыгына түргөштөр, чигилдер, огуздар, тухсилер, кандылардын айрымдары ж.б. баш ийген («Кыргыз тарыхы», 76).

Бул мезгилде карлуктардын исламды кабыл алгандыгы тууралуу так маалыматтар дээрлик жокко эсе.

Мисалы, Халиф Махдинин тушунда (775–783-жж.) карлук жабгусунун исламды кабыл алгандыгы тууралуу маалымат бар[1]. Бирок андан ары карлуктардын исламды кабыл алышкандыгы, б.а., исламизацияланышы тууралуу кабарлар болбогондуктан, бул маалымат жокко да чыгарылган. Кыскасы, бул боюнча так маалымат жок. Бирок арабдардын түрктөрдү (карлуктарды) ислам динине киргизүү аракети жана анын натыйжасыз болгондугу тууралуу А.Н.Бернштам мындай факты келтирет: халиф Хишам ибн Абд ал- Мелик (724–743-жж.) түрктөргө ислам динин кабыл алууну сунуш кылган. Анда түрктөрдүн падышасы мындай деп жооп берген: «Скажи этому послу, чтобы он передал своему господину, что нет среди этих ни цирюльников, ни кузнецов, ни портных; если они сделаются мусульманами и будут следовать предписаниям ислама, то откуда же они добудут себе средства к жизни?»[2] Мындай факты түрктөрдүн ислам динин дароо эле кабыл ала коюшпагандыгын айтып турат.

Ошентип, VIII кылым үчүн көчмөндөр тарабынан исламды кабыл алуу жана мусулман маданиятынын активдүү кийлигишүүсү тууралуу белгилүү бир так маалыматтар жок.

---

[1] *В.Бартольд.* Очерк истории Семиречья. стр. 92.

[2] *В.В.Бартольд.* О христианстве в Туркестане в домонгольский период. ЗВОРАО, т. VIII, 1894, 9-б.

«Кыргыз тарыхы» сөздүгүндө карлуктардын Фергана ж-а Талас өрөөндөрүн ээлөө үчүн арабдарга, Саманийлерге каршы күрөшкөндүгү айтылат. Андан ары: «Карлук к-нын Суйаб, Тараз, Ат-Башы, Тоң, Барскан сыяктуу ири шаарлары болуп, алар башка өлкөлөр м-н соода-сатык жүргүзүшкөн. Калкы негизинен бутпарас, бир азы буддизм, христиан дининин несториан агымын, айрымдары мусулман динин тутушкан. Карлук к. болжол м-н 9-к-дын башында эле майда дубандарга бөлүнүп кеткен. Өзбек элинин түпкү теги ушул карлуктардан башталат, айрым карлук уруулары Орто Азия м-н Чыгыш Түркстандагы башка элдерге аралашып, сиңип кеткен» деген маалыматтар берилет («Кыргыз тарыхы», 76).

Кыргызстанда IX–X кылымда үстөмдүк карлуктардын колунда болгон «...занимавшим территорию Северной Киргизии, от Кыргызского Ала-Тоо к северу» (281).

«Кыргыз тарыхы» сөздүгүндө 840-жылдан кийин Эне-Сайдан келген айрым кыргыз уруулары карлуктарга коңшу туруп калышкандыгы айтылат.

IX кылымдын экинчи жарымынан баштап, өзгөчө Мавераннахрда теги ирандык Саманилердин династиясынын пайда болушу менен (874–999) абал өзгөргөн. Бул доордун (IX–X кк.) мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп – Жети-Сууга, ошондой эле Кыргызстанга Мавераннахрдын мусулман маданиятынын күчтүү таасир этиши болуп эсептелет. Ал эми Ферганадан карлуктарды арабдар сүрүп чыгарган.

Бул мезгилде Кыргызстандын негизги калкы түргөштөр, жикилилер жана карлуктар болгон (282).

Чүй өрөөнүн эки бутакка бөлүнгөн түргөштөр – аздар жана тухсилер ээлешкен.

**Түндүк Кыргызстандагы уруулар – карлуктардын тушунда. Түргөштөр. Түргөштөр Кеминде.** Түргөштөр менен жикилилер көчмөндөр болгон. Ошону менен катар эле мусулман авторлору шаарларды түргөштөр жана жикилилер менен да байланышта эскеришет. Мисалы, түргөштөрдү Суяб шаары менен байланыштырышат, «причем дихканом Суяба называют Пейгу. Рядом с ним упоминают селение Хут Куял и дихкана

его Баглила»[1]. XI к-дагы автор Гардизи мына ушул дыйкандын теги түргөш экендигин жана анын талаада жашарын («живет в степи») айтат. Тоонун жанындагы түргөштөр сыйынган үчүнчү айыл Далуганж деп аталган.

Мына ушундай маалыматтардан кийин А.Н.Бернштам түргөштөр тараган жерлер – борбору Суяб жана жогоруда аталган кыштактар (Новороссийское айылынын району) жайгашкан Чоң-Кемин өрөөнү болгон деген жыйынтыкка келет. Ал: «Эти города-ставки, принадлежавшие кочевникам, имеют вид четырехугольных поселений, огороженных мощным валом (в 500–600 *м* длиной)», – дейт (282).

Түргөштөрдүн турак-жайы негизинен кийизден жасалган боз үйлөр болгондуктан, алар жашаган жерлерде курулуштун калдыктары дээрлик жок. Ошондуктан маданий калдыктар да аз кездешет. Алардын арасынан чоподон жасалган идиштердин сыныктарын кездештирүүгө болот: «...типичных кочевнических котлов со сферическим дном и слегка выступающими ручками у закраины. Изредка пападается глазурованная привозная посуда» (282).

Ошондой эле А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча Суябдан батышта, Чоң-Кемин капчыгайында эң эле кызыктуу көрүстөн табылган. Анча бийик эмес таш дөбөлөрдүн жана мүрзөлөрдүн жанында адамдардын жүзү (бети) олдоксон тартылган сүрөтү бар таш мамылар жерге казылып орнотулган. Бул балбалдарда өлгөн адамдын душмандарынын келбети чагылдырылган. А.Н.Бернштам: «Назначение этих балбалов, изображающих врагов погребенного, – служит покойному в загробном мире», – дейт (283).

Балбал таштагы сүрөттөрдүн көпчүлүгүндө түрктөргө мүнөздүү белгилер болгон. Бирок алардын арасында башка расалык типтер да кездешкен. Мисалы, бир балбал ташта согдулуктардын типтүү белгилери бар сүрөт (изображение) табылган. Мындан тышкары мүрзөлөргө катарлаш (түндүктөн түштүккө

[1] Караңыз: *А.Н.Бернштам,* Аталган эмгекте, 282-б.; *В.Бартольд.* Отчет о поездке в Среднюю Азию с научной целью. 1893–1894 гг., 1897, См. Издание и перевод текста Гардизи (авт.XI в.), стр. 125.

карай) катары менен жөн эле таштар коюлган. Кытай жазма булактарындагы маалыматтарда муну менен көчмөндөр өлгөн душмандардын санын белгилешкендиги айтылган[1].

**Түргөштөр ж.б. – Ысык-Көлдө.** Түргөштөр Ысык-Көлдүн түндүк жээгинде да жашашкан болуу керек, анткени А.Н.Бернштамда ашуудан ашканда, сол жакта түргөштөрдүн жери, Түп жана Жыргалаң сууларынан өткөндө чигилдердин (*китепте – жикил деп берилген – Г. Ж.*) жери башталат деген маалымат бар[2].

Ушул эле жерде куралчан 1000 аскерди алып чыккан түргөш кыштагы эскерилет. Бул областтын башкаруучусу Биклиг айылында жашаган жана ал жерде жабгунун (башкаруучунун) бир тууганы да жашаган. Шаардын дыйканын Бадан-Сангу деп аташкан. Андан ары: «Вероятно, этими селениями являются городища у устья Тюпа и Джергалана на восточном берегу оз. Исык-Куль» деген маалымат бар (А.Н.Бернштам, Избр.тр., 283).

Түп шаарына жанаша Уйтал айылынын жанында таш балбалдары бар түрк көрүстөндөрү орун алган. Булар Чоң-Кеминдеги балбалдарга караганда жакшы жасалгандыгы менен портреттик сүрөттөрдөй элес калтырат. Алтай эстеликтери менен окшоштуктарына караганда бул балбал таштарда көмүлгөн адамдардын өздөрүнүн элестери калтырылган (283).

Уйталда табылган эркек кишилердин балбалдарына караганда алардын көчмөн-аскер болгондугу белгилүү болгон. Чачтары кырылган, төбөсүндө гана бир аз чач калтырылган. Бул Сюань Цзандын маалыматында да бар. Айрым учурда баштары «покрыта шлемом с поперечным валиком, который предохранял от удара меча». Эркектердин кулактарында сөйкө болгон. Алар кыска кафтан кийип, белдерин кур менен курчашкан. Курда кылыч, кыска канжар, кээде төрт кыр кайрак таш жана куту болгон. Бул алардын аскер экенин билдирип турат.

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Аталган китепте, 283; *А.Н.Бернштам.* Археологический очерк Северной Киргизии. – Фрунзе, 1941, 62-б.

[2] *В.В.Бартольд.* Отчет о поездке в Среднюю Азию с научной целью 1893–94-гг. СПб, 1897, 126-б.

Түргөштөрдүн негизги кесиби – мал чарбачылык болгон.

**Түргөштөр – Чүйдө.** Чүй өрөөнүндө түргөштөрдүн эки бутагы – аз жана тухси уруулары жашаган. Тухси түргөш кагандарынын биринин (кытай транскрипциясы боюнча Тухосянь Гучжонун) атынан келип чыккан. Тухсилер малчы гана болбостон, дыйканчылык кылышкандыгы тууралуу да маалыматтар бар. Бул маалыматтардын X кылымга тиешелүү экендиги анык экендигин белгилеп коюу керек. Тухсилерин дыйканчылыгы болгондугу тууралуу маалыматтан улам, түргөштөр да дыйканчылык менен же Ысык-Көлдө, же Чүйдө алектенишкен деп болжолдонот[1] (А.Н.Бернштам, 281).

А.Н.Бернштамдын маалыматында аз уруулары VIII кылымдагы байыркы түрк булактарындагы уруулардын аты менен байланыштырылгандыгы жана анда түргөштөр менен катар эскерилгендиги айтылган. Аз уруулары байыркы түрк тексттеринде карлуктардын түндүк коңшулары катарында, ал эми Енисей кыргыздарынын батыш коңшулары катары эскерилген. 726-жылы алар Күл-Тегин тарабынан талкаланган. Аз уруулары эң байыркы урууларга кирет жана алардын укумтукумдары кийинки кезде жоголуп кеткен арина уруулары болуп эсептелет. А.Н.Бернштам аз урууларынын Жети-Сууга келип жайгашышын Енисей кыргыздарынын Тянь-Шанга келиши менен байланыштырат (282).

**Түндүк Кыргызстандагы уруулар карлуктардын тушунда. Чигил уруусу – Ысык-Көлдө. Барскандын аталышы тууралуу.** Көчмөн уруулардын ичинен түргөштөрдөн кийинки маанилүү уруу – чигил уруусу (А.Н.Бернштамда жикили деп берилген) болуп саналат.

Ошентип, Кыргызстандын территориясында чигилдер Ысык-Көл районунда жашашкан. Байыркы авторлордун баяндамалары боюнча алардын жайыттары Ысык-Көлдүн батыш жээктеринде, чигилдер менен түргөштөрдүн чек арасы болгон Жыргалаң жана Түп сууларына чейинки түштүк жээктерде болгон.

---

[1] *А.Н.Бернштам* бул маалыматты берүүдө (283) төмөнкү эмгекке таянат: V.Minorsky. Hudud al-Alam.

Чигилдердин бир бөлүгү христиандар, бирок көпчүлүгү бутпарастар (язычники) болушкан. Алар чатырларда (шатр) жана палаткаларда жашашкан. Ысык-Көлгө Боом капчыгайынан чыга берište жайгашкан 3000 аскерди алып чыккан Яр айылы чигилдердин айылы болгон. Алардан азыркы учурда из калган эмес. Ярда чигилдердин башчысынын ордосу жайгашкан. Андан ары алардын аймактары Ысык-Көлдүн түштүк жээктеринде уланат. Бул тууралуу Гардизи: «...по дороге встречается только шатры джикилей... Все окрестности Иссык-Куля заняты джикилями», – деген (В.Бартольд, Отчет.... 126).

Чигилдер көчмөндөр болушкан. Бирок ошого карабастан, алардын территориясында кыштактар (беш чоң жана төрт кичине) болгон. Бул облус Жогорку Барскан (Верхний Барскан) деп аталган. Бул аталыш түркчө болгондуктан, А.Н.Бернштам бул жер качандыр бир кезде Барс деген түрк каганынын (хан) бийлиги астында болгон болуу керек деп болжолдойт. Мындай ат түрк тексттеринде көп жолугат. Андан ары А.Н.Бернштам: «Дихкан селения Барсхан назван титулом Манак», – дейт (284). Окумуштуу бул титулду түрк каганынын Византиядагы элчиси – согдулук Маниах менен салыштырат, бирок «учитывая неточность в расстановке диактрических точек, можно читать и «Манап» – титул сохранившийся у киргизов Тянь-Шаня», – дейт (284). Бул маалыматтан азыркы учурдагы Барскан деген жердин аты түрк каганаты доорунда эле ушундай аталгандыгы белгилүү болуп отурат.

**Жогорку Барскан.** Археологиялык изилдөөлөргө караганда Жогорку Барскан Түп булуңунан башталып, чыгыш жээкти айланып өтүп, түштүк жээк менен Түпкө чейин барат деп айтылат[1]. Бул жерлерде жээкти бойлой кыштактар жайгашкан эле, алардын айрым бөлүктөрү азыркы учурда Койсарынын жанында суунун алдында калган. Бул биринчи кыштак болгон. Жогорку Барскан чектеш жерлерде жашаган көчмөндөрдөн калың дубал менен бөлүнүп турган. Экинчи кыштак – Күнчыгыш айылынан 19 *км* чыгышка карай көлдүн жээгинде,

[1] *А.Н.Бернштам.* Предварительный отчет археологической экспедиции 1940 г.ср. Археологический очерк Северной Киргизии. – Ф., 1941, 80-б.

үчүнчүсү – Тосор айылынын оң жак жээгинде жайгашкан. Төртүнчүсү Тамга менен Барскан сууларынын ортосунда болгондуктан, жарым-жартылай суу жей баштаган[1]. Калган айылдардын тобун көл жууп кеткен, анын урандылары, жогоруда айтылгандай, Койсарынын жанында суунун алдында калган. Дагы калган эки кыштак Жыргылаң менен Түптүн куймасында орун алган (284).

Мындан тышкары дагы эң ири кыштактар көлдүн чыгыш жагында жайгашкан, анткени бул жерден Жибек жолунун негизги трассасы өткөн. Чоподон жасалган курулуш имараттарынын мүнөзү, т.а., дубалдардын курулушу жана коргондордун структурасы согду ыкмасында салынган. «Особенно в этом отношении характерны башни по стенам и укрепления ворот, типичные для поселений саманидского времени», – дейт А.Н. Бернштам (284). Ысык-Көлдөгү урандылардан түргөш монеталарынын табылышы бул жерде VIII кылымда отурукташкан жашоо болгондугунан кабар берет.

Чигилдердин Таласта жана Кашкарда да жашашкандыгы тууралуу маалыматтар бар.

**Чигилдер Таласта, Кашкарда.** Б.Урстанбеков жана Т.Чороевдин сөздүгүндө чигилдердин орто кылымдарда Теңир-Тоону мекендеген түрк элдеринин бири экендиги маалымдалат. «8-к-дын акыры – 9-к-дын ортосунда Карлуктар мамлекетине караган. Негизинен Ысык-Көл кылаасын, Талас өрөөнүн, айрым топтору Иле өрөөнүн ж-а Кашкарды мекендеп турган. Мал чарбачылыгы ж-а аздыр-көптүр дыйканчылык менен кесип кылышкан. Тоң, Барскан, Куйас, Йар сыяктуу калаалары болгон. 9-к-дын ортосунан чигилдер Караханийлер кагандыгын негиздеген. Чигилдер кийин кыргыз, казак, өзбек, уйгур элдерине аралашып кеткен» (194–195).

Ошентип, чигилдердин негизги отурукташкан жери – Ысык-Көл болгон. Андан тышкары алардын айрым топтору Талас, Иле өрөөндөрүндө жана Кашкарда да жашашкан. Алар мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен кесип кылышкан.

---

[1] *А.Н.Бернштам:* «Томашек в названии Барскаун видел древнее имя Барсхан» – дейт жана анын төмөнкү эмгегин мисалга келтирет: W.Tomachek. Centraiasche Studien. – SKAW, Wien, 1877. Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Избр. тр., II, 1998, 284-б.

**Түндүк Кыргызстандагы уруулар карлуктардын тушунда. Кыргыздар.** Мына ушул мезгилде кыргыздар Тянь-Шанда жашап жатышкан эле. А.Н.Бернштам Карлук доорундагы Ысык-Көлдө жайгашкан чигилдер, жогорку Барскан жөнүндө баяндап жатып, мындай дейт: «В это время кыргызы уже были на Тянь-Шане и как раз вблизи этих мест» (284).

Ошентип, Чыгыш Тянь-Шанда кыргыздардын бир бөлүгү болгон. Кыргыздардын жогорку Таласка (Вехний Талас) кирип баргандыгы да болжолдонот, анткени ал жактан типтүү кыргыз эпитафиялары[1] менен эстеликтеги жазуулар табылган (булар тууралуу өз учурунда сөз болот).

**Түндүк Кыргызстандагы уруулар карлуктардын тушунда. Ягмалар.** Тянь-Шандын түштүгүндө ягма уруулары жашашкан. Мусулман версиялары боюнча ягмалар карлуктар менен тохар хайталдарынын, б.а., ефталиттердин кошулмасы болуп эсептелет (В.В.Бартольд. Отчет... 108).

Ягмалар түздөн-түз түрк каганынын колдоосу астында болушкан. Түрк каганы ягмаларга Шад-Тутук аттуу өзүнүн адамын башчы кылып койгон, ал салыктарды жыйнап турган. Ягмалар абдан согушчан эл болгон. Алар түрк каганына мындай деп кайрылышкан: «Мы пришли служить тебе, если будет дано позволение, мы будем совершать набеги во все стороны»[2].

Мына ушул согушчан ягма уруусунан кийин теги түрк орто азиялык жаңы династия – карахандар келип чыккан.

**Көчмөндөрдүн жергиликтүү элдер менен байланышы.** Көчмөндөр жогорудагы шаарлар менен тыгыз байланышта болушкан. Түрктөр бул шаарлардын башчылары болгон. Мисалы, Суябдын башчысы мал-салы менен талаада жашаган көчмөн болгон. Керминкет аймагы (Советское айылынын жанындагы урандылар) карлук уруусундагы Лабанга таандык болгон.

[1] **Эпитафия** *ж* эпитафия (**1.** көр үстүндөгү ташка, мүрзөгө коюлган эстеликке жазылган жазуу). Кыргызча-орусча сөздүк, С–Я, 1012, 673-б.

[2] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 285-б.; Автор төмөнкү эмгекке таянат: Гардизи. 108-б.

Бул айылдын башкаруучусуна (владетель) Кутегин Лабан деген титул берилген[1].

Барскандын башкаруучусу карлук уруусунан болгон жана тегин-барскан деген титулду алып жүргөн. Беклиг шаарынын башкаруучусу Бадан Сангу жана Янал Тегин деген титулду алып жүргөн түрк көчмөнү болгон (А.Н.Бернштам, Избр.тр., II, 1998, 285).

Ушундай маалыматтардан улам көчмөндөр бул жерде отурукташып, жергиликтүү элдер менен карым-катышта жашап калышкандыгын билүүгө болот. Албетте, бул көчмөндөрдүн арасында кыргыздар да болгон.

## IX–X КЫЛЫМДАРДА ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН ӨНҮГҮШҮ

Төмөндө VIII–X кылымдардагы Түндүк Кыргызстан жана анын өнүгүшү тууралуу кыскача маалымат бере кетүүнү туура көрөбүз.

### Чүй өрөөнүндөгү шаарлардын өнүгүшү. 2-согду колонизациясы. Мавераннахр келгиндери. Буддизмдин калдыктары Чүй өрөөнүндө. Чүй жана Талас өрөөндөрүндөгү шаарлар жана кыштактар

**IX–X кылымдардардагы Чүй өрөөнүндөгү шаарлардын өнүгүшү. 2-согду колонизациясы.** Чүй өрөөнүндөгү шаарларды изилдөө иштери IX–X кылымдарда кыштактардын жаңы типтери пайда болгондугун көрсөткөн. Башкача айтканда, эски согду колонияларынын[2] ордуна типтүү курамдык бөлүктөрү бар шаарлар пайда болгон[3].

---

[1] *В.В.Бартольд.* Очерк истории Семиречья… 90-б.

[2] **Колони/я** *ж* **2.** колония (башка мамлекеттен же өлкөлөрдөн көчүп келип орношкон кишилердин кыштагы, шаарчасы). Орусча-кыргызча сөздүк, К–О, 2012, 74-б.

[3] *В.В.Бартольд.* История культурной жизни Туркестана. 28-б. ж.б.; А.Н.Бернштам. Избр.тр., 285-б.

**Мавераннахр келгиндери.** Шаарлардын өнүгүшү феодалдык мамилелердин түзүлүүсү менен шартталган. Ал эми шаарлардын өнүгүшүнө – араб басып алууларынан улам Мавераннахрдан массалык түрдө качып, Жети-Сууга келип жайгашкан согдулар себепкер болгон (285). А.Н.Бернштам тарабынан бул көчүү (жер которуу) 2-согду колонизациясы деп аталган.

2-согду колонизациясы Батыш Түрк каганатынын пайда болуу мезгилинде эле башталган. Ошондо эле Бухара эли Жети-Сууга качкан. Байыркы авторлор мына ушул көчүп келгендер Таластагы Хамукат шаарын түзүшкөндүгүн айтышкан. Согду, б.а., иран элинин IX кылымда кирип келиши – эки саманинин: 840-жылы Испиджабга (Чимкент шаарынын Сайрам кыштагы) чейин жеткен Нух ибн Асаддын жана 893–894-жылдары Таразга (Жамбул ш.) чейин жеткен Исмаил ибн Ахмеддин жортуулдары менен байланыштуу болгон. Нух ибн Асад Испиджабды дубал менен курчаган, ал эми Исмаил ибн Ахмед Таластагы бир катар кыштактарды талкалаган жана Тараздагы христиан чиркөөсүн кайрадан мечит кылып курган (285).

Х кылымдын экинчи жарымында саманилер Жети-Сууга келишкен, Фаик Миркиде рабат курган. Фаик биринчи караханилердин биринин баласын туткунга алган.

Мавераннахр калкынын көп сандап келиши менен Чүй өрөөнүндөгү шаарлар аябай өзгөрүүгө учураган. Биринчиден, Чүй өрөөнүнө түрктөр жана ирандыктар келип жайгашкан, ирандыктар – түрктөргө, б.а., шаардын ээлерине баш ийишкен.

**Мавераннахр келгиндеринин таасири Карлук доорунда.** Карлук доорунда Чүй өрөөнүндөгү пайда болгон дагы бир өзгөчөлүктү белгилөөгө болот: ал – «Массовое распространение укрепленных поселений типа мавераннахрских шахристанов, пришедших на смену более раннему типу поселений в отдельных укрепленных домах-замках» (287). Мындай кыштактардын болгондугу Александровский, бир азыраак Сокулук ж.б. шаарчаларында канал трассасы өткөн жерлерди изилдөөлөрдө белгилүү болгон (287).

Мавераннахр келгиндери кол өнөрчүлүк менен сооданын өнүгүшүнө көмөкчү болушкан, бул болсо Чүй өрөөнүндөгү шаар-

лардын өнүгүшүнө алып келген, натыйжада бул шаарлар кул ээлөөчү аристократтардын гана борбору болбостон, феодалдык башкаруучулардын (владыка[1]) да орун-жайы болуп, алар соода келишиминен жана кол өнөрчүлөрдү эксплуатациялоодон да пайда табышкан (287).

Шаар өзгөчө мааниге ээ боло баштаган, анын жашоочулары шаарды сактоого кам көрүшкөн, көчмөн урууларынын ортосунда жайгашкан шаарларды бекемдешкен.

**Чыгыш Түркстандын келгиндери (переселенцы). Буддизмдин калдыктары – Чүй өрөөнүндө.** VIII кылымдын ортосу – Түндүк Кыргызстан үчүн бурулуш дата болгон. 751-жылы Таласта кытайлыктар арабдар тарабынан талкаланганы менен Кытайдын таасири токтоп калган эмес. Анын үстүнө бул учурда Чүй өрөөнүндө мусулмандардын таасири дээрлик сезилээрлик эмес болчу.

Өтө күчтүү Кытай таасирлери буддизм эстеликтеринде кездешет. Бул, ошондой эле, VIII кылымда жана өзгөчө IX–X кылымдарда Чыгыш Түркстандагы окуялардан улам карлук чөйрөсүнө бир кыйла уйгурлардын кирип келиши менен да түшүндүрүлөт (286).

А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча Чыгыш Түркстандан көчүп келгендер Чүй өрөөнүнө буддизмди таратышкан. Муну археологиялык казуулардан табылган буюмдар далилдейт. Мисалы, Александровское шаарчасынан бир кумара («вытянутой формы красного лощения, в средней части тулова которого расположен орнаментальный пояс») табылган. Ал төрт бөлүмдөн турган жана ар бир бөлүмүндө тең буддизмге мүнөздүү[2] сүрөттөр болгон (286).

Сокулукта табылган идиштин сабында Будда тибиндеги адамдын бетинин сүрөтү түшүрүлгөн: «Лицо имеет характер-

---

[1] **Владыка** *м.* **1.** *высок.* аким, султан; башкаруучу. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 1012, 224-б.

[2] Мисалы, андагы сүрөттөр мындайча сыпатталат: «имеет налеп в виде человеческой фигурки, со сложенными на животе руками в стиле буддийского послушания. Фигурки разделены друг от друга орнаментальными композициями цветков лотоса, расположенных по бокам в виде треугольного сочетания трех кружков» (286).

ные буддийские черты с головным убором северо-индийского типа» (261–162).

Ошондой эле Чүй өрөөнүндө алгачкы буддизм эстеликтерине мүнөздүү анча чоң эмес там (помещение) табылган, ал будда храмы болгон деп болжолдонот. Бул там Чоң Чүй каналындагы казуу жумуштарынын учурунда байыркы шаар – Джулдун жанынан табылган. А.Н.Бернштамдын пикири боюнча алардын ичинде кызыгуунун жаратканы: «изображение лица, либо Ваджрапани, либо «докшита», ошондой эле буддалык рыцарлардын («шахья» – А.Н.Бернштам) скульптуралары (287). Археологиялык казууларда алардын кийимдеринин фрагменттери ж.б.[1] сакталып калган.

Бул тамдагы табылгалар IX–X кк. байыркы будда искусствосу жөнүндөгү маалыматтарды бир кыйла кеңейткен.

**IX–X кк. Чүй жана Талас өрөөндөрүндөгү шаарлар жана кыштактар (поселения).** Дубалдар менен курчалган чоң шаарлар, мунарасы бар калың дубалдар менен бекемделген аскердик кыштактар – рибаттар жана соода жолдорундагы бекемдиги жагынан жогорудан кем эмес кербен сарайлар пайда боло баштаган.

Чүй өрөөнүндөгү орто кылымдарга тиешелүү бардык белгилүү кыштактар IX–X кылымдарда дээрлик бар болчу. Жаңыдан курулган шаарлар жана кыштактар менен катар эле эски кыштактар – полистер да жашоосун уланткан. Шаарлар эски кыштактардын территориясында пайда болгон.

IX–X кк. Талас боюнча Тараздан түштүккө карай Хамукат (Серафимовкадан түштүккө карай), Талас суусунун жээгинде 10000ге жакын исфагандыктар жашаган Шельжи (Киров айылынын жанындагы Садыр-Курган урандылары), Сусы (Чалдывар айылынын жанындагы Чалдывар шаарчасы), Куль

---

[1] Мисалы, «сохранились фрагменты их одежды, панцирных **портупей** (*белгилеген – Г.Ж.*) с характерными сасанидскими пряжками на перекрестиях. Все эти объемные фигуры были раскрашены сухой росписью – альсекко, причем, гамма красок весьма разнообразна» (*А.Н.Бернштам.* Избр. тр., II, 1998, 287). Караңыз: **Портупея** *ж* портупея (курал байлап алууга ылайыкталып жасалган, ийинге арта салма же белге курчанма кайыш кур). Орусча-кыргызча сөздүк. 2012. – Б., 275-б.

(Китепте Куль деп берилгени сакталды, Орловка айылынан чыгышка карай, Жаман-Курган урандылары), Текабкет (Талас поселогунан 3 *км*де Талас суусунун оң жээгиндеги Ак-Төбө шаарчасы) жайгашкан (287).

Талас өрөөнүндөгү бардык шаарлар Тараз округуна[1] кирген. Сюань Цзандын маалыматы жана кытай жазма булактары боюнча Чүй өрөөнүнүн шаарлары да Таразга караштуу болгон. IX–X кк. мусулман авторлорунда Тараз мусулман дүйнөсүнүн чыгыш чеги катары каралган жана аны «карлук өлкөсүнө кирүүчү дарбаза» («ворота в страну карлуков») деп аташкан (289).

Тараздан 30 *км*де (5 фарсахах) жайгашкан Касрибас жана 75 *км*де (9 фарсахов) жайгашкан Кульшуб – карлуктардын жайыттары (кочевья) болгон. Андан кийинки Кулан (Луговое айылы), Аспара (Каз., Жамбул обл. Маркен р-ну, Чалдывар айылы) жана башкалар дагы карлуктардын Жети-Суудагы үстөмдүгү менен байланыштуу болгон (288).

Кыргызстандын территориясында кыргыз Ала-Тоосун жээктей чоң айылдар Нузкет (Кара-Балта айылынын жанында), Харран-Джуван (Беловодское айылынын району), Джуль (*Китепте Джуль деп берилгени сакталды – Г.Ж.* Фрунзе, азыркы Бишкек шаарынан чыгышка карай жайгашкан), Сарыг (Красная Речька айылынын чыгышындагы урандылар) жана «түргөш каганынын ордосу» (бул кийин – Баласагын шаары, Токмок шаарынан 12 *км* түштүк-батыштагы урандылар) жайгашкан (288).

Мусулман авторлорунун маалыматында акыркы кыштак, Баласагын, Чүй өрөөнүндөгү согдулардын жайгашкан жерлеринин эң четки чыгыштагы пункту («восточный пункт расселения») катары каралган. Баласагун менен катар эле Кирмирау, Баласагындан чыгышка карай Невакет (Чүй районунда-

---

[1] Талас өрөөнүнүн бардык шаарлары саманий доорунда Испиджаб менен катар эле саманий мамлекетине баш ийбеген, өз башкаруучулары бар өз алдынча округду түзүшкөн. Саманий мамлекетине баш ийбегендигин саманид монеталарынын жоктугу да айтып турат деп белгилейт. А.Н.Бернштам: «В этом отношении показательно отсутствие саманидской монеты» (287).

гы Орловка айылы), Керминкет, Суяб жана аны тегерете кыштактар (поселения) жайгашкан (288).

Мына ушул шаарлар аркылуу кербен жолу өткөн. Алар шаарлардын аскердик горнизондору менен гана эмес, атайын сепилдер – рибаттар менен корголгон жана кербен сарайлар менен тейленген (288).

Байыркы заманда Чоң-Кемин – суунун негизги нугу, ал эми азыркы Чүй суусу – куймасы катары эсептелген (288).

## VIII–X кк. Кыргызстандын маданияты. Карахандар династиясынын түптөлүшү

VIII–X кк. доорундагы Кыргызстандын маданияты – негизинен «шаардык кыштактардын маданияты» («культура городских поселений») болуп эсептелген. Бул мезгилде шаарларга түрк көчмөндөрүнүн, негизинен, карлуктардын бир кыйла катмарлары агып кирген жана шаарлар өзгөчө мааниге ээ боло баштаган. Бул Таласта VI–VII кылымдарда, Чүй шаарларында – VIII–X кылымдарда байкалган. Мында баарынан мурун согдулар түрктөр тарабынан ассимиляция болушкан.

А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча Чүй шаарларынын маданияты Талас шаарларынан айырмаланган. Тараздан Баласагунга келчү жолдо карлуктар көчүп конуп-жүргөн Касри-Бас жана Куль-Шуб деген ээн областтар жайгашкан жана ал Таластан Чүй шаарларын бөлүп турган. Чүй шаарларынын маданиятынын Таластан өзгөчөлүгү да мына ушуну менен түшүндүрүлөт.

Чүй шаарларынын отуруктушкан кыштактарынын (поселения) маданиятынын негизги өзгөчөлүгү, Таластан айырмаланып, мусулман маданиятынын күчтүү таасиринин жоктугунда эле. Бул көбүнчө анча көп эмес сугаруу ишинде колдонулуучу идиштерден (поливные посуды) байкалат, мындай идиштер Таразда көбүрөөк болгон. Идиштерди жасоодо оймолоп түр салуу жана штамп колдонулган. Тараздагыдай эле, бул жерде идиштерди жасоодо кеңири колдонулган карапа-

чылык өнөрү менен катар эле согдулук жабыштырып жасоо техникасы (лепная техника) өнүккөн. Курулушта толугу менен чийки кирпич колдонулган. Ошондой эле дубалдын жумшак кыртышына альсеко техникасы менен тартылган сүрөттөр (роспись) да маанилүү орунда турган. Бул кытай чеберлери тарабынан аткарылган болуу керек деп болжолдонот (289).

Байыркы Сарыг шаарчасында ак, кара, кызыл жана көк боёк менен геометриялык өсүмдүк көчөтүндөгү орнаменттин оймо көчөт менен айкалышып тартылган сүрөтү табылган. Ушул эле шаардын башка имаратындагы бир бөлмөнүн ичинен кытайча тартылган астра гүлүнөн турган букет жана бир адамдын (мүмкүн, Будданын) портреттик сүрөтү табылган.

Жогоруда айтылган шаарлардан башка дагы дубалдар менен курчалбаган ак сарай-үйлөр сакталып калган. Бирок бул мезгилдеги үйлөр – патриархалдык кул ээлөөчү үй-бүлөнүн корголгон (укрепленный) үйүн эмес, бир топ кеңири, тегерете дубал менен курчалган, феодалдык сарайды эске салган үйлөр болгон (А.Н.Бернштам, 289).

Бул мезгилде дыйкан деген термин да сакталган. Дыйканчылык менен зороастризм традициялары дагы эле байланыштуу болгон деп болжолдонот. Мурунку оссуарийлердин ордуна «сейчас выступают зороастрийские захоронения в хумах и мусульманские захоронения в грунтовых могилах» (289).

Чүй өрөөнүндөгү согду калкынын Мавераннахрдык иран дүйнөсү менен идеологиялык жактан байланышынан улам Чүй өрөөнүндөгү искусстводо, анын ичинде, орнаментикада сасаний стилинин элементтери пайда болгон.

Орто Азиялык саманилик саясий таасирлердин азыраак болгондугун Чүй өрөөнүндө түргөш монеталарынын болушунан билүүгө болот, саманилик дирхем бир гана жолу зер буюм (украшения) түрүндө карахандар көрүстөнүнөн табылган (289).

VIII–X кылымдарда Кыргызстан, Орто Азия сыяктуу эле, жаңы социалдык мамилелерди башынан өткөргөн. Көчмөндөрдүн ак сөөктөрүнүн жана отурукташкан кыштак дыйкандарынын тыгыз биригиши алардын жалпы кызыкчылыктарын жараткан жана бул көчмөндөрдүн бир бөлүгүнүн шаар системасына тартылышына алып келген.

Орто Азияны арабдардын басып алышы жана Кытайдын Чыгыш Түркстанда бекемделиши көчмөндөрдө талап-тоноо жана согуш туткундарын колго түшүрүү базасын алып койгон. Ушундан улам ак сөөктөр ички резервдердин эсебинен баюуга аракет кылышкан, б.а., бул өзүнүн элин кулдандырууга болгон аракет менен байланыштуу болгон.

XI кылымда көчмөндөр кол өнөрчүлүккө жана дыйканчылыкка тартыла башташкан. Көчмөндөрдүн көпчүлүгү малдарынан ажырай баштаган жана отурукташкан жашоого, демек, отурукташкан эмгекке өтүшкөн. Албетте, бул дыйканчылык болгон. Натыйжада, бул көчмөндөр «составили ту массу податного населения, из которых формировался слой непосредственных производителей феодального типа» (290).

Кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү соода-өнөр жай предместьелеринин[1] – рабаддардын пайда болушуна себепкер болгон (290). Сооданын жанданышы бул процесстин тездешине алып келген. Эски кул ээлөөчүлүк ак сөөктөрдүн катарында «формируются класс феодалов – земледельцев и торговцев – жителей города на караванных путях (290). Соода Кыргызстанга коңшу өлкөлөрдүн маданий таасирлеринин киришине өбөлгө түзгөн.

Ошондой болсо да, бул процесс Кыргызстанда абдан жай темпте өткөн. Анткени көчмөндөр коомдун өнүгүшүндөгү жаңы формаларды абдан кыйындык менен кабыл алышкан. А.Н.Бернштам белгилегендей, бул көчмөндөр коомундагы ички бурулуш башкаларга окшобогон революцияга алып келген, натыйжада бул Карахандар династиясынын түзүлүшүн шарттаган.

[1] **Предместье** *ср* шаарга туташ жерлер (айыл-кыштактар). Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 337-б.

## Кыргыздар Түрк династиясынын тушунда. Коомдогу саясий абалы жана орду

**Түрктөр жана кыргыздар. Кыргыздар – көз карандысыз, күчтүү жоокер эл.** Жогоруда түрк каганаты тууралуу баяндын тиешелүү жерлеринде кыргыздар, алардын саясий абалы тууралуу айтылды. Бирок учурундагы күчтүү мамлекеттер менен теңтайлашып, эң эле зор бийликке жана территорияга ээ болгон түрктөр үчүн кыргыздар ким эле жана алардын тушунда кыргыздардын коомдогу саясий абалы жана орду кандай эле деген суроо келип чыгат. Төмөндө сөз – ушулар тууралуу.

VI кылымдын ортосунда Монголиянын территориясында түзүлгөн **Түрк каганаты биринчи күнүнөн баштап «рассматривает киргиз как могущественную силу, грозящую существованию самого каганата»** (*белгилеген – Г.Ж.*) (А.Н.Бернштам, Избр. тр., 1998, 506).

Демек, кыргыздар түрктөрдүн негизги душмандарынын катарында саналган.

Айрым байыркы түрк тексттеринде кыргыздар түрктөргө салык төлөгөндүгү тууралуу айтылганы менен, А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча кыргыздарды өзүнө багындырып алгандыгы тууралуу ынанымдуу далилдер жок. Анын үстүнө «...в перечне народов, которые приходят к тюркскому кагану с изъявлением своих дружественных чувств, киргизы упоминаются наряду с теми народами, которые никогда тюрками не были покорены, например, тибетцы или китайцы» (506).

Кыргыздардын түрктөргө салык төлөгөндүгү тууралуу ынанымдуу далилдердин жоктугу кыргыздардын түрктөргө толугу менен көз каранды болбогондугун айтып турат. Түрктөргө багынбаган тибеттиктер жана кытайлыктардын катарында кыргыздардын эскерилиши да маанилүү. Ал эми түрктөрдүн каганат катары жашоосуна коркунуч туудурган негизги, каардуу дашман катары кыргыздардын аталышы – алардын түрк урууларынын ичиндеги эң күчтүү эл болгондугунан кабар берет. Кыргыздар өздөрүнүн көз карандысыздыгы үчүн дайыма күрөшүп келишкен.

**Тардуштар жана кыргыздар. Кыргыздар – көз карандысыз эл.** Ошондой эле, А.Н.Бернштамдын пикири боюнча кытай маалыматтарындагы VII кылымдын биринчи жарымында Монголиянын түндүк-батышында жайгашкан түрк уруулары – тардуштардын бийлиги астында болгон деген маалымат да күмөндүү дейт. Ал мезгилде тардуштардын бийлиги абдан күчтүү болгону менен алардын Саяндан ары түндүккө барганы да күмөн. Тардуштар барган жер – Байкал алардын кыргыздар менен болгон чек арасы болуу керек (506). Тардуштардын территориясынын кеңейиши кытай жылнаамачыларын тардуштар кыргыздарды да багынткан деген ойго алып келген деп болжолдойт окумуштуу.

А.Н.Бернштамдын мындай пикири алгылыктуу. Чындыгында, тардуштардын кыргыздарды көз карандылыкта кармагандыгы тууралуу ынанымдуу далилдер жок. Биз А.Н.Бернштамдын кытай жылнаамачыларынын божомолдору тардуштардын территориясынын кеңейишинен улам келип чыккан деген пикирине толугу менен кошулабыз.

**Түрк доорундагы кыргыз-кытай элчилиги.** А.Н.Бернштам тардуштар кытайлыктар тарабынан талкалангандан кийин кыргыздар өз алдынчалыгына кайрадан ээ болушкандыгын маалымдайт. 648-жылы кыргыздар Кытайга элчисин жөнөтүшкөн. Кытай императору Тай-Цзундун өкүлү Шибокюй Ачжань кыргыздардын башчысы (старейшина) болгон (507).

Кыргыздар Кытайга элчини сейрек жөнөткөн, ал эми VII кылымдын аягынан (682-ж.) баштап токтоп калган, анткени Чыгыш Түрк каганаты кайрадан калыбына келген.

В.В.Бартольддун маалыматында да кыргыздардын Кытай менен карым-катнашы 758-жылга чейин, б.а., алардын өлкөсүн уйгурлар басып алганга чейин улантылгандыгы айтылат. «650–683-жылдардагы мезгилде эки элчилик барган, анын бирөө 705–711-жылдардагы мезгилде жана төртөө 713–755-жылдарда болгон»[1].

---

[1] Бул жерде 650–683-жылдарда эки элчилик баргандыгы айтылып, анын бирөө – 705–711-жылдарда, төртөө – 713–755-жылдарда деп берилип калган. *В.В.Бартольд.* Кыргыздар. Китепте: Кыргыздар, 1993, 2, 136-б.

С.В.Киселев кыргыздар 711-жылы жеңилгенден кийин да өз алдынчалыгын толугу менен жоготпогондугун айтып, 711-жылдан кийин да кыргыз элчилиги император Сюань-цзундун тушунда Кытайга төрт жолу баргандыгын (713–755-жж.) маалымдайт[1].

«Ханзу жазмаларында» кыргыз элчилери Кытайга каттап тургандыгы айтылат. Алар Гавзуң кезинде (650–683-жж.) эки жолу келишкен. Жилуң жыл санагы аралыгында (707–710- жж.) тартуу берип турушкан. Жуңзуң падыша (аты – Лишиен) (705–707-жж.) алардын (*кыргыздардын – Г.Ж.*) элчилиги менен көрүшкөндө алардан «ардык» сурап: «Силердин мамлекетиңер мени менен тең ата келет, бөлөк каранды (*көз каранды – Г.Ж.*) элге теңелбейсиңер», – деп шарап сунгандыгы жазылат «Ханзу жазмаларында» (Жаңы таңнаама, 297).

Бул маалыматтар кыргыздардын түрк доорундагы Кытай менен дипломатиялык мамилелерин көрсөтүп турат. Түрк каганатынын тушунда **кыргыздарды кытай падышасы өз мамлекети менен тең катар койгондугу жана кыргыздарды кол алдындагы башка элдерге теңебей, алардан артык көргөндүгү** – «Ханзу жазмаларында» сакталып калгандыгы кыргыздардын тарыхы үчүн баалуу факт-материал.

Демек, бир жагынан, Түрк каганаты өз учурунда кыргыздарды «күчтүү душманыбыз» деп эсептеп, алар менен бетмебет согушуудан качып, күтүүсүз кол салган. Экинчи жагынан Кытай империясы (анын падышасы) кыргыздарды өзүнүн империясы менен тең катарга коюп, башка кол алдындагы мамлекеттере теңебегендигин билдирген жана аларга өзгөчө мамиле жасаган. Ушул фактылар кыргыздардын баатыр, күчтүү эл экендигин, эл аралык аброюнун кадыр-барктуулугун, эл аралык мамилени мыкты түзө алган жана сактай алган эл экендигин далилдеп турат.

**Гудулу (Элтерис) жана кыргыздар. Кыргыздардын көтөрүлүүсү. Мочжонун кыргыздарга капысынан кол салуусу. 710–711-жылдардагы согуш.** Жаңы династияны орноткон түрк башчысы Гудулу каган кыргыздар менен жакшы мамиледе болгон.

---

[1] *С.В.Киселев*. Енисейские кыргызы. Китепте: Кыргыздар. X том, 2011, 313-б.

Анын мураскери Мочжо тез арада эле кыргыздарга каршы согуш ачкан. Бул VIII кылымдын башында, 710–711-жылдарда болгон. Түрк жазма эстеликтериндеги маалыматтарда түрктөр өздөрү кыргыздар жөнүндө: Манчжурия (кытайлар) жана Жети-Суу (дулу жана нушиби уруулары) территориясындагы алар (*түрктөр – Г.Ж.*) менен согушкан бардык уруулардын ичинен «преимущественно киргизский сильный каган врагом нашим был» дешкен.

Кыргыздар ушул мезгилде күчтөнө баштаган. Ошол доордогу эл аралык абал кандай эле?

Кыргыздардын күчтөнүшү чыгыш түрктөрүнүн өз көз карандысыздыгын калыбына келтирүү үчүн Кытай менен болгон 679–682-жылдардагы күрөшүнө мезгили менен тушташ болгон (С.В.Киселев, 312). Автордун болжолу боюнча кыргыздар өздөрү чет душмандарга каршы бириге башташкан. Орхон жазууларында VIII кылымдын башында түндүктө күчтүү каган башында турган кыргыздар бириге баштагандыгы айтылат. Бул каган – Барсбек болгон. Түрк каганы Мочжо (692–716) Барсбек менен эсептешкен. Мочжо кыргыздар менен жоолашууну токтотуп, тынчтык келишимин түзгөн. Барсбектин Кагандык титулун официалдуу түрдө тааныган. Ал өзүнөн мурунку каган Гудулунун (Элтерис) кызын Барсбекке берген. Бирок кийин Кыргыз каганы Мочжонун негизги душманы болуп калган. Ошондуктан түрктөр «биздин эң күчтүү душманыбыз – кыргыз каганы» дешкен.

Кытай борбордук азиялык державалар менен күрөшүп жатып, кыргыз урууларынын аракеттерине чечүүчү таасир деле бере алган эмес. Ал эми Монголиянын территориясында жайгашкан түрктөр «были заняты «собиранием» племен и только недавно оправились от подчинения Китаю, которому они были подвассальны в 630–680 гг.» (А.Н.Бернштам, 507).

Орто азиялык уруулар ички талаш-тартыш күрөштөрүнөн алсызданып турган жана жакындап кирип келген жаңы коркунучтун – арабдардын басып алуу коркунучу алдында турган.

Түрк каганы Мочжонун кыргыздарга кол салуусу 710–711-жж. болгон. Түрктөрдүн жортуулунун абдан ызгаардуу суукта болгондугунун себеби – кыргыздарды капысынан басып калуу

эле. Алар кыргыздарга согуш жарыялабастан, кыргыздар бейкапар жатканда капысынан басып калышкан.

Мындан түрктөрдүн кыргыздар менен ачык согушуудан качышкандыгы көрүнүп турат. Демек, кыргыздар абдан күчтүү эл болгон, түрктөр алардан жеңилип калуудан чочулашкан.

Тонукуктун эстелигиндеги маалыматтарда түрктөрдүн бул жортуулда Көгмен тоо кыркалары, т.а., Саян тоо кыркалары аркылуу өтүшкөндөгү кыйынчылыктары кылдат баяндалат. Бул ашуудан өтүү үчүн 20 күн кеткен. Алар кыргыздарга капысынан кол салышкан. Бул тууралуу жазма эстеликте: «киргизского кагани мы убили; племенной союз его покорили» деп айтылат.

Кыргыз каганынын эстелиги түрк каганынын бейитине коюлган. Бул тууралуу А.Н.Бернштам: «Изоражение убитого киргизского кагана было поставлено на могиле тюркского кагана первым среди аналогичных статуй, чем подчеркивалась исключительная важность события» (507), – дейт.

Демек, кыргыздарга болгон жортуулга түрктөр чоң маани беришкен. Кыргыздарды багындыргандыгы алар үчүн өтө маанилүү болгон.

Түрктөрдүн бул жортуулу кыргыздардын күч-кубатын сындырган эмес. VIII кылымдын биринчи жарымында кыргыздар кайрадан саясий өз алдынчалыкка ээ болушкан.

## Тан династиясынын жеңиштери жана жеңилиши. Тан династиясы жана кыргыздар

620–626-жылдардагы согушта түркүттөр жеңишке ээ болушкан, ошого карабастан 630-жылы Чыгыш Түрк державасы кулаган. Андан ары Тан династиясы үзгүлтүксүз түрдө жеңиштерге ээ болуп жүрүп отурган. 641-жылы эң күчтүү уйгур уруусу – Сеяньто талкаланган, 640-жылы Гаочан багындырылган, 648-жылы Куча басып алынган. 653–657-жылдары Батыш Түрк державасы Тан династиясына баш ийген. Дээрлик VII кылымдын 70-жылдарына чейин Кытай Азияда гегемон болуп турган (Др.тюрки, 1, 200).

Бирок Тан империясы да күчтөн тайыган. Л.Н.Гумилев тибеттиктер, түрктөр, уйгурлар жана арабдар «лишают Танское правительство всякого влияния к северу от Великой стены за целое столетие до того, как внутренние неурядицы повлекли разложение и крушение династии Тан» (200), – дейт.

Ошентип, жүз элүү жылдын ичинде абал өзгөрүлгөн. Арабдар пайда болгон, тибеттиктер активдеше баштаган, кидан союзу түзүлгөн, түрктөрдүн душманы болгон уйгурлар өздөрүнүн көз карандысыздыгын коргоо үчүн жетишээрлик темир курал-жарактарга ээ болушкан. Түрктөрдүн абалы оордогон.

**Кыргыздар жана Тан династиясы.** Кыргыздар Борбордук Азияны басып алган соң, алар Тан империясы менен алым-салым мамиледе болушкан. Улуу жибек жолуна ээлик кылыш үчүн Чыгыш Түркстанды кол алдында кармап турушкан[1].

Кытайга бат-бат чабуулга өтүп турган уйгурлардан жана алардан мурунку огуздардан айырмаланып, кыргыздар Тан династиясы менен достук мамилени орнотууга аракет кылышкан. Уйгурлардын борбор шаарын ээлегенден кийин ал жерде калган кытай падыша кызын (Тайхе) кароолдору менен Кытайга жөнөтүшкөн[2].

Император Сюань-цзундун (849–859) тушунда Кытай менен карым-катыш жакшы болгон, андан кийинки Т-цзундун (860–873) учурунда үч элчилик болгон. Уйгурларды жеңген кыргыз каганы 847-жылы каза болгон (уйгур каганы Угэ да ушул жылы өлгөн). Таң-шуда андан кийинки кагандар жөнүндө маалыматтар жок (В.В.Бартольд, 194).

## Түрк каганатындагы коомдук түзүлүштүн өнүгүшү

**Түркүттөрдөгү таптык түзүлүү процесси.** Түрк каганатындагы таптык түзүлүү процесси Л.Н.Гумилевдун пикири боюнча аягына чыккан эмес. Анткени Түрк каганаты экиге бөлүнүп

---

[1] *Ю.Худяков.* Енисей кыргыздарынын тарыхы. Китепте: Кыргыздар, I т. – Б., 1993, 159-б.

[2] Бирок аларга жолдон уйгур каганы Угэ кол салып, Каныкени колго түшүргөн. Каныке 843-жылы гана уйгур камагынан бошонгон.

калганда, бул процесс токтоп калган жана андан ары эки башка жол менен кеткен, б.а., ар башка жол менен өнүккөн.

Чыгыш Түрк каганатынын хандары өзүлөрүнүн аскердик күчүнө ишенип, кол астындагы урууларды эч бир аябастан күч менен басып турушкан; натыйжада качан Тан империясы түркүттөргө контр-чабуул жасаганда түркүттөргө көз каранды уруулар көтөрүлүшкө чыгышкан жана Чыгыш Түрк державасы 630-жылы кулаган.

Ал эми батышта Ашина хандары көчмөн уруулардын башчыларына (племенная знать) жана согду аристократтарына таянууга аракет кылышкан, «но лишенные сильной сдерживающей руки кочевники начали междоусобные войны и привели каганат в состояние анархии, каковое и было использовано Китаем при завоевании западных тюркютов в 657–659 гг.» (Гумилев. Др. тюрки, 1, 77).

Ошентип, таптык түзүлүү процесси үзүлгөн, анткени түркүт аскердик-чиновниктик башчылар (знать) жок кылынган же болбосо кытай өкмөтүнө кызмат кылууга өтүшкөн. Эми Орто Азия арабдар менен тибеттиктерге тийген, ал эми талааны (степь) карлуктар жана уйгурлар бөлүп алышкан.

Л.Н.Гумилев бул тууралуу: «Таким образом, мы можем рассматривать Тюркский каганат как незавершенный процесс классообразования, не пошедший далее военной демократии, в условиях окружения развитыми классовыми обществами», – дейт (77–78).

**Түрк доорундагы ордолор жана уруулар.** Түрк доорунда коомдук түзүлүштүн өнүгүшү абдан татаал болгон. Бул мезгилдин ичинде коом абдан өзгөрүүгө учураган. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай дейт: «...за 110 лет своего самостоятельного существования каганат (*Тюркский каганат – Г.Ж.*) проделал значительную эволюцию и отношения внутри тюркютского общества в VII веке весьма отличались от взаимоотношений VI века» (Др. тюрки, I, 273).

Түрк каганаты кулагандан кийин, 630-жылы Орто Азиядагы этногенез маселеси абдан татаал жана чиеленишкен абалда болгон. Бул татаалдык – эл (Volk, people) деген европалык

жана антикалык – nation жана этнос деген түшүнүктөргө туура келген түшүнүктүн жоктугунда эле.

VI кылымда түркүт ордосу уруулардан турган, андан державага өсүп жеткен, ал кулаганда ордо ыктыярдуулар менен толукталган. Ордо согуш тартибинде болгон. Анын түздөн-түз мааниси – штаб, «ставка». Ордонун катарын будуңдар[1] түзгөн, башкаруучулары бектер болгон жана бүт система, т.а., ордо деген – этностук эмес, аскердик-уюштуруучу (военно-организационный) түшүнүктү билдирген.

Ал эми уруулар үчүн огуз деген термин колдонулган. Огуз адегенде уруу («племена»), уруулардын биримдиги («объединение племен») деген мааниде болгон, кийин жалпылоочу маанидеги этностук атка айланган: токуз-огуз – «тогуз (ар түрдүү) уруу», «үч огуз» – «үч (ар түрдүү) уруу»[2]. Коңшулары тарабынан коркунуч туулган майда уруулар союз түзүшкөн. Кийин «огуз» термини өз маанисин жоготуп, түркмөндөрдүн легендарлуу бабасы – Огуз-хандын атына айланды.

Түрктөр өздөрүнүн системасын «эль» деп аташкан. «Эль» же «il» деген түшүнүктөр боюнча бирдей пикир жок. С.Е.Малов аны (il) «уруулук союз» («племенной союз») деп которгон, бирок ошондой эле ал «мамлекет, эл» деген маанини берген. Радлов, Мелиоранский, Бартольд, Томсен, Хирт мына ушул түшүнүктү карманышат. О.Прицак бул түшүнүккө кошумча тактык киргизет: «иль-улус – федерация племен, различных по расе и языку».

А.Н.Бернштам бул тууралуу: «эль – это объединение аристократии различных племен в организационно сплоченный заимствованными у того же родового строя традициями аристократический строй. «Äl» – выражение государственной организации. Турецкий «äl» – господствующий класс… Турецкий

---

[1] Будуң «этнос» деген мааниде эмес, «демос» маанисине жакын түшүнүктө. Будуңдарга толистер, тардуштар, түргөштөр, карлуктар, кидандар ж.б. кирген. *Л.Н.Гумилев.* Др.тюрки, I, 1999, 78-79-бб. Будуңдарга бектер карама-каршы коюлган.

[2] *Л.Н.Гумилев.* Древние тюрки, I, 1999, 80-б.; *А.Н.Кононов.* Опыт анализа термина «турк» // Советская этнография. 1949, № 1.

«al» – олицетворение народа, известного нам в истории под самоназванием «türk»[1] – дейт.

Л.Н.Гумилев бул эки көз караш боюнча өзүнүн төмөнкүдөй пикирин билдирет. Биринчи түрк ханы Тумын Иль-хан деген титул алган: «Он это сделал не ранше, чем покорил жужаней, т.е. к своему племени присоединил еще другие племена» (81). Бирок, багындырылган урууларды союз деп айтууга болбойт дейт ал. Иль-хан деген терминдин мааниси – эл башчысы (правитель[2] народа – Л.Г.), бул Рашид ад-Диндин перс тилиндеги басып алуу, багындыруу, баш ийдирүү (завоевать, покорять) деген этиштерге толугу менен туура келет. Аталган этиш «является варваризмом, но точно передает смысл термина» (81), – дейт Л.Н.Гумилев.

Дегеле уруулардын макулдашуусу (соглашение) үчүн түрк жана монгол тилдеринде бир маанилеш башка термин бар: кургур. Ушуга окшош эле гурхан термини, анын мааниси – уруулар союзунун (конфедерациясынын) ханы. Бул титулду кидандардын ханы алып жүргөн, анын державасы сегиз тең укуктагы уруудан турган.

Ал эми иль болсо, тескерисинче, күч менен башка урууларды баш ийдирүү дегенди түшүндүрөт. «il» терминининин латын тилиндеги так котормосу «imperium», орус тилинде – «держава» (81).

Экинчи көз караш боюнча Л.Н.Гумилев мындай мисал келтирет: «t#rk budun @lin t†r#sin», т.е. тюркский народ и эль (неверно, на#до «эля») узаконивая» (скорее – возвышая) (*китептегидей берилди – Г.Ж.*) (82). Бул жерде эль деген мааниге бийлөөчү класс гана эмес, будундар да кире тургандыгы ачык эле көрүнүп турат.

---

[1] *А.Н.Бернштам.* К вопросу о возникновении классов и государств у тюрок VI–VIII вв. н.э.//Сборник статей к 50-летию книги Энгельса «Происхождение семьи, частной собственности и государства». – М.–Л., 1936. Китепте: Л.Н.Гумилев. Древние тюрки, 1999, 1, 80-б.

[2] **Правитель** *м.* **1**. өкмөт башчысы башкаруучу, аким; өкүмдар. Орусча-кыргызча сөздүк. П–Р, 2012, 326-б.

С.П.Толстовдун аныктамасында эль: «...государство, в античном понимании этого слова, политическом, а отнюдь не территориальном значении»[1]. Мына ушундай түшүнүктөгү «элдин» ичине багындырылган эл да киререрин белгилөө керек. Ансыз «эль» – эл эмес (82).

Ошентип, «эль» ордолордун жана уруулардын бирге жашоосунун (форма сосуществования) формасы болгон (82).

Түрк каганатынын тушунда «эль» бирге жашоонун абдан туруксуз формасы болгон. Талап-тонолгон жана багындырылган эл абдан кыйынчылыкта жашаган, державада тартипти кармоо бектер менен будундарга оңой болгон эмес. Согуштан жеңилүүлөр, дипломатиялык жаңылыштыктар, анда-санда учураган чыккынчылыктар ж.б. «элдин» жашоосуна коопсуздук алып келген. Л.Н.Гумилевдун пикиринде, мына ушул себептен алгачкы орто кылымда Орто Азияда саясий түзүлүштөрдүн жашоосу кыска мөөнөттүү болгон. Биринчи Түрк каганаты, Экинчи – көк түрктөрдүн жана **Енисей кыргыздарынын мамлекети – «эль» болгон** (*белгилеген – Г.Ж.*) (82).

## Түрк рун жазуулары – кыргыздардын байыркы жазуусу (VI–X кылымдарда)

С.Сыдыков байыркы түрк жазуусу жөнүндө VI кылымдын орто ченинде Сирия хроникасын жазган Захария Ритордун «...Гундардын мындан 20 жыл илгери, балким, андан да көбүрөөк мурда жазуусу болгон», – деген алгачкы эскерүүсүн мисалга келтирип, бул жерде сөз, мүмкүн, гундардын бирикмесиндеги түрктөрдүн жазуусу жөнүндө болуусу мүмкүн деп эсептейт[2]. 568-жылы түрктөрдүн Константинополго хандын грамотасын алып келгендиги, бул гун же түрк каты хроникада «скифтердин жазуусу» деп аталгандыгын айтып, жазуунун мындай аталышын гундардын согдулар жашаган аймакка келиши жана согду тибиндеги жазуу менен тааныштыгы

[1] *С.П.Толстов.* Тирания Абруя//Исторические записки. Т.3. 1938, 52-б.

[2] *С.Сыдыков, К.Коңкобаев.* Аталган эмгекте, 9-б.

негиз болгон деп айткан Н.В.Пигулевскаянын пикирин мисалга келтирет.

С.Сыдыковдун оюу боюнча, ошол эле учурда соода-сатыкты мыкты билген согдулар соода аркылуу түрктөрдүн эзелтен берки ата-журту болгон Борбордук Азияга жеткендигин көңүлдөн чыгарбоо керек. Ушул мезгилде кытайлык автор Чжоушунун түрктөрдүн жазуусу ху (согду) жазуусун элестетет деп болжолдоосу чындыкка үндөшүп кетет деген Н.В.Пигулеская[1]. С.Сыдыков бул маалыматтарды А.Н.Кононов «Грамматика языка тюркских рунических памятников (VII–IX)» аттуу китебинде келтиргендигин эскертет.

А.Абдыразаков түркүттөр колдонгон «скиф» менен жазылган документтерди кыргыздардын түрк жазмасы деп болжолдойт. Аны төмөнкүдөй маалыматтар менен бекемдейт. 552-жылы бүткүл түрк тилинде сүйлөгөн уруулар биригип, жужандарды талкалап, алардын жерин басып алышкан жана биринчи чыгыш Түрк мамлекетин түзүшкөн. Бул мамлекеттин курамы түрк урууларынан түзүлгөндүктөн, «Түрк мамлекети» деп аталган. Уруулардын башчысы, кытайча аты Тумен (Бумын) кагандык титулга ээ болгон. Көп өтпөй ал каза болуп, анын уулу Му-хан (Мухан) бийликке келет. Бара-бара Бумындын иниси Истеми каган өлкөнүн батыш тарабын колго алып, бийлик жүргүзөт. Ал алысты көрө билген акылман каган катары тааныла баштайт[2]. Истеми каган Сасанилер мамлекетинин императору Хосров Анушырван менен дипломатиялык байланыш түзөт. Ал өзүнүн өкүлү Маниах Согданы Сасанилердин жерлери аркылуу Византияга соода жибек жолун ачуу үчүн элчиликке жиберет. Бирок макулдашуу болбой калгандыктан, 567-жылы Маниах Согданы Каспийди айланып, Волга дарыясынан өтүп, Кавказ аркылуу Византиянын императору Юстиниан II менен түздөн-түз дипломатиялык байланыш түзүүгө жиберет. Кийинки жылы Маниах Византиянын элчиси Земархосту ээрчитип кошо ала келген. Земархос Истеми каган тарабынан жылуу кабыл алынган[3].

---

[1] *Н.В.Пигулевская.* Сибирские источники по истории народов СССР, 1941.

[2] *А.Абдыразаков.* Орхон-Енисей байыркы кыргыз түрк жазуулары жана рух башаттары. – Б., 2004, 28–29-бб.

[3] Аталган эмгекте, 29-б.

А.Абдыразаков мына ушул татаал дипломатиялык байланыштар жазма документсиз жүргүзүлүшү кыйын эле дейт. Окумуштуу Истеми каган атайын кам көрүп, буйрук берип алфавит түздүрсө керек деп божомолдойт.

Абдыразаков ошол буйрук боюнча **VI кылымдын экинчи жарымында кыргыз түрк жазмасы колдонула баштаган** (*белгилеген – Г.Ж.*), жогоруда айтылган дипломатиялык байланыштар мына ушул кыргыз түрк тилинде ишке ашкан деген божомол пикирин айтат.

С.Е.Маловдун V кылымдагы Енисей жазмалары кыргыздарга таандык деген пикирин эске алсак, мында чындык бар деп эсептейт А.Абдыразаков.

А.Н.Бернштам кыргыздар тууралуу эң баалуу тарыхый булак болуп Орхон, Енисейде ачылган байыркы түрк рун жазуулары деп эсептейт. Биринчисинде (орхон жазуулары) Чыгыш түрк каганатынын тарыхы кеңири баяндалып, аны менен кыргыздардын байланышы көп кездешет; **енисей жана туба жазуулары кыргыздардын байыркы жазуусу катары** алардын коомдук-экономикалык түзүлүшү боюнча маалыматтарды камтыйт[2].

Бул түрк доорунда кыргыз түрк жазмасы колдонулган деген пикирди ырастайт.

Аталган жазуулардын кыргыздар жашаган жерде пайда болгондугу жана анын VI–X кылымдарда колдонулгандыгы А.Эркебаевдин эмгегинде айтылат. Ал VI–X кылымдарда ар түрдүү көчмөн уруулар, анын ичинде азыркы кыргыздардын бабалары да Түрк каганатына биригишкендигин, ал эми IX кылымда кыргыздардын өзүнүн каганаты – Кыргыз Улуу державасы (В.В.Бартольд) түзүлгөндүгүн баяндап келип, «Наиболее важным достоянием культуры этого периода было, пожалуй, изобретение рунического письма. Весьма примечательно, что памятники этого письма обнаружены среди прочих и там, где жили предки нынешних киргизов в древности – на Енисее и на территории современной Киргизии. Предположительно эта письменность просуществовала с VI по X век».

Бул рун жазуусу VI–X кылымдарда колдонулган.

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Енисей кыргыздарынын б.з. VI–X кк. коомдук экономикалык түзүлүшү. *Китепте:* Кыргыздар, 2, 1993, 270-б.

## Түрк тилдүү элдер, түркүттөр жана түрктөр

**Ашина уруусу.** «Ашина» деген сөз «карышкыр» («волк») дегенди түшүндүрөт. Түркчө «волк» – бөрү же карышкыр (Л.Н.Гумилевдо – *«бури* или *каскыр»* деп берилген), ал эми монголчо – «*шоно//чино.* Ал эми «А» – префикс уважения в китайском языке. Следовательно, «Ашина» значит «благородный волк»[1] дегенди билдирет. Ал эми араб тилинде бул сөз кытайлыктардын таасирине кабылбай Шанэ деген аты менен эле сакталып калган[2]. Ашина деген сөздүн мааниси, демек, «асылзат карышкыр» дегенди билдирет.

Ошентип, түркүттөрдүн аталышына да, Ашина уруусунун аталышына да монгол жана кытай тилдеринин таасири тийген.

Түрк уруулары үчүн «карышкыр» деген аттын мааниси абдан чоң болгон. Алардын туусунда карышкырдын алтындалган башы жаркырап турган. Түркүттөрдүн келип чыгышы тууралуу эки легендада тең биринчи орун – «принадлежит прародительнице-волчице»[3]. Бирок, окумуштуу белгилегендей, бул легендаларда анын тарыхый окуя экендигине ишарат да жок. Ушундан улам Л.Н.Гумилев бул легендалар Алтайда жаралган, а балким алар келгиндердин артыкча орунга ээ экендигин көрсөтүү үчүн атайын жаралган болуу керек дейт (232).

Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча Ашина деген аттын алдында бириккен беш жүз түтүндүн теги кандай болсо да «между собою они объяснились по-монгольски до тех пор, пока перипетии военного успеха не выбросили их из Китая на Алтай» (233).

Түрк тилдүү чөйрөдө жүз жыл жашоо алардын сүйлөө речинин өзгөрүшүнө алып келмек, анткени «беш жүз түтүн» Ашина уруусундагылар түрк деңизинде тамчы эле болуп калмак.

---

[1] *Л.Н.Гумилев* 231; *Н.Я.Бичурин.* Собрание сведений... Т.II. – М.–Л., 1950, с. 263.

[2] *Л.Н.Гумилев* 231; Собрание сведений, 252–253-бб.

[3] *Л.Н.Гумилев.* 231; *Н.Я.Бичурин.* Собрание сведений... Т.II. – М.–Л., 1950, с. 233.

Ошентип, VI кылымдын ортосунда Ашина уруусунун мүчөлөрү таптакыр түрктөшүп, ал эми монгол тили өзүлөрү менен кошо келген титулдарда[1] гана сакталып калган.

**Түрк тилдүү элдер жана түркүттөр.** Бул жерде түрк эли (түрктөр) жана түрк тилдүүлүк деген түшүнүктөр тууралуу сөз болмокчу. Түркүт деп аталган эл менен түрк тилдүү элдердин айырмасы бар. Л.Н.Гумилевдун белгилөөсү боюнча Борбордук Азиянын батыш бөлүгүндөгү түрк тилдүү элдер байыркы замандан, т.а., б.з.ч. III кылымдан бери эле белгилүү, бирок анда түрк («тюрк») деген термин али жок болчу.

Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай деген: «Происхождение тюркоязычия и возникновение народа, назвавшего себя «тюрк», «тюркут» – явление совершенно разные. Языки, ныне называемые тюркскими, сложились в глубокой древности, а народ «тюркутов» возник в конце V в. вследствие этнического смешения в условиях лесостепного ландшафта, характерного для Алтая и его предгорий» (233).

Ошентип, түрк тилдери деп илгертен бери айтылып келсе, өздөрүн «түрк» деп атаган эл Ашина уруусуна тиешелүү элдердин аталышынан башталат.

Тарыхтын башталышында («на заре истории») б.з.ч. III к. түрк тилдүү элдер «хунну» деп, кийин IV–V кк. – «гаогюй», же «теле» деп аталышкан, бирок бул атоолор бардык түрк тилдүү урууларды камтыган эмес болуу керек, анткени «единого народа, говорившего по-тюркски, историей не зафиксировано» (Тюрки, 1, 86).

Ал эми өзүлөрүн «түрк» («тюрк» – Л.Н.Гумилев) деп атаган уруу (кытайча – ту-кю) VI кылымдын башында Монгол Алтайда («в Монгольском Алтае») түзүлгөн, болгондо да бул этноним бардык түрк тилдүү урууларга тиешелүү болбостон, «относился лишь к небольшому народу, впоследствии захватившему гегемонию в Срединной Азии» (Тюрки, 86). Тактап айтканда, Ашина уруусундагы элдерге тиешелүү болгон.

Демек, адегенде түрк тилдүү элдер жана «түркүт» («тюркут») деп аталган уруунун аталышы бири-биринен таптакыр айырмаланган ар башка түшүнүктөр болгон.

---

[1] **Титул** *м* **2.** титул, наам. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 360-б.

**Адегенде Ашина уруу биримдигинин тили кандай эле?** Алардын тили кандай эле? Ашина княздары башында турган түрктөрдүн бир бөлүгү (500 түтүн) хунндар тарабынан Алтайга көчүрүлгөндүгү тууралуу сөз болгон эле. «500 түтүн үйдүн» теги кандай болгон күндө да, алар Алтайга келишкенге чейин монголчо сүйлөшкөн. Кытайлыктар «называли поданных ханов Ашина – Ту-кю»[1].

Ашина княздары башында турган элдердин монгол тилинде сүйлөшүшкөндүгүн А.Н.Кононов да белгилейт: «к V в., когда оно вышло на арену истории, всем его представителям был понятен межплеменной язык того времени – сяньбийский, т.е. древнемонгольский. Это был язык команды, базара, дипломатии. С этим языком Ашина в 439 г. перешли на северную окраину Гоби», – деген (231).

Демек, Ашина уруусуна тиешелүү элдер адегенде монгол тилинде сүйлөшүшкөн. Бул уруу аралык тил – ал убакта сяньби тили эле. Мына ушул тил менен алар Алтайга келишкен.

Кийин алар ал жерде жашаган түрк тилдүү элдер менен аралашып, түрктөшүп кетишкен. Бирок алардын айрым титулдары монгол тилинин белгилерин сактап, термин катары колдонулуп кеткен. Ошондой терминдердин бири – «түркүт» (тюркют) термини.

**Тукюлар жана «түркүт» термини тууралуу.** Л.Н.Гумилев «тукю» (Л.Н.Гумилевдо – тукю) деген сөз П.Пеллио тарабынан «тюрк+ют»[2], б.а., «тюрки» деп чечмеленгендигин айтып: «но с суффиксом множественного числа не тюркским, а монгольским», – дейт[3].

Байыркы түрк тилдеринде бардык саясий терминдер монголчо көптүк сандын мүчөсү кошулуп айтылган.

П.Пеллио боюнча кытайча аталган «тукю» деген атоо «тюрк» деген сөздү эмес, «тюркут» («тюрк+ут») дегенди билдирет, мында – ут монголчо көптүк санды билдирүүчү мүчө.

---

[1] *Л.Н.Гумилев.* Древние тюрки. том 1. – М., 1999, 231-б. Автор Тукю деп бергени боюнча алынды (Г.Ж.).

[2] *Л.Н.Гумилев* эмгегинде туркют деп бергени боюнча алынды.

[3] Пеллионун эмгеги чет тилде болгондуктан, аталган цитата Л.Н.Гумилевдон алынды.*Караңыз:* Аталган эмгекте, том 12, I. – М.,1999, 231-б.

Демек, тукюларды түрктөр дебестен түркүттөр деп атоо туура.

Л.Н.Гумилев П.Пеллионун жогорку пикирине таянып, өзүнүн эмгегинде аларды түркүттөр (тюркуты) деп берген (Л.Н.Гумилев, Др. тюрки, 1, 87). К.Менгес да түркүттөр деген терминди колдонот.

**Тукю эли жана алардын түрктөшүүсү.** Жогоруда белгилегендей, тукю элинин хандары Ашина фамилиясына таандык болгон, ал эми Ашина «бөрү» («волк») дегенди билдирген (89).

Ашина уруусунун князДары Алтай тоо этектерине келгенде, ал жер «были населены племенами, происходившими от хуннов и говорившими на тюркских языках. С этими аборигенами слились дружинники князя Ашина и наделили их именем «тюрк», или «тюркут», – дейт Л.Н.Гумилев.

Ошентип, Ашина уруусунун аталган бөлүгү Алтайда 100 жыл түрк тилдүү чөйрөдө жашаган жана бара-бара түрктөшүп кеткен, ал эми өздөрү менен кошо ала келген монгол тилдеринин издери титулдарында гана сакталып калган.

П.Пеллио орхон жазууларынан түрк тилдерине мүнөздүү болбогон монголчо көптүк сан менен коштолгон сөздөрдү (көбүнчө титулдарга, наамдарга тиешелүү) тапкан. Мисалы, «тархан» – көптүк санда: «тархат», «тегин» – көптүк санда: «тегит» (Др. тюрки, 87).

**Түркүттөрдүн курамы.** «Суй-шуда» Ашина династиясы түзгөн держава ар түрдүү уруулардан тургандыгы айтылат: «...Дулгасский Дом образовался из смешения разных родов, кочевавших в Пхинляне (западная часть Шанси – Л.Г.), он прозывался Ашина» (Собр.св., 1950, т. 1, 221; Л.Н.Гумилев. Др. тюрки, 88).

VI кылымда түрктөр (Л.Н.Гумилев «тюркуты» деген туура деп эсептейт) жөнүндө Л.Н.Гумилев мындай дейт: «Это сложносоставный народ, сложившийся в результате соединения в единое государство монголоязычной орды Ашина, вынесшей из ордосских степей воинственные традиции своих сяньбийских предков, и тюркоязычного населения большого Алтая, которое благодаря развитому кузнечному ремеслу снабдило своих будущих соплеменников оружием» (Др. тюрки, 1, 89).

Демек, түркүттөрдүн курамы монгол тилдүү Ашина ордосуна тиешелүү элдер менен түрк тилдүү Алтай элинен турат.

**«Тю-ку» элинин этностук таандыктыгы тууралуу.** Дегеле, XIX кылымда «тю-ку» элинин этностук таандыктыгы (принадлежность) боюнча эки көз караш болгон. Француз ориенталисттери аларды түрктөр (тюрки) деп аташкан, ал эми Н.Я.Бичурин аларды монголдор деп атаган (Л.Н.Гумилев. Др. тюрки, 1, 86).

Н.Я.Бичуриндин мындай атоосуна айрым окумуштуулар сын айтышкан. Мисалы, А.Көчкүновдун маалыматы боюнча окумуштуулардын кийинки изилдөөлөрү Бичуриндин котормосунда жана изилдөөлөрүндө монгол жана түрк элдеринин келип чыгышы боюнча маселелерди чечмелөөдө бир катар катачылыктарды кетиргенин далилдешкен. А.Көчкүнов: «Монголиянын территориясынын тарыхый өнүгүшүн, этностук (улуттук) курамынын узак тарыхый мезгил ичинде бир нече жолу өзгөрүшүн эске албай, байыркы тарыхый доордо жашап өткөн урууларды, элдерди Бичурин Монголияда өзү көргөн-билген элдердин эле өзү деп эсептеген. Натыйжада гундар, сяньбилер, жуан-жуандар, түрктюгулар, уйгурлар жана башкалар Бичуриндин эмгектеринде монгол уруулары болуп калган», – дейт[1]. Бирок бул тууралуу Л.Н.Гумилев: «Иакинф (Бичурин) не был полностью неправ», – дейт. Бул маселеге өз учурунда кайрылабыз.

**«Түрк» термини жана түрктөр.** «Түрк» термини 1500 жылдын ичинде маанисин бир нече жолу өзгөрткөн.

V–VI кк. Алтайдагы элдер түрк тилдүү болушкан. Жогоруда айтылгандай, адегенде, V кылымда князь Ашинанын тегерегине топтолгон ордо[2] «түркүт» деп аталган жана VI–VIII кк. түрк тилинде сүйлөгөн анча көп эмес элди (небольшой

---

[1] *А.Көчкүнов.* Н.Я.Бичурин Енисей кыргыздары тууралуу. Китепте: Кыргыздар. 1, 76-б.

[2] «Суй-шу» маалыматы боюнча Дулгасс («тюркютский» – Л.Г.) Үйү Пхинлянда (Шансинин батыш тарабы Л.Г.) көчүп-конуп жашаган (кочевавший) ар кошкон уруулардан түзүлгөн. Качан Вей Үйүнүн императору Тхай-Ву цзюкюяларды талкалагандан кийин (439-жылы), Ашина 500 түтүн үй менен жужандарга качып барган жана Алтай тоолорунун түштүк жагына жайгашып, жужандарга темир өндүрүшкөн. Караңыз: *Л.Гумилев.* Древние тюрки. I т., 1999, 88-б.

народ) түзгөн. Монголчо көптүк мүчөсү бар «тукю» деген ат менен аталышкан бул эл – түрктөр деп да аталып келет. Ал эми адабияттарда «түрктөр», «тюркуты», «түркүттөр» деп ар кандай берилип келген. Ошол эле учурда алардын ошол эле түрк тилдеринде сүйлөгөн коңшулары түрк деп аталган эмес (Др. тюрки, 88).

Кийин арабдар келгенде Орто жана Борбордук Азиянын көчмөндөрүн «түрктөр» деп аташкан, бирок алардын тилдерин эсепке алышкан эмес. Демек, бул учурда «түрк» деген түшүнүк Ашина династиясына тиешелүү гана урууларды камтыбастан, андан да кеңири, Орто жана Борбордук Азия көчмөндөрүн жалпы камтыган кеңири түшүнүккө айланган.

Биздин оюбузча, түркүттөр менен түрктөрдүн айырмасын, чегин ажыратуу керек жана ар бирин өзүнө тиешелүү терминдер менен атоо туура болот. Маселен, Рашид-ад-Дин түрк менен монголдорду тилдерине кара ажырата баштаган.

**Түркүттөр жана түрктөр.** Жогорку мисалдардан көрүнүп тургандай, Ашина династиясы түзгөн державанын курамы ар кошкон уруулардан турган. Жогоруда айтылгандай, ошол кездеги Ашина уруу биримдигинин тили – сяньби тили, т.а., монгол тили болгон. Арадан 100 жыл өткөн соң, 546-жылы алар жергиликтүү элдер менен таптакыр биригишип, байыркы түрк элдери же түркүттөр (тюркюты – Л.Н.Гумилев) деген бир бүтүндүктү түзүшкөн (233).

А.Н.Кононов V кылымда тарыхтын аренасына чыккан монгол тилдүү Ашина уруусундагы элдер кийин ар кошкон уруулук биримдикти түзүшкөндүгүн белгилейт. Ал: «Оно объединяло многие племена различного расового и этнического происхождения», – дейт (А.Н.Кононов, Аталган эмгекте, 47-б.; Л.Н.Гумилев. Древние тюрки, 1, 231).

Ошентип, Ашина деген аттын алдында бириккендер, алардын теги кандай болбосун, тагдырдын жазмышы менен Кытайдан Алтайга көчүрүлгөнгө чейин менен бири-бири менен монголчо сүйлөшүшкөн. Алтайга баргандан кийин ал жердеги түрк тилдүү башка уруулар менен аралашышкан. 100 жылдын ичинде алар түрктөшүп, түркүт деген бир элди түзүшкөн жана түрк тилинде сүйлөшүп калышкан.

Мындай биримдиктин натыйжасында алар эбегейсиз күчтүү державаны түзүшкөн, натыйжада, алардын территориясы Сары деңизден Кара деңизге чейин жеткен, алар Кытай, Иран, Византия менен согушушкан.

Ал эми түрк тилдүү чөйрө ал мезгилде Алтайдан бир далай батышка, гуздар, кангылар же печенегдер, байыркы булгарлар жана гунндар жашаган өлкөлөргө тароого үлгүргөн (Л.Н.Гумилев, 233).

Биринчи Түрк каганатынын доорунда (546–659) Ашина династиясына баш ийген хандар «түрк» деген терминди каганатка катышы бар саясий термин катары түшүнүшкөн. Ушундай мааниде алар арабдар менен кездешкенде өздөрүн «түрк» деп аташкан.

Ал эми мусулмандар «түрк» терминин Ички Азия (Племя Внутренней Азии) көчмөн урууларынын жалпы аты катары түшүнүшкөн.

Мисалы, Махмуд Кашкари түрк элдери жана уруулары жөнүндө мындай деген: «Түрк элдери, негизинен, жыйырма урууга бөлүнөт. Алардын бардыгы, Алланын саламы болсун, Нух пайгамбардын уулу Япес, Япестин уулу Түрккө барып такалат» (МК, ТТС,  2005,З.А.). Ошондой эле: «Турк – имя сына Ноя в единственном числе, но когда речь идет о его потомках, это имя собирательное» (МК, ДЛТ,177, 2005, З.А.) – дейт.

Махмуд Кашкари өзүнүн атактуу «Диван лугат ат-түрк» сөздүгүнүн жаралышы тууралуу мындай деген: «....өзүм анык таза тилде сүйлөгөн жана теги боюнча эң биринчи орунда турган түрк тукумунан чыксам да **түрктөрдүн** (*белгилеген – Г.Ж.*) оюн-тоосун, түзү-талаасын, нукум жерин калтырбай, айыл артынан айыл калтырбай кыдырып чыктым. Мен түрктөрдүн, түркмөндөрдүн, огуздардын, чигилдердин, ягмалардын, кыргыздардын уйкаштыкка келтирилген жандуу сөздөрүн акылыма түйдүм...», – дейт (МК, ТТС, 2011, 5).

Албетте, бул – VI–VII кылымдагы «түрк»[1] түшүнүгүнө караганда таптакыр башка түшүнүк.

[1] Түрк («тюрк») деген термин П.Пеллио жана К.Кононовдун изилдөөлөрүндө «күчтүү», «чыдамкай» (крепкий) дегенди түшүндүрөт, бул дагы эле

Бирок VI–VII кк. түрктөрдүн арасында, т.а., Ашина хандарынын ордосу менен теле, дулу, нушиби, чүй уруулары бир тилде сүйлөшсө дагы, алардын ортосундагы айырмачылыктар али да болсо сакталган болсо, VIII кылымда «түркүт» сөзү монголчо *-ут* көптүк мүчөсүн жоготкон, т.а., «түрк» – көптүк мүчөсүз колдонулган жана мурунку маанисинин чегинен чыгып, кеңири мааниде колдонулуп калган.

Ушундан улам Л.Н.Гумилев мындай деген жыйынтыкка келет: «Исходя из этого, было бы правильно разграничить смысл терминов и для VI–VII веков восстановить название «тюркут», а для позднего времени сохранить термин «тюрк», но уже как наименование лингвистической группы» (Др. тюрки, 1, 89).

Биздин оюбузча, бул абдан туура. Анткени көпчүлүк адабияттарда алардын чеги ажыратылбай, бир эле термин менен аталып келет.

Азыркы учурда «түрк» – «это исключительно лингвистическое понятие, без учета этнографии и даже происхождения, так как некоторые тюркоязычные народы усвоили тюркский язык при общении с соседями» (Л.Н.Гумилев, 232–233).

Ошентип, Л.Г.Гумилев өзүнүн эмгегинде байыркы түрктөр жөнүндө баяндап жатып, ар кандай чаташууларга жол бербес үчүн аларды VI кылымда жужандар жана кытайлыктар атагандай эле «түркүттөр» («тюркут») деп атайт. Биз дагы ушул принципти туура деп эсептеп, аталган мезгилдеги түрктөрдү «түркүттөр» деп атоону туура таптык.

**Окумуштуулар «тукю» (түркүт) жана «түрк» териминдери тууралуу**. Кийин Н.М.Ядринцев тарабынан табылган орхон жазууларында «ту-кю» менен «тюрки» окшош деп табылгандыгын айтып, бул тууралуу өзүнүн оюн билдирген. Л.Н.Гумилев орхон жазуулары VIII кылымда жазылгандыгын, ал эми «тукю» эли VI кылымдын башында эле, ал түгүл V кылымда

---

аталган этнонимдин жаратылышы боюнча VI кылымдын саясий терминдеринен келгендигин көрсөтүп турат (Pelliot P. La Haufe Asie, s.a.P.12; Кононов А.Н. Опыт анализа термина «тюрк» // Советская этнография. 1949, № 1).

жашагандыгын айтып: «Мы не можем безоговорчно принять эту идентичность», – дейт (86).

Г.Е.Грумм-Гржимайло «Су-шудагы» Түрк державасынын түзүлүү тарыхы жөнүндөгү текстти анализдеп жатып, князь Ашина баштаган түрктөрдүн бир бөлүгү хунндар тарабынан түштүккө көчүрүлгөндүгүн айтат «где и оставалась до изгнания князей из Хэси»[1].

П.Пеллио Ганьсуда монгол тилдүү уруулардын «ту-кюй» деп аталган биринчи бирикмеге киришкендиги III к. каттalгандыгын белгилейт жана «ту-кю» деген кытайча аталыш экендигин, ал «түрк» деген сөздү эмес, «тюркют» («тюрк+ ут») (*түркүт – Г.Ж.*) дегенди түшүндүрөрүн, ага жалганган монгол тилинин көптүк мүчөсү экендигин маалымдайт[2].

А.Н.Кононовдун бул терминдер боюнча жүргүзгөн анализдери П.Пеллионун пикирин ырастайт. Натыйжада, монгол тилинин көптүк мүчөсү катышпаган «түрк» терминининин камтыган мааниси да, колдонулуш чөйрөсү да алда канча кеңири. А.Н.Кононов филологиялык терең изилдөөлөрдү жүргүзгөндөн кийин мына ушундай пикирге келген. «Түрк» термини абдан чоң территорияда түшүнүктүү болгон жана расасы жана этностук жаратылышы ар түрдүү болгон көптөгөн урууларды бириктирип турган жалпыланган ат (собирательное имя)[3].

Ушундан улам Л.Н.Гумилевдун аларды айырмалоо керек экендиги, Ашина князлары башкарган алгачкы түрк биримдигиндеги урууларды «түркүт» деп атоо туура болору жөнүндөгү пикирин биз колдойбуз.

---

[1] *Г.Е.Грумм-Гржимайло.* Западная Монголия и Урянхайский край. т.II, 1926, 210–211-бб.

[2] Маалымат *Л.Н.Гумилевдун* эмгегинен алынды. Древние тюрки. 87–88-бб. Ал төмөнкү эмгекке таянган: Pelliot P. La Haute Asie,s.a P. 12.

[3] *А.Н.Кононов.* Опыт анализа термина «түрк» // Советская этнография. 1949. №1.

## Түрктөрдүн башкаруу системасы

**Түрктөрдүн башкаруучулары.** «Ханзуда» түрктөр «Как эле илгерки гундар сыяктуу адамдар болот», «салт-санаасы гунндарга окшош болот», – деп айтылат (177, 178).

**Түрк башчыларынын аттары, титулдары...** Түрктөр европалыктар сыяктуу туулгандан өлгөнгө чейин бир атты (имя) алып жүрүшкөн эмес. Түрктүн аты анын коомдогу ээлеген ордун көрсөтүп турган. Бала кезинде «он имел кличку, юношей – чин, мужем – титул, а если это был хан – то титул менялся согласно удельно-лествичной системе» (Др.тюрки, 1, 313).

Ошондуктан маалымат булактарында кээде алардын эки аты бирдей берилсе, кээде бири берилип, кайсы бир авторлордо бир аты, башкаларында экинчиси берилип, айрым учурда чаташууларга жол берип келген.

**Түрктөрдүн хандары жана андан кийинки даражалары.** Түркүттөрдүн башкаруучусу хан деп аталган. Ханды коюунун өзүнчө салты болгон. Жогорку мансаптуу төрөлөр (сановники) жайылган кийизге хан болуучу адамды отургузуп, аны күнгө карай, кулак жаңырткан куттуктоолордун астында тогуз жолу айлантып көтөрүп өтүшкөн. Андан соң аны атка мингизип, жибек кездеме менен тамагын куушура тартып байлаган жана илмекти бат бошотуп, канча жыл хан болосуң деп сурашкан. Л.Н.Гумилев хандын жообу анын канча жыл бийлик башында турганына таасирин деле тийгизген эмес дейт, бул адат мурунку мезгилден – уруу башчысын хан кылып шайлоодон рудимент катары калган болуу керек (264).

Түркүттөрдүн өлкөсүндө хандан кийинки биринчи адам – ябгу болгон. Ябгу – вице-король болгон. Бул орунга падыша уруусунун өкүлдөрү коюлган. Мисалы, Ил-хан Бумындын (Түмөн) тушунда ябгу – анын бир тууганы – Истеми болгон. Бирок ябгу тактын мураскери болгон эмес; мураскер ээлеген кызматына карабастан «тегин» деп аталган. «Шад» дегент титул «принадлежал принцам по крови, имеющим в своем управлении уделы» (264). «Шад» деген титул ак сөөктөргө берилген экен. Андан кийинки чиндер Ашина уруусуна кирбеген адамдарга берилген, бардык чиндер мурастан мураска

өткөн. Ушундан улам түркүт коому аристократтык коом болгон деп айтууга болот.

Хан көтөрүү тууралуу «Ханзу жазмаларында» мындай деп айтылат: «Баш кишисин кан көтөргөндө тууган-уруктары менен жакын нөөкөрлөрү аны тегеректеп турат да, аны арабага чыгарып, үстүнө кийиз жаап, күн айлануу жагына карай тогуз тегеретет. Ар бир айланып келгенде нөөкөрлөрү бирден жүгүнүп турат. Жүгүнүп болушкан соң, аны жөлөп түшүрүп, атка колтуктап мингизет. Кездеме жоолукту *(китепте ушундай берилген – Г.Ж.)* анын мойнуна чалып, кылкынып кетпегендей абалда муунта тартат да, кайра коё берип, өтө ылдам: «Сен канча жыл каган болосуң?» – деп суроо коёт. Ал баш киши кыйла эсин жоготуп алат да, канча жыл дегенди так айта албай калат. Анда анын жан кишиси ал айтууга тийиштүү болгон анын такта отура турган мезгилдин узун-кыскалыгын жоруп коёт» («Ханзу», 176–177-бб.).

«Алардын улуу мансаптары: япку, андан соң шад, андан кийин тегин, андан соң элтебир, андан кийин түтүн башы сыяктуулар болот. Кенже мансаптарлары 28 даражада болот. Жоокердик жарактарынан: жаа, ышкырма жебе, калкан, найза, канжар, кылыч. Белдерине кисе байланып жүрүшөт. Туударынын бетине алтын сарыдан бөрүнүн башын саймалап түшүрүп алат. Жоокерлери аны «Бөрү» деп айтышат. ...Алардын өзгөчөлүгү – ат үстүндө баратып жаа тартканы, мүнөздөрү каардуу болгону. Жазуусу болбойт» (*«Ханзудагы» текст эч өзгөртүүсүз берилди – Г.Ж.*) («Ханзу», 177-б). Бул маалыматтардан ябгу, андан кийин – шад, тегин, элтебир, түтүн башы деген даражалары бар экендиги маалым болду.

**Будуң.** Мындан мурунку бөлүмдөрдө будуң тууралуу сөз кылган элек. Л.Н.Гумилевдун маалыматы боюнча түркүттүк падышанын уулдарынын тегерегинде түркүттөрдөн тышкары талкаланган жужандардын калгандар ж.б. көптөгөн өз түтүнү менен же кытай кызматтары менен тил табыша албаган ар түрдүү элдер топтолушкан. Алардын теги ар башка болгону менен, алар бири-бири менен айтылышы боюнча анча-мынча айырмаланган байыркы түрк тилинде сүйлөшкөн. Алар – бу-

дунду (budun – народ) түзүшкөн. Л.Н.Гумилев бул тууралуу мындай дейт: «budun» – народ, но не в смысле «этнос», а в смысле, близком к понятию «демос», так как «budun» противопоставлялись беги (bäglär). Это видно из контекста фраз: «turk bäglär budun» «тюркские беги и народ», или, может быть, «народ тюркских бегов» и «türk qara budun» – «тюркский черный народ», причем «qara budun» – масса – понятие без оскорбительного оттенка; «alti bäg budun» – «народ шести бегов», т.е. шести подразделений. Отсюда видно, что «budun» – это рядовой состав орды, беги – командный, а вся система, т.е. орда в целом, понятие не этническое, а военно-организационное» (270). Адегенде, IV кылымда түркүт ордосу урууларга туура келсе, кийин державага жайылган.

**«Данниктер».** Түркүттөр улам жаңы аймактарды жана урууларды багындырышкан жана өзүлөрүнө көз каранды кылышкан. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев «Наряду со свободными и знатью тюркютское общество знало и рабов из числа военнопленных», – дейт (265). Кулдар, негизинен, аялдар болгон. Мисалы, бул тууралуу жазма булактарда мындай деп айтылат: «Пленницы из Китая вывозились при удачных походах тысячами; так в 619 г. Чуло-хан, взяв Бин-чжоу, «забрал в городе всех женщин и девиц» (Собр.св., 1950, т.1, 246; Л.Н.Гумилев, 1, 265).

Бирок кул (qul) деген түшүнүк ал мезгилде башкага баш ийүү (подчинение чужому) дегенди гана түшүндүргөн. Ал мезгилде базарда кулдарды сатып алуу деген түшүнүк болгон эмес. Кытайлыктар qul сөзүнүн эквивалентин «nu» эмес, «tch'in» деп эсептешкен, аны Н.Я.Мичурин «вассал» деп, Ст.Жульен – «sujiet» – «подданный» деп которгон (265).

Түрк жазма эстеликтериндеги жазуулардагы Култегиндин: «.. табгач будуңка баглик уры оглын кул болты, силик кыз оглын кюнг болты...» деген мисалды келтирип, Л.Н.Гумилев: «Налицо был лишь факт подчинения иноплеменному государю без какого бы то ни было социального угнетения», – дейт (265). Ошентип, кул деген сөз – басып алуучуларга гана болгон көз карандылык болуп эсептелген, ошону менен бирге көз каранды адамдын жеке эркиндиги сакталган, б.а., кул – «лишь

подчинение иноземцу, но отнюдь не лишение личной свободы» деп түшүндүрүлөт (265).

С.П.Толстов жалаң колго түшкөн туткундардан турган поселоктор бар экендигин жана алар түркүттөргө дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк продуктыларын берип турушкандыгын маалымдайт. Л.Н.Гумилев аларды «новые поданные», «данники» деп атайт. Түркүттөр улам ээлеген жерлериндеги «данниктерден» салык алып турушкан жана алардын эсебинен эбегейсиз байышкан. Түркүттөр кол алдындагылардан салык жыйнай билишкен. Н.Я.Бичуринде: «Количество требуемых людей, лошадей, податей и скота считают по зарубкам на дереве», – деп айтылат (Собр.св., 1950, т. 1, с. 229).

Түркүт каганатында салык абдан көп алынгандыгы башка авторлордо да белгиленет. Мисалы, Моисей Каганкатваци түркүттөрдө салык кандайча жыйналгандыгы тууралуу мындай маалымат берген: «Князь севера навел страх и ужас по всей земле. Он отправил смотрителей за всякого рода ремесленниками, имеющими познания в золотопромывании, добывании серебра, железа и в выделке меди. Он требовал также пошлин с товаров и ловцов на рыбных промыслах великих рек Куры и Аракса, вместе с тем и дидрахму по обыкновенной переписи царства персидского»[1].

Л.Н.Гумилев Түркүт каганатынын Иран шахтарынан да көп салык алышкандыгын белгилейт, натыйжада түркүттөрдүн байлыгы улам урууларды багындырган сайып өсүп отурган. Ал: «Такому систематическому ограблению подвергались телеские племена Халхи и Джунгарии, кидани и хи Южной Манчьжурии, города-государства Согдианы, тохаристанские княжества, житница Азии – Турфан, приуральские угры, прикубанские утургуты и лесные племена южных склонов Саяно-Алтая», – дейт. Буга кошумча, түркүттөргө Кытай жыл сайын салык төлөп турган же талкалап-кыйратуучу кол салууларга туш болуп турушкан. Иран менен Византиядан болсо

[1] *Л.Н.Гумилев.* Древние тюрки. Т. I, Собр. в 12 томах. – М., 266; Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: История Агван Моисея Каганкатваци, писателя X века. Пер. с армянского К.Патканова. СПб, 1861, с. 131.

тынчтык жана союздаштык үчүн компенсация катары тартуу келип турган (266).

Ошентип, түркүттөрдө байлык абдан көп топтолгон. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай дейт: «Все это богатство было, конечно, награбленным, **однако победа тюркютов, в результате которой они стали господами полумира, была не случайной. Они создали армию и систему управления настолько выше общекочевого уровня, что можно сказать с уверенностью: они были достойны победы»** (*белгилеген – Г.Ж.*) (267).

**Түркүттөрдөгү үлүштүк-баскычтуу мурастоо.** Түрк державасында такка Иль-хан Бумындын уулу жана мураскери Кара Ысык-хан отуруп, бирок ал андан алты ай өтүп эле (пережив своего отца всего на полгода) 553-жылы каза болгон. Анын уулу Шету тактан четтетилген, бийлик Бумындын экинчи уулу – Кушунун колуна өткөн. Ал Мутань-хан[1] деген ат менен такка отурган. Ушул Мутань-хан аркылуу «не только было положено начало внешнеполитическому могуществу Тюркютского каганата, но и установлена удельно-лествичная система[2], благодаря которой тюркютская держава могла больше ста лет удерживать первенствующее положение в Азии и соперничать с великими державами VI–VII веков» (Л.Н.Гумилев. Др. тюрки, 1, 267).

Түркүт державасы «узун найза жана курч кылыч» менен жаралган деп айтылат. Он жылдын ичинде (550–560) түркүттөр Сары деңизден Волгага чейинки жерлердеги бардык көчмөндөрдү багындырган жана дагы жыйырма жыл экспансияны улантышкан. Ушунчалык эбегейсиз жерлерди багындыруу эле жетишсиз болгон, аларды кармап туруу керек эле. Түркүттөр-

---

[1] Байыркы түрктөрдө ар бир князь өзүнүн атынан башка да ээлеген кызматына жараша титул алган. Ошондуктан тарыхта түркүт хандары бир нече аттар менен берилип келген. Мисалы, Шету (Бичуринде Нету) – өзүнүн аты; Эрфу-хан – «титул в бытность его удельным князем на востоке державы»; ал эми каган болгондо – Илигюйлу Ше Мохэ Шаболо-хан деген титул алган. Караңыз: Л.Н.Гумилев. Древние тюрки. Соч.12 томах, т. 1, с.275.

[2] *Л.Н.Гумилев.* Удельно-лествичная система тюрок в VI–VIII веках (к вопросу о ранних формах государственности)//СЭ. 1959, № 3. Удельно-лествичная система дегенди биз үлүштүк-баскычтуу система деп бердик.

дүн катаал экплуататорлук бийлиги алар улам жаңы багындырган элдердин симпатиясын жараткан эмес жана сепараттык тенденциялар бир мүнөткө да басылган эмес. Ашина уруусуна каршы көтөрүлүш тигинде же мында чыга калып турган (Л.Н.Гумилев, 1, 268).

Мындай учурда Мутань-хандын алдында мындай проблема турган – «проблема предотвращения отложения окраин». Мутань-хандын ою боюнча аскердик күчкө ээ өкүл гана «мог предотвратить отложение». Эгерде аскердик күчү бар өкүл хандан алыс болсо, ал кантип хандын ишенимдүү адамы боло алмак.

Ушундан улам башкарууга үлүштүк-баскычтуу система киргизилген. Анын максаты – башкаруучуну (наместникти) жогорку бийликке байлаган кызыкчылыкты жаратуу эле (268).

Мына ушул Мутань-хандын мыйзамына ылайык «наследовал не сын отцу, а младший брат старшему и старший племянник младшему дяде. В ожидании престола принцы крови получали в управление уделы» (268).

Үлүштөрдү жакшы башкарып турган өкүлдөр жогорку бийликке барууга мүмкүнчүлүк алышкан. Бул кызыкчылык – алардын өз орундарында берилгендик менен жоопкерчиликтүү жана таза иштешине өбөлгө түзгөн.

Демек, бул система боюнча каганга берилип кызмат кылган үлүштүк жерлери бар княздар гана бийликтен үмүт кыла алган. Мына ушундай кызыкчылык алардын каганга берилип кызмат кылуусуна өбөлгө түзгөн. Мындай система каганга пайдалуу болгон. Өзүнө берилип иштеген өкүлдөр аркылуу ал империяга тиешелүү жерлерди өз карамагында кармап турууга жана башкарууга мүмкүнчүлүк алган. Мына ушундай максатты көздөгөн үлүштүк-баскычтуу система өзүн-өзү актаган. Натыйжада, Түрк империясы 200 жыл жашаган.

**Түркүттөрдөгү үй-бүлөлүк общиналар.** Адегенде мамлекеттик мекеме катары түзүлгөн үлүштүк-баскычтуу система акырындык менен жеке менчик жашоого өтө баштаган. Ал үй-бүлөлүк мамилелердин түзүлүшүнө алып келген, бул болсо мүлктүн башка жакка бөлүнүшүнө тоскоол болуп, чоң үй-бүлөлүк общиналардын пайда болушун шарттаган.

Ал кезде түркүттөр аябагандай чоң аймактарга ээ болушкан жана абдан байышкан. Олжо туш тараптан келип турган. Түркүттөрдө байлыкка ээ болуу жана анын топтолушу жанаша жүргөн. Топтолгон байлык коротулбастан, бөлүнбөстөн чоң үй-бүлөлөрдө сакталган. Бул – уруулук уюм болгондо гана ишке аша турган көрүнүш. Мындай уюмдун мисалын Ашина тукумундагы (род[1]) хандар көрсөтүшкөн. Ири үй-бүлөлүк уюмдардын башчылары хандарды туурап, өзүнүн туугандарын, жакындарын, ошондой эле алыстагыларды ошол хандардай башкарышкан. Үй-бүлөлөр урууларга чейин өсүп жеткен, алар өздөрүнүн территориялык жана уюмдук биримдигин сакташкан. Алардын башчылары (старейшины) өздөрүнүн кадыр-баркын пайдаланып, ал түгүл хан же идыкут деген титулдарды да алышкан.

Кийин, каганаттын урандыларынан мына ушундай уруулук биримдиктердеги уйгур, карлук, дулу жана нушибилер келип чыгышкан, ушул жол менен чыгышта – кидандар, ал эми батышта – гуздар жана командар («они же половцы») түзүлгөн (271).

**Уруу башчылары жана ордо хандары.** Уруулардын негизги душманы – ордолор болгон, алардын кызыкчылыктары бири-бирине карама-каршы болгон, алар өздөрүнүн малын багууну, нейтралитет үчүн жана жалданма аскер (наемник)[2] таап берип тургандыгы үчүн кытайлыктардан белек алууну каалашкан. Ордо хандары болсо жаштарды согуштук отряддарга тартууну, аларды аскерде кызмат кылбаган жарандардын (подданныйлардын) эсебинен багууну, кол салуу коркунучу менен кытайлыктардан дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк салыктарын (дань) тартып алып турууну каалашкан (Л.Н.Гумилев. Др. тюрки, 1, 271).

**Огуздар.** Мурунку бөлүмдөрдө айтылгандай, коңшулары тарабынан сүрүлгөн майда уруулар, «которые все-таки не следует отождествлять с родами», союз түзө башташкан, мындай

---

[1] **Род** *м* **1.** (в первобытном обществе) уруу; **2.** тукум, муун, урук. Орусча-кыргызча сөздүк, П–Р, 2012, 623-б.

[2] **Наемник** *м.* **2.** *ист.* жалданма аскер; **3.** *перен. през.* сатылгыч, сатылып кеткен адам, малай. Орусча-кыргызча сөздүк. 2012, 358-б.

община «огуз» деп аталган. «Отсюда возникли как этнонимы токуз-огузы=9 огузов (общин) – уйгуры и уч-огуз=3 огуза=-карлуки» (***уч** дегенди **үч** деп түшүнүү керек – Г. Ж.*) (Л.Н.Гумилев. Древние тюрки, I, 271).

Тиби боюнча ушуга окшогон дулу, нушиби союздары огуз деп аталган эмес, анын себеби алар башка шарттарда, б.а., табигый түрдө эмес, түркүт ханынын манифести боюнча пайда болушкан. Ошондуктан алар будуң деп аталышкан (271).

Л.Н.Гумилев бул тууралуу: «Поэтому они не перестали быть будуном и назывались on oq buqun – десятистрельный народ. Соотношение между терминами «будун» и «огуз» вытекает из следующего: уйгуры, подчиненные тюрками, стали по отношении к ним будуном, но, сохранив свое внутреннее устройство, не перестали быть огузами. Поэтому Бильге-каган имел основание заявить: «Народ токуз-огузов был мой собственный народ», т.е. токуз-огузы были по отношению к нему – шаду тардушей – будуном; значит непосредственно ему подчинялись» (271–272), – дейт.

Огуз термини А.Н.Кононовдун чечмелөөсү боюнча: «Исходной основой собирательного этнического имени огуз является or – род, племя, которое в свою очередь находится в прямой связи со старотюркским словом «оү» – мать, к этой же основе восходят слова «оүул» – потомство, сын и «оүуш» – сородич»[1].

Ошентип, адегенде майда уруу союзу маанисиндеги сөз кийин жалпылоочу маанидеги этностук сөзгө айланган жана керектүү учурларда детерминатив[2] катары колдонула баштаган: токуз-огуз – «девять (разных) племен», үч-огуз – «три (разных) племени» (Кононов, 84).

---

[1] *А.Н.Кононов.* Родословная туркмен. Сочинение Абу-л-Гази хана хивинского. М.–Л., 1958, 84-б.

[2] **Детерминатив** (*лат. determino* 'определяю') – дополнительный знак в идеографическом письме (например, в иероглифах), используемый в качестве конкретизатора смысла высказывания, более однозначного его прочтения и понимания. Караңыз: *В.Д.Стариченок.* Большой лингвистический словарь. Феникс, 2008, 161-б.

Мурун айтылгандай, бара-бара огуз термини өзүнүн баштапкы маанисин такыр жоготуп, «превратился в имя легендарного прародителя туркменов – Огуз-хана, введенного в число мусульманских пророков[1]».

## ЕНИСЕЙ КЫРГЫЗДАРЫ VI–X КЫЛЫМДАРДА

Кыргыздардын Түрк каганатынын доорунда Кытай менен байланышы үзүлүп калгандыгын «и установили с ним непосредственные связи несомненно позднее времени описанных могил[2], которые по ряду своих архаических элементов стоят ближе к Таштыку, чем к кочевническим могилам VII–X вв.», – деп маалымдайт А.Н.Бернштам (Избр. тр., 1998, II, 179).

Археологдор «связывают с этой эпохой и корчаги с пережженными костями (как известно, кыргызы часто применяли сожжение трупов) (179). Кыргыздардын өлүктү өрттөшкөндүгү Таншуда айтылат: «При похоронах же царапают лица, только обвертывают тело покойника в три ряда, и плачут, а потом сжигают его, собранные же кости через год погребают. После сего в известные времена производят плач»[3].

Мындан бир топ эле кийинки XI кылымдагы (Гардизи) булактарда дагы ушундай эле маалыматтар берилген: «Кыргызы, подобно индусам, сжигают мертвых, и говорят: «Огонь – самая чистая вещь; все что падает в огонь, очищает; (так и) мертвого огонь очищает от грязи и грехов»[4].

Тахир Марвазинин эмгегинин IX главасынын 4-5-параграфтарында[5] кыргыздардын үрп-адаты боюнча каза болгондорун өрттөшөт, муну менен алар от өлүктөрдү тазалайт деп далил-

---

[1] *А.Н.Кононов.* Родословная туркмен. Сочинение Абу-л-Гази хана хивинского. – М.–Л., 1958, 84-б.; *Л.Н.Гумилев.* Древние тюрки.1, 1999, 272-б.

[2] Жужан доорундагы бейиттер деп түшүнүү керек.

[3] *Таншу,* гл. 140б; *Н.Я.Бичурин.* Собрание сведений... 1-бөлүк, 1998, Алматы, 361-б.

[4] *В.Бартольд.* Отчет о поездке в Среднюю Азию с научной целью 1893–94 гг. СПб., 1897, 111-б.

[5] Сельджук султандарынын дарыгери Тахир Марвази 1120-жылы «Айбандардын табийгаты» / «Таба и ал-хайаван» / аттуу зоологиялык эмгек жазган. Бирок анда мамлекеттердин, элдердин, алардын ичинде огуздар,

дешет деп айтылат. Бул алардын эзелтеден берки үрп-адаты болгондугу белгиленет.

VII–X кылымдарда «нам известны у кыргыз уже захоронения с трупоположением человека и коня»[1]. Тахир Марвазинин эмгегинде да кыргыздар мусулмандардын коңшусу болгондон баштап, каза болгондорун көмө башташкандыгы айтылат (211).

VII кылымда кыргыздар тууралуу археологиялык жана жазма маалыматтар бир топ байый баштаган. Археологиялык бай коллекциялар енисей кыргыздарынын экономикасы тууралуу, бир аз болсо да социалдык түзүлүшү жана искусствосу тууралуу маалыматтарды бере баштаган. Кытай жазма булактарында кыргыздар хакас деп берилген, перс жана араб тарыхчылары жана географтары да кыргыздардын өлкөсү, жайгашкан жери жана турмушу тууралуу маалыматтарды толук сыпаттаган[2].

Бирок эң маанилүү жана баалуу булактар Енисейде жана Орхондо табылган рун жазуулары болуп эсептелет. Орхон эстеликтеринде Чыгыш каганатынын тарыхы толугу менен чагылдырылган жана ага байланыштуу кыргыздар бир нече жолу эскерилген. **Енисей жана тува** (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) **текстери – кыргыздардын байыркы жазуулары болуп эсептелет** (*белгилеген – Г.Ж.*) жана кыргыздардын социалдык экономикалык түзүлүшү тууралуу маалыматтарды берет (А.Н. Бернштам, 180).

Түрк доорунда жана андан кийин кыргыздар жашаган коом өнүгүүгө ээ болгон. Алар дыйканчылык кылышкан, бул көчмөндүк менен айкалышкан, андан тышкары алар аңчылык

---

түркмөндөр, ягмалар, карлуктар жөнүндө тарыхый маалыматтар бар. Ошондой эле анын аталган эмгегинин IX главасынын 4–5-параграфтарында кыргыздардын жашаган жеринин чек арасы, дини жана үрп-адаттары тууралуу жазылган. Караңыз: О.Караев. Байыркы түрк эстеликтери жана араб-перс авторлору кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө. *Китепте:* Кыргыздар. 1 том, 2011, 211-б.

[1] *Л.Евтюхова и С.Киселев.* Чаатас у села Копёны. Труды ГИМ, в.XI, 1940.

[2] Караңыз: *Таңшу,* гл.140; *Н.Я.Бичурин.* Собр.св., I, 1998. – Алматы, 364-369; *А.Н.Бернштам,* Избр.тр., II, 1998, 179-183 ж.б.; *Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 2001, 152–155-бб. ж.б.

кылышкан, балык уулашкан. Ошондой эле алардын темир өнөрчүлүгү ал мезгилде бийик деңгээлге жеткен.

VI–X кк. кыргыздар тууралуу А.Н.Бернштам мындай дейт: «К VI–X вв. н.э. кыргызы представляли собой сравнительно высокоразвитое общество кочевников, занимавшихся также земледелием, охотой и рыболовством. Значительное развитие у них получило ремесло, среди которого металлургическое производство достигло наибольшего расцвета» (1998, II, 191). Булар тууралуу өзүнчө сөз болот.

**Кыргыздар тууралуу даректүү маалыматтар.** Биз мурун белгилеп кеткендей, II кылымдан кийин кыргыздар гана эмес алардын коңшусу деп эсептелген динлиндер тууралуу да эч жерде сөз жок экендигин, VI кылымда тогуз-огуздардын көчмөн империясы түзүлгөнгө чейин кыргыздар жөнүндө да маалыматтар жок экендигин В.В.Бартольд белгилеген эле (В.В.Бартольд, Изб., 1996, 181).

Бирок В.В.Бартольд 618–907-жылдары башкарып турган Тан династиясынын тарыхында (Тан-шу)[1] алгачкы кытай жазма булактарына караганда кыргыздар тууралуу бир топ толук маалыматтар камтылгандыгын айткан (Избр. труды, II, 182). Бул маалыматтар IX–X кылымдарда Енисей кыргыздарынын тарыхын изилдөөчүлөргө таяныч катары алынган.

Анда биринчи жолу кыргыздардан жашаган жери, аларды башка өлкөлөр менен байланыштырган жолдор, кыргыздардын сырткы түспөлү, тили баяндалат. Буларды ошол эле доордогу араб географтарынын маалыматтары толуктайт. Андан соң, акырында, эң маанилүү нерсе – көбүнчө Орхон дарыясынын боюнда калтырылган жазма эстеликтерде кыргыздар бир нече жолу эскерилет (В.В.Бартольд, Изб., 182).

Ошентип, кытай жазмаларындагы, ошондой эле араб географтары тарабынан берилген кыргыздар жөнүндөгү маалы-

[1] *В.В.Бартольддо, Н.А.Аристовдо* Тан-шу, *А.Н.Бернштамда* Таншу деп берилгени сакталды.

маттардын даректүү фактылар менен, т.а., Енисейдеги, кийин Орхондогу жазма эстеликтердеги жазуулар менен толукталышы – кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарды бир топ байыткан. Ал эми ал жазуулардын чечмелениши жана которулушу – кыргыз элинин жана тилинин тарыхында жаңы барактарды ачкан.

Кытай жазмаларындагы кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар мурун Иакинфтин (Н.Я.Бичурин) эмгеги аркылуу белгилүү болуп келген. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап, окумуштуулардын кыргыз элинин тарыхына, тилинин тарыхына кызыгуусу артып, аны ар тараптан иликтөөгө ала башташты. Тарыхтын актай барактары ар кандай багытта аткарылган эмгектер менен толуктала баштады. Ошондой эмгектердин бири – кытай жазмаларынын кытай тилинен кыргызчага түздөн-түз которулушу болду. Натыйжада, биз кытай жазмаларынан кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар менен түздөн-түз таанышууга мүмкүнчүлүк алдык.

## Кыргыздар тарыхый булактарда (VI–X-кк.)

**Кыргыз эли тууралуу маалымат.** Н.А.Аристов IX кылымдын жарымында, мүмкүн, 841-жылы императордун буйругун аткаруу үчүн түзүлгөн баяндамада (описание) Хагас жеринин жашоочулары тууралуу маалыматтардын орун алгандыгын маалымдайт. Анда биз жогоруда сөз кылган байыркы кыргыздардын сырткы өң-түспөлүнөн башка да аялдарга караганда алардын эркектери азыраак экендиги айтылат. Эркектер кулагына сөйкө салынышат (Н.А.Аристов. Аталган эмгекте, 144-б.). Н.А.Аристов кыргыздар жөнүндө баянында Н.Бичуриндин эмгегине таянат.

Н.Я.Бичуринде: «Жители вообще рослы, с рыжими волосами, с румяным лицом и голубыми глазами. Черные волосы считались не хорошим признаком, а с карими глазами почитались потомками Ли Лин. Мужчин было менее, нежели женщин. Мужчины носили кольца в ушах. Они горды и стойки.

Храбрые из них татуируют руки себе, а женщины, по выходе замуж, татуируют себе шею. Оба пола живут нераздельно; и посему много распутства»[1], – деп айтылат.

«Ханзуда" бул тууралуу: «Эрлер аз, ургаачылары көп болгон. Алар сөйкө салынышат. Элдик каадасы ачык-айрым болот. Эрлеринде эрдемсингендери билектерине гүл саймасын түшүртүп алат. Ургаачылары эрге тийгенден кийин мойнуна гүл сайгызып алат. Бир үйдө чогуу турушат. Эр-аялдык иштери эрктүү боло берет» (293), – деп жазылган.

Кыргыздардын сырткы түспөлү тууралуу өзүнчө сөз болот.

Ал эми аялдарга караганда кыргыздардын эркектери азыраак экендиги – жоокерчилик заманда дайыма болуп туруучу согуштардан аскерлердин саны азайып тургандыгы менен түшүндүрүлөт. Албетте, кошундун катары согушка жарамдуу эркектер менен толукталып тургандыгы шексиз.

Эркектердин кулагына сөйкө тагынышкандыгы – абдан кызыктуу маалымат. Бул да иликтөөгө муктаж көрүнүш.

Ал эми денеге татуировка жасоо Борбордук Азиядагы көчмөндөрдүн байыркы үрп-адатына кирет. С.Худяковдун баянында кыргыздар мындай байыркы адатты орто кылымдарга чейин сакташкан. Алар татуировканы дененин ачык жерлерине, б.а., колдоруна жасашкан. Ю.С.Худяковдун баяны боюнча бул жоокердин эр жүрөктүүлүгүн же кайраттуу жоокерлердин социалдык абалын билдирген (51). Ал эми аялдардын моюнуна жасалган татуировка алардын үй-бүлөлүк абалынан кабар берген.

Кыргыздар акылдуулугу жана сактыгы менен айырмаланган.

Кыргыздардын түн ичинде жарык чыгаруучу ташы болгон, ошондуктан аларга дагы жасалма жарык кылуунун зарылдыгы болгон эмес, ошондой эле таштан аларда гана буюмдар иштелип чыгарылган.

Алардын падышасы элинин жыргалчылыгы үчүн кам көргөн, падыша бар жерде кырк жаштан ашкан киши гана отура алган.

---

[1] *Н.Я.Бичурин.* Собрание сведений... Алматы, 1998, I, 359-б.

Кыргыздардын бир жылда үч майрамы болгон. Кыргыздардын туусу жашыл түстө болгон.

**Түрк доорундагы жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз жергеси.** Кыргыздардын территориясы жөнүндө «Тан-Шуда» төмөнкүдөй маалымат бар: «Хягас было сильное государство, по пространству равнялось дулгаским (восточных тукиюесцев) владениям. Дулгаский дом выдавал своих дочерей за их старейшин. На восток простиралось до Гулигани, на юг до Дубо[1], на юго- запад до Гэлолу». Н.Аристов бул маалыматтар тукюйелердин мезгилине (545–745-жж.) туура келет дейт (Усуни и кыргызы... 152-б.).

Мындан Түрк доорунда кыргыздар күчтүү мамлекет катары белгилүү болушкандыгы, кыргыздардын территориясы абдан кеңири аймакты ээлегендиги көрүнүп турат. Дулгас үйү кыргыздарга кыздарын күйөөгө беришкен. Демек, кыргыздардын түрктөр менен туугандык мамилеси да болгон. Бул, ошондой эле, кыргыздардын Түрк каганатынын бийлик ээлери менен болгон дипломатиялык байланыштарын да билдирип турат. Адатта, мамлекет ортосундагы достук мамилелер туугандык байланыш (кыз алуу, кыз беришүү) менен бекемделген. Бул түрк бийлигинин кыргыздар менен эсептешкендигин, жакшы мамилени сактоого умтулушкандыгын далилдеп турат.

**А.Н.Бернштам кыргыздардын ээлеген территориясы тууралуу[2]. Кыргыздардын чыгыш чектери.** Таншудагы (*А.Н.Бернштамда Таншу деп берилгени сакталды – Г.Ж.*) маалыматтарга таянып, А.Н.Бернштам кытайлыктардын атоосу боюнча кыргыздардын Хягас деп аталган өлкөсү «находилась в 40 днях пути верблюдом от уйгурского кагана. Если определить дневной переход верблюда в 30–50 *км*, то это расстояние может быть равно почти 2000 *км*. В таком случае ставка кыр-

---

[1] *О.Иакинф менен Шот Дубонун ордуна* дегенди Тибет деп окушат, «... но в тукиюеские времена, к которым относится это место, монгольским Алтаем и восточным Тяньшанем владели тукиюесцы» (Н.А.Аристов, 152-б).

[2] «Кыргыз улуу державасы» тууралуу сөз болгондо ошол мезгилдеги кыргыздардын ээлеген жерлери тууралуу сөз болгон. Бул жерде да кыргыздардын ээлеген жерлери тууралуу маалымат берүүнү туура көрдүк.

гызского владыки находилась, примерно, в районе Енисея, в месте впадения в него реки Абакан. Путь, который описывают китайцы, из уйгурской ставки в страну Хягас, пересекая реку Селенгу, проходил мимо озера Косогол с восточной стороны. «Здесь страна называлась Мума», – дейт (180). Мума өлкөсүндө үч түрк уруусу – дубо (туба – тувалыктар болуу керек дейт А.Н.Бернштам), милигэ, эчжы жашашкан. Булар хягастардын коңшулары болушкан.

Таншуда (*А.Н.Бернштамда ушундай берилген – Г.Ж.*) Ордостон чыккан элчилерге «пришлось пересекать реки, которые, «минуя Хягас текут на север» («после своего соединения») (180) деп айтылат. А.Н.Бернштам бул жерде сөз Селенга суусу жөнүндө болуп жатат дейт. Орхон жана Тола Селенга менен кошулуп, чындыгында эле түндүктү көздөй агат. Ушундан улам А.Н.Бернштам, мүмкүн кыргыздардын чыгыш чектери Селенга суусуна, демек, Байкалга кире берген жер болуу керек дейт.

Ошентип, А.Н.Бернштам Байкалдын алдындагы жерлер (Прибайкалье) да кыргыздардын карамагында болгондугун мындай факты менен бекемдейт. Кыргыздарга башчылык кылып турган Ли Лин тууралуу сөз болгондо: «Ли Лин получил в надел страну Хягас» деп айтылат. Лин Линге анын досу Соу-ву келген, «когда он жил на берегу «Северного моря» – Байкала» (180). А.Н.Бернштам мына ушундан эле Байкал алдындагы жерлердин (Прибайкальские области) Хягас өлкөсүнүн курамына киргендиги анык эле көрүнүп турат дейт.

Муну дагы бир факты далилдеп турат. Таншуда: «владения хягас простирается до гулигань»[1] деген маалымат бар. Ал эми гулигань, же курыкандар байыркы түрк булактары боюнча Байкал алдында (азыркы Иркутск) жашаган уруулар болгон.

Таншуда: «Гулигань кочевало по северную сторону Байкала», – деп айтылат. А.Н.Бернштам: «Таким образом все северные отроги Саянского хребта «в какой то мере входили во владения Хягас на востоке», – дейт (180). Мындан хягас-

[1] Гулигань – курыкан деген сөздүн кытайча транскрипциясы. Караңыз: *А.Н.Бернштам.* Аталган эмгекте, 180-б.

тарга баруучу чыгыш жолу Косоголдон чыгышыраактан өткөндүгү түшүнүктүү болот. А.Н.Бернштам, демек, Таншудагы суулар «минуя Хягас, текут на север» деген маалымат туура берилген дейт.

**Кыргыздардын түштүк, түндүк, түштүк-батыш, түштүк-чыгыш чектери.** Таншудагы маалымат боюнча кыргыздардын түштүк чеги Чыгыш Түркстан, же Туфань менен чектешип турган, б.а., Жети-Суу менен коңшу. Ушундан улам Алтай «оказывается включенным в систему расселения кыргызских племен» (181). Муну жазма булактардагы карлуктар кыргыздардын түштүк-батыш коңшусу[1] болгон деген маалымат ырастап турат.

Ошондой эле Таншуда кыргыздар «доходили на юге до гор Тянь-Шань»[2] деп айтылат. Тянь-Шань тоолорун адатта Саян тоолору деп аташкан, бирок А.Н.Берншамдын ою боюнча бул – кыргыздардын түштүк-чыгыш чеги болуу керек[3].

Демек, бул жогоруда айтылган кыргыздардын түштүк чеги – Чыгыш Түркстан деген маалыматка каршы келбейт. А.Н.Бернштам айткандай, «понятие стран света у китайцев было настолько общим, что они могли фактически юго-восточную и юго-западную границы одинаково называть южными» (181).

Окумуштуу кыргыздардын түндүк чегин аныктоо кыйынчылыкты туудургандыгын белгилейт, «но она вряд ли была северной параллели Красноярска» (181).

Мындай маалымат башка авторлордо да бар. Мисалы, Тахир Марвазиде кыргыздардын түрк тилдүү элдердин курамына кирери, алар түндүк-чыгыш менен түндүк тараптын аралыгында жашаган көп сандуу эл экендиги, кимактар алардын

---

[1] Таншу, гл. 140; И. Бичурин. Собрание сведений... 1-бөлүк, 448-б.; А.Н.Бернштам. Избр.тр., II, 1998, 181-б.; А.Н.Бернштам: «Для времени до второй половины VIII века карлуки были обитателями западного Алтая – Иртыша, Тарбагатая, Нарынского и Калбинского хребтов» (181), – дейт.

[2] *А.Н.Бернштам* бул маалыматтарды берүүдө төмөнкү эмгекке таянган: Таншу, гл. 140; И.Бичурин. Собрание сведений... ч. 1, стр. 448.

[3] *А.Н.Бернштам* (181) бул маалыматтарды берүүдө төмөнкү эмгектерге таянган: F.Hirth. Nachworte zur Inschrift des Tonjuquq. ATIM, St.–Pbg., 1889, Zweite. Folge. Ср. В.Бартольд. Киргизы. 9-б.

түндүк, ал эми ягма менен карлуктар болсо батыш тарабында жайгашкандыгы айтылат. Куча жана Арк алардын түндүк-батышы менен түштүк тарабында орун алган (211).

«Ханзу жазмалары» боюнча кыргыздар чыгыш жагынан корыкандар менен чектешип, түштүк жагы Тибетке беттешет, батыш-түштүк жагы карлуктарга туташат («Ханзу», Жаңа таңнаама, 296-б.).

А.Н.Бернштам кыргыздардын таралыш чектери өзгөрүлбөс, туруктуу болбогондугун айтат. Анткени «отдельные кыргызские племена проникали еще дальше на запад» (181). Буга – Таластын жогору жагынан[1] табылган кыргыз тибиндеги жазуулар жана Чыгыш Казакстандын Бахты кыштагынан кокусунан табылган кытай күзгүсүндөгү кыргыз эпиграфикасы[2] мисал боло алат.

Бирок бул жерде эске алуучу жагдай бар. Жогоруда кыргыз урууларынын таралыш чектери маалымдалды, бирок А.Н.Бернштамдын пикири боюнча «но они не были границами кыргызского государства» (181).

Кытай тарыхый булактары бир элдин тарыхын баяндоодо кандай контекстте болбосун алар тууралуу бардык маалыматтарды чогултуп, өз алдынча главага киргизишкен. Ушундан улам, А.Н.Бернштам кыргыздардын таралуу райондору автоматтык түрдө кытай жазма булактарында Кыргыз мамлекетинин курамы катары берилип калган дейт: «Этим объясняются и мнимые противоречия и «ложность» показаний китайских источников» (181).

Бирок жогорудагы маалыматтар кыргыздардын таралуу аймактарын так жана даана көрсөтүп турат.

**Кыргыз мамлекетинин түзүлүшүндө негизги борбор – Миң-Суу ойдуңу жана азыркы Тыва республикасынан территориясы.** Кыргыз мамлекетинин түзүлүүсүндө Миң-Суу ойдуңу жана азыркы Тыва республикасынан территориясы негизги борбор болуп саналат. Ошондуктан, А.Н.Бернштам мына ушул тер-

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 181; *Таншу,* гл. 140б; *И.Бичурин.* Собрание сведений… 1-бөлүк, 448-б.

[2] *Б.Летниковдун* 1936-жылы капысынан тапкан табылгасы. Ал Эрмитажда сакталуу турат.

риторияны кыргыздардын негизги ээликтери деп эсептөөгө болот дейт, анткени ушул жерлерде «эл» деп аталган кыргыз аристократиясынын башкаруучу өкүлдөрүнүн эстеликтери жана андагы жазуулар табылган (181).

Кыргыз аристократиясынын көр үстүнө коюлган эстеликтери жана андагы жазуулар байыркы кыргыз коомунун социалдык түзүлүшү, экономикасы, ички турмушу тууралуу картинаны көз алдыга келтирүүгө мүмкүнчүлүк бере алат. Буга, албетте, кыргыздар жөнүндөгү кытай жазма булактары толуктоолорду киргизет.

**Л.Н.Гумилев кыргыздардын жайгашкан жерлери тууралуу.** Л.Н.Гумилев өзүнүн «Древние тюрки» деген эмгегинде «...к северу от тогузгузов жили киргизы, с центром на Енисее», – дейт (Аталган эмгекте, т. 2, 1999, 273).

Л.Н.Гумилев көчмөндөрдүн турмушу үчүн талаа турмушу жайлуу жер экендигин айтып, талаанын борбордук бөлүгүн токой каптаган тоо кыркалары кесип өтүп, ар түрлүү чарбаны өстүрүүгө бай мүмкүнчүлүк берерин айтат. Мында талаалар тилке-тилке болуп, аны аралай түндүк жакка созулуп, **бул жай – Енисейдин жогорку бөлүгү – VII–VIII кк. өзүнүн мааниси боюнча зор болгон. Ал жерде түрктөрдүн да, уйгурлардын да маданиятына окшобогон кыргыздардын чет жака маданияты түзүлгөн.** Л.Н.Гумилевдун белгилөөсү боюнча тилинин жана жазмасынын окшоштугуна карабастан, кыргыздар өздөрүнүн кээ бир өзгөчөлүктөрү боюнча түрктөрдөн да, уйгурлардан да алыс болгон[1].

Л.Н.Гумилев кыргыздардын кимдер менен чектешип тургандыгын мындайча баяндайт: «Кыргыздар түндүктө, чыгышта жана түндүк-батышта Ортолук Азия менен эч жалпылыгы болбогон элдер менен, тагыраак айтканда, уруулар менен чектешип турган. Бул байыркы сибирликтер өздөрүн коңшуларына каршы коюп, бири-бири менен жалпы тил табыша алгыдай эч кандай бүтүндүктү түзгөн эмес» (187).

Кыргыз территориясынын Сибирь тайгасынын урууларына өтө жакындыгы жаратылыш шарттары менен катар Кыр-

---

[1] *Л.Г.Гумилев.* Байыркы түрктөр. Китепте: Кыргыздар. 2, 1993,187-б.

гыз державасынын өнүгүшүнүн мүмкүнчүлүгүн жана багытын аныктаган. Л.Н.Гумилев С.В.Киселевдун изилдөөлөрүнө ылайык, Кыргыз хандыгы бир канча уруунун биримдиги болуп, анын башында каган тургандыгын маалымдайт (187).

**Кыргыздар «Ханзу жазмаларында».** «Ханзу жазмаларында» кыргыздардын жайгашкан жери төмөнкүдөй берилген: «Кыргыздар батыш түндүк жак чөлдөгү мамлекет эсептелет. Тегинде «жегу» деп жазылган. Дагы бир аталып жазылганы «жүву» болгон. Андан дагы «жиянкүн» деп жазылды. Ал эми «Тарыхый эстеликтерде» «гекүн», «Ханнамада» да «гекүн» болуп жазылып, айтылып келет. Алар уйгурлардын батыш түндүк жагына 40 күнчүлүк жол, дагы бир эстеликте андан ары 3 миң чакырым келет деп жазылган» («Ханзу», Тайпиң жылдарындагы эстеликтер, 362).

Бул маалыматта уйгурлардын батыш-түндүк жагына 40 күнчүлүк жол деп берилет, бирок кандай унаа менен 40 күн болору жазылбайт.

Кыргыздардын чыгыш жагынан корыкандар менен чектешкени, батыш-түштүк жагы карлуктарга туташкандыгы «Ханзу жазмаларында» да айтылат. Анда: «Кыргыз түбүндө күчтүү мамлекет болгон. Жери түрктөр менен тең болгон. Түрктөр алардын баш кишисине кыз берген»,– деп жазылат. «Ханзу жазмалары» боюнча кыргыздар чыгыш жагынан корыкандар менен чектешип, түштүк жагы Тибетке беттешет, батыш түштүк жагы карлуктарга туташат («Ханзу», Жаңы таңнаама, 296-бет).

«Ханзу жазмаларында» «Тайпиң жылдарындагы эстеликтер» деген бөлүмдө Кыргыз мамлекетинин кабары Вий сулаласы кезинен эле угулуп келгендиги кабарланат. Кыргыздардын каңкылардын[1] батыш түндүк жагында жайгашкандыгы, жарактуу жоокери 30 миң болуп, адамдары жайыт-сууга ка-

---

[1] Каңкы уруусу – байыркы кызыл тиек улутунун тукуму. Эң алгач деглек деп аталган. Түндүк жактагылар кийин аны «телек» деп аташты деген маалымат бар («Ханзу», Вийнаама, 145-б.). Бул китепте Вий сулаласынын 4-кылымдан 6-кылымга чейинки тарыхы баяндалган. 551–554-жылдары Вий шу деген адам жазган. Которгон Макелек Өмүрбай.

рай оторлоп мал багышары, булгуну көп, жылкылары жакшы чыгары айтылат[1]. Мында каңкылардын батыш-түндүк жагында жайгашкандыгы жогорудагы баяндоолорго кошумча маалымат болуп эсептелет.

«Ханзу жазмаларындагы» «Таң зарыл эстеликтеринде»[2] кыргыздар жөнүндө мындай деп жазылган: «Кыргыздар уйгурлардын батыш жагына 3 миң чакырым келет. Урушка жарамдуу аскер 80 миң, элинин саны 100 миң. Түштүк жагын Түмөн тоосу бөгөп турат. Бир дайра уйгурлардан баштап агып, алардын мамлекетин аралап өтөт. Адамдары ошол сууну жакалай конуштанат» (369). Бул маалыматта дайранын аты аталбайт.

Ошентип, «Ханзу жазмаларында» кыргыздардын ээлеген территориясы, калкы, чектеш жашаган уруулары кеңири баяндалган жана кыргыздардын мал багышары тууралуу да маалымат берилген.

**Гардизи кыргыздардын жери тууралуу.** Гардизиде кыргыздардын жери тууралуу мындай маалымат берилет (дал өзүндөй беребиз): «Путь к киргизам ведет из страны тогузгузов: а именно: из Чинанджикета в Хазан; из Хазана в Нухбек до Кемизарта один или два месяца пути среди лугов и 5 дней по пустыне. От Кемиза до Манбек Лу два дня идут по горам, потом приходят в лес; начинается степь, источники, место охоты, до горы, которую называют Манбек Лу; ...После Манбек Лу приходят к Кёгмену; ...от Кёгмена до киргизского стана 7 дней пути; дорога идет по степи и лугам, мимо приятных источников и сплетенных между собой деревьев, так что враг не может проникнуть туда; вся дорога подобна саду, до самого стана киргизов. Здесь военный лагерь киргиского хакана, глав-

---

[1] *«Ханзу жазмалары»* //Тайпиң жылдарындагы эстеликтер. Бул китепте Түндүк Суң сулаласынын жугрепиясы баяндалат, Тайпиң Шиңго жыл санагы мезгилинде (976-жылдары) жазылып бүтөт. Которгон: Макелек Өмүрбай, Шиңжаң эл басмасы, 2004, 361-б.

[2] *«Ханзу жазмалары»* // Таң зарыл эстеликтери. Бул Таң сулаласынын түрдүү жосундары менен өзгөрүштөрү жазылган эстелик китеп. Китептин ичиндеги кээ бир мазмундардын көөнө-жаңы «Таңнаамага» кирбегендери да бар. 2004, 369-б. Которгон Макелек Өмүрбай.

ное и лучшее место (в стране), туда ведут три дороги, по которым можно идти;… Из трех дорог одна ведет к тогузгузам, на юг; другая – к кимакам и халлухам, на запад; третья – в степь; надо идти 3 месяца, пока не прийдешь к большому племени фури»[1].

Мында кыргыздарга кандай жерлер менен бара тургандыгы, кыргыз каганы турган жер (военный лагерь), ага бара турган жана андан чыккан жолдор, ал жолдор кайсы жакка (багыты) жана кимдерге (кошулары) алып бара тургандыгы кылдат баяндалган.

**Ю.Худяков кыргыздар жөнүндө.** Ю.Худяков биздин замандын VI кылымынан тартып кыргыздардын Саян тоосунун түндүгүндөгү Ортоңку Энесай жерин байырлап турушкандыгын маалымдайт[2]. Муну Ашина[3] уруусунун жазма санжырасы ырастайт дейт ал. Андагы маалымат боюнча Надулу-Шаддын Цигу (кыргыз) аттуу бир тууганы «Афу жана Гянь суруларынын ортосунда» (Абакан менен Енисейдин), азыркы Койбал талаасында падышалык кылган.

Ю.Худяков V кылымдын этегинде – VI кылымдын башталышында, б.а., жужан каганы түрктөрдү «Алтай тоосунун түштүгүнө» көчүрүп келгенден кийин болушу ыктымал дейт. Түрктөр ал кезде жужандардын букаралыгында турган, гаогюй динлиндери (теле калкы) менен болгон чабыштарга катышкан, кийин монгол жана тоолуу Алтайга көчүрүлгөн (192-б.).

### Кыргыздардын сырткы түспөлү кандай болгон?

Бул мезгилдеги кыргыздар бардык жазма булактарда бирдей сүрөттөлөт, б.а., алар (кыргыздар) бойлуу, сары чачтуу, кызыл жүздүү, көздөрү көк болгон. Ал эми кой көздүүлөр Ли Линдин тукуму деп эсептелген.

---

[1] *Гардизи.* «Зайн Ал-Ахбар» («Украшение известий».). *В.В. Бартольд.* Соч. Т. VIII. – М., 1973. Которгон – В.В.Бартольд. Китепте: Кыргыздар, X том, 49-б.

[2] *Ю.Худяков.* Энисей кыргыздарынын тарыхы. Китепте: Кыргыздар. I, 1993, 191-б.

[3] Ашина уруусу – ак сөөк түрк будундарынын бири дейт Ю. Худяков. Караңыз: Аталган эмгекте, 191-б.

Н.Я.Бичурин кыргыздар динлиндер менен аралашып кеткен дейт. Ал: «Жители вообще рослы, с рыжими волосами, с румяным лицом и голубыми глазами. Черные волосы считались не хорошим признаком, а с карими глазами почитались потомками Ли Лин», – деген маалымат берет. Ошондой эле кыргыздар намыскөй, эр жүрөк, эркектери колдоруна белги (татуировка) салышат (Собр. св., Ш, 1998, Алматы, 359-б.). (1993, II, 77–78-бб.).

Кыргыздарды: «жээрде чач, кызыл жүздүү жана көк көздүү» деген сүрөттөө мусулман чыгармаларында да кездешет, ушундай эле белгилер (кызыл чач жана ак денелүүлөр) XI кылымдагы перс автору Гардизинин[1] баянында да айтылган.

Гардизи кыргыздарды славяндардан келип чыккан деп эсептейт. Гардизи: «Кыргыздардын түспөлдөрүндө славяндардан келип чыкканы, атап айтканда кызыл чачы жана терисинин актыгынан билинип турат»,– деген[2].

А.Н.Бернштам Гардизинин кыргыздардын түпкү теги славян төбөлдөрүнөн башталат деген көрсөтмөсү жомок сымал деп эсептейт. Бирок ошондой болсо да, А.Н.Бернштам жогорудагы маалыматтар кыргыздардын алгач түрк элине кирбегендигин аныктап турат дейт ( II, 1993, 277).

В.В.Бартольддун пикири боюнча Гардизи баянында кыргыздар кызыл чачтуу, ак жүздүү деген маалыматтарды Ибн Мукаффанын (757-жылы өлгөн) VIII кылымда жазгандарынан алган болуу керек. Мына ушул белгилери боюнча, б.а., Ибн Мукаффанын сүрөттөөсү боюнча ал кыргыздарды славяндардын туугандары – «родственники славян» деп эсептеген[3].

В.В.Бартольд Таншудагы маалыматтар боюнча кыргыздар «динлиндер менен аралашып кеткендигин, ошондой эле сырт-

---

[1] Гардизинин баяны В.В.Бартольд тарабынан которулуп, 1897-жылы («Отчет о поездке в Среднюю Азию с научной целью. 1893–1894 гг.») басмадан чыккан.

[2] Гардизи. «Зайн Ал-Ахбар («Украшение Известий». *Китепте:* Кыргыздар X том, 2011, 50-б.; *Бернштам.* Кыргыз мамлекетинин өз эркиндиги үчүн күрөшү. *Китепте:* Кыргыздар. 1993, II, 277-б.

[3] Караңыз: *В.В.Бартольд.* Кыргыздар. Китепте: Кыргыздар. II, 1993, 133-б.

кы түспөлү боюнча «сары чачтуу кызыл жүздүү (румяные) жана көгүш көздүү» болорун баяндайт».[1]

Буга В.В.Бартольд буларды кошумчалайт: «Кытай билдирүүлөрү боюнча кыргыздар бийик бою, сары чачы, ак жүзү жана көгүш көзү менен айырмаланышат» (277-б.).

Кыргыздардын келип чыгыш теги тууралуу айтылгандардын баарынан В.В.Бартольд кыргыздарды түрктөшкөн Енисейлик остяктар болгон жана өздөрүнүн мурунку тилин сактап калган туушкандары жана уруулаштары менен согуш жүргүзүп келген деп корутундулоого болот дейт (В.В.Бартольд, Изб., 183).

«Ханзу» маалыматтары боюнча «булардын (кыргыздардын) адамдары олбурлуу, кабелтең келип, жээрде чачтуу, көк көздүү келет экен. Кара чачтуулары жакшы жышаналуу эмес деп айтышат экен. Гай Жайүн жазган «Батыш өрөөн эстелигинде»: «Кара чач, кара көздүүлөрү Ли линдин[2] тукумдары, ал киши (Ли лиң) башкы кол башчынын урпагынан болгон» деп жазылган («Ханзу», 362). Кыргыздар жөнүндө: «Адамдары күчтүү, баатыр келет да, коңшу мамлекеттер алардан коркот. Көбүнчө түрктөргө окшойт» («Ханзу», 369), – деп жазылат.

Бул маалыматтар кыргыздардын сырткы түспөлү тууралуу бирдей маалыматтарды берет, б.а., кыргыздар олбурлуу, кабелтең келип, жээрде чачтуу, көк көздүү болгон. Кыргыздардын арасында кара көздүүлөр да болгон, алар Ли Линдин тукуму деп эсептелген.

Адамдары намыскөй, эр жүрөк, күчтүү, баатыр келери, ал эми «Ханзуда» коңшу мамлекеттер алардан корко тургандыгы дагы маалымданат.

## Кыргыздардын мал чарбачылыгы

Кыргыздар мал чарбачылык жана дыйканчылык менен кесиптенишкен. Бул тууралуу С.В.Киселев: «Земледелие и скотоводство были, конечно, у кыргызов основным занятием

[1] *В.В.Бартольд.* Избр. – Б., 1996, 186, 183-бб.; *Н.Я.Бичурин.* Собрание сведений... Алматы, I, 1998, 359.

[2] *«Ханзу жазмаларында»* бир жерде Ли Лин, бир жеринде Ли лиң деп жазылган экен, ошол боюнча өзгөртпөй бердик.

широких масс населения Минусинской котловины в кыргызскую эпоху»[1], – дейт. Миң-Суу ойдуңунда тагар маданиятынын тушунда эле географиялык жактан жайгашуусуна карай малчылык жана дыйканчылык райондору белгилүү болуп калган. С.В.Киселев: «Это деление, обусловленное географическими различиями, позднее было поддержано особенностями общественного и имущественного состояния» (319), – дейт.

Байыркы кыргыздардын негизги кесиби (промысел) мал чарбачылык болгон. Алар жылкы, ошондой эле төө, бирок көбүнчө уй жана кой баккан. Бул Н.А.Аристовдо мындайча берилген: «Разводили они лошадей, плотных и рослых, а также верблюдов, но более коров и овец; последних богатые люди имели по несколько тысяч голов» (Н.А.Аристов, 144).

«Ханзудагы» мааламаттар боюнча кыргыздарда мал негизги орунда турган. Малдын ичинде жылкылары абдан чоң болгон, алышканда кайсынысы күчтүү болсо, ошону айгыр салышкан, андан бөлөк төө, уй, кой сыяктуу малы болгон. Байларында кадыресе, миң баштан көбүрөөк уйлары болгон («Ханзу», Жаңы таңнаама, 293–295-б.).

Н.Я.Бичуриндин маалыматы боюнча кыргыздардын аттары чымыр, азоолору мыкты деп эсептелген. Андан тышкары төө, уй, кой болот: «Лошади плотны и рослы. Лучшими считаются, которые сильно дерутся. Есть верблюды и коровы; но более коров и овец. Богатые землепашцы водят их по нескольку тысяч голов» (Собр.св., I,1998, Алматы, 359-б.; Китепте: «Кыргыздар», 1993,I, 78). Ошондой эле Н.Я.Бичуринде: «Питаются мясом и кобыльим молоком», – деп айтылат (Собр.св., II, 1998, 361)».

Идрисиде:[2] «Бул мамлекетте сандаган жылкыларды, өгүздөрдү жана койлорду асырашат. Аттары өтө семиз жана абдан кыска моюндуу келет. Аларды тамак-ашка пайдалануу

[1] *С.В.Киселев.* Енисейские кыргызы. Китепте: Кыргыздар. 10-том, 2011, 323-б.

[2] Араб географы Идриси 1099–1100-жылы Марокконун Суета шаарында туулган. 1128-жылы Сицилияга келип, анын королунун (*король – Г.Ж.*) тапшыруусу менен «Областтар боюнча саякаттан жапа тартканды, эрик-кенди жазуу» / Нузхат ал-муштак фихтирак ал-афак» аттуу географиясын түзүүгө киришкен. Идриси Орто Азия жана түрк элдери боюнча маалымат-

үчүн бордоп байлашат. А өгүздөрдү болсо дайыма оор жүктөрдү ташып жеткирүү үчүн пайдаланышат»,– деген маалымат бар.

Ө.Караев малчылык жана дыйканчылык Енисейдеги кыргыздардын чарбалык ишинин негизин түзгөн дейт. Ал бул маалыматты айтууда Н.В.Кюнердин[1] пикирине таянат. Мал чарбасы көчмөн мүнөздө болгон. Кыргыздар жылкы, төө, уй жана кой багышкан. Жылкынын, уйдун жана койдун эти, бээнин сүтү кыргыздардын негизги оокат-азыгы болгон[2].

Бул маалыматтардын дээрлик бардыгында кыргыздардын жылкылары күчтүү жана нооча болгондугу айтылат, мындан алардын аттарга өзгөчө көңүл бурушкандыгы көрүнүп турат.

Ошондой эле кыргыздар көбүнчө уй менен койлорду кармашкан, уй жана койлору түмөндөп саналган. Андан тышкары кыргыздарда төөлөр да болгон, төө көбүнчө унаа катары колдонулган. Кыргыздар жылкынын, уйдун, койдун эти менен тамактанышкан жана бээнин сүтүнөн кымыз жасап ичишкен.

Ө.Караев жылкы жоокердин, малчынын жана аңчынын айныбас унаасы болгондугун, ошондой эле ал төө сыяктуу эле көчүп-конгон учурларда да пайдаланылгандыгын маалымдайт (Аталган эмгекте, 108).

Бул маалыматтар байыркы кыргыздардын негизги кесиби мал чарбачылык болгондугун ачык көрсөтүп турат.

Кытай жазма булактарынын маалыматы боюнча эң бай кыргыздардын бир нече миңдеген малдары, аларды баккан малайлары болгон. Кыргыздар үйлөнгөндө калың берген. Байлар калыңга жүздөгөн, миңдеген баш (жылкы жана кой) берген. Хан-

---

тарды Ибн Хордадбех, Кудама, Ибн Хаукал, Кимаки, Масуди ж.б. эмгектеринен алган. Идриси эмгегин 1154-жылы жазып бүтүргөн. Анда жер шарынын географиясы 40 бөлүкчөгө бөлүнгөн, алардын ар бирине карта түзүлгөн. Китептин текстинде алардын үрп-адаттары, шаар-кыштактары жана саясий абалы жөнүндө кыскача мүнөздөмө берилген. Автор кыргыздарды Чыгыш Тянь-Шандын түндүк тарабына жайгаштырган. Алар жөнүндө да саясий жана географиялык кыскача маалыматтар бар. Караңыз: *Ө.Караев.* Байыркы түрк эстеликтери жана араб-перс авторлору кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө. Китепте: Кыргыздар. 1 том, 2011, 198, 212-бб.

[1] *Н.В.Кюнер.* Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. 236-б.

[2] *Ө.Караев.* Аталган эмгек, Китепте: Кыргыздар, I, 1993,108-б.

зу жазмаларында: «Кыз алуу тоюнда калыңга кой, жылкы берет» («Ханзу», Жаңы таңнаама, 295-б.), – деп жазылган.

Кыргыздардын байлыгы тууралуу Енисей жазууларында да айтылат. Енисей жазуулары негизинен VII кылымга таандык деп эсептелет. Мисалы, бир текстте Кытайга элчиликтин баргандыгы, ошондой эле маркумдун чыгыш түрк каганы Гудулу менен «коштошкондугу» эскерилет. Жарды болсо да мындай маалыматтардан улам А.Н.Бернштам айрым эстеликтердин 650–683-жылдарга таандык экендигин белгилейт.

Эстеликтердеги жазуулар белгилүү бир трафаретте жазылган: адегенде маркумдун жарык дүйнөдөгү эмнелерден айрылгандыгы («о всем земном, от чего отделяется умерший»), андан соң дагы эмнелерди көрбөй кеткендиги («перечисляется все то, чем не насладился покойный») саналат. Мына ушул маалыматтарда анын байлыгы да айтылат (182). Мисалы, Уюк Турандын 6000 жылкысы болгон; дагы бир жерде маркумдун (Элегеи) жылкылары, бодо малы, эки үйү ж.б. болгон. **Мал тамгаланган** (тавреный) (*белгилеген – Г.Ж.*), б.а., малга өзүнүн ээсинин тамгасы салынган (Ачур)[1].

Демек, өлгөн кишинин байлыгы анын малы менен өлчөнгөн. Ар ким өз малына тамга салган. Бул малдын кимге тиешелүү экендигин билдирип турган.

А.Н.Бернштам мал кыргыз аристократтарынын негизги байлыгы болгон болуу керек дейт. Енисей жазууларынын бир жеринде: «ради скота он «ходил» на войну или кочевья (Ачура)» деп айтылат (В.Радлов, 330).

Ачур айылынан 22 *км* жайгашкан Койбал талаасынан табылган моло ташта (стела) (у бега Уры) мындай жазуу болгон: «На земле снабженные тамгой табуны лошадей были бесчисленны... в сумах[2] находившееся имущество было бесчисленно, как черные волосы» (С.В.Киселев, 323).

---

[1] *А.Н.Бернштам* (182) бул мисалдарды төмөнкү эмгектен алган: W.Radloff. ATIM. 307, 314, 329.

[2] **Сум/а** *ж* баштык, калта, торбо. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 297-б.

Бай кыргыздардын малы өтө көп болгон. Ошондуктан башкалардын малы менен аралашып кетпесин үчүн алар тамгаланган, б.а., малга мал ээсинин аты-жөнүн билдирген эн белгиси (тамга) салынган.

Ошентип, кыргыздарда эзелтеден бери эле мал чарбасы болгон. Мал чарбасы – аларда негизги орунда турган. Кыргыздардын көчмөн жашоосу да мал чарбасы менен байланышкан. Алар малга ылайыктуу жайыт издеп, көчүп-конуп жашашкан. Кыргыздардын байлыгы мал менен өлчөнгөн. Байларынын малы бир нече миңге жеткен. Өз убагында байлыкты мал менен топтоо ыңгайлуу болгон. Байлардын малына эн тамга салынган.

С.В.Киселевдун маалыматы боюнча археологиялык казууларда (Копен кыштагында) малдын сөөктөрү (уй, кой, жылкы) табылган: «Ямы N№1 и N№2 в первом раскопе, из которых было извлечено большое количество колотых костей коровы, овцы, коня и обломки кыргызских ваз» (320).

Малдын сөөктөрүнүн статистикасы – эки катмарда тең сөөктүн жарымынан көбү – койлорго, жарымы – уйларга жана жылкыларга (теңме-тең) тиешелүү экендигин аныктаган. Ал эми кыргыз доорунда төө – сүрөттөр аркылуу белгилүү болгон (323). Мисалы, боз үйлөр жүктөлгөн төөнүн сүрөтү Кара Июс өрөөнүндөгү Суек кыштагынын жанындагы тоодо (на Писаной горе) тартылган.

Археологиялык казуулар бул мезгилде Миң-Суу аймагында жанында атынын скелети бар жалгыз адамдын сөөгү коюлган көрүстөндөр болгондугун аныктаган. Мындай мүрзөлөрдүн инвентарын темир буюмдар, курал-жарактар жана ат жабдыктары түзгөн[2].

Байлардыкы – аты менен, кедейлердики – аты жок, мына ушундай көп сандаган дөбөлөр (курганы) VIII–X кылымдарга тиешелүү деп эсептелет (А.Н.Бернштам,182).

Көрүстөнгө ээси менен бирге атты көмүү – биринчиден, кыргыздардын социалдык абалын билдирип турса, экинчиден, кыргыздардын атка карата өзгөчө мамилесин көрсөтүп турат.

---

[1] *С.Теплоухов.* Опыт классификации… 55-б.

Ат – байыркы кыргыздардын турмушунда эң маанилүү роль ойногондугу белгилүү. Кыргыздар гана эмес дегеле байыркы көчмөндөрдүн турмушунда жашоону атсыз элестетүү мүмкүн эмес. Ат жалында кыргыздар өз элин, өз жерин сырткы душмандардан коргошкон. Ошондой эле ат унаа катары да колдонулган.

Өзгөчө, С.В.Киселев белгилегендей, уйбат күмбөздөрүнүн инвентарынан белгилүү болгондой, таштык маданиятынын доорундагы ак сөөктөр (знать) көбүнчө көчмөн жашоону башынан өткөрүшкөн, ошондуктан алардын жашоосу ат менен тыгыз байланыштуу болгон (319).

Кыргыздардын малчылык менен кесиптенишкендиги жана көчмөн турмушту баштан кечиргендиги алардын көчүп-конууга ылайыкташкан кийизден жасалган боз үйлөрүнөн, койдун терисинен жасалган кийимдеринен, эт менен кымыз ичишкенинен да көрүнүп турат.

Мисалы, Копен кыштагында көчмөндүүлүктүн белгилери күчтүү болгон. Буга – ал жерде табылган боз үйлөрдүн, б.а., С.В.Киселев айткандай, кыргыздар жашаган үйлөрдүн издери күбө. Ал: «От них на поверхности почвы остались многочисленные округлые и овальные углубления» (319), – дейт. Бул издерди изилдөө – алардын тигилген боз үйдүн орду экендигин көрсөткөн. Анда 50гө жакын боз үйдүн оюлган орундары табылган.

Демек, кыргыздарда мал чарбасы негизги орунда турган, мал жайытка карай кыргыздар көчмөн турмушта жашаган, байлык мал түрүндө топтолгон. Албетте, көчмөн турмушта жылкы зор мааниге ээ болгон.

**Калың берүү.** Байыркы кыргыздар калыңга кой, жылкы берген.

Мындай маалымат Н.А.Аристовдо, Н.Я.Бичуринде да бар: «При браках калым платится лошадьми и овцами. Богатые дают по сту и по тысяче голов» (Н.А.Аристов, 146; Н.Я.Бичурин. Собр.св., Алматы, 1998, I, 361; Н.Я.Бичурин, Китепте: Кыргыздар, I, 79). Шотто: «При браках для уплаты калыма употребляются овцы и лошади» (434).

«Ханзуда» кыз алуу тоюнда калыңга кой, жылкы берилери айтылат: «Кыз алуу тоюнда калыңга кой, жылкы берет. Байлар жүздөп-миндеп төрт түлүк калың бермейи болот» («Ханзу», Жаңы таннаама, 295).

Ошентип, дээрлик бардык маалымат булактарында кыргыздар кыз алууда калыңды кой, жылкы менен беришкендиги айтылат. Бул дагы кыргыздарда негизги байлык мал болгондугун айтып турат.

## Кыргыздардын дыйканчылыгы

Кыргыздарда мал чарбасы менен катар эле дыйканчылык да болгон.

Кыргыздар таруу, арпа, буудай жана гималай таруусун айдашкан, унду кол жаргылчакка тартышкан, эгинди үчүнчү айда эгишип, тогузунчу айда (апрель-октябрь) жыйнап алышкан.

Мисалы, Н.Я.Бичуринде кыргыздар тууралуу баянында: «Сеют просо, ячмень, пшеницу и гималайский ячмень. Муку мелют ручными мельницами; хлеб сеют в третьей, а убирают в девятой луне» (Собр.св., I, 1998, Алматы, 359-б.) – деп айтылат[1]. «Вино квасят из каши. Нет ни плодов древесных, ни овоща огородного» (Собр.св. Алматы, 1998, I, 359-б.; Китепте: «Кыргыздар», I, 77-б.).

Ошондой эле Н.Я.Бичуринде кыргыздардын эт жана кымыз менен тамактанары айтылат: «Питаются мясом и кобыльим молоком. Один Ажо употребляет хлебенное [вино]» – (Н.Я.Бичурин.Собр.св., Алматы, 1998, I, 1998, 361-б., Китепте: «Кыргыздар», 1993, I, 77). Көрүнүп тургандай, Ажо гана нандан ачытылган шарап ичкен.

«Ханзу жазмаларында» төмөнкүдөй маалыматтар бар: кыргыздарда «сулуу, таруу, буудайлар бар. Тегирмен менен ун тартышат. Чын куран айында эгин эгишип, бештин айында (9-айда) түшүм алышат. Эгинден тамак-аш жасашат, ичимдик (арак) ачытышат. Мөмө, жашылча болбойт» («Ханзу», Жаңы таңнаама, 293).

---

[1] Апрелде жана октябрда. Караңыз: *Н.Я.Бичурин.* Собр.св. – Алматы, 1998, I, 359-б.

«Жаңы таңнаамадагы» маалымат боюнча кыргыздар эт жана кымызды тамак-аш кылышат, анда жалгыз эр гана (баш киши) бал токоч жейт («Ханзу», Жаңы таңнаама, 295).

Бул маалыматтар кыргыздарда дыйканчылык болгондугун айтып турат. Кыргыздар эгин эгишкен, тогузунчу айда түшүм алышкан, аны тегирменге тартышкан, унунан, талканынан тамак-аш жасашкан, ошондой эле арак ачытышкан, эр кишиси бал токоч жеген. Мындан тышкары кыргыздар эт, кымыз менен тамактанышкан.

А.Н.Бернштам кыргыздардын чарбасында дыйканчылык маанилүү орунда тургандыгын белгилейт, бирок түрк рун тексттеринде бул тууралуу маалыматтар аз санда. Мисалы, «о пашнях «тарлыг» (Улугкем Кули Кем)»[1]. Ошондой эле таруу, арпа, буудай, гималай арпасын эгишери, мөмө, жемиш болбой тургандыгы жөнүндө да маалыматтар бар.

Кыргыздарда мөмө, жемиш болбой тургандыгы дээрлик бардык жазма булактарда эскерилет.

Идрисинин эмгегинде кыргыздардын (текстте хырхыр) мамлекети түшүмдү көп берүүчү жана саякатка көп баруучу жер деп айтылат. Анда: «Ал суугa бай өлкө. Анда Син чекарасынан агып келүүчү ар кандай дайралар бар. Бул дайралардын эң чоңу Манхар (же Манхаз) деп аталат. Ал көп суулуу жана шар агындуу дарыя. Кыргыздардын бул дарыянын боюнда тегирмендери бар, аларда күрүч, буудай жана башка дандарды тарттырышат, алар ундарынан нан бышырышат же (тегирменге) салдырбай эле кайнатып жешет»[2], – деген маалымат бар.

Абу Дулефте (Бартольд боюнча) кыргыздар таруу, күрүч жана төөнүкүнөн бөлөк ар түрлүү эт жешет деген маалымат бар. Абу Дулефтин кыргыздардын айыл чарбасы жана мал чарбачылыгы боюнча маалыматы X–XI кылымдардагы кыргыздар өткөн мезгилден айырмасы деле болбогондугун көрсөтөт дейт А.Н.Бернштам. Анын себеби – кыргыздардын

---

[1] *W.Radloff*. ATIM.317-б.

[2] *Ө.Караев*. Байыркы түрк эстеликтери жана араб-перс авторлору кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө. Китепте: Кыргыздар. 1-том, 2011, 212-б.

чарбасынын тышкы мүнөзү мурдагы чарбалык баскычтан өтө айырмаланбаган[1].

Бул маалыматтар кыргыздардын дыйканчылыгы болгондугун далилдеп турат. Кыргыздардын жери дыйканчылык кылууга өтө ыңгайлуу, суулуу жер болгондуктан, шар агындуу дайранын (Манхар (же Манхаз) жээгине тегирмендерди орнотуп, алган дандарды тарттырып, ун кылып, андан нан жасашкандыгы жогоруда кылдат баяндалган.

Кыргыздар малчылык менен эзелтеден бери эле алектенип келишкендиги маалым. Малчылык менен катар эле дыйканчылыкты кошо алып жүрүшкөн.

Ө.Караев кыргыздарда мал чарбачылык менен катар эле дыйканчылык да өнүккөндүгүн белгилейт.

Мындай маалымат Ю.Худяковдо да бар. Ал кыргыз калкынын көпчүлүгү дыйканчылык менен күн көрүп, ал эми феодалдык төбөлдөрү «күтүрөгөн төрт түлүгү менен жайыт тандап, жер которуп, көчүп-конуп турмуш өткөргөн» дейт (Енисей кыргыздарынын тарыхы. Китепте: Кыргыздар. 1-т., 1993, 155-б.).

Ю.С.Худяковдун баамында көчмөн коомдун өзүндө болсо седентаризациялык процесстердин натыйжасында калктын жакыр-бакыр жамааты мал-мүлкүнөн ажырап, көчмөн чарбасынан сүрүлүп чыгып турган да, отурукташып, жер иштетүүгө өткөн. Бирок, дале болсо көчмөн коомдун ийкемдүү мүнөзү, тез-тез болуп турган уруш-талаштар андай жакырларга оңтою келе калганда кайрадан мал күтүп, көнүмүш көчмөн турмушка өтүү үчүн шарт түзүп турган. Андыктан дыйканчылык кыргыздарда жүздөгөн жылдар бою жашап келгенине карабастан, артына узак мезгилдерге чейин сакталар из калтыра албаган дейт Ю.С.Худяков (160-б.).

Ошентип, кыргыздар малчылык менен катар эле дыйканчылык менен да кесиптенишкен. Кыргыздар жер иштетишкен, эгин (буудай, таруу, сулуу) эгишкен, алардан тамак-аш жасашкан.

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Кыргыз мамлекетинин өз эркиндиги үчүн күрөшү. Китепте: Кыргыздар. 1993, II, 278-б.

Дыйканчылыкта айыл-чарба шаймандары колдонулган.

Кыргыздарда дыйканчылык жана айыл-чарба шаймандары болгондугун археологиялык табылгалар да ырастайт. Мисалы, кийин кол сокону, ат же өгүз сүйрөй турган темир тиши бар соко буурусунду уйга же букага чегишкен. Темирден жасалган ороктор колдонулган. Коло доорундагы жаргылчактар тегирмендер менен алмашылган[1]. Буларды археологиялык табылгалар (темир соколор, орок, жаргылчак ж.б.) далилдеп турат.

Копен кыштагындагы казуулар кыргыздарда мал чарбасы менен катар эле дыйканчылык да болгондугун көрсөтөт. Мисалы, 7-8Х АБ участогунун биринчи катмарында кол тегирмендин ташынын сыныктары табылган. Ал Миң-Суу ойдуңунда капысынан табылган тегирмен таштарына (алар Сибирдеги жана борбордук музейлерде миң-суулук байыркы коллекцияларда сакталуу) окшош болгон (С.В.Киселев, 320).

Кичинекей тегирмен ташы (диаметри 40 см) «употреблялись для размола на крупу, из которой, у хягасов изготавливали кашу и вино». Ошондой эле маалымат булактарында Енисейде «муку мелют ручными мельницами» деп айтылат. Бул үчүн диаметри 50–70 *см* болгон тегирмен ташы колдонулган болуу керек. Мындай тегирмен ташы[2] Миң-Суу ойдуңунда табылган (320).

Миң-Суу ойдуңунда байыркы типтеги темирден үч тиши бар буурусундар көп табылган. Ошондой эле «не исключена возможность употребления и в кыргызское время мотыги» (322), – дейт С.В.Киселев. Соколордун колдонулгандыгы – археологиялык табылгалар менен күбөлөндүрөт.

Кыргыз доорунда (в кыргызское время) дыйканчылык мурункудан да кеңири территорияны камтыган.Тагар тибиндеги темир ороктор «найдены на р. Тёё, на верхнем Абакане, в верховьях Уйбата и на таежной р. Убей» (322).

---

[1] *С.Киселев и Л.Потапов.* История СССР..., III–IV бөлүк, 439-б.

[2] Эгерде мурун зернотерка менен 12 саатта 10–12 *кг* ун алынган болсо, мындай кол тегирмендер 12 саатта 50 *кг* ун берген. Бул дыйканчылыктын өнүгүшүн далилдеп турат.

Сугарууну өркүндөтүүнүн натыйжасында жаңы жерлер өздөштүрүлгөн. Тагар мезгилиндеги жөнөкөй арык системалары татаалдары менен алмашылган: «Арыки сеткой покрывали орошаемый участок» (322).

Темир соколордун жайылышы кургак жерлердин өздөштүрүлө баштагандыгын көрсөтөт, ал жерлердеги түшүм каналдар аркылуу суу менен камсыз кылынган[1]. Археолог С.Киселев бийик тоолордо дагы суу менен камсыз кылуучу каналдардын издерин тапкан[2].

Чоң территориядан түшүмдөрдү жыйнап алуу – орокторду өркүндөтүүгө алып келген. Тагар мезгилиндеги коло ороктордун ордун темир ороктор ээлеген. Адегенде алар мурунку коло доорундагы ороктоpго окшош болгон. Бара-бара алар өркүндөтүлүп, анын эки түрү пайда болгон: «одни скрепляются с рукояткой при помощи откованной втулки, другие имеют черешок с заклепкой». Кийинкиси X кылымга чейин колдонулган. Негизинен «...обе эти формы отличаются большим изгибом лезвия, окончательно обособляющим их от ножей» (322).

Жогорудагы маалыматтар кыргыздарда дыйканчылык болгондугун жана ал мезгили менен өркүндөтүлүп жүрүп отургандыгын далилдеп турат.

Айрым окумуштуулар, маселен, В.Н.Федоров орто кылымдарда Минусин (*автордо ушундай берилген – Г.Ж.*) ойдуңунда жашаган көчмөн жана жарым көчмөн калктын экономикасында дыйканчылык мал чарбачылыгы же аңчылык сыяктуу эч качан чоң мааниге ээ болгон эмес деген тыянакка келген. Анын пикиринде сугат өстөндөрү жайыттарга ным берүү жана малды сугаруу үчүн гана курулган (Караңыз: Аталган эмгекте, 161-б.).

Бирок, жогоруда көрүнүп тургандай, дээрлик бардык жазма булактар кыргыздарда дыйканчылык болгондугун маалымдайт. Бул маалыматтар археологиялык табылгалар менен да бекемделип турат.

---

[1] *В.П.Левашева.* Из далекого прошлого южной части Красноярского края. Красноярск. 1939.

[2] *С.Киселев и Л.Потапов.* История СССР... III–IV бөлүк, 439-б.

Ошентип, кыргыздар таруу, арпа, буудай, сулуу эгишкен, чын куран айында (9-айда) жыйнап алышкан, тегирменге ун тартышкан, андан алар тамак-аш жасашкан. Дыйканчылык иштерин жеңилдетүү үчүн айыл-чарба шаймандарын пайдаланышкан. Булар дайым өркүндөтүлүп отурган. Бара-бара кыргыздар дыйканчылык талаасын кеңейтишкен, жаңы айдоо жерлерин сугаруу үчүн арыктарды, каналдарды казышкан.

### Кыргыздардын аңчылыгы

Кыргыздарда жогоруда айтылган эки негизги иши – мал чарбачылыгы, дыйканчылыгы менен катар эле аңчылыгы дагы болгон.

Кыргыздардын аңчылыгы тууралуу жазма булактарда көп деле маалыматтар кездешпейт. Кыргыздар токойдо териси баалуу айбанаттарга аңчылык кылышкан деген эскерүүлөр гана кездешет. Бул Бегре жана Алтын Көл жазууларында эскерилет[1].

Кыргыздардын өлкөсүнөн мускус, кайың кабыгы, ошондой эле хуту мүйүзү ж.б. тышка чыгарылгандыгы айтылат. Тышка чыккан товарлардын ичинен мускус өтө баалангандыгы да белгиленет. Бул аңчылык аркылуу алынган болуу керек.

Жергиликтүү жапайы айбандардан кулан («тарпаны»), элик, багыш[2], кара куйруктуу эчкилер («чернохвостые козы») Н.А.Аристов, 145) жана канаттуулар: жапайы каз-өрдөктөр, сагызгандар, ар түрдүү породадагы карчыгалар (ястребы)[3] болгон. Узундугу 7 фут[4] келген сөөгү жок жана жылмакай, оозу мурдунун астында боло турган («рот под носом» – Н.А.Аристов, 145) балык; «Ханзуда» «оозу тамагынын алдында боло турган балыгы болот» деп берилген («Ханзу», 294). Н.А.Арис-

---

[1] *А.Н.Бернштам* бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: W.Radloff. ATIM. 314, 332-бб.

[2] **ЛОСЬ** *м.* багыш (бугунун бир түрү). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 332-б.

[3] **ЯСТРЕБ** *м.* карчыга (куш). Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 983-б.

[4] **Фут** *м* фут (1. 12 дюмга (30, 48 *см*) туура келген узундук өлчөмү. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 545-б.

товдун божомолу боюнча осетр болуш керек (145), А.Н.Бернштам да осетр деп болжолдойт (Избр.тр., II, 1998, 148).

Ошондой эле кытай жазма булактарында: «Из зверей находятся тарпаны, козули, сохатые и чернохвостые козы. Чернохвосые козы походят на кабаргу, но имеют большой черный хвост. Из рыб есть одна, длиною около семи футов, гладкая и без костей, рот под носом[1]. «Из птиц: гуси и утки дикие, сороки, ястреба» (Таншу, гл. 140б; Собр.св., II, 1998, Алматы, 360) – деген маалыматтар бар.

Гардизи Көгмен тоосуна бара турган жолдогу Манбек-Лу тоосун сүрөттөп жатып, анда киштердин, тыйын чычкандардын, мускусту берүүчү антилопалардын бар экендигин айтып, «обильная охота» деп белгилейт (А.Н.Бернштам, Аталган эмгекте, 217-б.).

Абу Дулефте кыргыздардын жеринде «много хищных зверей» деген маалымат бар (А.Н.Бернштам. Избр.тр., II, 1998, 217).

Бул маалыматтардан көрүнүп тургандай, кыргыздардын жери тоого, талаага, суугa мол болгондуктан, ар кандай айбандарга, канаттууларга, балыктарга, жырткычтарга ж.б. аябай бай болгон.

«Ханзу жазмаларында»: «Кыргыздар аңчы келишет. Алар чаңгы тээп, тоонун өйдө-ылдыйына карабай, учкандай кууп жетип, анды кармашат», – деген маалымат бар («Ханзу», Таң зарыл эстеликтери, 370).

Темирден жасалган найза жана кайырмактардын табылышы кыргыздардын балык уулашкандыгынан кабар берет. Ошондой эле кыргыздардын аңчылыгын чагылдырган сүрөттөр да сакталып калган. А.Н.Бернштам: «Находки железных гарпунов и крючков говорят о кыргызском рыболовстве, а изображение сцен охоты неоднократно зафиксировано писаницами» (Избр. тр., 1998, 184), – дейт.

Кийинчерээк (X–XI кк.) кыргыз аңчылыгы тууралуу маалыматтар мусулман даректеринде[2] да берилет. Худул ал-Алам-

---

[1] Осетры, которыми Том и Обь и ныне изобилуют. Караңыз: *Н.Я.Бичурин.* Собр.св. – Алматы, 1998, I, 1998, 360-б.

[2] Худуд ал-Алам. Гардизи, Абу Дулеф.

да[1] кыргыздар аңчылык жана уучулук менен кесип кылышат деген маалымат бар. Кыргыздар алым-салыкты да тери түрүндө беришкен: «Ясачные вносят подати соболями и белкою» (Собр. св., II, 1998, 360). Бул мисал кыргыздардын териси баалуу айбанаттарга аңчылык кылышкандыгын айтып турат.

Ошентип, кыргыздар токойдо териси баалуу жапайы айбанаттарга аңчылык кылышкан. Кыргыздардан соодагерлер баалуу буюмдарды, мисалы, кундуздун терисин, хуту деп аталган мифтик жаныбарлардын мүйүзүн (алардын токойлорунда жашашкан) ж.б. алып турушкан. Ошондой эле кыргыздар баалуу терилерден баш кийимдерди, тышкы кийимдерди тигип кийишкен. Кол өнөрчүлүктө жаныбарлардын терисин иштетип, буюмдарды жасоодо колдонушкан.

## Кыргыздардын темирди иштетүүсү. Кыргыздар – темир усталар

**Кыргыздар темир иштетүүчүлөр жана темир усталары.** Кыргыздарда мал чарбасы, дыйканчылыктан башка да түрдүү устачылык, кол өнөрчүлүк болгон. Биринчи орунда темирди ж.б. металлды иштетүү турган. Ө.Караевдин маалыматы боюнча Саян, Кузнец Ала-Тау тектеринен жана ал турсун Минусин[2] талааларынан темир казып алуу биринчи планда турган.

Ал эми кыргыздардын жашаган аймагында алтын, темир, калай болгон. Удаа-удаа жааган жамгырдан кийин кыргыздар темир чогултушкан, аны ка-ша (kja-sa) деп аташкан. Андан мыкты курал-жарактарды жасашкан.

---

[1] «Худудда» карлук, кыргыз, чигил, ягма, тухсийлерге бирден глава арналган. Андагы маалыматтар боюнча кыргыз эли Тянь-Шандан Саян-Алтай тоолоруна чейинки аралыкта жашашкан. Алардын бул аймакта көрсөтүлүшү Енисей кыргыздарынын IX–X кылымдарда саясий жактан күчөп турган дооруна туш келет. Караңыз: *Ө.Караев.* Аталган эмгек. Китепте: Кыргыздар. 1 том, 2011, 216-б.

[2] Автордо кандай берилсе (Ала-Тау, Минусин), ошондой алынды.

Мисалы, Н.Я.Бичуринде: «Есть золото, железо[1], олово. [Андан ары котормодо түшүп калган жерлер бар: Кытай тексттеринде: «В каждый дождь обычно получают железо, называют его: цзя-ша. **Делают оружие, крайне острое; постоянно вывозят к тукюе**[2]] (*белгилеген – Г. Ж.*) деп айтылат.

Ушундай эле маалыматтар «Ханзу жазмаларында» бар. Анда кендерден алтын, темир, калай болору айтылат. «Бул мамлекетте жаан жааганда темир ала турган. ... Булар (*кыргыздар – Г.Ж.*) жоокерлик жаракка көбүнчө калкан жана жаа урунушат» деп айтылат («Ханзу», 366). Анда дагы: «кыргыздарда кендерден алтын, темир, калай бар» («Ханзу», Жаңы таңнаама, 294); «Ар жолу жаан жааганда ылакап кылып айтышып «темир табылат» деп коюшат экен. Алар аны «экиш кише»[3] деп атайт. Темирден курал-жарак жасаса, эң эле курч болот. Дайыма түрктөргө сатып турушат экен. Согушка жаа-жебе иштетишет» (294). «Ханзу жазмаларында»: «...жаан жааган күндөрү темир алышат. Аны «кише» деп аташат» (358), – деп берилген.

Бул маалыматтардын дээрлик бардыгы кыргыздардын темирди иштетип, андан курал-жарак жасап, аларды түрктөргө сатып турушарын айтып турушат.

Мына ушундан улам айрым авторлордун, мисалы, Н.А.Аристовдун «выделкою железных вещей занимались не сами кыргызы, а их данники[4], у которых кузнечное мастерство сохра-

---

[1] *Н.Я.Бичуриндин* түшүндүрмөсүн келтиребиз: «Жители Сибири вообще инородцев называют *чудью*; и потому и мины, разрабатываемые некогда около Алтая местными жителями, ныне называются *чудскими копьями*». Собр. св., 1998, I, 360-б.

[2] *Н.Я.Бичуринде – тукюе,* К.Менгесте *туркут*, Л.Н.Гумилевде *туркут* деп берилген. Караңыз: *Н.Я.Бичурин.* Собр.св., Алматы, 1998, I, 360-б.; *Н.Я.Бичурин.* Байыркы мезгилде Орто Азияда жашаган элдер тууралуу маалыматтардын жыйнагы. Которгон А.Түмөнбаев, А.Абилов. *Китепте:* Кыргыздар. I, 78-б.

[1] *«Ханзу жазмаларынын»* дагы бир жеринде темирди «кише» деп аташары айтылат (358).

[2] **ДАННИК** *м. ист.* алым төлөөчү, алман (*сөздүктү ушундуй берилген – Г.Ж.*) берүүчү, чыгым төлөөчү, салык төлөөчү киши. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 405-б.

нилось до настоящего времени и которые его унаследовали, без сомнения, от доисторической чуди» (Н.А.Аристов, 145), – деген пикири жазма булактардагы маалыматтарга жана археологиялык казуулардан табылган буюмдарга туура келбейт.

Маалымат булактары (Н.Я.Бичурин, «Ханзу жазмалары», В.В.Бартольд, А.Н.Бернштам, С.В.Киселев, Ю.С.Худяков, Ө.Караев ж.б.) жана археологиялык буюмдар кыргыздардын темир алышканын жана андан мыкты курал-жарактарды ж.б. жасашканын, курал-жарактары курч болгондугун айкындап турат.

В.В.Бартольд IX–X кылымдардагы кыргыздар тууралуу кеп кылып жатып, кыргыздардын өздөрүнүн металл өндүрүшү болгондугун белгилейт. Окумуштуунун пикиринде бул качандыр бир убакта, мурда Енисейде жашаган коло маданиятынын элинен (аларды алигиче белгилүү бир этнографиялык типке, белгилүү бир хронологиялык доорго тушма-туш келтирүү оңунан чыкпай келет) мураска калган болушу мүмкүн. В.В.Бартольддун пикиринде кыргыздарга темир эчактан эле белгилүү болгон. Мисалы, Таң-Шуда кыргыздар ханышага темирден курал жасап беришкендиги айтылган (Избр., 1996, 201).

В.В.Бартольддо (202) мурун кыргыздар темирден жасалган куралдардан түрктөргө салык төлөп турушкандыгы, темир түрктөрдө кяса деп аталгандыгы тууралуу маалымат бар. Шотт бул сөздү *kies, vese, jesea* сыяктуу самоед сөздөрүнө жакындатат, ал ошондой эле бул сөз алтайлык jas 'медь' жана куман (половец) *jas* 'жёлтая медь' деген сөздөр менен тектеш болушу мүмкүн дейт.

Кытайлыктар кыргыздардын кериктин (носорог)[1] терисин тешип кетүүгө жарамдуу курал-жарактарын жогору баалашкан. Кыргыздардын көптөгөн кен чыга турган жерлери (рудники), алардан жасалган буюмдар: ат жабдыктарынын комплектиси, үзөңгүлөр, чөйчөктөр (кубки[2]) ж.б. белгилүү болгон.

Кол өнөрчүлүк кесибинин өнүгүшү кыргыздардын башка өлкөлөр менен, атап айтканда, Кытай, Орто Азия жана Тибет

[1] **Носорог** *м* **1.** керик, носорог. Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 485-б.

[2] **Кубок** *м* **1** кубок; чөйчөк (шарап ичиле турган байыркы идиш). Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 155-б.

менен алмашуу соодасынын келип чыгышына түрткү болгон. Мисалы, Н.Я.Бичуринде: «Жыйырмадан ашпаган төө Дашадан (Орто Азия, арабдар) саймалуу жибек кездемелерди жүктөп келишкен, качан бардыгын батыра албаганда, жыйырма төрт төөгө жүктөшкөн. Мындай кербенди үч жылда бир жолу жиберишкен», – деп айтылат (Собр.св., I, 1998, 363-б.).

VIII–X кылымдардагы көп сандаган көрүстөн табылгалары Енисей тургундарынын көчмөн жашоосу жана жоокерчилик турмушунан кабар берет. Курал-жарак табылгаларына сөөктөн жасалган жаанын жебеси жана темирден жасалган жаактуу жаа огу кирет. Ээр токумдун темир үзөңгүлөрү жоокерге атка ыңгайлуу мингенге шарт түзгөн (285-б.).

Ө.Караевдин маалыматы боюнча Орто Енисейдеги кыргыздарда кол өнөрчүлүк өнүккөн, анын ичинде металл иштетүү биринчи орунда турган. Хакас-Минусин ойдуңу жана аны курчап турган кырка тоолор пайдалуу кендерге: темирге, жезге, калайга, алтынга бай келген. Көп сандаган «ажайып чуңкурлар» (чудские ямы) ошол байыркы кездеги кен иштетүүдөн калган эстелик болуп саналат.

Кыргыздарда Саян, Кузнец Ала-Тау тоо тектеринен жана ал турсун Минусин (*Ө.Караевде ушундай берилген – Г.Ж.*) талааларынан темир казып алуу биринчи планда турган.

Ө.Караев кыргыздар темир кендерин Енисейден жана анын куймалары Абакан менен Тубанын[1] бойлорундагы кызыл карагайлуу токойлор каптаган кумдуу дөбөлөрдө эритип алышкандыгын, анткени дал ушул аймактардан көөрүк очоктордун орду көп учурагандыгын маалымдайт. Бул жерлерден темир иштеткен уста-металлургдар (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) жашаган бүтүндөй бир кенттердин урандылары табылган (110-б.). Кыргыздар кендерди ылгап, күрөң жана кызыл темир алышкан. Кыргыздар темирди «*кыяса*» деп, Шот эсептегендей, самодий сөзү менен аташкан. Ө.Караев балким бул сөз андай эмес эле алтайлыктардын «*жез*» же кыпчактардын «*жаз*» дегенине тектеш чыгар деп болжолдойт (Кыргыздар. Китепте: Кыргыздар, Бишкек, I т., 1993, 109-110-бб.).

---

[1] *Ө.Караевде, С.В.Киселевдо* Туба деп берилгени сакталды.

Өндүрүлгөн кен борбордук райондорго жөнөтүлгөн. Енисей жана анын куймалары – Абакан, Туба ж.б. өзөндөрүн бойлой «в большом количестве встречаются остатки сыродутных мастерских», – дейт С.В.Киселев (Енисей кыргыздары. Китепте: Кыргыздар, 2011, 10, 325).

Ө.Караев кыргыздар темирден жаанын жебесинин учун жасап, курч миздүү кылып, аны менен бүткүл түштүк Сибирдин калкын жабдып турушкандыгын айтат. Ошондой эле кыргыздар канжар, найзага уч, соотко чарайна, ар түрдүү ат жабдыктарын (тоголуу же жылаажындуу ооздуктарды, үзөңгүлөрдү, басмайылдардын таралгаларын ж.б.) жасашкан.

Ю.Худяковдун «Сабля багыра» деген эмгегинде кыргыздардын темирден ар түрдүү курал-жарактарды жасашкандыгы, курал-жарактарды жасоодо мыкты усталар экендиги жазылган. Ю.С. Худяков: «Особенно большого разнообразия достигли кыргызские мастера-оружейники в изготовлении стрел. Они делали наконечники с двухлопастным, трехлопастным, четырехлопастным, плоским пером (*китептегидей берилди – Г.Ж.*). ....Но наибольшего мастерства и изощренности кыргызские оружейники достигли в изготовлении бронебойных стрел», – дейт (Сабля Багыра, 110–111).

**Жаанын жебесинин темир учтары.** Ошентип, кыргыздар өзгөчө курал-жарактарды жасоого чебер болушкан. Анын ичинен жебенин темир учтары (железные наконечники стрел) көп чыгарылган. Алардын 4144 жаанын темир учу Миң-Суу музейинде сакталуу турат (С.В.Киселев, 328).

Миң-Суу ойдуну менен коңшулаш Түштүк Сибирь областтарында – Алтай, Кузбасс, Ачин жана Красноярскинин алдында жана Канек (в Канеком районе) жана Карагасияда кыргыздардыкына опокшош жебенин учтары табылган. С.В.Киселев: «Однако ни в одной из этих областей находки их далеко не достигают такой степени концентрации, как на среднем Енисее. На основании этого можно предположить, что центром наконечников стрел, применявшихся в V–X вв. на широких пространствах Саяно-Алтая, была область енисейских кыргызов» (329).

Кыргыздар жебенин темир учун ар түрдүүлөп мыкты жасашкан жана бул жаанын темир учтары абдан кеңири белгилүү (популярдуу) болгон.

**Канжар жана кылыч.** Мындан тышкары кыргыздын темир усталары канжар жана кылыч жасашкан. Кылыч узун (80–90 *см*) «обоюдоострые, с прямым перекрестьем. Рукоятки, очевидно, изготовлялись из дерева или кости и насаживались на черешок» (329).

Канжарлар тууралуу С.В.Киселев мындай маалымат берет: «Кинжалы первоначально имели ту же под треугольную черешковую форму, что и на Алтае в VI–VIII вв. Позднее, в IX–X вв., кроме них стали изготовлять более широкие кинжальные клинки с почти параллельными лезвиями» (329). Мындай канжар Уйбат чаатас дөбөлөрүнөн (курганы) табылган.

Кыргыздардын жасаган курал-жарактары археологиялык казуулардан табылган материалдардан да көрүнүп турат.

**«Улуг-Хорум» дөбөлөрүнүн топтому.** Буга мисал катары өткөн кылымдын 60-жылдарында Тывада «Улуг-Хорум» деп аталган дөбөлөрдүн топтому (скопление) табылгандыгын айтууга болот. Алар жаңы замандын I жана II миң жылдыгынын аралыгында жашаган енисей кыргыздарына тиешелүү болгон. Казылган дөбөлөрдүн ичинен жоокерчиликке тиешелүү 200дөн ашык жез буюмдары, колодон жана жезден жасалган буюмдар, эки кылыч, күмүш кумара ж.б. табылган. Алардын ичинде жезден жасалган жаанын учуна сайгыч, калкандуу жалпак темир, сооттун калдыктары, үзөңгүлөр, ооздуктар ж.б. да бар. Алардын ичинде эң баалуу деген табылга деп эки кылыч эсептелет. Анын биринде түз кеткен кылычтын мизи жана крест түрүндөгү айкашуу болгон. Канжардын мизи отко абдан ысыган соң, аны тең ортосунан бүктөп коюшкан. Бул болсо ээсинин артынан кылычтын да өлгөндүгүн билдирген (Ю.С.Худяков.). Бул буюмдар кыргыздардын жоокер эл экендигин, алардын колону, жезди, темирди, күмүштү ж.б. иштетишкендигин айгинелейт.

Ю.С.Худяков кыргыздардын куралданышына жана согуштук өнөрүнүн өнүгүшүнө талдоо жүргүзүп келип, мындай деген жыйынтыктайт: «Именно благодаря **умению изготавли-**

**вать превосходное оружие, о котором знали даже в далеком Китае, и умению хорошо им владеть на поле боя** кыргызы смогли сохранить свой народ и культуру в борьбе с многочисленными врагами на протяжении более двух тысячелетий и оставить заметный след в военной истории всего обширного региона Центральной Азии» (Сабля, 29).

Ю.С.Худяковдун маалыматында уйгур каганы Кутлуг 795-жылы кыргыздардын жерине кол салып, талап алганда колго түшкөн олжолордун ичинде «уйлар, койлор жер жайнап, эгин жана курал-жарак тоодой болуп үйүлгөнү» айтылат (156).

Ошентип, кыргыздар темирди иштетишкен, согушка керектүү курал-жарактарды өздөрү жасашкан, жасаганда да эң мыкты жасашкан жана мыкты колдоно алышкан. Алар курал-жарактарды түрктөргө сатышкан. Кыргыздардын куралдары мыкты болгондугу кытайлыктарга да белгилүү болгон.

**Калканч.** Байыркы кыргыздар согушканда жаа, жебе жана туу колдонушкан. Кыргыз темир усталары согушта коргонуу үчүн калканч да жасашкан.

Атчандар жаанын учтуу жебесинен жана кылычтан коргонуу үчүн колдорун жана буттарын жыгач калканчтар менен, ийиндерин тегерек калканч менен жабышкан (Н.А.Аристов, 447).

Н.Я.Бичуринде согушта жебелер менен жааларды жана туу колдонушат, атчандар колу-бутун жыгач калканч менен капташат; курч кылычтан жана жебеден сактануу үчүн ийиндерин тегерек калканч менен жабышат деп баяндалат (Собр.св., Алматы, 1998, I, 360-б.; Китепте: «Кыргыздар», 1993, I, 78-б.).

Мындай маалыматтар «Ханзуда» да бар. Анда: «Кыргыздардын туусу бар, демейде ал кызыл болот да, ар кайсы уруу өздөрүнүн белгисин түшүрүп алышат. Атчан жоокерлери жыгачтан калкан алып жүрөт, ал бутуна чейин жаап турат. Андан бөлөк тегерек калканы болот, ал жонду бычак, жебеден калкалап турат» деген маалыматтар бар («Ханзу», Жаңы Таңнаама, 294).

А.Н.Бернштам Енисейдеги көрүстөн табылгалары Енисей тургундарынын көчмөн жашоосу жана жоокерчилик турмушунан кабар берет дейт. Курал-жарак табылгаларына сөөктөн

жасалган жаанын жебеси жана темирден жасалган жаактуу жаа огу кирет. Ошондой эле ээр токумдун темир үзөңгүлөрү, жыгачтан жасалган калканч ж.б. табылган. Жебенин огунан же кылычтын мизинен сактаныш үчүн, жогоруда белгилен-гендей, жоокерлер ийиндерине чарайна кийишкен (А.Н. Берн-штам, 284). Ушундай калканчтар кыргыз усталары тарабынан жасалган.

С.В.Киселев «Однако кыргызские кузнецы выделывали в большом количестве и пластинчатые панцири», – дейт (330). Мындай калканчтар археологиялык казууларда табылган. Мисалы, Орто Енисейдин ар кайсы жеринен табылган 200дөн ашык темир пластина сымал калканчтар Миң-Суу музейинде сакталуу. Ал эми Сулек кыштагында чаатас дөбөлөрүнүн бириндеги ташка тартылган сүрөттө тизеге чейин жеткен калканч көйнөктүн сүрөтү даана көрүнүп турат (330).

Бул табылгалар кыргыз усталарынын аскерлердин согушта жаанын жебесинен, кылычтан жана канжардан коргонушу үчүн ар кандай калканчтарды жасашкандыгын далилдеп турат.

**Ат шаймандары: үзөңгү.** Кыргыздарга курал-жарак жана калканчтар кандай керек болсо, ат жабдыктары да ошондой эле керек болгон. Анткени согуш жөнүндө сөз болгондо аны атсыз элестетүү мүмкүн эмес.

Кыргыз темир усталары көп сандаган аттын шаймандарын да жасашкан. Мисалы, VI–VIII кк. Миң-Суу ойдуңунда изилденген күмбөздөрдө ооздуктар, үзөңгүлөр, ээрге арта салынган таралгалар ж.б. болгон. Миң-Суу музейинде алты үзөңгүнүн[1] миниатюралык сүрөтү (изображение) турат, алар Енисейде таштык маданиятынын мезгилинде эле пайда болгон жана Х кылымга чейин колдонулган «о чем свидетельствует находка их в минусинских погребениях с конем».

С.В.Киселевдун маалыматы боюнча «Стремена с пластинчатым ушком выделывались на Енисее и в IX–X вв., на что указывает их находка в Тюхтятском кладе» (331). Мындай үзөңгүлөр Алтайда, мурунку СССРдин европалык аймагынын

---

[1] *С.В.Киселевдо:* «Стремена из выгнутой восьморкой проволоки с плоским подножием, часто украшенным прорезиями» – деп берилген. 330-б.

түштүгүндө да табылган. Венгрияда мындай үзөңгүлөр VI кылымда пайда болгон жана VII–VIII кылымдарда кеңири тараган. Кийин, IX кылымда анын башка түрү[1] колдонулган.

**Ооздуктар.** Кыргыздар ооздуктарды абдан көп жасашкан. VI–X кылымдарда «были двусоставные кольчатые удила с вращающимися по концам дополнительными кольцами» (332). Көпчүлүк учурда алар «снабжены эсовидными псалиями с прикрепленными ушками для поводка». VI–VIII кылымдарда «некоторые псалии сверху были украшены головками барана, а снизу – схематическим изображением копыт» (332). Мындай ооздукту («псалия») койдун башы жана жаныбарлардын такасы менен кооздоо – эски скиф-тагар мезгилинен келаткан традиция болуп эсептелет.

IX–X кылымдарда кыргыз ооздуктары «имеют более простые железные псалии с утолщенными концами. Тогда же применяются и костяные эсовидные псалии» (332).

Кийинчирээк Енисейдеги жана Алтайдагы ооздуктар жаңы формада жасала баштайт: «отличающейся большими размерами концевых, свободно вращающихся колец» (332).

Ошентип, ооздуктар бара-бара өркүндөтүлүп отурган.

**Таралга** (пряжка). Кыргыз усталары ат жабдыктары үчүн ар кандай таралгаларды жасашкан. Алардын ичинде төмөнкүдөй таралгалар Алтайдагы таралгаларга опокшош болгон: «дугообразные с замковым язычком, вращающимся вместе с осью» (333–334). Мындай таралгалар VI кылымда да, X кылымда да колдонулган. Ушуга окшош темир таралгалар Батышта, мисалы, Венгрияда да таралган.

Ал эми IX–X кылымдарда кыргыздар аттардын туягына така кага башташкан (334).

Жогорудагы маалыматтарга караганда кыргыздын темир усталары согушта зарыл керек болгон курал-жарактарды жасашкан. Эң биринчи орунда, албетте, жаанын жебеси турган. Андан тышкары кылыч, канжар жасалган. Согушта аскерлер калканч колдонушкан. Ал аскер адамын жаанын жебесинен, кылыч жана канжардан ж.б. коргогон. Ошондуктан

---

[1] Бул түрү *С.В.Киселевдо* «стремена с четырехугольным ушком на верху дуги» деп берилген.

калканч да аскер адамы үчүн курал-жарактардай эле абдан керектүү болгон.

Албетте, согушту атсыз элестетүү мүмкүн эмес болчу. Ошондуктан курал-жарактар кандай керектүү жана зарыл болсо, ат жабдыктары да ошондой эле керектүү жана зарыл болгон.

Жогоруда келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай, курал-жарактар жана ат шаймандары VI–X кылымдарда колдонулуп, бара-бара өркүндөтүлүп жасалып отурган.

Ошондой курал-жарактардын, анын ичинде, жаанын жебесинин учунун жасалуу жана колдонулуу борбору – V–X кылымдарда Саян Алтай мейкиндигинде енисей кыргыздарынын жери болгон.

Кыргыздардын курал-жарактары абдан курчтугу жана сапаттуулугу менен атагы чыккан. Алар түрктөргө курал-жарак сатып турушкан, алардын курал-жарактары кытайлыктарга белгилүү болгон жана кытайлыктар кыргыздардын кериктин (носорог) терисин тешчү курал-жарактарын жогору баалашкан.

Албетте, ат жабдыктарын жасоо – кыргыз темир усталарынын да негизги иштеринен болгон.

Ошентип, кыргыз аскерлери жогоруда сөз болгон курал-жарактар менен куралданган, калканчтарды кийип, ат жабдыктары менен жабдылган күчтүү аттарга минип, өз элин, жерин тышкы душмандардан коргоп, элинин эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн.

**Айыл-чарба шаймандары.** Тагар-таштык маданиятынын мезгилинде курал-жарактардын зарылдыгынан келип чыккан темирди иштетүү өнүгүп отуруп, кийин айыл чарбага тиешелүү буюмдар жасала баштаган. С.В.Киселев: «Распространение плужного земледелия увеличило необходимость в железе для изготовления лемехов, сошников, отвалов, серпов и других сельскохозяйственных орудий», – дейт (325).

Кыргыздар айыл чарбасында темирден жасалган ороктордү, темир соколорду колдонушкандыгы археологиялык табылгалардан улам белгилүү болгон.

Ө.Караев кыргыздардын темир усталары айыл чарбасы менен үй-тиричилигинин муктаждыктарын да камсыз кылып

турушкандыгын маалымдайт. Ал Маловдун эмгегине[1] таянып, кыргыздар соко тиш, буурсун (*Ө.Караевде ушундай берилген – Г.Ж.*) орок, кетмен, балта, ошондой эле жыгач, темир, түстүү металлдарды иштетүүдө зарыл болгон ар түрдүү керектүү аспап-шаймандарды жасашкандыгын баяндайт.

В.В.Радлов жергиликтүү элдердин уламыштарына ылайык Абакандагы жана Енисейдеги мүрзөлөрдү кыргыздарга таандык дейт, ал мүрзөлөрдөн кийинки темир доорунун буюмдары табылган[2].

Ю.С.Худяков VI–VIII кылымдарга таандык чаатас доорунда айрым көрүстөндөрдө кабырлардан четирээк жерлерге жана корумдалган төрткүлөрдүн түбүнө казанактар оюлуп, аларга баалуу буюмдар, адеми идиштер, ат жабдыктар, курал-жарактар, кооздук-жасалгалар катылгандыгын маалымдайт. Ошондой эле жүгөндүн ооздугу, таралга, күрөк, соко тиш, балка ж.б.у.с. металл буюмдар түз эле корумдалган төрткүлөрдөн жолугат (*маалымат котормодо кандай болсо, дал ошондой берилди – Г.Ж.*) (Кыргыз маданиятынын эволюциясы. Китепте: Кыргыздар, 1993, 1, 167-б., которгон Э.Нурушев).

Кыргыздар көчмөн эл болгондуктан алардын конуштарында кандайдыр бир курулуштардын же туруктуу турак-жайлардын орду байкалбайт. Ошондуктан Ю.С.Худяков убактылуу мындай конуштарда металл эритүү, андан буюм-теримдерди, үй-тиричилигинин башка эмеректерин жасоо – кол өнөрчүлүк мүнөздө натуралдык чарбанын чектеринде жүргүзүлгөн деген пикирде.

Ошентип, кыргыздар темир иштетишкен, андан курал-жарактарды, айыл-чарба шаймандарын, зер буюмдарды ж.б. ар кандай керектүү буюмдарды жасашкан, курал-жарактарынын мыктылыгы менен башка элдерге таанылган.

**Зергерчилик, металл куюу.** А.Н.Бернштамдын пикири боюнча археологиялык ачылыштар Копен чаатасынын табыл-

[1] *С.Е.Малов.* Памятники древнетюркской письменности. – М.–Л., 1951.; *Ө.Караев,* Аталган эмгекте, 110-б.

[2] Маалымат төмөнкү эмгектен алынды: *В.В.Бартольд.* Кыргыздар. Китепте: Кыргыздар. 1993, II, 152, 167-бб.

галары менен бирдикте нерсени калыпка куюу, зергерчилик, данакерлөө ыкмасы темир затын иштетүүнүн көп кырдуулугун айкындайт жана кыргыздарда зергерлик жана металл куюу (литейное дело) өнөрү өтө өнүккөндүгүн көрсөтөт[1].

С.В.Киселев металл иштетүүчүлөрдө темир устачылык менен металл куюу бириктирилген дейт (333). Муну Миң-Суу жериндеги табылгалар көрсөтүп турат: «находки… кыргызских металлургов одновременно и железных шлаков, и пролитой бронзы» (333).

Баалуу металлдар – алтын менен күмүштү[2] иштетүү ошол эле чөйрөдө, мүмкүн, адистердин тар чөйрөсүндө иштетилген болуу керек деп болжолдонот. Коло, алтын, күмүштөн жасалган буюмдардын бири-бири менен тыгыз байланыштуулугу мына ушул ойду ырастап турат. Бул тууралуу С.В.Киселев мындай дейт: «Трудно отделить на Енисее ювелира от литейщика или кузнеца» (Енисейские кыргызы. Китепте: Кыргыздар. 10 том, 2011, 333).

Кыргыздардын металл куюучулары менен зергерлеринин негизги жасаган буюмдары – жеке зер буюмдар, эркектердин курлары жана ат жабдыктар болгон.

Кыргыз ак сөөктөрүнө тиешелүү көрүстөндөрдөн табылган буюмдардагы оймо-чиймелер енисейлик металл куюучулардын жана зергерлердин өтө кылдат, чебер адис экендиктерин көрсөтүп турат, алар ак сөөктөрдүн агыл-төгүл керектөөлөрүн оңой эле канааттандырып турушкан.

Көрүстөндөрдөн табылган зер буюмдар VI–VIII кк. жасалгалардын түрүн сактаган жана Алтайдагы жасалгаларга окшош болгон.

А.Н.Бернштам Копен чаатасынын табылгалары кыргыздардын өнүккөн соода жана маданий байланыштарын айкындап турарын белгилейт. Окумуштуу алардын (кыргыздардын)

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Енисей кыргыздарынын б.з.VI–X к.к. коомдук экономикалык түзүлүшү. Китепте: Кыргыздар. II, 1993, 287-б.

[2] Жазма эстеликтерде алтын менен күмүшкө чоң маани берилген. Алар барган сайын алмашуу соодасында (меновая торговля) активдүү колдонула баштаган. Баалуу металлдардын наркынын көтөрүлүшү сооданын өнүгүшүнө алып келген. Эстеликтердеги жазууларда алтынды өндүрүүгө көп көңүл бу

маданияты сасанилик Ирандын жана Кытай маданиятынын тогошунун таасири астында калыптануу менен бирге аларды жөн гана кабыл албастан, өздөрүнүн маданий талаптарына ылайыкташтырганын белгилейт (А.Н.Бернштам, Аталган эмгекте, 1993, II, 287).

**Өсүмдүк орнаменттери ж.б. оймо-чиймелер кыргыздарда.** Л.А.Евтюхованын эмгегине[1] таянып, Ө.Караев адамдын тулкусу чөгөрүлүп, өсүмдүктөр орнаменти менен асемделген ушундай көп сандаган буюмдар Тюхтят көрүстөн казынасынын курамынан табылгандыгын маалымдайт (Ө.Караев. Кыргыздар. Китепте: Кыргыздар. I, 1993, 111-б.).

Эгерде Алтайга алгачкы орнаменттүү мотивдер белгисиз болгон болсо, Енисейде мындай оймо-чиймелер (узоры) VII–VIII кк. эле пайда болгон. Мисалы, Копен дөбөлөрүндөгү алтын курдун тогоосуна татаал тордомолуу жана түркүн түстөгү өсүмдүк орнаменттери салынган. Бул тордомолуу (ажурный) оймо-чиймени изилдөө – анда кытай элементтери бар экендигин көрсөткөн.

Бул Кыргыз-Кытай байланыштарын көрсөтүп турат. Муну С.В.Киселев мындай деп ырастайт: «Между тем нигде в Сибири не проявлются в такой степени для VI–X вв. сношения с Китаем, как у енисейских кыргызов» (341). С.В.Киселев ошондой эле IX–X кк. жаңы Тухтят, Сросткин жана Змиев жасалгаларынын жаратылышы кыргыздардыкы дейт.

Ө.Караев таш дөбөлүү көрүстөндөрдүн – чаатастардын казыналар катылган казанактарынан С.В.Киселев менен Л.А. Евтюхова бир нече алтын идиштерди жана алтын жалатылган табактарды табышкандыгын маалымдайт, анын ичинде өсүмдүк орнаменти жана тири шумдуктуу жандыктардын (*Ө.Караевде ушундай берилген – Г.Ж.*) турпаты чөгөрүлгөн идиштер болгон. Ушундай жана башка канаттуулардын, ба-

---

рулган жана өлгөн кишиде канча алтын болгондугуна да олуттуу маани берилген. Бегре текстинде алтын «алгыдан» деген термин менен кездешет. *Караңыз:* А.Н.Бернштам. Избр.тр., II, 1998, 184-б.

[1] *Л.А.Евтюхова.* Археологические памятники енисейских кыргызов. (Хакасов, 71-б.).

лыктардын сүрөтү чегерилген, башка да асемдер түшүрүлгөн кемер курлар, ат жабдыктарды кооздоо үчүн колодон, күмүштөн жана алтындан тогоолор жасалган.

IX–X кылымдарда кыргыз усталары тарабынан ат жабдыктары жана курлар үчүн темирден жасалган кооз зер буюмдар кеңири тараган. IX–X кылымдарда Тюхтят казынасынан (Тюхтятский клад) мына ушуга окшогон бир нече темир тогоо (бляха)[1] («в виде длинных заостренных наременных пластинок») табылган. Тогоонун бетинде геометриялык нокоттуу, тегерек жана кабырчыктуу оймо-чийме чегилген (С.В.Киселев, 333).

С.Киселев[2] Копён Чаатасынан бир чоң мүрзөнүн («в 30 к западу от середины стенки могильной ямы») көмүскө жайынан ичине кумура түрүндөгү төрт алтын идиш (золотые сосуды) салынган алтын чуңкур идишти тапкан. Алардын экөө түр салынбаган, биринин түбүндө жазуусу бар, калган экөө өсүмдүктөр түспөлүндөгү оймо-чиймелер менен кооздолгон. Кумуранын түбүндө «биз бектин кумганын бердик» деген жазуу бар. Бул кумуранын тартуу же белек катары берилгендигин, ал эми анын «бектен» экендиги – тартуунун баалуулугун билдирип турат. Башка идиштеги жазууда «алтын» деген сөз даана окулат (калган жазууларды окууга мүмкүн эмес), бул буюмдун наркын аныктап турат.

Өзгөчө сасанилик Ирандын жана Кытайдын искусствосунун таасирин өзүнө сиңирген орнаменттер менен жыш капталган идиштер илимий кызыгууну жараткан. С.В.Киселев белгилегендей эле мындай идиштердин арасында сасани доорундагы ирандык көркөм традицияны, ошол эле учурда талаа өнөрчүлүгүнүн өзгөчө фантазиясын жана табитин өзүнө сиңирген идиштерди көрүүгө болот (Избр.тр., II, 1998, 184).

[1] **Блях/а** *ж* **1.** тогоо, төңөлүк, чагарак, таралга; ат жабдыктарын, мебелдерди кооздоодо колдонулуучу жука металл, купа, көрчөгө (*сөздүктө ушундай берилген – Г.Ж.*). Орусча-кыргызча сөздүк, А–И, 2012, 136-б.

[2] *Л.Евтюхова, С.Киселев.* Десятый сезон раскопок Саяно-Алтайской экспедиции ИИМК и ГИМ. КС ИИМК, № 3, 1940; *С.Киселев.* Находка античных византийских монет на Алтае. ВДИ, № 4, 1940; *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 184-б.

Башка көрүстөндөн кийизге оролгон ат жабдыктарынын жасалгалары табылган «в виде бронзовых наременных накладок, больших блях из низкопробного серебра и золотые богато украшенные бляхи». Алардын коoздолушу жогорудагы идиштердин оймо-чиймелерине окшош болгон (Аталган эмгекте, 185).

Ошентип, кыргыздар металл иштетүү, андан ар түрдүү буюмдарды жасоо менен бирге эле, аларды жасалгалоо, коoздоо чеберчилигине да ээ калк болгон.

**Айбанаттар стилинин[1] кыргыз буюмдарында сакталышы.** Башка көрүстөндөрдөн табылган ат жабдыктарынын жана ээр жабууларынын төрт бай комплектисинде көп катмарлуу композиция чагылдырылган: атта жанынын бардыгынча чаап бара жаткан киши артына кайрылып, ага секирген жолборсту жаа менен атып жатат[2]. А.Н.Бернштам бул жасалгалар, чамасы, териден жасалган тердиктин үстүнө токулуучу жабууга (кожаный чепрак) түшүрүлгөн дейт. Атчандын үстү жагында кы-

---

[1] «Звериный стиль» «Кыргыз тарыхы» сөздүгүндө (1990) «Айбанаттар стили» деп берилген. Биз ушул сөздүккө таянып, «айбанаттар стили» деп бердик. «Айбанаттар стили» Б.Урстанбеков менен Т.Чороевде мындайча берилет:

**«АЙБАНАТТАР СТИЛИ (Звериный стиль)** – байыркы адамдардын сүрөт өнөрүнө мүнөздүү болгон өзгөчө бир стилди белгилөөчү **шарттуу термин** (*белгилеген – Г.Ж.*). А.С.коло доорунда пайда болуп, темир доорунда ж-а алгачкы таптык мамлекеттерде бир кыйла өнүккөн. Бул стиль орто кылымдардагы кол өнөрчүлөрдүн жасаган буюмдарында (уздардын ойгон оюулары менен сайган саймаларында) сакталып калган. Тотемизмге байланыштуу адегенде бул стилде тартылган жаныбарлардын сүрөтү кийинчерээк оюунун шарттуу бир тарамына айланып кеткени м-н символдук өзгөчөлүктөрү б-ча кайсы жаныбар чагылдырылып жатканын таасын аныктай алууга болот. Бул стилге таандык үлгүлөр Кыргызстандын аймагындагы аска беттеринде тартылган сүрөттөрдү, айрым археологиялык эстеликтерде кезигет. *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф., 1999, 9-б.

[2] Жаа менен атып жаткан атчандын мотиви байыркы болуп эсептелет. А.Н.Бернштам ал «восходит к ахеменидским барельефам. Наиболее близкая аналогия может быть показана в терраковой статуэтке парфянского или скифского стрелка эллинистической работы из Сирии», – дейт. Окумуштуу бул пикирин айтууда төмөнкү эмгекке таянат: F.Sarre. Die Kinst des Alten Persien. Berlin, 1925, табл.54.

тай стилинде тартылган булут, төмөн жагында токой менен капталган тоолор жана сүрөттүн борборунда тегерене чуркаган жапайы жырткычтардын сүрөттөрү орун алган.

Окумуштуу бул композициянын сюжети сасани искусствосуна толугу менен окшош экендигин белгилейт, бирок ошол эле учурда экспрессивдүүлүгү жана фигуралардын трактовкаланышы жагынан өзгөчөлүгү бар дейт (287).

Мына ушул сюжеттин өзгөчөлүгүн С.Киселев мындайча чечмелеген: «Мында мурунку скиф-сармат доорундагы евроазия талааларындагы урууларда үстөмдүк кылган, ажайып талаа «жырткыч» искусствосунун традициялары сакталган, ошондой эле жогоруда каралган **тордомолуу тогоолор** (ажурные бляхи) **VII–IX кк. кыргыздардын көркөм табитине али да болсо таасирдүү болгондугун көрсөтүп турат»** (*белгилеген – Г.Ж.*) (Избр.тр., II, 1998, 185).

Ошондой эле VI–VIII кк. Капчал көрүстөнүнөн курлардын күмүш тогоолору (бляха) табылган. Ал тогоолордун биринде койду тытмалап жаткан жырткычтын сүрөтү тартылган (Киселев. 2011, 10, 334). Бул тогоо кыргыздарда мурунку тагарташтык, «скиф-сарматтык» традициялардын сакталгандыгын дагы бир жолу далилдеп турат.

Ошентип, кыргыздарда кол өнөрчүлүк өнүгүүнүн бийиктигине жеткен. Металлды иштетүү, андан курал-жарактарды, калканчтарды, ат жабдыктарды, айыл чарбасына тиешелүү буюмдарды жасоо, андан тышкары ат жабдыктарына, адамдар колдонуучу буюмдарга (тогоо, кур, идиш, зер буюмдар ж.б.) ар түрдүү оймо-чиймелерди (геометриялык, тегерек, кабырчыктуу ж.б.) чегүү, өсүмдүк орнаменттерин (тордомолуу ж.б.), айбанаттар стилиндеги сүрөттөрдү түшүрүү, жез, алтын, күмүштөн зер буюмдарды жасоо ж.б. – мына ушунун баары кыргыз кол өнөрчүлөрү тарабынан эң бийик чеберчиликте жасалган.

**Карапачылык** (гончарное). Кыргыздарда карапачылык да өнүккөн. Ашканада урунуучу жөнөкөй идиш-аяктар, андан тышкары вазалар жасалган жана алар абдан кеңири колдонулган. Бул тууралуу Ө.Караев: «Күрөң чоподон жумуртка кебетелентип, түп жагын кууш кылып, оозун кенен чыгарып

абдан башык идиштерди жасашкан. Алар «Кыргыз вазасы»[1] деген ат менен белгилүү болушкан. Идиштердин капталдарына чегедектин сүрөтү чөгөрүлүп, коoздолгон», – дейт (Аталган эмгек, 111-б.). Ө.Караевдин пикири боюнча алар абдан бааланган болуу керек, анткени айрымдарына **менчик белги катары эн тамгалары басылган** (*белгилеген – Г.Ж.*) (Аталган эмгекте, 111-б.).

С.В.Киселев вазалар мурунку таштык маданиятына мүнөздүү белгилерди сактагандыгын, колго жасалгандыгын белгилейт. Алар VI–VIII кк. кыргыз көрүстөндөрүнөн абдан көп табылган.

Ваза жасалган чопонун сапаты абдан мыкты болгон. Сууга чөгөрүп жука ажыратылып алынып, бышырылгандан кийин керамиканы эмес, боз түстөгү ташты элестеткен шаңгыраган карапага (черепок) айланган. Кыргыз вазасынын сапаты б.з. башындагы хуннуларга тиешелүү болгон ноинулин көрүстөндөрүнөн табылган идиштерге жакындашкан (341).

Кыргыз вазасы созулган жумуртка кебетеленип, мойну узун келип, башы кеңейген формада болгон. С.В.Киселевдун маалыматы боюнча кыргыз карапаларына тышкы көрүнүшү боюнча Түндүк Кытайда, Монголияда жана Бурятияда табылган айрым идиштер толугу менен окшошот. Өзгөчө Монголиядагы Наинтэ-Сумэ капчыгайындагы мүрзөлөрдөн VI–VII кк. табылган идиштерге өзгөчө окшош. Бул окшоштук – сырткы түрүндө гана эмес, сапатынын жана оймосунун окшоштугунда. Монгол карапалары сыяктуу эле енисейлик «кыргыз вазаларынын» көпчүлүгү «украшены широким поясом идущего по плечам ёлочного орнамента, нанесённого путем последовательных отпечатков штампа» (341).

Бул өзгөчөлүктөр жана окшоштуктар «кыргыз вазаларынын» жасалышы, түрү жана оймо-чиймелеринин жаратылышы – түштүктүк экендигин көрсөтүп турат. Ошондой эле кыргыз вазаларын жасоодо кытай ыкмалары колдонулгандыгын белгилөө керек. Мындай окшоштуктардан улам айрым изилдөөчүлөр енисейлик вазаларды түштүктөн келген, Кытай-

[1] **Ваза** *ж* ваза. Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, Б., 177-б.

дан болбосо да, Монголиядан алынып келинген деген пикирди айтышкан. Мындай пикирге С.В.Киселев макул эмес. Анткени мындай чоң, бир кыйла морт жана оор жүктөр массалык түрдө оңойлук менен өтө албай турган тоодогу жалгыз аяк жол менен түштүктөн алынып келиниши мүмкүн эмес эле.

С.В.Киселев туура белгилегендей, «кыргыз вазаларынын», сөзсүз, түштүктүн жасап чыгаруу ыкмалары колдонулган жергиликтүү енисейлик өндүрүшү болгон.

Миң-Суулуктар чопону иштетүү боюнча кытай техникасы менен мурунтан эле тааныш болушкан. Ал эми вазалардын формалары VI–VII кк. түштүктө жасалган. Себеби, жогоруда айтылгандай, Бурятияда жана Монголияда мурунку хунн доорунда эле формасы боюнча Наинтэ-Сумэдегидей жана «кыргыз вазаларына» окшош идиштер болгон.

Кыргыз вазаларынын түштүктүк үлгүдө жасалышы – енисей кыргыздарынын Кытай жана Монголия менен тыгыз байланышын көрсөтөт. С.В.Киселев: «На то, что в этих связах кыргызы занимали исключительное положение сравнительно с другими народами Южной Сибири, указывает распространение ваз. Они найдены только в Монголии и Бурятии и в особенно большом числе в Минусинской котловине» (342), – дейт.

Бул фактылар кыргыздардын Түрк каганатынын доорунда согуштук кагылышуулар күчөп турган кезинде Монголиянын эли менен тыгыз байланышы болгондугун көрсөтүп турат.

**Кыргыз таш сомдоочу жана оюучу адистер.** Үчүнчү уйбат жазуусу орхон алфавитинин билимдүү таш сомдоочу жана оюучу адистери болгондугун көрсөткөн. Жазууда бул чеберлердин «чебер адамдардын балдары» («сыновья искусных людей» – В.С.Киселев) деп аталгандыгы сакталып калган. Мунун өзү мындай өнөрдүн атадан балага өтүп тургандыгын көрсөтүп турат (С.В.Киселев, 343).

Ө.Караев кыргыз кол өнөрчүлөрүнүн арасында таш сомдоочулар менен оймочулар да болушкандыгын кабарлайт. Алар көрүстөн саганаларына даректүү санжыраларды оюп жазышкан. Ошондой эле алар кыргыздардын турмушундагы күнүмдүк тиричиликке жана согуштарга байланышы бар аска таштардагы сүрөт чиймелерин да чегишкен (1993, 1, 111-б.).

Бул маалыматтар кыргыздарда билимдүү, ташты сомдоочу жана оюучу атайын адистердин болгондугун далилдеп турат. Мындай өнөр укумдан-тукумга өтүп турган десек жаңылышпайбыз.

## Кыргыздардын соодачылыгы

Г.Клапрот кыргыздар жөнүндө баяндап жатып, алар (*кыргыздар – Г.Ж.*) Хакас деген ат менен белгилүү болуп турган замандарда эле жазууну билип, Арабдар, Бухаралыктар (*китепте баш тамга менен берилген – Г.Ж.*) жана батыштагы башка элдер менен соода-сатыкты кызуу жүргүзүп турушкандыгын, Волга менен Дондун боюнда жашаган Хазарлар менен дайыма соода-сатыкты өзгөчө көп жүргүзүшкөндүгүн баяндайт. Ал эми тигилер[1] болсо өз кезегинде Константинополдун императорлору менен да ошондой эле тез-тез байланышып турушкан (254).

Кыргыздардын башка элдер менен соода-сатык байланышы тууралуу С.В.Киселев: «В отличие от многих центральноазиатских владений кыргызы, по словам китайцев, находились в дружественных торговых сношениях с карлуками (Гэлолу), с тибетцами (Туфанью), с Тохаристаном (Дахя) и с арабами (Даши). Туда кыргызы сбывали свои «произведения» и оттуда получали ценные товары»,[2] – дейт.

Бул соода байланышы кытай жазма булактарында катталган. Ал түгүл бул соода катнашындагы майда деталдар да кагазга түшүрүлгөн. Мисалы, «туфанцы при сообщении с Хягасом боялись грабежей со стороны ойхоров, почему брали провожатых и Гэлолу» (С.В.Киселев, 346), – деген маалымат бар.

**Курал-жарак. Алмашуу** (обмен). Кыргыздардын темирден жасалган буюмдарына болгон керектөөчүлүк – башка өлкөлөр

---

[1] Китепте *тигилер* деп берилгени сакталды, бирок автор *тигилер* дегенде арабдар, бухаралыктар жана хазарларды айтып жатат деп түшүнүү керек. Караңыз: *А.Левшин*. Кыргыз-кайсактар же кыргыз-казактар тууралуу тарыхый маалыматтар. Китепте: «Кыргыздар». 1993, 2, 254–255-бб. Которгон: М.Кожобеков.

[2] *С.В.Киселев*. Енисейские кыргызы. Китепте: Кыргызы. 10-том. Түзүүчүлөр: К.Жусупов, К.Иманалиев. – Б., 2011, 346-б.

менен, мисалы, Кытай, Орто Азия, Тибет менен болгон соода-сатык алакасынын калыптанышына алып келген.

Кыргыз кол өнөрчүлүгүнүн татаал системасы белгилүү бир деңгээлде алмашууга (обмен) ылайыкташкандыгын С.В.Киселев белгилейт.

Кыргыздар жасаган жаанын жебесинин темир учу Сибирдин коңшу аймактарына чейин кеңири тараган. Кыргыздардын металлдан куюп жасаган буюмдары да кеңири жайылган. Металл иштетүү кол өнөрчүлүгү жана алмашуу (обмен) – чарбанын эң маанилүү тармагына айланган.

Мурун айтылгандай, кыргыздардын өзүнүн металлдык өндүрүшү болгон, В.В.Бартольд бул балким качандыр бир убакта Енисейде жашаган, коло маданиятынын элинен мураска калган болушу мүмкүн, кыргыздарга темир эчактан бери белгилүү болушу керек дейт[1].

Тарыхый маалыматтарда кыргыздардын кытай ханышасына темирден курал жасап беришкендиги, ал эми түрктөргө курал-жарактардан салык төлөп келишкендиги тууралуу маалыматтар бар. Бул кыргыздардын металлды иштетүү өнөрү мурунтан бери эле келаткан көрүнүш экендигинен кабар берет.

Кыргыздар алтынды да иштетишкен жана соода кылышкан («кыргызы торговали золотом» – С.В.Киселев, 343).

Кытайлыктардын кыргыздар жасаган курал-жарактар мыкты деп жогору баалашкандыгы тууралуу маалыматтарынан улам кыргыз курал-жарактарынын эл аралык рынокко чыккандыгын, кытай императорунун армиясына чейин кирип барганын божомолдоого болот (С.В.Киселев, 343).

**Баалуу терилер.** Кыргыз жергеси ар түрдүү териси баалуу жаныбарларга бай болгон. Бул Гардизиде айтылат. Ал кыргыздарга Тогуз-огуз өлкөсүнөн, б.а., Чыгыш Түркстандан келчү соода жолу жөнүндө маалымдап жатып, кыргыздардагы аңчылыкка ылайыктуу жерлер жөнүндө: «...талаада Манбек-Лу аталган тоого дейре булактар жана аң уулоого чер жер, анда көптөгөн кундуз, тыйын чычкан жана мускустуу антилопалар бар, чер токойу (*китепте ушундай берилгени сакталды – Г.Ж.*) аң уулоого бай», – деген (Китепте: Кыргыздар, 2, 1993, 276).

[1] *В.В.Бартольд*. Кыргыздар. Китепте: Кыргыздар, 2, 1993, 151-б.

Кыргыздар аңчылык кылышкан. С.В.Киселев белгилегендей, кыргыздар аң терилери менен, ошондой эле алтындан жасалган буюмдар менен соода кылышкан. Кыргыздардын Азия рыноктору менен болгон байланышы IX–X кылымдарда да сакталган (343).

Араб соодагерлеринин кыргыз өлкөсүнө кеткен жолду билишкендиги тууралуу маалымат бар, бул – алардын ортосундагы соода-сатык алакасынын дайыма болуп тургандыгынан кабар берет.

**Мускус.** Енисей кыргыздарынын жери Улуу Жибек жолунун бутактанып тараган аймагында болгондуктан, соодагерлер алардан баалуу буюмдарды, мисалы, кундуздун терисин, жезден жасалган буюмдарды, мускус («ароматическое вещество выделяемое железами»), хуту деп аталган токойдо жашаган мифтик жаныбарлардын мүйүзүн ж.б. буюмдарды алып турушкан.

Дээрлик бардык тарыхый булактарда кыргыздарда мускус бар экендиги айтылат. Гардизинин текстинде да «Кыргыз өлкөсүнөн мускус, аң тери жана хутунун[1] мүйүзүн алып келишет» деген маалымат бар.

Худуд ал-Аламда[2]: «Кыргыз өлкөсүнөн көптөгөн мускус жана баалуу терилер, дагы кайың дарагы (кыязы, кабыгы) жана бычак сабын жасоо үчүн хуту мүйүзү чыгарылат», – деп жазылган.

---

[1] *Хуту* – бычактын сабын жасоодо колдонулат. А.Н.Бернштамда *хутунун мүйүзү* деп берилген (которгон – Мурат Кожобеков). Караңыз: А.Н.Бернштам. Кыргыз мамлекетинин өз эркиндиги үчүн күрөшү. Китепте: Кыргыздар, 2,1993, 276-б.; С.В.Киселевдо *морждун азуусу* деп берилген (334).

[2] Худуд ал-Алам, «Границы мира» – перс тилиндеги анонимдик эмгек, ал хижаранын 372-жылы, б.а., биздин замандын 982–983-жылдары жазылган. Бул эмгек бир гана кол жазма түрүндө бизге жеткен. Ал 1892-жылы Бухарада маркум А.Г.Туманский тарабынан табылган. Ошондуктан орус илимий адабияттарда «Туманскийдин кол жазмасы» деген ат менен кездешет. Караңыз: *В.В.Бартольд*. Аталган эмгекте (Избр.,), 196-б.

В.В.Бартольд кыргыздардын өлкөсүнөн сыртка чыккан товарлардын ичинен мусулман өлкөлөрүндө мускус[1] көбүрөөк баалангандыгын белгилейт. Анын пикири боюнча Ыраакы Чыгыш өлкөлөрүнөн алынып келинген товарлардын ичинен бул товар деңиз соодасы менен кургактагы сооданын ортосундагы атаандаштыкка таасир этиши мүмкүн эле (В.Бартольд, Избр., 201).

Х кылымдагы географ Хаукал кургак жер аркылуу Тибеттен жана кыргыз жеринен келген мускусту сапаты жана баасы боюнча эң мыкты деп белгилеген.

**Хуту мүйүзү.** Перс тилинде 982–983-жж. жазылган «Туманскийдин кол жазмаларында» («Рукописи Туманского») кыргыздардан кайың дарагы жана бычактын сабы жасала турган хуту мүйүзү алынгандыгы кабарланат.

Кыргыз өлкөсүнөн бычактын сабын жасоо үчүн хуту мүйүзү алына тургандыгы Гардизиде, Худуд ал-Аламда да айтылат. Ал эми бул боюнча С.В.Киселевдун пикири мындай: «Хуту – моржовый[2] клык, который кыргызы перепродавали, получая его с севера» (344).

**Кайың.** Кайың тууралуу кытай жазмаларында кыргыздарда «более всего растет береза»[3] деген маалымат бар, мына ушул кайың Кытайга сатылган болуу керек деп болжолдойт С.В.Киселев.

**Импорт: жибек.** Кыргыздар, албетте, сырттан да буюмдарды алышкан. Мисалы, кыргыздарда жибек өндүрүү болгон эмес. Ал эми кыргыздардын бай аялдары буулум, торко, жибек кездемелерден кийим кийишкен. Ошондуктан жибек башка өлкөлөрдөн алынган.

Кытай жазма булактарында кыргыздарга Дашадан 20дан ашпаган төөгө жүктөлгөн саймалуу жибектердин келгендиги;

---

[1] Мускус кыргызча «*жыпар*» деп которулган. Караңыз: *В.В.Бартольд*. Кыргыздар. Китепте: Кыргыздар. 2, 151-б. Которгон Д.Сулайманкулов.

[2] **Моржовый, ая, -ое** морж…; ~ **клык** морждун азуусу. Орусча-кыргызча сөздүк, К–О, 2012, Б., 313-б.

[3] Собрание сведений… II, 1998, Алматы, 360-б. Азыр деле Том жана Енисей губернияларынын түштүк чеги (айланасы) кайындарга өтө бай келет.

бирок эгерде алардын баардыгы 20 төөгө батпай калса, 24 төөгө жүктөшкөндүгү, мындай кербен кыргыздарга үч жылда бир келип тургандыгы айтылат.

Мисалы, «Ханзу жазмаларында» кыргыздардын дайыма арабдар, тибеттиктер, карлуктар менен өз ара тыгыз, карым-катыш мамиледе болушкандыгы маалымдалат. Тайпиң жылдарындагы эстеликтерде» кыргыз аялдары «жүн, торко кийим кийишет. Ал эми бай-бардарлары кийимди буулум жибектен кийет. Ал кездемелерди кучар (Анши) аймагы, Беш балык (бейтиң), араптардан (*китепте ушундай берилгени сакталды – Г.Ж.*) соодага алып келишет», – деген маалымат бар («Ханзу», Тайпиң жылдарындагы эстеликтер, 364-б.).

Ошондой эле «Ханзуда»: «Тибеттен каттоочулар уйгурлардын карактоосунан коркуп, карлук жеринде тыныгып турат экен да, кыргыздар келип, аларды коргоп өткөрүп кетишет экен. Араптарда бир түрдүү оор торко (Олпок) болуп, аны 24 төөгө жүктөсө араң алып келгени болот экен. 24 төөгө бир нерсени туташ жүктөгөнү болбойт, айтор 24 бөлүп жүктөгөн чыгар. Аны ар үч жылда бир жолу Кыргыздарга жеткирип турган», – деп жазылат («Ханзу», Жаңы Таңнаама, 297-б.).

Бул маалыматтар, жогоруда айтылгандай, кыргыздардын арабдар, тибеттиктер жана карлуктар менен достук мамиледе болушкандыгын жана алар менен соода байланыштарын үзгүлтүксүз жүргүзүп турушкандыгын айтып турат.

Дегиңкиси, арабдар кыргыздарды карлуктардын бир аз бөлүгүнүн жана тогузгуздардын түндүктөгү коңшусу катары билишкен. Алар кыргыздарды ыраакы түндүк-чыгышта жашаган эл деп эсептешкен, ээлеген жерлери чыгышта океанга чейин жеткен деп билишкен (В.В.Бартольд, Избр.,197-б.).

В.В.Бартольд Таң-Шудагы маалыматка таянып, IX–X кылымдарда кыргыздарга арабдардан гана эмес, Кучадан жана Бэйтинден, башкача айтканда, уйгурларга таандык болгон Бешбалыктан кездеме келип тургандыгын айтып, демек, кыргыздардын уйгурлар менен да соода келишими болгон болуу керек дейт.

Ошентип, кыргыздар менен уйгурлардын ортосунда соода байланышы болгон. Муну С.В.Киселевдун маалыматы да тас-

тыктайт (346). Ал уйгурлардын кыргыздар менен душмандашып турганына карабастан, кыргыздар Чыгыш Түркстандагы уйгур шаарлары менен соода жүргүзүүнү токтотушкан эмес дейт (343).

Мындай соода байланышынын болгондугун Гардизинин маалыматындагы тогузгуздардын аймагынан Енисейдеги кыргыз каганынын ордосуна кеткен жол (Кегмен тоосунан же Саян-Тоо кыркасынан түндүккө кеткен 7 күндүк жол)[1] да тастыктайт.

**Кытай күзгүлөрү.** Кыргыздардын тыштан жибектен башка да буюмдарды алышкандыгын археологиялык маалыматтардан билүүгө болот. Мисалы, С.В.Киселевдун маалыматы боюнча «Из Китая, например, вывозились металлические изделия – плуги с отвалом, сбруйные изделия и особенно в большом количестве зеркала» (344).

Кытай күзгүлөрү ошондо эле көп санда келчү экен.

Миң-Суу ойдуңундагы табылгаларга кытай монеталары да кирет, бул дагы кыргыздардын Кытай менен болгон байланыштарын көрсөтүп турат.

**Кытай монеталары.** С.В.Киселевдун маалыматы боюнча Кытайдын тарыхында Тан дооруна чейинки дүрбөлөңдүү мезгилде түндүк менен карым-катыш чектелүү болгон. Мисалы, VI кылымда Енийсейде болгону 4 монета табылган. Бул мезгилдеги кыргыздар менен Кытайдын соода байланышы тууралуу С.В.Киселев мындай дейт: «Очевидны военная слабость Китая и протводействие со стороны жуан-жуаней и тюрок, в первый период, кыргызской торговле с Китаем»[2].

Кийин, VII кылымда, 20-жылдарда Кытайдагы Тан бийлиги чыгыш түрктөрдүн жерин ээлеп алганда, абал таптакыр өзгөргөн. Соода жанданган. Миң-Суу ойдуңунда ар кайсы жерлерден 621-жылы чегилген 45тей кытай монетасы табылган.

Бирок 661–663-жж. башталган түрктөрдүн боштондук үчүн Кытайга каршы согушу жана 682-жылы каганаттын кайрадан калыбына келиши, б.а., өз алдынчалыкка ээ болушу –

---

[1] Бул кыргыздарга карай кеткен жалгыз жол мусулман адабияттарында көрсөтүлгөн.

[2] *С.В.Киселев.* Енисейские кыргызы. Китепте: Кыргыздар.10, 2011, 344-б.

кыргыздар менен Кытайдын ортосундагы соода байланышына өз кедергисин тийгизген. Мына ушул мезгилдерде, б.а., VII кылымдын экинчи жарымында VIII кылымдын биринчи жарымында Миң-Суу табылгаларынын арасында бир дагы кытай монетасы жок (345).

Бул мезгилдин аралыгында кыргыз элчилиги Кытай Сарайына бир нече жолу баргандыгы катталган, бирок «очевидно, это были дипломатические миссии с целью координировать борьбу с общим врагом – тюрками и торгового значения они не имели» (345).

Уйгурлар үстөмдүк кылып турганда Кытай менен кыргыздардын соода байланыштары басаңдаган.

Кыргыздар 840-жылы уйгурларды жеңип, кыргыз каганы (Йаглакар) өзүнүн ордосун Лао-шань тоосунун түштүгүнө (Танну-Ола болуу керек дейт С.В.Киселев) көчүргөндө кыргыздардын Кытай менен соода байланышы дароо жанданган. Мисалы, 814–846-жж. Миң-Суу ойдуңундагы табылган монеталардын саны – 237 болгон. IX кылымдагы кыргыздардын Кытай менен соода байланышынын көтөрүлүшү алардын Борбордук Азиядагы үстөмдүк абалы менен байланыштуу болуу керек.

Бирок мындай абал көпкө созулган эмес. Анткени X кылымдын башында кидандардын кысымы менен кыргыздар Танну-Оланын түштүгүндөгү өздөрүнүн ордосун калтырууга аргасыз болушкан (345).

X кылымдын жарымынан баштап Миң-Суу музейинде 4 гана кытай монетасы болгон. X кылымдын аягында жана XI кылымда кайрадан Кыргыз-Кытай соода байланыштары жанданып, Енисейге кайрадан кытай монеталары кире баштаган.

Ошентип, кыргыздар менен Кытайдын ортосундагы соода байланыштары ошол мезгилдеги саясий кырдаалдарга жараша болгон.

С.В.Киселев кыргыздардын чарбасы жана соодасы тууралуу маалыматтар кыргыздардын таланттуу эл болгондугунан кабар берет дейт: «Они (*кыргызы – Г.Ж.*) **отличались трудолюбием, талантливостью в ремеслах и предприимчивостью в торговых предприятиях»** (346), – дейт.

Кыргыздар мал чарбасы, айыл чарбасы, кол өнөрчүлүгү, соода жүргүзүү болобу – бардыгын мыкты өздөштүрүшкөн жана бардык жагынан мыкты ийгиликтерге жетишишкен.

**Кыргыздардын үйлөрү. Ажонун ордосу**

Кыргыздар кийиз менен жабылган боз үйлөрдө жашашкан.

Худуд ал-Аламда: «Алар боз үйлөрдө жашашат», – деп айтылат. Мындай маалымат Тан-Шуда да бар.

Ажо Кара Тоодо кийиз менен жабылган боз үйдө (Мидичжы) турган.

Бул Н.Я.Бичуринде: «Ажо имеет пребывание у Черных гор[1]. Стойбище его обнесено надолбами. Дом состоит из палатки, обтянутой войлоками, и называется Мидичжы» (Собрание сведений..., Алматы, 1998, I, 360-б.; Китепте: «Кыргыздар», 1993, I, 78-б.), – деп берилген. Аскер башчылары кичирээк чатырларда турушкан.

«Ханзуда»: «Эр кишинин (баш киши) ордосу көкмөн тоосунда, ордо жыгачтар менен калап коргон салынып, чоң ак өргөө ортосунда тигилген болот, аны «Бөдке» деп аташат экен, калган мансаптарлары кичик өргөөлөрдө турушат. Ар жолу черүү аттанганда ар кайсы каранды уруулар да бирге аттанат экен (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) (295)», – деген маалымат бар.

Н.А.Аристов боюнча Ажо Кара тоодо турган. Анын конушу жерге кагылган жоон кыска мамылар менен курчалган. үйү кийиз менен капталган чатыр, аны мидичжы[2] деп аташат. Башкаруучулары («начальники») кичине чатырларда турушат. Аскерлер бардык муундардан («из всех поколений»[3]) куралат. Кышында жыгачтын кабыгы менен жабылган үйдө турушат (Н.А.Аристов, 145).

---

[1] Кытайча: Цин-шань. Караңыз: Собр.сведений... 1998, I, 360-б.

[2] Ианкинфте – Мидичжы, Шотто – мидичита, перс тексттеринде Микиджкет (акыркы мууну көбүнчө шаар жана кыштактардын атына кошулуучу иран сөзү) деп берилет. Караңыз: *В.В.Бартольд.* Аталган эмгекте, 199-б.; Кытай жазмаларында бодке деп берилген.

[3] **Поколени/е** *ср* **1.** урук, тукум, укум-тукум, насил, муун. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. П-Р, 2012, 215-б.

Шотт боюнча Ажо жашаган тоо Цинь-шань деп берилет. Анын ордосу[1] дубалдын ордуна жыгач коргондор менен курчалган, чатыр кийизден жасалган. Ордону алар мидичита – mi-ti-ci-ta деп аташат. Төрөлөр кичине көлөмдөгү чатырларда жашашат. Эгерде чакырык болуп калса, ар бир ордодон курал көтөрүүгө жарамдуу адамдар чогулуп келишет. Кыргыздар кышында кайың кабыгынын сырткы катмары (береста[2]) менен жабылган үйлөрдө жашашат (Шотт, 434;).

Жогоруда кыргыз Ажосунун жашаган жери жана ал жашаган боз үй тууралуу дээрлик бирдей эле маалыматтар берилген. Бул маалыматтар бирин-бири толуктап, тактап турат.

Ошентип, Ажо Кара тоодо жыгач коргондор менен курчалган кийизден жасалган чоң ак өргөөдө, т.а., боз үйдө турган. Кол алдындагы башкаруучулар кичирээк боз үйдө жашашкан. Эгерде жортуулга чыгуу керек болуп калса, ар уруудан курал көтөрүүгө жарамдуу адамдар чогулуп келишкен. Аскерлер бардык муундардан куралган.

Гардизиде[3] кыргыз каганы жашаган жерге баруучу жол, Көгмен тоосу жана кыргыз ордосу сүрөттөлгөн. Кыргыздарга барган жол тогузгуздардын өлкөсүнөн, Манбек Луга чейин чейин сыпатталган. Бул – Чинанджикеттен Хасанга чейин; Хасандан Нухбекке, Кемиз-артка чейин шалбаа менен бир же эки ай жана чөл менен 5 күндүк жол. Анда «Кемизден Манбек Луга чейин тоо менен эки күн жүрүшөт, андан соң токойго келишет; анан талаа башталат, булактар бар, Манбек Лу тоосуна чейин аңчылык кылуучу жай бар; тоо (*Манбек Лу – Г.Ж.*) бийик; ал жакта абдак көп киш, тыйын чычкан жана мускусту берүүчү антилопа, көп дарактар жана мол аңчылык бар; тоодо эл жайгашкан» деген маалыматтар бар.

---

[1] Эмгекте «дворцовый лагерь» деп берилген. **ДВОРЕЦ 2.** кан сарай, ордо. Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 150-б.

[2] **Берест/а** *ж.* береста (кайың кабыгынын сырткы катмары). Орусча-кыргызча сөздүк А–И, 2012, 106-б.

[3] *Гардизи.* «Зайн ал-ахбар («Украшение известий»). *В.В.Бартольд.* Соч. Т. VIII. – М., 1973. Перс тилинен В.В.Бартольд которгон. Китепте: Кыргыздар. 10-том, 49–50-бб.

Жол Манбек Лудан кийин Көгменге келет, бул тоо бийик, жол кууш. Көгменден кыргыз ордосуна («*стан*» *деп берилген – Г.Ж.*) чейин 7 күн, жол талаа жана шалбаа менен, булактардын жана бири-бири менен чырмалышкан дарактардын жаны менен өтөт, бул жерге душман кире албайт; кыргыз каганынын ордосуна чейинки жолдун бардыгы бакшактуу. Мындан чыккан үч жолдун бири – тогузгуздарга, кийинкиси – кымактарга жана халлухтарга, үчүнчүсү – талаага алып барат.

Демек, кыргыз каганынын ордосу бийик тоодо, бак-шактуу, мөлтүр булактуу, аңчылыкка жайлуу, душман кире алгыс жерде жайгашкан. Ал жерде Ажо жана анын кол алдындагы башкаруучулары жашашкан. Алардын турак-жайлары, керек болгондо көчүп кетүүгө ыңгайлуу – боз үй болгон.

Керек болгондо аскерге жарамдуу жоокерлери чогула калышкан. Бул кыргыздардын жоого каршы аттанууга дайыма даяр экендиги көрсөтүп турат.

Кыргыздардын боз үйдө жашап, көчмөн өмүр сүргөнү археологиялык табылгалар аркылуу далилденген. Мисалы, Копен кыштагынан боз үйлөрдүн (50гө жакын) издери табылган (жогоруда айтылган эле), алардын тигилген боз үйдүн орду экендигин изилдөөлөр көрсөткөн (319), бул – кыргыздардын боз үйлөрдө жашагандыгын далилдеп турат.

Ал эми кышкысын үстү дарак кабыктары менен жабылган үйлөрдө жашашкан. Бул маалымат булактарында мындайча берилет: Кыргыздар кышында жыгачтын кабыгы менен жабылган үйдө турушкан (Н.А.Аристов, 145), кыргыздар кышында кайың кабыгынын жука кабаты (береста) менен жабылган үйлөрдө жашашкан (Шотт, 434;), кыргыздар кышында үстү кайың менен жабылган жыгач үйлөрдө жашашкан (Ю.Худяков. Китепте: Кыргыздар. 1993, I, 158-б.). Кыргыздардын кышында үйлөрдө турушары, үйдүн үстүн дарактын кабыктары менен жабышары «Ханзу жазмаларында» да айтылат (Жаңы таңнаама, 295).

Ошентип, негизинен боз үйлөрдө турушкан, ал эми кышкысын үстү дарак кабыктары менен жабылган (кайыңдын кабыгынын кабаты (береста) менен, дарак кабыктары менен ж.б. жабылган) үйлөрдө турушкан.

## Кыргыздардын кийимдери

Кыргыздардын байлары киштин жана сүлөөсүндүн терисинен, кедейлер койдун терисинен жасалган кийимдерди, аялдар жүндөн жасалган, байдын аялдары жибек кездемеден тигилген кийимдерди кийишкен.

Бул тууралуу Н.Я.Бичуринде: «Меха собольи и рысьи составляют богатое одеяние. Ажо зимою носит соболью шапку, а летом шляпу с золотым ободочком, с коническим верхом и загнутым низом. Прочие носят белые валяные шляпы» деген маалымат, ошондой эле: «Низшие одеваются в овчинное платье и ходят без шляп», «аялдар Аньси, Бэй-тьхин жана Дахядан алынган жүн же жибек кездемелерден тигилген көйнөктөрдү кийишет» деген маалымат бар (Собр.св., II, 1998, 360).

976–984-жылдары түзүлгөн «Хуан-юй-цзи» аттуу эмгекте Тан кабарларынан кагастар (кыргыздар) жөнүндөгү ушундай эле маалыматтар келтирилет: «Женщины носят платье из шерстяных материй, а богатые также и из шелковых». Шотт жалаң бай аялдар гана жибектен көйнөк кийиши мүмкүн деген.

Н.А.Аристов Шотто Дахя дегендин ордуна Даши (Ta-si) деп берилгендигин белгилейт. Ал: «Так и должно быть, потому что, в танские времена о Дахя могла идти речь только как об одном из государств древности», – дейт (144).

Ошентип, кыргыздардын кийими алардын коомдогу ордуна жараша болгон. Ажонун баш кийими башкалардан өзгөчөлөнүп турган. Калгандары жүндөн басып жасалган (валяный) калпак кийишкен, кедейлери баш кийим кийишкен эмес, ошондой эле койдун терисинен тигилген кийимдерди кийишкен. Ал эми аялдар жүн кездемелерден, бай аялдар жибек кездемелерден кийим  кийишкен.

Кыргыздардын кийимдери да алардын мал чарбачылыгынан жана аңчылык кылышканынан кабар берип турат.

## Кыргыз Ажосу жана анын баш кийими

Н.А.Аристовдун маалыматы боюнча кыргыздар падышасын Ажо деп аташкан жана аны Ажо деп чакырышкан. Шотто Ause деп берилет (433);

Бул тууралуу Н.Я.Бичуринде: «Государь называется Ажо; почему и прозывается также Ажо. У него водружено знамя[1]. Прочие прозываются названиями поколений» (Соб.св.. Алматы, 1998, I, 360-б.), – деген маалымат бар.

Н.А.Аристовдо: «Анын жанында туу илинген»; Шотто: «Анын чатырынын астында туг илинген» («т.е. знамя с лошадиным хвостом») деп берилген. Калгандары төрөлөр (вельможи), ыстарчындар («старшины») уруулардын аты менен аталышкан (145).

Ажо кышкысын киштин терисинен, жайкысын үстү шоңшогой, асты жагы сыртына кайрылган алтындан жээктелген баш кийим киет. ...Курларында чарык кайрак[2] болот, аны мусат деп да аташат. Кедейлер .... жылаң баш жүрүшөт (Н.А.Аристов, 145), Шотто кышында ал (*ажо – Г.Ж.*) киштин терисинен жасалган баш кийим, жайында алтын менен капталган, үстү жагы шоңшогой, учу кайрылган баш кийим киет, кол алдындагылар кийиз калпактарды[3] кийишет деп берилген (443).

Н.Я.Бичуринде: «Ажо зимою носит соболью шапку, а летом шляпу с золотым ободочком, с коническим верхом и загнутым низом. Прочие носят белые валяные шляпы». Ошондой эле «Вообще любят носить на поясу точило, иначе мусат»[4] деген маалымат бар (Аталган эмгек, Алматы, 1998, I, 360-б.).

Жогоруда келтирилген мисалдардан кыргыз падышасынын *Ажо* деп аталгандыгы жана ага *Ажо* деп кайрылышканы көрүнүп турат. Анын чатырынын астына туу илинген.

Ошондой эле Ажонун баш кийими башкалардан өзгөчөлөнүп тургандыгы баса белгиленет. Мындан кыргыздардын баш кийимге чоң маани беришкендиги көрүнүп турат. Ажо жайында кийизден жасалган үстү шоңшогой, асты жагы сырты-

[1] Пред воротами дворца (Караңыз, аталган эмгекте, 360-б.).

[2] **ТОЧИЛО** I *тех. ср.* чарык кайрак. *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 865-б.

[3] Шотто шляпа деп берилген. **ШЛЯПА** *ж.* **1.** шляпа (*калпак*). *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 962-б.

[4] Железное орудие для точения ножей и ныне употребляемое инородцами в Казанской губернии. Мусат носят на поясу. Караңыз: *Н.Я.Бичурин.* Собрание сведений... Алматы, 1998, I, 360-б.

на кайрылып, алтындан жээктелген калпак кийген. Ал эми кышындагы баш кийими киштин терисинен жасалган.

Ошол эле учурда анын кол алдындагылар да калпак кийишкен, бирок алар кийизден жасалган (валяные) жөнөкөй калпактар болгон. Ал эми кедейлер баш кийим кийген эмес.

«Ханзуда» кыргыздардын баш кишисин «эр» деп аташары айтылат (294). Анын баш кийими Ажонун баш кийиминдей. Мисалы, «Ханзуда»: «Эр кыштын күнү суусар тебетей киет, жайында төбөсүнө алтын отогот тагылган төбөсү шоңшогой, кизеги кайрылган калпак киет: нөкөр-жөөкөрлөрү демейдеги калпактарды кийишет, кисе тагынып жүргөндү жакшы көрүшөт. Карапайым адамдары териден жасалган кийимдерди кийишет да, баш кийим кийбей жүрүшөт» деген маалымат берилген (294).

Мындан «эр» деген сөздүн «Ажо» менен бирдей мааниде эле колдонулгандыгын байкоого болот.

Ошентип, жазма булактардагы маалыматтарда Ажонун жана анын кол алдындагылардын калпагына өзгөчө көңүл бурулган.

Демек, кыргыздардын баш кийими кийген адамдын коомдогу статусун билдирип турган. Калпактын эмнеден жана кандай жасалгандыгына жараша, аны кийип же кийбей жүргөндүгүнө карата эле адамдардын даражасын ажыратууга мүмкүн болгон.

Дагы бир белгилеп кете турган нерсе – бул кыргыздардын кур тагынгандыгы жана ага кайракты дайыма асынып жүрүшкөндүгү. Бул дагы – кыргыздардын көчмөн жана жоокер эл экендигин билдирет. Кур тагынышып, ага дайыма зарыл керектүү буюмдарды (мисалы, кайракты) илип алышып, кайсы жерде болбосун, керегине жараша колдоно алышкан.

## Кыргыздардын дини

Кыргыздар түлөө өткөрүп турушкан. «Ханзу жазмаларында»: «Түлөө-тооп кыла турган суунун, өсүмдүктүн ээлери, пирлери болот. Түлөө өткөрө турган убакыт бекитилбейт. Бакшыларын «Кам» деп аташат» деген маалымат бар (Жаңы таңнаама 295).

Мисалы, кыргыздардын дини тууралуу Н.Я.Бичуринде мындай маалыматтар бар: «Жертву духам приносят в поле. Для жертвоприношений нет определенного времени. Шаманов[1] называют гань [кам] (Собр.св., 1998, II, 361).

Н.А.Аристовдо түлөө талаада («в поле») өткөрүлө тургандыгы, шамандарды гань деп аташары айтылат: «Для жертвоприношений нет определенного времени. Шаманов называют гань (Усуни и кыргызы... Бишкек, 2001, 146-б.).

Мындай маалыматтар байыркы кыргыздардын диний ишениминен кабар берип турат. Кыргыздар түлөө өткөрүп турушкан.

В.В.Бартольд X кылымдагы автор Абу Дулефтин кыргыздар тууралуу маалыматтарын мисалга келтирет: «Планеталар ичинен Сатурнду жана Венераны кадырлашат. Ал эми Марсты жаман жышааннаны билдирүүчү жылдыз деп эсептешет» (В.В.Бартольд, Избр., 201).

В.В.Бартольд кыргыздар шаман growth-free дининде болушкандыгын, аны Абу Дулефтин маалыматтары аныктап тургандыгын белгилейт: «...и к этой религии относятся слова Абу Дулефа о молитвах и мерной речи» (201).

Ал:«Алардын сыйынуучу үйү жана өз жазмасы бар. ...Сыйынган убакта өздөрү колдонгон башкача кыраат менен айтылган тили бар. ...Алар сыйынган убакта түштүккө багыштанышат», – деген Абу Дулефтин маалыматын мисалга келтирет (Кыргыздар. Китепте: Кыргыздар. II, 1993, 149).

А.Н.Бернштам Абу Дулефте:«У них есть мерная речь, которой они пользуються во время молитвы»,– деп айтылган дейт[2].

---

[1] **Шаманизм** – алгачкы жамаат коомунда бир катар элдер туткан байыркы дин. Табият сырын өздөштүрүүдө өзүлөрүн алсыз сезген байыркы адамдар табиятты жана адамдарды көрүнбөс рух, жин-перилер башкарат деген ишенимде болушкан. Ш-дин өкүлдөрү адамдар менен рухтун, жин-перилердин ортосунда «ак жинди» жардамга чакырып, «кара жин» м-н кармашып, элчилик милдетти өтөшкөн. Ш-дин бири-биринен айырмаланган ар кандай өзгөчөлүктөрү бар жергиликтүү түрлөрү болгон. Караңыз: *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. 1990,198-б.

[2] *А.Н.Берштам.* Сложение кыргызской народности. Китепте: Кыргыздар. 10-том, 2011, 197-б.

Бул маалыматтар кыргыздардын шаман davининде болгондугун айтып турат, алардын сыйына турган үйү болгон, сыйынган учурда кыраатЫ менен түштүктү багыттап сыйынышкан.

Гардизинин кыргыздардын шамандыгы (шаманство) тууралуу айткандары кытай маалыматтары, ошондой эле Абу Дулефтин маалыматтары менен ырасталат дейт С.В.Киселев.

XI кылымдан автору Гардизинин кыргыздар жөнүндөгү (X к.) баянында алардын тотемизми жөнүндө маалыматтар орун алган. Анда кыргыздар уйга, шамалга, кирпиге, сагызганга, кушка ж.б. сыйынышкан[1].

Шотто: «Предметом боготворения были только духи вод и растений. ...Волхвов[2] называли kan» деп берилген (Н.А.Аристов, 151, Шотт, 434).

Гардизи шамандардын арасында фагинун[3] деп аталган адамдар бар дейт. «Ал ар жылы мерчемдүү бир күндө, бардык аспапчыларды жыйнап, чогуу шайыр тойго кам көрүшөт. Качан аспапчылар ойной баштаганда фагинун эстен танат, ошондон кийин андан ушул жылы боло турган: жакырчылык жана жыргал турмушту, жамгырды жана кургакчылыкты, апаат жана бейкутчулукту, душмандын кол салуусу жөнүндө, бардыгын сурашат. Ал айткандардын көбү, айткандай эле туура болуп чыгат» (277).

Кыргыздарда шамандардын болгондугун кытай жазууларындагы маалыматтар ырастайт. В.В.Бартольддун маалыматы боюнча башка түрктөр сыяктуу эле кыргыздарда шамандарды белгилөө үчүн *«кам»* деген сөз колдонулган. Мындай сөз енисей жана орхон жазууларында кездешпейт, бирок Таң-

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Кыргыз мамлекетинин өз эркиндиги үчүн күрөшү. Китепте: Кыргыздар. II, 1993, 261-б.

[2] **Волхв** *м* көзү ачык, сыйкырчы. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 248-б.

[3] Бул текстти кыргызчага которгон М.Кожобеков «фагинун» деген, кыязы, шамандар болсо керек деген ойду айтат. Караңыз: А.Н.Бернштам. Кыргыз мамлекетинин өз эркиндиги үчүн күрөшү. *Китепте:* Кыргыздар. II, 1993, 277-б.

шуда кыргыздар жөнүндө баяндалганда бул сөз учурайт (Избр., 1996, 201).

Жыйынтыктап айтканда, кыргыздар шаман рининде болушкан. Шамандарды атоо үчүн «кам» деген сөз колдонулган. Кыргыздардын уйга, шамалга, кирпиге, сагызганга, кушка ж.б. сыйынышкандыгы тууралуу да маалыматтар бар. Алар суунун, өсүмдүктүн ээлерине, пирлерине түлөө-тооп кылып талаада курмандык чалышкан. Алар сыйынуу учурунда жүзүн түштүктү карай багытташкан.

Гардизиде кыргыздардын өлгөн адамдын денесин өрттөшөрү айтылат жана алар: «Огонь – самая чистая вещь; все, что падает в огонь, очищается; (так и) мертвого огонь очищает от грязи и грехов» деп эсептешкендиги айтылат (А.Н. Бернштам, 1998, II, 216-б.).

Бул – кыргыздардын оттун тазалоо күчүнө болгон ишенимдерин көрсөтүп турат.

В.Бартольд кыргыздардын буддисттер (тибеттиктер) жана мусулмандар менен соода боюнча карым-катышына карабастан, будда жана мусулман динин жайылтуу кыргыздар арасында ийгиликке жетишкендиги жөнүндө эч кандай маалымат жок экендигин белгилейт (В.В.Бартольд, Избр., 1996, 201).

Кыргыздар бул мезгилде буддисттер менен мусулмандардын күчтүү таасиринен оолак болгон.

## Кыргыздардын мыйзамы

Кыргыздардын мыйзамы абдан күчтүү болгон. «Ханзу жазмаларында» кыргыздардын закону тууралуу: «Мыйзам жосуну аябай бекем. Согуштан коркуп качкандардын, элчиликти аткара албагандардын, мамлекет ишине ушак тараткандардын башы алынат. Баласы уурулук кылмышын өткөрүп башы кесилген болсо, анын башын атасынын мойнуна асып коёт да, ал өлөр-өлгүчө анын мойнунда жүрөт» (295), – деп айтылат.

Н.Я.Бичуринде: «Произведший замешательство пред сражением, невыполнивший посольской должности, подавший неблагоразумный совет государю, так и за воровство, приго-

варивают к отсечению головы. Ежели вор имеет отца, то голову его вешают отцу на шею, и он до смерти обязан носить ее»[1].

Ушул эле маалыматтар башка булактарда да бар.

Н.А.Аристовдо да согуш алдында дүрбөлөң салгандыгы үчүн, элчилик милдетти аткарбагандыгы үчүн, мамлекет башчысына туура эмес кеңеш бергендиги үчүн, уурулук кылгандыгы үчүн ал адамдын башын алууга өкүм кылынган. Эгерде ууру кармалса, анын башын атасынын мойнуна илип коюшкан, ал аны өлгөнчө асынып жүрүүгө милдеттүү болгон деген маалымат бар (146).

Бул маалыматтар боюнча коркоктор, дипломатиялык иштерди аткара албагандар, мамлекет ишиндеги ушакчылар абдан катуу жазаланган, уулунун уурулук кылгандыгы үчүн анын башын атасы өлөр-өлгөнчө мойнуна асынып жүрүүгө аргасыз болгон.

Мына ушундай темирдей тартип аскерлердин арасында жана мамлекет кызматкерлерининин ичинде, элчилерге карата күчтүү талапты, темирдей катуу тартипти орноткондугу шексиз.

## Климаты, бак-дарактары

**Климаты.** Бул тууралуу Н.Я.Бичуринде кышында кар көп болору айтылат, ал эми жер кыртышы жайында саздуу деп берилет. Аба ырайы суук. Ал түгүл чоң суулар да жарымына чейин тоңуп калат (Собр.св., Алматы, 1998, I, 359-б.).

«Ханзудагы» «Жаңы таңнаамада» кыргыздар жашаган аймактын суук экендиги, чоң дарыяларынын жарымы муз болуп тоңору айтылат.

**Дарактары.** Кыргыздардын жеринде абдан көп кайың дарактары өскөндүгү тууралуу айтылган эле. Кайыңдын тышкы соодага чыккандыгы да маалымат булактарында белгиленген. Ошондой эле кайың кышында кыргыздар жашай турган үйдүн үстүн жабууда да кеңири колдонулган.

---

[1] *Н.Я.Бичурин.* Собр.св., Алматы, 1998, I, 361-б.; Китепте: Кыргыздар. II, 79-б.

Кайындан тышкары кыргыздар жашаган аймакта дарактардан: карагай, кызыл карагай, тал, «илем[1]» өскөн (Собр. св., 1998, II, 360). Карагайлар өтө бийик болгон. Бу тууралуу Н.Я.Бичуринде: «Последние столь высоки, что пущенная из лука стрела не долетает до вершины», – деп жазылган.

Бул кыргыздын жеринин кыртышы карагайлар үчүн өтө жагымдуу болгондугун көрсөтүп турат.

## Жыл санагы. Күү аспаптары, оюндары. Өлүк коюу жөрөлгөсү

**Жыл санагы.** «Ханзу жазмаларындагы» маалыматтар боюнча кыргыздар жылдын башын «Баш ай» дешет. Айды «Ай» деп атайт. Үч айды бир мезгил деп эсептешет. Он эки айбандын аты менен аталган жыл санагы бар. Мисалы, 3-жылды «Жолборс» дейт («Ханзу», Жаңы таңнаама, 293).

Н.Я.Бичуриндеги маалымат боюнча жылдын биринчи айын *Маоши ай* деп аташат. Үч ай жылдын чейрегин түзөт. Жыл он эки белги менен саналат. Мисалы, Инь белгисиндеги жылды жолборс жылы деп аташат (Собр.св., Алматы, 1998, I, 359-б.).

Тан-шуда да кыргыздарда жыл он эки жаныбардын аты менен атала тургандыгы айтылат жана муну кыргыздарга таандык кылат. Бул тууралуу В.В.Бартольд: **«в *Тан-шу* именно о киргизах говорится, что у них года составляют двенадцатилетний цикл и обозначаются названиями животных. На этом основании Абель-Ремюза в 1820 г. самое изобретение животного цикла был склонен приписать киргизам»** (*белгилеген – Г.Ж.*), – дейт[2].

Он эки жаныбардын аты менен аталган жыл санагы – кыргыздардыкы болгондугу – баалуу маалымат.

Демек, жыл мезгилдерин жаныбардын аты менен атоо – байыркы замандарда эле кыргыздарда болгон. Жогорудагы

---

[1] **Ильм** *м* ильм (Европа жактарда өсүүчү чоң жалбырактуу бекем дарак). Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 714-б.

[2] *В.В.Бартольд.* Киргизы. Китепте: Кыргыздар. 10-том, 2011, 110-б.; *В.В.Бартольд.* Избр., 1996, 200-б.

Таң-Шудагы мына ушундай маалыматка таянып, ошондой эле 1820-жылы Абель-Ремюзанын айбанаттар циклинин ойлоп чыгарылышы кыргыздарга таандык деген пикирине таянып, жылдын он эки жаныбардын аты менен саналышы кыргыздардан башталган деп жыйынтык чыгарабыз.

**Күү аспаптары, оюндары.** Байыркы кыргыздардын музыкалык аспаптары Н.Я.Бичуринде, Н.А.Аристовдо флейта, бубен жана аты белгисиз эки аспап деп берилет (Н.А.Аристов, 146, Н.Я.Бичурин. Соб.св., Алматы, 1998, I, 361-б.; Китепте: «Кыргыздар», I, 79-б.), «Ханзуда» чоор, доолбас, сыбызны (*сыбызгы болуу керек – Г.Ж.*), сурнай, барабандары болот деп айтылат (295).

Булар – байыркы кыргыздардын нукура музыкалык аспаптары болуп саналат. Музыкалык аспаптар да элдин көчмөн жашоо-турмушуна жараша болгондугу көрүнүп турат. Сурнай, барабан, доолбас сыяктуу аспаптар кыргыздардын согушчан турмушунан, ал эми сыбызгы жана чоор кыргыздардын көчмөн турмушунан кабар берет. Булар көчмөндөр дайыма алып жүрүүгө ыңгайлуу аспаптар болуп саналат.

Элдик оюндары: «верблюд и лев обученые[1], волтижирование на лошадях и балансирование по веревке» (Н.А.Аристов, 146; Н.Я.Бичурин. Соб.св., Алматы, 1998, I, 361-б.; Н.Я.Бичурин, Китепте: Кыргыздар, I, 79-б.). «Ханзуда»: «Элдик оюндары: төө, арыстан оюну, андан бөлөк ат машы, аркан машы сыяктуулары болот», – деп берилген (295).

Бул оюндар да байыркы кыргыздардын көчмөн жана жоокерчилик турмушун чагылдырып тургандыгын байкоого болот. Анткени мындай оюндар оюнчулардан эр жүрөктүүлүктү, өжөрлүктү, өткүрлүктү, шамдагайлыкты, эптүүлүктү ж.б. жоокерлик сапаттарды талап кылат. Демек, байыркы кыргыздар оюндарында да баатырлыкты, эрдикти даңазалашкан.

**Өлүк коюу жөрөлгөсү.** Байыркы кыргыздарда өлүк коюу жөрөлгөсү жазма булактарда бирдей эле баяндалат.

[1] Обученые (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) – *үйрөтүлгөн* деген мааниде.

Мисалы, байыркы кыргыздар киши өлгөндө беттерин тытышпайт, өлүктү үч катар ороп ыйлашат. Андан соң, аны өрттөшөт, сөөктөрүн чогултуп, бир жылдан кийин көмүшөт. «После сего в известные времена производят плач»[1] (Н.А.Аристов: 146).

Н.Я.Бичуринде: «При похоронах не царапают лиц, только обвертывают тело покойника в три ряда и плачут; а потом сожигают его, собранные же кости чрез год (*китепте **чрез год** деп берилгени сакталды – Г.Ж.*) погребают. После сего в известные времена производят плач» (Собр.св., Алматы, 1998, I, 361-б.).

Шотто да ушундай, б.а., киши өлгөндө беттерин тытышпайт, «трижды, с воплями, обходят они вокруг своего покойника, потом сожигают его. Кости собирают и через год созидают могилу» (s.434, 435).

«Ханзуда» деле ушул эле маалыматтар берилет, б.а., адам өлсө, жерлигине коёрдо ый-сыйында бетин тилишпейт. Сөөктү үч тегеренип өкүрүп ыйлашат. Өлүктү күйгүзүп, сөөгүн жыйып алып, бир жылдан соң бейитине көмөт. «Таң зарыл эстеликтериндеги» маалыматтар боюнча кыргыздар өлүктү өрттөп, сөөгүн чогултуп, жылы тогошкондо бейитке көмүшөт (295).

Н.А.Аристов бул тууралуу А.В.Радловдун маалыматын мисалга келтирет, анда алар өлүктү эч кандай буюмдарсыз эле өрттөбөстөн көмүшүп, бирок арбактарга арнап курмандыкка чалынган малдын бир бөлүгүн өрттөшкөндүгү; андан соң, бир жылдан кийин курмандык чалынып, өлгөн адамдан буюмдары жерге көмүлүп, андан соң мүрзөнүн үймө топурагы үйүлгөндүгү айтылган.

Бирок Н.А.Аристов мындай пикирди жаңылыштык деп эсептейт. Анткени кийинки Енисейдеги археологиялык казуулар өлүктү өрттөө жөрөлгөсү колдонулгандыгын көрсөттү дейт ал. Маселен, көрүстөндөрдөгү өрттөлгөн адамдардын сөөктөрү г. Адрианов (1983), г. Попов, г. Титов тарабынан табылган (Караңыз: Н.А.Аристов, 146).

---

[1] *Н.Я.Бичурин* мындай түшүндүрмө берет: «т.е. совершают поминки». Караңыз: *Н.Я.Бичурин.* – Алматы, 1998, I, 361-б.

Кыргыздар өлгөн адамды өрттөшөрү тууралуу маалымат кытай жазма булактарында да, перс булактарында да кездешет.

Демек, байыркы кыргыздар өлгөн кишинин сөөгүн өрттөшкөн жана анын сөөгүн чогултуп, бир жылдан кийин көмүшкөн. Мындай салт байыркы мезгилде арийлерде болгон. Бул андронов маданияты деген ат менен тарыхка кирген. Мына ушундай салт байыркы кыргыздарда сакталган. Бул салттын кыргыздарда болушу алардын байыркы калк экендигинен кабар берет.

Бирок IX–X кылымдарда өлүктү коюу жөрөлгөсүндө ири өзгөрүүлөр болгон. Өлүктү өрттөө салты такыр калтырылган. Өлгөн адамдын денесин аты менен кошо көмүү салтка айланган. Муну археологиялык казуулардын жыйынтыгы көрсөтүп турат.

Мисалы, В.П.Левашева тарабынан Капчал II көрүстөнү изилденген. С.В.Киселев Уйбат II казуулары жалпы чуңкурда (в яме) капчал тибиндеги ат менен кошо көргө көмүү жөрөлгөсү ишке ашкандыгын көрсөткөн. С.В.Киселев: «В обоих случаях на Уйбате II покойники лежали в подбоях под северной стенкой, несколько выше коня, занимавшего дно ямы» (Китепте: Кыргыздар. 2011, 10-т., 357).

Уйбат көрүстөндөрүндө табылган саадактар (колчан) оймочиймеленген сөөк пластинкалар менен өтө кооздолгон. Бул ошол мезгилдин жоокерлерине тиешелүү болуп эсептелет.

IX–X кылымдарда копен көрүстөндөрүнөн кем калбаган бай инвентары бар көрүстөндөрдүн болгондугун Мамлекеттик тарых музейинин Згерский-Струмилло коллекциясында сакталып турган буюмдар («сбруйные наборы с серебряной и черненой отделкой») көрсөтүп тургандыгын С.В.Киселев маалымдайт (357).

Кыргыздардын өлүк коюу жөрөлгөсү узак мезгилдер аралыгында тышкы таасирлердин таасиринде ушундай өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

## «Каган», «хан» титулдары кыргыздарда

С.В.Киселевдун изилдөөлөрүнө ылайык Кыргыз хандыгы бир канча уруунун биримдиги болгон жана анын башында каган турган.

«Каган» деген титул кимдерге ыйгарылган?

**«Каган», «хан» титулдары.** Термин каган «χaγan» Чыгыш Азиянын тарыхында б.з. III кылымында жазылган. Хунндар жана түштүк сяньбилер өздөрүнүн башчысын шаньюй дешкен, ал эми «хан» кытай географтары тарабынан тоба, же табгач элинде катталган. Бул тууралуу Л.Н.Гумилев мындай дейт: «Значение этого титула – военный вождь и первосвященник – по смыслу и звучанию совпадает с дакотским словом «waqan» и, видимо, является отголоском американо-сибирских связей, имевших место на рубеже н.э., до того как эскимосы пресекли общение индейцев с сибирскими народами, причем прослеживалось проникновение американоидов через Берингов пролив в Сибирь, а не наоборот»,[1] – дейт.

Биринчи миң жылдыкта каган деген титул (же хан) Евразиянын бүткүл талаа зонасына таралган. Л.В.Гумилев: «В 1-м тысячелетии титул «каган» (или хан) распространился по всей степной зоне Евразии. Так именовались правители тюркутов, действительно бывшие царями-жрецами; уйгуров – до принятия ими манихейства, ограничившего власть хана; хазар, пока еврейская община не перехватила инициативу и не превратила хана в марионетку», – дейт (Древняя Русь... 1993, 434).

В.В.Бартольд бул титулду түрктөр өзүлөрүнөн мурунку жуан-жуандардан өздөштүрүп алышкан деген пикирде. Ал: «Титул каган, существовавший наряду с *кан*, носили государи древних тюрков, заимствовав его у своих предшественников жуань-жуаней, которых французкий монголовед П.Пельо «относит к монголоязычным» народностям»[2], – дейт.

Ошентип, түркүттөрдүн, түрктөрдүн, уйгурлардын, хазарлардын башчылары каган[3] деп аталышкан.

---

[1] *Л.Н.Гумилев.* Древняя Русь и Великая степь. – М., 1993, 434-б.

[2] *В.В.Бартольд.* Собрание сочинений.т. V. – М.,1968, 218–219-бб.

[3] *«Кыргыз тарыхы»* сөздүгүндө каган тууралуу мындай маалымат бар: «**КАГАН** – орто кылымдарда көпчүлүк түрк элдериндеги мамлекет башчысына берилүүчү наам (титул). Каган термини биринчи жолу кытайлык жылнаамаларда 312-жылдагы окуяларга байланыштуу эскерилет. 6-к-дын ортосунан тартып Түрк кагандыгынын бийлик ээлери да К. наамын алышкан. Кийин аварлар, Эне-Сай кыргыздары, печенегдер, хазарлар, караханий-

Орхон-енисей жазууларында Түрк каганатынын бийлик башында турган адам «каган» деп берилген. Мисалы, Түрк каганатын башкарган кагандар: 552-жылы Бумын каган титулун алган, 553-жылга чейин Коло-каган, 553–572-жылдары Мухан-каган, өлкөнүн батыш тарабын Истеми-каган башкарган. 682-жылы Элтерис-каган Экинчи Түрк каганатын курган, андан кийин 691-жылы Капаган-каган, 716-жылы Билге-каган (Могилян) бийлик башында турушкан.

Мисалы, Күл-тегиндин эстелигиндеги Чоң жазууда алгачкы түрк каганатынын пайда болушу жана өнүгүш мезгили тууралуу маалыматтар берилген. Анда Түрк каганатынын башында турган башчылар каган деп берилет:

Үстүндө көк Теңри, астында кара (күрөң) жер жаралганда (бүткөндө) эки арада (экөөнүн ортосунда киши уулу (адам) жаралган. Киши уулуна менин бабам **Бумын-каган, Истеми-каган** (*белгилеген – Г.Ж.*) кандыкка отурган. Отуруп түрк журтунун, мамлекетинин мыйзамын тутуп, бийлигин орноткон (жүргүзгөн) экен[1].

**Барсбек-каган.** Кыргыздардын көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн кыргыз баатыры каган деген титулга ээ болгон. Кыргыз кагандарынан бизге жеткени – Барсбек. Барсбекке арналган моло таш Енисей боюндагы Миң-Суу ойдуңунан табылган. Барсбектин тушундагы кыргыздардын мамлекети өтө күчтүү деңгээлге жеткен.

Барсбек каган деген титулга ээ болгон. В.В.Бартольддо Ильтерестин (Элтерис) же Мочжонун тушунда кыргыздардын башчысы Барсбекке келишимдин негизинде каган деген наам берилгендиги айтылат: «Киргизский царь назывался киргиз-ханом (каганом)» (В.Бартольд. Изб., 1996, 198-б.) жана анын Ильтеристин кызына үйлөнгөндүгү маалымдалат (187).

---

лер ж.б. түркий элдер мамлекет башкаруучуларын К. деп аташкан. 8-к-дын акыры – 9-к-дын башынан 13-к-га чейин киевдик князьдар да К. титулун пайдаланышып, саясий жактан өздөрүн Хазар кагандарына тең экендиктерин көрсөтүүгө аракет кылышкан. Феодализм доорундагы түрктөр К. терминин «хакан», «хан» түрүндө да пайдаланышкан. Монголдордун жапырыгынан кийин К. термини «хан» болуп биротоло өзгөргөн (67–68-бб.).

[2] *А.Абдыразаков.* Аталган китепте, 57-б.; Орхон-Енисей тексттери. – Ф., 1982, 60-б.

Жогоруда сөз кылган Күл-Тегин текстеринде Барсбек жөнүндө мындай маалымат бар: «...был Барс-бег. **Мы в то время дали ему имя, титул кагана и дали ему младшую сестру – княжну** (*белгилеген – Г.Ж.*) (П.Мелиоранский. 2-3).

Кыргыз мамлекетинин башында турган Барсбекке каган деген титулдун берилиши, демек, кыргыздардын өз алдынчалыгын, көз карандысыздыгын таануу дегенди билдирет. Мындан окумуштуулардын кыргыздар түрктөрдүн тушунда өз алдынчалыгын сакташкан деген пикирлеринин туура экендигине дагы бир жолу ынанабыз.

Кыргыз мамлекети VII кылымдын аягында Барсбек-каган башкарып турган учурда өтө кубаттуулукка жетишкен. Ал Борбордук Азияда эң маанилүү саясий кайра куруулардын учурунда кыргыз мамлекетинин башында турган[1].

**Каган, хан, шанүй.** Тарыхый маалыматтарда IX кылымдын 20-жылдарында кыргыздардын уйгурларга каршы көтөрүлүшү менен кыргыздардын көтөрүлүү мезгили башталган. Уйгурлардын күчү кайткан. Мына ушундай абалдан пайдаланып, кыргыздын Ажосу өзүн каган деп, аялын хатунь деп жарыялаган. Ушундан кийин уйгурлар менен согуш 20 жылга созулган.

Кытай жазма булактарында, мисалы, Н.Я.Бичуринде жогорудагы түрк кагандары «хан» деп берилген. Мисалы, анда Тукюе үйү экиге: чыгыш жана батышка бөлүнгөндүгү, Чыгыш Тукюе үйүндө 535–745-жылдары 21 хан болгондугу айтылат. Жужандарды талкалап, жеңгенден кийин Тумынь (адабияттарда Бумын деп да берилип жүрөт) Или-хан[2] деген наам алган.

Н.Я.Бичурин: «*Хан* значит то же, что в древности Шаньюй; супругу свою назвал *Хатунь*[3], что значит то же, что *Яньчжы*» – дейт (1998, II, 232). Тумынь каза болгондон кийин анын ордуна уулу Коло отурган, ага Исиги-хан деген ысым берилген (232).

---

[1] У истоков кыргызской государственности. Изд-во «Илим». – Б., 1966 51-б.

[2] «По *Ганму* Тубин-хан. Или-хан зн. хан с реки Или». Собрание сведений... II, 1998, Алматы, 232-б.

[3] Кытайча: *Кхэ-хэ-дунь*.

Андан кийинки бийлик башына келген башчылар да Н.Я.Бичуриндин эмгегинде хан деп берилет.

Демек, хан деген – мурунку хунн доорундагы шаньюй деген титулдун эле башкача аталышы. Ал эми хатунь – мурунку яньчжы дегенди билдирет.

Шаньюй деген титул эмнени билдирет?

**«Шанүй** (Шаньюй) – хуннулар падышасынын наамы (титулу). Алгач ал хуннулардын 24 уруусун бириктирген уруу башчысынын мансап наамы болгон. Хуннулар дөөлөтү тушунда мамлекет башчысы Ш. деп аталган[1].

Демек, «хан», «шаньюй», «каган» деген титулдар – бири-бирине барабар эле титулдар. Биз жогоруда белгилегендей, Л.Н.Гумилев дагы биринчи миң жылдыкта **каган деген титул (же хан)** (*белгилеген – Г.Ж.*) Евразиянын бүткүл талаа зонасына таралгандыгын маалымдаган. Автор «каган» же «хан»[2] деп экөөнү бир эле түшүнүк катары караган.

В.В.Бартольд *каган* деген *кан* (*хан – Г.Ж.*) менен эле катар жашаган титул («титул *каган* существовавший наряду с кан, носили государи древних тюрков, заимствовав его у своих предшественников жуань-жуаней, который французский монголовед П.Пельё «относит к монголоязычным народностям») дейт В.В.Бартольд[3].

**«Каган», «хан» титулдарынын мааниси.** Т.А.Бертагаев «хаган, «хан» сөздөрүнүн маанисин талдоого алган. *Хаган* сөзү төмөнкүдөй фонетикалык варианттарда кездешет: «ст. письм. монг. *каган, хаган,* др.монг. разг. *ка'ан,* совр. монг. *хаан.* Они появились в результате выпадения из фонетического комплекса *-ага-* заднеязычного согласного *г*, постепенного распа-

---

[1] Маодун шанүйдүн тушунда (б.з.ч. 170-жылдар) Ш. титулуна «теңир кут» наамы кошулуп айтыла баштаган. Караңыз: *Б.Урстанбеков, Т.Чороев.* Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. 1990, 198–199-бб.

[2] *Л.Н.Гумилев* хандар тууралуу: «Ханами были правители авар, болгар, венгров и даже руссов: этот титул носил Владимир Святой, Ярослав Мудрый и, наконец, его внук – Олег Святославич» (*Китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) (Древняя Русь... 1993, 435-б.) – дейт.

[3] *В.В.Бартольд.* Собрание сочинений. Т.V, 1968, 24, 34, 357, 359, 602-бб.

да всего комплекса и перехода его в долгий гласный *а*, а также *к* в *х* в анлауте»[1].

Демек, бул сөздөрдүн түпкү мааниси бир болгон.

**Хаган,** *кан~хан* деген сөздүн башка бир түрү «с кратким *а* обязана своим существованием не историческому движению комплекса *-ага-*, а спонтанному чередованию фонетического комплекса, долгого гласного с кратким гласным. Такое чередование долгого гласного (соответственно фонетического комплекса Г+С+Г) с кратким – явление закономерное в монгольских языках»[2].

Бул маалыматтар боюнча *каан ~ хаан* бир жагынан, *кан ~ ха̊н* экинчи жагынан ар башка фонетикалык модификациядан[3] келип чыккан бир уңгулук элементтин тыбыштык варианттары болуп эсептелет.

*Хаан* жана *хан* сөздөрүнүн генетикалык жактан тектештиги алардын маанилеринин бирдейлиги менен да тастыкталат. К.М.Черемисованын бурят тилинин сөздүгүндө жогорудагы эки сөз тең бири-биринен мааниси боюнча айырмаланбайт, эки сөз тең падыша ('цар'), султан ('владыка'[4]) деген маанини туюндурат (45).

Ошентип, аталган сөздөр бирдей эле маанини туюндурган.

Бара-бара *хаган ~ хаан* жана *ха̊н* сөздөрү вариативдүү, бирок генетикалык жактан тектеш маанилерде колдонула баштаган «так же как, например, в некоторых бурятских говорах: *ээжий* 'бабушка' (монг. *ээж* 'мать') и *эжий* 'мать', *ээбий* 'бабушка'и *эбий* '*мать*', иногда 'бабушка'(Аталган эмгек, 46).

Бирок Чыңгыз-ханда *хаган* деген титул болгон эмес. Бул тууралуу П.Пельё мындай дейт: «Чингиз-хан не носил выс-

---

[1] *Т.А.Бертагаев.* Об этимологии *хан~хаган,* и об их отношении к хат. Китепте: Тюркологичекое исследование. – М., Наука, 1976, 45-б.

[2] *Т.А.Бертагаев.* Количественные чередование гласных и аблаут в монгольских языках. – ВЯ, 1971, № 6.

[3] **Модификация** *ж. книжн.* **1.** модификация **2.** модификация, кубулуу. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 301-б.

[4] **Владыка** *м* **1.** *высок.* аким, султан; башкаруучу. Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 224-б.

шего титула qaγan; этот титул был принят только его преемником Огедэем... Рашид-ад-дин выделяет отдельные разделы: Cinqiz-han, Öq†lai-han, C̆agatai-han, Cubilai-qaan».

Ошентип, Öгодэй (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) жана Кубилайдын тушунда (өзгөчө анын тушунда) *хаган ~ хаан* варианттары «стал означать ханский титул, который был рангом выше, чем «*хӑн* (han)» (47). Бул маалымат бара-бара аталган титулдар бири-биринен айырмаланып, ар башка деңгээлде колдонула баштагандыгын көрсөтүп турат.

Азыркы монгол тилинде дагы *хаан* жана *хӑн* «дифференцированы: «*хаан* употребляется только в значениях 'царь', 'монарх', 'владыка', а *хӑн* (по толковому словарю Цэвэла) - 'владыка', 'правитель края и области'(ср. *Сэцэн хӑн*, *Сайн ноён хан*), а также в значении 'лучший', 'первосортный' (47).

*Хӑн (хаан ~ хаган)* сөздөрүнүн чыгыш теги (происхождение) жана этимологиялык тектештиги кандай?

Т.А.Бертагаев аталган сөздөрдүн чыгыш тегин жана этимологиясын талдоого алат. Ал аталган сөздөрдүн уңгусу бир экендигин белгилейт: «*хӑд/ хӑт*[1], являющееся наименованием мифологического персонажа в шаманистическом пантеоне богов монгольских племен (мн.ч. от *хӑн*) одного и того же корня с хан 'царь'»[2] – дейт.

*Хӑн* сөзү (*хӑд* көптүк санда) азыркы сөздөрдүн түп уңгусу катары келет: *хӑн-хӑ* 'общирный', 'просторный'; бур. *хӑн-гай ехэ дайда* 'огромная', 'просторная', 'величественная' ж.б.

---

[1] Бурят мифологиясында «хӑд/ хӑт – сыновья, внуки, правнуки, дочери, внучки разных духов небес – тэнгринов, которые посылались обычно группами на землю в качестве «эзэнов» – владык гор, холмов, рек, озер и т.д., иначе говоря, это были божественные существа с необъятных, величественных небес, с бескрайних пространств. Посланцы небес мужского пола обосновывались на горах и холмах , которые становились, таким образом, шаманистическими олимпами, и потому названия многих гор в Монголии имеют эпитет хан: *Хӑн хохэй, Хӑн богдо, Хӑн тайшир, Хӑн хэнтий нуруу* и др.» (47).

[2] *Т.А.Бертагаев.* Космогонические представления в мифологии монгольских племен. – «Историко-филологические исследования». – М., 1974, стр. 412–414; *М.Н.Хангалов.* Собрание сочинений. Т. I, Улан-Уде, 1958, 304-б.

*Хӑ̈н* өз алдынча эпитет катарында ошол эле мааниде төмөнкү сөз айкашында колдонулат: *бур. хӑ̈н дэлхэй* 'огромный', 'просторный и 'величественный мир;' *хӑ̈н тэңгэри* 'обширное, просторное, величественное, необозримое небо.' Демек *хӑ̈н* деген сөз – 'бескрайний', 'просторный', 'огромный', 'величественный.' Мына ушул маанилерден семантикалык филиация[1] келип чыгат (образуют): *хӑ̈н > хӑ̈д* 'посланцы с небесных просторов, с величественного, божественного неба, ставшие владыками гор и местностей'; андан ары *хӑ̈н* төмөнкүдөй экстраполюцияны[2] берет: 'великий, царственный владыка земли' и чередующийся вариант с долготой – *хаан/хаган*; ср. бур. *хаан баавай* 'величественный', 'божественный отец-родоначальник', 'царь-отец' (48) ж.б.

Мындай маалыматтар В.В.Бартольддун жогоруда айтылган пикиринин туура экендигин дагы бир жолу далилдеп турат.

Т.А.Бертагаев аталган сөздөрдүн келип чыгышын жана этимологиясын талдап келип, мындай жыйынтыкка келет: «*хаган и хӑ̈н*» – варианты, имеющие одну корневую основу и означающие 'посланец неба, отправленный на землю, чтобы стать владыкой данной местности' или 'царствующий с благословения тэнгрия'(49).

**Йаглакар-каган.** Кыргыздар Йаглакар-хандын башчылыгы менен уйгурларды жеңип, өздөрүнүн ордосун түштүккө жана Енисейден түштүк-чыгышка (Селенга өзөнүнө) көчүрүшкөн.

Кыргыздардын баатыры Йаглакар орхон-енисей тексттеринде «хан» деп берилген. Мисалы:

---

[1] **ФИЛИАЦИЯ** (франц. *filiation* от лат. *filius* 'сын') – развитие языковых явлений в последовательной и преемственной связи, в непосредственной зависимости от предшествующих фактов и явлений. *В.Д.Стариченок.* Ростов-на-Дону, «Феникс», 672-б.

[2] **ЭКСТРАПОЛЯЦИЯ, или ЭКСТРАПОЛИРОВАНИЕ** (*лат. extra* 'сверх, много', *polire* изменять, приглаживать') – метод исследования, заключающийся в приложении языковых выводов, полученных в результате наблюдения над какой-либо одной частью явления, на другую его часть или всё явление в целом. Метод экстраполяции часто используется для выявления каких-либо общих тенденций и закономерностей языковых явлений и изменений. *В.Д.Стариченок.* Ростов-на-Дону, «Феникс», 706–707-бб.

Я, Яглакар-хан-ата, был пришелец, в уйгурской земле.

Я – киргиз. Я – Бойла, высокий судья.

Я – Огя – буюрук (приказный), счастливого Бага-Тархана ж.б. (А.Абдыразаков, 86).

Йаглакар-хан өзүнүн баатырдыгы менен атагы чыккан. Анын аброю Кыргыз мамлекетинде гана эмес эл аралык деңгээлде бийик болгон. Кытай бийлиги ага Цзун-ин-Сюн-у Чен-Мин Каган деген титулду ыйгарган.

Ошентип, Йаглакар-хан «каган» деген титулга ээ болгон. Йаглакар-ханга каган деген титулдун ыйгарылышы – кыргыздарды жана анын башчысы Йаглакарды кытай бийлигинин баалагандыгы жана Кыргыз мамлекетин күчтүү, өз алдынча, көз карандысыз мамлекет катары тааныгандыгы.

## Ажо

**Кыргыз башкаруучусу кытай булактарында – ажо.** VII кылымдын аягында мамлекетте административдик-аскердик система түзүлүп, жогорку башкаруучу тышкы жетишкендиктерине жараша «каган», «ажо», «элтьебер» деген титулдарды алган.

Кыргыздардын тарыхында кыргыздардын эркиндиги, көз карандысыздыгы, өз алдынчалыгы үчүн күрөшкөн башкаруучулар – Барсбек жана Йаглакар «каган» деген титулга ээ болушкан.

Кытай тарыхы боюнча кыргыздардын башында Ажо деген титул менен аталган жеке бийликтүү башчы турган. Мисалы, Н.Я.Бичуринде кыргыздар жөнүндө баяндап жатып: «Государь называется Ажо; почему и прозывается также Ажо. У него водружено знамя. Прочие прозываются названиями поколений» (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) деген маалымат берилет (Собр.св., II, 1998, Алматы, 360).

Кытай булактарынан башка түрк булактарында да, башкаларда да бул титул жок.

Ошентип, кытай даректеринде кыргыз башкаруучусун «Ажо» деп аташат. Ал эми Рашид ад-Дин «упоминает у кыр-

гыз титул верховного владыки «еди»[1]. Мүмкүн, Ажо мына ушул титулдун транскрипциясы болсо керек дейт А.Н.Бернштам. Анын үстүнө чыгыш түрктөрү кыргыз башкаруучусун адикут деп аташкан[2].

Тарых барактарында «ажо» деген кыргыз титулу жалпы түрктөрдүн «инал» титулуна тете болгондугу айтылат.

Н.Н.Козьмин кытай тарыхындагы «Ажо»[3] деген сөздү 1701-жылдагы документтерден билем деп ойлойт, анда «эзерлик (эзерлер – кыргыз урууларынын бири) бий Ожо» (төмөндө – Ожо же Оджа) деген сөз эскерилген. 1700-жылдагы документте Ботиажо деген ат жолугат, мында бул аттын экинчи бөлүгүн титул деп болжоого болот[4].

Ажонун баш кийими жана жашаган турак-жайы тууралуу мурун сөз болгондуктан, аны кайталоонун зарылдыгы жок. Бирок, ал маалыматтарга төмөнкүлөрдү кошумчалайбыз.

Ажонун штабы – Кара тоонун түбүндө, Уйбат суусу жайгашкан өрөөндө, Миң-Суу ойдуңунун түпкүрүндө атактуу моло таш (атактуу моло ташта Миң-Суу талааларындагы түрк өкүлүнүн жазуусу калтырылган) табылган жерде жана VI–VII кылымдардагы чаатас деп аталган монументалдуу көрүстөндөрдүн бири турган жерде жайгашкандыгы болжолдонот. Чаатас деген ат менен андан башка ошого окшогон эстеликтер да аталган.

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 188-б.; Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке кайрылат: Рашид ад-Дин. Сборник летописей. История монголов. В переводе Берёзина. ТВОРАО, т. V, 1858, 130-б.

[2] *П.Мелиоранский.* Памятник в честь Кюль-тегина. ЗВОРАО, т. XII, в. 2–3; *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 188-б.

[3] *Ажо* деген сөз енисей кыргыздарында XVIII кылымдарга чейин сакталган. Мисалы: «XVIII кылымдагы сибирь тарыхынын эстеликтеринде» 1701-жылдын 19-сентябрында мындай деп жазылган: «он, Аба зайсан, прислал к нам, Роману с товарищами, озерского судью Ожо...». Ажо деген сөз кездешкен маалыматтар эмгектин башка беттеринде да кезигет.76-бетинде «Тажин сын Батиажо» деп айтылат да, бир нече саптардан кийин «Тажину сыну Бате» деген маалымат берилет. Мындан, Бате – адамдын аты, ал эми *ажо* деген сөз титул катары Бате деген атка кошулуп айтылгандыгын (Батиажо) көрүүгө болот. Караңыз: *Н.А.Аристов.* Аталган эмгекте, 147-б.

[4] Караңыз: Маалымат *В.В.Бартольддун* «Кыргыздар» деген эмгегинен алынды, Китепте: Кыргыздар. 10-том, 2011, 93-б.

Ю.С.Худяков: «Под Чернымы горами китайцы могли понимать горную систему Западного Саяна и Кузнецкого Ала-Тау», – дейт (Сабля Багыра, 53).

Ажонун конушу жерге кагылган жоон, кыска мамылар менен айландыра тосулгандыгы тууралуу айтылган эле. Мындай тосмолор ж.б. – булар убактылуу коргонуучу курулуштар болгон. Буга окшогон талаа шаарчалары Енисейде сейрек учурайт.

Ошондой эле тоо чокуларынын эңкейишинде же кыясында жергиликтүү уруулар таш дубалдарды курушкан. Бул жер эч кимдин туруктуу жайы болгон эмес, убактылуу гана баш калкалоочу жай болгон. Ю.С.Худяков аларды согуш коркунучу туулганда жакын турган жака-белден көчмөн калк мал-жаны менен жашынып турар коңулча деп эсептөө керек дейт (Сабля Багыра, 53-б.).

Кыргыз калкынын көпчүлүгү көчмөн турмушта жашагандыктан, алар жашаган жатак жайлардын орду аз табылган. Ошондуктан андай кенттерди изилдөө өтө кыйын. Ажо жашаган жерден башка кыргыздарда кыштактар же шаарлар болгон эмес, бул алардын боз үйдө жашагандыгын көрсөтүп турат (В.В.Бартольд, Аталган эмгекте, 199-б.).

Кыргыз Ажосу элинин турмушун жакшыртууга умтулган. Мисалы, Абу Дулефте «Их царь заботится об их благосостоянии и они ему повинуются; в его присутствии может садиться только человек старше сорока лет» (В.В.Бартольд боюнча)[1] деп айтылат.

**«Ханзу жазмаларынын» кыргызча котормосунда – Эр.** Ал эми «Ханзу жазмаларынынын» котормосунда (которгон Кармыштегин Макелек Өмүрбай) ажо – «эр» деп берилген: «Кыргыздар баш кишисин «Эр» деп аташат. «Эр» сөзү тек атка айланып кеткен»,– деп жазылат. Ошондой эле эр кишинин (баш киши) ордосу көкмөн[2] тоосунда, жыгачтар менен калап коргон салынып, чоң ак өргөө ортосунда тигилери, ал ордо «Бөдке»[3] деп аталары, калган мансаптарлары кичине өргөөлөрдө турушары баяндалат («Ханзу», Жаңы таңнаама, 295).

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Сложение кыргызской народности. Китепте: Кыргыздар. 2011, 10-том, 197-б.

[2] Орус тилиндеги адабияттарда Кегмен тоосу деп берилет.

[3] Орус тилиндеги адабияттарда «мичиджы» деп берилет.

## КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИ (VI–VIII кк.)

Мамлекет – бул этностук эмес, социалдык институт. Мамлекет алгачкы общиналык коомдук түзүлүштө пайда болуп, бир этносту толугу менен, же бир нече коңшулаш этносторду, же этностун бир бөлүгүн камтыйт «так как две системы отсчета – социальная и этническая – не совпадают» – дейт Л.Н.Гумилев[1].

А.Батманов V–VIII кылымдардагы кыргыз коому тууралуу мындай деген: «Феодалдык элементи бар патриархалдык-уруулук кыргыз коому V–VIII кылымдарда уруулардын союзунан турган. Аларды бектер башкарган, бектер ханга (мүмкүн, огуз ханына, же согуш учурунда бектердин ичинен убактылуу көрсөтүлгөн ханга) баш ийишкен»[2].

Енисейдеги кыргыз мамлекети – алгачкы-феодалдык типтеги туруктуу этносоциалдык биримдик болгон, анын өзүнүн түзүлүшүнө ылайык мамлекеттик институттары болгон (1996, 49).

Жергиликтүү байыркы кыргыз жазуулары жана кытай жазма булактары кыргыздардын башында сандаган малдын жана ар кандай мүлктүн, ошондой эле кулдардын («обладательница... в том числе и рабов») ээлери болгон бай ак сөөктөр (аристократия) тургандыгын маалымдайт.

Бирок С.В.Киселевдун пикири боюнча: «Народ, по-видимому, еще не находился на такой ступени подчинения, когда можно было бы говорить о полной зависимости от представителей этой аристократии, от бегов, каганов и просто батуров енисейских эпитафий» (347).

Ак сөөктөрдүн өкүлдөрү өздөрүн бүтүн аймактын ээлери катары карашкан жана жазууларда да ушундай жазылган. Мисалы, Юдина кыштагында турган моло таштагы Умай-бег жазуусунда: «Из-за моего превосходства владел я этой страной» (347), – деп жазылган.

Бирок бир дагы жазма булактарда «я владею народом» деген жазуу жок. Тескерисинче, эл кандай болбосун даңаза-

---

[1] *Л.Н.Гумилев.* Древняя Русь и Великая степь. – М.,1993, 434-б.

[2] *И.А.Батманов.* Язык Енисейских памятников древнетюркской письменности. – Ф., 1959, 10-б.

ланат («превосходный народ Большар (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*), могучий народ»). Бардык жазууларда эл (народ) өз алдынча хан жана ак сөөк уруусу (род) – эль менен тең катарда турган күч катары сүрөттөлөт. Ал эми ак сөөктөрдүн эпитафиясынын формуласы мындай: «От моего черного народа, от вас, моего эля, я отделился» (347).

Абу Дулефте «Их царь заботится об их благосостоянии» деп айтылат. Демек, кыргыз ак сөөктөрү элинин бейпилдикте, көз карандысыз жашоосу үчүн кам көрүшкөн.

Ошентип, кыргыздарда уруу ак сөөктөрү болгон, алар: «князья, называвшиеся бегами (*бектер – Г.Ж.*), «знать» – «эль» или «кок эль» и простой народ – «кара будун»[1].

**Бектер.** Кыргыздарда «наивысшим сюзереном был бег», – дейт А.Н.Бернштам (Избр. тр., 1998, II, 188).

Жогоруда V–VIII кк. кыргыз урууларын бектер башкаргандыгы, бектер болсо ханга (мүмкүн, огуз ханына, же согуш учурунда бектердин ичинен убактылуу көрсөтүлгөн ханга) баш ийишкендиги айтылды. Демек, бек – хандан кийинки даража болгон.

Чыгыш түрктөр кыргыз башкаруучусун Барсбег[2] дешкен. Бирок, ал кийин каган деген титул алган.

Рун тексттеринин маалыматтары боюнча коомдогу негизги күчтү бектер түзүшкөн. Анын үстүнө байыркы кыргыз коомунда борбордоштурулган күчтүү бийлик жок эле. Ушул тууралуу А.Н.Бернштам: «Эта разобщенность, своеобразная замкнутость отдельных общин стоит в согласии с рабовладельческим характером общества древних кыргызов. **На первом месте здесь выступает бег** и (*белгилеген – Г.Ж.*) окружающее население карабудуң», – дейт (Избр. тр., II, 1998, 188).

Рун тексттеринде бек менен катар «эш» даражасы эскерилет. Бек менен тең катарда турган титулдар – «эш», «эр» (буквально: «муж»), же «алп» «герой», «богатырь» (А.Н.Бернштам. Избр.тр., 188) болгон.

Бек жана анын үй-бүлөсү жогорку башкаруучуга (предводитель) баш ийген. Бирок башчынын кандай аталгандыгы тууралуу эч нерсе айтылбайт.

---

[1] *Ю.С.Худяков.* Сабля багыра. – М., 2003, 49-б.

[2] *П.Мелиоранский.* Памятник в честь Кюл-тегина. ЗВОРАО, т. XII, в. 2-3.

**Бектер жана эштер.** Рун тексттеринин маалыматтарында өлүм алдындагы адам өзүнүн жолдошторуна, т.а., социалдык абалы бирдей жолдошторуна «эш» деп кайрылган: «Здесь он обращается как равный с равными, награждая их часто почетными титулами. Эти «эши» составляют вместе с ним господствующую верхушку знати – эль» (Избр.тр., II, 1998, 188).

Ошентип, бектер жана эштер тең катарда турган титулдар болгон жана алар биригип – эль деген үстөмдүк кылуучу топтун бирикмесин (сообщество) түзгөн. «Эр», «баатыр» деген сөздөр да ушул эле мааниде болгон.

**Ак сөөктөрдүн саясий бирикмеси – эль.** Эль деген түшүнүк эки мааниде болгон: биринчиден, бул бардык кыргыз урууларынын бирикмеси же мамлекет түшүнүгүн алып жүргөн, экинчиден, бул – үстөмдүк кылуучу топтун бирикмесин (эль) түшүндүргөн. А.Н.Бернштам: «Во-первых, это понятие всего объединения племен кыргыз и может пониматься, как синоним племенного союза или государства, во-вторых, это обозначает (и чаще всего) лишь сообщество господствующей знати» (188), – дейт.

«Эль» деген кыргыз коомунун шартында «кеңеш» («совет»), ак сөөк бектердин саясий бирикмеси катары түшүнүлүшү керек.

Ак сөөктөр атка минип, тайган менен бугу, эликке аңга чыгышкан. Кыргыздарда ат минүү эң жогорку искусство болгон.

Енисей рун эстеликтериндеги жазуулар боюнча согуш жортуулдарынан кийин кыргыз бектери аскерлерди чогултуп, көчмөндөрдүн талабы боюнча «алтын өндүрүү» үчүн жортуулдарга чыгышкан (Ю.С.Худяков, 49.).

Эркектер кийген кийимдерине күмүш, алтын, коло кемерлүү, коздолгон таралгалары (пряжка) бар кур тагынышкан. Курга күндөлүк турмушка керектүү канжар жана бычак, кайрак же мусат (мокогон канжардын же бычактын мизин курчутуу үчүн), оттук таш («мешочек каптаргак с железным кресалом[1], кремнем[2] и трутом для высекания огня») илип алышкан (Ю.С.Худяков, 52-б.).

---

[1] **Кресало** *ср уст. нар.-разг.* чакмак таштын темири, чакмактын темири. Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 1012, 137-б.

[2] **Кремнев/ый, ая, ое 1.** Оттук таш... чакмак таш...; **2.**Чакмак таштан жасалган; **3.** Оттук таш менен иштей турган, чакмак таш менен от алдыра турган. Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 134-б.

**Кара будуң.** Кара будуң мааниси боюнча бай ак сөөктөрдүн бирикмесине карама-каршы келет. Байыркы кыргыз коомунун негизги өндүргүч күчү – кара будуң болгон. Кара будуң – бул «свободное население обедневших скотоводов» деп берилет А.Н.Бернштамда (Изб. тр., 188).

Чакул жазуусунда мындай деп айтылат: «От моего черного, также в отношении Вас, моего эля, я отделился»[1]. «Кара будун» же «будуң» деген терминди катардагы кыргыз элинин мүчөлөрү деп түшүнүү керек.

**Күң, кул.** Кыргыздардын согушту тез-тез жүргүзүп турушу алардын колуна көп байлыктарды жана согуш туткундарын алып келген.

Я.С.Худяков: «Нередко кыргызские военные отряды совершали набеги на племена кыштымов, угоняли скот, захватывали людей и уводили в рабство», – дейт (Сабля Багыра, 48-б.). Н.Я.Бичуринде кыштымдарды кыргыздар (хягастар) «ловят и их и употребляют в работу», – деп айтылат (Собр.св., II, 1998, Алматы, 362-б.).

Согуш туткундарын алар кул (раб) катары колдонушкан. Мисалы, рун тексттеринде аялдар «күң» деп берилген «видимо в отличие от наложниц-рабынь «кунчуй»[2].

Эркек кулдар «киши казгантым»[3] («мои приобретенные люди») деп аталган. А.Н.Бернштамдын пикири боюнча «Видимо под термином «киши», в несколько презрительной форме, обозначается челядь, рабы и слуги бега, ибо для его друзей-бегов и родственников существовала иная, уже выше отмеченная, терминология» (189).

**Эльтебер.** «Ханзудагы» «Тайпиң жылдарындагы эстеликтердеги» маалымат боюнча «алар сыр-тардуштарга караган

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 188-б. Автор төмөнкү эмгекке таянат: W. Radloff. ATIM, 223-б.

[2] *П.Пеллиот* «кунчуй» дегенди кытайдын «гунчжу» деген сөзү менен байланыштырат, «т.е. девица из аристократической фамилии» дегенди түшүндүрөт. Маалымат *А.Н.Бернштамдын* эмгегинен (Избр.тр., 1998, II, 189-б.) алынды.

[3] *А.Н.Бернштам.* Избр.тр., II, 1998, 188-б. Автор төмөнкү эмгекке таянат: W. Radloff. ATIM, 307-б.

кезде, элтебир (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) бир эле киши, ал мамлекетти «бакылап» башкарып турган» (362).

В.В.Бартольд: «Эльтебер деген титул каган деген титулдан төмөн турган жана өз алдынча саясий турмушу болбогон чакан элдердин акимдерине берилген», – дейт (В.В.Бартольд. Кыргыздар. Китепте: Кыргыздар. 1993, II, 135-б.).

**Даражалары.** Алардын (кыргыздардын) мансаптарлары үч киши болгон: кешик бий, жасак бий, умай бий – булар биригип мамлекетти башкарып турушкан («Ханзу», Жаңы таңнаама, 296-бет).

Н.Я.Бичуринде: «Хягасский владетель имел трех министров, которые были Гйеси Бей, Гюйшабо Бей и Ами Бей» (Собр. св., II, 1998, 362).

«Ханзуда» кыргыздардын мансаптарлары: жайсаң, тутук, жасоол, аймак башы, сангун, таркан – алты даража болот. Жайсаңы жети киши болот, тутугу – үч киши, жасоолу – он киши болуп, бардыгы жоокерлик иштерди башкарууга акылуу экен. Аймак башы – он беш киши, сангун, таркандарынын саны бекитилбейт экен (295).

Ал эми Н.Я.Бичуринде: «Чиновники разделяются на шесть разрядов, как-то: министры, главноначальствующие, управители, делоправители, предводители и дагани. Министров считается семь, главноначальствующих три, управителей десять. Все сии заведывают войсками. Делоправителей считается пятьнадцать; предводители и дагани не имеют чинов [штатного числа]» (Н.Я.Бичурин. Собр. св., Алматы, 1998, I, 360–361-бб.), – деп берилген.

Бул маалыматтар айтып тургандай, кыргыздардын чиновниктик даражалары так жана даана бөлүштүрүлгөн.

Н.А.Аристов байыркы кыргыздардын чиновниктик татаал иерархия системасынан кагастардын (*кыргыздардын – Г.Ж.*) бийик маданиятын көрөт жана бул Ли Лин тарабынан Кытайдан келген деп эсептейт.

Шотт да «все названия должностей этих суть китайские» – дейт[1].

---

[1] Караңыз: *Н.А.Аристов,* Аталган эмгекте, 147-б. Бул маалыматты берүүдө Н.А.Аристов Шоттун эмгегине таянат: Шот, 434. Visdalou. p. 175.

Кандай болгон күндө да, мындай чиновниктик иерархия системасы, Н.А.Аристов белгилегендей, кыргыздардын бийик маданиятын көрсөтүп турат.

## Кыргыздардын тили

**Кыргыздар – түрк тилдүү.** Н.А.Аристов кытай жазма булактарында сакталып калган кагастардын (*байыркы кыргыздардын – Г.Ж.*) сөздөрүнүн көпчүлүгү түркчө дейт. Ал төмөнкүдөй мисалдарды келтирет. Бичуринде: «Первый месяц в году называют *Маоши ай.* Ай – значит месяц. Три месяца составляют четверть года. Годы считаются двенадцатью знаками» (359), – деп айтылат.

Н.А.Аристов Н.Я.Бичуриндин жогорку мисалына карата: «Ай в самом деле по-тюркски месяц; маоши, должно быть, «испорченное муз – лёд, выходит, следовательно, ледяной, холодный месяц», – дейт (Аталган эмгекте, 147-б.). Шамандарды түрктөр кань (kan), т.а. кам дешкен жана азыркыга чейин эле ошентип аташат. Хагас падышасынын министрлери бей (Гэси-бей, Гюйшабо-бей и Ами-бей) деп аталган. Бей, бек, бег – түркчө башчы («начальник»), старшина. Ал эми «Дагань (Ta-Kan) «вероятно, есть тюркское слово тархан – свободный от податей». Кытай Сарайына жиберилген Чжуву деген хагас элчиси Хэ-со деген атка[1] (прозвище) ээ болгон. «Таншуда» «хэ значит отважный, со – левый, т.е. искусный стрелок с левой руки» деп берилген[2].

Шотт хэ деген сөздү төмөнкү тилдеги сөздөр менен салыштырат: «якутским хосун (cho-sun) – смелый, отважный и с манчжурским хосун – сила, мощь» (Шот, 441).

Н.А.Аристов: «Сохранилось затем несколько хагасских слов, указывающих на смешанное, не чисто тюркское происхождение кыргызов», – дейт. Мисалы, «Ажо или аже Шотт сравнивает с тюркским ата и самоедским asse и astsea (450), а

---

[1] Собрание сведений... 1998,II, 364-б.

[2] Шоттун котормосу боюнча «su значит левша» (s.441). Клапрот боюнча (p. 173) kho sou = klhotch sol – храбрец, левой. Караңыз: *Н.А.Аристов.* Усуни..., 2001, 147-б.

также с вогульским ase – отец» (Шотт,1873, s. 2); миттичита деген сөздү Шотт анын акыркы эки муунун алып таштап, самоеддик палатка деген маанидеги muat mit ж.б. деген сөз менен окшош дейт ж.б.; кяша деген сөздү ошол эле окумуштуу самоеддик темир деген маанидеги kues, vese, jesou деген сөздөргө жакындаштырат (Шотт, 433)[1].

Жергиликтүү элдер Кема деп атаган Гянь (Kjan) дарыясынын атын Шотт самоеддик ka же ku («река») деген сөздөн келип чыккан болушу мүмкүн дейт, Кастерн боюнча Kem Финляндиянын жана Карелиянын көп жерлеринде көбүнчө эч өзгөрүүгө учурабастан Komi же Kymi формасында кездешет, бул Ренвалдын (Ренваль) сөздүгү боюнча чоң суу («большая река») дегенди түшүндүрөт. «Кастерн пологает, **что если это слово было первобытным финским, то перенесено в Финляндию с Енисея»**[2] (*белгилеген – Г.Ж.*). Шотт sze-mu – бугунун атынын акыркы үндүүсүн алып таштап (которая могла быть прибавлена для изображения китайским знаком звука m), койбалдардын жана сойоттордун syn жана sin (карагастардын – sen) деген сөздөрү менен салыштырат.

Ошентип, жогорку сөздөрдүн анализи кытайлыктар тарабынан жазылган хагастардын сөздөрүнүн көп бөлүгү түркчө экендигин көргөзгөн, бирок арасында айрым бир самоед жана фин тилдеринин да сөздөрү кездешкен. Бул тууралуу Н.А.Аристов самоеддердин сөздөрү «легко могли оказаться в языке кыргызов, так как самоеды, несомненно, находились в числе аборигенов Саянских гор, отуречение которых продолжалось до настоящего времени» (148), – дейт.

Ошентип, жогорудагы мисалдар, негизинен, кыргыздардын сөздөрү түркчө экендигин көрсөткөн.

**Түрк тилдүү кыргыздардын түзүлүшү.** В.В.Бартольд Таң-Шуда кыргыздар «динлиндер менен аралашып кеткен» деген маалымат бар экендигин (бул тууралуу айтылган), ошол

---

[1] Караңыз: *Н.А.Аристов.* Усуни… 2001, 147-б.

[2] «Шотт (Monats berichte, 1873) отвергает предлагаемое проф. Березиным производство названия верхнего Енисея от монгольского кем – мера, находя несообразным соотношение реки с мерой». Маалыматтар *Н.А.Аристовдун* эмгегинен алынды. Караңыз: 148-б.

эле убакта кыргыздар сырткы түрү жагынан кытайлар бома[1] деп атаган элге окшоп кетет деп айтылгандыгын («жээрде чач, кызыл жүздүү жана көк түстүү») белгилейт. Бирок кытайлыктардын айтуусу боюнча кыргыздар бомалардан тили менен айырмаланган, мисал үчүн бир нече кыргыз сөздөрү келтирилет (мисалы, ай деген сөз). Мындан В.В.Бартольд кыргыздардын ал убакта түрк тилинин наречиелеринин бири менен сүйлөшкөндүгү көрүнүп турат дейт. Мусулман авторлору да кыргыздарды тили боюнча түрк тилдүү элдерге киргизишет (В.В.Бартольд, Изб., 182).

**Түрк тилдүү кыргыздардын түзүлүүсү гунн доорунан башталган.** Буга, биринчиден, экономиканын жана социалдык түзүлүштүн өнүгүүсүнүн бирдиктүүлүгүнөн улам тилдин автохтондуу багытта өнүгүшү (түрктөшүүсү), экинчиден, гунн уруулук союзунун жана сяньбилердин динлиндер менен жалпы саясий жана экономикалык байланыштарынын негизинде тилдик өнүгүүсүнүн жалпылыгы (түрктөшүү) себеп болгон. А.Н.Бернштам: «Этот процесс имел свое завершение в т.н. тюркский период VI–IX вв. н.э., когда оформилась тюркоязычная группа племен и тюркский народ – кыргызы» – дейт (Избр.тр., 1998, II, 197).

Кыргыздардын жазуусу, тили уйгурлардыкы менен окшош деп айтылат «Ханзу жазмаларында» («Ханзу», Жаңы Таңнаама, 295). Бул тууралуу Г.Клапрот кытай тарыхчыларынын маалыматына таянып, Хой-хе же Хой-ху менен Хакастар бир уруудан чыгышкан жана бир тилде сүйлөшкөн дейт[2]. Кыргыздардын жазуусу жана тили хойхустардыкына (уйгурлар) дээрлик окшош деген маалымат Н.Я.Бичуринде бар. Ал бул маалыматтарды Тан династиясы тарыхынан алган.

Ю.Худяков кыргыздар сырткы түспөлү, кийимдери, жасалгалары жана турмуш-тиричилик үрп-адаттары боюнча орто кылымдагы Енисейдеги башка көчмөн элдерге окшош бол-

---

[1] Бомалар түрк-огуздардын түндүк жагында жашашкан, алар кыргыздар менен дайыма согушуп келген. Алардын жерин дайыма кар каптап, түндүгүндө деңизге чейин жеткен (132).

[2] Караңыз: А.Левшин. Кыргыз-кайсактар же кыргыз-казактар тууралуу тарыхый маалыматтар. Китепте: Кыргыздар. II, 1993, 254-б.

гондугун айтуу менен: «**Наибольшее сходство в языке** (*белгилеген – Г.Ж.*) **и культуре в кыргызов наблюдалось с уйгурами,** с которыми они считались «извечными врагами» в течение почти трехсот лет», – дейт Ю.Худяков (Сабля Багыра, 52-бет).

Жогорудагы маалыматтарга, б.а., кыргыздардын тили жана жазмасы уйгурлардыкына окшош дегенге Л.Н.Гумилев да кошулат, бирок: «Тилинин жана жазмасынын окшоштугуна карабастан, кыргыздар өздөрүнүн кээ бир өзгөчөлүктөрү боюнча түрктөрдөн да, уйгурлардан да алыс», – дейт (Аталган эмгек, Китепте: Кыргыздар. 2, 187-б).

В.В.Бартольд Абу Дулефтин (X кылымдагы автор) кыргыздар тууралуу баянында алардын жазуусу эске алынгандыгын айтат: «Алардын (*кыргыздардын – Г.Ж.*) сыйынуучу үйү жана өздөрүнүн жазмасы бар»[1]. Андан тышкары алардын сыйынуу мезгилинде колдонгон кыраттуу кеби (мерная речь) бар экендиги да айтылат.

В.В.Бартольд Таң-Шуда да кыргыздардын «жазмасы жана тили уйгурларга окшош» деп жазылгандыгын маалымдайт.

Саманилердин тукуму Наср-ибн-Ахмед-хандын бийлиги кезиндеги (X кылымдын аягы) саякатчы Абу-Дулеф Букарадан Кытайга бараткан жолундагы элдердин аттарын атоо менен катар алардын ичинен «кимактар» менен «кыргыздар» өзүнчө жазмага ээ деп көрсөткөн[2].

В.В.Бартольддун пикири боюнча бул жерде кеп ошол убакта уйгурлардын арасында таркай баштаган жана кийин монголдор кабыл алган алфавит жөнүндө эмес, **андан байыркы жазуулар жөнүндө** (*белгилеген – Г.Ж.*) болуп жатат, «ключ к чтению которых мог быть найден благодаря открытию орхонских надписей» (В.В. Бартольд, Изб,200).

В.В.Бартольд андан ары оюн мындайча улантат: «Что тот же алфавит был известен киргизам, видно из многочисленных надписей в бассейне Енисея, ставших известными в нау-

---

[1] *В.В.Бартольд.* Избр. тр., 119-б.

[2] *Б.М.Юнусалиев.* Кыргыз диалектологиясы. – Ф., 1971, 18-б. Автор бул маалыматты берүүдө төмөнкү эмгекке таянат: Проф. *Чобан-заде.* Заметки о языке и словесности кумыков. Изв.ф-та Аз. ГУ, т.1, – Баку, 1926, 96-б.

ке гораздо раньше, чем орхонские, но разобранных только благодаря открытию исторических орхонских надписей, впервые давших науке материал, на основании которого можно было приступить к разбору загадочных письмен» (В.В.Бартольд, Избр., 200).

Ошентип, жогоруда бири-бирине окшош деген жазуулардын башатында байыркы жазуулар турган, ал – кыргыз жазуулары болгон.

Ошентип, тарыхый булактарда кездешкен кыргыз жана уйгур жазуулары окшош деген маалымат – кыргыздардын байыркы мезгилдеги жазуусу жөнүндөгү баалуу маалымат.

VI–VIII кк. кыргыздардын Түрк каганаты менен саясий байланышы «приводят к созданию общего литературного языка, запечатленного в многочисленных надписях на надгробных памятниках кыргызских бегов»[1].

**Кыргыздардын байыркы элдик тили.** Кыргыз каганатынын тушунда байыркы кыргыз элинин калыптанышы менен бирге эле алардын байыркы элдик тили түзүлгөн. Окумуштуулардын божомолунда ал тектеш уруулук диалектилерден түзүлгөн жана **орхон-енисей графикасына негизделген жазма адабий тил** (*белгилеген – Г.Ж.*) болгон.

Л.Н.Гумилев байыркы түрктөр жөнүндө сөз кылып жатып: «Пока они были степным племенем и их память ограничивалась жизнью одного-двух поколений, двенадцатилетнего цикла им хватало. Но когда они оказались во главе державы, простиравшейся от Желтого моря до Черного, и соперниками могучего Китая, славного Ирана и блестящей Византийской империи, то им потребовалась история, т.е. кодификация событий и объяснение их взаимосвязей. Тут пришла на выручку наипростейшая форма отсчета – «живая хронология». В знаменитом памятнике – стеле на могиле Кюл-тегина, где перечислены его подвиги, события датируются годами жизни витязя, а для привязки к циклической хронологии указана дата смерти – год овцы, и подчеркнуто, что герою было сорок семь лет [175, стр.53]. Для тюрок VIII в. этого было достаточно»[2].

---

[1] *А.Н.Бернштам.* Изб.тр., II, 1998, 197-б.

[2] *Л.Н.Гумилев.* Этносфера. История людей и история природы. – М., 1993, 83-б.

Бул жерде жогоруда Л.Н.Гумилев сөз кылып жаткан он эки жылдык цикл – кыргыздардыкы болгон. Бул А.Ремюза тарабынан да айтылган. Ошондой эле орхон-енисей жазуулары да – кыргыздардыкы экендигин да белгилеп коюу зарыл (Бул тууралуу өз убагында сөз болот).

Бул мезгилде түрк жазуусунун енисей кыргыздарына таандык болгондугун С.Е.Малов белгилеген (С.Е.Малов. Енисейская письменность тюрков. Тексты и переводы. – М., 1952.). В.В.Радлов да убагында ушундай эле пикирди айткан. Бул пикирди башка окумуштуулар да ырасташкан (Э.Р.Тенишев, И.В.Кормушин, А.В.Ержиласун, С.Г.Кляшторный, Д.Д.Васильев, Ч.Жумагулов ж.б.).

Б.М.Юнусалиев бул мезгилди байыркы кыргыз тили доору деп атаган. Ал эми жазма үлгүлөрү катары Энисей эстеликтерин көрсөткөн.

## КЫРГЫЗДАР – ЖООКЕР ЭЛ

**Кыргыздар – жоокер эл.** VI–VIII кылымдардагы кыргыздардын тарыхы көз карандысыздык үчүн күрөш менен мүнөздөлөт (У истоков... 1996, 51-б.). Бул мезгилде Енисейде Борбордук Азиянын түпкүрүнөн кыйратуучу жүрүштөрдү жасаган, көчмөндөр менен кармашта аябагандай зор тажрыйбага ээ болгон согушчан уруулар жашаган. Енисейде жашаган кыргыздар тегерегиндеги мына ушундай көп сандаган каардуу душмандардан коргонуп жана өз эркиндиги үчүн күрөшүп келишкен (Ю.С. Худяков, 48-б.).

Кыргыздардын жоокер эл экендиги дээрлик бардык жазма булактарда белгиленет. Худуд ал-Аламда кыргыздар тууралуу: «Алар (*кыргыздар – Г.Ж.*) өтө жоокерчилиги менен айырмаланып, бардык коңшулары менен согушуп, душман болуп турушат»,– деп айтылат (А.Н.Бернштам. 1993, II, 275).

В.В.Бартольд «Таң-шуга» караганда «Худуд ал-Аламда» кыргыздар жапайыраак эл катары сүрөттөлгөндүгүн маалымдайт. Окумуштуу кытай булактарында кыргыздардын башка элдер менен тынчтык алакада экендиги, ал эми перс авторунун баянында кыргыздар бардык коңшулары менен согушуп

турушкандыгы дароо эле көзгө урунарын айтып, булардын ичинен кытайлык булактар чындыкка жакын болуш керек дейт (Изб., 199).

Бул тууралуу А.Левшин Г.Клапроттун төмөндөгүдөй пикирин эске салат: «Хакас деген ат менен белгилүү болуп турган замандарда алардын (кыргыздардын) кулк-мүнөзү азыркыдай ашкере катаал эмес эле»[1].

Бул маалыматтар кыргыздардын башка элдер менен мамилеси бардык мезгилде эле бирдей болбогондугун көрсөтүп турат. Кыргыздар саясий кырдаалга жараша башка элдер менен бирде дипломатиянын жогорку чеберчилигин көрсөтүп, алар менен алака түзүп, тартуу жасап, кыз алышып, кыз беришип, тынчтык мамиледе болуп жана аны сактап келсе, бирде өз эркиндиги үчүн, өз элинин көз карандысыздыгы үчүн колуна курал алып, душмандарына коркунуч туудуруп согушуп келишкен. Мындай согуштарда алар такшалган, бай тажрыйбага жана жоокерчиликтин бийик чеберчилигине ээ болушкан.

Ю.С.Худяковго: «Для того, чтобы утвердить свое господство над племенами Минусинской котловины, кыргызским правителям пришлось действовать силой, ловкостью и жестокостью. Только благодаря самим себе кыргызы получили право считаться господствующим народам в Кыргызском государстве. Все остальные племена были низведены на положение рабов-кыштымов» (Сабля… 48).

Кыштымдар кыргыздарга киштин, тыйын чычкандардын ж.б баалуу терилерден, дыйканчылык жана темир өнөрчүлүк продуктыларынан салык төлөп турушкан.

## Енисейлик кыргыздар (байыркы замандан б.з. X к. чейин) (кыскача жыйынтык)

**Байыркы кыргыздар б.з.V кылымына чейин.** Ошентип, Монголия талааларында көчмөндөрдүн державалары бирин экинчиси алмаштырып турган. Мисалы, хунндардан кийин

---

[1] Караңыз: *А.Левшин.* Кыргыз-кайсактар же кыргыз-казактар тууралуу тарыхый маалыматтар. Китепте: Кыргыздар. II, 254-б., Которгон Мурат Кожобеков.

сяньби (б.з. I–III кк.), андан кийин тоба (б.з. IV к.), андан соң жужандар (б.з. V–VI кк.) бийлик жүргүзгөн. Ушул державалардын ар бири өзүнүн бийлигинин гүлдөп турган мезгилинде селдей каптап түндүккө качырып кирип барышкан жана Енисейдеги кыргыз уруулары менен согушушкан.

Ошондой эле б.з. II кылымындагы, V кылымдагы согуштар болгондугу маалым. Бирок, тарыхый маалыматтар кыргыз элинин борбордук-азиялык державаларга вассал болбогондугун көрсөтүп турат дейт А.Н.Бернштам (505). Биз А.Н.Бернштамдын бул тууралуу айткан сөзүн толугу менен келтиребиз: «И все же, как следует из исторических данных, енисейские киргизские племена не становились вассалами центрально-азиатских держав. **Покорить киргиз не удалось ни сяньби, ни тоба, ни жужаням** (*белгилеген – Г.Ж.*). В значительной степени киргизам помогала и естественно-географическая среда, в которой они находились. Саянский хребет являляся «Великой киргизской стеной», усложнявшей подступы к киргизам» (505).

Мына ушунун баары кыргыздардын экономикасынын, техникасынын өнүгүшүнө шарт түзгөн.

**Кыргыздар V–VIII кылымдарда. Кыргыз мамлекети.** Экономикалык байлыктын негизинде биздин эранын башында пайда болгон теңсиздиктер VI–VIII кылымдарда таптын жана мамлекеттин пайда болушуна алып келген (505).

Кытай жазма булактары кыргыздардын жашоо-турмушун, экономикасын жана маданиятын толук бойдон баяндайт. Ошондой эле байыркы, өзгөчө түрк рун шрифти менен жазылган байыркы кыргыз тексттеринде (древнекыргызские тексты – А.Н.Бернштам) көп маалыматтар камтылган. Археологиялык материалдардын негизинде да кыргыздардын тарыхындагы абдан маанилүү окуялар ачылган.

Бул маалыматтар VI–VIII кылымдарда кыргыз коому өнүгүүнүн эң бийик чегине жеткендигин көрсөтүп турат.

V–VIII кылымдардын аралыгында кыргыздар Миң-Сууну жана анын жака белдеринде жашаган кыштымдарды кол алдында кармап турган, бирок түрктөр жана уйгурлар менен

болгон кагылышууларда айрым бир жеңилүүлөргө да учурап, ал турсун өз алдынча бийлигинен убактылуу ажырап калган учурлары болгон. Бул мезгилде алар негизинен коргонуу мүнөзүндөгү согуштук тажрыйбаны тутунушкан. Башкача айтканда, кыргыздар өздөрүнүн көз карандысыздыгы үчүн күрөшүшкөн. Кагылышуулардын аймагы Миң-Суу жана Тыванын чегинен ары чыккан эмес.

**Кыргыз мамлекети – күчтүү мамлекет.** Кыргыз мамлекетинин күчтүү мамлекет болгондугу жазма булактарда берилген. Мисалы, «Ханзу жазмаларындагы» (Жаңы таңнаама) маалымат боюнча «кыргыз түбүндө күчтүү мамлекет болгон. Жери түрктөр менен тең болгон. Түрктөр алардын баш кишисине кыз берген»[1], – деп айтылат.

Кыргыздар кыштым урууларынын үстүнөн үстөмдүк жүргүзүшкөн, сяньбилер, жужандар, байыркы түрктөр, уйгурлар, кидандар, наймандар, монголдор менен согушушкан. «Только благодаря самим себе кыргызы получили право считаться господствующим народом в Кыргызском государстве. Все остальные племена были низведены на положение рабов-кыштымов»[2],– деп белгилейт Ю.С.Худяков.

Кыштымдар кыргыздарга киш (соболь), тыйын чычкан ж.б. жаныбарлардын баалуу терилерин, азык-түлүк жана темирденширетилген буюмдарды тапшырып турууга милдеттүү болушкан (48).

Кыргыздар кыштымдарды кул абалына жеткиришкен. Кыргыздардын аскердик отряддары көп жолу кыштым урууларына кол салып, малдарын кууп кетип, адамдарын кармап, кулчулукка алып кетип турушкан. Кытай жазмаларында кыргыздар «кыштым уруусундагы адамдарды кармап алышып, жумушка пайдаланышкан», – деп айтылган (Н.Я.Бичурин, 354-б.).

Кыштымдар өз ара биримдиги жок ар кандай уруулардан туруп, ар башка тилде сүйлөшкөн.

**Кыргыздар IX–X кылымдарда. Кыргыз Улуу Державасы. Кыргыз мамлекетининин гүлдөгөн доору.** Андан кийинки доор-

---

[1] *«Ханзу жазмалары»*. Жаңы таңнаама. 296-б.

[2] *Ю.С.Худяков.* Сабля багыра. 48-б.

лордо, б.а., IX–X кылымдарда кыргыздардын жоокерчилик өнөрү эң бийик өрүшкө жетип, жоо-жарагы да өзүнчө өркүндөп өскөн (Ю.С.Худяков, 1993, 1, 186-б.). Кыргыздардын даңазадаңкы таш жарып турган мезгилди В.В.Бартольд «Кыргыздардын улуу державасы» («Кыргызское великодержавие») деп атаган.

Бул мезгилде кыргыздар Саян-Алтайдын[1] сан тайпалуу урууларын бириктирип, өздөрүнүн каганатын түзүшкөн, уйгурларды талкалап, Борбордук Азиянын талаа-түздүү бүткүл аймагын ээлеп турушкан. Жортуулдардын аймагы Саян-Алтайдан тартып Чыгыш Түркстанга жана Байкалдын аркы тараптарына чейин кеңейген.

Кыргыздар бүткүл Борбордук Азияга үстөмдүк кылууга, Чыгыш Түркстандын дыйканчылыкка ыңгайлуу аймактарын да кол алдында бекем кармап турууга умтулган. Бирок мындай алыс согуштук жоортуулдардан кол каржалып, ар кайсы аймактарга чачырап, күч-кубаты алсырай баштаган. Бул «Улуу державалык доордун» аякташына алып келген[2].

## КЫРГЫЗ ЖАЗУУЛАРЫ

### Байыркы кыргыз жазуусу петроглифтерде

Кыргызстандын территориясынан табылган эстеликтер да байыркы түрк элдеринин тарыхый издерин чагылдырып турат.

Ю.С.Худяков Кыргызстандын территориясы 3 миң жыл бою Борбордук Азиянын көчмөн жашоосуна күбө болуп келгендигин белгилейт (Сабля Багыра). Муну Кыргызстандын территориясынан табылган эстеликтер далилдеп турат.

Көпчүлүк окумуштуулардын пикири боюнча байыркы көчмөн уруулардын көчмөн жашоого массалык өтүшү б.з.ч. II–I миң жылдыкта жана б.з. I миң жылдыгында болгон. Ал эми

---

[1] *А.Н.Бернштамда* мындай түшүндүрмө берилет: «Горы Тянь-Шань обычно принято считать Саянами, но это было скорее юго-восточная граница кыргыз». Караңыз: Аталган китепте, 181-б.

[2] *Ю.С.Худяков.* Енисей кыргыздарынын тарыхы. Китепте: Кыргыздар. I, 1993, 188-б.

эӊ жогорку чеги бир ооздон – б.з. IV–V кк., т.а. байыркы дүйнөлүк доордун (эпоха древнего мира) аякташы деп саналат[1].

Биз мурунку бөлүмдөрдө белгилегендей, кыргыздар биздин заманга чейин эле этнос катары белгилүү болгон. Жогоруда кыргыздардын тарыхы байыркы элдердин ичиндеги этнос катары көчмөндөрдүн тарыхы менен түздөн-түз байланышта экендиги тууралуу айтылды. В.В.Бартольд кыргыздар Орто Азиянын эӊ байыркы элдеринин бири, азыркы убакта Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты ушунча эрте жолуккан бир да эл жок болуш керек деген[2]. Ал эми Ю.С.Худяков түрк бүлөсүндө (семья) сүйлөгөн элдердин ичинен кыргыз деген ат эӊ эле байыркы экендигин белгилейт. Ал: «Название кыргызов древнее на несколько столетий, чем само слово «тюрки», по имени которых получила наименование вся языковая семья»,[3] – дейт.

Бирок байыркы көчмөндөрдүн тарыхы, анын ичинде кыргыздардын тарыхы, анын тилинин тарыхы али толук ачыла элек. Алар боюнча маалыматтар археологиялык иликтөөлөрдөн улам табылган эстеликтерде жана чет элдик жылнаамачылардын эмгектеринде гана сакталып калган. Эстеликтердеги жазуулар дагы эле изилдөөлөрдүн объектиси болууда. Албетте, буга кыргыз илимпоздорунун кошкон салымдары да чоӊ. Бирок иликтене турган иштер али алдыда.

**Байыркы чекме сүрөттөр. Петроглифтер.** Байыркы көчмөндөр жана жарым көчмөндөр тууралуу маалыматтарды Кыргызстандын территориясынан табылган эстеликтер, андагы жазуулар толуктап келүүдө. Мисалы, буга – Кыргызстандын түштүгүнөн табылган байыркы чекме сүрөттөр (наскальные изображение) далил.

Кыргызстанда байыркы тарыхый эстеликтердин ичинен чекме сүрөттөр өзгөчө бөлүнүп турат. Л.Жусупакматовдун «Древние картосхемы Земли в пиктографии петроглифов юга

[1] *А.М.Хазанов.* Эпоха древних кочевников в евразийских степях. Китепте: «Ранние кочевники Средней Азии и Казахстана». – Л., 1975, 23-б.

[2] Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Фонд «Сорос – Кыргызстан», Изд-во «Шам», 1996, 176.

[3] *Ю.С.Худяков.* Аталган эмгекте, 28-б.

Кыргызстана» (2006) аттуу эмгеги Орто жана Борбордук Азияда жашаган байыркы элдердин пиктографияларында чагылдырылган Жердин жана анын региондорунун картосхемасына арналган. Мындай петроглифтер пиктографиялык тексттин объектиси катары мурун изилдене элек болучу.

Бул эмгек эң байыркы элдердин жаратылыш жөнүндөгү биринчи көз караштарын билдирет[1].

Байыркы элдер тээ илгертен эле пиктографиялык жазуунун катарында эле петроглифтерди пайдаланышкан. «В них на территории Юга Кыргызстана, Средней и Центральной Азии отразили своё миропонимание древние андроновцы, саки, скифы, гунны, усуни и тюрки» (13). Окумуштуу Кыргызстандын түштүгүндөгү петроглифтер «тесно связаны с петроглифами Средней, Центральной Азии, Восточной, Юго-восточной, Юго-западной частями, Южной Сибири...», – дейт (14).

А.Д.Столяр: «Они (петроглифы) содержат намек на некоторые речевые эквиваленты архаических пластов языка», – дейт. Бул учурдагы негизги нерсе – тексттин маанисин түшүнүү, тилдин ээсин, анын психологиялык, этностук жана маданий өзгөчөлүгүн билүү болуп саналат дейт Л.Жусупакматов (15).

Л.Жусупакматов пиктографиялык жазуу менен катар эле петроглифтер система катары жогорку палеолитте (верхний палеолит) эле пайда болгон «и как система рисуночного письма (Л.Дж.), окончательно сформировались в эпоху неолита, и стали предшественниками фонетического письма, были распространены у индейцев Америки, жителей тропической Африки, аборигенов Австралии, малых народов Сибири и др. вплоть до XX в.», – дейт (15).

Л.Жусупакматов петроглифтерди үч аспектиден караган: «прагматически как категорию философии в миропознании древних людей, структурно-семантически, как семиотические знаки в плане невербальности, градусно-частотно как пространственность во времени и потенциально как объект познания в относительности» (27).

---

[1] Караңыз аталган эмгекте, Рецензии. Рецензия Т.Э.Эшенкулова. 12-б.

Я.Шердин пикири боюнча пиктографиялык жазуунун объектиси катары петроглифтерди изилдөө – илимдеги жаңы багыт[1] болуп саналат.

Бул пиктографиялык текстти грамматикалык жактан эмес логикалык жактан дешифровкалоо керек экендигин тилчи-түрколог А.М.Щербак, этнограф В.М.Кляшторный, алтай тилчи-илимпозу В.И.Цинциус сунушташкан. Байыркы элдердин бардык иштери грамматикалык жактан эмес, логикалык жактан айкын көрсөтүлгөн. Муну алардын прагматикалуулугу, семиотикалуулугу жана семантикалуулугу далилдеп турат (Л.Джусупакматов,29).

Петроглифтер, Л.Жусупакматовдун маалыматы боюнча, Борбордук Тянь-Шань, Памир, Алай, Фергана тоо кыркаларында да кездешет. Кыргызстандагы чекме сүрөттөр байыркы көчмөндөрдүн жана жарым көчмөндөрдүн рухий дүйнөсүн, ошондой эле конкреттүү, абстракттуу анимистикалык жана тотемдик көз караштарын ачып берет[2]. Ушул пландан алганда Чоң-Бүлөлүдөгү (Алай району), Жаңы Ноокат капчыгайындагы (Ноокат району), Сүрөтүдөгү (Баткен областы) петроглифтер – өтө уникалдуу.

**Байыркы кыргыз тамгалары. Байыркы кыргыз пиктографиялык жазуусу – Чоң-Бүлөлүдөгү чекме сүрөттөрдө.** Чоң-Бүлөлүдөгү чекме сүрөттөр б.з.ч. I миң жылдыктын аягы жана б.з. I миң жылдыгынын биринчи жарымына тиешелүү деп эсептелет. Байыркы тарыхый-археологиялык эстеликтер тянь-шандык кыргыздардын эзелтеден бери эле ушул территорияда жашап жана чарбасын жүргүзүп келишкендигин далилдейт. Мында табылган эстеликтер енисейлик жана тянь-шандык кыргыздар бири-бири менен тыгыз карым-катышта болуп келген деген кыргыз изилдөөчүлөрүнүн концепциясын да ырастайт (54).

Чоң-Бүлөлүдөгү кызыл кумдуу аскага чегилген петроглифтер (Жердин картосхемасы), Л.Жусупакматовдун пикири

[1] *Я.А.Шер.* К интерпретации сюжетов некоторых петроглифов Саймалы-Таша.//В кн. Культура Востока. – Л.: Аврора, 1978.

[2] *Л.Жусупакматов.* Древние картосхемы Земли в пиктографии петроглифов юга Кыргызстана. – Ош, 2006, 50-б.

боюнча, байыркы түрктүк, ошону менен бирге эле байыркы кыргыз пиктографиялык жазуусун билдирет. Чоң-Бүлөлүдөгү петроглифтер[1] теги боюнча байыркы түрктүк деп эсептелет. Алар 1984 жылы табылган. Бул петроглифтер Жоош айылынын түндүк-батышында жайгашкан кызыл кумдуу зоокага («на красной песчаной скале») чегилип жазылган. Асканын астында 150–200 метр аралыкта жол өтөт. Зооканын чыгыш бөлүгүндө байыркы-түрктүк, т.а., **байыркы кыргыз тамгалары** (*белгилеген – Г.Ж.*) чегилген, ал эми түштүк-батыш жагын тамга жана геометриялык схемалар ээлейт, буларды Л.Жусупакматов картосхема деп атайт. Ошондой эле зоока астында жаткан (балким, аскадан жарылып түшкөн) чоң ташта тамга түрүндөгү сүрөт (башкача айтканда – фонограмма – Л.Ж.) кездешет (50-б.).

Л.Жусупакматовдун маалыматы боюнча бул картосхеманын негизин ушул жердин орографиясы[2] түзөт. Жүргүзүлгөн анализдин жыйынтыгы боюнча анда негизинен Орто жана Борбордук Азиянын тоолору сүрөттөлгөн. Бул картосхемалар системалуу түзүлгөн, орографиядагы белгилүү бир жыштык (частотность) сакталган, ошондой эле анда масштабдуулук элементтери байкалат, 59,2% и жогоруда аталган территориянын орографиялык масштабына туура келет (50-б.).

Зооканын чыгыш бөлүгүндө **байыркы кыргыз уруу белгилеринин, т.а., тамгаларынын болушу – бул жерлерде байыркы замандан бери эле кыргыздардын жашагандыгын далилдеп турат** (*белгилеген – Г.Ж.*). Дал ушуга окшош уруу тамгаларынын инварианттары хакастарда сакталып калган, ошондой эле мындай тамгалар бардык кыргыздар жашаган жерлерде кездешет (51).

---

[1] **ПЕТРОГЛИФЫ** (греч.. *retra* 'скала, камень', *giuphe* 'резьба') – наскальные пиктограммы, изображающие животных, птиц, сцены охоты, войны и др. *Кара: В.Д.Стариченок.* Большой лингвистический словарь. Ростов-на-Дону, «Феникс», 2008, 437-б.

[2] **Орография** *ж* орография (жердин бетинин рельефинин формаларын сүрөттөп жазуу жана классификациялоо боюнча иш алып баруучу геоморфологиянын бир бөлүмү). Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2-12, 606-б.

Демек, кыргыз уруу белгилери, т.а., тамгалары Кыргызстандын территориясында да (түштүгүндө да) болгон, бул жерлерде да байыркы замандан бери эле кыргыздар жашап келишкен.

Буга окшогон белгилерди Л.Р.Кызласов жана Н.В.Леонтьев тамга сымал белгилер («тамговидные знаки») деп аташкан. Таштагы аталган чекме белгилерди Л.Жусупакматов **тамга сымал белгилер же фонограмма** (*белгилеген – Г.Ж.*) деп атайт (53).

Ал эми чоң таштагы чекме сүрөттөрдү чечмелеп окуу анын авторунун отко сыйынган адам экендигинен кабар берет. Анткени андагы белги (знак) ... пиктографиялык[1] жактан Күндү, ал эми калган белгилер адамдардын фигураларын билдирет. Кол кармашкан адамдардын сүрөттөрү алардын Күнгө сыйынгандыгынан кабар берет жана алтай бүлөсүндөгү элдерде кеңири таралган, кыргыздарда да кездешкен от бийин (танец огня) эске салат (Л.Ж.,53).

Кыргызстандын территориясында жашаган байыркы кыргыздар да күндү ыйык деп, ага сыйынышары аталган чекме сүрөттөн көрүнүп турат.

Илимде бул «андронов маданияты» деп аталган доор менен белгилүү. Бул доордо, б.а., б.з.ч. экинчи миңинчи жылдыктын ортосунда байыркы арий уруулары Уралдан Түштүк Сибирге чейинки, Синьцзян, Орто Азиядагы зор территорияларды ээлеп турушкан. Алар Күнгө жана отко сыйынышкан, уруулаштары каза болгондо айрым учурда төрт чарчы тосмо коюлган дөбөлөрдүн алдына коёрдо өлгөн кишинин денесин өрттөшкөн.

Кыргыздар тарабынан өздөрү жашаган жерлердин картосхемасы түзүлгөн. Ал эми байыркы кыргыздардын негизги кесиби аңчылык болгондугун уруу белгилери ырастап турат (53).

Чоң-Бүлүдөгү чекме сүрөттөрдүн кайсы доорго тиешелүү экендиги тууралуу Л.Жусупакматов мындай дейт: «Наличие на них глубокого загара, а также отсутствие изображений

---

[1] **ПИКТОГРАФИЯ** (лат. *pictus* 'нарисованный', *grapho* 'пишу') - древнейший тип письма.

огнестрельного оружия, древнетюркских и арабских фонограмм, говорит о том, что данные наскальные изображения относятся к концу 1 тыс. до н.э. и к первой половине 1 тыс. н.э.»(54).

Кыргызстандын территориясы чекме сүрөттөргө, б.а., петроглифтерге бай жана алар окумуштуулар тарабынан жазуу катары таанылган дейт Л.Жусупакматов. Мындай петроглифтерге 1983-жылы табылган Кичи-Каракол ашуусундагы (Алай району) жолдун жээгинде жайгашкан абдан зор жалпак таштарга чегилген Жердин картосхемасы (анын айрым бөлүктөрү), Терген-Таштагы чекме сүрөттөр кирет. Бул эстеликтерди Л.Жусупакматов «ачык асман астындагы музей» деп атайт.

**Терген-Таштагы чекме сүрөттөр – дүйнөнүн, т.а., анын бир топ бөлүктөрүнүн картосхемасы.** Терген-Таштагы чекме сүрөттөр – Ош облусунун Алай районунда жайгашкан. Мындагы сүрөттөр – дүйнөнүн, т.а., анын бир топ бөлүктөрүнүн картосхемасы. Бул жерде ар бир таш – адамзаттын тарыхын камтыйт.

Терген-Таштагы сүрөттөр 500дөй. Картосхемалар түшүрүлгөн бир нече таштар жолдун боюнда жайгашкан. Алар пландуу, масштабдуу жайгаштырылган жана азыркы картанын 83–84% ине туура келет. Сүрөттөрдүн гранометриясы боюнча алар орографиялык, полеографиялык жана өлкө таануучу (этнографиялык) системаны, ошондой эле городографияны, шаарларды жана жолдорду көрсөтөт.

Көңүл коюп карап көргөндө, андан Орто, Борбордук, Кичи Азиянын жана Индиянын, ошондой эле Европанын бир бөлүгүнүн картасын (сүрөттөлүшүн) көрүүгө болот. Бардык картосхемалар жалпак таштарда бири-биринин уландысы катары ырааттуу жайгашкан. Бул картография – ошондой эле тоолордун, ушул жерлердин аттарынын, Алайдын да байыркы тарыхы (47).

Кыргызстандын түштүгүнөн табылган пиктографиялык сүрөттөр тигил же бул регионду таанып-билүүдө белгилүү бир мааниге ээ, ошол эле учурда магиялык, ритуалдык, мифтик, философиялык, реалдуу ж.б. түшүнүктөрдү камтыйт. Бул пиктограммалар – сегиз, жети, алты мүйүздүү багыш, бугу, уй, балык, жылан, антропоморфтор жана ар түрдүү геометриялык фигуралар түрүндө (38).

**Бугу эне – Эне кудайды билдирүүчү семиотикалык белги.** Мисалы, Бугу эненин силуэти – балдардын коргоочусу. Бугу – бул жерде балдарды каардуу жин, шайтандардан жана ооруулардан коргоочу Эне кудайды билдирүүчү семиотикалык белги. Бугу-Эне – тирүү жандарды азыктандыруучу Жер-Эне (Мать-Земля), акырында ал аңчылыктын да объектиси (172). Кыргыздын улуу жазуучусу Ч. Айтматов бекеринен өз чыгармаларында семиотикалык белги катары Бугу эненин образын албаган экен.

**Саймалы-Таш пиктографиялык тексттери.** Л.Жусупакматовдун эмгегинде байыркы адамдардын жер жөнүндөгү жана анын региондору жөнүндөгү элестери Саймалы-Таштын петроглифтериндеги пиктографиялык тексттерде кеңири сүрөттөлгөн (102, 196). Ал эми Сулайман тоосундагы лабиринт – бул байыркы бабалар тарабынан чегилген астроглобус. Анда алардын Жер жөнүндөгү, Жердин картосхемасы жөнүндөгү түшүнүктөрү чагылдырылган жана байыркы оштуктардын Борбордук, Түштүк-Чыгыш жана Алдыңкы Азия, ошону менен бирге эле бүткүл дүйнө жүзүнүн элдери менен байланышын көрсөтүп турат (66).

Л.Жусупакматовдун пикири боюнча мейкиндик түшүнүгүн билдирүүчү пиктограммалар карта же картосхеманы түшүндүрөт. Алар петроглифтердин ар түрдүү формалары аркылуу туюндурулат жана картографиядагы пиктографиялык текст катары өзүнчө бир системаны көз алдыга келтирет. Алар – пиктограмма-зооморфтор (эчки, багыш, бугу, ат, маймыл, жылан. Ар түрдүү жырткычтар, төөлөр, канаттуулар ж.б. пиктограмма-антропоморфтор, пиктограмма-метаморфозалар ж.б.

Окумуштуунун ийгилиги – ошол таштардагы сүрөттөрдү окугандыгы, сүрөттөрдү чечмелеп түшүндүргөндүгү болуп эсептелет.

Түштүктөн табылган Жердин картосхемасы анын Орто Азия жана Борбордук Азия аркылуу Кытай, андан – Индияга, кайрадан Рим, Вавилон, Египетке кеткен Улуу Жибек жолу менен байланышы бар деген ойго түртөт дейт Л.Джусупакматов (275). Ошентип, Кыргызстандын территориясы – кыргыздын пиктографиялык жазуусуна бай байыркы тарыхый эстеликтердин очогу, Улуу Жибек жолунун Кытайга кеткен түйүндүү точкасы болуп эсептелет.

## Кыргыз жазуусу түрк жазма эстеликтеринде

**Кыргыздар жана түрк тилдүү уруулар б.з. V к.чейин.** Биздин замандын биринчи миң жылдыгынын башталышынан VI кылымга чейин Енисей өзөнүнүн жогорку жана ортоңку агымындагы жерлерде, Алтайга чейинки, Байкалдын алдында созулуп жаткан кеңири мейкиндиктерде жана азыркы Тыванын түштүк бөлүгүндө этникалык группалардын орун которуштуруу процесси жүргөн: бири келип, бири кетип турган, айрымдары баскынчылар тарабынан талоонго учураса да, калктын кайсы бир бөлүгү сакталып калган, ал эми келгиндер жергиликтүү элдин тилинин жана маданиятынын элементтерин өздөрүнө сиңиришкен. Уруулардын башындагы үстөмдүк кылуучу уруунун алмашып турганына карабастан, кандайдыр бир деңгээлде алардын ортосундагы маданий жана тилдик ордун басуучулук (преемственность) байланыш сакталган[1].

Жогоруда белгиленгендей, кыргыздар б.з. I миң жылдыгынын ортосунда Миң-Суу ойдуңунда жашашкан. Кыргыздар менен карагастардын (тофалардын), тывалыктардын бабалары жана Алтайдын башка элдери бири-бири менен чектеш болушкан.

**Кыргыздар жана түрк уруулары VI кылымдын башында.** Кытай жазма булактары боюнча түрк уруулары VI кылымдын баш ченинде Алтай менен Сыр-Дарыянын ортосунда жашап турушкан, ал эми византиялыктардын маалыматы боюнча Азовдун алдына чейин (Приазовья) жетишкен. VI кылымдын ортосунда алар жу-жандардын үстөмдүгүнөн бошонуп, өз алдынча каганат түзүшкөн, көп өтпөй ал чыгыш жана батыш болуп экиге бөлүнгөн[2].

VI кылымдын орто ченинен баштап чыгыш Түрк каганаты Монголиянын жеринде жана Түштүк Сибирде (азыркы Тыва жана Хакасия) түзүлө баштаган. Алар түрк жана монгол тилде-

---

[1] *И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин.* Современная и древняя Енисеика. – Ф., Изд-ва Ан Кирг.ССР, 1962, 6-б.

[2] *З.Б.Арагачи, И.А.Батманов.* Аталган эмгекте, 5-б.

ринде сүйлөшкөн. Бул учурда кыргыздар негизинен Миң-Суу (Минусинск) өрөөнүндө жашашкан. Алар карагас, тувалыктар жана Алтайдагы башка элдер менен тыгыз карым-катышта болушкан[1].

Чыгыш түрк каганаты 681-жылга чейин Кытайга көз каранды болгон, ал эми 745-жылы уйгурлардын соккусунан кийин жоюлуп кеткен. Алтай элинин жайгашуусунда олуттуу өзгөрүүлөр болгон.

Бул мезгилдеги (V–VIII) кыргыздар жана ага чектеш жашаган уруулар өз алдынча автономиялуулугун сакташкан жана көчмөн, жарым көчмөн турмушта жашашкан[2].

VI–VIII кылымдарда түрк элдеринин жазуулары – Орхон-енисей эстеликтери аркылуу жакшы маалым.

**Енисей эстеликтеринде – кыргыз жазуулары.** И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкиндин маалыматы боюнча б.з. биринчи миң жылдыгынын экинчи жарымынан баштап Енисей менен Орхон бассейндеринин жогорку агымында жайгашкан түрк уруулары өздөрүнүн жазма системасын колдоно баштаган. Болгондо дагы, И.А.Батманов белгилегендей, алар: «...пользовались системой письменности, отражавшей особенности их языка, построенной на основе весьма своеобразного алфавита»[3].

С.Е.Малов енисейлик тексттерди болжол менен V кылымга таандык деп эсептейт[4]. Окумуштуу 1926-жылы 28-февралда Бакуда түркология боюнча өткөрүлгөн съездде сүйлөгөн сөзүндө орхон-селенга эстеликтерине караганда енисей эстеликтериндеги даталар эки, үч жүз жыл мурда коюлган деген[5].

---

[1] *И.А.Батманов.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. Изд-во АН Кирг.ССР. – Ф., 1959, 10-б.

[2] *И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин.* Современная и древняя Енисеика. – Ф., 1962, 14-б.

[3] *И.А.Батманов.* Язык енисейских памятников древнетюркской п付сменности. – Ф., 1959, 10-б.

[4] *С.Е.Малов.* Енисейская письменность тюрков. Изд. АН СССР. – М.–Л., 1953, 7–8-бб.

[5] *С.Е.Малов.* Памятники древнетюркской письменности. – М.–Л., 1951, 12-б.

Бул эстеликтердин таралуу борбору байыркы кыргыздардын жайгашкан территориясына туура келет. Ошондуктан бул эстеликтер кыргыздарга тиешелүү деп саналат. Окумуштуулар В.В.Радлов, В.Томсен, С.Е.Малов ушундай пикирде. С.Е.Малов: «Зор авторитеттер акад. В.В.Радлов жана проф. В.Томсенден кийин мен бул енисей эстеликтерин кыргыздардыкы эмес деп айтууга эч бир негизим жок»,[1] – деген.

Ошентип, **С.Е.Малов түрк жазуусунун енисей кыргыздарына таандык экендигин белгилеген.** Бул пикирди башка окумуштуулар да ырасташат (Э.Р.Тенишев, И.В.Кормушин, А.В.Ержиласун, С.Г.Кляшторный, Д.Д.Васильев, Ч.Жумагулов ж.б.). Б.М.Юнусалиев да кыргыз тилинин жазма үлгүлөрү катары енисей эстеликтерин көрсөтөт.

С.Е.Малов байыркы кыргыз мамлекетинин курамына кирген уруулардын – байыркы кыргыздарга, тувалыктарга, хакастарга ж.б. таандык болгон жалпы, стандарттык жазуусу болгон дейт (11). Энисей жазууларынын чик уруусуна, кыргыздарга, хакастарга, шор жана алтайлыктарга таандык болгондугу И.А.Батманов, З.В.Арагачи жана Г.Ф.Бабушкин тарабынан да белгиленген (16). **Тарыхый маалыматтар боюнча байыркы жазма тил, графикалык белгилер алгач кыргыздарда пайда болуп, кийинчерээк башка түрк урууларына тараган.**

Төмөндө сөз – мына ушулар тууралуу.

### Таштагы белгисиз жазуулардын түрктүк жаратылышы

**Белгисиз жазуулары бар таштар жөнүндө алгачкы маалыматтар.** VI–VIII кылымдардагы түрк элдеринин жазуулары – орхон-енисей эстеликтери аркылуу жакшы маалым.

XVII кылымдын аягында 1692-жылы амстердамдык бургомистр Николай Видзен Сибирдеги Вирхотурдан алыс эмес жерден ташка жазылган жазууларды көргөндүгүн маалымдаган.

Бул түрк рун жазуулары 1889-жылы орус изилдөөчүсү Н.М.Ядринцев тарабынан Монголияда, Орхон суусунун жээ-

---

[1] *С.Е.Малов.* Енисейская письменность тюрков. Тесты и переводы. – М.–Л., 1952.

гиндеги Кошо-Цайдам өрөөнүнөн эстеликтер табылган. Алар Енисей эстеликтеринен абдан чоңдугу менен айырмаланган, андагы жазуулар эки тилде: бири – түшүнүксүз белгилер, экинчиси – кытайча жазуулар болгон. Кытай жазуулары аркылуу эстеликтин бири – 732-жылы түрк ханына жана анын бир тууганына арналып курулгандыгы билинген[1].

Экинчи ирет бул белгисиз жазуулары бар таштар Семен Ремезевдин картасында эскерилет. Анын «бардык сибирдик шаарлар жана жерлер, бардык суусуз жана адам аз өтүүчү таштак талаалар» түшүрүлгөн картасында Талас суусунун жогорку агымында «Орхон таш» деген белги коюлган. Булар кокусунан кездешкен таштар жөнүндөгү учкай маалыматтар болгон.

XVIII кылымда 1730-жылы швед офицери Ф.И.Страленбергдин таблицасы – таштагы белгисиз жазуулар жөнүндөгү документалдуу ачылыш болгон. Мына ушундан баштап аталган жазуулар окумуштуулардын кызыгуусун жараткан жана анын этностук жаратылышы боюнча ар кандай гипотезалар пайда болгон.

XIX кылымдын биринчи чейрегинде белгисиз жазуулары бар таштар жөнүндө Г.Спасский «Сибирский вестник» журналына макала жазган. Макала латын тилине которулган, натыйжада бул жазмалар тууралуу башка өлкөлөрдүн окумуштуулары кабардар болушкан[2].

**Таштагы белгисиз жазуулар жөнүндө көз караштар.** С.Г.Кляшторный, В.А.Лившицтин маалыматы боюнча окумуштуу Д.Миссершмидт Енисейде табылган жазууларды «рундар» деп атаган, бул рун жазуулары германдыктардын жазма белгилерине окшош болгон.

XVIII кылымдын 70-жылдарында П.С.Паллас Түштүк Сибирдеги жазуу чегилген таштардын альбомун жарыялап, алар

---

[1] *С.Е.Малов.* Памятники древнетюркской письменности. Изд-во АН СССР. –М.–Л., 1951, 11-б.

[2] *С.Г.Кляшторный, В.А. Ливщиц.* Открытие и изучение памятников Центральный Азии//Археология и этнография Монголии. Новосибирск, 1978, 39–40-бб.; *Ю.С.Худяков.* Сабля багыра//Военное искусство средневековых кыргызов. – М., Изд-во «Филоматис», 2003, 12-б.

бир замандарда кийин батышка оогон, азыркы скандинавиялык элдердин бабалары деп эсептелген гот урууларынын руну болушу мүмкүн деген божомолун айткан.

1889-жылы фин окумуштуулары енисей жазуулары боюнча атлас түзүшкөн. Алар енисей алфавити ачылганга чейин бул жазууларды фин элине таандык деп эсептеп келишкен. Кийин бул пикирдин туура эмес экендиги аныкталган.

В.М.Насилов ар кандай гипотезалардын арасынан Абель Ремюзанын жоромолу өзгөчөлөнүп тургандыгын белгилейт. А.Ремюза **илимий чөйрөнү кызыктырган бул жазуулар жаратылышы боюнча түрк урууларына тиешелүү** (*белгилеген – Г.Ж.*) деп калыс пикирин айткан: «...интересующие научный мир письмена обязаны своим происхождением тюркским племенам». Бирок, А.Ремюза «все же склонялся к признанию готского происхождения письмен»[1].

Анткени ал убакта лингвисттердин арасында үстөмдүк кылып турган көз караш – жазуулардын гот жана скиф-славяндык жаратылышы болгон. Ошондуктан 1858-жылы А.Шифнердин таштагы белгилердин «тамгалык» жаратылышы (*белгилеген – Г.Ж.*) жөнүндөгү пикири да окумуштуулардын көңүлүн өзүнө бурган эмес.

Жазуулардын гот урууларына тиешелүү экендиги жөнүндөгү позиция көптөгөн лингвисттер тарабынан колдоого алынган жана «надолго затемнила выяснение подлинного значения письмен, количество которых возрастало в результате многочисленных научных экспедиций» (8).

1874-жылы Ж.Аспелин аталган жазуулар финдик жаратылышка ээ деген божомолун айткан. 1889-жылы фин окумуштуулары енисей жазуулары боюнча атлас түзүшкөн жана аны енисей алфавити ачылганга чейин фин элине таандык деп эсептеп келишкен (11 ).

В.М.Насилов енисей жазууларынын гот, скандинавиялык жана финдик жаратылышы жөнүндөгү пикирлер илимий жактан негизсиз экендигин айткан жана енисей жазууларынын гот, скиф-славяндык жана финдик жаратылышы жөнүн-

[1] *В.М.Насилов.* Язык орхоно-енисейских памятников. – М., 1960, 8-б.

дөгү «теориялар» окумуштууларды туура жолдон адаштырып келгендигин белгилейт (8).

И.А.Батманов эстеликтердеги жазуулардын тексттеринин жаратылышы жана тилинин кимдерге таандыктыгы тууралуу ар түрдүү пикирлер бар экендигин айтат[1]. Мисалы, айрым окумуштуулар (Абель Ремюза) усун уруулары менен, айрымдары монгол же калмык (Г.Спасский), грек (Ю.Клапрот) ж.б.урууларга жакындатышкан.

Белгисиз жазуулары бар эстеликтер Орхондон, Енисейден, Таластан ж.б. жерлерден табыла баштаганы менен ар түрдүү көз караштардан улам көп убакытка чейин бул жазуулардын маанилери чечмеленбей келген.

## Н.М.Ядринцевдин экспедициясы

1889-жылы орус изилдөөчүсү Н.М.Ядринцев Монголиядагы мурун белгисиз жазуулары бар таштар табылган жерден алыс жайгашкан Кошо-Цайдам өрөөнүндөгү Орхон дарыясынын боюнан (Орхондун Селенгага куймасы, Селенганын Байкалга куймасы) эстеликтерди тапкан, андагы жазуулар эки тилде (бири – түшүнүксүз белгилер, экинчиси – кытайча жазуулар) болгон. Кытай жазуулары аркылуу эстеликтердин бири түрк каганына жана анын бир тууганына арналгандыгы белгилүү болгон. Бул монумент Енийдеги эстеликтерге караганда абдан чоңдугу менен айырмаланган[2].

В.М.Насилов: «Благодаря китайским текстам на тыловой стороне памятников, удалось приступить к расшифровке текстов орхонского, а позже и енисейского письма» (8), – деген.

Ошентип, Н.М.Ядринцев тарабынан Кара-Корум жана Хара-Балгасун урандыларына жасалган экспедициядан улам Орхон дарыясынын жээгинен табылган эстеликтердин бири

---

[1] *И.А.Батманов.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. – Ф., 1959,11-б.

[2] *С.Е.Малов.* Памятники древнетюркской письменности. Изд-во АН СССР. –М.–Л., 1951, 11-б.

түрк каганы Билге-каганга (Могилянга, 734-ж. каза болгон) жана анын бир тууганы Күл-тегинге (732-ж. каза болгон) арналгандыгы белгилүү болгон.

1891-жылы Онгин дарыясынын жээгинен Н.М.Ядринцев тарабынан чоӊ эстелик ачылып, ал Онгин деп аталган. 1897-жылы Селенга дарыясынын боюнан түрк хандарынын кеӊешчиси Тонукуктун чоӊ эстелиги табылган (С.Е.Малов, 11-б.).

Н.М.Ядринцевдин ачылышы буга чейинки таштагы жазуулар жөнүндөгү ар түрдүү гипотезаларды, өзгөчө Аспелиндин финдик гипотезасын жокко чыгарган. В.М.Насилов белгилегендей, 1823-жылы Клапроттун таштагы жазуулардын түрктүк жаратылышы тууралуу гипотезасы туура болуп чыккан (8).

Н.М.Ядринцев Сибирь менен Монголия түрк урууларынын эзелтеден берки жашаган жеринин жана маданиятынын очогу деген өзүнүн көз карашын далилдеген.

Н.М.Ядринцевдин ачылышынан кийин таштагы белгисиз жазуулардын түрк урууларына тиешелүү болгондугу аныкталган жана буга чейинки ар кандай ой-жоорuулар жокко чыгарылган.

## Эстеликтердин аталышы тууралуу

С.Е.Маловдун маалыматы боюнча адегенде белгисиз жазуулары бар таш эстеликтер Енисейден табылгандыктан енисейлик деп, кийин андай эстеликтер Н.М.Ядринцев тарабынан Орхондон табылган соӊ орхондук, же орхон-енисейлик жазуулар деп атала баштаган.

Убакыттын өтүшү менен мындай эстеликтер Монголиянын, Енисейдин чегинен тышкары жерлерден да табыла баштаган. Ошондуктан бул жазуулар  рун жазууларына окшоштугуна карай «рунга окшогон» («руноподобный»), же «түрк-рун жазуулары» деп атала баштаган (С.Е.Малов, 11-б.)

## Финдердин жана В.В.Радловдун экспедициялары. Белгисиз жазуулардын окулушу жана которулушу

**Экспедициялар.** Жогоруда белгиленгендей, Н.М.Ядринцевдин экспедициясынан кийин аталган жазууларга болгон кызыгуу ого бетер артып, атайын илимий экспедициялар уюштурула баштайт. 1890-жылы Монголиядагы Орхон дарыясынын жээгине фин археологиялык экспедициясы, ал эми 1891-жылы Санк-Петербургдагы Илимдер академиясынан В.В.Радлов жетектеген экспедиция барышат. Бул экспедициялардын жыйынтыктары катары 1992-жылы эки чоң атлас жарык көрөт, анда белгисиз жазуулардын сүрөттөрү, урандылардын пландары, географиялык карталары ж.б. жарык көрөт (С.Е.Малов, 1951, 12-б.). Ошентип, бул жазууларды окуганга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Жазуулардын В.Томсен тарабынан окулушу.** 1893-жылы белгисиз жазууларды биринчи болуп дат окумуштуусу В.Томсен окуган. С.Е.Малов В.Томсендин буга чейин эч ким окуй албаган енисей жана орхон эстеликтеринин бардык алфавитинин толук ачкычын таап чыккандыгын маалымдаган (11). Бул илимдеги чоң ачылыш болгон.

В.Томсенге чейин окумуштуулар Енисей жана Орхондун жээгинен табылган белгисиз жазууларды ошол мезгилге чейинки жана ошол учурдагы аларга белгилүү алфавиттик белгилер менен окууга аракеттенишкен. Ал эми В.Томсен таптакыр башкача жол менен кеткен. Ал өзүнөн бардык алфавиттерди четтетип, бир тамганын башка тамга менен катышын деталдуу түрдө изилдөөгө киришкен.

Изилдөөлөрдөн улам В.Томсен айрым тамгалар башка тамгалардын катарына жакын, коңшу жайгашса, айрым тамгалар андай жайгашпай тургандыгын байкайт. Бул – тамгаларды алдыңкы жана арткы катардагы тыбыштардын санына жараша эки класска бөлүү идеясына алып келет.

Белгисиз тамгаларды терең изилдөө менен В.Томсен «орхон» жазууларынын ичинен ***түрк, тенгри*** жана башка сөздөрдү бөлүп чыгат. Мындай иликтөөлөрдүн жыйынтыгында 1893-жылы 25-ноябрда В.Томсен, жогоруда айтылгандай,

орхон-енисей жазууларынын толук ачкычын табат (С.Е.Малов,1951, 12-б).

В.В.Радлов да аталган жазуулардын маанисин ачып берүүнүн (расшифровкалоо) үстүндө иштеген. С.Е.Малов бул тууралуу: «...ему удалось ко времени открытия В.Томсена определить из большого числа неизвестных алфавитных знаков до полутора десятка букв», – деген (С.Е.Малов,1951,12-б.).

**Жазуулардын которулушу. В.В.Радлов. В.Томсен.** В.Томсендин ачылышынан кийин орхон жазууларын В.В.Радлов биринчи болуп которгон. Натыйжада, Орхон дарыясынын жээгинен Н.М.Ядринцев тарабынан табылган эстеликтер түрк каганы Билге-каганга (Могилянга, 734-ж. каза болгон) жана анын бир тууганы Күл-тегинге (732-ж. каза болгон) арналгандыгы белгилүү болгон. Ал биринчи Күл-тегинге арналган эстеликти, андан соң Бильге-каганга (Могилян-хан) арналган эстеликти которуп, бул котормолор 1894–1895-жылдары жарык көргөн (В.М.Насилов, 1960, 9-б.).

XVIII кылымдын аягында В.В.Радлов Тонукук эстелигин толугу менен которуп, байыркы түрк тилинин грамматикасын түзгөн.

Окумуштуу К.Ашыралиевдин маалыматы боюнча В.В.Радлов Енисей дарыясынын боюнан табылган эстеликтердин көпчүлүк бөлүгүн жана Монголиядагы жазууларды которуп, аларга анализ берген.

В.Томсен 1896-жылы Орхон дарыясынын жээгинен табылган эстеликтерди толугу менен которгон жана очеркин түзгөн (3–4-бб.).

Ошентип, орхон-енисей жазууларын окуганга толук мүмкүнчүлүк ачылган.

## Енисей эстеликтериндеги алгачкы жазуулар (V кылым)

**Алгачкы енисей тексттери V к. таандык.** Бизди кызыктырган маселе байыркы кыргыз жазуулары болгондуктан биз төмөндө негизинен енисей эстеликтери жана андагы жазуулар жөнүндө сөз козгомокчубуз.

И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин енисейлик эстеликтердин орхон эстеликтерине караганда мурун ачылгандыгын маалымдашат. Енисейлик эстеликтер азыркы Тывада жана Хакас автономдуу областында табылган. Бул эстеликтер чиктерге, кыргыздарга, хакастардын, шорлордун алтайлыктардын бабаларына таандык болгон. Аталган эстеликтерге Ленада, Алтайда, ошондой эле Монголияда табылган айрым жазуулар да окшошот[1].

С.Е.Малов енисейлик тексттерди болжол менен V кылымга таандык деп эсептейт[2]. С.Е.Малов өзүнүн «Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии» деген эмгегинде: **«Начальным временем здесь (Минусин) появление памятников я считаю пятый нашей эры»** (*белгилеген – Г.Ж.*) дейт[3].

Окумуштуу өзүнүн мындай пикирин сүйлөгөн сөздөрүндө, докладдарында да белгилейт. Мисалы, окумуштуу 1926-жылы 28-февралда Бакуда түркология боюнча өткөрүлгөн съездде жасаган баяндамасында енисейлик эстеликтеринде орхон-селенга эстеликтерине караганда эки-үч жүз жыл мурдагы даталар коюлган деп айткан (Аталган эмгекте, 12-б.).

И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин V кылымда түрк урууларынын, анын ичинде кыргыздардын жазуусу болгон деген С.Е.Маловдун пикири тууралуу: «...надо думать, что он имел в виду не даты их сооружения, **а время формирования определенного типа письма и завершения процесса сложения тех языковых особенностей, которые отличаются от орхонских»** (*белгилеген – Г.Ж.*) – деп айтышкан (30-б.).

С.Е.Малов енисей жазууларын V кылымга таандык дегенде анын андан кийин таралган мезгилин танбастан, анын эң алгачкы мезгилин эске алгандыгы көрүнүп турат дейт.

---

[1] *И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин.* Современная и древняя Енисеика. Изд-во АН Кирг. ССР. – Ф., 1962, 16-б.

[2] *С.Е.Малов.* Енисейская письменность тюрков. Изд. АН СССР. – М.–Л., 1953, 7–8-бб.

[3] *С.Е.Малов.* Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. Изд-во АН СССР. – М.–Л., 1959, 74-б.

Демек, V кылым дегенде эстеликтердин, т.а., эстеликтердеги тексттердин алгачкы мезгилин түшүнөбүз. Андан да тактап айта турган болсок, И.А.Батманов, З.Б.Арагачи жана Г.Ф.Бабушкин белгилегендей, С.Е.Малов бул жерде эстеликтердин курулуш мезгилин эмес, жогоруда биз сөз кылган, орхон жазуусунан өзгөчөлөнүп турган енисей жазуусунун алгачкы мезгили, ошондой эле бул типтеги жазуунун калыптануу жана түзүлүү процессинин аяктоо мезгили («время формирования определенного типа письма и завершения процесса сложения тех языковых особенностей, которые отличаются от орхонских» – И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин) тууралуу айткан.

Ошентип, енисей эстеликтериндеги жазуулардын алгачкы мезгили, калыптануу жана түзүлүү процессинин аякташы V кылымга таандык деп эсептелет.

Енисей эстеликтериндеги жазуу кийинки мезгилдерди да камтыйт. Мисалы, В.В.Радлов енисей эстеликтерин VII кылымдын экинчи жарымына таандык деп эсептейт[1].

Орхон-енисей түрк алфавити VI–VII кк. пайда болгондугун Ө.Караев белгилейт[2].

Енисей эстеликтеринин доору окумуштуулар тарабынан, негизинен, V–VII кылымдарга тиешелүү деп болжолдонот. Енисей эстеликтеринин көпчүлүгү В.В.Радлов, С.Е.Малов, С.В.Киселев тарабынан жарык көргөн.

Енисей эстеликтериндеги жазууларда кыргыз элинин тарыхы, тили тууралуу маалыматтар камтылган. Жазуулар бейиттеги плиталарда, аскаларда, таштан жасалган столбаларда, идиштерде жана иштеп чыгарылган майда буюмдарда сакталып калган.

---

[1] *В.В.Бартольд.* Киргизы. – Фрунзе, 1943, 35-б.

[2] *Ө.Караев.* Китепте: Кыргыздар, I том, «Кыргызстан», Бишкек, 1993, 85-б.

## Энисей эстеликтериндеги жазуулар – Енисейде жашаган байыркы кыргыздардыкы

**Кыргыздардын жашаган территориясы жана енисей жазуусу. Байыркы кыргыз оозеки тилинин эстеликтердин тилине тиешелүүлүгү.** Түрк жазма эстеликтердин таралуу борбору байыркы кыргыздардын жайгашкан территориясына туура келет.

Ошондуктан бул эстеликтер кыргыздарга тиешелүү деп эсептелет. Окумуштуулар В.В.Радлов, В.Томсен, С.Е.Малов да ушундай пикирде. Мисалы, В.В.Радлов тарыхый маалыматтар боюнча Енисейде кыргыздар жашагандыктан, жазуулардын көп бөлүгү кыргыздарга таандык деген[1].

С.Е.Малов: **«Зор авторитеттер акад. В.В.Радлов жана проф. В.Томсенден кийин мен бул енисей эстеликтерин кыргыздардыкы эмес деп айтууга эч бир негизим жок»**[2] – деген. Ошентип, С.Е.Малов да таштагы белгисиз жазуулардын енисей кыргыздарына таандык экендигин белгилеген.

Бул пикирди башка окумуштуулар да ырасташат (Э.Р.Тенишев, И.В.Кормушин, А.В.Ержиласун, С.Г.Кляшторный, Д.Д.Васильев, Ч.Жумагулов. ж.б.).

К.Ашыралиев да енисей жазуулары Енисей дарыясынын баш жагынан жана Тува Автономиялуу республикасында табылгандыгын жана бул эстеликтердин табылган жерлеринде негизинен кыргыздар жашашкандыгын белгилейт[3].

Б.М.Юнусалиев кыргыз тилинин жазма үлгүлөрү катары Енисей эстеликтерин көрсөтөт.

Жогоруда айтылгандарды И.А.Батмановдун эмгегинен алынган төмөнкү мисал да бышыктайт.

И.А.Батманов илимий адабияттарда V–VII кылымдардагы кыргыздардын оозеки сүйлөшүү тили жөнүндө маселелер

---

[1] *В.В.Бартольд.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Б., 1996, 200-б.

[2] *С.Е.Малов.* Енисейская письменность тюрков. 1952, 4-б.

[3] *К.Ашыралиев.* Орхон-Енисей жазма эстеликтериндеги уңгу сөздөр. Кырг. ССР ИА басмасы, 1963, 8-б.

көтөрүлүп келгендигин айтып[1], чындыгында бул тууралуу эки негизги жобо каралгандыгын (затронуто) белгилейт. Алар төмөнкүлөр: **«1. О принадлежности значительной части енисейских памятников кыргызам. Против этого, кажется, никто не возражает 2. Об отношении древнего разговорного кыргызского языка к языку памятников»** (*белгилеген – Г.Ж.*)[2].

Бул эки жобонун биринчиси – енисей эстеликтеринин басымдуу бөлүгүнүн кыргыздарга таандык экендиги. Буга эч бир окумуштуу каршы чыккан эмес. Демек, бул пикир – илимий чөйрөдө талаш-тартышты туудурбаган, жалпы окумуштуулар кабыл алган пикир.

Экинчи жобо – байыркы кыргыз сүйлөшүү тилинин эстеликтердин тилине тиешеси бардыгы.

Мындан, 1) V кылымда табылган таштагы жазуулар негизинен байыркы кыргыздар жашаган аймактан табылган жана бул жазуулар кыргыздарга таандык; 2) Кыргыздарга таандык енисей жазуулары менен катар эле байыркы кыргыз сүйлөшүү тили болгон деп жыйынтык чыгарабыз (байыркы кыргыз сүйлөшүү тили тууралуу өз учурунда сөз болот).

1959-жылы И.А.Батмановдун «Язык енисейсиких памятников древнетюркской письменности» деген эмгеги чыккан. Окумуштуу орхон-енисей жазууларынын тилин талдап келип: «В целом же можно полагать, что язык памятников сосуществовал с предками современных тюркских языков. В то же время он был письменным языком кыргызов и части других тюркоязычных племен» (124).

Ошентип, **эң алгачкы жазуулар – енисей жазуулары, енисей эстеликтери табылган жерлерде байыркы кыргыздар жашаган жана бул жазуулар кыргыздардыкы деп эсептелет. Кыргыз жазууларына чейин байыркы кыргыздардын оозеки тили болгон.**

---

[1] *И.А.Батманов.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. – Ф., 1959. Төмөнкү эмгектерди караңыз: *С.Е.Малов.* Енисейская письменность тюрков, Тексты и переводы. – М.–Л., 4-8-бб., *А.Щербак, С.Е.Малов.* Енисейская письменность тюрков. «Эпиграфика Востока», X, 1955, 98-100-бб.

[2] *И.А.Батманов.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. – Ф., 1959, 124-б.

## Енисей кыргыздарына коңшу жайгашкан уруулар жөнүндө

Тарыхый маалыматтарга кайрылсак, кытай жазма булактары боюнча түрк уруулары VI кылымдын баш ченинде Алтай менен Сыр-Дарыянын ортосунда жашап турушкан, ал эми византиялыктардын маалыматы боюнча Азовдун алдына чейин жетишкен. VI кылымдын ортосунда алар жу-жандардын үстөмдүгүнөн бошонуп, өз алдынча каганат түзүшкөн, көп өтпөй ал чыгыш жана батыш болуп экиге бөлүнгөн[1].

Мына ошол мезгилде Миң-Суу ойдуңунда «жили предки хакасских и киргизских племен» (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*) – деп айтылат И.А.Батманов, З.Б.Арагачи жана Г.Ф.Бабушкиндин эмгегинде. Енисейдин жогорку куймасында – чиктер (тувалыктардын бабалары), Орхондун жанында (у Орхона) – огуз ууругары, чиктердин батышында жана түндүк-батышында – алтайлыктар менен шорлордун бабалары, түштүгүрөөктө – уйгурлар; Байкалдын жанында, түштүк-батышында – курыкандар (якуттардын бабалары), чыгышында – отуз-татарлар, алардын түштүгүндө – токуз-огуздар жайгашкан (6).

VI кылымдын орто ченинен баштап Чыгыш түрк каганаты Монголиянын жеринде жана Түштүк Сибирде (азыркы Тыва жана Хакасия) түзүлө баштагандыгын, алар түрк жана монгол тилдеринде сүйлөшкөндүгүн жана бул учурда **кыргыздар негизинен Миң-Суу (Минусин) өрөөнүндө жашашкандыгын** (*белгилеген –- Г.Ж.*) К.Ашыралиев маалымдайт. Кыргыздар ошол мезгилде карагас, тувалыктар жана Алтайдагы башка элдер менен тыгыз карым-катышта болушкан (7).

И.А.Батманов биздин замандын биринчи миң жылдыгынын жарымында Түштүк Сибирде, Монголиянын түндүк бөлүгүндө Орто Азияны багыттап түрк жана монгол тилинде сүйлөшкөн ар түрдүү уруулар жашашкандыгын маалымдап келип: «Так, в Минусинской котловине жили кыргызы», – дейт (9).

---

[1] *И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин.* Современная и древняя Енисеика. – Ф., Изд-во Ан Кирг.ССР, 1962, 6-б.

И.А.Батманов[1] кыргыздар төмөнкү уруулар менен чектешип, тыгыз карым-катнашта жашашкандыгын белгилейт: Орхондун алдындагы Селенганын Байкалга куймасында жана анын батыш чектеринде ашина («на Золотом хребте»), төлөс, тардуш, теле уруулары жайгашкан. Төлөстөрдөн батышка карай – алтайлыктардын бабалары, түштүгүрөөктө – уйгурлар, Байкалдын жанында батышында – курыкандар (якуттардын бабалары), чыгышында – отуз татарлар (*китепте **отузтатарлар** деп берилген – Г.Ж.*) жана алардын түштүгүндө – токуз-огуздар. Ошондой эле кыргыздар менен карагастардын (тофалар), тувалардын бабалары жана башка Алтай элдери тыгыз чектешип турган (9).

### Орхон эстеликтери

И.А.Батманов эстеликтердин табылыш аймагына жараша аларды алтыга бөлгөн.

Алардын бири – Орхон эстеликтери. Алар VII кылымдын аягына VIII кылымдын биринчи жарымына тиешелүү. Буларга ири эстеликтер кирет, алардагы тексттер тарыхый окуяларды баяндайт. Алардын арасында: 1) Гудулу-ханга (*Элтерис – Г.Ж.*) (692-жылы каза болгон) арналган Онгин эстелиги, 2) Билге-каганга же Могилянга (734-жылы каза болгон), 3) Күл-тегинге (731-жылы каза болгон), 4) Тонукукка (VII к. аягында VIII кылымдын башында жашаган хандардын кеңешчиси), 5) Кули-Чурга ж.б. арналган эстеликтер бар (12).

Окумуштуулардын негизги көңүл борборунда Орхон эстеликтери болгон. Анткени булар ири эстеликтер болгон, анда тарыхый окуялар кеңири баяндалган.

---

[1] *И.А.Батманов.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. – Ф., 1959, 9-б.

## Орхон-енисей эстеликтеринин тили – кыргыздардын жазма тили

**Орхон-енисей жазуулары – кыргыздардын жазма тили. Окумуштуулардын изилдөөлөрү.** С.Е.Маловдун жогоруда биз таянган эмгектеринен башка 1959-жылы И.А.Батмановдун «Язык енисейских памятников древнетюркской письменности», 1960-жылы В.М.Насиловдун «Язык орхоно-енисейских памятников» деген эмгектери жарык көргөн. Аталган эмгектер орхон-енисей жазууларынын тили жөнүндө абдан баалуу факты-материалдарды камтыйт.

Енисей жазууларынын орхон жазууларынан мезгили боюнча мурун болгондугу (V к.) жана кыргыздарга таандык экендиги тууралуу жогоруда айтылган.

И.А.Батманов С.Е.Маловдун пикирине таянып, V кылымда «тюркские племена (в том числе и кыргызы), базировавшиеся в бассейне верхнего течения Енисея, пользовались системой письменности, отражавшей особенности их языка, построенной на основе весьма своеобразного алфавита» (10), – дейт.

Ал эми орхон жазуулары VII кылымдын аягынан – VIII кылымдын 30-жылдарына чейинки мезгилде Селенга бассейнинде жана анын Орхонго куймасында, ошондой эле ага жанаша жайгашкан жерлердеги эстеликтерден табылган. Демек, орхон жазуулары мезгили боюнча енисей жазмаларынан кийинки жазуулар болуп эсептелет.

Орхон-енисей жазууларынын тилин талдап келип, И.А.Батманов мындай жыйынтыкка келген: «В целом же можно полагать, что язык памятников сосуществовал с предками современных тюркских языков. В то же время **он был письменным языком кыргызов** (*белгилеген – Г.Ж.*) и части других тюркоязычных племен» (124-б).

И.А.Батманов орхон-енисей (*китепте кичине тамга менен берилген – Г.Ж.*) жазууларын изилдегенден кийин енисей жана орхон тексттери «представляет собой единую систему знаков (или букв)» деген. Алар стилистикалык жактан гана айырмаланат. Енисей эстеликтери «отражают более архаичную разновидность букв, а орхонские (более поздние) харак-

теризуются отработанным их изображением, эволюционировавшим около двухсот лет»[1].

Бул маалыматтар орхон-енисей жазууларындагы тамгалар дээрлик бирдей экендигин, алар стилистикалык жактан гана айырмаланарын, енисей жазууларындагы тамгалар орхон эстеликтериндеги тамгаларга караганда мезгили боюнча байыркылыгы менен өзгөчөлөнүп турарын маалымдайт.

В.М.Насилов «Язык орхоно-енисейских памятников» деген эмгегинде аталган эстеликтердеги жазуулардын тили боюнча баалуу материалдарды берет, тилдик кубулуштарды тиешелүү классификацияга бөлөт.

В.М.Насилов аталган эмгегинде VI–VIII кк. орхон-енисей жазууларынын фонетикасы жана грамматикалык курулушу боюнча жалпы маалыматтарды берген.

Окумуштуу орхон-енисей эстеликтериндеги жазууларда «уже в достаточной степени дифференцированы части речи, которые в основном состоят из имен, глаголов и служебных слов»[2], – дейт. Бул лексикалык түшүнүктөр структуралык жактан ачык айкын: мында негизги сөз түркүмдөрү жана сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү аффикстерден турган морфологиялык элементтер бөлүнүп берилген. Аффикстер өздөрүнүн мүнөздөөчү белгилери боюнча бири биринен айырмаланып турушат.

Ошентип, орхон-енисей эстеликтери «представляет собой стройную систему в своей структуре и в управляющих ею закономерностях» (В.М.Насилов, 14).

Окумуштуу түркolog К.Ашыралиев «Орхон-Енисей (*автордо баш тамгалар менен берилген – Г.Ж.*) жазма эстеликтериндеги уңгу сөздөр» деген темадагы диссертациясында[3] аталган жазма эстеликтердеги «түп уңгулардын жана кайсы бир жасалма сөздөрдүн алган орду» каралган. Мында уңгу сөздөр сөз

---

[1] *И.А.Батманов.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. Изд-во АН Кирг.ССР. – Ф., 1959, 16-б.

[2] *В.М.Насилов.* Язык орхоно-енисейских памятников. – М., 1960, 14-б.

[3] *К.Ашыралиев.* Орхон-Енисей жазма эстеликтериндеги уңгу сөздөр.– Ф., 1963.

түркүмдөрүнө бөлүштүрүлүп, түрк тилдери боюнча беш тилге салыштырылып берилген. **Изилденип жаткан тилдин лексикалык өзгөчөлүктөрү** (*б.а., Орхон-Енисей жазма эстеликтеринин тилинин лексикалык өзгөчөлүктөрү – Г.Ж.*) **Орто Азияда жашаган түрк тилдеринин ичинен кыргыз тилинин фактыларына жакыныраак экендиги байкалган** (*белгилеген – Г.Ж.).* Эмгектин акырында эстеликтердин тилиндеги уңгу сөздөрдү азыркы түрк тилдерине салыштырган сөздүк берилген.

**Орхон-енисей жазууларынын кыскача мүнөздөмөсү.** К.Ашыралиевдин эмгегиндеги маалымат боюнча орхон-енисей алфавити 35 тамгадан турат, үндүүлөр үчүн төрт гана тамга алынган, бирок алар сегиз үндүү фонеманы (а, о, э, ө, у, ү, ы, и), ал эми 23 үнсүз тамга азыркы убактагы 16 үнсүз фонеманы (б, г, д, й, к, л, м, н, ң, п, р, с, т, ч, ш) билдирет.

Окумуштуу эмгегинде фонетикалык, лексикалык өзгөчөлүктөргө көңүл бурган. Орхон-енисей жазууларына үндөштүк закону мүнөздүү экендиги, ошондой эле сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч (орун, сын-сыпат, мезгил, сан-өлчөм тактоочтор), жардамчы сөздөр, сырдык сөздөр каралган (11–39-бб.).

К.Ашыралиев орхон-енисей жазма эстеликтериндеги жана азыркы кыргыз тилиндеги фонетикалык, лексикалык өзгөчөлүктөрдү ж.б. бай фактылы-материалдардын негизинде ачып берген. Ал орхон-енисей эстеликтеринин тилиндеги уңгу сөздөрдүн маанисин жана формасын азыркы кыргыз тили менен салыштырып чыккан. Автордун маалыматы боюнча уңгу этиш сөздөр орхон-енисей жазма эстеликтеринде да учурайт. Белгилеп кете турган нерсе – **андагы уңгу этиштердин көпчүлүгү Орто Азияда жашаган элдердин ичинен кыргыз тилинин нормасына туура келет** (*белгилеген – Г.Ж.*) (36 б.).

Ошентип, К.Ашыралиев орхон-енисей жазууларын азыркы түрк тилдеринин ичинен негизинен беш тилге салыштырып, алардын ичинен кыргыз тилине жакын экендигин мисалдар менен далилдеген. Бул эмгек орхон-енисей жазууларынын тилин жана анын кыргыз тилине катышын фактылы-материалдар аркылуу салыштырып, далилдеп бергендиги менен баалуу.

## Енисей жазуулары дагы кимдерге таандык болгон же дагы кимдер колдонгон?

Енисейде жашаган уруулар бири-бири менен тили, жашоо-турмушу жана маданияты жагынан окшош болгон.

С.Е.Малов байыркы кыргыз мамлекетинин курамына кирген уруулардын байыркы кыргыздарга, тувалыктарга, хакастарга жана башкаларга таандык болгон жалпы, стандарттык жазуусу болгон дейт[1]. Енисей жазууларынын чиктерге, кыргыздарга, хакас, шор жана алтайлыктардын бабаларына таандык болгондугу И.А.Батманов, З.В.Арагачи жана Г.Ф. Бабушкин тарабынан да белгиленген (16). Тарыхый маалыматтар боюнча **байыркы жазма тил, графикалык белгилер алгач кыргыздарда пайда болуп, кийинчерээк башка түрк урууларына тараган.**

Эстеликтердин өздөрүнөн алынган жана башка тарыхый материалдар – бул жазуулардын абдан кеңири территорияда жайгашкан жана кандай мамлекеттик биримдикке кирген көптөгөн уруулар колдонгондугун айтып турат. Ошол эле учурда эстеликтердин тилинде уруулук диалектилерди (мүмкүн, тилдерди) чагылдырган локалдуу бир түрлөрү да учурайт (Совр. и древняя Енисеика, 16).

## Рун жазууларынын пайда болуу мезгили

Э.Р.Тенишев рун чекме жазууларынын (руническое койне) абдан жатык жана экспрессивдүү мүнөзүнөн улам мындай тил бир нече жүз жылдыктар ичинде жазуу түрүндө катталганга чейин эле колдонулган болуу керек деп болжолдойт. Окумуштуу рун чекме жазуулары б.з. I кылымдарында эле (I–II кк.) пайда болуп, ал эми VII–IX кылымдарда анын гүлдөгөн доору келген болуу керек[2] (*белгилеген – Г.Ж.*),– дейт.

---

[1] *С.Малов.* Енисеяская письменность тюрков. АН СССР. – М.–Л., 1953. 7-б.

[2] *Э.Р.Тенишев.* Тюркоязычных письменных памятников языки. Китепте: Языки мира // Тюркские языки. Изд. Дом . «Кыргызстан». – Бишкек, 1997, 40-б.

Бул тууралуу И.А.Батманов мындай дейт: «Общие специфические особенности тюркских языков сложились в отдаленный период, конечно, еще до оформления древнетюркской письменности, т.е. до V века н.э.» (1959, 124).

П.М.Мелиоранский да орхон-енисей алфавитинин VI кылымга чейин эле пайда болгонунан күмөн санабайт[1].

Ошентип, рун жазууларынын башаты V кылымдан алда канча мурун эле пайда болгондугу тууралуу пикирди биз туура деп эсептейбиз.

## Орхон-енисей жазууларынын чыгыш теги тууралуу көз караштар. Тамгага чейинки белгилердин же эн тамгалардын орхон-енисей алфавитине тиешелүүлүгү. Орхон-енисей жазууларынын алгачкы түрктүк мезгили

**Орхон-енисей жазууларынын чыгыш теги тууралуу.** И.А.Батманов орхон-енисей жазууларынын чыгыш теги боюнча эки пикир бар экендигин белгилейт[1].

1) В.Томсен бул жазуулар негизинен арамей жазуусунан (пехлеви, хорезм, согду тилдери аркылуу) келип чыккан дейт, анын айрым бөлүктөрү жаратылышы жагынан башка белгилер менен толукталышы мүмкүн деп эсептейт. О.Доннер бул алфавиттин көп тамгаларын арсакий монеталарындагы белгилерге (б.з. II–III кк.) жакындатат. Э.Блоше байыркы түрктөр жу-жандар аркылуу гунндардын жазуусун өздөштүрүшкөн, алар болсо, б.з.ч. 200 жыл мурун арамей алфавиттеринин бирин өздөштүрүшкөн деген пикирде.

2) Г.Вамберинин 1831-32-жылдары түрк рун жазуусу түрк уруу тамгаларынын негизинде пайда болгон деген ою 1885-жылы Лейпцигде жарык көргөн эмгегинде айтылган. Ага чейин бул жөнүндө академик А.А.Шифнер да жазгандыгы тууралуу маалымат бар.

---

[1] *П.М.Мелиоранский.* Памятник в честь Кюль Тегина (Записки Восточного отделения Русского археологического общества, XII, вып. II–III, СПб, 1899, 47-б.

[2] *И.А.Батманов.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности, – Ф., 1959, 16-б.

Н.А.Аристов орхон жазууларын түрктөрдүн **эн тамгаларынын негизинде пайда болгон** (*белгилеген – Г.Ж.*) дейт. П.М.Мелиоранский бул пикирге кошулбаганы менен, айрым тамгалар орхон-енисей алфавитиндеги тамгаларга негиз болуп берет деп божомолдойт[1].

Ал эми С.В.Киселев бул тууралуу мындай дейт: «...если бесспорны связи прототипов, то во внешнем оформлении орхонское письмо зависит не только от западных аналогов, но и от своих местных предшественников – тамг, знаков – «бирок»... Сходство этих «дописьменных» знаков... с буквами орхоно-енисейского алфавита иногда настолько велико, что соединение их в генетический ряд не вызывает сомнений. Орхонское письмо столь же заимствованное, сколь и местное изобретение.»[2]

Окумуштуу жазуунун системасында Енисейдеги түрк элдери эзелтеден колдонулуп келген тамга белгилердин бар экендигинен күмөн санабайт. Окумуштуу эмгегинде «Г» жана «З» тамгаларынын чыгыш тегин таштык маданияты (б.з. I–IV кк.) менен байланыштырып, тамгага чейинки (добуквенный) енисей белгилерине көңүл бурган жана алардын үлгүлөрүн мисалга келтирген[3].

Бул жерде белгилеп кетүүчү нерсе – С.В.Киселев тарабынан көрсөтүлгөн тамгага чейинки белгилер (1961-жылы Овюр районунда табылган Хачы-Ховуз моло ташы) жана Хандыгайтынын жанындагы (Тыва) петроглифтердин арасынан табылган енисей тамгалары «говорят о раннетюркском времени бытовании орхоно-енисейского письма между Ангарой и южными отрогами Танну-Ола.»[4]

---

[1] *П.М.Мелиоранский.* Памятник в честь Кюль Тегина. Записки Восточного отделения Русского Археологического общества, XII, вып. II III, СПб, 1899, 47-б.

[2] *С.В.Киселев.* Древняя история Южной Сибири. Материалы и исследования по археологии СССР. № 9, 1949, 285-б.

[3] *С.В.Киселев.* Аталган эмгекте, 259, 264, 285, 321-бб.

[4] *И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин.* Современная и древняя Енисеика. – Ф., 1962, 28 б.

Бул маалыматтардан улам тамгага чейинки белгилер енисей тамгалары менен катар эле жашаган жана алар биригип Ангара менен Танну-Оланын түштүк тоо тармактарынын ортосундагы **орхон-енисей жазуусунун алгачкы түрктүк мезгилинен** (*белгилеген – Г.Ж.*) кабар берет деп айта алабыз. Мындан тамгага чейинки белгилердин же эн тамгалардын орхон-енисей алфавитине түздөн-түз тиешеси бар экендиги көрүнүп турат.

С.Сыдыков жана К.Коңкобаев байыркы түрктөрдүн тамгалары менен идеографиялык мотивдери рун алфавитине кошумчаланган болушу да толук ыктымал, анткени Түштүк Сибирь, Орто Азия түрк элдеринин эн тамгалары менен жазуусунун системасында айрым окшош белгилердин бар экендиги да чындык деген пикирди айтышат[1].

С.Сыдыков, К.Коңкобаев енисей түрк жазуусунун башатында кыргыздар турган деп эсептешет. Алар енисей түрк жазууларын енисейлик кыргыздар баш болгон ошол доордогу түрк урууларынын кат-сабаттуу өкүлдөрү жазган деп болжолдошот. Анткени кыргыздар тарых боюнча кайсы жерде жашаса, дал ошол аймактардан Енисей жазуулары табылган жана табылып жатат. Маселен, Енисей дарыясынын баш алаптарынан, Саян-Алтайдан 145тей (айрым маалыматтар боюнча 150тен ашык) енисей түрк жазуусу табылган. Ушундай эле эстеликтер Кыргызстандын Талас, Фергана өрөөндөрүнөн, Кочкордон табылган. Аталган окумуштуулар бул жазуунун Кыргыз каганатынын[2] карамагында болгон бардык түрк урууларына таандык мурас катары таанылышы тарыхый чындыкка жакындашат деген пикирди айтышат.

Биз дагы жогорудагы адис-окумуштуулардын тарыхый, илимий жактан жасаган жыйынтыктарына таянуу менен, енисей түрк жазуусун кыргыздардыкы деп тааныйбыз, бирок бул жазуу – кыргыздар менен дайыма ирегелеш, коңшулаш

---

[1] *С.Сыдыков, К.Коңкобаев.* Байыркы түрк жазуусу (VII–X). – Б., КТМУ, 2001, 11-б.

[2] Борбордук Азияда IX–X кылымдарда жүз жыл чамасында 840-жылдан 945-жылга чейинки аралыкта Кыргыз каганаты жашаган. Караңыз: Аталган эмгекте, 25-б.

жашаган жана тыгыз алакада болгон башка түрк урууларына да таандык мурас катары таанылышын туура деп эсептейбиз.

А.Абдыразаков С.Е.Маловдун ж.б. пикирине таянуу менен Орхон-Енисей (*автор баш тамгалар менен берген – Г.Ж.*) эстеликтеринин тили байыркы кыргыздардын баба тили болгон деген оюн билдирет. Окумуштуу: «Орхон-Енисей түрктөрүнө кыргыз күчтүү мамлекет катары белгилүү болгону Күл-Тегин, Тонукук, Билге кагандардын эстеликтеринде даана жазылып турат. ...VI–IX кылымдарда кыргыздар мамлекеттик ж.б. иштерди жүргүзүүдө ошол баба тилибиз менен бирге өз жазуусун колдонгондугу талашсыз чындык», – дейт. Окумуштуунун пикиринде бул алфавитти (*орхон-енисей алфавитин – Г.Ж.*) кыргыздар түзгөн жана колдонуп келишкен, бара-бара башка тектеш түрк уруулары өз ишинде колдоно башташкан. А.Абдыразаков: «Орхон-Енисей жазуусун Кыргыз-Түрк жазуусу же алфавити деп тарыхый жаңы аталышта атап, практикада жана илимде ушул жаңы аталышты колдоно баштаганыбыз туура болот» (*белгилеген – Г.Ж.*)[1], – деген пикирин ортого салат.

Биз орхон-енисей жазууларынын келип чыгышы жөнүндөгү экинчи көз караштты жактайбыз. Түрк уруу тамгалары, т.а., **кыргыздардын байыркы эн тамгалары енисей жазууларына негиз болуп берген** деп эсептейбиз.

Албетте, биз жогорудагы окумуштуулардын тарыхый, илимий жыйынтыктарына таянуу менен, **орхон-енисей жазуусунун башатында кыргыздар жана кыргыз жазуулары турган** жана бул жазууну кыргыздар менен дайыма ирегелеш, коңшулаш жашаган, тыгыз алакада болгон башка түрк уруулары да колдонгон деп эсептейбиз. Кийин енисей жазуусунун колдонулган аймагы кеңейген жана орхон-енисей жазуулары катары белгилүү болгон.

---

[1] *А. Абдыразаков.* Орхон-Енисей байыркы кыргыз түрк жазуулары жана рух башаттары. – Б., 2004, 33-б.

## Кыргыз жазууларынын колдонулуш мезгили

Бул тууралуу Б.М.Юнусалиев: «Байыркы кыргыз тилинин дооруна V–VII кылымдарга тийиштүү болгон енисейлик жазма эстеликтердин мезгили гана эмес, андан кийинки бир нече кылымдар да кирет», – дейт[1]. Орхон-енисей түрк алфавитинин X–XI кылымдарга чейин колдонулгандыгын Ө.Караев маалымдайт[2].

Окумуштуулар И.А.Батманов, З.В.Арагачи жана Г.Ф.Бабушкин дагы кыргыздар жана алар менен карым-катнашта болгон уруулар енисей алфавитин X кылымга чейин колдонушкандыгын белгилешет (28 б.).

С.Е.Малов байыркы түрк рун алфавитинин колдонулуш чегин X кылым деп эсептейт (1959, 74-б.).

X–XI кылымдарда орхон-енисей жазуу системасы колдонуудан чыгып, жарым-жартылай уйгур жана араб алфавити менен алмашкан[3].

Бул маалыматтар орхон-енисей алфавитинин узак мезгил ичинде колдонулгандыгын айтып турат.

## Енисей жазууларынын орхон жазууларынан хронологиялык жактан биринчилиги

Енисей жазуулары орхон жазууларына караганда хронология боюнча биринчи турат. Чындыгында, В.В.Радловдун, П.М.Мелиоранскийдин, С.Е.Маловдун эмгектерин салыштырып көргөн кишиге енисей «почеркинин» орхондукунан байыркы экендигине көзү жетет, енисей жазууларында байыркынын издери көбүрөөк дейт В.В.Бартольд. Ал бул тууралуу мындай деген: «Формы букв указывают на более древний период, чем время орхонских надписей; поэтому В.В.Радлов был

---

[1] *Б.М.Юнусалиев.* Кыргыз диалектологиясы. – Ф., 1971, 58-б.

[2] *Ө.Караев.* Байыркы түрк эстеликтери жана араб-перс авторлору кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө. Китепте: Кыргыздар, I том. – Бишкек, 1993, 85-б.

[3] *И.А.Батманов.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. – Ф., 1958, 11-б.

склонен относить енисейские надписи к VII в., преимущественно ко второй его половине»[1].

П.М.Мелиоранский да ушундай пикирде, ал енисей жазуулары орхон жазууларына караганда жазуулардын формасы жагынан архаикалык мүнөздө экендиги менен айырмаланып турат дейт. Окумуштуу орхон-енисей алфавитинин VI кылымга чейин эле пайда болгонунан күмөн санабайт[2].

Мурун айтылгандай, С.Е.Малов эң алгачкы енисей тексттерин V кылымга алып барат (7–8-бб.).

И.А.Батманов, З.В.Арагачи жана Г.Ф.Бабушкин: «В енисейских памятниках сохраняются более архаические почерка и орфографические приемы, даже независимо от того, что часть памятников может иметь и свою, более позднюю датировку»[3], – дешет.

Ошентип, Енисей эстеликтериндеги жазуулардын Орхон эстеликтериндеги жазууларга караганда алгачкылыгы – окумуштууларда талашты пайда кылбайт.

С.Сыдыков, К.Коңкобаев да ушундай пикирге кошулуп, мындай аныктамалардын негизи жок эмес дейт. Талас, Енисей түрк рун жазууларында тамгалар жөнөкөй, коооздолбостон чегилсе, Орхондогу түрк рун жазууларынын графикасы бир топ жакшырган. Сөз ажырымдары даана чектелген.

Ушундан улам С.Сыдыков, К.Коңкобаев: «Жазуунун алгач калыптана башташы VI–VII кылымдардагы Талас, Кочкор, Енисейдеги жазууларга салыштырмалуу VIII кылымда Орхонго жеткен мезгилдерде рун жазуусу алда канча өркүндөтүлгөн, тексттердин көлөмү да арбын»(12), – дешет. Окумуштуулардын пикирлери боюнча түрк рун жазуусу Орто Азияда пайда болуп, андан Енисей, Орхонго жеткен.

А.Абдыразаков: «Эстеликтердеги жазуулардын көбүнүн кыскалыгын, Күл-тегин, Тонукуктун, Билге кагандын эсте-

---

[1] *В.В.Бартольд.* Киргизы. – Ф., 1943, 35-б.

[2] *П.М.Мелиоранский.* Памятник в честь Кюль Тегина. Записки Восточного отделения Русского Археологического общества, XII, вып. II–III, СПб, 1899, 47-б.

[3] *И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин.* Современная и древняя Енисеика. – Ф., 1962, 28-б.

ликтериндеги баяндарга салыштырганда көркөмдүк жактан мажестигин эске алганыбызда Енисей эстеликтериндеги жазуулар алгачкы тажрыйба өңдөнөт» (31), – дейт. Окумуштуунун пикири боюнча: **«Түрк элдеринде ташка кыргыз-түрк аривинде (***китепте ушундай берилген – Г.Ж.***) эстелик чегүү тажрыйбасы Енисейде кыргыздар тарабынан биринчи жолу башталып (***белгилеген – Г.Ж.***)**, улам көнүгүүдөн кийин Орхондогу таштарга көлөмдүү эпикалык баяндар жазылган болуу керек» (32).

Ошентип, аталган окумуштуулардын пикирлерине таянып, Енисей эстеликтериндеги жазуу Орхон эстеликтериндеги жазууга караганда мезгили боюнча алгачкы жазуу болуп эсептелет жана Енисей эстеликтериндеги жазуулар кыргыздарга таандык деп ишенимдүү айта алабыз.

## Енисей, орхон жазууларынын бири-биринен айырмачылыгы

А.И.Батманов: «Орхон-енисей жазууларында бир же чоң эмес активдүү уруу тобунун кеби чагылдырылган жана **енисейлик белгилердин базасында кыргыздардын, тувалыктардын, шорлордун, хакастардын ж.б. бабаларынын тилдери өнүккөн (***белгилеген – Г.Ж.***)**, ал эми **огуз (орхондук) эстеликтердин тилинин негизинде түркмөн, азербайжан тилдери өнүккөн» (***белгилеген – Г.Ж.***)**, – дейт[1].

Бул пикирди С.Сыдыков, К.Коңкобаевдор да ырасташат. Алар Талас, Кочкор жана Енисейдеги жазуулар Орхондогу жазуулардан графикасы боюнча да айырмаланарын айтышат, Енисей эстеликтери морфологиялык белгилери жагынан азыркы кыргыз, алтай, хакас, шор, тува тилдери менен жакындашса, Орхондогу эстеликтерде огуз, карлук тобундагы түрк тилдеринин элементтери басымдуулук кыларын маалымдашат (12).

Ошентип, байыркы Енисей эстеликтериндеги белгисиз жазуулар – байыркы кыргыз жазуусу болгон. Андагы фоне-

---

[1] Караңыз: *И.А.Батманов.* Источники формирования тюркских языков рунической письменности к другим тюркским языкам. Филология и история тюркских народов. – Л., ЛГУ, Тезисы докладов. 1967.

тикалык, лексикалык жана грамматикалык белгилердин башка түрк тилдерине караганда кыргыз тилине өтө жакындыгы илимий изилдөө иштеринде факты материалдар аркылуу аныкталган. Ошондой болсо дагы бул багытта илимий иликтөөлөрдүн үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү зарыл.

## Кыргыздардын тарыхы, тили (уруу тамгасы) – б.з. I жана II миң жылдыктарынын аралыгында байыркы Енисей эстеликтеринде

Енисей эстеликтериндеги жазууларда кыргыз элинин тарыхы, тили тууралуу маалыматтар камтылган. Жазуулар моло таштарда, аскаларда, таштан жасалган түркүктөрдө (столба), идиштерде жана иштеп чыгарылган майда буюмдарда ж.б. сакталып калган.

Мисалы, **б.з. I жана II миң жылдыктарынын чегинде Енисей эстеликтеринде Енисей дарыясынын боюнда, Миң-Суу ойдуңунда жашаган кыргыздардын жашоо турмушу чагылдырылган.**

Бул эстелик өткөн кылымдын 60-жылдарында байыркы жана орто кылымдагы Тыванын көчмөн маданиятын изилдеген окумуштуу А.Д.Грач[1] тарабынан табылган жана изилденген.

Аталган эстелик тууралуу Ю.С.Худяков: **«Бул эстелик б.з. I жана II миң жылдыктарынын чегинде Азиянын так эле борборунда болуп өткөн буркан-шаркандуу окуялардан ачык айкын далилдерди сактап калган»**[2] (*белгилеген – Г.Ж.*), – дейт.

[1] *А.Д.Грач.* Исследование могильников Улуг-Хорум и Улуг-Оймак // Археологические открытия 1965 года. – М., 1966, 31-б. Тыванын көчмөн маданиятын изилдеген окумуштуу А.Д.Грач тарабынан өтө кызыктуу эстелик табылган жана изилденген. Бирок аталган окумуштуу күтүүсүздөн каза болгондуктан, бул маалыматтар отуз жылдай жарык көрбөй жата берген. Окумуштуунун окуучулары тарабынан кийин гана бул китеп болуп жарык көргөн. Караңыз: *А.Д.Грач, Д.Г.Савинов, Г.В.Длужневская.* Енисейские кыргызы в центре Тувы: (Эйлиг-Хем III как источник по средневековой истории Тувы), – М., 1998, 4-б.

[2] *Ю.Худяков.* Сабля багыра. Вооружение и военное искусство средневековых кыргызов. – М., 2003, 14-б.

А.Д.Грачтын изилдөөсү боюнча бул эстеликте Тыванын борборунда Эйлиг-Хем өрөөнүндө жашаган енисейлик кыргыздар тууралуу маалыматтар калтырылган. Тывалыктар бул Эйлиг-Хем дарыясынын боюнда табылган эстеликтерди, т.а., үймөктөлгөн дөбөлөрдү «Улуг-Хорум» – «Большая (великая) насыпь» деп аташкан. Байыркы бейит төрт чакан ритуалдуу мамылардан жана төрт чарчы таштан жасалган тосмонун ичиндеги тикесинен турган эки таш стеладан турат. Ал стеладан рун жазуулары табылган.

Байыркы бейиттен жоокерлердин көмүлгөн денелеринин калдыктары табылган. Изилдөөлөр боюнча жоокерлер куралжарактары, аскердик жабдыктары (амунициясы) жана согуштук ат жабдыктары менен кошо бейитке коюу үчүн жагылган отто өрттөлүп, анан көмүлгөн. **Бул тарыхый эстеликтер Саян тоолорунан түндүгүрөөктө, Енисей дарыясынын боюнда, Миң-Суу ойдуңунда жашаган кыргыздардын өлгөн жоокерлерди акыркы сапарга узатуу каада-салтынан кабар берсе, ал эми анда табылган рун жазуулары аркылуу кыргыздын жазуулары болгондугу даректүү маалымдалат.**

Казылган дөбөлөрдүн ичинен 200дөн ашык жоокерчиликке тиешелүү жез буюмдар, колодон жана жезден жасалган буюмдар, эки кылыч, күмүш кумара ж.б. табылган. Алардын ичинде жезден жасалган жаанын учуна сайгыч, калкандуу жалпак темир, сооттун калдыктары, үзөңгүлөр, ооздуктар ж.б. да бар. Эң баалуу деген табылга – эки кылыч. Анын биринде түз кеткен кылычтын мизи жана кайчылашкан (крест түрүндөгү) айкашуу бар. Канжардын мизи отко абдан ысыган соң, аны тең ортосунан бүктөп коюшкан. Бул болсо ээсинин артынан кылычтын да өлгөндүгүн билдирген[1].

Табылган кылычтын экинчисинин мизи дат баспай турган Дамаск болотунан жасалып, эки жагына тең вязь[2] жазуусу менен аткарылган куф шрифтиндеги жазуу чегилген. Бул жазуу Д.Д.Васильевдин котормосу боюнча «помощь от Алла-

---

[1] *Ю.С.Худяков.* Аталган эмгекте, 14-б.

[2] **Вязь** *ж* **2.** (*вид письма*) вязь (ариптери бири-бирине чырмалышып жазылган жазманын бир түрү). Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012, 340-б.

ха и близкая победа» дегенди түшүндүрөт[1]. Дөбөлөр менен катар коюлган стелада Дамаск болотунан жасалган кылычтын ээсинин аты ташка оюлуп жазылган: «Мое имя – Багыр.» **Жазуунун астында уруу тамгасы чегилген** (С.Ю.Худяков, 16).

Мындай **уруу тамгасы** башка аймактан, мисалы, Качырбандан табылган байыркы эстеликтерде да кездешет. Окумуштуулардын божомолунда Багыр – жүз атчан жоокердин жүз башчысы болгон. Ал эми экинчи стелада – «геройское имя Карайаш» деген жазуу[2], мында миң жоокер жана «ынал» титулун алып жүргөн жүз башы баатыр тууралуу жазылган[3].

Бул эстеликтер жана андагы жазуулар кыргыздардын жашаган аймагы, жоокерчилик турмушу, курал-жарактары, өлүктү коюудагы каада-салты ж.б. тууралуу абдан баалуу маалыматтарды камтып турат.

Ал эми андагы жазуулар жөнүндө И.А.Батманов, З.Б.Арагачи жана Г.Ф.Бабушкиндин эмгегинде «найдена береста с тибетскими письменами» деп айтылат (16).

Бул эстеликтин табылышы – кыргыздардын жана кыргыз жазуусунун тарыхы үчүн баалуу материал.

## Орхон-енисей эстеликтери, алардын таралуу ареалы жана периодизациясы

Орхон-енисей эстеликтеринин ареалы – азыркы Монголиянын аймагы, Орхон дарыясынын алаптарынын аймактары, Онгин, Селенга ж.б. жерлер, ал эми Россияда Енисей дарыясы, Тувага (*китепте ушундай берилген – Г.Ж.*), Хакасияга, Миң-Суу (Минусинск) районуна жанаша жаткан жерлер[4].

---

[1] *А.Д.Грач, Д.Г.Савинов, Г.В.Длужневская.* Енисейские кыргызы в центре Тувы (Эйлиг-Хем III как источник по средневековой истории Тувы). – М., 1998, 4-б.

[2] *Ч.А.Батманов, А.Ч.Купала.* Памятники древнетюркской письменности Тувы. Кызыл, 1965, вып.III, 9–10-бб.

[3] *Д.С.Худяков.* Военное дело древних кочевников Южной Сибири и Центральной Азии. – Новосибирск, 1995, 48-б.

[4] *И.В.Кормушин.* Орхоно-енисейских надписей язык. Китепте: Языки мира / Тюркские языки. – Бишкек, Изд.дом «Кыргызстан», 1997, 89-б.

Орхон-енисей жазуусунун эң ирилери – Күл-тегинге жана Билге-каганга (*Могилян-ханга – Г.Ж.*) арналган эпитафиялар (б.з. VII–VIII кк.). Аларда 732- жана 735-жж. деген даталар коюлган. Тонукук менен Күлү-Чур эстеликтери VIII кылымдын 20-жылдарына, калган борбордук азиялык жазуулар деле VIII кылымга таандык деп эсептелет.

И.В.Кормушиндин маалыматы боюнча енисей жазууларынын 150дөн ашыгы табылган. Алардын көпчүлүгү – моло таштагы эпитафиялар, андан тышкары буюмдардагы жазуулар жана аска бетине чегилген жазуулар. Окумуштуу аларды болжол менен IX–XI кылымдарга таандык деп эсептейт.

Аска бетине чегилген кыска жазуулар көп эмес санда Алтайдан табылган, ал эми Байкалдын алдынан жана Ленадан өтө аз учураган. Орто Азияда түрк руникасы (*И.В.Кормушинде «тюркская руника» деп берилген – Г.Ж.*), т.а., анча көп эмес керамикадагы жана металлдагы жазуулар Фергана өрөөнүнөн, 9 тегерек койташтагы («на округлых камнях валунах»[1]) эпитафиялар Талас өрөөнүнөн табылган (90).

Енисейлик жана чыгыш-түркстандык эстеликтер (мезгили боюнча да) Монголиядагы түрк рун жазууларынын борбордук ареалына[2] ыкташат. Алтай жазуулары, Байкал жээгиндеги жана Лена боюндагы, ошондой эле орто азиялык жазуулар түрк руникасынын өтө эле периферриялык ареалы болуп эсептелет. И.В.Кормушин 1997-жылы алардын түзүлүү мезгили да аныктала электигин, анткени тарыхый даректер жоктугун, рун жазмаларына полеографиялык изилдөө жаңыдан жүргүзүлө баштагандыгын белгилеген.

И.А.Батманов жазма эстеликтер боюнча иликтөөлөргө талдоо жүргүзүп, аларды төмөнкүдөй классификациялаган[3].

**1. Енисей жазуулары.** Енисей жазууларына Енисейдин баш жагынан жана Тывадан табылгандар кирет. Аларга Якутия-

---

[1] **Валун** *м* койташ (жумуру, тегерек тарткан чоң таш). Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. А–И, 2012,179-б.

[2] **Ареал** *м* **2.** ареал (кандайдыр бир кубулуштун ж.б. орун алган, тараган жерлери). Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Б., 2012, 61-б.

[3] *И.А.Батманов.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. – Ф., 1959, 12–13-бб.

дагы жана Монголиядагы айрым моло таштар (стелалар) ыкташа жайгашкан. Енисей жазуусунун таралуу борбору байыркы кыргыздардын жайгашкан территориясына туура келет.

Аталган жазууларда V–VII кк. деген даталар коюлган. Алар мезгили боюнча орхон-енисей жазууларынын эң эле алгачкы түрү (разновидность) болуп саналат. Көпчүлүгү В.В.Радлов, С.Е.Малов жана С.В.Киселев тарабынан жарык көргөн.

**2. Талас жазуулары** (алты таш). Алардын айрым бөлүгү мугалим Гастев жана В.А.Каллаур тарабынан Дмитриевский (азыркы Талас шаары[1]) айылынан чыгышка карай алты километр жерде жайгашкан Айртам-Ойдо табылган.

Таластагы айрым эстеликтердеги жазуулар П.М.Мелиоранский, Ю.Немет, С.Е.Малов тарабынан окулган жана которулган. 1932-жылы Ачык-Таштагы шурфтан[2] жазуусу бар жыгач таякча табылган жана ал С.Е.Малов тарабынан окулган (расшифровкаланган) (12-б.).

Графикалык өзгөчөлүгү боюнча Талас жазуулары Енисей жазууларына жакын экендиги В.В.Бартольд, П.М.Мелиоранский тарабынан аныкталган. Бул Киселев тарабынан да такталган. И.А.Батмановдун пикири боюнча бул жазуулар Енисейден Таласка V–IX кк. кыргыздар аркылуу келген (12).

**3. Орхон жазуулары.** Орхон жазууларына VII кылымдын аягында, VIII кылымдын биринчи жарымында табылган ири тексттер кирет. Аларга Гудулу ханга (*Элтериске – Г.Ж.*) (692-жылы каза болгон) арналган Онгин, Билге-каган же Могилянга (734-жылы каза болгон), Күл-Тегинге (731-ж. каза болгон), Тонукукка (VII к. аягында жана VIII кылымдын башында жашаган үч хандын кеңешчиси), Кули-Чурга (Монголияда, Урганын түштүгүндө) арналган тексттер кирет (И.А.Батманов, 12-б.)

**4. Суджа, Шине-усу, Чыгыш-Түркстандык (кагазга жазылган укуктук документтер) жазуулар.** Булар VIII–IX кылым-

---

[1] *И.А.Батманов* кашаага *азыркы Талас шаары* деп жазган, ал эми китеп 1959-жылы жарык көргөн.

[2] **Шурф.** *м.* горный шурф (кен табуу максаты менен жер астындагы тоо тектеринин таманына чейин тик казуу). Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк. – М., 1957, 965-б.

дарга жана андан кийинки мезгилге таандык. И.А.Батмановдун пикири боюнча Суджа эстелигин тилдик өзгөчөлүктөрү боюнча Енисей эстеликтери менен бир катарга коюуга болот (13).

**5. Майда жазуулар** (моноталарда, идиштерде, таралгаларда, зер буюмдарда). Мындай жазуулар Байкалдын алдындагы, Ленадагы кең территориядан, ал түгүл Венгриянын территориясындагы жерге жашырылган баалуу казынадан табылган.

И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкиндин классификациясы[1] боюнча эстеликтер этностук таандыктыгына, графикалык жана лингвистикалык белгилерине карата алты группага бөлүнөт.

**1.** Алардын ичинен биринчиси биз жогоруда сөз кылган **енисей жазуулары.** Енисейдин жогорку агымынан жана Тывадан табылган эстеликтерге Ленадагы, Алтайдагы эстеликтер жана Монголиядан табылган айрым эстеликтердеги жазуулар ыкташа жайгашкан (к ним примыкают). **2. Орто азиялык жазуулар.** Орто азиялык жазууларга Талас эстеликтериндеги жазуулар кирет. **3.** Енисей жана Талас жазуулары менен жалпы белгилери бар – **Венгр жазуулары; 4. Орхон жазуулары.** Буга VII кылымдын аягында VIII кылымдын башындагы ири эстеликтер кирет. Бул эстеликтер «расположены в бассейне Селенги и ее притока Орхона, а также в прилежащих местностях» (16); **5. Суджа, Шине-Усу, Ихе-Асхет, Хойто-Тамир жана Чыгыш Түркстан эстеликтери** (кагазга жазылган документтер да бар); **6.** Таштагы, моноталардагы, зер буюмдардагы, таралгалардагы **майда жазуулар.**

С.Сыдыков, К.Коңкобаев түрк рун жазуусунун таралуу аймактарын төмөнкүдөй чектеп көрсөтүшөт (14).

**1. Орто Азия эстеликтери.** Буга Талас, Ысык-Көл, Кочкордон табылган эстеликтер кирет. Жазуулар негизинен койташтардын беттерине, аска таштардын боорлоруна, жыгач таякчага жазылган.

**2. Чыгыш Түркстан эстеликтери.** Буга Турфандагы байыркы бир имараттын дубалына жазылган 4 жазуу, Миран, Дуньхуанда кагазга жазылган бир канча тексттер кирет.

---

[1] *И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф. Бабушкин.* Аталган эмгекте. – Ф., 1962, 16–17-бб.

**3. Тоолуу Алтай жазуулары.** Булар – көбүнчө күмүш буюмдарга жазылган фрагменттик чакан жазуулар. Аска бетине жазылгандары да бар.

**4. Енисей эстеликтери.** Булардын илимге белгилүүсү – 145. Бул эстеликтер азыркы Хакас республикасынын талааларынан Мөңгү-Суу[1] (Минусинск) өрөөнүнөн, Енисейдин жогорку агымындагы Тыва республикасынын территориясынан табылган.

**5. Монгол эстеликтери.** Бул эстеликтер көлөмдүүлүгү, тарыхый-биографиялык маалыматтардын кенендиги менен башка эстеликтерден айырмаланат.

**6. Чыгыш Европа эстеликтери.** Алар экиге бөлүнөт:

а) Дондогу Новочеркесск шаарынан табылган идиштеги, Саркелде жана Маяцкий шаар урандыларынан табылган кумура кирпич беттерине чийилген түрк рун тамга жазуулары ;

б) **Дунай жазуулары.** Булар көбүнчө күмүш идиштерге, темир кумгандарга жазылган. Жазуулар Венгриянын Надьсентмиклаш кыштагынын жанында жүргүзүлгөн археологиялык казууларда табылган.

Ошентип, түрк рун жазуусунун таралуу аймагы абдан кеңири.

С.Сыдыков, К.Коңкобаев түрк рун жазууларынын өнүгүшүндөгү үч мезгилди белгилешет (2001,10).

1. **Байыркы жазуу эстеликтери** же VI–VII кылымдардагы Жети-Суу жана VI–X кылымдардагы Енисей эстеликтери.

2. **Түрк каганаты мезгилиндеги** же VIII кылымдын биринчи жарымындагы классикалык эстеликтер.

3. **Жаңы жазуу эстеликтери** же VIII–IX кылымдын экинчи жарымындагы Чыгыш Түркстандагы Уйгур каганаты мезгилиндеги эстеликтер.

---

[1] Миң-Суу. Авторлордо Мөңгү-Суу деп берилгени сакталды.

## Орхон-енисей жазма тилинин адабий тил катары статусу

И.В.Кормушиндин пикиринде орхон-енисей жазма тилинин адабий тил катары статуска ээ болгондугун – анын тил структурасынын бардык деңгээлиндеги нормативдүүлүгү, стилдеринин дифференциялуулугу, формула, клишелеринин эң жогорку деңгээлде колдонулушу айгинелеп турат. Эң маанилүү деп эсептелген эпитафияларда чагылдырылган тарыхый баяндоо этностук саясий прокламация[1] менен айкалышып берилгендиги даана байкалат.

Орхон-енисей түрк алфавити VI-VII кк. пайда болуп, X-XI кылымдарга чейин колдонулгандыгы, байыркы руникалык жазуу (*автор руникалык жазуу деп берген – Г.Ж.*) негизинен чоң-чоң таштарга, асканын жылмакай беттерине жана кой таштарга чегилгендиги Ө.Караев тарабынан да белгиленген. Окумуштуу алардын басымдуу көпчүлүгү Хакасия, Тува, Алтай, Монголия, Или жана Кыргызстандын аймагынан табылгандыгын, байыркы руникалык жазууну Борбордук жана Орто Азияда жашаган түрк элдери пайдаланышкандыгын баяндайт[2]. Кыргыздар жана алар менен карым-катнашта жашаган уруулар енисей алфавитин X кылымга чейин колдонушкан.

Борбордук Азияда IX–X кылымдарда жүз жыл чамасында (840-жылдан 945-жылга чейин) «Улуу кыргыз державасы» (В.В.Бартольд) же Кыргыз каганаты жашаган. 840–945-жылдарда Кыргыз каганатынын тушунда байыркы кыргыз элинин калыптанышы менен бирге эле, алардын байыркы элдик тили түзүлгөн. Окумуштуулардын божомолунда ал тектеш уруулук диалектилерден түзүлгөн жана орхон-енисей графикасына негизделген жазма адабий тил болгон. Б.М.Юнусалиев (1971, 67) бул мезгилди байыркы кыргыз тилинин доору деп атайт, ал эми жазма үлгүлөрү катары Енисей эстеликтерин көрсөтөт.

---

[1] **ПРОКЛАМАЦИЯ** – прокламация. Саясий маанидеги үгүт баракчасы. Караңыз: *К.К Юдахин*. Орусча-кыргызча сөздүк. – Ф., 1957, 661-б.

[2] *Ө.Караев*. Байыркы түрк эстеликтери жана араб-перс авторлору кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө. Китепте: Кыргыздар, I том, «Кыргызстан». – Б., 1993, 85-б.

## Рун жазуулары бар эстеликтер Кыргызстандын территориясында

Таластагы байыркы түрк жазуулары бар эстеликтердин ачылышы Олуя-Ата уездинин башкаруучусу В.А.Каллаурдун, ошондой эле археологдор Г.Гейкел, О.Доннер ж.б. ысымдары менен байланыштуу.

Таластан табылган эстеликтеги жазуулар В.В.Радлов, С.Е.Малов, П.М.Мелиоранский, А.Гейкел, Ю.Немет тарабынан окулган жана которулган.

1896–1897-жылдары Талас суусунун боюнан рун жазуулары бар беш эстелик (V–VI кк.) табылып, андагы жазуулар В.В.Радлов, П.М.Мелиоранский, А.Гейкел, Ю.Немет жана С.Е.Малов тарабынан которулган.

Таластагы биринчи эстелик 1896-жылы В.А.Каллаур тарабынан Калба капчыгайына кеткен жолдогу Айртам-ой жеринен табылган. Бул таш кийин Олуя-Атага которулган. Кийинки эстелик Алта-Бай жеринен табылган жана Ю.Немет, С.Е.Малов, Х.Н.Орхун тарабынан которулган. Үчүнчү эстелик Г.Гейкел тарабынан жарыкка чыккан. Төртүнчү эстеликти С.Е.Малов которгон, бешинчи эстеликти Г.Гейкел жарыялаган жана Ю.Немет, С.Е.Малов, Х.Н.Орхун которгон.

И.А.Батманов бул жазуулардын Таласка кыргыздар аркылуу Енисейден V–IX кылымдарда келгендигин айткан[1].

Мындай эстеликтер Фергана өрөөнүнөн, Кочкордон (10 жазуу) да табылган. С.Сыдыковдун, К.Коңкобаевдин маалыматы боюнча Кыргызстандын аймагында мындай байыркы түрк жазууларынын саны 35ке жеткен. Таштагы, монеталардагы жана майда предметтердеги енисей тибиндеги жазуулар Ысык-Көлдөн (Кой-Сары), Баткенден, Чүйдөн (монеталар), Фергенадан жана Согдудан (кол жазма) табылган (Современная и древняя Енисеика, 21).

Изилдөөлөр кыргыз окумуштуулары тарабынан азыр да уланууда.

---

[1] *И.А.Батманов.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. – Ф., 1959, 13-б.; Мисалы, кыргыздар уйгурларды жеңгенден кийин (840-ж.) енисейлик кыргыздардын бир топ бөлүгү Тянь-Шанга көчүшкөндүгүн И.А.Батманов да маалымдайт. Караңыз: *И.А.Батманов.* Аталган китепте, 10-б.

## Талас өрөөнүндөгү эстеликтер, алардын Енисей жазууларына окшоштугу

Таластагы эстеликтердеги рун жазуулары тамгалардын мүнөзү жана жазуулардын мазмуну боюнча Енисей бассейниндеги мүрзө үстүндөгү жазууларды эске саларын, Орхон жана Селенга дарыяларынын жээгинде табылган эстеликтердеги жазуулардан айырмаланарын С.Е.Малов белгилеген. Ал: «Памятники с рунами и по характеру букв и по содержанию надписей весьма напоминают подобные же надгробие в бассейне р. Енисея, заметно отличаясь от рунических памятников, находящихся по р. Орхону и Селенге»[1]. С.Е.Малов өзүнүн эмгегинде Енисей жазууларына окшош тамгалардан мисалдарды келтирген.

Таластан табылган эстеликтердин графикалык жагынан Енисей эстеликтерине өтө жакын экендигин В.В.Бартольд, П.М.Мелиоранский белгилешкен, аны С.В.Киселев да ырастаган[2].

А.Н.Бернштам да Енисей жазуу эстеликтерине Таластагы ташка жазылган жазуулардын өтө окшоштугун белгилеген.

Бул маалыматтар Енисейдеги жана Таластагы жазуулардын табияты бир экендигин көрсөтүп турат. Анткени бул жазуулар, И.А.Батманов белгилегендей, Таласка енисейлик кыргыздар аркылуу (V–IX кк.) келген.

Бул – биз мурунку бөлүмдөрдө баяндаган Енисей-Тянь-Шань кыргыздарынын тыгыз байланышын дагы бир жолу далилдейт.

Демек, мезгил-мезгили менен енисейлик кыргыздардын Тянь-Шанга көчүү кыймылы болуп турган. Мисалы, мындай көчүү кыймылы эң байыркы тарыхка кайрылбаганда да кыргыздар уйгурларды жеңгенден кийин жана Кыргыз Улуу державасынын акыркы мезгилинде болгон. Енисейлик кыргыздар Тянь-Шанга енисей маданиятын, албетте, кыргыз жазууларын да ала келишкен.

---

[1] *С.А.Малов.* Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. –М.– Л.,1959, 58-б.;

[2] *С.В.Киселев.* Древняя история Южной Сибири. Материалы и исследования по археологии СССР, № 9, АН СССР. – М.– Л., 1949, 346-б.

## Талас рун жазуулары V кылымга таандык

Таластагы табылган эстеликтердеги жазуулардын мезгили тууралуу анализдер алардын V кылымга таандык экендигин көрсөткөн.

Адегенде С.А.Малов бул табылган эпитафиялардын мезгили тууралуу мындай деген: «Приурочение этих эпитафий и далее деревянной палочки с рунической надписью к какому-либо столетию затруднительно. Можно только предполагать, что все эти памятники письма не новее VIII в. н.э.»[1]

Бирок археологдордун табылгаларына жана алардын жыйынтыктарына таянып, эстеликтердеги жазуулардын мезгили тууралуу өз пикирин айткан. Мисалы, С.Е.Малов археологдор Г.Гейкел жана Г.Ретциус көрүстөндөрдөн табылган рун жазуулары бар буюмдарды мезгили боюнча V кылымга тиешелүү деп тапкандыгын айтып: «...предметы из могил под камнями с рунами датируют V в. Я не вижу причин отвергать и эту дату» (63), – дейт.

Ошентип, С.Е.Малов Г.Гейкелдин жана Г.Ретциустун бейиттен табылган рун жазуулары бар буюмдарды V кылымга тийиштүү дегендерин жокко чыгарууга эч бир негиз жок дейт. Бул кыргыздардын тарыхы жана кыргыз жазуусунун тарыхы үчүн абдан баалуу маалымат.

Таластагы таштын алдындагы бейиттерден табылган рун жазуулары бар буюмдардын V кылымга тиешелүүлүгү енисей жазууларынын алгачкы мезгилине туура келет. Енисей жазуулары менен Таластан табылган бул буюмдар мезгилдеш болуп эсептелет.

## Таластан табылган жыгач таякча (V кылым)

**Таластан табылган жыгач таякча V кылымга таандык.** 1932-жылы ноябрда С.Е.Малов Ташкенттен М.Е.Массондон кат алган. Ал катында Таластагы Ачык-Таш деген жерден рун жазуулары бар таякча табышкандыгын кабарлаган. Бул таяк-

[1] *С.Е.Малов.* Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. – М.– Л., 1959, 63-б.

чанын төрт жагы тең рун жазууларына жыш толгон. Андагы жазуулар С.Е.Малов тарабынан окулган жана которулган.

Бул жыгач таякча карагайдын бутагынан жасалган деп болжолдонот. Андагы сакталып калган жазуулардан анын жол көрсөтүүчү таякча экендиги аныкталган. С.Е.Малов: «Судя по сохранившейся части надписи и принимая мой перевод, палочка является своего рода путевым жезлом, путеводной палочкой» (64), – дейт.

Адегенде С.Е.Малов бул таякчаларды VIII кылымга чейинки же ага жакын мезгилге таандык деп болжолдогон. Бирок жогоруда айтылгандай, фин археологдору Г.Гейкел жана Ретциустун ошол эле жерден мүрзөдөгү таштын алдынан табылган рун жазуулары бар буюмдар V кылымга таандык деген пикирине таянып, С.Е.Малов бул эстеликтерди жана **жыгач таякчаны V кылымга таандык деп эсептейт** (*белгилеген – Г.Ж.*) (74).

### Таякчадагы кыргыз рун жазуусу

Жогоруда айтылгандай, таякчанын төрт жагында тең рун жазуулары болгон. Бирок бул жыгач таякчадагы жазуулар башка жазуулардан өзгөчөлөнгөн. Бул тууралуу С.Е.Малов мындай дейт: «При первом же взгляде на буквы этой палочки видна их своеобразность в сравнении с буквами орхонской, енисейской и восточно-туркестанской рунических письменностей» (67). «Мында эстеликтин (таякчанын) материалынын жыгачтан экендиги да чоң мааниге ээ», – дейт С.Е.Малов.

С.Е.Малов тамгалардын мүнөзү ал жазылган материалга жараша өзгөрө тургандыгын белгилейт: «Можно убедиться, сличив, например, орхоно-енисейские каменописные буквы с тюркской рунической письменностью на бумаге» (68).

Эстеликтердеги жазуулардын почерктеринин мүнөзүнүн айырмалуу болушу алардын ар башка материалдарда аткарылышына байланыштуу болорун С.В.Киселев да белгилейт[1].

[1] *С.В.Киселев.* Письменность енисейских кыргыз. Краткие сообщения о докладах и полевых исследованиях Института Истории материальной культуры. XXV, 1949, 40-б.

К.Ашыралиев жазма эстеликтерде кездешкен өз деген ат атооч мына ушул Таластан табылган таякчада кездешкендигин маалымдаган.

Ачык-Таш кыштагынан (Кыргызстан) табылган жогорудагы рун жазуулары бар жыгач таякча, С.Е.Маловдун маалыматы боюнча, Мамлекеттик Эрмитажда (Россия) сакталып турат.

**Кыргызстандагы башка эстеликтер**

Түрк рун жазуулары бар эстеликтер Фергана өрөөнүнөн, Кочкордон (10 жазуу) табылган. Талас өрөөнүндө эле орхон-енисей тибиндеги он бир жазуу болгон (*1962-жылдагы маалымат боюнча – Г.Ж.*). Кыргызстандын аймагында мындай байыркы түрк жазууларынын саны 35ке жеткен[1]. Таштагы, монеталардагы жана майда предметтердеги енисей тибиндеги жазуулар Ысык-Көлдөн (Кой-Сары), Баткенден, Чүйдөн (монеталар), Ферганадан жана Согдудан (кол жазма) табылган (Современная и древняя Енисеика, 1962, 21).

**Венгриядан табылган алтын идиштердеги рун жазуулары менен Талас эстеликтериндеги рун жазууларынын окшоштугу**

1799-жылы Венгрияда Ыйык Николай кыштагында рун жазуулары бар «алтын идиштердин казынасы» («клад золотых сосуд») табылган. Андагы жазуулардын белгилүү бир деңгээлде Талас эстеликтериндеги жазууларга окшош экендигин С.Е.Малов белгилеген (С.Е.Малов, 1951, 13). Алтын идиштердеги жазууларды Ю.Немет окуган. С.Е.Малов бул жазууларды X кылымга тиешелүү деп эсептеген (13).

С.Е.Малов белгилегендей, **Венгриядагы рун жазуулары бар алтын идиштердеги жана Талас эстеликтериндеги жазуулардын белгилүү бир деңгээлдеги окшоштугу** (*белгилеген – Г.Ж.*) – **түркологдордун көңүлүн өзүнө бура турган, атайын илимий изилдөөнү талап кылуучу маанилүү маселелердин бири.**

[1] *С.Сыдыков, К.Коңкобаев.* Аталган эмгекте, 12-б.

## Эстеликтердеги жазуулардын ортосундагы тектештик жана байланыш

Эстеликтердин өздөрүнөн алынган жана башка тарыхый материалдар **бул жазууларды абдан кеңири территорияда жайгашкан ар башка мамлекеттик биримдикке кирген көптөгөн уруулар колдонгондугун** (*белгилеген – Г.Ж.*) айтып турат. Ошол эле учурда эстеликтердин тилинде **уруулук диалектилерди чагылдырган локалдуу өзгөчөлүктөрү да бар**[1].

Өзүнүн традициялык нормалары бар мындай жазуулар уруулардын ортосундагы **тектештикти** жана **узак мезгилге созулган байланышты** (*белгилеген – Г.Ж.*) көрсөтүп турат. Мисалы, И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин мындай тектештик жана байланыш, биринчиден, Енисейдин жогорку агымындагы (Түштүк Сибирь); экинчиден Селенга дарыясы жана Орхондун куймасындагы (Монголия) өрөөндөрдө; үчүнчүдөн Талас (Кыргызстан) өрөөнүндө жашаган уруулардын ортосунда бар экендигин белгилешет (16).

**Мунун өзү Енисейдеги, Орхондогу, Таластагы эстеликтер бири-бири менен тыгыз байланышта каралууга тийиш экендигин айтып турат.** Бул тизмеге Венгриядан табылган рун жазуулары бар «алтын идиштердин казынасын» да киргизүүгө болот, анткени, жогоруда С.Е.Малов белгилегендей, андагы жазуулар белгилүү бир деңгээлде Талас эстеликтериндеги жазууларга окшош.

Аталган жазуулардын таралуу ырааттуулугу төмөнкүдөй: Енисей – V–VII кк. (С.Е.Малов – V; Радлов – VII); Талас – V–VI кк. (С.Е.Малов); Венгрия – X к. башы (Ю.Немет).

Енисей менен Таластагы эстеликтер мезгилдери боюнча бири бирине туура келет.

---

[1] *И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин.* Современная и древняя Енисеика. – Ф., Изд-во АН Кирг. ССР, 1962, 16-б.

# БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАРДЫН ЭЛДИК СҮЙЛӨШҮҮ ТИЛИ

**Байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү тили сары уйгурлардын тилинде.** Байыркы кыргыздардын колдонгон жазуулары Енисейден табылган жазма эстеликтерден улам белгилүү. Ошондой эле маалымат булактарында кыргыздардын элдик сүйлөшүү тили болгондугу тууралуу маалыматтар сакталып калган. Бирок бул кыргыз тил илиминде атайын илимий изилдөөнүн объектиси боло элек.

Өз убагында С.Е.Малов кыргыздардын элдик сүйлөшүү тили боюнча жарык көргөн материалдар жетишсиз экендигин айткан. Мисалы, ал 1952-жылы Енисей тексттерин жарыялап жатып, «... из тюркологов никто и никогда не высказывал мысли об отношении народного и письменного языка кыргызов древнего времени, материала для этого нет»[1], – деген.

С.Е.Малов – байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү тилин изилдеген биринчи окумуштуу. Тактап айтканда, ал В.В.Радловдун жетекчилиги менен сары уйгурлардын, жаңы уйгурлардын (новоуйгурский язык) жана саларлардын тилдерин изилдөө үчүн бир нече жолу узакка созулган чыгармачылык командировкага чыккан. Натыйжада, аталган маселе боюнча тиешелүү материалдарды жыйнаган, макалаларын жарыялаган жана «Сары уйгурлардын тили» деген эмгегин жарыкка чыгарган. С.Е.Малов изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында сары уйгурлардын тилинде байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү тилинин сакталгандыгын аныктаган. С.Е.Малов сары уйгурлардын тилинде гана эмес, лобнор тилинде да байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү тили сакталган деп эсептейт.

Ошентип, кыргыздардын элдик сүйлөшүү тили боюнча даректүү маалыматтар С.Е.Маловдун изилдөөлөрүндө орун алган. Аталган маселеге байланыштуу С.Е.Маловдун «Лобнорский язык» (1956) жана «Язык желтых уйгуров» (1967) деген эмгектери жарык көргөн.

---

[1] *С.Е.Малов.* Енисейская письменность тюрков: Тексты и переводы. – М.–Л., 1952, 5-б.

Маловдун жогоруда аталган эмгектери тууралуу Э.Р.Тенишев мындай дейт: «Заслуживает внимания и поддержки и другое соображение С.Е.Малова – взгляд на языки сарыг-югуров и лобнорцев как на два хронологически разных состояния древнекиргизского языка. Материалы по языку кыргызов уезда Фуюй (КНР) подкрепляют вероятность такого предположения»[1].

Мына ушундай илимий ачылыштардан кийин, Ю.С.Худяков 1987-жылы жарык көргөн эмгегинде[2] кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тили тууралуу материалдар азыр жетишээрлик деп эсептейт.

С.Е.Малов сары уйгурлардын тили – уйгурлардын тилинен айырмаланып, мурун эле кыргыздашып калган тил экендигин, же таптакыр эле башка тил экендигин белгилейт.

Е.Р.Тенишев өзүнүн «Древнекыргызский язык» деген эмгегинде кыргыздардын тили – элдик сүйлөшүү формада жана жазма адабий формада болгондугу тууралуу айтып, изилдөөсүн байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү тилине арнайт.

Кыргыздардын элдик сүйлөшүү тили – бул тарыхый грамматиканын эң алгачкы стадиясы катары каралат жана аны болгон эрежелерге ылайык реконструкциялоого болот. Ал эми адабий тилге жазма эстеликтердеги жазуулар кирет.

Мына ушундай маалыматтардан соң, кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тили кандай болгон, сары-уйгурлар кимдер жана алардын тилинин байыркы кыргыз элдик сүйлөшүү тилине кандай тиешеси бар деген суроо келип чыгат.

## Сары уйгурлар кимдер?

**Сары уйгурлардын кыскача тарыхы.** Тарыхый маалыматтар боюнча IX кылымга чейин азыркы Монголия жана Тыва жерлеринде уйгурлар жашашкан. 840-жылы уйгур каганаты кыргыздар тарабынан талкаланган соң, бир бөлүгү Турфан (Гаочан), башка бөлүгү – Ганьсу (КЭР) райондоруна кетишкен.

---

[1] *Э.Р.Тенишев. С.Е.Малов* – исследователь современных тюркских языков. Китепте: «Тюркологический сборник». – М., Наука, 1975, 39-б.

[2] *Ю.С.Худяков.* Кыргызы на Енисее. Новосибирск, 1986, 30–31-бб.

К.Г.Менгес Энесайдын (*китепте ушундай берилгени сакталды – Г.Ж.*) башынан келген кыргыздар Йаглахар кандын жетекчилиги менен Орхон аймагына кол салып, Уйгур мамлекетин, алардын азыркы Монголиядагы ээликтерин оңой эле талкалагандыгын, Орхон аймагындагы уйгурлардын көпчүлүгү чыгыш Түркстанга, кай бирлери карлуктарга (Или[1], Талас аймагына), кай бирлери түштүккө, андан кийин Кытайдын кийинки Чан префектурасына жана ага коңшулаш мамлекеттерге качып жан сакташкандыгын маалымдайт. Окумуштуунун божомолунда, Кан-Судагы азыркы сары уйгурлар (сары йогурлар – К.Г.Менгес) ошол 840-жылдагы качкындардын тукумдарынан болушу мүмкүн[2].

Уйгурлар бир канча жылдан кийин (847-жылы) өздөрүнүн жаңы ата журтунда мамлекет курушкан. Биринчиси Ганьсуда жаралып, 1037-жылы Тангут мамлекетине өткөн. К.Г.Менгес бул уйгурлардын тукумдары – азыркы сары уйгурлар (сары йогурлар) деп эсептейт. Ал эми экинчи уйгур мамлекети Турфан (*К.Т.Менгесте Турпан деп берилет – Г.Ж.*) оазисинде курулган. Уйгурлар бул эки мамлекетте тең акыры аягы отурукташып калышкан. Ал түгүл батыштагы мамлекетте Гао-чанда уйгурлар шаардык турмушка өтө баштаган (97).

Гао-чан – Чыгыш Түркстанда ар кошкон элдердин, тилдердин, маданияттардын аралашкан жеринде жайгашкан, ошондуктан уйгурлар – адабияты (котормо болсо да) өнүккөн биринчи түрк эли катары эсептелет. Бул адабияттын бардыгы диний мүнөздө болгон, б.а., ислам динине чейинки Борбордук Азиядагы үч чоң диндин – христиан, манихеизм, будда диндеринин күчтүү таасиринде өнүккөн. Несторий (христиан) динине тиешелүү тексттер саны жагынан бир топ аз учураган, көпчүлүгүнүн мазмуну будда дини менен байланыштуу эле. Анткени буддизм кытайлык Ляо мамлекети тарабынан колдоого ээ болгон (70).

К.Г.Менгестин маалыматы боюнча манихеизм Тарим бассейнине эң эле эрте тараган. Ал өзгөчө согдулуктарга, шаказларга, тохарлыктарга бекем сиңген. 762-жылы манихеизм Ор-

---

[1] *К.Г.Менгесте* Или деп берилген.

[2] *К.Г.Менгес.* Түрк элдери жана алардын тилдери. – Б., 2000, 71-б.

хондогу уйгур мамлекетинин расмий дини катары жарыяланган, т.а., Уйгур империясы манихеизм динин мамлекеттик дин катары кабыл алган. Ошол кезде манихеизмдин атаандашы несторианизм (христиан) болгон.

Буддизм кийинчерээк гана күчүнө кирген. Буддизм уйгурларга Кандагар (Индиянын түндүк-батыш жагы), Башан, Бактрия, Бухара, Самаркан аркылуу тараган. Акырында буддизм уйгурлардын баш динине айланган, ал эми манихеизм, несторианизм бара-бара басаңдап, кийин таптакыр өчүп калган. Буддизм Чыгыш Түркстанга уйгурлар аркылуу тараган[1]. Манихеизм дини тууралуу маалыматтарды байыткан тексттер да ушул Чыгыш Түркстандан табылган.

Байыркы замандан калган санжыралар боюнча ислам дини орногондон баштап, турфандык уйгурлар чыгышка аз-аздап көчүп келишип, сары уйгурлар менен аралашкан. Сары уйгурлардын эл катары калыптанышы этностук жактан бир кылка чөйрөдө өткөн эмес. **Ар кандай мезгилдерде сары уйгурлардын курамына кыргыздар, түргөштөр, монголдор, тангуттар, тибет уруулары жана уруктары (роды и племена) кошулуп турган** (*белгилеген – Г.Ж.*).

Сары уйгурлар 1972-жылдагы каттоо боюнча Минхун районунун Лянхуа жана Минхай болуштарында (волость[2]) жашашкан, калкынын саны 2 миң адам болгон.

**Сары уйгурлар жана уйгурлар.** Сары уйгурлар Ганьсу провинциясында (КЭР) жашашат. Сары уйгурлар – тарыхый жактан түрк тилдүү байыркы уйгурлардын бир бутагы.

С.Е.Маловдун маалыматы боюнча сары уйгурлар мурунку СССРде, Кытайда жашаган уйгурлардын (алардын саны 1967-жылдагы маалымат боюнча 4–5 *млн*го жеткен) эң жакын туугандары (ближайшие сородичи[3]). Сары уйгурлардын («сарыг югур») саны 10 миңге жакын.

---

[1] *К.Г.Менгес.* Аталган эмгекте, 98-б.

[2] **Волость** *ж. ист.* болуш (уезддин бир бөлүгү болуп эсептелген эски административдик-территориялык бөлүнүш). Р-НС., 1987, 92-б.; **Волость** *ж* волость, болуш. Орусча-кыргызча сөздүк, А–И, 2012, 247-б.

[3] **Сородич** *м. уст.* **1.** (*родственник*) тууган туушкан, жек жаат; 2. жердеш, элдеш, бир эл, бир уруу, бир улут. Орусча-кыргызча сөздүк. С–Я, 2012, 196-б.

Ал эми мурунку СССРдин территориясында жана Синьцзянда жашаган уйгурлар өздөрүн сары уйгурлар деп аташпастан, уйгурлар деп гана аташат. С.Е.Малов: «Они (*уйгурлар – Г.Ж.*) исторически очень отошли к настоящему времени и отличаются от своих сородичей живущих далеко на восток, за Великой Китайской стеной, желтых уйгуров»[1], – дейт.

Сары уйгурлар менен уйгурлар географиялык жайгашуусу жагынан гана эмес, дини жана тили боюнча да бири-биринен айырмаланып турушат.

Мисалы, сары уйгурлар – буддизм дининде (шаманизмди да карманышат). Алар – түрк элдеринин ичинде буддизмди карманган жалгыз эл, алардын ислам жөнүндө маалыматы да жок болушу керек. С.Е.Маловдун маалыматы боюнча (5-б.) кытай жана тангут-тибет тилдеринде сүйлөгөн элдердин арасында жашаган сары уйгурлардын тили өзүнүн мурунку (эски) белгилерин сактап калган.

Ал эми уйгурлар ислам динин тутунушат. Уйгур тили абдан чоң аймакта жашаган элдин тили болуу менен бирге ич ара сүрүлүп-жешилип, кылымдар бою ар түрдүү таасирлерге туш болгон, өзгөчө уйгурлардан батышта жашаган түрк тилдеринин таасири күчтүү болгон. Натыйжада, бул тил сары уйгурлардын тилинен абдан эле айырмаланып калган. Ал түгүл сары уйгурлардын тилин Кытайга келген Синьцзяндагы уйгурлардын тили менен салыштырууга да мүмкүн болбой калган.

## Сары уйгурлардын тили жана анын изилдениши

**Сары уйгурлардын тилинин изилдениши.** Сары уйгурлар жөнүндөгү эң алгачкы учкай кабарлар Н.Потанин жана Г.Маннергеймдин макалаларында (заметки) кездешет. В.В.Радлов байыркы уйгур тилинин фонетикалык структурасы боюнча «алтай» гипотезасын сунуштагандыгы белгилүү жана бул гипотезанын чындык экендигин далилдөө үчүн ал сары уйгурлардын түрк тилине кызыккан.

---

[1] *С.Е.Малов*. Язык желтых уйгуров. Тексты и переводы. – М., 967, 5-б.

XIX кылымдын 90-жылдарында В.В.Радлов жетектеген Орто жана Чыгыш Азияны изилдөө боюнча Орус комитети (Русский комитет по изучению Средней и Восточной Азии) ошол кездеги жаш окумуштуу түрколог С.Е.Маловду сары уйгурлардын тилин жана маданиятын изилдөө үчүн, ошондой эле Синьцзяндагы жаңы уйгурлардын жана саларлардын тилин изилдөөгө Кытайга иш сапарга жөнөткөн. С.Е.Малов экспедицияда эки жыл жүргөн. В.В.Радлов 1913-жылы С.Е.Маловду Кытайга экинчи жолу дагы эки жылга жиберген. С.Е.Малов сары уйгурлардан көптөгөн тексттерди жазып келген. Тексттердин жарыкка чыгышы менен сары уйгурлардын тилин изилдөөгө кеңири жол ачылган.

**С.Е.Малов – сары уйгурлардын тилин изилдөөчү.** С.Е.Малов сары уйгурлардын тилин биринчи болуп изилдөөчүлөрдөн. Сары уйгурлардын арасында С.Е.Малов бир жылдан ашык жашаган. Алардын түрк тилдүү бөлүгүнөн («сарыг югур» – С.Е.Малов) окумуштуу эң көп лингвистикалык жана фольклордук материал жыйнаган. Натыйжада, «Сары уйгурлардын тили» деген эки китеп жазган. Анын бири – сөздүк жана грамматика, экинчиси – тексттер жана котормолор.

**Э.Р.Тенишев – кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тилин изилдөөчү.** Кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тилинин андан ары изилденишине Э.Р.Тенишев чоң салым кошту. Анын «Сары уйгурлардын тили», «Фуюй кыргыздарынын тили», «Байыркы кыргыз тили» деген эмгектери[1] жарык көрдү. Бул илимий изилдөөлөр байыркы кыргыз элдик сүйлөшүү тили тууралуу материалдарды илимий жактан бир топ байытты.

**Сары уйгурлар жана алардын тили.** Убакыттын өтүшү менен түрк тилдүү сары уйгурлардын чектери кыскара баштаган. Бул тууралуу Е.Р.Тенишев: «С течением времени границы тюркского языка у желтых уйгуров сильно сузились. Теперь лишь часть народа, называющая себя сарыг югур (т.е. желтый

---

[1] *Э.Р.Тенишев.* Сарыг-югурский язык. Китепте: Тюркские языки. – Б., 1997, 345-б.; Фуюйских кыргызов язык. Китепте: Тюркские языки. – Б., 1997, 455-б.; *Э.Р.Тенишев.* Древнекыргызский язык. – Б., 1997.

уйгур), сохранила свой тюркский язык. Другая часть – шира югур (желтый уйгур) – говорит по-монгольски. Третья группа (шира югур) объясняется между собой по-тибетски. И, наконец, четвертая группа югу(р) (уйгур) пользуется китайским языком»[1], – дейт. Түздүктө жашагандарын *ойлыг* (ойлуктар), тоодо жашагандарын – таглыг (тоолуктар) дешкен.

Э.Р.Тенишевдин маалыматы боюнча 1954-жылдын февралында (борбору – Сунань шаары, КЭР, Ганьсу провинциясы) сары уйгурларды (юйгу) бириктирген автономдуу уезд түзүлгөн. Алардын мамлекеттик тили – кытай тили болуп эсептелет.

Түрк тилдүү сары уйгурлар түрк тилдеринин түндүк-чыгыш тобуна кирет, бул топко хакас жана шор тилдери да кирери маалым.

## Кыргыздардын байыркы элдик оозеки тили – *z*-тили. Сары уйгурлардын тили – *z*-тили.

Сары уйгурлардын тили тууралуу С.Е.Малов мындай деген: «...язык желтых уйгуров трудно считать уйгурским, поскольку мы знаем и разговорный уйгурский язык (Синьцзяна) и письменный (обширной, главным образом буддийской, литературы), а он представляет из себя или окиргизившийся в давнее время (какой-то) уйгурский язык, или совсем другой язык»[2].

С.Е.Маловдун изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы – сары уйгурлардын тилинин кыргыздашып кеткендигин далилдеген.

VII–VIII кылымдарда сары уйгурлардын тили диалектилик өзгөчөлүгү менен байыркы уйгур тили сыяктуу эле *d*-тили (*adaq* – '*нога*', *qod* – '*положить*') болгон. **VIII–IX кылымдарда кыргыздар менен сары уйгурлардын карым-катышта болушунун натыйжасында *d*-тили *z*-тилине өткөн.**

---

[1] *Э.Р.Тенишев. С.Е.Малов* – исследователь современных тюркских языков. Китепте: С.Е.Малов. Язык желтых уйгуров. – М., Изд-во «Наука», 1967, 3-б.

[2] *С.Е.Малов.* Язык желтых уйгуров. Словарь и грамматика, 7-б.

[3] *С.Е.Малов.* Язык желтых уйгуров. 32-б.

Ошентип, сары уйгурлардын тили кыргыздардын тилинин таасири менен *z* белгисине ээ болуп, ошондон улам азыркы *z* группасындагы тилдерге (маселен, хакас, шор, чулым түрк жана фуюй кыргыздарынын тилине) өтө эле жакын болуп калган.

С.Е.Малов сары-уйгурлардын тилин иликтөө менен анын төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт: «Наличие *з* в середине имен и в конце глагольных основ, систему сильных с придыханием и слабых смычных и аффрикат, старую систему числительных от 11 до 29, двойное склонение имен и безличное спряжение глаголов»[1].

Ошентип, сары-уйгурлар байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү z-тилин өздөштүрүшкөн жана жана ушул тилде сүйлөшкөн. Байыркы кыргыз элдик сүйлөшүү тили (з-тили) сары уйгурлардын тилинде сакталып калган.

Сары уйгурлардын жазуусу жана адабий тили жок. Ошондой эле жазма эстеликтери да жок. Булардын жашаган жерлеринде уйгур эстеликтери табылган, алар уйгур тилинде жазылган.

Сары уйгурлардын мамлекеттик тили – кытай тили. Иш кагаздары да кытай тилинде. Сары уйгурлар өз тилдеринен башка дагы кытай, монгол, тибет тилдерин билишет.

Сары уйгурлардын тилинде диалектилик айырмачылыктар жок, тоолук (*таглыг* – тоолуктар) жана ойлук (*ойлыг* – түздүктө жашагандары) элдерге мүнөздүү айрым өзгөчөлүктөр фонетика менен лексикада гана кездешет.

## Кыргыздардын адабий тили (*d*-тили) жана элдик сүйлөшүү тили (*z*-тили)

Байыркы кыргыздардын адабий тили (т.а., ритуалдык тили) (VIII–XII кк.) Енисей суусунун жээгинен табылган рун жазуулары боюнча белгилүү. Булар классификациялык белгиси боюнча *d*-тили (*adak̓* 'нога', *k̓od* 'положить'). Бул адабий

[1] *Э.Р.Тенишев.* Строй сарыг-югурского языка. –М., 1976; *С.Е.Малов.* Язык желтых уйгуров: словарь и грамматика. – Алма-Ата, 1957.

тил дайым эле элдик сүйлөшүү (диалектилик типтеги) тилине окшош болгон эмес.

Э.Р.Тенишев: «Теория литературных языков утверждает, что литературный язык не всегда тождествен народно-разговорному (диалектного типа): он может быть языком той же системы, что и разговорный, но не близкого родства или же языком совершенно другой системы» (5-б.), – дейт.

Байыркы кыргыздардын адабий тили жана элдик оозеки тили бири бирине дал келген эмес, алар бири бирине алыскы тектеш позицияда турган, т.а., адабий тили – *d*-тили (*adaҡ* 'нога', *ҡod* 'положить'), ал эми элдик сүйлөшүү тили *з*-тили[1] (*азаҡ* 'нога', *ҡоз* 'положить') болгон.

Бирок байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү тили тууралуу тарыхый маалыматтар сакталган эмес. Жогоруда айтылгандай, байыркы кыргыз элдик оозеки тили (*з*-тили) сары уйгурлардын тилинде сакталып калган.

Э.Р.Тенишев енисейлик кыргыздар менен тянь-шандык кыргыздардын тилдери түрк тилдеринин бүлөсүндө алыскы тектештикте («дальнего родства») экендигин белгилеп, эгер алардын ордун басуучулук («преемственную связь») байланышын көрсөтүү керек болсо, анда алардын этностук байланышын да көрсөтүү керек дейт. Албетте, азыркы кыргыз (адабий жана диалектилик) тили белгилүү, бирок енисей кыргыздарынын тили жөнүндө муну айтууга болбойт, анткени алардын элдик (диалектилик типтеги) тили тарыхтын аренасынан этнос менен кошо жок болгон. Бир гана жол бар – аларды калыбына келтирүү керек»[2].

Кыргыздардын байыркы элдик оозеки тилин кантип калыбына келтирүүгө болот? Бул суроого окумуштуу Э.Р.Тенишев жооп издейт жана анын ачкычын табат.

Э.Р.Тенишев өзүнүн «Древнекыргызский язык» деген эмгегинде енисей кыргыздарынын диалектилик типтеги элдик тилин реконструкциялайт, анын жалпы структурасын жана анын азыркы мезгилге чейинки өзгөрүү жолун көрсөтөт. Ре-

---

[1] *С.Е.Маловдо z*-тили, Э.Р.Тенишевде *з*-тили деп берилгени сакталды.

[2] *Э.Р.Тенишев.* Древнекыргызский язык. – Б., 1997, 4-б.

конструкциялоонун негизги булагы катары Фуюй кыргыздарынын тили, кошумча булактары катары сары уйгурлардын тили, лобнор тили жана тектеш тилдер (хакас, шор, чулым) алынат.

### Кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тилин реконструкциялоо. Фуюй кыргыздарынын тили

Э.Р.Тенишев С.Е.Маловдун кыргыздардын элдик жана жазма тилинин байыркы мезгили тууралуу түркологдордун эч бири пикирин айта элек деген пикирин мисалга келтирип, бирок азыркы учурда мындай материалдар бар экендигин белгилейт. Ал: «Это, прежде всего, язык кыргызов провинции Фуюй (КНР), потомков древних кыргызов (переселившихся сюда с хакасского Алтая), вяляющийся основным источником для реконструкции» (1997, 5),– дейт. Буга кошумча материалдар, жогоруда белгиленгендей, байыркы кыргыздардын тилин өздөштүргөн сары уйгурлардын тили, тектеш хакас, шор, чулым түрктөрүнүн тили болуп эсептелет.

Э.Р.Тенишев тил илиминде азыркы мезгилде жок тилдерди реконструкциялоонун тажрыйбасы топтолуп калгандыгын, бул боюнча ишти эки багытта – тилдин айрым белгилерин калыбына келтирүүгө жана фонетикада бүтүн блокторду, морфологияда парадигматикалык катарларды реконструкциялоого, тактап айтканда, тилдин бардыгын («всего языка») реконструкциялоого болорун айтат.

Эгерде тарыхый булактар айрым гана реликтилик кубулуштарды сактаган болсо, анда тилдин айрым белгилерин калыбына келтирүүгө болот. Эгерде тарыхый булактар өзүндө бүт структураны (целые структуры) камтып турса, анда алардын жардамы менен «можно ... воссоздать и языковые фрагменты большей протяженности» (5-б.).

Азыркы учурда колдонулбаган байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү тилин Э.Тенишев ушул экинчи багытта реконструкциялайт.

Э.Р.Тенишев, С.Е.Маловдун илимий изилдөөлөрүн андан ары өркүндөтүп, сары уйгурлардын тили байыркы кыргыз

элдик сүйлөшүү тили сыяктуу *з*-тили экендигин, алар байыркы кыргыздардын тилин өздөштүрүшкөндүгүн белгилейт жана аларга тектеш тилдер катары хакастардын, шорлордун, чулым түрктөрүнүн тилдерин атайт (5).

Э.Р.Тенишев: «В настоящее время материала вполне достаточно, чтобы получить ясное представление о народно разговорном языке древних кыргызов, которые являлись господствующим этносом в своем государстве (VII–VIII вв.) и впоследствии вошли в состав ряда тюркоязычных народов: хакасов, тувинцев, кыргызов и др.», – дейт (6).

Окумуштуу жогоруда аталган эмгегинде байыркы кыргыз тилинин фонетикалык жана морфологиялык структурасынын негизги звенолорун калыбына келтирүүнү көздөгөн; байыркы кыргыз тилинин орто кылымдардагы кыргыз тилине өтүү процессин жана алардын азыркы кыргыз тили менен байланышын изилдөөнү максат кылган; тилдердеги маалыматтар аркылуу азыркы кыргыз этносунун түзүлүү процессинде негизги компонент катары байыркы кыргыз этносунун катышуу мүмкүнчүлүгү болгонбу деген суроого жооп издеген.

Изилдөөлөр төмөнкүдөй жыйынтыктарды берген (28):

1. Диалектилик типтеги байыркы кыргыз элдик сүйлөшүү тили – *з*-тили болгон, «и, таким образом, ближайшим родственным языку кыргызов Фуюй, а также сарыг-югурскому, хакасскому, шорскому и чулымско-тюркскому».

2. Азыркы кыргыз тилинин калыптанышында байыркы кыргыз тилинин катышы абдан чоң. Байыркы кыргыз этносу Тянь-Шань кыргыздарынын этностук курамына кирген жана анын тибин аныктаган.

Кыргыздардын диалектилик типтеги байыркы элдик сүйлөшүү тили (*з*-тили) сары уйгурлардын тилинде сакталган.

Кыргыз илимпоздорунун алдында байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү тилин изилдөөнү андан ары улантуу милдети турат.

## Байыркы кыргыз элдик сүйлөшүү тилине лобнор тилинин катышы

**Изилдөөчүлөр лобнор тили жөнүндө.** С.Е.Малов лобнор тилин изилдеген. Окумуштуунун лобнор тили боюнча макалалары 1927-жылдан баштап жарыялана баштаган[1]. Ал эми анын «Лобнорский язык»[2] деген эмгеги 1956-жылы жарык көргөн.

Лобнор тили тууралуу маалыматтар Н.М.Пржевальский, М.В.Певцов, Н.Ф.Катанов, археолог А.Штейн ж.б. эмгектеринде бар.

Лобнор тили түрк тилдериине кирет. Н.М.Пржевальский бул тууралуу мындай дейт: «Язык обитателей Лобнора и нижнего Тарима тот же тюркский, как и во всем Восточном Туркестане; отличается лишь значительною примесью монгольских слов.» Ал шилтемеде 11 сөздү мисалга келтирген. Н.М.Пржевальский ал сөздөрдүн акырындык менен колдонуудан чыгып, Чархалыкта жашаган хотан келгиндеринин сөздөрү менен алмашылып жаткандыгын айтат. Ал: «Со своей стороны могу заметить, что наш переводчик, родом таранчинец из Кульджи, свободно объяснялся как на Лобноре, так и в Хотане»[3], – дейт.

Н.М.Пржевальский лобнорлордун өз ара сүйлөшкөн тили бар экендигин, ал ошол эле түрк тилдерине киререрин, бирок ал бурмаланган тил экендигин белгилейт: «У лобнорцев есть свой собственный язык, которым они объясняются между собой и которого не понимал наш переводчик. Мы слышим, что этот язык тот же тюркский, но только исковерканный, как бывает искаженный русский говор у наших офеней» (313).

---

[1] *С.Е.Малов.* Изучение живых турецких (т.е.тюркских) наречий западного Китая. Издание АН СССР. – Л., стр. 318–322-бб.; С.Е.Малов. «Восточные записки». Издание Ленинградского Ин-та живых восточных языков, т.1, – Л., 163–172-бб.

[2] *С.Е.Малов.* Лобнорский язык. – Ф., 1956.

[3] *Н.М.Пржевальский.* Четвертое путешествие в Центральной Азии. От Кяхты… СПб, 1888, 313-б.

М.В.Певцов[1] монголдор менен карым-катыш (общение) лобнорлордун тилине таасирин тийгизгендигин, кийинкиге чейин эле алардын түрк наречиесинде таза жана бурмаланган (искаженный) көп монгол сөздөрү сакталып калгандыгын маалымдайт.

Казан университетинин профессору Н.Ф.Катанов[2] тили боюнча лобнорлор Аксу жана Турфандын жашоочулары окшош деген.

Ал эми археолог А.Штейндин маалыматы боюнча лобнор диалектиси өзүнүн архаикалык сөздүк материалы менен Яркенд жана Хотандан коштоп келген адамдарга кээде түшүнүксүз болгон.

**С.Е.Малов лобнор жана кыргыз тили жөнүндө.** С.Е.Малов 1914-жылдын жай жана күз айларында Орто жана Чыгыш Азияны изилдөө боюнча Орус комитети тарабынан Батыш Кытайга жиберилген жана ал жакта Чархалык, Миран деген жерлерде жашаган.

С.Е.Малов лобнор тилинде сүйлөгөндөр (түндүк бөлүгү) азыр уйгур тилинде сүйлөшөрүн, б.а., алар уйгурлашып кетишкендигин маалымдайт. Ал: «В Китайском Туркестане лобнорский язык теперь скорее язык, а не наречие»[3], – дейт.

---

[1] *М.П.Певцов.* Труды Тибетской экспедиции. 1889–1890 гг., СПб, 1895 г., ч.1, ст. 311, 328–329.

[2] *Н.Ф.Катанов.* Среди тюркских племен. См. «Известия Географического общества». СПб, 1893, т. XXIX, стр. 529.

[3] Бирок кийинчерээк С.Е.Маловдун пикиринде, жалпы уйгур тили менен жакындашып, мүмкүн «вполне сделается его наречием». Анткени лобнорлордун мурун камыш үйлөрдө жашаган, өрдөк терисин («утиные шкуры») кийген мезгили өтүп кетти. Азыр алар саман топон аралашкан ылайдан согуп жасалган (глинобитные) үйлөрдө турушат, камыштан адам жашабаган тамдарды, үйдүн кире беришин курушат. Андан тышкары түндүктөн – Турфандан жана батыштан – Хотандан көчүп келгендер көп. Мына ушулардын бардыгынан «скорее всего и лобнорский язык превратится в силу мирных, культурных условий жизни в наречие уйгурского языка. И лобнорскому языку придется стать в подчиненное положение, как диалекту, как низшей форме, к общему уйгурскому языку», – дейт. Караңыз: С.Е.Малов. Лобнорский язык. 3-б. Албетте, С.Е.Маловдун бул божомолу иш жүзүндө азыр кандай абалда – бул илимий изилдөөлөрдү талап кылган маселе.

С.Е.Малов лобнор тилине изилдөө жүргүзгөн жана мындай жыйынтыкка келген: «Предваряя свои краткие доказательства, могу сообщить, что я считаю **лобнорский (географически) язык за киргизский (этнически)»[1].**

Окумуштуу лобнор тилинде сөздүн алдына келүүчү «j» бар экендигин айтып, «имеется этот звук (диалекты) и в современном киргизском языке. В тех местах, где могли кочевать или жить киргизы в древнее время, я могу указать, что этот звук «j» имеется теперь у тофаларов (карагасов)»[2].

**Лобнор тили жана сары уйгурлардын тили. Алардын кыргыз тилине катышы.** Лобнор тилинде сары уйгурлардын тили менен айрым жалпы белгилер бар. Ошону менен катар эле С.Е.Малов: «Эти языки разные, даже очень; в настоящее время и культура носителей этих языков тоже разная: лобнорцы – мусульмане, а желтые уйгуры – буддисты» (5-б.), – дейт.

Окумуштуунун ою боюнча мына ушунун өзү алардын лексикасына өзүнүн өзгөчөлүктөрүн киргизген. Мисалы, лобнор тилинде араб, перс сөздөрү көп болсо, сары уйгурларда диний мүнөздөгү тибет, ошондой эле кытай, монгол сөздөрү басымдуулук кылат. Сары уйгурлар буддизм792 дининде болгондуктан, будда-тибет терминдери алардын сөздөрүнө жана турмушуна кирип, туруктуу орун алган.

Ал эми кыргыздарда кандай болгон?

Е.С.Малов кыргыздар эч качан буддисттер болушкан эмес дейт: «...и их быт и словарь не был так прочно проникнут индифферентным шаманизмом, он (шаманизм) не прослаивал их быта. Киргизам легко было принять поэтому, думаю, мусульманство и арабские, персидские элементы в свой язык, не поступаясь никакими своими религиозными убеждениями, кото-

---

[1] *С.Е.Малов.* Лобнорский язык. Тексты, переводы, словарь. Изд. АН. Кирг. ССР. – Ф., 1956, 4-б.

[2] *С.Е.Малов.* Аталган эмгекте, 5-б.; В.В.Радловдун «Образцы народной литературы тюркских племен» деген эмгегинин IX томунда жана Н.Ф.Катановдо «jазан, jазар (622-б): jiбас (623-б); ОИУда: кызыл (кызылский диалект) «jас – молодой», «jар – земля» (46-б); «Хакасча-орусча» сөздүктө (Н.А.Баскаков жана А.Н.Инкижекова-Грекул: «йахсы-хорошо», «йабал-плохой» кызылск. (365-б.).

рых, повторяю, у них почти не было. Но все же есть сильные общие черты – морфологические и фонетические» (4–5-бб.).

Э.Р.Тенишев С.Е.Маловдун «Сары уйгур тили» жана «Лобнор тили» деген эмгектериндеги жыйынтыктарына, чогулткан материалдарына таянып, сары уйгур жана лобнор тилдери кыргыздардын байыркы тилинин хронологиялык жактан эки башка абалын чагылдырып турат дейт. Э.Р.Тенишев мындай деген: «Заслуживает внимания и поддержки и другое соображение С.Е.Малова – **взгляд на языки сарыг-югуров и лобнорцев как на два хронологически разных состояния древнекиргизского языка** (*белгилеген – Г.Ж.*). Материалы по языку кыргызов уезда Фуюй (КНР) подкрепляют вероятность такого предположения»[1].

Ошентип, сары уйгур тили менен лобнор тили кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тилинин хронологиялык жактан ар башка абалын көрсөтүп турат.

**Кыргыздар жана уйгурлар.** С.Е.Малов байыркы мезгилдерде Борбордук Азиянын талааларында кыргыздар уйгурлар менен ирегелеш жашап келишкендигин айтып, «и имели большое значение два тюркских народа: уйгуры и кыргызы. И теперь эти народы не утратили своего прежнего значения»,– дейт.

Ошентип, кыргыздар жана уйгурлар эзелтеден бери коңшу жашашкан, ошондуктан алардын тилдери да окшош болгон. Бул тууралуу С.Е.Малов мындай дейт: «Естественно допустить, да и факты показывают, что проживая вместе, языки их были, конечно, – иначе и не могло быть, – очень сходны» (5).

Окумуштуу: «Оба эти две языка имеют порядочное количество древних памятников письма», – дейт. Кыргыз эстеликтери V–IX кк. байыркы түрк рун алфавити менен жана байыркы жалпы түрктүк «китептик» тилде (диалектилик өзгөчөлүктөрү менен) жазылса, ал эми уйгур эстеликтери V–XV кылымдарда уйгур жана рун алфавити менен жазылган (5).

---

[1] *Э.Р.Тенишев.* С.Е.Малов – исследователь современных тюркских языков. Китепте: «Тюркологический сборник». – М.: «Наука», 1975. 39-б.

С.Е.Малов лобнор тилин Кытай Түркстандагы уйгур мусулмандарынын уйгур тилине кошуу кыйын дейт. Бул жерде алардын лексикасында гана жалпылык бар.

Лобнорлордун араб жана перс сөздөрү бар бай лексикасы С.Е.Маловду таң калтырган. Уйгур мусулмандардын жалпы массасынан алар жаратылыш аркылуу (саздар, суулар, кумдар ж.б.) тосулуп турса да, лобнорлордун лексикасы араб жана перс сөзөрүнө абдан бай болгон.

Эмне үчүн мындай деген суроо келип чыгат.

С.Е.Маловдун божомолу боюнча лобнорлор бул жакка 300–400 жыл мурда келишкен. Алар кандай жолду басып өтүшкөн? Айрым фактылар алар Кытай Түркстанды кыдырып тентиреп жүрүшкөндүгүн, Турфан жана Хаминин жанында да болушкандыгын маалымдайт.

**Хотандар кыргызбы?** Турфандын жана Хаминин түндүк жагында, Монголиянын түндүк-батыш жагында (1911-жылдын маалыматы боюнча) түрк элдериин бири – хотандар жашаган. **С.Е.Малов: «Можно думать, что хотаны – это киргизы»** (*белгилеген – Г.Ж.*), – дейт.

Хотан тилин В.Я.Владимирцев жана А.Н.Самойлович изилдешкен. Окумуштуулардын божомолдору боюнча хотан тили жана хотандардын өздөрү ар түрдүү түрк уруулардан куралган «с преобладанием восточно-туркестанского, узбекского и **киргизского** (*белгилеген – Г.Ж.*) элементов» (ЗВО, XXIII, 1916 г., 273-б., 280-б.).

С.Е.Малов бул тууралуу мындай дейт: «хотан, лобнор жана кыргыз тилдеринин тарыхын түшүнүүгө жана ал боюнча жыйынтык чыгарууга ал убакта такыр жарыяланбаган сары уйгурлардын жана лобнорлордун тили жардам берди» (5).

Ал: «Ученые часто обратили внимание как раз на то, что нужно и мне. **Киргизский язык был для них с начальными «j» в ряде слов** (*белгилеген – Г.Ж.*), тогда как он (киргизский язык) тогда был языком «ж», – дейт.

Ошентип, С.Е.Малов кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тилин изилдеген. Э.Р.Тенишев ал изилдөөлөрдү өркүндөткөн. Кыргыз түркологдору кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тилин изилдөөнү андан ары улантууга тийиш.

## Лобнор тили – кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тили

С.Е.Маловдун оюу боюнча сары уйгурлардын жана лобнорлордун тилин бириктирүүгө болот «приняв во внимание многие внешние условия этих народов, которые наложили на их язык свои черты. Это два древних языка, а **язык лобнорский есть древний разговорный язык древних киргизов»** (*белгилеген – Г.Ж.*) (5-б.).

Кыргыздар Монголиядан батышка четтөө менен өздөрүнүн тилине «ж»ны (өздөштүрүп) кабыл алышкан. С.Е.Малов кыргыздар «восприняли в свой язык, я думаю, «ж» в ряде слов, но все же много они (*кыргыздар – Г.Ж.*) не могли изменить свой язык, так как их (т.е. киргизов) было довольно много, и они жили достаточно компактно, начиная от Карашара по горам Юлдуз и по Памиру, и Алтаю, и в современной Киргизии» (5-б.).

Ошентип, окумуштуу С.Е.Малов **лобнор тилин байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү тили** (*белгилеген – Г.Ж.*) дейт. Бул – кыргыз элинин тарыхын жана тилин изилдөө үчүн баалуу маалымат. Мындай фактылар кыргыздардын байыркы тилин изилдөөгө жол ачат. Демек, кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тилин сары уйгурлардын тили, лобнор тили аркылуу изилдеп, реконструкциялоого толугу менен болот. Ошондой болсо дагы кыргыздардын байыркы тилин реконструкциялоонун эң башкы булагы Фуюй кыргыздарынын тили болуп эсептелет.

## Фуюй кыргыздары. Фуюй кыргыздарынын сүйлөшүү тили – z-тили

**Фуюй кыргыздары тууралуу.** Фуюй кыргыздарынын тили *z* группасына кирет жана ушул группадагы хакас, шор, чулым түрк, сары уйгур тилдери тилдери менен тыгыз байланыштуу. Ал хакас тилинин качын (качин) диалектисине жана Алтай жергесиндеги качын говоруна өтө жакын[1].

[1] *Э.Тенишев.* Фуюйских кыргызов язык. Китепте: Тюркские языки.– Б., 456-б.

Э.Р.Тенишев фуюй кыргыздарынын тили менен качындыктардын (качинцев) тилинин жакындыгы этногенетикалык себептер менен байланыштуу дейт: XVI–XVII кылымдын аягында енисейлик кыргыздар (азыркы Хакасиянын территориясында) угор, самоед (среди угорских, самоедских племен) жана түрк тилдүү уруулардын ичинде үстөмдүк кылуучу уруу болгон (Б.О.Долгих). Бул фактыны жана фуюй кыргыздарынын санжырасы (предание) салыштыруудан улам, Э.Тенишев **фуюй кыргыздары – Енисей кыргыздарынын калдыктары** (осколок енисейских кыргызов) (*белгилеген – Г.Ж.*) деген жыйынтыкка келет.

Санжырада айтылгандай, алардын кыргыздардын негизги калкынан бөлүнүп чыгышы XII кылымдын экинчи жарымында болуп өткөн.

Е.Р.Тенишев санжырада фуюй кыргыздарынын байыркы ата-мекени (прародинасы) катары аталган Алтай топонимин «следует отождествлять не с Алтайским краем, а с местностью Алтай, населенной качинцами и койбалами, на крайнем востоке Хакасской автономной области, юге-восточнее Абакана. На основании высказанного выше предположения о происхождении фуюйских кыргызов можно судить о языке енисейских кыргызов XVI–XVII вв. по языку их потомков – кыргызов уезда Фуюй. Это был *z*-язык»(456), – дейт.

**Фуюй кыргыздарынын сүйлөшүү тили – *z*-тили.** Демек, фуюй кыргыздарынын тили (*z*-тили), XVI–XVII кылымдардагы енисей кыргыздарынын тилин билдирет. Бул мезгилдеги енисейлик кыргыздар сүйлөгөн тил IX–XI кылымдардагы кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тилинен келип чыккан. Э.Тенишевдин пикири боюнча, «кыргызская народная языковая традиция в течение трех-четырех веков до монгольского завоевания не прерывалась» (456).

Ошентип, байыркы кыргыздардын тили енисей кыргыздарынын тили сыяктуу эле z-тили («*z* – языком с джеканием в начале слова (*azaq* 'нога', *qoz*- 'положить', ʒol- 'дорога' – Э.Т.) болгон.

Ал эми байыркы кыргыздардын жазма тили Енисей жээгинен жана ага жанаша жайгашкан территориядан табылган

эстеликтердеги рун жазмалары аркылуу белгилүү болгон. Кыргыздар d-тилин (*adaq* 'нога', *qod-* 'положить') белгилүү бир деңгээлде архаикалык форма катары түшүнүшкөн жана эпитафияларда салтанаттуулук үчүн (для торжественности) пайдаланышкан. Ал эми күндөлүк турмушта, оозеки пикир алышууда алар *z*-тилин колдонушкан (456).

Азыркы учурда байыркы кыргыздардын тукумдары деп эсептелген Фуюй (Кытай) провинциясындагы кыргыздардын тилинде байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү тили сакталган[1].

Фуюй кыргыздарынын тили сүйлөшүү формасында гана жашайт. Фуюй кыргыздарынын адабий тили жок, алар негизинен кытай тилин колдонушат. Фуюй тили окуу педагогикалык максатта колдонулбайт (456). Аларда элдик сүйлөшүү тили – *z*-тили колдонулат.

Байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү тилинин (*z*-тили) – фуюй кыргыздарынын сүйлөшүү тилинде ушул күнгө чейин сакталып калгандыгы – уникалдуу факт.

**Окумуштуулар Фуюй кыргыздары тууралуу.** Ылакап боюнча азыркы фуюй кыргыздарынын бабалары XVII кылымдын экинчи жарымында Алтайдан[2] Хинган тоолору аркылуу Кытайдын түндүгүндөгү Хэйлунцзян провинциясына келип жайгашкан.

С.М.Абрамзондун маалыматы боюнча фуюй кыргыздары император Цань Лундун тушунда (1736–1796-жж.), т.а., мындан эки жүз жыл мурун[3] Синьцзяндан көчүп келишкен. Э.Тенишевдин пикири боюнча бул кыргыздардын өз туугандары (*кыргыздар – Г.Ж.*) тарабынан ээленип калган жерлерге кеч көчүү толкуну эле.

XIII кылымдын аягында император Хубилай кыргыз урууларын Енисей-Иртыш эки дарыя аралыгындагы жерден (дарыя-аралык) түндүк-чыгыш Кытайдын батыш райондоруна

---

[1] *Э.Р.Тенишев.* О языке кыргызов уезда Фуюй (КНР). – Вопросы языкознания. 1966. № 7, 88–95-бб.

[2] Алтай-Чыгыш Хакас автономдуу областында, Абакандан түштүк чыгышыраакта качындар, койбалдар жашаган жер.

[3] Автордо «мындан эки жүз жыл мурун» деп жазганы сакталды.

жана Цицикаранын жанындагы жерлерге көчүргөнүн кытай булактары маалымдайт[1].

Азыр кыргыздар жашаган Фуюй уезди Кытайдын түндүкчыгыш бөлүгүндөгү Хэйлунцзян провинциясында жайгашкан.

Ошондой эле кыргыздар Фуюй уездине жакын Хайларда кездешет. Алар кытай, монгол, дагурлар менен жанаша жашашат. Фуюй кыргыз тили *z*-группада болгондуктан, ушул группадагы хакас, чулым түрк, сары уйгур тилдери менен тыгыз байланышта.

### Кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тили (*z*-тили) – Фуюй кыргыздарынын тилине (*z*-тили) жакынкы тектеш тил

Э.Тенишев «Древнекыргызский язык» деген эмгегинде байыркы кыргыз тилин реконструкциялайт. Фонетикалык, морфологиялык жактан байыркы кыргыз тилин фуюй кыргыздарынын тилине, сары уйгурлардын (сары-йогурлардын), хакас, шор тилдерине салыштырып изилдеп, төмөнкүдөй жыйынтыкка келет:

**Байыркы диалектилик типтеги кыргыз элдик сүйлөшүү *z*-тили болгон, ошондой эле фуюй кыргыздарынын, сары уйгурлардын, хакас, шор, чулым-түрктөрүнүн тилине жакынкы тектеш тил** (*белгилеген – Г.Ж.*).

Ошентип, жогорудагы фактылар кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тилинин азыркы мезгилге чейин фуюй кыргыздарынын тилинде сакталып калгандыгын айгинелейт.

## БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ӨНҮГҮҮ ЭТАПТАРЫ

**Түрк тилдеринин өнүгүү этаптары.** Мурунку бөлүмдөрдө айтылгандай, Н.А.Баскаков бардык түрк тилдеринин өнүгүшүндөгү төмөнкүдөй негизги доорлорду белгилейт:[2] 1) Алтай доору (б.з.ч. III к. чейин); хунн доору (б.з. чейин V к чейин);

---

[1] *К.Т. Менгес.* Аталган эмгекте, 455-б.

[2] *Н.А.Баскаков.* Тюркские языки. – М., Изд. Восточной литературы, 1960, 28-б.

байыркы түрк доору (б.з. X к. чейин); орто түрк доору (X–XV кк. – түрк элдеринин калыптануу доору); 5) XV–XIX кк. жаңы түрк доору (түрк элдеринин улут катары түзүлүү жана калыптануу доору); 6) эң соңку жаңы доор (новейшяя эпоха) (XX к.).

Н.А.Баскаковдун түрк тилдеринин жогоркудай классификациясынын ичинде кыргыз тилинин тарыхынын орду кандай?

**Кыргыз тилинин тарыхый өнүгүү этаптары.** Е.Р.Тенишев кыргыз тилинин тарыхын үч мезгилге бөлгөн:[1]

1. Енисей-Иртыш (VIII–XII кк.) – байыркы мезгил.
2. Алтайлык (XIII–XIV кк.) – орто мезгил.
3. Тянь-Шандык (XV–XVI) – жаңы мезгил.

Көрүнүп тургандай, бул классификацияда кыргыздардын тилинин тарыхы VIII кылымдан башталат.

**1. Енисей-Иртыш (VIII–XII кк.) мезгилинин**[2] аягында, XI–XII кылымдарда кыргыз тили кыпчак урууларынын тили менен аралашат. Э.Р.Тенишев: «XI кылымдын ортосунда, кыргыздар Монголиядагы Уйгур каганатын багынткандан кийин, кыргыздардын кыргыздардын *z*-тили уйгурлардын *d*-тилине таасирин тийгизет», – дейт (456). Натыйжада, кыргыздардын *z*-тили менен аралашкан уйгурлардын бир бөлүгү Түндүк Кытайдагы Ганьсу провинциясына көчүп келишет. Бул жерде кытай, монгол тилдери менен тыгыз байланышта өнүгүп, уйгур тили азыркы сары уйгурлардын (сары йогурлардын) тилине трансформацияланат.

Кыргыз тилинин бир катар түрк тилдерине да күчтүү таасир тийгизгендиги тууралуу Э.Тенишев мындай деп айткан: «Хакас-Минусинск жергесиндеги кыргыздар угор, самодий, кет, түрк урууларына кезигишкен, **алардын ичинде кыргыз тили үстөмдүк кылган** (*белгилеген – Г.Ж.*) (456).

Албетте, кыргыз тили бул тилдердин да айрым белгилерин өзүнө сиңирген. Мындай тилдик чөйрө азыркы хакас, шор, чулым түрк тилдерине негиз болуп берген.

---

[1] *Э.Р.Тенишев.* Древнекыргызский язык.– Б., «Кыргызстан», 1997, 28-б.

[2] *Э.Р.Тенишев* «Фуюйский кыргызов язык» деген макаласында бул доорду «енисейско-монгольский VII–XII» деп берет (456).

**2. Алтай (XIII–XIVкк.) мезгилинде** монголдордун жапырыгынан улам кыргыздардын айрым бөлүгү Алтай жергесинин (Алтайский край) түштүк райондоруна көчүп барышкан. Ошентип, кыргыз тили алтай урууларынын (түштүк диалектисинин) тилинин тагдырына ортоктош болду. Бул мезгилде да кыпчак тили менен болгон байланыш уланды. Акырындык менен кыргыз тили батыштын типтүү j-тилинин (*ajaq* 'нога', *qoj* – 'положить') облигин кабыл алды. Ушул мезгилде азыркы алтай жана кыргыз тилин жакындаткан белгилер, ошондой эле ар бирине мүнөздүү өзгөчөлүктөр пайда болду[1].

Байыркы кыргыздардын тилинин өзгөрүшүндө лабиализация[2] процесси маанилүү роль ойногон жана бул процесс негизинен Алтайда болуп өткөн. Байыркы кыргыз тилинин азыркы кыргыз тилине айланышында орто Алтай мезгили негизги роль ойногон деп эсептейт Е.Р.Тенишев. Алтай доорундагы кыргыз тилинин тарыхын изилдөө милдети али алдыда турат.

Э.Р.Тенишевдин белгилөөсү боюнча ушул мезгилде (*Алтай мезгилинде – Г.Ж.*) кыргыздардын жана азыркы лобнорлордун (Алтайда же Монголияда) бабаларынын тилдик биримдиги пайда болгон. Бирок, бул биримдик лобнорлор түндүк Синьцзян райондоруна жана Лобнор көлүнүн жээктерине көчүп кеткенден кийин таркап жок болгон.

**3. Тянь-Шань (XV–XVI кк.) мезгилинде** кыргыздар Тянь-Шань тоолоруна көчүп барышкан. Жергиликтүү тилдик элементтер менен болгон ассимиляциядан улам азыркы кыргыз тили (диалектилери жана говорлору менен кошо) түзүлгөн[3].

Э.Тенишев **байыркы кыргыздардын тили азыркы кыргыз тилинин калыптанышына катышты жана чоң үлүш кошту, байыркы кыргыз этносу Тянь-Шань кыргыздарынын этностук составына кирип, анын тибин аныктады**[4] (*белгилеген – Г.Ж.*) деп эсептейт.

Бирок, биздин оюбузча, кыргыз тилинин тарыхы жогоруда аталган мезгилден алда канча мурун башталган.

---

[1] *Э.Р.Тенишев.* Аталган эмгекте, 457-б.

[2] **Лабиализация** *ж лингв.* эриндештирүү (айрым тыбыштарды эки эринди чормойтуп, алга карай жүткүнтүп айтуу). Караңыз: Орусча-кыргызча сөздүк. К–О, 2012, 170-б.

[3] *Э.Р.Тенишев.* Аталган эмгекте, 457-б.

[4] *Э.Р.Тенишев.* Древнекыргызский язык. – Б., «Кыргызстан», 1997, 28-б.

### Кыргыз тилинин тарыхын жана өнүгүү этаптарын кайрадан карап чыгуунун зарылдыгы

Мурунку бөлүмдөрдө айтылгандай, **енисей жазууларынын алгачкы үлгүлөрү енисейлик кыргыздарга таандык жана тарыхый даректүү маалыматтар боюнча бул жазуулардын алгачкы мезгили V кылымга тиешелүү.** Бирок, кыргыздардын алгачкы жазуулары V кылымга таандык болсо, анын түзүлүү жана калыптануу мезгили андан да мурунку мезгилдерди камтыйт.

Жогорудагы кыргыз тилинин тарыхы боюнча бөлүштүрүлгөн доорлордо кыргыз жазууларынын түпкү булагы болгон кыргыз тамгалары, кыргыз петроглифтери камтылган эмес. Анын үстүнө кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тили да атайы сөз козгой турган олуттуу маселе. Ошондуктан, биз жогорудагы кыргыз тилинин тарыхынын өнүгүү доорлорун кайрадан карап чыгуу зарыл деп эсептейбиз.

Маселен, биз жогорку аталган доорлорго 1. **Кыргыз жазуусунун алгачкы мезгили (байыркы доордон V к.чейин)** (*белгилеген – Г.Ж.*) деген пунктту киргизүүнү туура көрөбүз. Мына ушул пунктта енисей кыргыз рун жазууларына чейинки (V к.) кыргыз жазуулары (кыргыз тамгалары, кыргыз петроглифтери) каралышы керек.

## БАЙЫРКЫ ТҮРК ТИЛДЕРИНИН (БАЙЫРКЫ ОГУЗ, БАЙЫРКЫ УЙГУР, БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ) АЛТАЙ ТИЛИ МЕНЕН ОКШОШТУК БЕЛГИЛЕРИ

### Түрк доорунда *т/д – с/з* нын түрк тилдеринин ичинде *й* га алмашуусу

Эң байыркы *р* нын (хунн дооруна чейин мүнөздүү көрүнүш болгон, азыркы монгол тилинде жана азыркы түрк тилдеринин бири – чуваш тилинде сакталган), кийин *т/д – с/з* га дал келиши хунн доорунда өркүндөсө, ал эми кийин *т/д – с/з* нын түрк тилдеринин ичинде *й* га алмашуусу – байыркы түрк дооруна мүнөздүү көрүнүш. Мына ушул байыркы түрк доорунда

көпчүлүк түрк тилдеринде байыркы *т/д – с/з* (азыркы якут, тува, карагасс, хакас жана шор тилдеринде сакталган) акырындык менен й га алмашыла баштаган[1]. Алтай тилинде байыркы *т/д* – с/з >й га өтүшү кээ бир сөздүн уңгусунда жана негизинде гана сакталып калган.

Мисалы *с†з* 'слово' (алт. *с†с*) жана түрк. *с†#ле* 'говорить' 'рассказывать' (алт. *с†сто* 'сговорить'; 'сосватать')[2].

## Алтай, кыргыз жана огуз тилдериндеги үндүүлөрдүн (а – е, о – †, ы – и, у – ӱ) байыркы вокализм системасын сактап калышы

Түрк тилдеринин ичинен алтай, кыргыз жана огуз тилдери гана сегиз жуп үндүүдөн (из восьми парных гласных) турган (а – е, о – †, ы – и, у – ӱ) байыркы вокализм[3] системасын сактап калган.

Бир жагынан огуз тилдеринин ортосундагы, экинчи жагынан алтай жана кыргыз тилинин ортосундагы айырмачылык, окумуштуунун пикиринде: «...акыркылары (*кыргыз жана алтай тилдери – Г.Ж.*) чыгышта, чыгыш-түрк тилдеринин составында, ошондой эле монгол тилдеринин составында өнүгүү менен жаратылышы жана мүнөзү боюнча, сөзсүз, алтай тили жана **кыргыз тили** (белгилүү бир өлчөмдө хакас, тува жана якут тилдери) үчүн жалпы болгон ылайыктуу **кийинки созулма үндүүлөр системасына (вторичные долгие гласные) ээ болгон»**[4].

---

[1] *С.Е.Малов.* Памятники древнетюркской письменности. –М.– Л., 1951; *С.Е.Малов.* Древние и новые тюркские языки. ИЗД.АН.СССР, Отд.лит.и яз. XI, вып.2. – М.,1952.

[2] *Н.А.Баскаков.* Алтайский язык. Изд .АН, СССР. – М., 1958. 31-б. Мисалдар дал өзүндөй берилди.

[3] **Вокализм** *м линг.* Вокализм (үндүүлөр системасы). Орусча-кыргызча сөздүк. А–И. – Б., 2012, 245-б.

[4] *Н.А.Баскаков.* Аталган эмгекте, 31-б.

## Үнсүздөрдүн интервокалдык позицияда жумшаруусу

Чыгыш түрк тилдеринин, анын ичинде алтай тили да, байыркы түрк тилдери (байыркы уйгур, байыркы огуз, байыркы кыргыз тилдери) менен окшош. Бул үнсүздөрдүн интервокалдык[1] позицияда жумшаруусунан (озвончение[2]) көрүнөт.

Мисалы, орхон тилиндеги жазууларды салыштыруу: *т>д; kit@r~kid@r* 'уходящий', 'долженствуюший уйти'; *b#t#n~b#d#n* 'все'; жумшаруу (озвончение): с>з: болмазун 'да не будет'[3].

Бул мисалдарды Н.В.Баскаков А.В.Габаиндин «Эски түрк грамматикасынан» (Altt#rkische Grammatik. Leipig, 1941. s.54) жана Е.С.Маловдун «Байыркы түрк жазма эстеликтери» (Памятники древнетюркской письменности. – М.– Л., 1951, 48-б.) аттуу китебинен мисалга келтирет.

Мындай интервокалдык позицияда үнсүздөрдүн жумшаруу кубулушу алтай тилинде мындан башка каткалаң үнсүздөргө да мүнөздүү. Ал эми *т>д* жумшаруусу огуз группасына: азербайжан, түрк (турецкий), түркмөн (туркмен) тилдерине да мүнөздүү.

## Байыркы уйгур, байыркы огуз, байыркы кыргыз тилдери менен алтай тилиндеги лексикалык жана грамматикалык түзүлүштөрү боюнча жалпылыктар

Байыркы түрк (байыркы уйгур, байыркы огуз, байыркы кыргыз) тилдери менен алтай тилдеринде лексикалык жана грамматикалык түзүлүштөрү боюнча да жалпылыктар бар.

---

[1] **ИНТЕРВОКАЛЬНОЕ ПОЛОЖЕНИЕ** (лат. *inter* 'между', *vokalis* 'гласный' – положение согласного между двумя гласными: *город, дерево, ворота, горизонт.* Караңыз: В.Д.Стариченок. Большой лингвистический словарь. – Ростов-на Дону, «Феникс», 2008, 219-б.

[2] **ОЗВОНЧЕНИЕ СОГЛАСНЫХ** – переход глухих согласных в звонкие в позиции перед звонкими (кроме *[в]* и *[в']*: сдать – *[з]дать, просьба – про[з']ба, молотьба – моло[д']ба* ж.б. Караңыз: *В.Д.Стариченок.* Большой лингвистический словарь. «Феникс», 2008, 78-б.

[3] *Н.А.Баскаков.* Алтай тили. Изд.АН СССР. – М., 1958, 31-б.

Мисалы:

| Байыркы түрк тили | Алтай тили |
|---|---|
| *вiti* ‘писать’ | *бичи* -‘писать’ |
| *gut* -‘счастье’, ‘жизненная сила’ | *кут* -‘жизненная сила’ |
| *bičin*–‘обезьяна’ | мечин – ‘обезьяна’ ж.б. |

**Мындай көрүнүш сөз жасоодо да кездешет** (*белгилеген – Г.Ж.*). Мисалы: тутумдаш сан атоочтордо:

*s@kiz on* *сегизен* 'восемьдесять'
*toquz on* *тогузон* 'девяносто'

Мындай окшоштуктар **тактоочтордун өнүмдүү формасынын түзүлүшүндө** (*белгилеген – Г.Ж.*) (бай.түрк. ***-dačy, -tačy***) (алт. ***-ачы, -ечи***) **кездешет.**

Мисалы: байыркы түрк *bašladačy* 'начальствующий' (С.Е.Малов, 188), алт. *адачы* 'долженствующий стрелять'.

Н.А.Баскаков белгилегендей, байыркы түрк тилдери менен алтай тилинин окшоштуктары **сөз өзгөрүү системасында кездешет.** Мисалы:

k†z#n 'глазом',
*t†r#n* 'по обычаям', С.Е.Малов, 1930;
*gamar-un* 'сообща'; 'вместе' (С.Е.Малов, 196);

этиштин көптүк түрүнүн 1-жак мүчөсүндө *-мыз~ -мiз* (башка тилдерде *-дук~ -дӳк*). Мисалы:

байыркы түрк *віртiмiз* 'мы дали',
алт. *бис бардыбыз* 'мы пошли',
бай. түрк. *imdimiz* 'мы делали',
алт. *барарыбыс* 'мы может быть пойдем' ж.б. (32-33).

Байыркы түрк тилдери боюнча айрым мисалдарды Н.А.Баскаков С.Е.Маловдон алгандыгын эскертет[1].

---

[1] *С.Е.Малов.* Памятники древнетюркской письменности. –М.–Л., 1951.

## Алтай тили менен байыркы түрк тилдеринин окшоштук белгилери ырым-жырым терминологиясында, жылдардын жаныбарлар цикли менен аталышында

Алтай тили менен байыркы түрк тилдеринин окшоштук белгилери ырым-жырым терминологиясында, жылдардын жаныбарлар цикли менен аталышында да кездешет.

Жылдын аталышында он эки жаныбардын ичинен тогузу байыркы түрк тилдери жана алтай тилдери үчүн окшош.

Мисалы, sič̆γan ‖ *к#sк# – чычкан* *'год мыши'*
салыштыр: (*хакасча к#sк#*)
*ud – уй ‖ инек* *'год коровы'*
*вars – бар* *'год барса (тигра)'*
*loo<lung – уулу* *'год дракона'*
*yïlan – дьылан* *'год змеи'*
*qojyn – кой* *'год барана (овцы)'*
*bič̆in – мечин* *'год обезьяны'*
*taqïqu – такаа* *'год курицы'*
*it – ийт* *'год сабаки'*[1].

Байыркы түрк тилдери жана азыркы алтай тили үчүн балдарды коргоочу кудайдын аты (алт. *Май-эне*, орх. *Умай*,), жер жана суунун аттары (алт. *дьер-су, орх. йир-суб,*); асмандын (к†к-тенъри) ж.б. жалпы болуп саналат[2].

Бул фактылардын баары, Н.А.Баскаковдун пикири боюнча, азыркы алтай тилинин байыркы түрк тилдери менен, б.а., байыркы огуз, байыркы уйгур, **байыркы кыргыз** (*белгилеген – Г.Ж.*) тилдери менен генетикалык жактан тыгыз байланышын көрсөтүп турат.

Кыргыз тили байыркы түрк тилдеринин, өзгөчө байыркы огуз, байыркы уйгур тилдеринин катарында туруп, азыркы алтай тилинин баба тили катары саналары жогорку маалыматтардан ачык-айкын көрүнүп турат.

---

[1] Караңыз: *Н.А Баскаков.* Алтайский язык, 34-б. Бул мисалдарды берүүдө Н.А.Баскаков төмөнкү эмгекке таянган: A.U.Ciabain. Altturkishe Grammatik jeuprig, 1941, 108-б.

[2] *Н.А.Баскаков.* Алтай тили. – М., 1958, 34-б.

## Байыркы кыргыздардын диалектиси – азыркы алтай диалектилеринин тарыхый булагы, башаты жана уңгусу катары

Орто түрк доорунда алтай элдик тили башка түрк тилдериндей эле өзүнүн көп түрдүү диалектилери менен түзүлгөн. Азыркы алтай диалектилеринин тарыхый булагы, башаты жана уңгусу катары, биринчиден, байыркы кыргыздардын диалектиси эсептелсе (алардын укум-тукумдары азыркы алтай-кижи), экинчи жактан байыркы огуз жана уйгур тилдеринин диалектилери (бул диалектилерде түндүк алтайлыктар – кумандылар (кумандинцы), чалкандар (чалканцы), түргөштөр (тиргеши), телестер (телесы) жана тубалар (туба) сүйлөшөт) болуп эсептелет[1].

Ал эми тубалардын бир айрым бөлүктөрү, самодий (самодийской) жана угро-фин этностук группалардын айрым өкүлдөрү, ошондой эле кыпчактардын таасирине кабылган түштүк алтайлыктардын – телеуттардын өкүлдөрү жогорку тизмеге кирбейт, т.а., алар азыркы алтай диалектилеринин тарыхый булагы, башаты жана уңгусу катары эсептелбейт.

Байыркы огуз, уйгур жана байыркы кыргыз тилдеринен тамырланып келип чыккан түштүк алтай диалектилери кыпчак жана кымак (кимак) тилдеринин таасири менен жымсалданып, трансформацияланып[2], азыркы кыргыз тили менен жалпы белгилерге ээ болуп, кыргыз-кыпчак тилдеринин тобун түзгөн.

Ал эми алтай тилинин түндүк диалектиси, негизи, байыркы огуз жана байыркы уйгур тилдеринин белгилерин сактап калган. Ошондой болсо да өзүнүн өнүгүү жана башка тилдер менен карым-катнашуу процессинде бир кыйла өзгөрүүлөргө дуушар болгон, натыйжада, түштүк алтай диалектиден, ошондой эле байыркы огуз, уйгур жана кыргыз тилдеринен айырмаланган өзгөчө белгилерге ээ болгон.

---

[1] *Н.А.Баскаков.* Алтайский язык, 34-бет.

[2] **ТРАНСФОРМАЦИЯ** же трансформация, трансформация кылуу (1. өзгөртүү: бир түрдөн экинчи түргө айландыруу). Караңыз: *К.К.Юдахин.* Орусча-кыргызча сөздүк, 1957, 867-б.

X–XV кылымдарда Орто Азияда жана Сибирде жашаган түрк элдеринин тарыхый тагдыры алтай урууларына анча таасирин тийгизе алган эмес. Ошондой эле X–XII кылымдарда Карахандар мамлекетинин өтө күчтүү таасири да алтай урууларын кыйгай өтүп, таасири азыраак болгон.

Араб, иран тилдери, ошондой эле тажик тили алтай тилине өзүнүн таасирин такыр эле тийгизген эмес. Алтай тилинде бир аз кездешкен араб жана тажик (перс) сөздөрү орто азиялык түрк тилдери аркылуу, негизинен, казак тили аркылуу кирген.

Албетте, монгол уруулары жана монгол тили алтай элинин жана тилинин калыптанышына кайсы бир деңгээлде таасирин тийгизген жана алтай тилинин өнүгүшүнө өзгөчө шарт түзгөн[1].

## Монгол тилинин алтай тилдерине таасири

Монгол тили батыш түрк тилдерине олуттуу таасирин тийгизе алган эмес. Ал эми чыгыш түрк уруулары узак убакыттар бою монголдор менен түздөн-түз жакын жашагандыктан, алар менен ассимиляциялашкан, ошондой болсо да өзүнүн негизин, уңгусун, фонетикалык структурасын, негизги сөздүк фондун жана грамматикалык түзүлүшүн сактап калган.

Орто түрк мезгилинде, экинчи монгол доорунда (XII–XIV кк.), алтай тилинин диалектилеринин лексикасы көбүрөөк өзгөрүүгө учураган, аларга монгол лексикасы тереңирээк кирген. Ал атоочтордун системасына гана эмес, алтай этиштеринин системасына да кирген. Бирок алар, Н.А.Баскаков белгилегендей, көп эмес.

Ал эми алтай тилиндеги этиштердин көпчүлүгү монгол тилиндеги этиштердин уңгулары менен жалпы, алар лексикалык жактан өздөштүрүлгөн сөзгө кирбейт, алар негизги, уңгу катары алтай тилинин негизги сөздүк фондуна, түрк жана монгол тилдери үчүн жалпы болгон сөздүк фондго кирет[2].

---

[1] *Н.А. Баскаков.* Алтайский язык, 34-б.

[2] *Н.А.Баскаков.* Алтайский язык, 36-б.

Мисалы, түрк жана монгол тилдери үчүн жалпы уңгулар жана негиздер:

| **Алт.** | **Монг.** |
|---|---|
| *кон* – | *хопи* – '*ночевать*' |
| *албада* – | *albada* – '*принуждать*' |
| *тарт* – | *tata* – '*тянуть*', '*тащить*' |
| *т†л†* – | *t†l#* – '*платить*','*выплачивать*' |
| *орунла* – | *orija* – обвертывать','обвязывать', 'окутывать'ж.б.[1] |

Алтай элинин үстүнөн XV кылымдан XVIII кылымдын ортосуна чейин Ойрот (Э.Р.Тенишевде – Ойрат) жана Жунгар хандыгы үстөмдүк кылып турган. Бул мезгилде алтайлыктардын, алтай тилинин өнүгүшү батыш монголдору – ойроттор же жунгарларга белгилүү бир деңгээлде көз каранды болгон.

Ал эми XVIII кылымдын жарымынан 1917-жылга чейин жунгарлардын (кийин аларды түрк элдери «калмактар» деп аташкан) үстөмдүк кылуусунан бошонуу жана Россиянын курамына кошулуу менен (өзгөчө XIX к.) алтай тилине орус тилинин таасири тие баштаган.

## АЛТАЙ ТИЛИНИН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА АНЫН БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ

### Алтайлыктардын байыркы түрк уруулары менен байланышы

Алтайлыктардын байыркы түрк элдери менен байланышын тарыхый так фактылардын негизинде анализдөө, алтай тилин, анын өнүгүү процессин талдоо байыркы түрк доорунан, башкача айтканда, б.з. VI кылымынан башталат.

Түндүк жана түштүк алтайлыктардын уруу жана уруктарынын (роды и племена) орхон-енисей жазууларындагы уруу, урук (роды и племена) аттары менен дал келиши – азыркы алтайлыктардын байыркы түрк уруулары менен тыгыз гене-

[1] *Н.А.Баскаков.* Аталган эмгекте, 37-б.

тикалык байланышын көрсөтүп турат. Ал гана эмес алтайлыктардын этностук субстраты кийин огуздар жана кыпчактар менен аралашып кеткен уйгур уруулары жана уруктары экендигин Н.А.Баскаков маалымдайт[1].

Н.А.Баскаков байыркы түрктөр менен алтайлыктардын уруу-уруктук (роды и племена) жалпы аттарын мисалга келтирип, салыштырып чыгат:

| **Байыркы түрктөр** | **Алтайлыктар** |
|---|---|
| *Телес* | *Т†л†с* (Теленгит, Теленгут); |
| *Кыпчак* | *Кыпчак* (Теленгут, Алтай кижи); |
| *Кыргыз* | *Кыргыс* (Алтай кижи); |
| *Тӱргеш* | *Тиргеш* (Туба); |
| *Тогуз-огуз* | *Тогус* (Тогус-огус, Туба, Тиргеш); |
| *Тардуш* | *Тодош* (Теленгит, Алтай кижи); |
| *Аз* | *Т†рт ас* (Теленгут, Кыштым, Ач); |
| *Чик* | *Чыгат* (Туба) (28). |

Байыркы түрк урууларынын ичинде кыргыз уруусу да саналган.

Н.А.Баскаковдун пикири боюнча бул аттардын экөө гана түшүндүрмөнү талап кылат. Биринчиси – Тогус, орхон жазуусундагы *Тогуз-огуз* менен жакындашат. Түрк тилдеринде, өзгөчө анын чыгыш бутагына: «...характерны фонетические стяжения сложных основ и грамматических форм слова, особенно в тех случаях, когда последующий компонент в сочетании слов фонетически близок или совпадает с предыдущим» (28).

Алтай тилинде *Тогуз-огуз* айкалышынын негизги компонентин фонетикалык жактан толук кайталанган экинчи компоненти толугу менен түшүп калган:

*Тогус < Тогуз гус < Тогуз-огуз*

Экинчиси, байыркы түркчө *Тардуш* > Алтайча *Тодош*. Мында үнсүздүн алдында жайгашкан *р* тыбышынын түшүп калышы – түрк тилдеринде кеңири тараган кубулуш (бул өзгөчө азыркы жаңы уйгур тилинде кездешет) жана сөздүн эң

[1] *Н.А. Баскаков.* Алтайский язык. АН СССР, – М., 1958, 28-б.

кийинки элдик этимологизациясына байланыштуу көрүнүш. Ал эми калгандары алтай тилинде өз алдынча уруу катары жашайт же татаал аттардын тутумуна кирет (*Т†рт ас*)[1].

## Алтайлыктар – түздөн-түз байыркы кыргыздардан, уйгурлардан жана эң кийинки уйгурлардан бөлүнүп чыккан огуз жана кыпчак урууларынын тукумдары

Н.А.Баскаков уруу аттарынын ичинен алтайлыктар жана кыргыздар үчүн жалпы үч урууну атайт. Алар: *Кыпчак, Т†л†с, Мундуз* (алт. *Мундус*). Бул үч ат түштүк алтайлыктарга таандык. Мисалы, *кыпчак* – Алтай кижиге, *Т†л†с* – теленгиттерге, *Мундуз* – теленгуттарга кирет.

Мына ушул фактыларга таянып, Н.А.Баскаков азыркы алтайлыктар түздөн-түз байыркы кыргыз, уйгур урууларынын жана уйгурлардан бөлүнүп чыккан эң кийинки огуз жана кыпчак урууларынын тукумдары деген жыйынтыкка келет.

## Түштүк жана түндүк алтайлыктар

Азыркы алтай эли этностук курамы татаал эки группадан турат: түштүк жана түндүк алтайлыктар. Алар байыркы уйгур уруулары менен генетикалык байланыш даражасына карай, ошондой эле байыркы түрк тилдери менен тилдик катышына карай айырмаланышат.

Түштүк алтайлыктарга – *алтай кижи, теленгиттер, теленгуттар,* ал эми түндүк алтайлыктарга – *туба, куманды (кумандинцы), чалкандар (чалканцы)* кирет.

## Байыркы кыргыздар – түштүк алтайлыктардын бабалары. Байыркы кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшү жана лексикасы боюнча байыркы огуз жана байыркы уйгур тилдери менен жакындыгы

Н.А.Баскаковдун маалыматы боюнча түндүк алтай урууларынын тилинде түштүк алтай диалектилерине караганда байыркы түрк тилдеринин белгилери көбүрөөк сакталган. Ал

---

[1] *Н.А.Баскаков.* Алтайский язык. – М., 1958, 29-б.

эми түштүк алтайлыктардын бабалары байыркы кыргыздар, кыпчактар менен узак мезгил ичинде карым-катышта болгондуктан, алардын тили (алтай тили) кыпчак тилинин белгилерине ээ болгон, ошону менен бирге эле байыркы кыргыз тили менен жалпылыгын, байыркылык негизин сактаган.

Ал эми байыркы кыргыз тили өзүнүн грамматикалык түзүлүшү жана лексикасы боюнча байыркы огуз жана байыркы уйгур тилдери менен жакын[1]. Түрк тилдеринин ичинен аталган тилдер – абдан белгилүү жана байыркы тилдер.

Байыркы кыргыз тилинин байыркы огуз, байыркы уйгур тилдеринин катарында, азыркы алтай тилдеринин баба тили катары эсептелиниши Н.А.Баскаковдун эмгегинде факт-материалдар менен ачык-айкын берилген.

Н.А.Баскаков азыркы кыргыздардын генезисин жана алардын байыркы кыргыз тили менен этностук жана тилдик байланыштарын азыркы алтайлыктардын уруу-уруктук (роды и племена) курамына жана тилине анализ жүргүзүү аркылуу билүүгө болот дейт.

Ал эми алтайлыктардын чыгыш тегин түштүк жана түндүк алтайлыктардын ортосундагы этностук жана лингвистикалык мамилелерди айкындоо аркылуу билүүгө болот (29).

Түндүк жана түштүк алтайлыктардын тили Н.А.Баскаковдун изилдөөсү боюнча байыркы түрк (байыркы уйгур, байыркы огуз же тукюй, байыркы кыргыз ж.б.) тилдеринен ыраattуу, тизмектелип өнүгүп чыккан: аларга эң жакын тува, тофалар (карагас), якуттардан хакас жана шор тилдерине, андан соң алтай тилдеринин түндүк диалектилерине (туба, куман, чалкан), акыры аягында түштүк алтай диалектилерине (алтай кижи), телеут, теленгит жана кыргыз тилине (30) өткөн.

Ошентип, жогоруда белгилегендей, азыркы алтайлыктардын ата-бабалары байыркы түрк доорунда бир жагынан байыркы кыргыздардын курамына (түштүк алтайлыктар), экинчи жагынан уйгур жана огуз урууларынын курамына кирген.

Ал эми бул эки этностук группанын тилдери бири-бирине байыркы түрк эстеликтериндеги енисей, орхон жана уйгур

---

[1] *Н.А.Баскаков.* Алтайский язык. 29-б.

жазууларындай эле, т.а., жалпы уруулук союзга кирген жакынкы тектеш уруулардын тилдери катары эле катышта болушкан. Алар бири-биринен аз эле айырмаланган.

Н.А.Баскаков алтайлыктардын бабаларынын тилинин орхон-енисей жана уйгур эстеликтери менен жалпылыгынын издерин – азыркы алтай тилинин сөздүк курамында, фонетикалык структурасында, грамматикалык курулушунда сакталып калгандарынан, айрым тилдик кубулуштарды анализдөөдөн табууга болот.

**Бул доордогу түрк тилдеринин фонетикалык структурасынын мүнөздүү белгилеринин бири *р-т\д-с\з>й* га тарыхый өтүшү болуп эсептелет** (*белгилеген – Г.Ж.*).

М.Кашкаринин «Дивани Лугат-ит-түрк» сөздүгүндө камтылган түрк урууларынын тилдери менен диалектилеринде *й>з* X кылымда чигил уруусунун (Cigil) тилине гана мүнөздүү болгон. Чигил карлуктардын союзуна кирген уруу-уруктук (роды и племена) бирикме болгон. Мисалы, чигил тилинде: *karin tozli* (кийинки *karin tojdi* ордуна ) 'он насытился'; *azak* (*ajak* ордуна «нога») ж.б.

Мындай көрүнүш байыркы кыргыз тилине да мүнөздүү болгондугун окумуштуу Э.Р.Тенишев белгилейт.

## Байыркы кыргыздардын жазма адабий тили жана элдик сүйлөшүү тили

Байыркы кыргыздардын адабий тили тагыраак: Енисей суусунун алаптарында табылган. Рун жазмалары аркылуу белгилүү болгон. Классификациялык белгиси боюнча ал д-тили (д-язык) (*адак* 'нога' жана *код* 'положить') деп эсептелет.

Байыркы кыргыздарда адабий тил менен элдик сүйлөшүү тили (диалектилик типтеги ) бири-бирине дал келишкен эмес, адабий тил д-тили (д-язык), ал эми элдик сүйлөшүү тили з-тили (з-язык) (*азак*, 'нога' и *қоз* 'положить') болгон[1]. Акыркысы М.Кашкаринин сөздүгүндөгү мисалдарга (azak) окшош.

[1] *Э. Тенишев.* Древнекыргызский язык. – Бишкек, «Кыргызстан», 1997, 5-б.

Демек, мындан Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө байыркы кыргыз элдик сүйлөшүү тили (диалектилик типтеги) орун алгандыгын көрөбүз (кыргыздардын адабий тили жана байыркы элдик сүйлөшүү тили тууралуу мурунку бөлүмдөрдө сөз болгон).

А.М.Щербактын пикиринде Чыгыш Түркстан тилинин жана анын этностук субстратынын түзүлүшү байыркы Түрк мамлекетинин келип чыгышынын алдындагы мезгилге туура келет. Бул мезгил Орхон, тактап айтканда, түрктөрдүн Батыш жана Чыгыш болуп бөлүнүү мезгилине туура келет.

Мындан көп өтпөй эле айрым группалардын обочолонуу, бөлүнүп кетүү процесси башталат. Мисалы, якут элинин этностук негизи түзүлөт, батыш группа бөлүнүп чыгып, Енисей жана Волганын ортосундагы эбегейсиз мейкиндикке жайгашат. Ошондой эле түштүк (огуз) жана чыгыш (карлук-уйгур) группалары бөлүнүп чыгышат. Булар XII–XIII кылымдарга чейин уруулардын биримдик конфедерациясын түзүшкөн эле.

## ЕНИСЕЙ ЖАЗУУЛАРЫ ЖАНА АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ

Б.М.Юнусалиевдин пикири боюнча, биринчиден, кыргыз тили узак мезгилдин ичинде калыптанган, экинчиден, ар түрлүү жакынкы тектеш жана алыскы тектеш тилдер менен ар кайсы мезгилдерде тыгыз мамиледе болгон. Үчүнчүдөн, анын калыптаныш процесси бир гана территорияда өткөн эмес. Төртүнчүдөн, узакка созулган калыптануу процессинде айрым этностук компоненттер элдин негизги өзөгү (ядросу) менен дайыма эле тыгыз байланышта жашап келген эмес[1]. Окумуштуу кыргыз элинин жана анын тилинин тарыхында мына ушундай өзгөчөлүктөрдү эске алып, жалпы элдик тилдин калыптаныш тарыхын үч чоң доорго бөлөт:

а) Байыркы, б.а., – IX–X кылымдарга чейинки кыргыз тили.

б) Орто кылымдык, б.а., – XV–XVI кылымдарга чейинки

[1] *Б.М.Юнусалиев.* Кыргыз диалектологиясы. – Ф., Мектеп, 1971, 56-б.

кыргыз тили.

в) Жаңы кыргыз тилинин доору, б.а., – XVI кылымдан баштап, азыркы мезгилди өзүнүн ичине камтыйт.

## Кыргыз тилинин жазма үлгүлөрү. Енисейлик эстеликтер жана азыркы кыргыз тили

Б.М.Юнусалиев кыргыз тилинин жазма үлгүлөрү катары енисейлик эстеликтерди көрсөтөт. Азыркы кыргыз тили менен Енисейдеги ташка жазылып калган жазуулардын ортосунан бир жарым миңдей жыл өтсө да, енисейлик доордогу кыргыз тили менен азыркы кыргыз тилинин ортосунда окшоштук аз эмес экендигин белгилейт (57).

**Енисей жазууларындагы морфологиялык категориялардын дээрлик бардыгынын азыркы кыргыз тилинде сакталышы.** Эстеликте учураган уңгу этиштердин, ат тоочтордун, зат атоочтордун, сын атоочтордун, сан атоочтордун ж.б. уңгу сөздөрдүн дээрлик бардыгы азыркы кыргыз тилинде сакталган жана күндөлүк кептин активдүү сөздүгүн түзүп, сөз жасоонун үнөмдүү элементтеринен болуп эсептелет.

**Енисей жазууларындагы фонемалар системасынын ж.б. тилдик кубулуштардын азыркы кыргыз тилинде сакталышы.** Фонемалык система, эгерде үнсүздөр жана үндүүлөр системасын алсак, өзгөрүүсүз сакталган. Мисалы, үнсүздөрдүн каткалаң-жумшактыгына карай, жөнөкөй сегиз үндүүнүн жоон-ичкелигине карай бири-бирине карама-каршы коюлушу азыркы кыргыз тилинин тыбыштык системасына да мүнөздүү.

Үндүүлөрдүн эрин күүсүнө карай ээрчиши, үнсүздөрдүн жумшак-каткалаңдыгына карай өзгөрүшү да ушул күндө сакталууда.

Грамматикалык түзүлүшү боюнча енисейлик документтерде учураган негизги морфологиялык категориялардын дээрлик бардыгы азыркы кыргыз тилинде колдонулат.

Б.М.Юнусалиевдин пикири боюнча енисейлик эстеликтердин тилине – тектеш тилдердин ичинен кыргыз тили төмөнкү белгилери боюнча жакыныраак:

1. үндүүлөрдүн эринчилдиги боюнча ээрчишүүсү;

2. айрым сөздөрдүн тыбыштык составы жагынан өзгөчөлүгү. Мисалы, енис: *ыглат* – ‖ кырг. *ыйлат* (башка жакын тектеш тилдерде бул сөз үнсүз ***й*** ‖ ***ж*** ‖ ***дж*** ‖ ***с*** ‖ тыбыштарынан же үндүү *а* тыбышынан башталат).

Албетте, бир жарым миң жыл убакыттын аралыгында кыргыз тили бир топ өзгөрүүгө учураган. Мисалы:

а) үнсүздөн кийин жана эки үндүүнүн ортосунда *д* нын *й* (йотко) өтүшү:

Мисалы: енис. *адыр-* ‖ кырг. *айыр-;*

б) уңгудагы арткы үндүүдөн кийинки *й* тыбышынын эрин-эринчил муун түзбөс үндүүгө өтүшү. Мисалы, енис. *огъул* ‖ кырг. диал. *ушул;* енис. *багъ* ‖ кыргыз диал. *боw*; айрым учурда ошол эле *гь* тыбышы *й*-га өткөн. Мисалы, енис. *ыглат-* ‖ кыргыз диал. *ыйлат-;*

в) уңгудагы алдыңкы үндүүдөн кийинки гь тыбышы й тыбышына өткөн. Мисалы, енис. *тег-* ‖ аз. кыргыз *тий-;* енис. *үгүр-* ‖ аз. кырг. *үйүр-*.

г) енисейлик доордо сөз башында «мен» деген ат атоочтордун мурунчул варианты менен мурунчул эмес варианты да колдонулган: *бен//мен.*

## Байыркы кыргыз тилинин кийинки мезгилдердеги өзгөрүшү (тыва, хакас жана алтай тилдери үчүн)

Байыркы кыргыз тилинин кийинки мезгилдердеги өзгөрүшү азыркы тува, хакас жана алтай тилдери үчүн төмөнкүдөй мүнөзгө ээ.

а) Кээ бир тыбыштык тиркемелерден жаңы созулма үндүүлөрдүн кээ бир типтери пайда болгон, мисалы, созулма аа: кырг., тув., хак., алт., саа< сага*-(эт.); тув. *чаакъ*//хак. *наах*// алт. *даакъ*// кырг. *джаакъ< жаңак*; созулма *оо*: кырг., тув., хак., алт. *соол<согъол-**; созулма *өө*: кырг., алт., хак., тув. *сөөк<сөңөк**; созулма *ээ*: кырг., алт., тув. *ээн< эйэн** (58);

б) Алтай, хакас, тува жана кыргыз тилинде сүйлөгөн элдердин ата-бабалары биримдик түзүп турган мезгилде монгол тилдеринен жалпы кабыл алуулар болгон, мисалы, «*белен*»,

«*сонун*», «*каалга*» ж.б. Булар азыркы кыргыз, алтай, хакас жана тува тилдерине мүнөздүү жана башка түрк тилдеринде учурабайт[1].

## Орто кылымдык кыргыз тили дооруна мүнөздүү өзгөрүштөрдү тектеш тилдер жана диалектилер менен салыштыруу аркылуу аныктоо

Б.М.Юнусалиев орто кылымдык кыргыз тили доорунда жазылган эстеликтер азырынча табыла элек, бирок тилдеги ал доорго мүнөздүү өзгөрүштөрдү тектеш тилдер жана диалектилер менен салыштыруу амалы аркылуу билүүгө болот деп эсептейт.

Бул доордо азыркы кыргыз тили жана анын диалектилерин айланадагы жакынкы тектеш тилдерден айырмалап турган, бирок бардык тектеш тилдердин ичинен жалгыз гана азыркы алтай (ойрот) тили менен окшоштуруп турган белгилер пайда болгон. Алар – төмөнкүдөй окшоштуктар (59).

**1. Фонетика боюнча:**

а) Эринчил дифтонгулардын пайда болушу, ошого байланыштуу созулма үндүүлөрдүн жаңы типтеринин келип чыгышы.

б) Эринчил гармониянын мүчөлөрдө сакталышы.

в) Диалектилер боюнча жумшак «з» менен каткалаң «с» тыбыштарын фонема катарында ажыратпоо жана муун аягында «з» нын каткалаңга айланышы;

г) Этиштин терс мүчөсүнүн мурунчул (*-ма*) вариантынын мүнөздүү эместиги; көмөкчү этиш «эле» жана «эде» варианттарынын мүнөздүүлүгү.

**2. Морфология боюнча:**

а) Экинчи жак ж. эт. жакынкы келер чак формасынын «т» мүчөсү менен аякташы. Мисалы, кыргыз түшт. диал., алт. *ол барат;*

б) Этиштин учур чагынын аналитикалык формасынын бирдейлиги. Мисалы, кырг. түшт.ч.д., алт. *ол бара жатты;*

в) Күчөткүч «эле» бөлүкчөсүнүн бирдей мааниде жана формада колдонулушу. Мисалы, алт. *ол* жүрүп *ле* отурду // кырг. түшт.ч.д. жана т.б.д. *ол жүрүп эле* (>*жүрүүле*) отурду;

---

[1] *Б.М.Юнусалиев.* Аталган эмгекте, 58-б.

**3. Лексика боюнча:**

*«Үй», «чоң», «кокуй», «таан», «тебетей», «үнчүк»* сыяктуу сөздөрдүн активдүү колдонулушу менен монгол тилдеринен бирдей сөздөрдү кабыл алуу (мисалы, *темене, тибеге, топчу, унаа, таар, керээз* ж.б.) менен мүнөздөлөт (Б.Юнусалиев, 59).

## Жаңы кыргыз тили доору (XVI кылымдан башталат)

Жаңы кыргыз тили доору негизинен тянь-шандык доорду өз ичине камтыйт. Б.М.Юнусалиев бул доорду үчкө бөлөт (59).

1. Могулистандык-жунгардык[1] мезгил (XVI–XVIII кк).
2. XVIII кылымдан революцияга чейинки мезгил.
3. Советтик мезгил.

1. Окумуштуунун маалыматы боюнча могулистандык-жунгардык мезгилде кыргыз уруулары Чыгыш Түркстандан, кийинчерээк Борбордук Тянь-Шандан байыр алып, ал жердеги элдер менен, алгачкы кездерде көбүнчө уйгур диалектилери менен ар түрдүү байланышта болушат, өз ара бири-бирине таасир этип, биринчи кезекте лексикалык кабыл алуулар болот. Окумуштуунун божомолунда, азыркы кыргыз диалектилери менен уйгур тилиндеги жалпылыктар, асыресе кыргыз тилине уйгур диалектилери аркылуу иран-араб сөздөрүнүн өтө башташы ошол мезгилге туура келет.

Борбордук Азиядагы жунгарлар (кийин аларды түрк элдери «калмактар» деп аташкан) улам барган сайын чоң күчкө айланып, Чыгыш Түркстандагы жана Орто Азиядагы элдерге катуу чабуул жасап турган. Ал элдердин чыгыш тарабындагы кыргыз уруулары жунгарлардын үстөккө босток жасаган соккусунан улам түштүк-батыш тарапка жылып, Кара тегин, Кысар (*Б.Юнусалиевде ушундай берилген – Г.Ж.*) өрөөндөрүнө (б.а., Памир тоолоруна) чейин, арты Анжиян, Алтай тоолоруна чейин сүрүлөт (59).

Бул мезгилде (XVII кылымдан XVIII кылымдын ортосуна чейин) кыргыздар көбүнчө уйгур, өзбек, тажик, казак элдери менен саясий жана экономикалык байланышта болот, ошон-

---

[1] *Б.М.Юнусалиев.* Аталган эмгекте, 58-б.

дуктан ал тилдерден соодага, дыйканчылыкка, ислам динине байланышкан көптөгөн иран-араб сөздөрү кабыл алынат.

2. XVIII кылымдын орто ченинде жунгарлар жеңилет. Кыргыз уруулары өзүнүн мурунку жерлеринен душманды кууп чыгып, өз жерин кайра ээлешет. Ысык-Көл, Чүй, Талас, Нарын дарыясынын сагааларына (*Б.Юнусалиевде ушундай берилген (60) – Г.Ж.*) түндүк кыргыз уруулары кайта көчүп келип орундашса, Фергана өрөөнүнүн түштүк жана батыш тарабындагы тоолордун этектерине ичкилик урууларынын өкүлдөрүнүн көпчүлүгү Памир тоолору тараптан кайрадан көчүп келип байыр алышат.

Б.М.Юнусалиев мына ушул жер которуудан кийин диалектилердин тарыхында маанилүү өзгөчөлүктөр башталгандыгын белгилейт. Түндүк говорлор менен түштүк говорлордун ортосунда мурункудай байланыш болбой калат.

Бул, биринчиден, географиялык себептерден улам келип чыккан, нечен-нечен улуу тоолор аркылуу карым-катыш жасап туруу азаят же тыйылат, экинчиден саясий жактан биримдик болбой, феодалдык бытырандылык күчөйт. Башкача айтканда, түндүк жана түштүк диалектилер ар бири ар башка шарттарда өнүгө баштайт: түштүк кыргыздар мурунку эле коңшулар – өзбек, уйгур, тажик элдери менен алакада болсо, түндүк кыргыздар көбүнчө казактар менен тыгыз саясий мамиледе болот (60).

Жаңы кыргыз тилинин экинчи мезгилинде түштүк кыргыз диалектисине араб-иран лексикасы бүт дээрлик уйгур, өзбек жана тажик тилдеринен кирген. Кабыл алынган сөздөр менен кошо түштүк кыргыз диалектиси ошол тилдерден айрым тыбыштарды жана айрым грамматикалык элементтерди да аз-аздап өздөштүргөн.

Ал эми XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз элинин Россияга ыктыярдуу кошулушунан жана орустардын Орто Азияга келип кыргыздар менен тыгыз карым-катнашта жашашына байланыштуу кыргыз диалектилерине, көбүнчө түндүк говорлорго орус сөздөрү кире баштаган (60).

3. Жаңы кыргыз тилинин үчүнчү доору – советтик мезгил башка бардык доорлордон айырмаланып турат.

## МАЗМУНУ

**Чыгыш Монголия. Уйгурлардын бийлиги. Кыргыздар менен уйгурлардын согушу. Кыргыздардын жеңиши**
Уйгурлардын бийлигинин орношу. Уйгурлардын жортуулдары ........ 3
Кыргыздар менен уйгурлардын согушу ........ 5
Уйгурлардын жеңилиши ........ 11
Тибеттиктер жана алардын союздаштары. Кыргыздардын көтөрүлүшү ........ 14
Кыргыздардын арабдар, тибеттиктер жана карлуктар менен достук мамилелери. Кыргыздардын түргөштөр жана тибеттиктер менен туугандык мамилелери. Кыргыз Ажосунун өзүн хан деп жарыялашы ........ 16
**Кыргыз державасынын орношу**
Кыргыздардын уйгурларды жеңиши. Кыргыз державасынын орношу ........ 16
Кыргыз Улуу державасы («Кыргызское великодержавие» – В.В.Бартольд). Кыргыз каганаты (840-945-жж.) ........ 24
Кыргыздар ээлеген жерлер ........ 25
Кыргыз каганына Кытай императору ыйгарган титул ........ 38
Кыргыздарга У-Цзе (Угэ) каганынын каршылыгы ........ 42
Кыргыздар, Тан императору жана уйгурлар ........ 44
Кыргыздар IX кылымдын аягында ........ 49
Кыргыздар X кылымда ........ 49
Кыргыздардын Борбордук Азиядагы мезгили ........ 50
VIII-X кк. енисей кыргыздарынын Тянь-Шанга көчүүсү. Кыргыздар Тянь-Шанда ........ 53
Кыргыз Улуу державасынын Монголиядагы үстөмдүгү ........ 57
Окумуштуулар кыргыздар тууралуу ........ 59
Кыргыз ордосунун Селенгага көчүрүлүшү рун тексттеринде ........ 61
Йаглакар каган ........ 61

Кыргыздардын жортуулу жана анын «Манас»
эпосу менен байланышы тууралуу ................................ 66
**Эстеликтердеги тексттердин тили. Орхон, Енисей тексттери – кыргыз элинин байыркы адабий эстеликтери** ................ 69
**Кыргыздардын андан наркы тагдыры жазма булактарда**
Кыргыздардын бир бөлүгүнүн Тянь-Шанга көчүшү .................... 72
Кыргыз державасынын коомдогу ролу ................................ 75
**Батыш Түрк каганаты**
Батыш Түрк каганаты. Түндүк Кыргызстан ........................... 76
Батыш Түрк каганаты менен енисейлик
кыргыздардын байланышы .............................................. 79
**Батыш Түрк каганаты жана Чыгыш Түрк каганаты. Алардын союздаштары**
Батыш Түрк каганаты жана анын союздаштары ........................ 80
Чыгыш Түрк каганаты жана анын союздаштары ........................ 83
**Түндүк Кыргызстан Батыш Түрк каганатынын тушунда**
VI кылым. Батыш Түрк каганаты ...................................... 85
Батыш кагандарынын ордолору –
Суяб жана Талас ..................................................... 86
Дубалдар менен курчалган кыштактар Чүйдө жана
Таласта ............................................................... 88
V–VII кк. согду-түрк маданияты. Сокулуктагы
табылгалар ............................................................ 90
Сокулук, Чүй, Таластагы тарыхый эстеликтер ........................ 92
Чоң Чүй каналы трассасы. Ивановка айылындагы табылгалар .... 95
Түндүк Кыргызстанга Византиянын, Кытайдын таасири. Түндүк Чыгыш түркүттөрүнүн, енисейлик кыргыздардын таасири ......... 96
Батыш Түрк каганатынын Түндүк Кыргызстан үчүн мааниси ...... 99
**Усундар. Нушиби жана дулу союздары. Батыш Түрк каганаты өз алдынча мамлекеттик түзүлүш. Батыш Түрк каганаты жана азыркы кыргыздар** ........... 101
Түндүк Кыргызстандагы Батыш түрк каганы жана
Батыш түрк көчмөндөрү ............................................. 102
**Кыргыз жазуусу Таласта. Енисей жазуусу менен байланышы** ........................... 106
VI–VIII кылымдагы Батыш түрк көчмөндөрүнүн
маданияты ............................................................ 107

**Батыш түрк кагандары** ........ 108
Судинфандын жортуулдары ........ 118
Батыш Түрк каганатынын жеңилиши ........ 119
Кытай империясы, түрктөр жана кыргыздар ........ 120
**Экинчи Чыгыш Түрк каганатынын түзүлүүсү** ........ 120
**Түргөштөрдүн бийликке келиши. Кыргыздар.**
Түрктөргө каршы үч тараптуу коалициянын түзүлүшү.
Кыргыздар жана түргөштөр ........ 122
Түрк каганатынын акыркы жылдары ........ 132
**Тянь-Шань кыргыздары** ........ 133
Тянь-Шандык кыргыздардын Енисей кыргыздары
менен байланышы ........ 136
**Карлуктар. Түндүк Кыргызстандагы уруулар –**
**карлуктардын тушунда. (Карлук доору)** ........ 138
**IX–X кылымдарда Түндүк Кыргызстандын өнүгүшү** ........ 149
**VIII–X кк. Кыргызстандын маданияты.**
**Карахандар династиясынын түптөлүшү** ........ 155
**Кыргыздар Түрк династиясынын тушунда.**
**Коомдогу саясий абалы жана орду** ........ 157
**Тан династиясынын жеңиштери жана жеңилиши.**
**Тан династиясы жана кыргыздар** ........ 161
Түрк каганатындагы коомдук түзүлүштүн өнүгүшү ........162
**Түрк рун жазуулары – кыргыздардын байыркы**
**жазуусу (VI–X кк.)** ........ 166
**Түрк тилдүү элдер, түркүттөр жана түрктөр** ........ 169
**Түрктөрдүн башкаруу системасы** ........ 178
**Енисей кыргыздары VI–X кылымдарда** ........ 186
Кыргыздар тарыхый булактарда (VI–X кк.) ........ 189
Кыргыздардын сырткы түспөлү кандай болгон? ........ 198
Кыргыздардын мал чарбачылыгы ........ 200
Кыргыздардын дыйканчылыгы ........ 206
Кыргыздардын аңчылыгы ........ 211
Кыргыздардын темирди иштетүүсү.
Кыргыздар – темир усталар ........ 213
Кыргыздардын соодачылыгы ........ 231
Кыргыздардын үйлөрү. Ажонун ордосу ........ 238
Кыргыздардын кийимдери ........ 241

Кыргыз Ажосу жана анын баш кийими ........ 241
Кыргыздардын дини ........ 243
Кыргыздардын мыйзамы ........ 246
Климаты, бак дарактары ........ 247
Жыл санагы. Күү аспаптары, оюндары. Өлүк коюу жөрөлгөсү ... 248
«Каган», «хан» титулдары кыргыздарда ........ 251
Ажо ........ 259
**Кыргыз мамлекети (VI–VIII кк.)** ........ 262
Кыргыздардын тили ........ 267
Кыргыздар – жоокер эл ........ 272
Енисейлик кыргыздар (байыркы замандан б.з. X к. чейин)
(кыска жыйынтык) ........ 273
**Кыргыз жазуулары**
**Байыркы кыргыз жазуусу петроглифтерде** ........ 276
**Кыргыз жазуусу түрк жазма эстеликтеринде** ........ 284
Таштагы белгисиз жазуулардын түрктүк жаратылышы ........ 286
Н.М.Ядринцевдин экспедициясы ........ 289
Эстеликтердин аталышы тууралуу ........ 290
Финдердин жана В.В.Радловдун экспедициялары.
Белгисиз жазуулардын окулушу жана которулушу ........ 291
Енисей эстеликтериндеги алгачкы жазуулар (V кылым) ........ 292
**Енисей эстеликтериндеги жазуулар –**
**Енисейде жашаган байыркы кыргыздардыкы** ........ 295
Енисей кыргыздарына коңшу жайгашкан уруулар жөнүндө ..... 297
Орхон эстеликтери ........ 298
Орхон-енисей эстеликтеринин тили –
кыргыздардын жазма тили ........ 299
Енисей жазуулары дагы кимдерге таандык болгон
же дагы кимдер колдонгон?........ 302
Рун жазууларынын пайда болуу мезгили ........ 302
Орхон-енисей жазууларынын чыгыш теги тууралуу
көз караштар ........ 303
Кыргыз жазууларынын колдонулуш мезгили ........ 307
Енисей жазууларынын орхон жазууларынан
хронологиялык жактан биринчилиги ........ 307
Енисей, орхон жазууларынын бири-биринен
айырмачылыгы ........ 309

Кыргыздардын тарыхы, тили (уруу тамгасы) – б.з. I жана II миң жылдыктарынын аралыгында байыркы Енисей эстеликтеринде ..................................... 310
Орхон енисей эстеликтери, алардын таралуу ареалы жана периодизациясы ..................................... 312
Орхон-енисей жазма тилинин адабий тил катары статусу ....... 317
**Рун жазуулары бар эстеликтер Кыргызстандын территориясында** ..................................... 318
Талас өрөөнүндөгү эстеликтер, алардын Енисей жазууларына окшоштугу ..................................... 319
Талас-рун жазуулары V кылымга таандык ..................................... 320
Таластан табылган жыгач таякча (V кылым) ..................................... 320
Таякчадагы кыргыз рун жазуусу ..................................... 321
Кыргызстандагы башка эстеликтер ..................................... 322
**Венгриядан табылган алтын идиштердеги рун жазуулары менен Талас эстеликтериндеги рун жазууларынын окшоштугу** ..................................... 322
Эстеликтердеги жазуулардын ортосундагы тектештик жана байланыш ..................................... 323
**Байыркы кыргыздардын элдик сүйлөшүү тили** ..................... 324
Сары уйгурлар кимдер? ..................................... 325
Сары уйгурлардын тили жана изилдениши ..................................... 328
Кыргыздардын байыркы элдик оозеки тили – *z*-тили. Сары уйгурлардын тили – *z*-тили ..................................... 330
Кыргыздардын адабий тили (*∂*-тили) жана элдик сүйлөшүү тили (*z*-тили) ..................................... 331
Кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тилин реконструкциялоо. Фуюй кыргыздарынын тили ............ 333
Байыркы кыргыз элдик сүйлөшүү тилине лобнор тилинин катышы ..................................... 335
Лобнор тили – кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тили ..................................... 340
Фуюй кыргыздары. Фуюй кыргыздарынын сүйлөшүү тили – *z*-тили ..................................... 340
Кыргыздардын байыркы элдик сүйлөшүү тили (z-тили) – Фуюй кыргыздарынын тилине (*z*-тили) жакынкы тектеш тил ..................................... 343

**Байыркы кыргыз тилинин өнүгүү этаптары** ........................... 343
Кыргыз тилинин тарыхын жана өнүгүү этаптарын
кайрадан карап чыгуунун зарылдыгы ........................... 346
**Байыркы түрк тилдеринин (байыркы огуз, байыркы уйгур, байыркы кыргыз) алтай тили менен окшоштук белгилери**
Түрк доорунда *т/д – с/з* нын түрк тилдеринин ичинде
*й* га дал келиши ........................................................ 346
Алтай, кыргыз жана огуз тилдериндеги үндүүлөрдүн
(а – е, о – †, ы – и, ү – у) байыркы вокализм
системасын сактап калышы ........................................ 347
Үнсүздөрдүн интервокалдык позицияда жумшаруусу .............. 348
Байыркы уйгур, байыркы огуз, байыркы кыргыз
менен алтай тилдериндеги лексикалык жана
грамматикалык түзүлүштөрү боюнча жалпылыктар .......... 348
Алтай тили менен байыркы түрк тилдеринин
окшоштук белгилери ырым-жырым терминологиясында,
жылдардын жаныбарлар цикли менен аталышында ........ 350
Байыркы кыргыздардын диалектиси – азыркы алтай
диалектилеринин тарыхый булагы, башаты,
үңгусу катары ............................................................ 351
Монгол тилинин алтай тилдерине таасири ............................ 352
**Алтай тилинин өнүгүшү жана анын байыркы кыргыз тили менен байланышы**
Алтайлыктардын байыркы түрк уруулары
менен байланышы ...........................................................
Алтайлыктар түздөн-түз байыркы кыргыздардан,
уйгурлардан жана эң кийинки уйгурлардан
бөлүнүп чыккан огуз жана кыпчак урууларынын
тукумдары ...................................................................... 355
Түштүк жана түндүк алтайлыктар ......................................... 355
Байыркы кыргыздар түштүк алтайлыктардын бабалары.
Байыркы кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшү
жана лексикасы боюнча байыркы огуз жана байыркы
уйгур тилдери менен жакындыгы ................................ 355
Байыркы кыргыздардын жазма адабий тили жана
элдик сүйлөшүү тили ................................................ 357

**Енисей жазуулары жана азыркы кыргыз тили** ........................ 358
**Байыркы кыргыз тилинин кийинки мезгилдердеги өзгөрүшү (тыва, хакас жана алтай тилдери үчүн)** ............ 360
Орто кылымдык кыргыз тили дооруна мүнөздүү өзгөрүштөрдү тектеш тилдер жана диалектилер менен салыштыруу аркылуу аныктоо ............................ 361
**Жаңы кыргыз тили доору** .................................................... 362

*Илимий басылма*

**ЖАМАНКУЛОВА ГҮЛЖАМАЛ ТӨЛӨГӨНОВНА**

# КЫРГЫЗДАРДЫН ЖАНА КЫРГЫЗ ЖАЗУУСУНУН ТАРЫХЫ

*(Байыркы замандан б.з. X к. чейин)*

# II

Тех. редактору *Моңолов Р.*
Корректор *Жумашева Л. М.*
Компьютердик калыпка салган *Терибаева Р.*

Терүүгө 04.02.13-ж. берилди.
Басууга 09.05.14-ж. кол коюлду.
Форматы 84x108$^{1}/_{32}$. Кагазы офсет № 1.
Көлөмү 23,25 басма табак. Нускасы 500. Заказ № 975.